Кыр.
4(с)к
К 97

КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАСЫ

Фрунзе 1980

ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР:

азерб. — азербайжан тили
хак. — хакас тили
алт. — алтай тили
тув. — тува тили
шор — шор тили
як. — якут тили
монг. — монгол тили
б. түрк — байыркы түрк тили
б. уйгур — байыркы уйгур тили
уйг. — азыркы уйгур тили
гаг. — гагауз тили
өзб. — өзбек тили
түрк. — түрк тили (эски осмон тили)
түркм. — түркмөн тили
каз. — казак тили
тат. — татар тили
баш. — башкыр тили
с. уйг. — сары уйгур тили
лобн. — лобнор тили
кырг. — кыргыз тили

ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

// — катар, бирдей (параллель) колдонулуучу.
~ — алмашкандыкты билдирүүчү белги.
= — барабар келет, толугу менен туура келет, шайкеш келет.
< — (бирдемеден) чыккандык (бирдемеден), өнүккөндүк.
> — (бирдемеге) айлангандык (бирдемеге), өткөндүк.
* — теориялык жактан болжолдонгон унгу сөз же форма.
/ / — түшүп калгандыкты, кошулгандыкты, сөздүн же мүчөнүн баштапкы формасын калыбына келтирүүдө алдыңкы сөз менен кийинки сөздү байланыштыруу үчүн алынган белги.
[] — бир нече жөнөкөй кашаанын же тыбыштын сыртынан алынган белги. Өзүнөн мурунку сөз менен кийинки сөздү байланыштыруу үчүн колдонулат.

БАШКЫ СӨЗ

I. Кыргыз тили — кыргыз элинин өз ара катнашуу куралынын оозеки формасы. Бул тилде Кыргызстандын территориясында жашоочу бардык кыргыздар сүйлөшөт. Кыргыз тили оозеки жана жазма түрүндө пикир алмашуу куралынын милдетин аткарат.

II. Кыргыз тили республикалык университетте, педагогиялык институттарда жана мектептерде атайын предмет катарында өтүлөт; Кыргыз Академиясынын Тил жана адабият институтунда бул тил боюнча лингвистикалык изилдөөлөр, республикалык кээ бир башка илим-изилдөө институттарында методикалык көрсөтмөлөр, иликтөөлөр жүргүзүлөт; башкача айтканда, биздин мезгилде кыргыз тили сабак берүүнүн жана атайын илим-изилдөөнүн предметине айланды.

III. Кыргыз тилинин морфологиялык түзүлүшүнүн толук системалуу курсу академиянын Тил жана адабият институту тарабынан жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студенттерине арналган окуу китеби катарында мындан 14 жыл мурда чыккан эле: Кыргыз тилинин грамматикасы (Морфология), Фрунзе, 1964-ж.

Окурмандарга тартууланып жаткан азыркы «Грамматиканын» мурдагыдан бир топ айырмасы бар: бул жолку басылышына «Фонетика» бөлүмү кошулду; морфологиянын кээ бир бөлүмдөрү, айрыкча этиштин жасалышы, кайрадан иштелип чыкты; башкалары оңдолду, толукталды, такталды; фонетика менен морфологияга байланыштуу кээ бир тарыхий маселелер, элементтер да «Грамматикадан» орун алды, бирок алар анча көп эмес жана өтө терендетилген жок. Тарыхий материалдардан талашсыз фактылар жана чечилген маселелер алынды; мындан башка морфологиялык жана фонетикалык айрым кубулуштар боюнча, тектеш тилдердин фактыларынын негизинде, салыштырылма материалдарга да аздыр-көптүр орун берилди. «Грамматика» негизинен азыркы кыргыз адабий тилинин материалдарына таянып жазылды, анын ушул мезгилдеги фонологиялык жана морфологиялык түзүлүшүн толук камтууга аракет жасалды. Грамматикалык мате-

рналдар орду жагынан туркологиядагы традициялык принцип боюнча жайгаштырылды.

IV. Октябрь революциясына чейин орус тили кыргыз тилинин өнүгүүсүнүн негизгилеринин бирөөнө айланган сайын, орус тилинин жагымдуу таасири, айрыкча, лексикасында, фразеологиясында эле тилибиздин ички мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде эле жаңы терминдер, сөз айкаштары, жаңы маани-мазмун, тыкыр айрым айтылыштар (тыянакталган), речтик оборотторлор пайда болду. Азыр алардын көпчүлүгү жалпы элдик мүнөзгө ээ болду. Ушуга байланыштуу жогорудагы саналган көрүнүштөрдүн кээ бир жактары морфологиялык планда бул «Грамматикадан» орун алды.

V. «Грамматиканын» теориялык бөлүмдөрү кыргыз тилинин маселелерине атайын арналган илимий мүнөздөгү монографиялык эмгектердин жана изилдөөлөрдүн негизинде жазылды. Муну менен бирге, советтик туркологиянын жетишкендиктери да эске алынды. Тилдик фактылар, негизинен, кыргыз тилиндеги көркөм адабияттардан, элдик оозеки чыгармалардан, макал-лакаптардан жана оозеки речтен алынды. Кыскасы, саналган теориялык эмгектерден жана факт материалдардан пайдаланып, кыргыз тилинин фонологиялык жана морфологиялык курулушун толук камтууга жана аларды илимий мүнөздө чагылдырууга аракет жасалды.

VI. «Грамматиканын» бөлүмдөрү төмөндөгү авторлор тарабынан жазылды:

Профессор **К. К. Сартбаев** — Сөз түркүмдөрү;

Профессор **Б. О. Орузбаева** — Сөз жасоонун ыкмалары, Зат атоочтун жасалышы, Татаал сөздөр, Өткөн чак;

Профессор **Т. К. Акматов** — Фонетика: Фонетиканын үч аспектиси (акустикалык, анатомо-физиологиялык жана лингвистикалык аспектиси), үндүү жана үнсүз тыбыштар, кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн мүнөздөмөсү, үнсүз фонемалардын мүнөздөмөсү;

Профессор **Б. Ж. Уметалиева** — Сын атооч;

Филология илимдеринин доктору **С. Кудайбергенов** —Морфологиянын кириш бөлүмү (Морфологиянын объектиси, Грамматикалык категориялар жөнүндө түшүнүк, Грамматикалык маани жана грамматикалык форма, Сөздүн составы), Сан категориясы, Таандык категориясы, Ат атооч, Этиш жөнүндө жалпы маалымат, Этиштин морфологиялык жол менен жасалышы, Этиштин синтаксистик жол менен жасалышы (Атоочтук унгулуу татаал этиш, Этиштик унгулуу татаал этиш), Мамиле категориясы, Кыймыл-аракеттин өтүшүн билдирүүчү этиштик формалар, Жак категориясы (жакталыш), Табыш тууранды жана элестүү сөздөр, Сырдык сөздөр, Сын

атоочтун заттык мааниде колдонулушу (субстантивдеши); Фонетикадан: Созулма үндүүлөр, үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм);

А. Турсунов — Зат атооч жөнүндө жалпы маалымат, Жөндөмөлөр категориясы. Жардамчы атоочтор, Учур чак, Келер чак, Чакчылдар, Бөлүкчөлөр жана модаль сөздөр;

М. Мураталиев — Атоочтуктар, Байламталар;

Ж. Мураталиева —Кызматчы сөздөр жөнүндө жалпы маалымат, Жандоочтор, Ыңгай категориясы;

С. Давлетов — Тактоочтор;

Б. Тойчубекова — Кыймыл атоочтор;

Н. Чечейбаева — Сан атооч;

Э. Абдулдаев — Үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү (Ассимиляция, диссимиляция), Муун.

Д. Исаев — Үндүү тыбыштардын түшүп калышы, Басым.

Ж. Сыдыков — Интонация.

Окурмандарга тартуулап отурган «Грамматика» азыркы кыргыз тил секторунун сектор башчысы, филология илимдеринин доктору, **С. Кудайбергеновдун** жалпы жетекчилиги астында жазылды.

Филология илимдеринин кандидаты **Ж. Сыдыков** грамматиканын «Фонетика» бөлүмүн редакциялоого катышты.

Кол жазманы басмага даярдоо ишине сектордун ст. лаборанты **Т. Болчурова** катышты.

Фонетика бөлүмдөрү кыргыз тилинде илимий планда биринчи жолу иштелип отургандыктан ар кандай кемчиликтердин болушу ыктымал. Ошондуктан авторлор коллективи байкалган мүчүлүштөр жөнүндө пикириңиздерди төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү сурашат:

Фрунзе шаары, Ленин проспектиси, 265а. Кыргыз ССР илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун азыркы кыргыз тил сектору.

Фрунзе шаары, 28-июнь, 1978-ж.

ФОНЕТИКА

Фонетика (грек. *phone* — тыбыш деген сөзүнөн алынган) — тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп, аны үйрөтө турган тил илиминин бир бөлүгү.

Тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн татаал табияты аны ар кандай көз караштын негизинде изилдөөнү талап кылат. Биринчиден, адамдын речи тыбыштардан түзүлгөндүктөн, башка бардык тыбыштык кубулуштар сыяктуу, физикалык жаратылышка ээ, ошондуктан ал физиканын бир бөлүгү акустикалык жактан изилденет. Экинчиден, речь адам тарабынан айтылып, адам тарабынан кабыл алынгандыктан, адамдын организминин белгилүү даражадагы функциясы болуп эсептелет. Ошондуктан аны анатомо-физиологиялык жактан үйрөнүү талап кылынат. Коммуникация процессинде тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн аткарган функциясын лингвистикалык максатта үйрөнүү маанилүү. Фонетика лингвистикалык илим болгондуктан, тыбыштын лингвистикалык аспектисин изилдейт.

Адамдын речинин тыбыштык түзүлүшүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн, кубулуштарын, жаратылышын толук жана кеңири ачуу максатында акустика менен физиология тарабынан алынган жыйынтыктарды пайдалануу лингвистикалык аспектинин негизин түзөт.

Фонетика тилдин тыбыштык түзүлүшү менен катар сөздөгү басым, интонация, муун жана анын типтерин да изилдейт.

Фонетиканын акустикалык аспектиси

Фонетиканын үч аспектиси

Речибиздеги тыбыштар бардык башка тыбыштар сыяктуу айланадагы абанын кыймылынын дирилдөөсү болуп саналат. Речтеги тыбыштар үн түйүндөрүнүн дирилдегени менен өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын сүйлөө органдарыбызга сүрүлүшүнөн пайда болот. Речтеги тыбыштар үндүн бийиктиги (тон), интенсивдүүлүгү, үн узундугу жа-

на спектри менен мүнөздөлөт. Акустикада тыбыштын үн узундугу секунддун минден бир өлчөмүндө ченелет (миллисекунд).

Тыбыш физикалык жактан айланадагы серпилгичтин кыймылы болот. Үн кандай заттан (*камертон, кыл* ж. б.) чыкпасын айланага дирилдөөсүнүн толкунун таратат. Абага таралган үн толкуну биздин угуу органыбызга жетип, тыбышты билдирет.

Ар түрлүү заттан чыккан тыбышты угуу органыбыз аркылуу кабыл алганда, андан музыкалык тон менен шыбышты ажыратабыз. Муну термелүүнүн мүнөзү аныктайт. Ритмалуу термелүү белгилүү убакытта болгондуктан, музыкалык тонду пайда кылса, ритмасыз термелүү шыбышты пайда кылат. Адамдын речинде ритмалуу термелүүдөн үндүү, ритмасыз термелүүдөн үнсүз тыбыштар жасалат.

Тыбыштын бийиктиги үн түйүндөрүнүн дирилдешинин кыймылына байланыштуу. Дирилдөө канчалык ылдам болсо, үн ошончолук бийик (катуу угулат) чыгат. Дирилдөө канчалык жай болсо, тыбыш ошончолук пас чыгат. Тыбыштын бийиктигин өлчөө герц (гц) дирилдөөнүн бир секунддагы толук термелүүсүнө барабар. Эгерде тыбыш секундасына 250 жолу термелсе, анда 250 гц бийиктиктеги тыбыш пайда болот.

Адамдын кулагы секундуна 16 дан 20000 герцке чейинки термелүүнү кабыл алат. 16 гц бийиктик угулуунун төмөнкү чегин түзсө, угуунун жогорку чеги адамдын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, бөтөнчө улгайган адамдарда төмөндөп, өзгөрүп турат. 16 гц бийиктиктен кем сандагы термелүү (мисалы, жер титирөө) *инфра тыбыш,* 20000 гц бийиктиктен жогору термелүү *ультра тыбыш* деп аталат. Речибиздеги тыбыштардын бийиктигинин өзгөрүшү интонацияга тыгыз байланыштуу.

Речибиздеги тыбыштар белгилүү даражадагы интенсивдүүлүк (күч) менен мүнөздөлөт. Тыбыштын күчү термелүүнүн көлөмүнө (амплитудагы) байланыштуу. Термелүүнүн көлөмү канчалык чоң болсо, тыбыш ошончолук күчтүү, канчалык кичине болсо, тыбыш ошончолук алсыз болот.

Тыбыштын күчүн аны объективдүү мүнөздөгөн белги катарында үндү көтөрүңкү (катуу) сүйлөөдөн ажырата билүү зарыл. Үндү көтөрүп сүйлөө адамдын угуу органынын тыбыштын интенсивдүүлүгүн кабыл алышы. Тыбыштын интенсивдүүлүгү менен үн көтөрүп сүйлөөнүн карым-катышы тыбыштын бийиктиги аркылуу аныкталат. Күчү боюнча бирдей, бийиктиги боюнча ар башка тыбыштар түрдүү катуулукта сүйлөгөн сыяктуу кабыл алынат. Үндүн күчүнүн деңгээлин ченөөнүн бирдиги децибел (дб). Тыбыштын күчүнүн деңгээлин ченөөгө шарттуу түрдө нолдүк деңгээл күч катарында

алынат да, ал 1000 гц бийиктигинде угулат. Тыбышты үн көтөрүп (катуу) айтуу объективдүү түрдө өлчөнүшү мүмкүн эмес, ошондуктан ал тыбыштын күчү менен бирге өлчөнөт. Мисалы, адамдын речиндеги тыбыштардын бийиктиги 100 гцтен 8000 гцке чейинки диапазондо болот. Ошондуктан үн көтөрүп сүйлөө тыбыштын күчү аркылуу гана аныкталат.

Тыбыш жөнөкөй гана термелбестен, татаал термелүүнү да пайда кылат. Комузду черткенде анын кылы бүтүндөй, аны менен бирге анын бир гана бөлүгү: жарымы, үчтөн бири, төрттөн бири, бештен бири да термелет. Мындай татаал термелүүдөн өтө татаал тыбыш пайда болот. Татаал тыбыш бүтүн нерсенин термелүүсүнөн пайда болгон негизги тондон жана анын айрым бөлүктөрүнөн чыккан обертондон түзүлөт. Обертон негизги тондон бүтүн бирдикке жогору турат. Негизги тон 100 гц термелсе, кылдын жарымынын термелүүсү 200 гц, үчтөн бири 300 гц, төрттөн бири 400 гц термелүүнү берет. Тыбыштын негизги тону баарынан күчтүү болгондуктан тыбыштын бардык сапатын негиздейт, обертон тыбышка белгилүү даражада кошумча сапат берип турат. Негизги тондун күчүнүн катышы менен ага кошулган обертон тыбыштын гармоникалык структурасын түзөт, ал тыбыштын тембрин (фр. *timbve*) аныктайт. Ар бир тыбыштын кандай затка, музыкалык инструментке таандык экендигин ажыратуу тембр аркылуу аныкталат.

Речибиздеги тыбыштар—үн түйүндөрүнүн дирилдөөсүнүн жыйынтыгы. Тыбышты айткан учурда сүйлөө органдарыбыздын кыймылына байланыштуу алкымдан жогору турган мурундун, ооз көндөйүнүн көлөмү менен формасы өзгөрүп турат. Мурун көндөйүнөн башкасы ар бир тыбышка жекече тийиштүү белгилүү абалга келет. Ал алкымда пайда болгон таатаал тондун резонансын өзгөртөт. Бул учурда алардын айрымдары күчөсө, кээ бирлери начарлайт. Тыбыштык энергиянын интенсивдүү бөлүгү *формант* деп аталат. Тыбыштын формаптык структурасын анын спектри түзөт. Спектр тыбыштын негизги мүнөздөмөлөрүнөн.

Фонетиканын анатомо-физиологиялык аспектиси

Сүйлөө органдары жана алардын негизги милдеттери

Сүйлөө органдарынын түзүлүшү. Речтеги тыбыштарды жасоого кекиртек, алкым, көмөкөй, ооз көндөйү, тил, жумшак жана катуу таңдай, кичине тил, тиш, эрин жана мурун көндөйү кирет. Тыбыштарды жасоого өпкө да катышат. Булардын кыймылын борбордук нерв системасы башкарып турат.

Дем алуу органдары. Дем алуу органдары негизинен өпкө болуп эсептелет жана ал көкүрөк көндөйүнүн ичинен орун алган. Өпкө бронхолор менен биригип, эки бутакты пайда кылат, алар кекиртекке өтөт.

Тыбыштарды жасоодо дем алуу жана дем чыгаруунун ролу чоң. Дем алганда кабырганын арасындагы булчундардын кыскарышы өпкөнү өзү менен кошо тартса, диафрагманын (боор эттин) кыскарышы, төмөн түшүшү өпкөнү кеңейтет. Бул эки процесс аркылуу көндөйдүн көлөмү кеңейип, аба өпкөгө кирет. Дем чыгарууда өпкө кичиреет да, абанын айрым бөлүгү кекиртек аркылуу сыртка чыгат. Кыймылды тартипке салып турган булчундардын иштеши аркылуу дем алуу тез, дем чыгаруу жайыраак болот. Бул речибиздеги тыбыштардын күчүнүн өзгөрүшүн, же басым түшүп жана басымсыз айтылышын белгилөө менен тыгыз байланыштуу.

Кекиртек. Трахеянын жогорку бөлүгү кеңейип кекиртекти пайда кылат (лат. *larynx*). Кекиртек трахея менен бирге абанын өпкөгө кирүү жана өпкөдөн чыгуу жолун түзөт. Кекиртек ыйлаакчалар менен капталган чемирчектерден түзүлгөн. Бул чемирчектин бирөө (калканча чемирчек) кекиртектин алды жагынан орун алып, анын алга чыгып турган урчугу *коко* деп аталат. Коконун ички бурчундагы калканча чемирчекке бекилген эки булчунча бар, аны *үн түйүндөрү* (лат. *chordal vosales*) дейт.

Кекиртектин чемирчектери булчундар менен капталып, ал бүтүндөй үн аппараттарын кыймылга келтирип, анын кыймылын башкарып турат.

Үн түйүндөрү. Үн түйүндөрү үндүн пайда болушуна активдүү катышат. Үн түйүндөрүнүн арасында жылчык орун алган, ал *үн жылчыгы (лат. glottis)* деп аталат. Калканча чемирчек жана ага бекитилген үн түйүндөрү үн жылчыгын ачып, абаны эркин өткөрөт, же үн жылчылыгын өтө кысып, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы өтүшүн кыйындатат, үн жылчыгы таптакыр жабылса абанын сыртка чыгышы дээрлик токтолот.

Үн чыгарууда үн түйүндөрү негизги ролду ойнойт. Үн чыгардан мурун үн жылчыгы жабылып, үн түйүндөрү тартылып турат. Өпкөдөн чыгып келе жаткан аба жабылып турган үн түйүндөрүнүн жылчыгын жарып, сыртка чыккан үн пайда болот. Үн жылчыгынын кыймылы ийкемдүү болгондуктан, тез эле кайра алгачкы калыбына келет, б. а. кайтадан жабылып калат. Ушундай жол менен үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдеп, ачылып жана жабылып турат. Аба кекиртек аркылуу мезгил-мезгили менен чыгып тургандыктан, сүйлөп жаткан учурда үн толкуну, б. а. үн пайда болот. Үн түйүндөрүнүн

дирилдеши канчалык күчтүү болсо, үн ошончолук бийик чыгат. Дирилдөө күчү аз болсо, үндүн пас чыгышына алып келет, бирок бардык адамдардын үнү бирдей болбойт.

Речтеги айрым тыбыштарды айтууда үн чоң роль ойнойт. Үндүү тыбыштардын жасалышында үн түйүндөрү дайыма иштейт. Үн жалаң гана үндүү тыбыштарга катышпастан, кээ бир үнсүздөргө (жумшак үнсүздөргө) да катышат. Үн катышкан үнсүздөр *жумшак үнсүздөр* деп аталат. Каткалаң үнсүздөрдүн жасалышында үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдебейт, ошондуктан аларда шоокум, шыбыш гана пайда болот.

Шыбыш жана шоокум чыгарууда үнгө караганда үн түйүндөрүнүн абалы такыр башкача, бул учурда абанын агымы үн түйүндөрү аркылуу өтпөстөн, ачылып турган калканча чемирчек аркылуу сыртка чыгат, экөөнүн ортосундагы (үн түйүндөрү менен калканча чемирчектин арасындагы) жылчыкчанын ички бетине аба сүрүлүүдөн шыбыш пайда болот. Бул шыбыш каткалаң үнсүздөргө катышып, каткаландоонун негизин түзөт.

Алкым. Оозкөңдөйү жана эриндер. Көкиртектин үстүнөн кулкун орун алган. Алкымдын алды жагы ооз көңдөйү менен жогору жагы мурун көңдөйү менен катышат. Алкым көңдөйү менен ооз көңдөйү жана мурун көңдөйү резонатордук кызмат аткарып, тыбышты үн жагынан кубултуп турат.

Ооз көңдөйүнүн алдыңкы бөлүгү тиш менен эриндерге такалат. Эриндер алга жүткүнүп, төгөрөк же сүйрү формада болушу үндүүлөрдү артикуляциялоодо белгилүү ролду ойнойт. Ачык (эриндүү эмес) үндүүлөр жаак кең ачылып, тилдин үстүнкү бети менен катуу таңдайдын аралыгы кенен болуудан жасалат. Кууш үндүүлөр тилдин жогору карай бийик көтөрүлүү, катуу таңдайга өтө жакындашуусу менен жаактын кууш болушу аркылуу жасалат.

Таңдай жана тиш. Ооз көңдөйүнүн үстү жагы таңдай менен чектелет. Анын алдыңкы жана ортоңку бөлүгү кыймылсыз болгондуктан, *катуу таңдай* деп аталат, арткы бөлүгү кыймылдуу келет, ошон үчүн ал *жумшак таңдай* делет. Ооздун арткы бөлүгүндө катуу таңдай жумшак таңдайдан кийин (бери көздөй) жайгашкан жана анын чеги төмөн саландаган кичине тил менен аяктайт.

Ооз көңдөйү алды жагынан астынкы жана үстүнкү тиштер менен чектелген, кийинкилери болсо бүйлөлөргө бириктирилген. Речтеги тыбыштардын жасалышында тиштерибиз да, катуу таңдайыбыз да негизги ролду ойнойт. Тилдин тиш менен катуу таңдайга жакындашуусунан же тийишинен тыбыштардын ар түрдүү фонемалык варианттары (аллофондору) пайда

болот. Мисалы, *тил* деген сөздөгү тыбышын айтканыбызда тилдин учу тишке же тиштин бүйлөсүнө тиет, жалпы [т] тибиндеги үнсүздү пайда кылат, бирок алардын угулушу бир кыйла даражада ар түрдүү келет.

Тил. Ооз көңдөйүндөгү өтө маанилүү, абдан активдүү орган тил болуп эсептелет. Ал ар кандай багытка карай кыймылдап, ар түркүн формага келе алат, б. а. жооноёт, ичкерет, таңдайды көздөй көтөрүлөт, артка тартылат, алга жүткүнөт. Тилдин тигил же бул бөлүгүнүн таңдайга, тишке, бүйлөгө жакындап же тийишүү менен жылчыкты, тоскоолду пайда кылышы үнсүз тыбыштарды жасалуу орду, жасалуу ыгы боюнча классификациялоодо негизги белги болуп эсепетелет.

Мурун көңдөйү. Мурун көңдөйүнүн түзүлүш формасы абдан татаал. Өтө кыймылдуу келген жумшак таңдай жогору көтөрүлүп, алкымдын арткы керегесине тийип, ооз көңдөйү менен мурун көңдөйүн ажыратып турат. Мурун көңдөйүнө кетүүчү жылчыкты жана эриндерибизди да бекем жапсак, дем ала албас элек, анткени аба өтүүчү бардык жол жабылып калат. Ооз жабылып, бирок кичине тил төмөн түшүрүлүп, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын ачса, дем алууну уланта берүүгө болот, себеби аба мурун көңдөйү аркылуу кирип-чыгып турат. Дем алуу учурунда оозубуз ачык болсо, анда аба ооз жана мурун көңдөйлөрү аркылуу эки жол менен өтө берет.

Кыргыз тилинде мурун көңдөйү мурунчул уяң үнсүздөрдүн жасалышына катышат. Бул тыбыштар таңдай көшөгөсү төмөн түшүп, абанын агымы мурун көңдөйү аркылуу сыртка чыгуусунан пайда болот. Кичине тил жогору көтөрүлүп, таңдай көшөгөсү мурун көңдөйүнүн жылчыгын жаап турса, мурунчул эмес таза тыбыштар жасалат, анткени ал учурда абанын агымы ооз көңдөйү аркылуу сыртка чыгат. Эгерде жылчык бир аз ачык калса, «кыцкилдеген» (мурунчул) добушту пайда кылат.

Фонетиканын лингвистикалык аспектиси

Фонетиканын лингвистикалык аспектиси тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн коммуникация процессиндеги функциясын изилдейт. Ошондуктан лингвистикалык аспектини *функционалдык аспекти* деп да атоо мүмкүн.

Лингвистикалык изилдөөнүн бөтөнчө түрү катарында фонетиканын функционалдык аспектисин изилдөө өткөн кылымдын 70-жылдарында орус тил илиминде башталган. Буга көрүнүктүү орус лингвисти И. А. Бодуэн де Куртенэ (1845—

1929) негиз салган. Бодуэн биринчиден, тыбыштардын материалдык жаратылышын (акустикалык жана физиологиялык аспектилерин), экинчиден, тыбыштардын функционалдык жагын (кийин муну психо-фонетика деп атаган) изилдеген. Муну көбүнчө морфология менен байланыштырган.

Бодуэндин фонетиканын эки аспектиси жөнүндөгү идеясы лингвистикада кеңири таанылган. Бодуэндин идеясына таянып, аны андан ары карай өнүктүргөн анын окуучусу Л. В. Щерба (1880—1944) болгон. Ал фонема жөнүндө оригиналдуу теорияны берди. Бул теориянын негизи тыбыш маани менен байланыштуу дегенде турат, анткени тыбыш морфеманын тыбыштык оболочкасын түзөт.

Тыбыштын маани менен байланыштуулугунан, биринчиден, речти айрым тыбыштарга ажыратуу мүмкүнчүлүгү, экинчиден, фонологиялык карама-каршы коюу системасында фонема көз каранды эмес бирдик деген түшүнүк келип чыгат. Мына ошентип, фонеманы 1) потенциалдык жактан маани менен байланышкан эң кичине тыбыштык бирдик; 2) фонема речтеги тыбыштарды бөлүштүрүүнүн чеги жана 3) фонеманы фонологиялык карама-каршы коюунун көз каранды болбогон бирдиги деп эсептөөгө болот. Тилибиздеги ар бир тыбыш фонема боло бербейт, бирок ар бир фонема өз алдынча тыбыш. Ошондуктан сан жагынан алганда тыбышка караганда фонема алда канча аз. Фонема морфеманы, сөздү, грамматикалык формаларды мааниси боюнча ажыратуучу касиетке ээ, тыбышта мындай касиет жок.

Фонема өз ара байланышкан жана бири-бири менен бекем шартталган аспектилерден (акустикалык, физиологиялык жана социалдык) турат, алар фонеманын материалдуулугу, объективдүүлүгү, коммуникативдик функциясы жана абстракцияланышы менен ишке ашат.

Фонеманын материалдуулугу тилибиздеги ар бир фонема тигил же бул конкреттүү артикулятордук, акустикалык жана структуралык жагынан андан ары бөлүнбөй турган дифференциалдык бирдик катарында фонетиканын белгилүү негизги аллофону түрүндө жашайт.

Тилдеги фонема бир тилде сүйлөгөн коллектив тарабынан түзүлгөн, коллектив иштеп чыккан речтик тыбыш, анын коомдук мааниге ээ болушу фонеманын объективдүү жагы болуп эсептелет. Фонеманын объективдүүлүгү ошол тилде сүйлөгөн коллективдин эркн менен аң-сезимине багынбайт.

Фонеманын функционалдуулугу анын белгилүү даражада лингвистикалык, социалдык функцияны (милдетти) аткарышы. Фонеманын бул функциясы эки жактуу. Фонема речтеги конкреттүү тыбыш болгондуктан, сездүн материалдык оболочкасын түзөт. Бул — фонеманын сөз жана форма түзүүчү функциясы. Муну менен катар фонемалар өз ара карым-катышта болуп, сөз менен сөздү, форма менен форманы бири-бирине карама-каршы коюу аркылуу сөз жана грамматикалык формалардын материалдык оболочкаларын чектейт. Бул фонеманын сөз жана форма ажыратуучу функциясы.

Фонеманын абстракцияланышы жана жыйынтыктоосу речте толук аныкталган конкреттүү көп сөздөрдү ажыратуу максатында карама-каршы коюлган тыбыштардын өзү гана болбостон, аны менен бирге речтеги тыбыштардын, анын аллофондорунун абстракцияланышы, ал аллофондорду жыйынтыктоо, б. а. тилдин ээси болгон коллективдик ар бир мүчөсүнүн аң-сезиминде айрым алынган түшүнүк түрүндө чагылышы.

Кыргыз тилиндеги кыска жана созулма үндүүлөрдүн ар бири өз алдынча фонема: *тан-таан, эн-ээн, кон-коон, жүн-жүүн, өн-өөн, ук-уук* ж. б. Мында карама-каршы коюлган ар бир сөз өз алдынча мааниге ээ болуп турат.

Ошондой эле *бал-тал-кал-сал-жал-чал* деген сөздөрдүн башкы тыбыштары фонемалык касиетке ээ болуп, ар бир сөздү мааниси боюнча айырмалап турат. Ушул сөздөрдүн аяккы тыбыштарын *бак-так-как-сак-жак-чак* же ортонку тыбыштарын *бек-тек-кек-сек-жек-чек* деп алмаштырсак, алардын ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон сөздөрдү пайда кылып, үндүү жана үнсүз тыбыштардын ар биринин фонемалык касиети бар экендиги ушундан айкын көрүнүп турат.

ҮНДҮҮ ЖАНА ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАР

Тыбыштарды айтканыбызда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыз тарабынан эч кандай тоскоолдукка учурабай сыртка эркин чыгып, үн түйүндөрүнүн дирилдөөсүнөн пайда болгон тыбыштарды үндүүлөр дейбиз. Үндүүлөргө *а, аа, е(э), ээ, и, о, оо, ө, өө, у, уу, ү, үү, ы* кирет.

Үнсүз тыбыштарды айтканыбызда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыздын бирөөнүн тоскоолдугуна учурап, аны жарып чыгуудан, же ага сүрүлүп чыгуудан пайда болот. Жумшак үнсүздөрдү айтканда үн түйүндөрү дирилдесе, каткалаң үнсүздөрдө үн түйүндөрү дирилдебей, шыбышты гана пайда кылат. Анын үстүнө үндүү тыбыштар муун түзүү касиетине ээ болсо, үнсүз тыбыштарда бул касиет жок. Үнсүздөргө *б, г, ж, т, д, л, ш, р* сыяктуу тыбыштар кирет.

Үндүүлөр

Кыргыз адабий тилинин үндүүлөр системасы 14 фонемадан турат. Алар үн узундугу боюнча өз ара а) *кыска* (*а, е(э), и, ы, о, ө, у, ү*) жана б) *созулма* (*аа, ээ, оо, өө, уу, үү*) үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөр эринге, жаакка жана тилге карата *эриндүү-ачык, кең-кууш, жоон-ичке* болуп айырмаланат. Үндүүлөрдү ушул белгилери боюнча схема түрүндө төмөнкүдөй берүүгө болот.

Тилге карай				Эринге карай				Жаакка карай			
жоон		ичке		эриндүү		ачык		кең		кууш	
а	аа	е(э)	ээ	о	оо	а	аа	а	аа	ы	
о	оо	ө	өө	ө	өө	е(э)	ээ	е(э)	ээ	и	
у	уу	ү	үү	у	уу	а	аа	о	оо	ү	үү
ы		и		ү	үү	ы	и	ө	өө	у	уу

Үндүүлөр тилдин артка тартылышы же алга жүткүнүшү боюнча *жоон* жана *ичке* болуп бөлүнөт.

Жаактын ачылышына жана тилдин жогору көтөрүлүшүнө карай үндүүлөр *кең* жана *кууш*, эриндин алга жүткүнүп чормоюшу же бейтарап абалда турушуна карай үндүүлөр *ачык* (эриндүү эмес) жана *эриндүү* болуп бөлүнөт.

Үндүүлөрдүн мүнөздөмөсү

Дүйнө жүзүндөгү башка тилдер сыяктуу эле, кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштарды классификациялоо артикулятордук жана акустикалык өзгөчөлүктөрүнө негизделет.

Кыргыз тилиндеги үндүү фонемалар жасалышы боюнча төмөндөгүдөй мүнөздөлөт.

Кыргыз тилинде тилдин арткы бөлүгү менен жасалган ачык үндүү [*а*] фонемасын айткан учурда тилдин арткы бөлүгү кийин тартылып, тилдин учу тиштин бүйлөсүнө тийбейт, жаак кең ачылат да, мурун көндөйүнүн жылчыгын таңдай көшөгөсү жаап турат.

[*а*] фонемасы башка тыбыштар менен айкашканда алардын таасири астында терең артчыл, орточул, ал гана эмес мурунчулдашкан түрдө да айтылат (*карган, мал*).

Кыргыз тилинде [*э*] фонемасынын жасалышында тилдин алдынкы бөлүгү катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт, тилдин учу астынкы тиштердин ички бети менен бүйлөлөрүнө тийип, астыңкы жаак төмөн түшөт. Аталган фонеманын жасалышына да эриндер катышпайт, таңдай көшөгөсү мурун көндөйүнүн жылчыгын жаап турат.

[*э*] фонемасы түпчүл үнсүздөр менен айкашканда тил арты, мурунчул үнсүздөр менен айкашканда мурунчул аллофондорго ээ болот (*кең, мен*).

[*и*] фонемасы айтылганда тил бүт бойдон алга жүткүнөт да, анын арткы бөлүгү катуу таңдайды көздөй көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы тишке жана анын бүйлөлөрүнө тиет.

Таңдай көшөгөсү мурун көндөйүнүн жылчыгын жаап турат. Ушуга байланыштуу резонатор узарат, бирок ооз көндөйүнүн борбордук жана алдыңкы бөлүгүндө резонатор кыска да, кууш да болот. Жаак кууш ачылат, эриндер бир аз жыйрылгандыктан, маңдай тиштер көрүнүп, резонатордун алдыңкы чегин ошол тиштер түзөт.

Кыргыз тилинде [*и*] фонемасы менен айкашкан үнсүз тыбыштар дайыма таңдайлашып (ичкерип) айтылат. Мурунчул үнсүздөр менен айкалышканда мурунчул жана орточул, түпчүл үнсүздөр менен айкалышында тил арты аллофонго ээ болот (*кийик', к'илем, миң, эк'и* ж. б.).

Эриндүү үндүүлөр

Азыркы кыргыз адабий тилинде [*у*] фонемасын айткан учурда тил бүтүндөй артка тартылат, ушуга байланыштуу анын учу астыңкы маңдай тиштен бир кыйла алыстайт. Тилдин эң арткы бөлүгүнүн үстүнкү бети катуу таңдай менен жумшак таңдайдын чегин көздөй жогору көтөрүлүп, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоюп, тегерек формага келет.

Речте эринчил эмес үнсүздөр менен айкашканда аларга таасирин тийгизип, эриндештирет (*т°ук°ум, ук°ук*).

[*о*] фонемасы айтылган учурда тил бүтүндөй артка тартылып, арткы бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлөт, бирок таңдай көшөгөсү мурун көндөйүнүн жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Уччул, орточул үнсүздөр менен айкалышканда алга жүткүнөт, мурунчулдар менен айкалышканда мурунчул аллофондорго ээ болот. Өзүнөн мурда жана кийинки келген эринчил эмес үнсүздөргө таасири тийип, аларды эриндештирет (*т°окo°й, к°он°ок*).

Кыргыз тилинде [*ү*] фонемасы жасалганда тил бүт тулкусу менен алга карай жүткүнөт, анын ортоңку бөлүгү катуу

509048

таңдайды көздөй жогору көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы маңдай тишке жана анын бүйлөсүнө тиет: тилдин эки капталы үстүнкү тишке такалат да, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Тилибиздеги [*е*] фонемасы айтылганда да тил алга карай жүткүнүп, тилдин эки жагы каптал тиштерге тиет да, ортоңку бөлүгү катуу таңдайды көздөй жогору көтөрүлөт, тилдин учу астыңкы маңдай тиштердин түбүнө жана бүйлөсүнө таркалат, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер чормоёт.

Бул фонема өзү менен айкалышкан үнсүздөргө таасирин тийгизип, аларды бүт эриндештирет. Мурунчулдар менен айкашып, мурунчул аллофонго ээ болот (*экөө, көк, төкмө, көмөлдүрүк* ж. б.).

Азыркы кыргыз тилинде [*ы*] фонемасы тилдин арткы бөлүгү жумшак таңдай менен катуу таңдайдын чегин көздөй көтөрүлүп, тилдин учу алга жүткүнүп, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, эриндер бейтарап абалда турушу аркылуу жасалат. Бул фонеманы айткан учурда тилдин учу астыңкы маңдай тиштердин ички бети менен анын бүйлөсүнө тиет да, тилдин түбү артка тартылат. Жамажай артка бир аз жыйрылгандыктан, кең жалпак жылчыкты пайда кылат. Сүйлөө органдарынын ушундай абалдагы турушунан жасалган фонема [*ы*] да кууш. Жалаң гана артчыл (увулярдуу терең түпчүл) үнсүздөр менен айкалышкандыктан жоон үндүүлөр менен сингармонизмдик бир катарды түзөт. Мурунчулдар менен айкашканда, алардын таасири астында мурунчул аллофонго ээ болот (*мына, ныk*).

Созулма үндүүлөр

Созулма үндүүлөр созулуп айтылат. Алар созулуп айтылышы боюнча кыска үндүүлөргө карама-каршы, мындайча айтканда, кийинкилеринин сан жагынан узартылган түрү болуп эсептелет. Созулма үндүүлөр фонемалык касиетке ээ, сөздөрдү маани жагынан ажыратып жибере алышат, салыштыр: *оор, жон-жоон, эн-ээн, мал-маал, сан-саан, жан-жаан* ж. б.

Түрк тилдеринде созулма үндүүлөр шарттуу түрдө байыркы жана кийинки созулмалар болуп экиге бөлүнөт. Байыркы созулмалар аздап эски түрк жазма эстеликтеринде, азыркы түркмөн, якут, гагауз тилдеринде жана өзбек тилинин Кара-Булак говорунда сакталган, фонемалык касиетке ээ, көбүнчө сөз башында жана сөз ортосунан учурайт, сөз аягынан кезикпейт;

б. түркчө: *аатлыг* — (баланча деп) аталуу, атынан айтуу маанисинде, *атлыг* — аттуу, аты бар маанисинде; *бааг* — зоолу, байлама, түйүн, түйүнчөк, *баг* — кара, бак (башбак) (ДТСл.); *аал* — алдамчылык, *ал* —(бир нерсени ал) (этиш); *аат* — лакап, жашыруун ат, ысым, *ат* — жылкы (М. К) ж. б.;

түркмөнчө: *аак* — ак (өң, түс маанисинде), *ак* — этиш (мисалы, суу акты); *аач* — карды ачуу, ач болуу, *ач* — этиш (мисалы, эшик ач; *аарт* — арт, арка (дене мүчөсү), *арт* — этиш (мисалы, жүк арт) ж. б.;

якутча: *кыыс* — кыз, кыз бала, *кыс* — этиш (бычак менен жон, кыр маанисинде); *хаас* — каш (дене мүчөсү), *хас*— канча; *биил* — бөл, *бил* — бил ж. б.;

гагаузча: *аара* — изде, *ара* — бир нерсенин арасы; *аарт*— бир нерсенин арты, *арт* — артып калуу, артык; *кааз* — каз. (канаттуунун бир түрү), *каз* (этиш) ж. б.,

Кийинки созулмалар деп аталчу үндүү тыбыштар түрк тилдеринин ичинен кыргыз, алтай, хакас, тува, шор жана гагауз тилдеринде бар.

Созулма үндүүлөр азербайжан менен түрк тилинде, негизинен, араб-иран тилдеринен кирген сөздөрдөн жолугат, оошкон сөздөрдөгү кээ бир тыбыштар алардын фонетикалык системасына ылайык келбегендиктен созулма үндүүлөргө айланып кетишкен. Азербайжан, түрк, түркмөн адабий тилдеринде (төл сөздөрдө) созулма үндүүлөрдүн болушу мүнөздүү эмес.

Енисей топчосу деп аталчу тилдер менен (кыргыз, алтай, хакас, тува, шор) гагауз тилдеринде кийинки созулма үндүүлөрдүн бар экендиги жогоруда эскертилген эле. Бирок бул экөөнүн ортосунда созулмалардын жаралышы боюнча айырма бар. Башкалардагыдай эле, гагауз тилинде да созулмалар эки үндүүнүн ортосундагы «г» жана «h» тыбыштарынын түшүшүнөн пайда болот: *оолу* (<оглы) — уул; *боодай (<богдай)* ж. б.; гагауз тилинде мындан тышкары үнгү менен мүчөнүн айкалышкан жеринде да созулма үндүүлөр жаралат: *(баалыым (<балыгым<балык + -ым) — балыгым, танээр‖ ‖таныэр (<таны + -эр) — тааныр, йазмаа<йазмага (<йазмак+-а)<жаз,* сөзмө сөзү: *жазмага* ж. б. Үнгү менен мүчөнүн айкалышынан жасалган созулма үндүүлөр кыргыз тилинде өтө эле аз; жекелик сандагы жактама ат атоочтордун жөндөлүшүнөн жана «п» тыбышы менен аяктаган бир муундуу этиштерге чакчыл *-ып* мүчөсү жалганганда гана кездешет: *маа<мага, чап + -ып>чаап* ж. б. (бул жөнүндө төмөндө кененирээк сөз болот).

Кыргыз тили азыркы кезде территория жагынан алтай, хакас, тува жана шор тилдеринен алыста тургандыгына жана тыгыз байланышынын жоктугуна карабастан, бир же эки

муундуу үнгу сөздөрдөгү созулма үндүүлөр боюнча ошолор менен биримдикти түзөт, анткени кыргыз тилинин созулма үндүүлөр катышкан сөздөрү жана алардын тыбыштык курулуштары аталган тилдердикине жакын келет. Мына ушул окшоштуктун өзү эле тилибиздин, демек элибиздин, тарыхына байланыштуу көп нерселерден кабар берет. Баарынан мурда аталган тилдердин өкүлдөрүнүн бабалары качандыр бир убакта өз ара тыгыз карым-катышта болушканын көрсөтөт. Кыргыз тилинде бул жалпы окшоштуктар менен бирге аны енисей тобундагы кээ бир түрк тилдеринен айырмалай турган өзгөчөлүктөр да бар. Мындай бөтөнчөлүктөр катарында ачык муундагы эринчил созулмаларды (*суг>суу* ж. б.) жана мүчөдө да созулма үндүүлөрдүн орун алышын атоого болот. Бул жагынан жана үндүүлөрдүн эринге карата ээрчишүүсү боюнча да кыргыз тили сибирдеги түрк тилдеринин ичинен алтай тили менен биримдикти түзөт. Жогорудагыларга окшогон бирди-жарым бөтөнчөлүктөр енисей тобундагы түрк тилдеринин созулма үндүүлөр боюнча болгон негизги жалпылыктарын жокко чыгара албайт, ал эми аталган айырмалар болсо ошол тил топторунун өз ич ара тарыхий конкреттүү өнүгүшүнөн келип чыккан кийинки кездеги кубулуш.

Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр менен айтылуучу сөздөрдүн ичинде төл сөздөр менен бирге монгол жана араб-иран тилдеринен кирген сөздөр да бар. Монгол менен түрк тилдериндеги (маселен, кыргыз тилинде) созулма үндүүлөрдүн фонетикалык жасалыш шарты окшош. Монгол сөздөрү, негизинен, кыргыз тилине созулма үндүүгө айланган калыбында кирген, б. а. даяр түрдө кабыл алынган. Анткени монгол тилинин жазма эстеликтеринде кыска үндүүлөр менен айтылган сөздөрдүн ордуна азыр созулма үндүүлөр колдонулат. Тыбыштык ушул бөтөнчөлүккө карап, алар качандыр бир убакта, монголдор менен түрктөрдүн, маселен кыргыздардын, ар кыл карым-катыштары күчөгөн учурда, кабыл алынган дешке болот. Муну менен катар монгол сөздөрүнүн кээ бирөөлөрү, созулма үндүүгө айланчу шартка туура келгендери, енисей тобундагы тилдердин «лабораториясында» иштелип отуруп, созулмаларга өтүп кетиши да ыктымал. Мисалы: мон. *богоч*, кыр. *бооч, боочу*; эски мон. *сагат*, азыр *сага, саад*, кыр. *саат* (кырсык маанисинде: *саат-сабырынан* сактаса...) ж. б.

Араб-иран тилдеринен оошкон сөздөр да, жалпы эле четтен киргендер сыяктуу, кабыл алган тилдердин тыбыштык системасына ылайыкташтырылган. Ушуга байланыштуу алардан кирген сөздөр кээ бир түрк тилдеринде кыска үндүүлөр менен айтылса, кайсы бирөөлөрүндө дифтонг формасында

колдонулуп калган, кыргыз тилинде болсо созулма үндүүлөргө өтүп кеткен. Алар кыргыз тилине тектеш тилдердеги варианттарынан, биринчи кезекте, тыбыштык курулушу боюнча созулма үндүүлөргө айланууга жакын тургандарынан жасалган.

Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдү баштагы тыбыштык курулуштары боюнча төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө болот:

1. Үч тыбыштык тизмектен пайда болгон созулма үндүүлөр.

Бул ыкма боюнча созулма үндүүлөр эки үндүүнүн ортосунда турган кээ бир үнсүз тыбыштардын түшүп калышынан жаралган. Алар эрте кезде үндүү+үнсүз+үндүү тыбыштык тизмектери бар сөздөр болушкан. Муну схема боюнча мындайча көрсөтүүгө болот: *V+C+V* [*V*—үндүү, С — үнсүз дегенди билгизет]. Ушул типтеги тыбыштык тизмектен, эки үндүүнүн ортосунан, адатта терең түпчүл [гъ(q)], жакын түпчүл [гь (g)] жана уяң [й, н] тыбыштар орун алышкан эле. Андан ары өнүгүшүндө эки үндүүнүн ортосундагы аталган тыбыштар түшкөн, анын эки жагындагы үндүү тыбыштар болсо да өз ара биригишип созулмага айланган. Эгерде үнсүз тыбыштын эки жагындагы үндүүлөр окшош, бирдей болушса, созулма үндүүгө өтүүгө оңой болгон, үндүүлөр өз ара бир муунга биригүү менен чектелишкен. Эгерде алар эки башка болушса, айталык, эриндүү-эринсиз же кең-кууш болушса, үндүүлөр өз ара алга же артка ээрчишүү жолу менен бир бирине окшошушкан да, тыбыштык курулушу жагынан мурдагы эки муундун ордуна созулма үндүү катышкан бир муунду түзүп калышкан. Мындан тышкары ортодогу үнсүз тыбыш түшкөн соң, анын эки жагындагы үндүү тыбыштардын арасы кээде пауза менен айтылган. Созулма үндүүлөр ушуга окшогон машакаттарды речтик практикада башынан өткөрүп отурушуп азыркы абалга жетишкен.

2. Эки тыбыштык тизмектен куралган созулма үндүүлөр.

Бул типтеги созулмалар башта үндүү, үнсүз тыбыштардын тизмектеринен турганда, аягы адатта терең түпчүл [гъ] же жакын түпчүл [гь] менен бүткөн, муну схема боюнча мындай белгилөөгө болот: [V+C]. Тизмектин аягындагы түпчүлдөрдүн дифтонгдорго айланышынан улам созулма үндүүлөр келип чыккан. Бул ыкма кыргыз тилинде бир муундуу сөздөрдүн аягында же алардын биринчи муунундагы созулма үндүүлөрдүн пайда болушунда негизги жолдордун бири.

3. Созулма үндүүлөр кыргыз тилинде кадимки эле кыска үндүүлөрдүн созулушунан да пайда болгон.

Жогоруда аталган жолдор менен жаралган созулма үндүүлөрдүн ар бирине жекече токтололу.

ҮЧ ТЫБЫШТЫК ТИЗМЕКТЕН КУРАЛГАН СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

Созулма [аа] тыбышынын чыгышы

1) а+г+а∽ы>аа:

эски жазма мон. *багатур,* азыркы мон., бур. *баатар;* кыр., алт. *баатыр,* тув. *маадыр;* каз., к. кал. *батыр,* өзб. *ботир,* б. түрк. (ен. эст.) *батур.* Эски түрк тилдеринде созулма үндүүлөрдүн жоктугуна байланыштуу ал кезде бул сөз (*батур*) созулмага айлана албаган жана ошону менен бирге, ал тургай, сөз ичиндеги үндүүлөрү да ээрчишүүгө үлгүрө алган эмес, тыбыштык түзүлүшү боюнча *багатур* сөзүнүн («га» деген муундук бөлүгү түшүп калгандагы) кыскарган эле формасы: *багатур—батур;*

эски жазма мон. *кагалга* (<*кага* — жап маанисинде), азыркы мон. *хаалга(н)* (<*хаа* — жап маанисинде), кыр., алт. *каалга;* тув. *хаалга;*

эски жазм. мон. *сагадаг,* азыр. мон. *саадаг;* кыр. *саадак,* уйг. *саагидак,* алт., хак., өзб. *садак;*

түрк. *тагар,* уйг. *тагар;* кыр., алт., тув., мон. *таар;* кыр. *магаң* диа. *маа, сагаң* диа. *саа, агаң* диа. *аа, бугаң* диа. *боо.* Мында да сөз ортосунда турган [гъ], барыш жөндөмө мүчөсүнүн башкы тыбышы түшүп калган. Ушунун натыйжасында созулма үндүү менен айтылат, бул сөздөрдүн созулма үндүү менен келген варианттары оозеки речте айтылат;

б. түрк. *сагым* (бир. *сагым* сүт), уйг. *сеғим* (бир. *сеғим* сүт), к. кал. *сағ̄ын,* каз. *сауын;* кыр. *саам* (бир *саамы* калды) (үндүүлөр ортосундагы [гъ] түшүп, сагым>саам);

2) а+ң+а∽ы>аа:

б. түрк. *йаңак,* уйг., түркм., башк., с. уйг. *яңак* (өзб. *чакак*), түрк. *йанак,* к. бал. *джаяк;* кыр. *жаак,* алт. *йаак,* тув. *чаак,* хак. *наах;* каз., к. кал. *жак;*

каз, к. кал. *маңыра,* як. *маңыра, магыра,* кыр., алт. *маара,* хак. *мари* (тув. *эьдер*), эски мон. *магара,* азыр. мон. *маара.*

3) а+й+а>аа:

б. түрк. *тагай,* уйг. *тага,* өзб. *тога;* түрк., түркм., к. кал. *дайы;* кыр. *тага* (гов.), *тайа* (орф. *тая:тая жеңе, тая жезде*), *тай* (*тая* сөзүнүн кыскарган формасы: *тай ата, тай эне;* жаман *тайын* тааныбайт).

Жогоруда үндүүлөр ортосундагы терең түпчүл [гь] тыбышы, кээ бир башка тилдердегидей эле, кыргыз тилинде уян [й] тыбышына өткөн да, *тага>тайа* га айланган (сал. уйг. *йыгын — кыр. жыйын*). Андан соң эки үндүүнүн ортосундагы [й] тыбышы түшүп, анын эки жагындагы [а] тыбыштары өз ара биригишип созулма үндүүгө айланып кеткен. Кыргыз тилинде азыр ушул сөздүн төрт варианты тең колдонулат: *тага* (говордо)∽ *тайа* (орф. *тая*)∽ *тайы*∽ *таа: тая жезде//таа жезде, тая жеңе//таа жеңе* ж. б.;

б. түрк. *йа,* түркм. *йайа,* башк. *йәйә,* алт. *йаа,* кыр. *жаа* (зат), як. *саа,* хак. *чаачах* (тув. *ча,* түрк. *йай,* каз. *жак*); кыр. *тава//таа.*

Жогоруда айтылгандай, араб-иран тилдеринен кирген сөздөр түрк тилдеринин тыбыштык системасына ылайыкталган; үндүүлөр ортосундагы [h, х] жана [гъ] (кийинкисин тилине ылайыкташып, түрк элдери кошушкан) тыбыштарынын түшүшүнөн кыргыз тилинде созулма [аа] пайда болгон:

түркм. *сагат,* каз. *сагат,* башк. *сәғәт;* кыр., к. кал. түрк. *саат;* уйг. *саәт,* өзб. *соат* (<ир. *саәт,* көпт. түрү саат);

каз. *бага,* к. кал., түркм. *баха,* өзб. *бахо,* уйг., башк. *баһа,* кыр. *баа* (<ир. *бәһа*);

өзб. *шахар,* уйг., түркм. *шәһәр,* түрк. *шеһир,* кыр. *шаар* (<ир. *шәһр*);

уйг. *кәһриман,* түрк. *каһраман,* түркм. *гахрыман,* каз. *каһарман,* кыр. *каарман* (<ир. *каһраман*).

Созулма [ээ] тыбышынын чыгышы

Кыргыз жана башка кээ бир тилдерде сөз ортосундагы жана аягындагы [й] өзүнүн чыгыш теги боюнча кээ бир сөздөрдө байыркы [г], [д], [ң] тыбыштарына барып такалат: б. түрк. *мүгүз* — кыр. *мүйүз, адгыр — айгыр, тод//тоз — той, тег — тий, тоң-той* (алт., хак., шор., тув., балчык маанисинде), *сөңүк* — кыр. *сөөк,* каз. *сүйек.* Түрк. тилдеринде аталган бул тыбыштар бир бирине туура келет, алар кийинкисинин түшүп калышынан кыргыз тилинде созулма [ээ] пайда болгон. [ң//г//й] да (*меңе//мере//мейе-мээ*), [д//з//й] сыяктуу эле (*эдер//эзер//эйэр -ээр*), тыбыштардын бир бирине туура келиши болуп эсептелет.

Аталган созулма үндүү [ң], [г] тыбыштары [й] га өтпөй эле, сөз ортосунда түшүп калышынан жасалышы да ыктымал.

Ошол тыбыштар катышкан тизмектерден созулма [ээ] пайда болгонун төмөндө келтирилген фактылардан көрүүгө болот:

1) э+г+э>* [эйэ] >ээ:

б. түрк. *йеген, йегин,* түркм. *еген,* түрк. *йеген,* уйг. *жийән,* өзб. *жиян,* к. кал. *жийен,* кыр. *жээн,* алт. *йээн,* тув. *чээн,* каз. *жиен;* эски жазм.

алт. *тегээк,* к. кал. *тийек,* кыр. *тээк,* каз. *тиек.* б. түрк. *эгэ, игэ, эйэ, ийэ,* б. а. үндүүлөр ортосундагы [г] жана анын [й] ге өткөн түрлөрү сакталган; уйг. *эгэ,* өзб. *ага,* кыр, алт. тув.,

хак. *ээ*; башк. *эйэ*, тат. *ия*, түркм. *эйе* (орф. *э́е*), каз. *ие* (б.а. *эге>эйэ>ээ*).

Кыргыз тилинде бул сөздүн алгачкы формасы *эге* да бар: ээси эки кылам дейт, *эгем* бир кылам дейт (макал);

2) **э+ң+э>*[эйэ]>ээ;**

б. түрк. *меңе, меңи, мейи;* лобн. *меге,* уйг. *миңе,* башк. *мейе*, өзб. *мийэ* (орф. *мия*), кыр., алт., тув. *мээ*, хак. *мии* (каз. *мый*, к. кал. *мий*., тат. *ми*). Демек, бул сөз түрк тилдеринде [*г//ң//й*] тыбыштарынын бир бирине туура келишине байланыштуу *меге//меңе//мейе* түрүндө колдонулган да, эки үндүүнүн ортосундагы [*й*] тыбышынын [*<ң*] түрүнөн созулма [ээ] пайда болгон. Эки үндүүнүн ортосундагы [*ң>й*] тыбышына өткөндүгүн байыркы түрк тилдеринин фактыларынын өзү эле көрсөтүп турат:

түркм. *эңек*, уйг. *иңек*, өзб. *ийэк* (орф. *ияк*), тат. *ийэк* (орф. *ияк*), к. кал. *ийек*, башк. *эйэк*, кыр. *ээк*, каз, *иек* (б. а. *эңек>эйек>ээк*, ортодогу [*й*] түшүп калды);

3). **э+й+э>ээ:**

б. түрк. *эдер, эзер* (j), тув. *ээр,* хак. *изер*; түрк. *эйэр,* башк. *эйэр*, түркм. *эйер* (орф. *эер*), кыр., алт. *ээр*; уйг. *эгер,* каз. *эр*. Бул сөздө түрк тилдериндеги тыбыштык туура келүүлөр толук чагылтылган, ошону менен бирге кыргыз тилинде сөз ортосундагы «й» байыркы «д» тыбышынан өнүгүп чыккандыгы ачык болуп турат: *эдер//эээр//эйэр>ээр*, салыштыр: б. түрк (ен.) *адак*//тув. *адак*//хак. *азак*//шор. *азак*//кыр., алт. *айак*;

б. түрк. *эдэр, эээр* (*j*), тув. *эдер*, түркм. *эйэр* (орф. *эер*), башк. *эйэр*, тат. *ияр*, кыр *ээрчи*, к. кал. *эри (б. а.) эдер‖эзер‖ эйэр>ээрчи*);

к. кал. *жийек*, кыр. *жээк<жийек<йиңек*; салыштыр: *иңек>ийек>ээк* (калган тилдерде: *йака, йага*);

к. кал. *бийе*, каз. *бие*, өзб. *бийэ* (орф. *бия*), кыр., алт. *бээ*, хак. *пии*; каз., кыр. (диа.) *кейде>кээде*.

Созулма [оо] тыбышынын чыгышы

1) **а+г+ы∽у>[ow]>оо:**

Созулма [оо] катышкан сөздөрдүн кээ бирөөлөрү түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринде эринсиз кыска үндүүлөр менен айтылган. Кийин үндүүлөр ортосундагы терең түпчүл [гъ] жана жакын түпчүл [гь] тыбыштары «жумшарып» эрин-эринчил чормогой [w] га айланган. Кыргыз тилинин говорлорунда]w[тыбышы туюк муундуу (бооз) жана жабык муундуу (тоо) дифтонг формасындагы сөздөрдүн сөставынан кездешет.

[w] ны айтканда астыңкы менен үстүңкү эриндер чормоюшуп тийишер-тийишпес болуп куушурулат. Аба толкуну эриндин ошо кууш жеринен сыртка чыгат. Түпчүлдөрдүн «жумшарышынан» пайда болгон [w] артикуляциясы боюнча чормогой эрин-эринчил жана кууш (жылчыкчыл) болгондуктан өзүнөн мурунку кыска жана ачык кең үндүүлөрдү эринчилдерге өткөрүп жиберген. Эгерде алдындагы үндүүлөр башта эле эринчил кууш болушса, алар ошол калыбында өзгөрүүсүз калтырылган. Эгерде эринчил кең үндүү болушса, алар эринчил кууш үндүүгө айланып кетишкен. Мына ошентип, дифтонгдордун составындагы [w] түпчүлдөрдүн «жумшарышынан» пайда болуп алып туруп, өзүнүн таасирин кайрадан үндүүлөргө тийгизген, б. а. анын алдындагы үндүүлөр тыбыштык сапаты жагынан мон. *жиге,* азыр. мон. *ээ* (*н*) (б. а. *йеген>жейен жээн)*: комбинатордук өзгөрүүлөргө дуушар болушкан. Кыскасы, [w] тыбышы эрин-эринчил жана жылчыкчыл болгондуктан өзүнүн тегерегиндеги үндүүлөрдүн эринчилдерге айланышына түрткү болгон. Ошентип, терең түпчүл [гь] катышкан эринсиз кыска үндүүлөрдүн эзелки кездеги тыбыштык тизмектери дифтонгуга айланган, [w] болсо эки мүүндуу сөздөрдө түшүп калган, анын тегерегиндеги үндүүлөр өз ара алга же артка ээрчишип отуруп, акырындык менен созулма үндүүгө айланып кеткен (кошумча иретинде «Созулма [уу]» бөлүмүн караңыз):

А. б. түрк. *агыр*, азерб., түрк., түркм. *агыр*, алт. *уур*, хак., тув. *аар*, кыр. *оор*, диа. *оwур*, к.-бал. *аwур* (орф. *ауур*);

б. түрк. *багыр*, азерб., түркм., түрк. *багыр*; уйг. *беғир*, өзб. *бағир*; башк., каз. *бауыр*; як. *быар;* тув. *баар*, хак. *паар*, алт. *буур*, кыр. *боор*, диал. *бowур* (б. а. *боор<бowур<багыр*);

б. түрк. *йагы*, азерб., түркм., түрк. *йагы*; уйг. *яв*, өзб. *ёв*, тат. *яв*, башк. *яу*, каз. *жау*; хак., тув. *чаа*, алт. *йуу*, кыр. *жоо*, диа. *жоw* (сал. *бог>буу*).

В. б. түрк. *такагу, такыгу, такук, тагук*, кыр. *тоок*, алт. *такаа*, тув. *дагаа*; хак. *тагак*, түркм., өзб. *товук*, үйг. *тоху*;

б. түрк. *бузагу*, эски жазма мон. *бирагу*, түрк. *бузагы*, кыр. *музоо*, гов. *бузоw*, тув. *бызаа*, алт. *бозу*, хак. *пызо*, өзб. *бузок*, уйг. *мозай*, бур. *буруу*;

2) **о+г+у∽а>[ow]>оо:**

А. уйг. *когун*, өзб. *ковун*, түркм. *гавун*, к. кал. *кауын*, башк. *кауын*, каз. *кауын*, кыр. *коон*, гов. *говун*;

б) түрк. *йогун, йоган;* азерб., түрк. *йогун*. түркм. *ёгын*, өзб. *йуган*, уйг. *йоган*; кыр. *жоон*, гов. *жогон*, *жоwон*; алт. *йоон*, тув., хак. *чоон*; як. *суон*, башк. *йыуан*, каз. *жуан*. Демек, кыргыз тилинде бул сөздүн баштапкы формасы жана анын өнү-

гүшүндөгү кийинки баскычтар болуп сакталган: *жоон<жоѡон<жогон*; сал. байыркы түрк. *йогун, йоган*;

Б. уйг., б. түрк. *богаз*, түркм. *богаз*, өзб. *бўгоз*; кыр. *бооз*, гов. *богоз, буваз*; тув. *боос*, хак. *пооз*; к. кал. *буўаз*, каз *буаз*. Эне тилибизде бул сөздүн да алгачкы түрүнөн тартып, созулма үндүүгө айланганга чейинки тыбыштык эволюциясы сакталган: *бооз<буѡаз<богаз*;

эски жазма мон. *тогудак*, азыр мон. *тоодог*, кыр. *тоодак*, түрк. жазма эстеликтерде *тогдак*;

Кырг. *жооткот*, гов. *жоѡуткат*; мон. эски эстел. *йуга -ки// йогог -ки‖ойрот, зогоо* (көңүл ач), алт. *йоок* (демек, кыр. *жооткот<жоѡуткат<його-т*).

Созулма [өө] тыбышынын чыгышы

Аталган созулма үндүүнүн пайда болуш шарты, негизинен, ичке айтылчу [ээ], [үү] тыбыштарыныкы менен бирдей, жогоруда созулма [ээ] ге карата айтылган тыбыштык кубулуштарга байланыштуу. Эринчил ачык муундуу сөздөрдө гана [өө] тыбышынын чыгышы бир аз башкачараак (бул жөнүндө төмөндө айтылат).

Созулма [өө] төмөндөгүдөй тыбыштык тизмектерден жаралган:

1. а) **э+г+ү>[өwө]>өө:**

Алыскы тектеш тилдердеги сыяктуу эле, кыргыз тилинин айрым говорунда байыркы [гь] тыбышы эки үндүүнүн ортосунда [w] га өткөн жана анын кыскарышы аркылуу созулма [өө] жаралган:

б. түрк. *тебе, теѡе*, тув. *теве*, түрк. *деве*, азерб. *дәвә*; уйг. *төгә*, башк. *дөйә*, тат. *дөя*, түркм. *дүйө* (орф. *дүе*), өзб. *туя*; кыр. *төө*, гов. төгө, төwө. Бул сөздөрдүн фонетикалык өнүгүшү: *тебе// теѡе//төгө//төwө//теге//түйе* (б. а. кыр. *төө<төѡе<төгө>төгә (уйг.) >түйе (каз., к. кал.)//туя (өзб.)//дүйе (түркм.)//дөйә//дея* башк., тат);

б. түрк. *күдегү*, тув. *күдээ*, хак. *күзээ, кизө*, кыр. *күйөө*, гов. *күйөѡ*, алт. *күйү*, баш. *кийәөү*, каз. *кийеү*;

Жогоруда келтирилген сөздөрдүн «өгө», «егү» элементтери созулмага айланганда, мунун акыркы муунундагы ичке үндүүлөр көпчүлүгүндө түшүп калган; баштагы тыбыштык түзүлүш калдык катарында говорлордо бирин-экин сөздө сакталган: *төwө* (<*теге*), *бүрөѡү* (<*бирегү*), сал. түркм. *кесеѡү* (<*кезегү*) — *көсөө*. Фонетикалык ушу кубулуштун өзү эки муундан турган сөздөрдүн аягындагы кээ бир эринчил созулмалар, сөз ортосундагы сыяктуу эле, байыркы тыбыштык

тизмектин («егү» тибиндеги) эрин-эринчил болуп жумшарган түрүнүн дифтонгуга айлангандагы кыскарышынан пайда болууга мүмкүн экендигин көрсөтөт, б.а: *өге>өѡө>өө, өгү>>өѡү>өө*;

б) ө+г+ү∽ө[1]>өө:

эски жазм. мон. *көгү*, ойр. *көгү*, азыр. мон. *хөө*, кал. *кө*, тув. *хөө*; кыр., алт. *көө*; хак. *көйээ*, уйг. *күйә*, өзб. *күйө*;

эски жазм. мон. *бөге* (шаман, б. а. бакшы), азырк. мон. *бөө*, кыр. *бөө* (сырдык сөз, жаш баланы коркутуу үчүн колдонулат);

б. түрк. *сүгүл*, уйг. *сөгәл*; кыр., алт., тув., хак. *сөөл*; өзб. *сугал*, түрк. *сыгыл* (орф. *сиғил*), түркм. *сиңил*, каз. *сүйел*, к. кал. *шүйел* (кыр. сөөл<сө (г) ел);

эски жазм. мон. *сөгөм*, ойр. *сөгөм*, азыр. мон. *сөөм*, бур. *һөөм*, кал. *сөм*; кыр., алт., тува. *сөөм*, каз. *сүйем*, тат. *сөям*, башк. *һөйәм*;

эски жазма мон. *өгеде*, азыр. мон. *өөд∽өөдөө*, кыр. *өйдө өөдө*;

эски жазм. мон. *эргүгө*, азырк. мон. *өргөө*, кыр. *өргөө*;

эски жазм. мон. *эрүген*, азыр. мон. *өрөөл*, кыр. *өрөөлө*.

Монгол тилинен оошкон бул сөздөрдүн ичинен *өөдө* дегендеги созулма үндүү гана түрк (кыргыз) тилдеринин чөйрөсүндө жасалган. Монголчо *өгеде* сөзүндөгү [г] кыргыз тилинде [й] га өткөн: [г>й], андан соң *ой>өө*, б. а. *өг(е) де> ейде>өөдө*. Калган сөздөрдүн кыргыз, алтай тилдериндеги созулма формалары эрте кезде монгол тилдеринен даяр түрдө кабыл алынган, а монголдордун өздөрүндө болсо эки үндүүнүн ортосундагы байыркы [гь] тыбышынын түшүшүнөн пайда болгон: *сөөм<сө (г) ем*, *көө<*мон. *хөө<кө* (г) *ү*, *бөө<бө(г)е* ж. б.;

2) **ө+ң+ү>өө:**

Мурунчул уяң [ң] тыбышы сөз ортосунда, кээ бир тилдерде өзүндөй эле, уяң [й]га өтүп кеткен, а енисей тобундагы тилдерде болсо созулма үндүүлөрдүн жасалышына катышкан; байыркы эки муундуу сөздөрдөн созулма үндүүлөрдү жасоого катышкан үнсүздөрдүн бири.

Созулма [өө] эки үндүүнүн ортосунда [ң] тыбышынын түшүп калышынан жасалышына мисалдар:

б. түрк. *сөңүк*, азерб. *сүмүк*, түркм. *суңк*, уйг. *сүңәк, сүйек*, кыр., хак., тув., алт. *сөөк* (алт. *сөөк* — уруу, урук маанисинде); өзб. *суяк*, тат. *сөяк* башк. *һөйәк*, каз. *сүйек*. Кыргызча *сөөк<сөңүк*; сөз ортосундагы [ң] түшкөн соң, анын алдында-

[1] «г» нин тегерегиндеги үндүүлөр шарттуу белгиленген.

гы эринчил кең үндүүнүн таасири астында кийинки муундагы [ү>ө] өтүп, баштагы *сөңүк* кийин кыргызча *сөөк* формасын кабыл алып калган;

б. түрк. *көңүл*, хак. *хөөл*, тув. *хөөн*, кыр. *көөн, көңүл*, б. а. бул сөздүн баштапкы жана созулма үндүүгө айланган эки формасы тең сакталган;

б. түрк. *мүңре*, каз. *мүңүре*, як. *меңире*, кыр., алт. *мөөрө*, тув. *мөөре*, хак. *мүүри*, азыр. мон. *мөөрө, бирок* эски жазм. тилинде* *мөгөре* (б. а. кыр. *мөөрө<мөңүрө‖*мәгере).

3) **ү+й+е>өө:**

Кыргыз тилинде эки үндүү ортосунда [й] (жана [г, ң] тыбыштары да катышкан тыбыштык тизмектерден жасалган созулма үндүү сөздөр анча көп эмес. Бул типтеги созулманын көпчүлүгү үндүү менен үнсүздөн турган тыбыштык тизмектен (V+C) пайда болгон.

Үч тыбыштык тизмектен курулган [өө]гө мисалдар:

к. кал. бүйен, кыр. *бөөн, мөөн* (сал. б. түркчө *күден* — мөөн маанисинде) (б. а. кыр. *мөөн‖бөөн<бү(й) -ен);*

б. түрк. *йадаг*, тув., хак. *чадаг*, азерб. *йайаг*, уйг. *йайак* (түркм. *йайа*, алт. *йойу*); башк. *йәйәү*, тат. *жәяү*, каз, *жаяу*, кыр. *жөө*, гов. *жөйөө, жөө*. Талдоого алынган сөздүн ортосундагы байыркы [д] тыбышы азыркы тилдердин көпчүлүгүндө [й]ге өткөн, сөздүн өзү болсо алардын фонетикалык системасына ылайыкталган. Кыргыз тилинде жогорудагы байыркы сөздүн аяккы муунундагы «аг» элементи дифтонгдошуу аркылуу созулма үндүүгө айланган: *аг>аw>өө*. Дифтонгдун аягындагы [w]нын таасири астында сөздөгү ачык үндүүлөр бүт бойдон эринчилдерге өтүп кеткен. Сөз ортосундагы [й] тыбышы артикуляция жагынан жылчыкчылдыгына, тарып айтыла тургандыгына байланыштуу анын алдындагы эринчил кең үндүү [ө] кууш [ү] гө өткөн, кээде оозеки речте *жүйө* түрүндө да колдонулат; сал. кыр. *жөөлүү* сөз//*жүйөлүү сөз*; тув. *сөгле*, кыр. *сүйлө;* тув. *өг*, кыр. *үй*. Ошентип, талдоого алынган бул сөз тыбыштардын комбинатордук өзгөрүшүнөн улам баштагы *йадаг* формасынын ордуна *жөө* түрүнө айланып кеткен.

Созулма [уу] тыбышынын чыгышы

Сөз ортосундагы созулма [уу] нун пайда болуш шарты жогортодо айтылган [оо] жана башка созулма үндүүлөрдүкүндөй эле. Эки үндүүнүн ортосундагы терең түпчүл [гъ]түшүп, анын эки жагындагы үндүү тыбыштар өз ара бириги-

шип, созулма үндүүгө айланып кетишкен. Ушунун натыйжасында сөз мурдагы муун түзүүчү тыбыштык тизмеги жагынан өзгөрүүгө учураган, баштагы эки муундуу сөз бир муунга айланган; жанаша муундагы үндүүлөр окшош болушса, [гъ] түшкөн соң, алар ошо бойдон биригишкен, бирдей болушпаса, үндүүлөр алга-артка ээрчишүү аркылуу өз ара окшоштурулган. Мисалы, б. түрк. тилиндеги *огул* деген бир эле сөздөн [оо], [уу] созулмалары пайда болгон: *огул* сөзүндөгү [гъ] түшкөн соң, биринчи муундагы [о] тыбышы өзүнөн кийинки [у] ну ээрчиген да, кыргыз тилинде *уул* пайда болгон; башка учурда [у] тыбышы өзүнөн мурунку [о]ну ээрчиген да, тува, хакас тилинде *оол* пайда болгон, б. а. *уул<огул>оол.*

Кыргыз тилинин айрым говорлорунда, эринчил-эринсиз жабык муундун дифтонгулашканы сыяктуу эле *(буудай<буwдай<бугдай, тоow<тоw<*таw<таг),* сөз ортосунда [гъ]нын ордуна чормогой эрин-эринчил [w] колдонулганы учурайт. Булардын кийинкиси катышкан тыбыштык тизмек да, [къ]ѕ[гъ] сыяктуу эле, эки үндүүнүн ортосунда жана сөз аягында созулма үндүүлөргө айланган. Сөз ортосунда мындай тыбыштык процесс аз, бирок кездешет:

1) **а+г+у>[уw]>уу:**

б .түрк. *агу*, турк. *агы*, уйг. *ога*, өзб. *агу*, башк. *агыу*, түркм. *авы*, кыр. *уу*, хак. *оо*, к. кал. *уў*, каз. *у* (алт. *коран*, тув. *хоран*). Бул сөздүн тыбыштык өнүгүшү: *уу<уw<агу;*

б. түрк. *йагук* (жакын маанисинде), кыр. *жуук* (кечке *жуук*, жанына жакын *жуутпайт*), алт. *йуук*, тув. *чоок* (б. а. *жуук<*жуwук<йагук);*

мон. жаз. тил. *хагур*, азыр. мон. *хуур*, кыр. *куур*; эски өзб. *каwур*, азыр өзб. *ковур* (б. а. кыр. *куур<куwур<кагур*);

2) **у∽о+г+у>*[уw]>уу:**

эски жазма мон. *бугурал*. ойр. *бугурул*, азыркы мон., бур. *буурал*; алт. *буурыл*, кыр., тув. *буурул*; башк., каз. *бурыл*;

мон. жазма. тил. *дугулга*, ойрот. *дуwулго*, түрк. *туwулга тугулга* (<мон.). кыр. *туулга*;

б. түрк. *согук*, түрк., уйг., *согук*; кыр. *суук*, алт., тув. *соок*, хак. *соох*, түркм., өзб. *совук*; башк. *һыук*, каз. *суык*, к. кал. *суўык* (б. а. кыр. *суук<сuwук<согук*);

б. түрк. *богуз, богаз*; азерб., түрк., түркм., уйг. *богаз*; өзб. *бугиз*, тат., башк. *бугаз;* тув. *боостаа*, каз. *бауыздау*, кыр. *мууздоо*, гов. *богуздоw‖богуздок‖богоздок, бугузда* — ад, т. *мууздa*, б. түрк. *богузда*. Демек, кыр. *мууздоо<бугуздоw<бугоздок//богуздок<*б. түрк. *богуз, богаз*;

б. түрк. *богун, богым*; уйг. *богум*, өзб. *богин*, түркм. *богун*; кыр. *муун*, гов. *буун, буwун;* каз. *буын*, к. кал. *буўын*, башк. *быуын* (алт. *үйе;* хак. *чул, уя;* тув. *чус* (хол. буттун). Демек,

талдоого алынган созулма үндүүлүү бул сөз мындай өткөөлдөрдү башынан өткөргөн: *муун<буун<буѳун<богун*;

б. түрк. *йогур*, түркм. *йогур*, кыр. *жуур*, хак. *чуур*, тув. *нугуур, хоюдар* (алт. *чейер, тудар*).

Созулма [үү] тыбышынын чыгышы

Кыргыз тилинде туюк муундуу сөздөрдөн созулма [үү] анча көп кездешпейт. Аталган созулма үндүү төмөндөгүдөй тыбыштык тизмектерден чыккандыгы байкалат, жана пайда болушу жагынан созулмалардын башка түрлөрүнөн айырмаланбайт.

1) **и∽ у+г+у>*[үw]>үү:**

эски жазма мон. *серигүн*, азырк. мон. *сэрүүн*, кыр., алт. *серүүн*, тув. *сериин*, як. *серүүн*, хак. *сөрөн*;

эски жазма мон. *сүгүсү*, халха мон. *шүүс*, азырк. мон. *шүүс*—(эн.), кыр. *шүүшүн*; сал, маньчжур. *шиги*. Бул сөздөр түрк тилдерине, анын ичинде кыргыз тилине, эртеээк кезде монгол тилдеринен даяр түрдө келип кирген;

жүүн: муун-жүүн. Мындагы кош сөздүн экинчи бөлүгү, *жүүн*, биринчи компонентинин муун түзүүчү баштагы тизмектери сыяктуу (<*бог -ун*), тыбыштык айкалыштардан курал-ган болуу керек;

мүүн (кемчил маанисинде: эч жеринен *мүүн* таппайсың); кыр. *күүгүм*, к. кал. *геўгим*, уйг. *гүгүм*.

Жогоруда келтирилген сөздөр жана аларга окшогондор, башка созулма үндүүлөр сыяктуу эле, [үү] да эки үндүүнүн ортосундагы [г] жана мүмкүн [w] тыбыштарынын түшүп калышынан пайда болгонун көрсөтөт.

2) **ү+й+ү>үү:**

Башка созулмалардай эле [үү] да сөз ортосундагы уяң [й] тыбышынын түшүшүнөн жаралган. Азыркы кыргыз тилинде ортосунан [й] орун алган сөздөр өздөрүнүн созулмага өткөн түрлөрү менен катар колдонула берет. Бирок текшерип көрсөк, алардын айрымдарынын ортосундагы [й]нын өзү талрыхий жагынан [г] же башка үнсүз тыбышгарга барып такалат:

шүүшүн<шүйшүн; кийинкисинин ортосундагы [й] монголчо шүүс(эн) сөзү аркылуу байыркы *сүгүсү'* дөн пайда болгон: [г>й] (жогору жакты караңыз); салыштыр: жээрен∽ *жейрен*, алт. *йегрен*; өөдө∽ *өйдө*, эск. мон. *эгеде*, азыр мон. *өөд, өөдө*; мында да [г>й], а [й] болсо созулма үндүүнүн жасалышына катышты;

жүйүр‖жүүр (*жүйүр отур‖жүүр отур, жүйүр төрөйт‖жүүр төрөйт*) ж. б.;

үйүр//үүр (<*үйүр* б. түрк. *үгүр*): жаман айгыр *үүрсөк* ж. б.

Жогорудагыдай калыптанган, нормага келтирилгендер менен катар тез сүйлөгөндө кууш үндүүлөр ортосундагы [й] тыбышынын түшүрүлүп айтылышына жол берилет, адатта бул ыкма менен да үндүүлөр пайда болот. Кыргыз тилинде бул кубулуш азырынча жалпы элдик мүнөзгө ээ боло элек, бирок анын тенденциясы бар. Ушуга окшогон «өткөөл» доорду башынан өткөрүп жаткан сөздөргө булар жатат:

түйшүн//түүшүн//түшүн (ушуну *түүшүнөсүңбү*?);

мүйүз//мүүс (*мүйүз*<б. түрк. *мүгүз*): *мүйүзгө чап//мүүскө чап*;

II. ЭКИ ТЫБЫШТЫК ТИЗМЕКТЕН КУРАЛГАН СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

Жогоруда айтылгандай, кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдүн бир канчасы, айрыкча бир же эки муундуу *суу, буудай* сыяктуу сөздөрдөгү эринчил созулмалар, үндүү менен үнсүздөн турган тыбыштык тизмектерден пайда болгон. Аларды схема боюнча мындайча көрсөтүүгө болот: *υ+с*. Ушул типтеги тыбыштык тизмектер, жогорто эскертилгендей, кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөрдүн чыгышында экинчи негизги ыкма болуп эсептелет. Көрсөтүлгөн тыбыштык тизмек түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринде, өйдөдө белгилегендей, сөз башынан да, сөз аягында да кезигет, айрым учурда өзүнчө сөз катарында учурайт; мисалы, б. түрк. *аб, ав:ав* *авла* — ач уулоо; *аг: агды*-ооду, жогору чыкты, жогору көтөрүлдү маанисинде; кээ бир сөздөрдө гана болбосо (*сага—саа, тава — таа* ж. б.), адабий тилде көбүнчө эринчил созулма түрүндө колдонулат.

Созулма үндүүгө айланган [*υ+с*] тибиндеги тыбыштык тизмектердин аягы байыркы убакта көпчүлүк учурда терең түпчүл [гь] жана жакын түпчүлдөр [гь] менен бүткөн: мисалы, жазма мон. *сага*, б. түрк. *саг* — (саа) ж. б.

Аталган түпчүлдөр менен үндүүлөрдүн айкалышынан курал-ган тыбыштык тизмек кыргыз адабий тилинде эринчил жана эринсиз (ачык) үндүүлөрдү жараткан.

1. Байыркы түрк жазма эстеликтеринин материалдары көрсөткөндөй [гь] тыбышы эрте кезде бир муундуу сөздөрдө ачык, эринсиз, үндүүдөн кийин да келген, алгач «жылчыкчылдарга айланып» жумшарган, андан соң «үндүүлөшүп кеткен». Натыйжада өзүнөн мурун турган кыска ачык үндүү созулуп айтылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, б. а. *а+г>ав>аа* болуп, эринсиз созулмалардын жаралышына катышкан:

б. түрк. *йаг*, түрк., *түр*км., уйг. *йаг*, өзб. *ёг*, тув., хак. *чаг*; каз. *жау*, к. кал. *жаў*, тат., башк. *йау*; кыр. *жаа*, алт. *йаа* (этиш: б. түрк. йагмур *йагды* — кыр. жамгыр *жаады*);

б. түрк. *саг*, түрк., уйг. *саг*, өзб. *сог*; каз. *сау*, к. кал. *саў*; тув., хак., алт., кыр. *саа*; эски жазма мон. *сага*.

2. Ачык же эринчил кыска үндүүлөрдүн соңундагы байыркы терең түпчүл [гъ] көбүнчө туюк муундуу сөздөрдө эринчил созулмалардын пайда болушуна түрткү болгон. Аталган тыбыш кыргыз адабий тилинде жана анын түндүк говорлорунда качандыр бир убакта дифтонгулашуу аркылуу эринчил созулма үндүүлөргө айланган. Буларда түпчүлдөрдүн дифтонгулашуусу алда качан эле токтогон. Айрым говорлордо болсо, мисалы Талас өрөөнүндө жана түштүк диалектиниң кээ бир говорунда, дифтонгулашуу процесси али аяктай элек. Аларда эринчил созулмалар менен катар оозеки речте эринчил дифтонгдор созулма үндүүлөргө толук айлана албай, дифтонг түрүндө калып келе жатат. Мисалы: *оѡ ѕ өѡ ѕ уѡ ѕуѡ: тоо (ад. т.) — тоѡ* (говордо) ж. б. Бул тизмектердин аягындагы [w] өз алдынча фонема эмес, өзүнөн мурунку үндүүлөрдүн тыбыштык ажырагыс элементи, байыркы терең түпчүл [гъ] менен жакын түпчүл [гь] тыбыштарынын «жумшарышынан» пайда болгон (w нин ролу жөнүндө созулма [оо] жана [уу] тыбыштарын да караңыз).

Үндүү менен үнсүз тыбыштардын тизмектеринен [*у+с*] дифтонгдошуу аркылуу көбүнчө эринчил созулма үндүүлөр пайда болгон. Ушул типтеги тыбыштык тизмектердин аягы байыркы убакта, бирин-серин сөздөн башкасы [гъ], [гь] менен бүткөн, жана ал түрк тилдеринин эзелки кездеги тыбыштык түзүлүшүнүн калдыгы катарында азыркы кээ бир тилдерде сакталган:

1) **а+г>ow>оо.**

б. түрк. *аг* — жогору чыгуу; жогору көтөрүлүү; көкөлөө маанисинде: Ол *тагка* агдук — Ал тоого чыкты; салыштыр: кыр. ад. т. *оо* (жыгылган *оогонго* күлөт), говордо *оѡ*, өзб. *агдар*, кыр. *оодар* маанисинде;

б. түрк. *аглак*, мон. *аглаг*, кыр., ад. т. *оолак*, гов. *оѡлак*;

б. түрк. *баг*, уйг. *баг* (*баг багла — боо боола*), өзб. *бог*; кыр. ад. т. *боо*, гов. *боѡ*; хак. *поом*, тув. *моожо*;

б. түрк. *саг*, кыр. ад. т. соо, гов. *соѡ* (*сал. сага, саг—саа*). Бул сөз кыргыз тилинде эки түрдүү өнүгүп кеткен: *соо<саг>сак* (*сак-саламат* турасынбы); сал. *бий<бег>бек*, *кыштоо<кышлаг>кыштак*;

б. түрк. *таг*, түркм, түрк. *даг*; уйг., хак. *таг*, өзб. *тог*, тув. *даг*; алт. *туу*, кыр. ад. т. *тоо*, гов. *тоѡ*; башк., каз. *тау*, к. кал. *таў*;

б. түрк. *саглык*, өзб. *саглык*; кыр. ад. т. *соолук*, гов. *соѡлук*, (кой); тат. *саулык*;
түркм. *сагры*, уйг. *сагра*, өзб. *сағри*, хак. *сагырысы*; кыр. ад. т. *соору*, гов. *соѡру*; тув. *саар*, каз. *сауыр* (алт. аттың бели//байканы);

2) *у+г>уѡ>уу:*

б. түрк. *суг*, *суб*, *суѡ*; тув., хак. *суг*; кыр. ад. т. *суу*, гов. *суѡ*, алт. *суу*, к. кал. *суў*, башк. *һыу*, каз. *су*; өзб. *сув*, уйг. *су*, түрк. *су*;

б. түрк. *бугра*, эски жазм. мон. *бугура*, түркм., өзб. *бугра*, уйг. *богра*; кыр. ад. т. *буура*, гов. *буѡра*; як., азыр мон., кал. *буур*; тув. *буур* (багыштын эркеги) = мон. *бойр*; алт., каз. *бура*;

түрк., түркм., уйг., өзб. *бугдай*, хак. *пугдай*; кыр. ад. т. *буудай*, гов. *буѡдай*, мон. *буудай*; каз., к. кал. *бийдай*;

б. түрк. *тог*, түрк. *дог*; уйг., өзб. *туг*; алт. *туу*, кыр. ад. т. *туу*, гов. *туѡ* (этиш).

Кыргыз тилинде түпчүл байыркы [гъ], [гь] тыбыштарынын жумшарышынан пайда болгон [w] эриндер чормоюп куушурулуп айтылгандыктан өзүнүн алдындагы эринчил кыска кең үндүүнү эринчил кууш үндүүгө айландырып жиберген: *тог>тоѡ>туѡ>туу*, *бог>боѡ>буѡ>буу* ж. б.

3) *о+г>уѡ>уу:*

тыбыштык бул тизмек дифтонгдошуу аркылуу созулма [уу]га айланган.

Дифтонг формасындагы [w]нын алдындагы үндүүлөрдүн сапатына карата тарыхый жагынан эки түрдүү созулма үндүүлөр пайда болгон. Сөздүн составындагы эринчил кең үндүү дифтонгдун аягындагы кууш жана чормогой эрин-эринчил [w]нын таасири астында эринчил кууш үндүүгө өтүп кеткен. Төмөндө келтирилген байыркы *бог* тибиндеги сөздөрдүн кыргызча *буу* (түй маанисинде) формасына айланышы фонетикалык жагынан ушул баскычтарды башынан өткөргөн: *бог>боѡ>буѡ>буу*.

Сөздүн составында эринсиз (ачык) кең үндүү болсо, жогоруда эскертилгендей, алар [w]нын шарапаты менен эринчил кең үндүүгө өтүү менен гана чектелишкен: *баг>боѡ>боо* (мындай учурда кууш үндүүгө өткөн эмес).

Тыбыштардын бул айтылган фонетикалык өнүгүшүн төмөндөгүдөй сөздөрдөн байкоого болот:

б. түрк. *бог*, өзб. бог, түркм. *богмак* (боола), кыр. *буу*;

б. түрк. *тогра*, уйг. *тогри*, хак. *тогыра*, түрк., түркм., *догра*; кыр. ад. т. *туура*. гов. *туѡра*; к. кал. *туўра*, каз. *тура*, б. а. *тогра>тоѡра>туѡра>туура* (этиш);

уйг. *тогри*, түрк. *догру*, түркм. *догры*, өзб. *тўгри*: кыр. ад.

т. *туура*, гов. *туѡра*; каз. *тура* (алт. чын. хак. сын, баш. дөрөҫ, тогры; к. кал. дурыс, рас);

б. түрк. *көг, кыр.* а. т. *күү*; гов. *күѡ*;

б. түрк. *огры*, түрк., түркм. *огры*, азерб. *огру*; уйг. *огри*, өзб. *ўгри*; хак. *огыр*; кыр. ад. т. *ууру*, гов. *уѡру*; алт. *уурчы*, каз., к. кал. *уры*;

4) *ы+г>уѡ>уу*:

и+г>үw>үү: уйг. *коюк*, өзб. *куюк*, тув. *хоюг*, хак. *хойыг*, кыр. ад. т. *койуу* (орф. *коюу*), гов. *коюѡ*; алт., түрк. *койу*, түркм. *гойы*;

б. түрк. *себүк, сеvүг, сеѡүг*—сүйүктүү; *сеvмек, сеvүглүк*—сүйүү; түркм. *сөйги*, түркм. *севги*, өзб. *севги*, кыр. ад. т. *сүйүү*, гов. *сүйүѡ*; к. кал. *сүйиў*, башк. *һөйөү*, алт. *сүүш;*

б. түрк. *элиг*, уйг. *эллиг*, өзб. *эллик*, кыр. ад. т. *элүү*, гов. *элүѡ;* к. кал. *элли, элиў*, каз. *элу*.

Жогоруда аталган тыбыштык тизмектерден башка аягы эрин-эринчил [б] же чормогой эрин-эринчил [w] менен аяктаган байыркы бир муундуу сөздөр да кыргыз тилинде созулмаларга айланган:

б. түркчө *аб, аv*, өзб., түрк. *ав*, уйг. *ов*, тув. *агла* (аң *уула* маанисинде); кыр. ад. т. *уу*, гов. *уѡ* (*ууга* чыкты). Бул сөз чормогой эринчил [w]нын жогоруда айтылган касиеттери аркылуу созулмага мындайча айланган: *аб, аv>оѡ>уѡ>уу;*

б. түрк. *суг, суб, суv, суѡ*, хак., тув. *суг;* кыр. ад. т. *суу*, гов. *суѡ*, алт. *суу*, к. кал. *суў*, каз. *су*, б. а. байыркы *суг, суб, суѡ>суу*.

Жогоруда көрүп өткөндөй, үндүү+үнсүз+үндүүлөрдүн тизмектеринен [б. а. *v+c+v* формасынан] жасалган созулмалар байыркы енисей тобуна кирүүчү бардык тилдер (кыргыз, алтай, хакас, тува, шор) үчүн мүнөздүү. Ушунун негизинде аталган тизмектерден жаралган созулма үндүүлөр эрте кезде, өйдөдөгү тилдердин өкүлдөрү территория жана тили боюнча кандайдыр бир жалпылыкты түзүп турушкан мезгилде, мындайча айтканда, енисей доору деп аталчу убакта, пайда болгон деп эсептелинет. Ал эми [*v+c*] тибинен дифтонг аркылуу жаралган созулма үндүүлөр болсо жогорудагыдай анчалык кеңири тарай алган эмес. Алар, негизинен, кыргыз, алтай тилинде бар, ошолорго мүнөздүү. Енисей тобуна кирүүчү тилдердин башкаларында — хакас, тува, шор тилдеринде — алдыдагыдай типтеги сөздөр, негизинен, кыска үндүүлөр менен айтылат. Башкача айтканда, аларда бул өңдүү сөздөр байыркы кездеги калыбында сакталып кала берген. Фонетикалык бул кубулуш аталган тилдердин байыркы экендигинин айкагы катарында эмес, ошол тилде сүйлөөчү элдин ата-бабалары качандыр бир убакта байыркы түрк уруулары менен — (тувалар жана хакастар) байыркы огуздар жана уйгурлар менен карым-катышта болушканынын, булардын этникалык составына ошол байыркы уруулардын катышкандыгынын лингвистикалык белгиси катарында каралат, муну тарыхый маалыматтар да жокко чыгарбайт. Мисалы: тув. *даг*—түрк., түркм. *даг* (азыркы түрк., түркмөн жана азербайжан тилдери байыркы огуздардын «тукуму» деп эсептелинет); хак. *таг* — уйг. *таг*, өзб. *тог* ж. б. у. с. (мындай фактылар аз эмес, аларды созулма үндүүлөргө карата берилген материалдардан оңой эле байкоого болот).

[*v+c*] тибиндеги тыбыштык тизмектен жасалган созулма үндүүлөрдүн, негизинен, кыргыз менен алтай тилинде бардыгы алардын өз ара жакындыгын белгилейт, ошону менен бирге аталган жалпылык бул экөөнүн, енисей тобундагы башка тилдерден обочолонуп, бирге жашаган доорунда жаралгандыгын көрсөтөт.

III. Кыргыз тили созулма үндүүлөргө бай. Мунун көпчүлүгү, жогоруда көрсөтүлгөндөй, үнсүз тыбыштардын түшүшүнөн же үндүүлөрдүн соңундагы түпчүлдөрдүн эволюциялык өнүгүшүнөн пайда болгон. Эне тилибизде аталган бул ыкмалар созулма үндүүлөрдүн пайда болушундагы негизги жолдорго жатат. Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр мындан тышкары кадимки эле кыска үндүүлөрдүн созулушунан да пайда болгондугу байкалат, жана мындай дублеттер аз эмес. Берки эки жол аркылуу пайда болгон созулмалардан булардан айырмасы мында турат:

1. Берки эки жол менен жасалган созулмалар фонемалык касиетке ээ, б. а. алар аркылуу сөздөрдүн мааниси кыска үндүүлөргө оппозициялуу (карама-каршы) келишет, салыштырыңыз: *мал-маал, сан-саан, жаан-жан, тоок-ток, сук-суук, ороор, тар-таар, тан-таан; уз-ууз, бо*(*бо-бо*, сырдык сөз) — *боо, бу-буу, эле-ээле* ж. б. Кыска үндүүлөрдүн созулушунан пайда болгон созулмалар жогорудагыдай фонемалык касиетке ээ эмес, алар аркылуу сөздөрдүн мааниси өзгөрбөйт. Башка сөз менен айтканда, мындай созулма үндүүлөр кыска варианттарынын сан жагынан гана (созулушу боюнча) өзгөргөн түрү болуп эсептелет: *деңгел—деңгээл, күнө—күнөө, дакы—даакы, далда—далдаа, дала—далаа, даба—дабаа, дабан-дабаан, булгары—булгаары, бет арчы—бет аарчы, бурчак—буурчак, тажал—тажаал, долбор—долбоор, бүлө—бүлөө* (*үй-бүлөө*) ж. б. у. с.

2. Берки эки жол менен жасалган созулма үндүүлөр, айрым говорлорду эсепке албаганда, негизинен, жалпы элдик мүнөзгө ээ, ошондуктан алар адабий тилдин нормасы катарында кабыл алынган. Кыска үндүүлөрдөн чыккан созулма-

лар болсо алиге говордук мүнөздө, жалпы элдик абалга жетише элек. Ошол себептүү адабий тилде алардын колдонулушу, жазылышы, азырынча чар жайытыраак, нормага салына элек. Ушул типтеги созулма үндүүлөрдүн айрымдары барабара адабий тилде калыптанып кетиши мүмкүн.

Созулуп же кыска айтылчу дублеттердин айрымдары тарыхый жагынан алганда созулма үндүүгө айланчу тыбыштык тизмектен турган же ошого жакын сөздөр болушкан. Айрым говорлордо гана созулма үндүүгө айланган, бирок кандайдыр бир себептер аркылуу жалпы элдик мүнөзгө ээ боло алышкан эмес: кыр. ад. т. *көпүрө*, гов. *көпүрөө*, өзб. *куприк;* кыр. ад. т. *күнө*, гов. *күнөө*, өзб. *гунох*, түрк. *гүнаһ*; кыр. ад. т. *далда*, гов. *далдаа*, мон. *далдавч*. ж. б.

Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр аягы [п], [м] менен бүткөн этиштерге чакчыл *-ып* мүчөсү жалганганда да жасалат. Ушул жол менен созулма [аа], [ээ], [өө] пайда болот, созулмалардын тыбыштык составы болсо унгу этиштердеги үндүү тыбыштарга карата аныкталат; бул типтеги сөздөрдө да созулма үндүүлөр фонемалык касиетке ээ эмес: *теп+ып>>тээп, өп+ып>өөп, көм+ып>көөмп, там+ып>таамп, кап+ып>каап* ж. б.

Алдыдагы сыяктуу сөздөрдүн созулма үндүүгө айлана электеги формаларын кыргыздын жазма адабияттарынан жана оозеки речинен кезиктирүүгө болот: жер *өбүб*, туна чөгүп; ...Карагайдын бүчүрү менен *көмүп* таштадык (Г. Брянцев, Тынчылардын тыйпыл болушу, кыр. котормосу, 208-б).

Кыргыз тилинде созулма үндүүлөр сөздөрдө гана эмес, мүчөлөрдө да кездешет, жана алардын пайда болушу, негизинен, созулма үндүүлөрдүн чыгышынын экинчи тибине — [*ү+*с схемасына] туура келет. Үндүү менен үнсүздөн турган тыбыштык бул тизмек дифтонгдошуу аркылуу созулмага өтүп кеткен:

1) *-луу<-луѳ<-лыг* (сын атоочту жасоочу мүчө): б. түркчө *йарак -лыг* — кыр. *жаракту́у* (куралдуу маанисинде), *атлыг — аттуу, йара-лыг — жаракту́у* (жарайт маанисинде), *кедим+-лиг — кийимдүү* (ээрчен маанисинде), *йалын+лыг— жалынду́у, оклуг кирпи — октуу кирпи* (б.а. кирпичечен);

2) *-оо//-өө//-уу//-үү//-оѳ//-өѳ//-уѳ<-үѳ<-ыг//-иг, -г* — этиштик атоочторду жасоочу мүчө: б. түрк. *айаг — аёо, кечиг — кечүү, йайлаг — жайлоо, кышлаг — кыштоо, катыг — катуу, улаг — улоо* (байлаштыруу маанисинде) ж. б.

Кыргыз тилинде этиштик атоочторду жасоочу *-оо//-уу* мүчөлөрү мындан башка байыркы жана азыркы кээ бир тилдердеги *-гы//-ги//-гу//-гү* мүчөлөрүнө да туура келет. Мындай бир эле түшүнүк үчүн эски жазма эстеликтерде *-ыг//-иг* жана

-гы//-ги түрүндө эки мүчөнүн колдонулушу байыркы түрк тилдериндеги диалектилик өзгөчөлүк болушу керек:

кырг. *-оо//-уу<-гу//-гү//-гы//-ги*: б. түрк. *тургу* йер — *туруу (чу)* жер, *киргү өд — кирүү (чү) убак;* кайуда *йегү* болсо, *ичгү* керек — кайда *жеөө* (жаш) болсо, *ичүү* керек; такы *тегү -тегү* кергек — дагы *деөө-деөө* керек (деш, сүйлөш керек маанисинде); өзб., түрк. *севги*, түркм. *сейги* (*<сөй-сүй*)— *сүйүү*, сал. б. түрк. *сеѳүг — сүйүктүү, сеѳүглүк — сүйүү;*

3 *-оочу//-уучу<-оѳчу<-гучы//-гүчи//-кучы//-күчи*—байыркы атоочтуктун учур-келер чактык формасы: б. түрк *күлгүчи—күлүүчү*, битиг *бититкүчи*—битик *бититүүчү* (кат жаздыруучу, сал. *битикке* жазган каты бар («Манас»), *айгучы — айтуучу, колгучы* — сурамчы (*кол* — сура маанисинде), *өлүргүчи — өлтүрүүчү*, уйг. *сатгучи — сатуучу;*

4) *-оо//-өө* (жамдама сан атоочторду уюштуруучу мүчө) *<-агу//-егу; -гу//-гү*: б. түрк. *бирегүси — бирөөсү* (диа. бирөѳw), *икегү* (*<ики+гү*) — экөө, үчегү — *үчөө, алтагу* (*алты+гу*) — *алтоо* ж. б.

5) *-анаак<-гана+ак: кабанаак<кабаган+ак* (сал. кабаган ит), *качанаак<качаган-ак; тебенээк, сүзөнөөк* сөздөрү да ушу типте жасалган;

6) *-ооч<-оо+ч(у); баяндооч* (*<баянда+-оо+ч*), жандооч (*<жанда+-оо+-ч*), *айкындооч* (*<айкында-оо+ч*), *байлооч* (*<байла+-оо+ч*); сал. *бооч-боочу* (*казык бооч*) ж. б. Бул сөздөрдүн аягындагы *-ч* — этиштин атоочтук формасындагы *-чы* (*-оочу, -уучу*) менен тектеш.

Үнсүздөр

Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы сүйлөө органдарыбыздын тигил же бул жеринде кандайдыр бир тоскоолдукка учурап чыгышынын натыйжасында пайда болгон тыбыштар *үнсүздөр* деп аталат. Үнсүз тыбыштардын жасалыш негизин шыбыш түзөт да, алар бири биринен өздөрүнө мүнөздүү шыбыш аркылуу айырмаланат. Кыргыз тилинде 25 үнсүз бар.

Үнсүз тыбыштар жасалганда кездешчү тоскоолдуктар сүйлөө органдарыбыздын булчундарынын кыскарышынан келип чыгат. Анын үстүнө тыбыштардын тоскоолдукка учурашы, аны абанын агымы бузуп чыгышы да бирдей болбойт. Бир катар үнсүздөр сүйлөө органдарыбыздын булчундарынын күчтүү кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту, абанын агымы күч менен жарып чыгышынан (мисалы: *т, к, п*); бирөөлөрү сүйлөө органдарынын булчундарынын алсыз кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту жарып чыгышынан (ми-

салы: *б, г, з*); кээ бирөөлөрү булчундун абдан алсыз кыскарышынан пайда болгон тоскоолдукту жарып чыгышынан (*м, н, л, р*) жасалат.

Үнсүз тыбыштар ушул жасалыш бөтөнчөлүктөрүнө карата үчкө бөлүнөт:

1) *каткалаң* (күч менен айтылган) *үнсүздөр*: *п, т, с, ш, ч, к, н, х, ф, ц, щ*;

2) *жумшактар* (алсыз айтылчулар): *б, в, д, з, ж, г*;

3) *уяңдар* (абдан алсыз айтылчулар): *л, м, ң, р, й*.

Кыргыз тилиндеги үнсүздөр системасы артикуляциялык жактан *жасалуу орду* жана *жасалуу ыгы* боюнча бөлүштүрүлөт. Мындай бөлүштүрүү активдүү сүйлөө органдарынын (тил, эриндер) катышуусуна ылайыктуу жүргүзүлөт, анткени үнсүз тыбыштардын жасалуу орду жана жасалуу ыгы сүйлөө органдарыбыздын кызматы менен аныкталат.

Жасалуу ордуна карата үнсүз тыбыштар төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт:

1. *Эрин — эринчилдер*: *б, п, м*;

2. *Эрин — тишчилдер: в, ф*. Бул үнсүздөр кыргыздын төл сөздөрүнүн составында кездешпейт. Жалаң гана орус тилинен кабыл алынган жана интернационалдык сөздөрдүн составында келет.

3. *Уччулдар: т, д, с, з, ш, н, л, р, ц*.

4. *Орточулдар: й, ж (жол, жаңы)*.

5. *Түпчүлдөр: к (көпөлөк), г (гүл), ц, х*.

6. *Артчылдар: к (кара)*, г *(коргошун)*.

Жасалуу ыгына карай үнсүз тыбыштарды төмөнкүдөй бөлүштүрөбүз:

1. *Жарылмалар: б, п, д, т, к, (көк), к (кар), г (гүл)*.

2. *Жылчыкчылдар: з, с, ж (жюри), ш, й, г (карга), в, ф, х*.

3. *Мурунчулдар: м, н, ң*.

4. *Капталчыл: л*.

5. *Дирилдеме: р*.

6. *Татаал үнсүздөр: ч, ж (жаңы), ц, ш*.

Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар шыбыш менен үндүн катышына карата эки топко бөлүнөт:

1) *Шуулдама үнсүздөр: б, в, г, р (карга), ж (жаңы), ж (жюри), з, к, (кар), с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ*.

2) *Уяң үнсүздөр: м, н, ң, р, й, л*.

ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

Үн менен шоокумдун басымдуулугуна карай		Жасалуу орду: Эринчилдер			Тилчилдер			
	Жасалуу ыгы	Үн түйүндөрүнүн иштерине карай	кош эринчилдер	эрин-тишчилдер	уччулдар	орточулдар	артчылдар	түпчүлдөр
Шоокумчул тыбыштар	жарылмалар	жумшак	б		д		г	
		каткалаң	п		т		к	к (къ)
	жылчыкчылдар	жумшак		в	з с			г (гъ)
		каткалаң		ф	ж ш		х	
	ширешкендер (аффрикаты)	жумшак				ж(дж)		
		каткалаң			ц	ч		
Уяң тыбыштар	мурунчул жарылмалар		м		н		ң	
	капталчыл жылчыкчылдар				л	й		
	дирилдеме жылчыкчыл				р			

Үнсүздөрдүн мүнөздөмөсү

Үндүү жана үнсүз тыбыштардын речтик агымда өзгөрүшү

Кыргыз тилинде [*б*] фонемасы жасалган учурда астыңкы эрин үстүңкү эринге тийип, таңдай көшөгөсү мурун жылчыгын жабат да, үн түйүндөрү бири бирине жакындашып, кыймылга келет. [*б*] фонемасы — эрин-эринчил, жарылма, жумшак үнсүз. Өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ооз көңдөйүнө жеткенде, абанын басымынын күчү менен бири бирине тийишип турган эриндер ачылып, аба сыртка чыгат.

[*п*] фонемасы үстүнкү эринге астынкы эриндин чыңалган булчундары бекем, тыгыз тийишип, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ал тоскоолдукту күч менен жарып чыгышынан пайда болот. Эриндерди аба агымынын күч менен жарып чыгышы анын күчтүү, жарылма, эринчил үнсүз экенди-

гин билдирет. Бул тыбышты айтканда тандай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап, тил катышпайт, үн түйүндөрү кыймылга келбейт.

Кыргыз тилинде [т] фонемасын айтканда тил алга жүткүнуп, учу үстүнкү мандай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, тоскоолдук пайда болот. Бул тоскоолдукту абанын агымы күч менен жарып чыгат. Үн түйүндөрү кыймылга келбейт, тандай көшөгөсү мурун жылчыгын жаап турат. Тилдин учунун жогору кайрылышы анын эпикалдуу экендигин билдирет.

Кыргыз тилинде [д] фонемасы жасалышы боюнча өзүнүн түгөйү каткалаң [т] фонемасына окшош келет. Бирок муну айтканда үн түйүндөрү кыймылга келип, тоскоолдук кылган сүйлөө органдарынын булчундарынын кыскарышы алсыз болушу менен андан айырмаланат. Бул фонема да [т] сыяктуу эпикалдуу фонема.

[м] фонемасы астыңкы эрин менен үстүнкү эрин бири бирине тийишип, тандай көшөгөсү төмөн түшөт да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы эриндердин тоскоолдугун жарып жана мурун көндөйлөрү аркылуу сыртка чыгышынан пайда болот. Бул фонеманын жасалышында тил катышпайт, бирок үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдейт.

[н] фонемасын айтканда тил алга жүткүнүп, анын учу үстүнкү мандай тиштердин түбүнө жана бүйлөсүнө тиет, тандай көшөгөсү төмөн түшүп, мурун көндөйүнүн жылчыгы ачылат да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы тилдин тишке тийгендеги тоскоолдугун бузуп, ооз жана мурун көндөйлөрү аркылуу сыртка чыгат. Үн түйүндөрү кыймылга келип дирилдейт.

[ң] фонемасы тилдин арткы бөлүгү жогору көтөрүлүп, абанын агымы мурун көндөйү аркылуу сыртка чыгышынан жасалат. Тилдин арткы бөлүгү жана жумшак тандайдын (кичине тилдин) бири-бирине тийиши аркылуу жасала тургандыгы менен мүнөздөлөт.

[л] фонемасы жасалган учурда тил алга карай жүткүнүп, тилдин учу үстүнкү мандай тиштерибиз менен анын бүйлөсүнө тиет, тилдин түбү тандайдын арткы бөлүгүн көздөй көтөрүлүп, бир аз артка тартылып, тилдин орто жеринде кашык сыяктуу чуңкурча пайда болот. Тилдин ортоңку бөлүгүнүн капталдары төмөн түшүп, жылчыкты пайда кылат, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыктар аркылуу сыртка чыгат. Тилдин учу үстүнкү мандай тиштерибизге жана алардын бүйлөлөрүнө тийип тургандыгына карабастан, тилдин эки капталы аркылуу аба сыртка эркин чыгат. Үн түйүндөрү дирилдейт, тыбыш жасоочу органдарыбыздын булчундарынын кыскарышы абдан алсыз болот.

Кыргыз тилинде [й] фонемасы тилдин ортоңку бөлүгү катуу тандайды көздөй бийик көтөрүлүп, тулкусу менен алга карай жүткүнүп, эки капталы каптал тиштерге, учу астыңкы мандай тиштерге тийишинен пайда болот. Жасалышы жагынан көп учурда тилибиздеги үндүү [и] фонемасына өтө жакын келет.

[р] фонемасы айтылган учурда алга умтулган тилдин учу үстүнкү мандай тиштерди көздөй көтөрүлөт да, өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымынын басымынан дирилдейт, эриндер артка тартылып, мандай тиштер ачылып, тилдин дирилдегени көрүнүп турат. Тилдин учунун дирилдеши [р] фонемасына тийиштүү шыбышты пайда кылат.

Кыргыз тилинде [с] тыбышы—күчтүү, каткалаң, уччул, эпикалдуу бир фокустуу үнсүз. Муну артикуляциялаганда өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы тилдин учунда пайда болгон тегерек жылчыкча аркылуу сыртка чыгат. Тилдин капталдары тиштерге тийип турат. Ошону менен бирге тилдин учу астыңкы мандай тиштин учуна жакын туруп, аба тегерек жылчыкка сүрүлүүдөн тыбыш пайда болуп, тилдин ортосу жана учу жогору көтөрүлгөндүктөн резонатор кууш болот.

Ооз көндөйүнүн алдыңкы бөлүгүндө бир фокустуу жылчык болушу менен үн түйүндөрүнүн кыймылга келбегендиги [с] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

[ш] фонемасы айтылган учурда тил алга карай умтулуп, анын учу үстүнкү мандай тиштердин бүйлөсүнө жакындап, жылчыкча жасалат да өпкөдөн чыгып келе жаткан абанын агымы ошол жылчыкча аркылуу күч менен сыртка чыгып, ышкырык пайда кылат. Тилдин учунун үстүнкү мандай тиштердин бүйлөлөрүнө жакындашы, анык эпикалдуу, бүйлөчүл, уччул, жылчыкчы, ышкырыкчыл болушуна алып келет.

[с] фонемасына салыштырганда тил бир аз арттараак болуп, анын түбү жумшак тандайга жакындашат, фокусу да андан кеңири болот, үн түйүндөрү кыймылга келбейт, тандай көшөгөсү мурун көндөйүнө кетүүчү жылчыкты жаап турат.

[з] фонемасы жасалышы боюнча каткалаң [с] фонемасына окшош, бирок андан үн түйүндөрүнүн дирилдеши, сүйлөө органдарынын булчундарынын кыскарышынын алсыздыгы менен айырмаланат. Азыркы кыргыз тилинде [з] — уччул, эпикалдуу, тегерек жылчыкчыл, бүйлөчүл, алсыз жумшак үнсүз. Ооз көндөйүнүн алдыңкы бөлүгүндө бир фокустуу жылчыктын болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши [з] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

Кыргыз тилинин тыбыштык системасынын составында өзүнчө өзгөчөлүктү түзгөн жумшак таңдайдын учу (кичине тил, увула) тилдин эң арткы бөлүгүнүн тийишүүсүнөн жасалган *къ, ғъ* фонемалары бар.

Кыргыз тилиндеги [*къ*]тыбышын артикуляциялаган мезгилде жумшак таңдай менен кичине тил төмөн түшүп, тилдин арткы бөлүгүнө тийишет. Кичине тилдин түпкү бөлүгүнө тийишинен жасалгандыктан муну увулярдуу, жарылма, күчтүү, каткалаң үнсүз дейбиз. Бул өзгөчөлүк рентгенограммадан даана көрүнөт.

[*къ*] тыбышын артикуляциялаган кезде катуу таңдайга көп учурда тил изин калтырбайт. Айрым учурда калтырган из түпкү бир гана азуунун жарымына чейин келет.

Тилдин түпкү бөлүгүнүн кичине тил (увула) менен тийиши жана үн түйүнүнүн дирилдебегендиги [*къ*] тыбышынын фонетикалык белгиси болуп саналат.

Тилибиздеги [ғ] тыбышын айткан кезде жумшак таңдай менен кичине тил (увула) төмөн карай түшүп, жогору карай көтөрүлгөн тилдин түпкү бөлүгү менен абдан жакындашып, кууш жылчыкчаны пайда кылып, өпкөдөн чыгып жаткан абанын агымы ал аркылуу өткөндө бир аз добуш пайда болот, үн түйүндөрү дирилдейт.

Ошондуктан [ғ] тыбышы — увулярдуу, жылчыкчыл, жумшак, алсыз үнсүз.

Тилдин бүт артка тартылганы, анын учу менен ортоңку бөлүгү төмөн түшүшүнөн ооз көңдөйүндө эң чоң резонатор пайда болорун рентгенограммадан даана көрөбүз. Мында жумшак таңдай менен кичине тил мурун көңдөйүнө кете турган каналды жаап жана төмөн түшүшү шыбыш пайда кылуучу жылчыкчаны жаратуу аркылуу эки функцияны аткарат.

Жылчыктын эң эле кууш болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши, кичине тилдин катышы [ғ] тыбышынын фонетикалык негизги белгиси болуп саналат.

Азыркы кыргыз адабий тилинде [*к*] тыбышы — артчыл, каткалаң, күчтүү үнсүз, артикуляциялык жактан орус тилиндеги [*к*] тыбышына жакындашат, бирок өтө таңдайлашып айтылгандыгы менен андан айырмаланат.

Бул тыбышты рентгенограмма боюнча талдаганда тилдин түпкү бөлүгү жумшак таңдайга тийип, тилдин учу төмөн кайрылат да, ортоңку бөлүгү бир аз жогору көтөрүлөт.

[*к*] тыбышын артикуляциялаган кезде тил өзүнүн изин экинчи азуудан баштап, жумшак таңдайга чейин калтырат. Бул анын түпчүл экендигинин көрсөткүчү.

Тилдин түбүнүн катуу таңдайга тийиши жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегендиги [*к*] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси болуп эсептелет.

Рентгенограмма менен палатограмманын көрсөткөнүнө караганда [*г*] тыбышы артчыл, жарылма таңдайлашкан, жумшак жана алсыз үнсүз болуп саналат. Ал тилдин түпкү бөлүгүнүн жумшак таңдайды карай көтөрүлүп, ага өтө тыгыз жакындап, тилдин учу артка жыйнактуу тартылып, үн түйүндөрүнүн дирилдешинен пайда болот.

[*г*] тыбышын артикуляциялаганда катуу таңдайда калган из [*к*] тыбышына салыштырганда өтө кууштугу менен айырмаланат да, из экинчи азуу тиштен башталып, түпкү азууга чейин жетип, жумшак таңдайга тийбейт. Ал эми катуу таңдайдын алды жагында жылчык өтө кеңеет.

Тилдин түпкү бөлүгүнүн жумшак таңдайга тийген абалга чейин көтөрүлүшү жана үн түйүндөрүнүн дирилдеши — [*г*] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз тилине [*х*]тыбышы башка тилдерден кабыл алынган сөздөр менен келип кирди. К. К. Юдахиндин пикири боюнча революцияга чейин түштүк кыргыз говорлорунда [*х*] фонемасы болгон. Түндүк говорлордо революциядан кийин өздөштүрүлдү.

Бул тыбышты артикуляциялаганда тил артка тартылып, тилдин түпкү бөлүгү жумшак таңдайды көздөй көтөрүлүп, капталдары түпкү каптал тиштерге тийип, тилдин түпкү, ортоңку бөлүгү менен жумшак таңдайдын арасында жылчык пайда болуп тилдин учу төмөн түшүп, ал алдыңкы мандай тишке жакын турат. Аба жылчыктан өткөн кезде шыбыш пайда болот. Үн түйүндөрү дирилдебейт.

Жылчыктын ооз көңдөйүнүн түп жагында пайда болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегени [*х*] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилиндеги [*ч*] тыбышын артикуляциялаган учурда рентгенограмма менен палатограмманын берген маалыматына караганда тилдин алдыңкы, ортоңку бөлүгү үстүнкү тиштерибиздин бүйлөлөрүнөн тартып, тилдин капталдары түпкү азууга чейинки тиштер менен тийишип, учу төмөн кайрылгандыгын көрөбүз. Тилдин тийген орду уччул, дорсалдуу үнсүздөргө салыштырганда бир аз артта, кичине азуу тиштерден башталат.

Жарылуу болбостон акырындык менен жылчыкка өтөт. Тийишкен жердин ачылып, анын жылчыкка өткөн моментинде негизги артикуляцияга тилдин ортоңку бөлүгүнүн артикуляциясы кошулат.

Тил катуу таңдай менен ортоңку бөлүгү аркылуу тийишкендигин көрөбүз. Үн түйүндөрү дирилдебейт. Бул тыбышты

айтууда адегенде тилдин ортоңку, алдыңкы бөлүгүнүн катуу таңдайга тийишип, андан жылчыкка өткөн татаал артикуляциясына ылайык *аффриката* дейбиз. Тилдин бүт ортосунун катуу таңдайды көздөй жогору көтөрүлүшү, анын дайыма таңдайлашкан үнсүз экендигинин көрсөткүчү.

Тийишүү менен жылчыктын пайда болушу жана үн түйүндөрүнүн дирилдебегени [*ч*] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилинде [*ж*] тыбышы орточул, шыбышчыл, жумшак, алсыз аффриката болуп эсептелет.

Бул тыбышты айтканыбызда тилдин ортосу жогору карай көтөрүлүп, катуу таңдайга тиет, тилдин учу төмөнкү мандай тиштерди көздөй кайрылат, бул анын дорсалдуу үнсүз экендигин билдирет.

Бул тыбышты артикуляциялаганыбызда адегенде тилдин ортоңку бөлүгү катуу таңдайга тийишип, ал акырындык менен жылчыкка өтүшү анын татаал артикуляциядагы тыбыш экендигинин көрсөткүчү болуп эсептелет.

Адегенде тилдин ортоңку бөлүгүнүн катуу таңдайга тийиши, анын акырындык менен жылчыкка өтүшү, үн түйүндөрүнүн кыймылга келип дирилдеши [*ж*] тыбышынын негизги фонетикалык белгиси.

Кыргыз адабий тилинин тыбыштык системасында башка тилдерден болгон кабыл алуунун натыйжасында жаңыдан пайда болгон тыбыштар бар экендигин көрөбүз. Алар: *ж*, *в*, *ф*, *ц*, *щ* тыбыштары. Бул тыбыштар боюнча түрколог-фонетисттердин арасында бир түрдүү пикир, бирдей көз караш жок экендиги белгилүү. Айрымдары бул тыбыштарды фонема катарында карашса, айрымдары өз алдынча тыбыш экендигин көрсөтөт.

[*ж*] тыбышын айтканыбызда ооз көңдөйүнүн алдыңкы жана арткы бөлүгүндө тыбыш чыгуучу эки жылчык пайда болот. Мунун алдыңкы фокусу тилдин учу катуу таңдай менен тиштин бүйлөлөрүн көздөй жогору көтөрүлүшүнөн жасалат, ошондуктан [*ж*] какуминалдуу үнсүз; арткы фокусу тилдин арткы бөлүгүнүн жумшак таңдайды көздөй жогору көтөрүлүшүнөн түзүлөт. Тилдин ортоңку бөлүгү төмөн түшкөндүктөн, тил кашык сыяктуу формага келтирилет, эриндер бир аз алга жүткүнөт, үн түйүндөрү дирилдеп, үн катышат. Абанын агымы арткы жана алдыңкы жылчыктар аркылуу өткөндө ышкырык сыяктуу шыбыш пайда болот, мындай шыбыш ышкырыкчыл тыбыш экендигин көрсөтөт.

[*ц*] тыбышы айтылганда тил алга жүткүнүп, тилдин учу үстүңкү мандай тиштерге, алардын бүйлөсүнө тиет да, кайра ачылгандыктан, жылчык пайда болот, өпкөдөн чыгып келе

жаткан абанын агымы ошол жылчыкча аркылуу сыртка чыгып бара жатканда шыбыш пайда болот. Жасалышы татаал болгондуктан аффриката же болбосо татаал тыбыш деп аталат.

Башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуу аркылуу өздөштүрүлгөн *в*, *ф*, *ж*, *ц*, *щ* тыбыштары кыргыз адабий тилинин төл сөздөрүндө дээрлик колдонулбайт. Булар көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдүн жана ал аркылуу өздөштүрүлгөн интернационалдык терминдердин составынан кездешет. Аталган тыбыштар кыргыз адабий тилинде фонема боло албайт, анткени алар төл сөздөрдө маани ажыратуучу касиетке ээ эмес, б. а. бул тыбыштар аркылуу сөздөр бир биринен маани жагынан ажырашпайт.

[*щ*] тыбышын айтканда орус тилиндегидей бирде *шщ*, же *шч* түрүндө артикуляцияланат. Мунун биринчисинде жылчыкчыл болсо, экинчисинде жылчык менен башталып жарылмага, андан жылчыкка өтөт. Бул тыбыш кабыл алынган гана сөздөрдө кездешет. Орус тилинде да фонетикалык жактан так мүнөздөлбөгөн.

Эрин-тишчил үнсүздөр

Кыргыз тилинин тыбыштык системасында Октябрь революциясы жеңип, кыргыз элинде өзүнүн атайын басмасы түзүлүп, мектептер ачылып, окуу китептери, газета-журналдар чыга баштаганга чейин эрин-тишчил тыбыштар болгон эмес.

Революциядан кийин орус тилинен жана ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдү өздөштүргөн убакта, ал сөздөр менен бирге кыргыз тилине кире баштады. Ошондуктан [*в*], [*ф*] тыбыштары кыргыздын төл сөздөрүндө дээрлик колдонулбайт. Натыйжада артикуляцияланышы боюнча орус тилиндеги [*в*], [*ф*] тыбыштарынан анчалык айырмаланбайт.

Тилибиздеги [*в*] тыбышын артикуляциялаганда астыңкы эрин үстүңкү мандай тишибиздин учуна жакындап, өпкөдөн келе жаткан аба сыртка чыгып, үн түйүндөрү кыймылга келип, дирилдеши аркылуу жасалат. Бул көрүнүш рентгенограммадан ачык байкалат.

Кыргыз тилинде [*в*] тыбышы фонемалык касиетке ээ эмес. Себеби кабыл алынган сөздөрдө гана колдонулушу менен түшүндүрүлөт.

Тилибизде [*ф*] тыбышын артикуляциялаганыбызда өпкөдөн келе жаткан абанын агымы үстүңкү тиш менен астыңкы эриндин өтө жакындашкан жеринен катуу күч аркылуу сыртка чыгат.

Қыргыздын төл сөздөрүндө [*в*] тыбышы сыяктуу эле кездешпейт. Башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн составында гана колдонулат. Ошондуктан муну кыргыз тилинде өз алдынча фонема дешке мүмкүн эмес.

Башка тилдерден сөздөрдү кабыл алуу аркылуу өздөштүрүлгөн *в, ф, ж, ц, щ* тыбыштары кыргыз адабий тилинин төл сөздөрүндө дээрлик колдонулбайт. Булар көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдүн жана ал аркылуу өздөштүрүлгөн интернационалдык терминдердин составынан кездешет. Аталган тыбыштар кыргыз адабий тилинде фонема боло албайт, анткени алар төл сөздөрдө маани ажыратуучу касиетке ээ эмес, б. а. бул тыбыштар аркылуу сөздөр бир биринен маани жагынан ажырашпайт.

Азыркы кыргыз адабий тилинде сөз башында, сөздүн аягында үнсүз тыбыштардын колдонулушу боюнча айрым өзгөчөлүктөр учурайт.

Қыргыздын төл сөздөрүндө (тууранды сөздөрдөн башкасында) төмөнкү үнсүз тыбыштар сөз башында дээрлик колдонулбайт: *л, р, ң, й.*

Булардын ичинен *л, р, й* тыбыштары менен башталган сөздөр негизинен башка тилдерден кабыл алынган. Мисалы: *расписка, йод, лак* ж. б.

Қыргыздын төл сөздөрүнүн аягында *б, г, з, д, ж* тыбыштары келбейт. Қабыл алынган сөздөрдө келе берет. Мисалы: *муктаж, отряд, митинг, дуб, пуд* ж. б.

Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм)

Соңку муундагы үндүү тыбыштар өздөрүнүн жасалышы боюнча алдыңкы муундагы үндүүлөр менен окшошот; биринчи муундагы үндүү тыбыштар соңку муундагы үндүүлөрдүн сапатын аныктап, кийинкиси алдынкысына көз каранды келет. Ошентип, сөздүн составындагы үндүү тыбыштар сапаты жагынан бир кылка болот, бири-бири менен үндөшүп турушат. Тыбыштык ушул кубулуш, үндөшүү законунун (сингармонизмдин) маңызын түзөт. Үндүүлөрдүн үндөшүүсү (сингармонизм) түрк тилдеринин бөтөнчөлүктөрүнүн биринен болуп эсептелет да, бир сөз ичинде болот, ал сөз морфологиялык түзүлүшү боюнча тубаса же туунду болушу мүмкүн. Тубаса сөздөрдө сонку муундагы үндүү тыбыштар биринчи муундагы үндүүлөр менен үндөшсө, туунду сөздөрдө мүчөдөгү үндүү тыбыштар уңгудагы үндүүлөр менен үндөшөт.

Сөздүн составындагы үндүү тыбыштар баштан аяк жоон, ичке же эриндүү-эринсиз (ачык) болот: *өн-дүр-үш-тө-гүлөр-үбүз-дөн* (∽ *дүн*), *кол-дон-мо-лор-дон* (∽ *дун*) (сөз эрин үндүүлөр менен айтылды); *таң-дай-лаш-тыр-ыл-ган-ы-нан, ил-мек-теш-тир-ил-ген-и-нен* (сөз жоон, ичке үндүүлөр менен айтылды) ж. б.

Составындагы үндүүлөрдүн жогорудагыдай текши, бир кылка болушу аркылуу сөз тыбыштык курулушу жагынан ырааттуулукка жетишет.

Қыргыз тилинде үндөшүүнүн (сингармонизмдин) эки түрү бар:

а) тилдин күүсү (же таңдай күүсү);

б) эрин күүсү.

1. **Тилдин күүсү.** Сөздүн биринчи муунунда жоон үндүү болсо, андан кийинки муундагы үндүү тыбыштар алар менен үндөшөт да, жоон үндүү болушат; эгерде сөздүн алдыңкы муунунан ичке үндүү орун алса, соңку муундагылар ичке болушат, б. а. сөз баштан аяк жоон же ичке үндүүлөрдөн куралат; биринчи муундагы үндүү тыбыштар соңку муундагы үндүүлөрдүн сапатын аныктайт, кийинкиси алдыңкысына көз каранды келет. Үндүүлөрдүн тил күүсүнө карата ээрчиши төл сөздөрдө негизинен сакталат. Төл сөздөрдүн составында жоон үндүүдөн кийин адатта ичке үндүү келбейт.

Сөздөгү *жоон үндүүлөр* төмөндөгүчө үндөшөт:

Үндүү «*а*» тыбышынан кийин «*а*» же «*ы*» келет: *ата, баба, саман, таман, зайпана, айда* (<*ай+де*); *самын, салкын, зайып, кайып, жалкы, чалкы, чакырык.*

Ошондой эле «*ы*» тыбышынан кийин «*ы*» же «*а*» келет: *кыркын, кыпын, тыпын, кыргыз, кырмызы, зымырык, кыйкырык, кыймыл, кырман, жыргал, сырга, жылаңач, жылаңайлак.*

Үндүү «*у*» дан кийин «*у*» же «*а*» колдонулат: куйкум, куйрук, *буйрук, кулун, куржун, курулуш; кумай, субай, куурай, куйка* ж. б.

Үндүү *о*'нун соңунан «*о*» же «*у*» колдонулат: *отор, котор, коржогой, коргон, боконо, долоно, коломто, кокус, коолу, корутунду, комузчу* ж. б.

Эринчил кең үндүү *о*'дон кийин эринчил кууш «*у*» тыбышынын жанаша айтыла тургандыгы келтирилген мисалдардан ачык болуп турат. *кочкул, комуз, мойун, койун* (орф. *моюн, коюн*) ж. б. Бирок эринчил кууш *у*' дан кийин кыска *о*'нун колдонулушуна жол берилбейт; созулма «*оо*» менен аяктаган кыймыл атоочтор бул эрежеден сыртка чыгып келет: *бура-буроо, кура-куроо, доола* ж. б.

Жоон үндүүлөрдүн үндөшүн схема түрүндө мындайча көрсөтүүгө болот:

биринчи муунда	сонку муундарда
а	а же ы
ы	ы —»— а
у	у —»— а
о	о —»— у, кээде «а» (созулма «*оо*» дон кийин).

Сөздүн составында ичке үндүүлөр төмөнкүчө үндөшөт; «э» тыбышынан кийин «*э*» же «*и*» жанаша айтылат: *эрмен, эрешен, терме, эрмек; эриш* (эриш-аркак), *эрин, эрик, эпкин, элкин* ж. б.

э нин «*өө*» менен бирге айтылышы сейрек кездешет: *эрөөл* (жеке-жекеге чыгуу маанисинде): *Эрөөлгө* чыгып сайыш. *Эрөөлгө* чыгып эрендер («Манастан»); *демөөр* ж. б.

и ден соң «*и*» же «*э*» тыбыштары айтылат: *ийин, кийин, чийим, чимкирик, жиник, билик, жилик, илик, кийлик, жипкир, китеп* (<ар. *китаб*), *ителги, искек, ичмек, ичиркен, ичкер, ичкери, ишен, ишенич, ишмер, ишмерлик* ж. б.

«*у*» тыбышынын соңунан «*у*» же «*ө*» колдонулат: *түйүн, түтүн, жүлүн, мумкүн* (<ар. *мумкүн*), *күйдүргү, күзгү, күлүк, күкүк, күкүм, күлдүр (-шалдыр), күмүш, күндүз, күнүн; күмөн, түмөн, күбө, күйкө* ж. б.

«*ө*» тыбышынан кийин «*ө*» же «*у*» жанаша айтылышына жол берилет: *көргөзмө, көөдөн, көөкөр, көпөлөк, көнөк, көпкөлөң, көрпө, көшүл, көркөмдүү, көңүлсүн, көрүк, көптүр, көптүрмө, көкүл, көлкү* ж. б.

«*ө*» же «*у*» менен башталган көп муундуу сөздөрдүн аяккы үндүүлөрү кээде айтылганда эринсиз ичке үндүүлөргө өтүп кетет, бирок орфографияда аларга жол берилбейт: *чөмөлө//чөмеле, көзөнөк//көзенек* ж. б. (бул жөнүндө «Эрин күүсүндө» толугураак айтылат).

Ичке үндүүлөрдүн үндөшүн схема түрүндө мындай көрсөтүүгө болот:

биринчи муунда	сонку муундарда
э	э же и (кээде «өө»)
и	и — э
ү	ү — ө
ө	ө — ү (оозеки речте кээде «э»).

Кыргыз тили өзүнүн кылымдар бою өнүгүшүндө ар кандай системадагы тилдер менен карым-катышта болгон. Ушунун натыйжасында анын лексикасына башка тилдерден сөздөр

кирген; алар, негизинен, өздөштүргөн тилдин, кыргыз тилинин, тыбыштык системасына ылайыкташтырылган, ошону менен бирге кээде кабыл алынган тилдин изи да калтырылган.

Үндүү тыбыштардын тилдин күүсү боюнча (жоон-ичкелигине карата) бузулушу, негизинен, араб-иран жана орус тилинен кирген сөздөрдөн кезигет: маселен, аңгеме, апийим, бейбаш (булар араб-иран сөздөрү); *кино, газета* ж. б. (орус тилинен өздөштүрүлгөн сөздөр).

Бир сөз ичинде жоон-ичке үндүүлөрдүн катар колдонулушу кээде кыргыздын төл сөздөрүнөн да жолугат, бирок кеңири тарай алган эмес: *байге, байтик* (буудайды боолап туруп, тикесинен чөк-чөк кылып жыйнап коюу), *кантип, канткенде, кечкурун, акырек, бирок* ж. б. Жалпысынан алганда кыргыз адабий тилинде тилдин күүсү (үндүүлөрдүн жоон ичкелигине карата бир сөз ичинде ээрчиши) эрин күүсүнө салыштырганда бир топ туруктуу.

2. Эрин күүсү. Сөздүн составында баштан аяк эринчил үндүү тыбыштардын болушу эрин күүсүнүн өзөгүн түзөт. Башка түрк тилдерине салыштырганда кыргыз тили эрин күүсү боюнча айрыкча орунду ээлейт, түрк тилдеринин ичинен ага алтай жана тува тилдери гана тектеше алат.
Мисалы:

кыр.	тув.	кыр.	алт.
колду	*холду*	*колдо*	*колдо*
көлдү	*холду*	*көлдө*	*көлдө*
кудукту	*кудукту*	*кудукта*	*кудукта*
күлдү	*хүлдү*	*көлдө, күлдө*	

Сөздүн биринчи муунунда эрин үндүү болсо, андан кийинки муундарынан эрин үндүүлөр орун алат да, сөздүн составындагы фонемалар баштан аяк эринчил болушат. Кыргыз тилинде тыбыштык ушул бөтөнчөлүк төл сөздөрдө, негизинен, сакталат. Мисалы: *борбор, оңко, коломто, жоолук, түйшүк, түкүрүк, түкшүмөл; жуу-ру-л-уш-тур-гун, көр-сөт-күч-төр-үбүз-гө, өн-дүр-үш-тө-гү-лөр-үбүз-дөн, үр-түк-тө-л-гөнү-н* ж. б.

Үндүүлөрдүн эрин күүсү боюнча үндөшүүсү бардык учурда эле сактала бербейт. Сөздүн биринчи муунунда эрин үндүү турса да, соңку бөлүгүндөгү үндүүлөр аларды ээрчибей калган учур кездешет. Мындай сөздөрдө эрин күүсү бузулат, анткени сөздүн составынан эрин үндүүлөр менен катар ачык (эринсиз) үндүүлөр орун алышат. Бирок ошондо да үндүү тыбыштардын үндөштүгү сакталат. Анткени эрин күүсү ар дайым тилдин күүсү менен бирге коштолуп жүрөт. Ушуга байланыштуу андай сөздөрдө эрин күүсү менен тилдин күүсү (көбүнчө ачык кең үндүүлөр катышат) жанаша орун алышат

да, үндүүлөрдүн жалпы үндөштүгү (жоон үндүүлөр боюнча) сакталып, сөз тыбыштык курулушу боюнча ырааттуулугунан ажырабайт.

Кыргыз тилинде эрин күүсү төмөндөгүдөй учурларда бузулат;

1. Сөздүн биринчи муунундагы эринчил *у* өзүнөн кийинки муунда турган кең үндүү *а* га таасирин тийгизе албайт. Бул өзгөчөлүк үңгу сөздө да жана туунду сөздө да сакталат: *кумай, кумалак, улан, улар, упай, умай* (эне), *кундак* (мылтыктын кундагы), *тузак, узак, куюшкан* ж. б.

у'нун эринчилдигинин кең үндүү а'га тарабагандыгы байыркы тилдерге да мүнөздүү болгон: сал. б. түркчө *кулгак*— кулак, *тумагу* —(сасык) *тумоо*, б. түрк, *туйгак, туяк*. ж. б.

2. Эрин күүсүнүн бузулушу биринчи муунда «*о*» катышкан сөздөрдөн да учурайт;

1) Эрин күүсүнүн бузулушуна тарыхий жагынан созулма үндүүлөрдүн чыгышы да таасирин тийгизген. Созулма үндүүгө айланган тыбыштык тизмекке көбүнчө алгач түпчүл [*гъ, ғъ*] тыбыштары катышкан; андан аркы өнүгүшүндө булар «жумшарып» эринчил чормогой [*ѡ*]га өткөн; өзүнүн жаратылышы боюнча [*ѡ*] тыбышы эринчил жана жылчыкчыл болгондуктан өзүнүн тегерегиндеги (алдындагы) ачык үндүүлөрдүн эринчилдерге айланышына түрткү болгон, өзү болсо созулма үндүүгө айланып кеткен, а сөздүн соңку бөлүгүндөгү ачык үндүүлөр мурдагы калыбында ачык бойдон кала берген. Ушунун натыйжасында сөздүн составынан эрин үндүүлөр менен катар ачык (эринсиз) үндүүлөр орун алып калышкан. Мисалы: байыркы түркчө *аглак*, кыр. (диа.) *оѡлак*, ад. т. оолак; уйг. *баг. багла* — кыр. *боо боола, боо байла;* өзб. *совғат*, кыр. *соогат;* эски жазма монг. *тогудак*, кыр. *тоодак;* б. түрк. *йагыла — жоола*. Байыркы тилдерде эрин күүсүнүн начар өнүккөндүгүнүн калдыгы болуу керек, азыркы кыргыз тилинде кээ бир эринчил сөздөр тилдин күүсү менен айтыла берет: *тоодо-тоода* (орф. *тоодо*) ж. б.

2) Эрин күүсүнүн бузулушу мүчөдө да кезигет, бирок аз: *доо-доола* (дооло эмес), *доолаш, оолаш, жоо-жоола* (жоолэ эмес), *жоолаш* ж. б.; сал. доого каласың. Демек, кыргыз тилинин азыркы өнүгүү этабында эринчил созулма «оо» катышкан сөздөрдө эрин күүсү (*«ө»* катышкан көп муундуу сөздөрдү айтпаганда да) бир кылка эмес.

3) Башка түрк тилдериндеги сеяктуу эле, кыргыз тилинде да сөздүн аяккы муунундагы үндүү, үнсүз тыбыштар үндөшүү жана ээрчишүүү үчүн чечүүчү ролду ойнойт. Мүчөлөрдөгү үндүү тыбыш сөздүн аяккы муунундагы үндүү тыбышты ээрчийт, алардын жоон-ичкелигине, эриндүү-эринсиздигине

карата өзгөрөт. Кыргыз тилинде өзгөрбөй турган мүчөлөр да бар. Алар өздөрү жалганган сөздөрдөгү үндүүлөр менен үндөшпөйт, ошондуктан андай мүчөлөр *«ээрчибес»* (кээде *«кербес»*) *мүчөлөр* деп аталат. Ушул типтеги мүчөлөрдүн тыбыштык бул бөтөнчөлүгү да эрин күүсүнүн бузулушуна себеп болгон. Ээрчибес мүчөлөрдүн көпчүлүгү араб-иран сөздөрү аркылуу кирген, алардын кайсы бирөөлөрү түрк сөзү, бир канчасынын теги али белгисиз. Ээрчибес мүчөлөр эрин күүсү боюнча да, тилдин күүсү боюнча да үнгудагы үндүүлөр менен үндөшпөйт: *-кор, -кер, -ман, -стан, -кеч* (иран тилдеринен кирген), *-ий* (араб тилинен кирген сөздөрдөн сын атоочту жасайт); *-тай, -ке, -ек* (эркелеткенде, урматтаганда колдонулуучу мүчө), *-бай* ж. б. Мисалы: *канкор, чайкор, койчуман, уйчуман; аткеч, төөкеч, арабакеч, асылкеч; пахтакер, жоокер, жоопкер, талапкер; атаке, апаке, Тооке: акетай, Какетай, Ростай (<Роза), күлчөтай (<күлчө+тай), койонек* (орф. *коёнек), кыргыйек* (орф. *кыргыек); Түркмөнстан, Өзбекстан* ж. б.

4. Кыргыз тилинде эрин күүсү башка тилдерден кирген сөздөрдүн эсебинен да бузулууда:

1) монгол тилинен өздөштүрүлгөн сөздөргө: *жута* (мон. *зута), жунгак* (мон. *зунгаг), кунан* (мон. *гунан), кунажын* (мон. *гунжин), куяң* (мон. *хуян), шумкар* (сал. мон. *шонхор*), *куда* (мон. *худ), кудагый, куйка* (мон. *хуйх), куйкала* (мон. *хуйхла), кулан* (мон. *хулан*), куймак (мон. *хуймаг*) *кула* мон. *хул: хул азрага* — кула айгыр, сал. түрк. *адгыр//азгыр// айгыр*) ж. б.

2) араб-иран сөздөрү аркылуу; *куса, убал, кумарпоз, курман, козопая, козек; Абди, Кожокмат, Муракмат, Муралы* ж. б.

3) орус жана интернационалдык сөздөрдө да эрин күүсү сакталбайт: пионер, вожатый, комитет, командир ж. б.

Жогоруда эскертилгендей, кыргыз тилинде сөздөгү үндүү тыбыштар тилдин күүсү (жоон же ичке), эрин күүсү (эрин үндүүлөр) боюнча эки түрдүү ээрчишет. Кыргыз тилинин азыркы мезгилдеги өнүгүш этабында эки-үч муундуу төл сөздөрдө тилдин күүсү да, эрин күүсү да, негизинен, сакталат. Бирок булардын ичинен көп муундуу сөздөрдө эрин күүсү боюнча, сейрек болсо да, бузулуу тенденциясы бар. Анткени кээ бир сөздөр үндүү тыбыштары боюнча, айрыкча ичке эрин үндүүлөр боюнча эки түрдүү айтылып жүрөт. Мисалы: *үйлөрүбүзгө* дегендин ордуна *үйлерибизге* деп айтылган учурун угууга болот. Ушу сыяктуу эле *үмүткөрбүз — үмүткербиз //үмиткербиз* түрүндө айтылышына жол берилип жүрөт. Эрин күүсүнүн иреттүүлүгүнүн сакталбагандыгына дагы төмөндө-

гудөй фактыларды келтирүүгө болот. Мындай сөздөрдүн оозеки речте эриндешүүсү олку-солку, бирок орфографиялык эреже боюнча аларды эринсиз (ачык үндүүлүү) варианттарына көбүнчө жол берилбейт: *чөмөлөлө—чөмөлеле, бузукулук—бузакылык, дүйшөнбү—дүйшемби, жылуулук—жулуулук, күнөс—күнес, күмөндөр—күнемдер, өкмөт—өкмат, түгөй—түгей, чулгоо—чылгоо, чөгөлө—чөгеле, дөөпөрөс—дөөперес, дооронн—дооран, үйлөн—үйлен, өйдөлө—өйделе, көкүрөк—көкүрек*, ж. б. (мындай дублеттер аз эмес).

Мүчөлөр грамматикалык табияты боюнча жардамчы морфема болгондуктан, алардын көбү сөздүн маанилүү бөлүгүнө өздөрүнүн үндүү менен үнсүз тыбыштары боюнча окшошууга аргасыз болушат.

Сөздүн жардамчы морфемалык бөлүгүнүн тыбыш жагынан өзгөрүүгө дуушар болушу мүчө менен бүтүн сөздүн негизги белгилеринин бири болуп саналат. Эгерде ал өзүнчө бүтүн сөз болсо, алдыңкы сөздү тыбыш жагынан ээрчибейт. Эгер ал мүчө болсо, тыбыш жагынан өзгөрүп кетет: б. түрк. сү *башы бен* — кыр. аскер *башымын* (мында *бен* — өзүнчө сөз, алдында турган *башы* деген сөз менен тыбыш жагынан үндөшкөн жок; баяндоочтук орунда турган ошол ат атооч *бен* кыргыз тилинде, алдындагы сөзгө тыбыш жагынан өзгөрүп, *-мын* формасында мүчөгө айланып кеткен; же: каз. *-тын ~ -тин, алт. -тан ~ -тен* (*<турган*):каз. *баратын* киси — алт. *Баратан* кижи, кыр. *бара турган* киши; кыргыз тилинде *турган* сөзүнүн мүчөгө айлана электиги анын тыбыштык составынын өзгөрбөгөндүгүнөн эле көрүнүп турат.

Үнгу сөздөрдө тыбыштар өз ара көбүнчө үндүүлөрү боюнча үндөшсө, мүчөдөгү тыбыштар сөздү үндүү жана үнсүздөрү боюнча ээрчийт. Үнгу менен мүчөнүн айкалышындагы ээрчишүү эки жактуу (үндүү жана үнсүздөрүнүн өзгөрүшү боюнча) болот.

Сөздүн составындагы үндүүлөр да, үнсүздөр да ар бири өз ара эриш-аркакта болушат. Бирде алдыңкы тыбыш арткы тыбышка таасир этсе, бирде тескерисинче, соңкусу алдыңкысына таасир этет. Тыбыштардын эриш-аркагы бир сөз ичинен же жанаша айтылган эки сөз ортосунан да кезигет.

Соңку муундагы үндүү тыбыштар адатта алдыңкы муундагы үндүүлөр менен үндөшөт, ошолорду ээрчийт. Кыргыз тилинде муну катар алдыңкы муундагы үндүүлөр арткы муундагы үндүүлөргө карата өзгөргөн учур да кездешет. Бирок ошондо да үндүүлөрдүн үндөшүүсү сакталат, сөз үндүүлөрүнүн составы боюнча бир кылка болот.

Кыргыз тилинде мындай кубулуш анчалык өнүгө алган

эмес, айрым туунду сөздөрдөн жана тарыхий бириккен сөздөрдөн кезигет:

бир+өө>бүрөө, эки+өө>өкөө (орф. *бирөө, экөө*), *заман* (*<*ар. *заман*), *сарай* (*<*пер. *сарай*);

үн+чык>үнчүк, бу+күн>бүгүн, о+күнү>өгүнү, (күндөрдүн) бириси+күнү>бүрсүгүнү, (күндөрдүн) бир күнү>бүргүнү (орф. *бир күнү*), *бу+йыл>быйыл, бу+йылдыр>былтыр, о+йүз>өйүз, бу+йүз>бүйүз* ж. б.

Үнсүздөрдүн өзгөрүшү

Үнсүз тыбыштардын бир сөз ичиндеги же жанаша айтылган эки сөз ортосундагы өз ара айкашуу абалына (комбинатордук шартына) жараша бири-бирине таасир этип өзгөрүшү негизинен *ассимиляция* (окшошуу) жана *диссимиляция* (окшошпоо) деп аталган эки түрдүү фонетикалык закондуулукка баш иет. Үндүүлөрдүн тилге жана эринге карай үндөшүп өзгөрүшү жалпысынан алганда сөздүн бардык муундарына текши тарай турган тыбыштык кубулуш экендиги белгилүү. Үнсүздөрдөгү өзгөрүү болсо бул сыяктуу кеңири аймакка тарай албайт. Ал негизинен бири-бирине катар келип айкалышкан эки тыбыштын чегинен чыкпаган тар чөйрөнү гана камтыйт.

Үнсүздөрдүн ассимиляциясы менен диссимиляциясынын ар бирине тиешелүү болгон ички айырмачылыктары бар. Ошондуктан бул эки маселеге айрым-айрым токтолууга туура келет.

Ассимиляция

Үнсүздөрдүн ассимиляциялык кубулушу жогоркудай шартта айтылган үнсүз тыбыштардын бирөө экинчисине таасир этүүдөн улам келип чыккан жана алардын белгилүү бир деңгээлде өз ара окшошуп калышын көрсөткөн фонетикалык өзгөрүү болуп саналат. Мындай өзгөрүү жалпысынан эки түрдүү болушу мүмкүн. Анын биринчиси т о л у к, экинчи бир түрү т о л у к э м е с (жарым-жартылай) а с с и м и л я ц и я деп аталат. Эгерде эки башка үнсүз тыбыштын бири экинчисине таасир этип, анын бардык белгилери боюнча абсолюттук окшоштугу бар (башкача айтканда, дал өзүндөй болгон) тыбышка өткөрүп жиберсе, мындай фонетикалык кубулуш толук ассимиляциялык өзгөрүү болуп саналат. Толук ассимиляцияга төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүлөр мисал боло алат. Үнгу менен мүчөнүн же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда *з+с* же болбосо *н+м* сыяктуу тыбыштык айкалыштар учурап калса, бул тыбыштардын өз ара таасиринен улам

з>с жана *н>м* болуп өтүшөт да, *сс* жана *мм* түрүндөгү эки окшош үнсүз катар колдонулуп калат: 1) *тузсура>туссура, сөзсүз>сөссүз, азсын>ассын, жазса>жасса, көз сал>көс сал, муз сыяктуу>мус сыяктуу* ж. б.; 2) *жанмай>жаммай, тунма>тумма, карын май>карым май, күн мурун>күм мурун* ж. б.

Бирок кыргыз тилиндеги ассимиляциялык өзгөрүүлөрдүн бул сыяктуу толук түрүнө караганда, анын толук эмес (жарым-жартылай) деп аталган түрү басымдуулук кылат. Анткени ассимиляциялык кубулуштардын жалпы негизи үнсүздөрдүн бири-бирине толук окшошуп өзгөрбөстөн, айрым бир белгилери боюнча гана өз ара жакындашып, жарым-жартылай окшошуп калуу өзгөчөлүктөрүнөн турат. Мындай окшошууну, маселен, үнсүздөрдүн эриндешүү же мурундашуу жолу менен болгон өзгөрүшүнөн, ошондой эле каткалаң үнсүздөрдүн жумшарып же жумшак үнсүздөрдүн каткалаңдашып кетүүсүнөн ачык көрүүгө болот. Буга төмөнкүлөр мисал боло алат: 1) *н+б* түрүндөгү тыбыштык айкалышта *б* тыбышы *н* тыбышын эриндештирип, *н>м* сыяктуу ассимиляциялык өзгөрүүгө алып келет: *түмбү (<түн+бы), тумбады (<тун+ба+ды), мумкүм бекен (<мүмкүн бекен);* 2) *тапан, тепин, буун, кабан* сыяктуу бир катар сөздөрдөгү *п, б* тыбыштары сөз аягындагы мурунчул *н* аркылуу *м* тыбышына өтүп (*п>м, б>м* болуп өзгөрүп), ал сөздөр *таман, темин, муун, каман* түрүндө колдонулуп калган; 3) каткалаң үнсүздөр менен аяктталган сөздөргө айкашканда, мүчөнүн башындагы жумшак үнсүз тыбыш өзүнүн каткалаң түгөйүнө өтүп өзгөрөт: *ташка (<таш+га), сууктан (<суук+дан), бышыкпы (<бышык+бы), бастыр (<бас+дыр)* ж. б.

Үнсүздөр сөздүн алды жаккы багытын көздөй да жана арткы багытын көздөй да өзгөрүп айтыла берет. Эгерде үнсүз тыбыштар өзүнөн мурдагы тыбыштын таасири менен өзгөрүп айтылса (башкача айтканда, өзгөрүү сөздүн алды жагын көздөй багытталса), *үнсүздөрдүн прогрессивдүү ассимиляциясы* деп аталат. Өзүнөн кийинки тыбышка карата болгон өзгөрүү үнсүздөрдүн регрессивдүү ассимиляциясына жатат. Мындай учурда өзгөрүү сөздүн арткы багытын көздөй оойт.

Прогрессивдүү ассимиляция. Үнсүздөрдүн мындай багытагы өзгөрүшү үнгу менен мүчөнүн айкалышкан жеринде же бири-бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда каткалаң+жумшак болуп кабатталып келген абалда өзгөчө айкын сезилет. Эгерде сөздүн аяккы тыбышы каткалаң үнсүз менен аяктталса, ага жалганган мүчөнүн же жанаша айтылган экинчи бир сөздүн башындагы жумшак үнсүз да өзүнүн каткалаң түгөйүнө өтөт. Мисалы:

1) *б>п: жаш+бы—жашпы, тарт+ба—тартпа, ук+ба—укпа, жооп бер—жооп пер.*

2) *д>т: жумуш+дан—жумуштан, түндүк+да—түндүктө, класс+да—класста, тарт деди—тарт теди.*

3) *г>к: бак+га—бакка, саат+га—саатка, ат+гыч—аткыч, тыш+гаары—тышкаары, көк гүл—көк күл.*

Бирок мындай өзгөрүүлөрдүн бардык түрү тең эле адабий тилдин орфографиялык нормасынан орун ала берген эмес. Булардын ичинен үнгу менен мүчөнүн чегиндеги каткалаң+каткалаң болуп кабатталган тыбыштык айкалыштар гана *(ук-па, класс-та, ат-кыч)* ушул турушунда жазылат. Ал эми сөз ортосунда учураган жогоркудай тыбыштык айкалыштар *(жооп пер, тарт теди, көк күл)* жазууда берилбестен, оозеки айтылышта гана боло турган тыбыштык өзгөрүүлөргө жатат.

Эгерде үнгу менен мүчөнүн же эки сөздүн өз ара айкалышкан чегинде жалаң жумшак үнсүздөр, же болбосо жумшак үнсүз менен кандайдыр бир үндүү тыбыш кабат келип айтылып калса, анда мүчөнүн да, ошондой эле бири-бирине жанаша айтылган эки сөздүн кийинки сөзүнүн да башкы үнсүз тыбышы өзгөрбөстөн кала берет. Жазууда да ал үнсүз тыныштын ушул айтылган түрү толук сакталат. Мисалы: *мал+бы — малбы, бар+бы — барбы, жаз+ба — жазба, сура+ба — сураба, жакшы бекен, жаан+дан — жаандан, шаар+да, кел деди, алма+га — алмага, карма+гыч — кармагыч, кызыл гүл* ж. б.

Каткалаң түгөйлөрү жок болгондуктан, *р, л, м, н, ң, й* сыяктуу уяң үнсүздөр өзүнөн башка жумшак үнсүздөр менен да, каткалаңдар менен да жанаша келип айтыла берет. Демек, уяң үнсүздөрдүн *лб-лп, лд-лт, лг-лк, рг-рк, рб-рп, рд-рт, мг-мк, мд-мт, йг-йк, йд-йт, нд-нт, ңг-ңк, ңд-ңт* ж. б. сыяктуу болуп айкалыша берүүгө толук шарты бар. Мисалы: *калбыр—калпак, жалгыз—жалкы, балдак—балта, коргон—коркок, чарбак—чырпык, жарды—жарты, тамга—томкор, сомдо—коломто, тайгак—тайкы, кайдан—кайтар, жандык—жантык, мөңгү—мөңкү, каңда—каңтар* ж. б. Уяң үнсүздөр менен аякталган сөздөргө кээ бир мүчөлөр эки түрдүү болуп жалгана бериши да мүмкүн. Анын бирөө жумшак үнсүз менен башталса, экинчи бир түрү каткалаң үнсүз менен да келе берет. Мисалы: *адамгерчилик—адамкерчилик, жайгар—жайкар, өңгөй—эңкөй, былтыргы—былтыркы, бейгүнөө—бейкүнөө, соңгу—соңку, таңгы—таңкы, балтырган—балтыркан, бир гыйла—бир кыйла.*

Ал эми -дыр мүчөсүнүн *л* тыбышы менен аякталган этиш сөздөргө жумшак же каткалаң үнсүз менен башталып, эки

түрдүү жалганышы мындан алда канча кеңири. Буга этиштин төмөнкүдөй аркылуу мамиле формасы мисал боло алат:

ал-дыр	*кал-тыр*
бил-дир	*кел-тир*
күл-дүр	*тол-тур*
жул-дур	*өл-түр*

Регрессивдүү ассимиляция. Үнсүз тыбыштардын бул багыт боюнча өзгөрүшү да бир сөз ичинде (уңгу менен мүчөнүн чегинде) жана бири бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда кездеше берүүчү тыбыштык кубулуштардан болуп саналат. Алар төмөнкүдөй тыбыштык айкалыштардын негизинде пайда болот, бирок жазууда берилбей, оозеки айтылышта гана учурайт.

1) Уңгу менен мүчөнүн же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда *н+г, н+к* болуп кабатталган үнсүздөрдүн кийинкиси (*г, к*) өзүнөн мурдагы үнсүзгө (*н* тыбышына) таасир этип, аны *н>ң* түрүндө өзгөртөт: *көрүнгөн>көрүңгөн, мууңга>мууңга, жууган>жууңган, кубанган>кубаңган, кийин келди>кийиң келди, мен гана>мең гана, түнкү>түңкү, мурунку>муруңку, он гектар>оң гектар* ж. б.

2) Жогоркудай комбинациялык абалда *з+с* түрүндө кабат келип айтылган эки үнсүз тыбыштын каткаланы (*с* тыбышы) өзүнөн мурдагы жумшак үнсүзгө (*з* тыбышына) таасир этип, *з>с* түрүндө каткаландаштырып жиберет: *сөзсүз>сөссүз, тузсуз>туссуз, созсо>соссо, азсынт>ассынт, көз сал>кэс сал, боз сымак>бос сымак* ж. б.

3) Бир сөз ичинде же жанаша айтылган эки сөздүн ортосунда *н+б, н+м* болуп кабатталып айтылган үнсүз тыбыштардын экинчи түгөйү (*б, м*) кош эринчил болгондуктан, ал өзүнөн мурдагы *н* тыбышын кош эринчил *м* тыбышына өткөрүп, анын натыйжасында *нб>нм, нм>мм* сыяктуу өзгөрүү пайда болот: *танба>тамба, тонбу>томбу, ынанбайт>ынамбайт, тунма>тумма, жуунмайынча>жуummайынча, түн бою, карын май>карым май* ж. б.

Кээде бири-бирине жанаша колдонулган эки сөздүн арасында үнсүз тыбыштардын алга карай (прогрессивдүү ассимиляция боюнча) жана артка карай (регрессивдүү ассимиляция боюнча) өзгөрүп айтылышы кабат келип калышы да мүмкүн. Маселен, бири-бирине жанаша айтылган эки сөздүн чегиндеги *н+к* болуп кабатталган тыбыштардын кийинкиси мурункусуна жана мурункусу кийинкисине бир эле учурда өз ара таасир этүүнүн натыйжасында алар *ң+г* сыяктуу башка тыбыштарга өтүп өзгөрөт. Бирок мындай өзгөрүү оозеки айтылышта гана учурайт, жазууда анын өзгөрбөгөн түрү толук

сактала берет. Мисалы: *түң гирди (<түн кирди), амаң гелди (<аман келди), тоң гийди (<тон кийди), ээң галды (<ээн калды)* ж. б.

Диссимиляция

Кыргыз тилиндеги бир катар үнсүздөр артикуляциялык белгилери боюнча анча окшоштугу болбогон башка бир үнсүз тыбышка да өтүп өзгөрө берет. Бирок мындай тыбыштык кубулуштарды тил практикасында туш келди эле учурай берүүчү чаржайыт көрүнүштөр катары түшүнүүгө болбойт. Булар айрым гана үнсүздөрдүн бири-бирине кабат келип айкалышкан комбинациясында учурай турган жана ассимиляцияга караганда анча активдүү өнүкпөгөн тыбыштык кубулуштардан болуп саналат.

Үнсүз тыбыштардын мындай диссимиляциялык кубулуштары негизинен төмөнкүдөй учурларда байкалат.

1) Бир катар мүчөлөрдүн (мисалы: *-ла, -лар, -луу, -лык, -ны, -нын, -ныкы*) башкы *л, н* тыбыштары сөз аягында колдонулган жумшак үнсүздөргө кабат келип айтылган учурда *л>д* жана *н>д* болуп өзгөрөт. Жазууда да булардын ушул сыяктуу өзгөргөн түрлөрү толук сактала берет. Мисалы:

а) *-ла, -лар, -луу, -лык* мүчөлөрүнүн *з, л, н, ң, м* менен аяктalган сөздөргө жалганышы:

-ла:	*көз+ла — көздө*
	пул+ла — пулда
	жан+ла — жанда
	кам+ла — камда
	чың+ла — чыңда
-лар:	*кыз+лар — кыздар*
	жыл+лар — жылдар
	сан+лар — сандар
	кийим+лар — кийимдер
	дөң+лар — дөңдөр
-луу:	*муз+луу — муздуу*
	мал+луу — малдуу
	жан+луу — жандуу
	ченем+луу — ченемдүү
	жең+луу — жеңдүү
-лык:	*семиз+лык — семиздик*
	жыл+лык — жылдык
	кенен+лык — кенендик

---

* Бул терминди ред. мүчөлөрү кубатташпайт, фонетикалык кубулуштун өзү толук эмес ассимиляция катарында каралууга тийиш (ред.).

өкүм+лык — өкүмдүк
калың+лык — калыңдык

Аягы *р* тыбышы менен бүткөн бир катар сөздөргө жогоркудай мүчөлөр жалганган учурда булардын башкы *л* тыбышы өзгөрбөй да жана өзгөрүп, *д* тыбышына өтүп айтылышы да мүмкүн. Мисалы:

түрлө — түрдө
карла — карда
барлык — бардык
жерлик — жердик
тарлык — тардык
карлуу — кардуу
түрлүү — түрдүү ж. б.

б) *-ны, -нын, -ныкы* мүчөлөрүнүн *й, з, л, м, н, ң, р* менен аяктalган сөздөргө жалганышы:

-ны: *карагай+ны — карагайды*
кагаз+ны — кагазды
канал+ны — каналды
чыгым+ны — чыгымды
кулун+ны — кулунду
тоң+ны — тоңду
таар+ны — таарды

-нын: *сарай+нын — сарайдын*
кебез+нын — кебездин
курал+нын — куралдын
коом+нын — коомдун
кырман+нын — кырмандын
кайың+нын — кайыңдын
жер+нын — жердин

-ныкы: *үй+ныкы — үйдүкү*
каз+ныкы — каздыкы
айыл+ныкы — айылдыкы
балам+ныкы — баламдыкы
жээн+ныкы — жээндики
атаң+ныкы — атаңдыкы
шаар+ныкы — шаардыкы

Эгерде жогоркудай *л, н* тыбыштары менен башталган мүчөлөр каткалаң үнсүздөр менен бүткөн сөздөргө жалганган болсо, анда *л>д, н>д* сыяктуу диссимиляциялык кубулушка өтөт. Анткени *д* сөз түн орду ассимиляциялык кубулушка аягындагы каткалаң үнсүздөр менен катар келип айтыла албайт. Ошондуктан ал өзүнүн каткалаң түгөйү болгон *т* тыбышына өтүп кетет. Мисалы: *кап+ла — капта, тоок+лар — тооктор, чөп+луу — чөптүү, көп+лык — көптүк, ат+ны—атты, куш+нын — куштун, көпчүлүк+нын — көпчүлүктүн* ж. б.

Диссимиляциядан ассимиляцияга карай оогон мындай тыбыштык кубулуштун пайда болуу процессин проф. И. А. Батманов:

$$\begin{matrix} л \\ н \end{matrix} > д \rightarrow т$$

сыяктуу схема менен көрсөткөн[1].

2) Үнсүздөрдүн диссимиляциялык кубулуштарынын дагы бир көрүнүшү бир сөз ичинде (уңгу менен мүчөнүн чегинде) жана бири-бирине жанаша айтылган эки сөз ортосунда учураган *ч+с, ч+т, ч+ч, ч+ж* сыяктуу тыбыштык айкалыштардын негизинде пайда болот. Мындай айкалыштарда *с, т, ч, ж* тыбыштарынын таасири менен өзүнөн мурдагы *ч* тыбышы *ч>ш* болуп өзгөрөт. Бирок жазууда мунун өзгөрбөгөн түрүнө гана жол берилет. Мисалы: *чач+са>чашса, кач+сын>кашсын, ач+ты>ашты, кеч+те>кеште, уч+чул>ушчул, жыгач+чы>жыгашчы, кеч чыкты>кеш чыкты, күч сынады>күш сынады, үч түн>үш түн, үч жаш>үш жаш, үч жүз>үш жүз* ж. б.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн да жана үнсүз тыбыштардын комбинатордук өзгөрүүлөргө көбүрөөк учурап айтылышы сөз мүчөлөрүнүн да ошончулук деңгээлде көп вариантту болуп калышына алып келген. Бул жагынан алганда кыргыз тили кээ бир түрк тилдеринен (мисалы, өзбек, түркмөн, уйгур ж. б. тилдерден) белгилүү деңгээлде өзгөчөлөнүп турат. Бирок көп варианттуулуктун өлчөмү кыргыз тилиндеги бардык эле сөз мүчөлөрүндө бирдей калыпта эмес. Маселен, үнсүз тыбышы да жана үндүүсү да көп түрдүү болуп өзгөргөндүктөн, төмөнкүдөй мүчөлөр он эки варианттуу болуп колдонулат:

а) *-ла, -ле, -ло, -лө; -да, -де, -до, -дө; -та, -те, -то, -тө;*

б) *-лар, -лер, -лор, -лөр; -дар, -дер, -дор, -дөр; -тар, -тер, -тор, -төр;*

в) *-лык, -лик, -лук, -лүк; -дык, -дик, -дук, -дүк; -тык, -тик, -тук, -түк;*

г) *-ны, -ни, -ну, -нү; -ды, -ди, -ду, -дү; -ты, -ти, -ту, -тү;*

д) *-нын, -нин, -нун, -нүн; -дын, -дин, -дун, -дүн; -тын, -тин, -тун, -түн.*

---

[1] *И. А. Батманов.* Современный киргизский язык, вып. 1, Фрунзе, 1963, стр. 147.

Бул келтирилген мүчөлөрдүн үнсүзү үч түрдүү, ал эми үндүүсү төрт түрдүү болуп колдонулган үчүн жалпы варианттарынын саны он экиге чейин жетет.

Үндүүсү төрт, үнсүзү эки түрдүү болуп колдонулган сегиз варианттуу мүчөлөргө *г, д, б* тыбыштары менен башталган *-га, -да, -дан, -бы, -ба, -быз* сыяктуу сөз мүчөлөрүн кошууга болот. Булардын үнсүздөрү *г-к, д-т, б-п,* ал эми үндүүлөрү болсо *а-е-о-ө* жана *ы-и-у-ү* сыяктуу түрлөргө өтүп өзгөрө берет.

Үнсүзү *л-д-т*, үндүүсү *уу-үү* болуп өзгөрүп айтылган үчүн *-луу* мүчөсү алты гана вариантка ээ (*-луу, -лүү; -дуу, -дүү; -туу, -түү*). Үнсүз тыбышы өзгөрүлбөй айтылып, жалаң үндүүсү аркылуу гана төрт варианттуу болуп колдонулуп жүргөн сөз мүчөлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот: *-чы, -сыз, -мын, -сың, -ар, -ы (-сы)*. Булардын үндүүлөрү *ы-и-у-ү* жана *а-е-о-ө* түрүндө өзгөрүлө берген үчүн ар бири төрт варианттуу болуп колдонулат. Жалаң үндүүлөрдөн гана турган эки варианттууларга *-уу (-үү), -оо (-өө)* мүчөлөрү кирет. Ал эми *-гер (-кер)* мүчөсү болсо үндүүсү туруктуу айтылып, үнсүзү аркылуу гана эки варианттуу болуп колдонулат (*соодагер, кызматкер*), *-чу (-чү)* мүчөсү, мунун тескерисинче, үнсүзү туруктуу келип, үндүүсү өзгөрүлүп айтылган үчүн эки варианттуу болуп колдонулат (*барчу эле, келчү элек*).

Сөз мүчөлөрүнүн жогоркудай көп варианттуу болуп колдонулушу кыргыз орфографиясына да толугу менен чагылдырылган. Ошондуктан алар фонетикалык принципке негизделип, бардык варианттары толук бойдон жазыла берет. Орфографияда алардын белгүлүү бир вариантын гана калтырып, калгандарына орфографиялык укук бербей коюуга, башкача айтканда, бардыгын бир формага келтирип, бириктирип жазууга эч мүмкүн эмес. Маселен, *-лар*, мүчөсүнүн 12 варианта колдонулуп айтылышын бир гана түргө келтирип коюуга туура келсе, анда *таштар, аттар, малдар, жолдор* деген сөздөр *ташлар, атлар, маллар, жоллар* болуп жазылууга тийиш эле. Бул тилдик норманы бузгандыкка гана жатмакчы. Ошондуктан *-лар* мүчөсүнүн сөзгө жалганып айтылган бардык 12 варианты жазууда толук берилүүгө тийиш. Мисалы: *аталар, энелер, тоолор, көчөлөр, айбандар, кийимдер, коёндор, үнсүздөр, балыктар, жемиштер, тооктор, бөжөктөр.*

Кыргыз тилиндеги бир катар мүчөлөр тыбыштык түрүн өзгөртүү гана эмес, кээде тыбыштык составын кыскартып, толук формада айтылбай калуу аркылуу да көп варианттуулукка ээ боло берет. Тактап айтканда, мүчөлөрдүн тыбыштык составынын бул өндүү кыскарып кетиш өзгөчөлүгү жогоркудай варианттуулуктун санын дагы арттырат. Буга этиштин бирин-

чи жак менен айтылган өткөн чагын уюштуруучу *-ган+мын (баргамын)* формасынын кээде *-гамын (баргамын), -гам (баргам)* түрүндө кыскарып кетүүсүн мисал кылсак болот. Кээде илик, табыш жөндөмөлөрүнүн формалары да таандык мүчөдөн кийин жогоркудай кыскарууга дуушар болот: атымдын//атымын//атымы ж. б. Ал эми барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү болсо ошол эле таандык мүчөдөн кийин *-га* эмес, *-а* түрүндө жалганып калат: *балама, үйүмө, инилериме, короомо.* Фонетикалык принцип сөз мүчөлөрүнүн мына ушундай өзгөчөлүктөрүн да толук камтып, буларды айтылышы боюнча жаза берүүгө жол берет.

Үнсүздөрдүн жумшарышы

Каткалаң үнсүздөрдүн жумшарышы алтай, хакас, тува сыяктуу бир катар түрк тилдеринде өтө эле кеңири өнүккөн. Аларда үндүү тыбыштардын таасири аркылуу бардык каткалаң үнсүздөр комбинатордук өзгөрүүгө учурап, өзүнүн жумшак түгөйлөрүнө өтүп айтыла берет. Түркмөн тилинде болсо *қ, к, п, т, ч* тыбыштары гана жумшарат, калган каткалаң үнсүздөр үндүүлөрдүн таасирине баш ийип өзгөрө бербейт. Ал эми кыргыз тилинде болсо үндүүлөрдүн таасирине карай жумшарып айтылуучу тыбыштардын саны өтө эле аз. Алар: *қ, к, п.* Бул тыбыштар казак тилинде да ушул сыяктуу комбинатордук өзгөрүүгө учурайт.

Булардын үндүүлөр аркылуу жумшарып өзгөрүшү көбүнчө регрессивдүү ассимиляциялык кубулуштарга жатат, прогрессивдүү ассимиляция боюнча өзгөрүшү анча кеңири өнүккөн эмес. Эгерде башкы тыбышы үндүү менен келген мүчөлөр жалганса, сөз аягындагы *қ, к, п* тыбыштары жумшарып, *қ>ғ, к>г, п>б* болуп өзгөрөт. Демек, мүчөдөгү үндүү тыбыштар өзүнөн мурдагы каткалаң үнсүздөргө таасир этет. Жазууда да булардын ушул сыяктуу өзгөргөн түрү сактала берет. Мисалы: *бак+ым>бағым, жук+уу>жуғуу, чык+ар>чығар, тек+ы>теги, тик+уу>тигүү, көк+ар>көгөр, топ+ым>тобум, чап+уу>чабуу, сеп+ыл>себил* ж. б.

Бири-бирине катар келип айтылган эки сөздүн биринчиси каткалаң *қ, к, п* тыбыштарынын бири менен аяктап, андан кийинки сөз үндүү тыбыш менен башталса, ал каткалаңдар өзүнөн кийинки үндүү тыбышка карата өзгөрүп, *ғ, г, б* тыбыштарына өтөт, бирок мындай өзгөрүү жазууда берилбейт. Мисалы:

айтылышы:	жазылышы:
ағала	*ақ ала*
көгала	*көк ала*
турағүй	*турақ үй*
жоғеле	*жоқ эле*
бегекен	*бек экен*
тобойно	*топ ойно*
кебуқ	*кеп уқ*
чөбүймөк	*чөп үймөк*
сатыбал	*сатып ал*

Бул айтылган тыбыштардын прогрессивдүү ассимиляция боюнча өзгөрүшүн төмөнкүдөй мисалдардан көрүүгө болот (бирок мындай өзгөрүү эки сөз ортосунда гана учурайт).

айтылышы:	жазылышы:
алагийиз	*ала кийиз*
қарағарға	*қара қарға*
соогелди	*соо келди*
сууғуйду	*суу қуйду*
барағой	*бара қой*
алдағачан	*алда қачан*
эртегел	*эрте кел*
карагүрөң	*қара күрөң*
тоогийик	*тоо кийик*

Үнсүздөрдүн жогоркудай өзгөрүүсү эки сөз ортосунда уяң үнсүз+каткалаң үнсүз болуп кабат айтылып калган учурда да боло бериши мүмкүн. Жазууда булардын өзгөрбөгөн түрүнө гана жол берилет. Мисалы: *таңғалды<таң калды, меңгим<мен ким, жөңғой<жөн қой, шамгүйду<шам күйду, қаргетти<кар кетти, тоңгийди<тон кийди* ж. б.

Бирок жогоркудай каткалаң үнсүздөр бардык учурда эле үндүүлөрдүн таасирине баш ийип өзгөрө бербейт. Айрым учурда булар эки үндүүнүн ортосунда келип айтылганына карабастан, өзүнүн каткалаң абалында кала бериши да мүмкүн. Маселен *бек, кек, шек* деген сөздөр мүчөлөр аркылуу *беки, бекем, кекен, шекин* түрүндө айтылып калса, аяккы үнсүз тыбышы каткалаң боюнча кала берет. Аягы *қ, к, п* тыбыштары менен келген тууранды сөздөргө *-ылда* мүчөсү айкашкан учурда да бул каткалаң үнсүздөр жумшарбастан, мурдагы калыбынча колдонула берет. Мисалы: *бак+ылда — бакылда, шақ+ылда — шақылда, кақ+ылда — қақылда, күңк+ылда, күңкүлдө, дүк+ылда — дүкүлдө, топ+ылда — топулда, дүп+ылда — дүпүлдө* ж. б.

Ушул каткалаң үнсүздөр менен аяктalган адам аттарынан (*Қарымшақ, Өмүрзақ, Жоробек, Жусуп, Жақып* ж. б.) жасалган фамилияларда да *қ, к, п* тыбыштары эки үндүүнүн ортосуна келип айтыла бериши мүмкүн. Бирок мындай позицияда да бул каткалаң үнсүздөр жумшарбай, мурдагы турушунда айтылат. Мисалы: *Қарымшақов, Өмүрзақов, Жоробеков, Жусупов, Жақыпов.*

Үндүүлөрдүн түшүп калышы

Кыргыз тилинде эки же андан ашык муундуу сөздөргө айрым сөз мүчөлөрү уланганда ал сөздүн аяккы муунундагы үндүү тыбыштын түшүп калуу учурлары кездешет. Бул, көбүнчө, басым башка муунга оошуп кетишинин натыйжасында келип чыгат жана түшүп калуу *ы, и, у, ү* кууш үндүү тыбыштарына гана таандык болот.

1. Аягы *-йыл, -йын, -йин, -юн (-йун), -йим* муундары менен бүткөн бир катар сөздөргө I, II, III жактын таандык мүчөлөрү уланганда бул муундардагы *ы, у, и* үндүүлөрү түшүп айтылат. Мисалы: *айыл+ым — айлым, айыл+ың — айлың, айыл+ы —айлы, айыл+ыбыз — айлыбыз, айыл+ыңыз — айлыңыз.*

Таандык мүчөлөр уланганда сөздүн аяккы муунундагы үндүүнүн түшүп калышы башка бир катар сөздөрдө да учурайт. Мисалы: *кайын+ы — кайны, дайын+ы — дайны, ийин+ы — ийни, моюн+ы — мойну, оюн+ы — ойну, коюн+ы — койну, кийим+ы — кийми.*

Орфография боюнча бул сөздөрдүн кууш үндүүлөрү түшүрүлгөн түрдө жазылышына да, түшүрүлбөй сакталган түрдө жазылышына да жол берилет: *айлы—айылы, кайны—кайыны, дайны — дайыны, пейли — пейили, ийни — ийини, мойну — моюну, ойну-оюну, койну — коюну, кийми — кийими.*

Бул сыяктуу муун түзүлүшүндөгү башка бир топ сөздөргө таандык мүчөлөр уланганда да ал муундагы кууш үндүүлөр мурдагыдай даана, ачык билинбей, жок катары айтылат, бирок жазууда түшүрүлүп таштalбастан толук сакталат. Мисалы: *басмайыл+ы — басмайылы, тыйын+ы — тыйыны, союл+ы — союлу.* Бирок булар: *басмайлын тартты, тыйным жок, сойлу менен бир чапты* түрүндө айтыла бериши мүмкүн жана мындай айтуу орфоэпиянын нормаларына да каршы келбейт.

2. Аягы *-рын (-рин, -рун)* муундары менен аяктalган сөздөргө жакчыл-таандык мүчөлөр уланганда бул мүүндардагы кууш үндүүлөр түшүп да айтылат. Мындай учурларда үндүү тыбыш түшүп айтылуу менен бирге үнгү сөздүн составында

да өзгөрүүлөр пайда болот. Мисалы: *карын+ы — карды, эрин+ы —эрди, орун+ы — орду, мурун+ы — мурду.*

Бул сөздөр *карды—карыны, эрди—эрини, орду—оруну, мурду—муруну* болуп эки түрдүү айтылуу менен бирге, орфографияда ошол эки түрдүү жазылышына да жол берилет.

3. Жогоркуларга окшош типтеги муундар менен аяктал-ган бир катар сөздөргө таандык мүчөлөр уланганда да кууш үндүүлөр түшүрүлүп айтылат. Мисалы: *ысым+ы—ысмы, жарым+ы—жармы, үйүр+ы—үйрү.* Мындай сөздөрдүн да эки түрдүү айтылып жана жазылышына жол берилет.

Таандык мүчөлөр уланганда аяккы муунундагы кууш үндүүсүн түшүрүп таштаган сөздөрдүн бардыгында тең муун чеги өзгөрөт, башкача айтканда, үндүү тыбышын жоготуп жаткан туюк муундагы башкы үнсүз тыбыш өзүнөн мурдагы ачык муундун составына өтөт. Мисалы: *ка-йын, мо-юн (мойун), ки-йим, о-рун, му-рун, жа-рым.* Бул сөздөргө таандык мүчөлөр уланган-дан кийин муун составы бир аз өзгөрүшкө учурайт: *кай-ны, мой-ну, кий-ми, ор-ду, мур-ду, жар-мы.*

4. Аз болсо да, айрым сөздөрдү этишке өткөрүүчү *-а* мүчө-сү уланганда бул мүчөнүн алдынкы муунундагы кууш үндүү түшүп калуу учурлары кездешет жана ал сөздөр ошол айты-лышы боюнча жазылат: *орун+а—орно, оюн (ойун)+а—ойно, кыйын+а—кыйна, жыйын+а—жыйна, жумуш+а—жумша.*

5.Аягы *-ру* мууну менен келген *ууру* деген сөзгө этиш жа-соочу *-ла* мүчөсү уланганда аяккы кууш үндүү түшүп калат да мүчөнүн башындагы *л* тыбышы *д* тыбышына өтүп айтылат жана жазылат: *ууру+ла—уурда.*

Кыргыз тилиндеги *балдар* деген сөздүн пайда болушун да *бала* деген сөздүн аягындагы үндүү тыбыш түшүп калып, ага көптүк *-лар* мүчөсү улануунун натыйжасында келип чыккан өзгөчө учур катарында кароо керек: *бала+лар>бал(а)лар> баллар>балдар.*

6. Аягы *-йыр, -йир, -юр, -йүр* муундары менен аякталган этиш сөздөргө чакчыл *-ып* мүчөсү уланганда ал муундагы кууш үндүү тыбыш түшүп да айтылат. Мисалы: *кайыр+ып— кайрып, ийир+ып—ийрип, буюр+ып—буйрун, чүйүр+ып—чүйрүп.*

Жазууда мындай сөздөрдүн эки түрүнө тең жол берилет.

7. Башкы тыбышы үндүүлөр менен башталган же жалаң үндүү тыбыштан турган-*ым, -ың, -ыш, -ып, -оо, -уу* сыяктуу сөз мүчөлөрү аягы үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө уланган-да мүчөдөгү үндүү тыбыш түшүп айтылат жана жазууда да ошол түрү сакталат: *ата+ым—атам, ини+ым—иним, эне+ың—энең, сана+ыш—санаш, ише—ыш—ишеш, күрө+ып—күрөп, тире+ып—тиреп, алты+оо—алтоо, жети+оо—жетөө,*

карма+оо—кармоо, чене+оо—ченөө, оку+уу—окуу, калкы+уу—калкуу, чири+уу—чирүү.

8. Жанаша айтылган сөздөрдүн биринчиси үндүү менен аяктап, ага удаалаш айтылган экинчи сөз да үндүү менен башталса, көбүнчө, биринчи сөздүн аяккы үндүү тыбышы түшүп айтылат. Бирок жазууда алардын толук фрмалары сакталат. Мисалы:

айтылышы	*жазылышы*
каруй	кара уй
кулат	кула ат
алөпкө	ала өпкө
баралбайт	бара албайт
колуналды	колуна алды
айталек	айта элек
көрөлек	көрө элек

9. Кыргыз тилинде эки же андан ашык муундан турган сөздөрдө бир катар учурларда басым тишкөн муундан мурда келген кууш үндүүлөр өтө күңүрт, басмырт, жок катары на-чар айтылат, башкача айтканда, үндүү тыбыштар редукция-ланат. Мисалы: *кызыл, билим, корутунду, көпүрө* деген сөз-дөрдүн *кы, би, ру, пү* муундарындагы *ы, и, у, ү* кууш үндүү-лөрү өзүнөн кийинки муундагы үндүүлөргө же жалпы эле бул тыбыштардын артикуляциялык катышы жагынан болгон нор-мага караганда күчсүз, начарланып айтылат. Бирок жазууда ал кууш үнсүздөр сакталат.

10. Аягы кууш үндүүлөр менен аякталган бир катар сөз-дөргө *-кы* мүчөсү уланганда сөздүн аягындагы кууш үндүү түшүп калат жана ошондой түшүп калган түрү адабий норма болуп эсептелет. Мисалы: *тышкары+кы—тышкаркы, илге-ри+кы—илгерки, жогору+кы—жогорку, эми+кы—эмки.*

11. Орус тили аркылуу кабыл алынган кээ бир сөздөрдө ошол орус тилиндеги негизги формасы сакталуу менен бирге, аяккы үндүү тыбышы түшүрүлүп айтылган түрү да бир кый-ла кеңири колдонулат жана ошол түрүндө жазууга да жол берилет. Мисалы: *секунда—секунд—секунт, минута—минут—мүнөт.*

Орус тилинде көптүк санда гана колдонулган же аягы үн-дүү менен бүткөн *каникулы, макароны, октябрята, папироса, одеяло* деген сөздөр кыргыз тилинде аяккы үндүүлөрүн түшүрүп, *каникул, макарон, октябрят, папирос, одеял* форма-сында кабыл алынган жана жазууда ошол түрүндө берилет.

Сын атоочтук формада туруп аягы үндүүлөр менен аяк-

тап, зат атоочтук милдет аткарган *столовая, мастерская* деген сөздөрдүн аяккы үндүүсүн жоготкон *столовой, мастерской* деген формалары кабыл алынган. Сөз мүчөлөрү да ушул формаларга ылайык уланат: *столовойго, столовойдун, столовойдо, мастерскойго, мастерскойдун, мастерскойдо.*

Үндүүлөрдүн кошулуп айтылышы

Кыргыз тилинде сөзгө үндүү тыбыштардын кошулуп айтылышы сөздөгү үндүү тыбыштардын түшүрүлүп айтылышына караганда алда канча аз.

Кыргыз тили үчүн сөздөрдүн *р, л* тыбыштары менен, ошондой эле эки үнсүздүн айкалыша келиши менен башталышы мүнөздүү эмес, андай сөздөр дээрлик башка тилдерден кабыл алынган.

Ошондуктан *р, л* тыбыштары жана *ст, пл, пр, тр* сыяктуу эки үнсүздүн айкалыша келиши менен башталган сөздөрдүн колдонулушун кыргыз тилинин өнүгүш процессине жараша эки мезгилге бөлүп карооо туура келет. Кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнүн алгачкы мезгилинде мындай тыбыштар менен башталган сөздөрдүн алдында бир үндүү тыбыш кошулуп айтылып жана ошол түрүндө жазылып да келген. Мисалы: *ырадио* (радио), *ырайон (район), ыраскот* (расход), *ылампа* (лампа), *ыстыкан, ыстакан* (стакан), *ыстанок* (станок), *ыстанса* (станция).

Бирок, кийинчерээк, кыргыз адабий тилинин өнүгүшүнүн бир кыйла калыптанган мезгилинде, ошол орус тилиндеги айтылышын жана жазылышын сактоо басымдуулук кылып, ушул күндө орус тилиндеги негизги формасы толук бойдон кабыл алынып кетти да Улуу Октябрь революциясына чейин эле кыргыз тилине кирип, эл арасына кеңири сиңип кеткен *орус, ирет* (ряд), *үстөл* (стол) сыяктуу бирин-экин сөздө гана алдына үндүү тыбыш кошулуп айтылышы сакталып калды.

Ал эми кыргыз тилине *р, л* тыбыштары менен башталып араб, иран тилдеринен кирген сөздөрдүн айтылыш жана жазылышында эки түрдүүлүк бар. *Ыраазы, ырай, ырайым, ырас, уруксат* сыяктуу басымдуу түрдөгү көпчүлүк сөздөрдүн башында үндүү тыбыш кошулуп жазылса, кийинки мезгилдерде *раис, рамазан, рухий, ракмат, лакап* деген сыяктуу сөздөрдө *р, л* тамгалары менен баштап жазуу сунуш кылынып жүрөт. Албетте, алардын кандайча окулушун жана айтылышын жөнгө салуу орфоэпиялык норманын маселелерине кирет.

Орус тили аркылуу кирип, аягы *-ск, -нк, -фть, -кт, -нг, -нд* тыбыштарынын же *-нск, -льск* сыяктуу үч үнсүз тыбыштын

айкалышы менен бүткөн сөздөргө мүчөлөр уланганда, ал сөздөр менен мүчөлөрдүн ортосунда алдынкы муундагы үндүүгө карай бир үндүү тыбыш кошулуп айтылып, жазууда да ошол түрү сакталып кала берет. Мисалы: *киоск—киоскиге, танк—танкага, танкыга, нефть—нефтиге, акт—актыга, митинг—митингиге, фонд—фондуга, Минск—Минскиге, Пржевальск—Пржевальскиге.*

Бир катар сөздөрдүн негизгиси катарында аягы үнсүз менен аякталган сөздөр эсептелүү менен бирге, үндүү тыбыш кошулуп айтылган формалары да катар колдонула берет жана алар көбүнчө стилистикалык мааниге ээ болот: *дайым—дайыма, далбас—далбаса, тик—тике, наал—наалы* (өтүктүн *наалы,* өтүктүн *наалысы*).

Кыргыз тилинде өз алдынча турганда да, мүчө уланган түрүндө да, сөз ортосунда *р* тыбышы же *ст* айкалышы катышып үч үнсүз катар келген сөздөр бар. Мындай учурларда ал сөздөрдөгү *р* тыбышынан кийин жана *ст* айкалышынан мурун кууш үндүү тыбыш кошулуп айтылат, бирок жазууда берилбейт.

Мисалы:

жазылышы	*айтылышы*
арстан	арыстан
барскан	барыскан
барктуу	барыктуу
эрксиз	эриксиз
Кыргызстан	Кыргызстан

Үнсүздөрдүн түшүп калышы

Азыркы кыргыз тилинде уңгу сөздөрдө да, сөзгө мүчө уланган түрүндө да, үнсүз тыбыштардын түшүп калуу фактылары учурайт. Уңгу сөздөрдүн кайсы үнсүз тыбыштары түшүп калгандыгын тарыхий жол менен салыштыруу, ал сөздөрдүн диалектилик формаларынын сакталып калышы аркылуу гана билүүгө мүмкүн болсо, сөз мүчөлөрү уланганда түшүп калышы ошол фактынын өзүнөн эле көрүнүп турат. Мисалы, жалпы эле түрк тилдеринин азыркы өнүгүш деңгээлинде бир катар сөздөрдө *г* тыбышынын түшүп калгандыгы белгилүү. Бул факт ушул күндөгү кыргыз адабий тилинде *элек, орок, тарак* түрүндө колдонулуп жүргөн сөздөр айрым диалектилерде *элгек, оргок, таргак* түрүндө сакталып калгандыгы менен да ырасталат.

Эгерде кээ бир сөздөр бир үнсүз тыбышын түшүрүп коюп, азыркы мезгилде адабий тилде ошол түшүргөн калыбында

гана кирип калган болсо, бир катар сөздөр ушул күнгө чейин үнсүз тыбышын түшүргөн түрдө да, сактап калган формасында да, параллелдүү түрдө колдонула берет.

Үнсүз тыбыштары түшүрүлүп айтылган формада, толук сакталган түрдө же эки формада тең колдонула бериши, негизинен *г, к, л, м, н, т* тыбыштары катышкан сөздөрдө ар кандай позицияда турган абалында учурайт.

Үнсүз *г* тыбышы жогоруда айтылгандай *элек, орок, тарак* деген сөздөрдө түшүрүлүп айтылган формасында адабий тилдин нормасы катарында калыптанып кеткен. Бул сөздөрдүн *элгек, оргок, таргак* түрүндө айтылышы диалектилерде гана кездешет. Бул тыбыш *эңгилчек* деген сөздө сакталып калгандыгы байкалат, анткени адабий тилде бул сөздүн *эңгилчек* түрүндө айтылышы кабыл алынып кеткен. Ал эми кээ бир сөздөрдө *г* тыбышынын түшүрүлүп айтылган түрү да, сакталып айтылган түрү да колдонула берет: *эмиз—эмгиз, тамыз—тамгыз.*

Сөз ортосунда болсун, сөз аягында болсун *к* тыбышынын түшүрүлүп айтылган учурлары кездешет. Ошону менен бирге түшүрүлбөй айтылган формасы да колдонула берет. Мисалы: *жымыр—жымкыр, көмөр—көмкөр, көмөрөсүнөн—көмкөрөсүнөн, кыңай—кыңкай, тара—тарка, уруй—уркуй, чуму—чумку, телчи—телчик, чачы—чачык, тепке—тепкек.*

Ал эми сөз башында *к* тыбышынын түшүрүлүп айтылышы, диалектилик көрүнүш катарында, өтө сейрек учурайт. Мисалы: *окус, окустан, окусунан.* Жазууда *кокус, кокустан, кокусунан* деген толук формасы гана колдонулат.

Бир катар сөздөрдө *л* тыбышынын түшүрүлүп айтылган түрү да, түшүрүлбөй айтылган түрү да бирдей эле даражада колдонула берет: *күлкүчү—күлкүчүл, күңкү—күңкүл, отур—олтур.* Ошондой эле *ал, ошол, тигил* деген ат атооч сөздөрдүн *л* тыбышы түшүрүлүп, *а, ошо, тиги* түрүндө да көп колдонулат.

Жекелик сандагы II жактын таандык мүчөсүнөн кийин көптүктү көрсөтүүчү *-лар* мүчөсү уланганда мүчөнүн башкы *л* табышы түшүп калат. Мисалы: *ат+ың+лар—атыңар, китеп+ың+дар—китебиңер, үй+ың+лар—үйүңөр.*

II жактын жак мүчөсүндө турган этиш сөздөрдөн кийин көптүк *-лар* мүчөсү уланса да мүчөнүн башындагы *л* тыбышы түшүп калат. Мисалы: *бар+а+сың+лар+бы—барасыңарбы* (*барасыңдарбы* болбойт), *ал+ды+ң+лар+бы—алдыңарбы* (*алдыңдарбы* болбойт).

Сөз ичинде үнсүз *м* тыбышынын түшүрүлүп айтылышы бир кыйла аз учурайт. Ошону менен бирге анын түшүрүлбөй толук айтылган формасы да параллелдүү түрдө колдонула берет. Мисалы: *күлүңдө—күлмүңдө, оромпой—оропой, тырмыш—тырыш, тытала—тытмала.*

Үнсүз тыбыштардын ичинен көбүрөөк түшүрүлүп айтылышы *н* тыбышына туура келет. Айрым диалектилерде, говорлордо сөз башындагы *н* тыбышын түшүрүп айтуу өтө күчтүү. Натыйжада *ачар* (начар), *ике* (ника), *өшөр* (нөшөр), *уска* (нуска), *айза* (найза), *асыя* (насыя) сыяктуу *н* тыбышынын сөз башында колдонулушу айкын болуп турган сөздөрдө да *н* тыбышын түшүрүп айтуу учурлары бар. Бирок булар диалектилик көрүнүш болуп гана эсептелет да адабий тилде *н* тыбышы толук айтылган формалары сакталат. Ошону менен бирге *ноопаз, нук, ноюбас, ноокас, нокто, ным* деген сыяктуу сөздөрдө да башкы *н* тыбышын сактоо адабий тилдин нормаларына ылайык келет. Ал эми сөз башында *н* тыбышы түшүрүлүп да, түшүрүлбөй да айтылышынын бирдей өлчөмдө таралышына жараша бир катар сөздөрдө эки түрдө тең колдонулушуна жол берилет: *эбак—небак, эче—нече, эченчи—нечен-чи, уку—нуку, укуй—нукуй, укум—нукум, ыксыра—ныксыра, ыкыс—ныкыс. Ичке, оён, окоро, ыпта, эмне* сыяктуу бир катар сөздөрдүн *н* тыбышы менен *ничке, ноён, нокоро, ныпта, немне (немине)* түрүндө айтылышы адабий тилдин нормаларына туура келбейт.

Айрым сөздөрдө сөз аягында *н* тыбышынын түшүп айтылышы менен катар толук сакталган түрү да кездешет: *атайы—атайын, өрүү—өрүүн.*

Байыркы өткөн чактын *-ган* мүчөсүндө турган этиш сөздөрдөн кийин I-жактын жак мүчөсү уланганда *-ган* мүчөсүнүн аягындагы *н* тыбышы түшүп калып да айтыла берет. Мисалы: *өскөн+мын—өскөмүн, көр-гөн+мын—көргөмүн, укан+мын—уккамын.* Жазууда *н* тыбышы түшүп айтылган түрүнө да, түшүрүлбөй толук сакталган түрүнө да жол берилет: *өскөнмүн—өскөмүн, көргөнмүн—көргөмүн, укканмын—уккамын.*

Бир катар сөздөрдө эң аяккы *т* тыбышы сакталып айтылып да, түшүрүлүп да колдонула берет. Мисалы: *саргылт—саргыл, буйгат—буйга, соогат—соога, калдырт—калдыр, күлдүрт—күлдүр, дүбүрт—дүбүр.*

Диалектилик сөз жана кээ бир оозеки чыгармалардын, казалдардын тил өзгөчөлүгү катарында аягында *т* тыбышы сакталуу менен *дост* деген сөз учурайт. Бирок адабий тилде бул сөздүн *т* түшүрүлгөн *дос* деген формасы гана кабыл алынып, калыптанып кеткен.

Ал эми *ст* тыбыштарынын айкалышы менен бүткөн орус тили аркылуу кабыл алынган *артист, тракторист, машинист, капиталист* деген сыяктуу оозеки речте аяккы *т* тыбышы жок

сыяктуу *артис, трактор*ис, *машинис, капиталис* болуп айтыла берет, бирок жазууда *т* толук сакталат.

Метатеза

Тилде кээде тыбыштардын орун алмашып айтылуу учурлары кездешет.

Бир сөз ичиндеги тыбыштардын орун алмашып айтылышы метатеза деп аталат.

Эгерде жаңаша турган тыбыштар орун алмашып айтылса *жаңаша метатеза* болот. Мисалы: бөксө—*бөскө*, мыкчы—*мычкы*, чепкен—*чекпен, чекмен*, кешпир—*кепшир*, сарымсак—*сармысак*, кырмычык—*кырымчык*, курмушу—*курумшу*.

Бир катар учурларда метатеза жаңаша айтылган тыбыштардын орун алмашуу чегинен чыгып, аттамактап орун алмашып айтылышы мүмкүн. Мындай аттамактап орун алмашуу *обочо метатеза* болот. Мисалы: кыргый—*кыйгыр*, зоболо—*золобо*, кыйнал—*кыйлан*, мыйык—*мыкый*, күртку—*күртүк*, телегей—*тегелей*, тегирмен—*темирген*, көцтөр—*төңкөр*, күмөн—*күнөм*, жыланач—*жыңалач*, жыланбаш—*жыңалбаш*.

Муун

Биздин сүйлөө речибиздеги тыбыштар өз алдынча айрым-айрым айтылып колдонулушу мүмкүн эмес, анткени сүйлөө процессинде алар бири-бирине кошулуп, ар биринин чеги так ажырап кете албаган абалда колдонулат. Бирок ошондой болсо да биздин сүйлөө речибиз эң эле кичине, артикуляциялык жактан алганда дагы майдаланып кетүүгө мүмкүн болбой турган айрым бөлүкчөлөргө ажырабай койбойт. Анткени сүйлөө органдары аркылуу өткөн аба үзгүлтүксүз эле бир калыпта агылып отурбастан, жогоркудай майда бөлүкчөлөргө бөлүнүп чыгат. Речтин бир же бир нече тыбыштык комплекстен турган мындай бөлүкчөсү муун деп аталат.

Ар бир муундун негизги өзөгүндө (борборунда) үндүү тыбыш турат, анткени үндүү тыбыштар гана муун түзүүчү сиетке ээ. Сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ал ошончо муунга бөлүнөт. Үнсүз тыбыштар өз алдынча муун түзө албайт, бирок алар муун түзүүчү фонемадан (үндүүдөн) мурун да, кийин да келип айтыла бериши мүмкүн. Үндүү менен бирге бир муундун чегинде турган үнсүз тыбыштын же ошондой бир нече тыбыштардын айтылыш өзгөчөлүгү муун түзүүчү фонемадан мурда жана кийин келип колдонулган позициялык шартына ылайык болот. Эгерде үнсүздөр ал фонемадан мурда келсе, анда алардын айтылышы белгилүү денгээлде күч-

түүрөөк чыгат, андан кийин келип колдонулса, айтылышы басаңдап барып бүтөт. Булардын мындай артикуляциялык өзгөчөлүктөрү сүйлөө органдарынын (алардын булчундарынын) чыңалуу же бошоң тартып калуу сыяктуу ар түрдүү абалына жараша болот[1].

Муундардын ачык жана жабык болуп бөлүнүшү алардын аяккы тыбышына карата болот: үндүү тыбыш менен аякталса, ачык муундарга жатат, жабык муундар үнсүз тыбыш менен аякталат. Мисалы: *а-га, ба-ла, те-ме-не, о-куу-чу, ку-рама* (ачык муундар), *кыр-гыз, тол-кун, кыч-кач, ач-кыч, өткөр-гүч, кат-тал-ган-дар* (жабык муундар).

Сөздөрдүн муундарга бөлүнүшү алардын морфологиялык бөлүктөргө ажыроо тартибине туура келе бербейт. Маселен, морфологиялык бөлүктөрү *кел-иш, чеч-им, жаз-уу, жай-ыл-т* болуп ажырай турган сөздөрдүн муунга бөлүнүшү *ке-лиш, чечим, жа-зуу, жа-йылт* түрүндө болуп калат. Анткени үнсүз тыбыш менен аякталган жабык муундан кийин үндүү тыбыштан турган же үндүү менен башталган мүчө жалганып калса, анда сөздүн аягындагы үнсүз мүчөдөгү үндүүнүн алдына келип калат (*жа-зуу, че-чим*). Ал эми жалаң гана үнсүз тыбыштан турган мүчө, өз алдынча муун түзө албагандыктан, жанындагы үндүү тыбышка кошулуп кетет да, ал аркылуу түзүлгөн муундун составына кирип калат (*жа-йылт*).

Кыргыз тилиндеги муундар жалпысынан төмөндөгүдөй структуралык түзүлүштөрдөн турат.

1. Бир гана үндүү тыбыштан турган муундар: *а-*[*та*][2] *э-*[*тин*], *э-*[*не*], *и-*[*ни*], *ы-*[*сык*], *у-*[*лук*]. Кыргыз тилинде мындай типтеги муундар анча кецири эмес.

2. Үндүү+үнсүз тибиндеги муундар кыргыз тилинде өтө кецири: *ат, аш, ай, ой, оң, от, өт, өч, өр, үй, ук, ун, үн, үч, ил, ич, ыш, ыр* ж. б.

3. Үнсүз+үндүү тибиндеги муундар кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдө сейрек учурайт: *да* (байламта), *де, же* (этиш), *же* (байламта), *ме, не? жаа, тоо, боо.* Бирок көп муундуу сөздөрдүн айрым бөлүктөрү же бардык бөлүгү ушул типтеги муундардан боло бериши мүмкүн. Мисалы: *жа-ңы-*[*лык*], *кели-*[*шим*], [*жыр*]*-га-ды, ба-ла-сы-на, ке-ре-ге-ле-ри, ка-раба-ды* ж. б.

---

[1] Булар жөнүндө М. И. Матусеевичтин «Современный русский язык. Фонетика (М., 1976) деген эмгегинде толугураак маалымат берилген (166—170-беттер).

[2] Ар бир сөздүн мисал катары алынган муундары чарчы кашаанын сыртында курсив менен берилди.

4. Үнсүз+үндүү+үнсүз болуп куралган муундар кыргыз тилиндеги бир муундуу жана көп муундуу сөздөрдө кеңири учурай берет: *бар, бер, кел, кет, там, төл, чөл, чөп, шам, шек, шок, кур-гак-тал, бор-бор-лош-кон* ж. б.

5. Үндүү+үнсүз+үнсүз түрүндө келген муундар *айт, ант, алп, аяк, арт, ойт, өрт, үрк, эрк, ырк* сыяктуу саналуу гана сөздөрдө бар. Чакчыл *-ып* мүчөсү *эм* деген этиш сөзгө жалганган учурда да жогоркудай типтеги бир муундуу сөз пайда болот (*ээмп*).

6. Үнсүз+үндүү+үнсүз+үнсүз болуп куралган муундар: *болк, булк, жулк, силк, корк, чылк, журт, жырт, кайт, карт, март, морт, тарт, түрт, төрт, шарт, черт, чорт.* Мындай типтеги муундар төмөнкүдөй аркылуу мамиле этиштердин составынан да кездешет: [баш]-*тант,* [жө]-*лөнт,* [ка]-*рарт,* [ку]-*-ралт,* [су]-*рант,* [тер]-*мелт* ж. б.

Эки үнсүз тыбыш катар келип аякталган бул сыяктуу муундар кыргыз тилинде кеңири учурайт. Булардын аяккы эки үнсүзүнүн биринчиси уян, экинчиси каткалаң үнсүз болот. Бирок эки үнсүз тыбыш катар келип (үнсүз+үнсүз болуп) башталган муундар кыргыз тилинин (ошондой эле башка түрк тилдеринин да) төл сөздөрүнө мүнөздүү көрүнүш эмес[1]. Ошондой болсо да мындай типтеги муундар кыргыз лексикасына орус тилинен же ал аркылуу башка тилдерден кабыл алынып, бирок муун структурасы боюнча өзгөчөрөөк болуп көрүнгөн жаңы сөздөрдө көп эле кездеше берет. Маселен, *клуб, план, пленум, пролетариат, прогресс, спорт, станция, трактор, трико, штаб, штурман* деген сөздөр *кл, пл, пр, сп, тр, шт* сыяктуу үнсүз+үнсүз тибинде башталган муундардан турат. Кыргыз тилине кабыл алынган кээ бир советтик-интернационалдык сөздөрдөгү муундар үч үнсүз тыбыштын катар келиши менен башталат (*струк-тура, справ-ка, ис-кусство*), айрымдары ошончо үнсүз тыбыштын катар келиши менен аяктайт (*текст, пункт*). Бул жагынан алганда да алардын муун структурасы кыргыздын төл сөздөрүндөгүдөн өзгөчөлөнүп турат.

Басым

Сүйлөө процессинде, айрым сөздөрдү айтууда эки же андан ашык муундан турган сөздөрдүн бардык муундары тең эле бир деңгээлде айтыла бербейт. Алардын бир мууну башка муундарга караганда күчтүүрөөк эпкин менен айтылат.

Сөз ичинде бир муундун башка муундарга караганда күчтүүрөөк эпкин менен көтөрүңкү айтылышы басым деп аталат.

Сөздөгү басым түшүп турган муун басымдуу муун деп, калгандары басымсыз муун деп эсептелет. Кыргыз тилинде басым, негизинен, сөздүн аягында болот. Мисалы: *алма́, кабáр, дыйкáн, азамáт, шамдагáй.*

Эгерде сөзгө сөз мүчөлөрү уланып турса, басым да канчалык сөз мүчөсү улангандыгына жараша улам сөздүн аяккы муунуна көчүп отурат. Мисалы:

жумушчу́
жумушчула́р
жумушчуларыбы́з
жумушчуларыбызга́

Басым созулма үндүүлөргө да, кыска үндүүлөргө да бирдей эле даражада түшөт, анткени созулма үндүүлөр да өз алдынча фонема катарында муун түзүүнүн негизи болуп кызмат кылат жана анын созулуп айтылышы басымдын сөзсүз ошого түшүшүн талап кылбайт. Мисалы: *туура́—тару́, катуу́—катуулу́к—катууракак, окуу́—окуучу́, көрктүү—көрктүүлу́к.*

Орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдө басым ошол орус тилиндеги айтылышы боюнча сакталып, ар кандай орундарда боло бериши мүмкүн. Мисалы: *авто́бус, автома́т, а́втор, агита́тор, апте́ка, артилле́рия, бу́фет, газе́та, га́лстук, гва́рдия, гимна́стика, диктату́ра, зары́дка, инду́стрия, кало́рия, кома́нда, ла́мпочка, молоти́лка, но́мер, о́пера, пружи́на.*

Башка түрк тилдери сыяктуу эле, кыргыз тилинде да, басым алган орду боюнча сөздүн аяккы муунунда болуу менен бирге, кээ бир учурларда эмоциялык, грамматикалык функцияларда милдет аткарып, башка муундарда да кездеше берет.

1. Сөзгө суроолуу *-бы* мүчөсү уланып, аракет ким же эмне тарабынан болгондугун, кырдаалды, абалды тактап суроо ыретинде айтылганда, басым *-бы* мүчөсүнөн мурдагы муунга түшөт, башкача айтканда, *-бы* мүчөсү сөздүн аягына келгендигине карабастан, басым кабыл албаган муун болуп калат. Мисалы: *ме́нби, се́нби, ба́рбы, жо́кпу, бардыбы, өттүбү, окуду́бу, иштеди́би.*

2. I жана II жактын жак мүчөлөрү *-мын, -сың, -быз, -сыз* атооч сөздөргө жалганып, кимдигин, кандайлыгын баса белгилеп көрсөтүүдө жана келер чакта турган этиштерге улан-

[1] Бул жөнүндө Н. А. Баскаковдун «Структура слога в тюркских языках» деген макаласында да ачык көрсөтүлгөн (Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, I, Фонетика, М., 1955, стр. 334).

ганда, басым бул муундарга түшпөстөн, алардын алдындагы муундарга түшөт. Мисалы: *жа́шмын, жа́шсың, жа́шпыз, жа́шсыз, бара́мын, бара́сың, бара́быз, бара́сыз.*

3. Каалоо этиштерди уюштуруучу *-айым, -алы, -алык* мүчөлөрү этиш сөзгө уланганда да басым эң аяккы муунга түшпөстөн, анын алдындагы муунга түшөт. Мисалы: *кала́йын, кете́йин, уга́лы, бере́ли, бара́лык, көрөлүк.*

4. Өтүнүчтү, сурагандыкты билдирүүчү *-чы* мүчөсү басымсыз муун болуп эсептелет. Бул мүчө уланган сөздөрдө басым андан мурдагы муунга түшүп айтылат: *ба́рчы, оку́чу, көрчү, бе́рчи, укта́чы, иште́чи, алды́рчы, кажылдаба́чы, ме́нчи, се́нчи, Аса́нчы, Эрме́кчи.*

5. Басым кээ бир омонимдеш формадагы сөз мүчөлөрүнүн маанисин айкындап ажыратууда жардам бере алат.

1) 1 жактын көптүк сандагы таандык мүчөсү *-ыбыз* менен 1 жактын көптүк сандагы *-быз* мүчөсү аягы үндүүлөр менен аякталган сөздөргө уланганда таандык *-ыбыз* мүчөсүнүн башындагы *ы* тыбышы, эки үндүү катар келгендиктен, сыйлыгышып түшүп калуунун натыйжасында эки башка маани берүүчү эки мүчө тыбыштык составы, формасы жагынан бирдей, окшош болуп калат да алардын мааниси басым аркылуу айырмаланат. Мисалы:

бала+ыбыз—балабы́з (биздин балабыз)
бала+быз—бала́быз (биз, өзүбүз балабыз)
койчу+ыбыз-—койчубу́з (биздин койчубуз)
койчу+быз—койчу́буз (биз, өзүбүз койчубуз)
жылкычы+ыбыз—жылкычыбы́з (биздин жылкычыбыз)
жылкычы+быз—жылкыч́ыбыз (биз, өзүбүз жылкычыбыз).

2) Экинчи жактын жекелик сандагы таандык *-ыңыз* мүчөсү менен экинчи жактын сылыктыкты көрсөтүүчү *-ыңыз* мүчөсү омонимдеш сөздөргө уланганда басым алардын маанисин ажыратуу милдетин аткарат. Мисалы:

ат+ыңыз—атыңы́з (сиздин атыңыз, ат сиздики)
ат+ыңыз—а́тыңыз (сиз атыңыз, атып жибериңиз)
кат+ыңыз—катыңы́з (сиздин катыңыз)
ата+ыңыз—атаңы́з (сиздин атаңыз)
ата+ыңыз—ата́ңыз (атын атап айтыңыз)

3) Кесипти көрсөтүүчү *-чы* мүчөсү менен өтүнүчтү, сурануу билдирүүчү *-чы* мүчөсү өз ара омоним болуу менен бирге, омонимдеш сөздөргө уланганда да басым орду алардын маанисин тактоо милдетин аткарат. Мисалы:

ат+чы—атчы́ (ат кайтаруучу)
ат+чы—а́тчы (атып жиберчи)
кой+чу—койчу́ (кой кайтаруучу)
кой+чу—ко́йчу (токтотчу, тийбечи)

4) II жактын сылык түрүн билдирүүчү *-сыз* мүчөсү менен жоктукту көрсөтүүчү *-сыз* мүчөсү уланган сөздөрдө ал сөздөрдүн мааниси басым түшкөн муундарга карай да байкалып турат. Мисалы:

ата+сыз—ата́сыз (сиз өзүңүз атасыз)
ата+сыз—атасы́з (атасы жок, атасыз жетим)
эне+сыз—эне́сиз (сиз өзүңүз энесиз)
эне+сыз-энеси́з (энеси жок, энесиз жетим)

6. Сын атоочтордун жана кээ бир тактоочтордун башкы ачык муунунан кийин *п* тыбышы кошулуп, андан кийин ошол сын атооч же тактооч толук бойдон бирге айтылуу менен ал сөздөр күчөтүлгөн мааниге ээ боло тургандыгы белгилүү. Мындай сөздөрдө басым башкы биринчи муунга түшөт: *ка́пкара, жа́пжашыл, көпкөк, кыпкызыл, ма́пмайда, жа́пжарык, тү́птунук, күпкүндүз, жа́пжакын, бе́пбекер.*

7) Кыргыз фамилияларында басым *-ов, -ев, -ова, -ева* мүчөлөрүнөн мурдагы муунга түшүп айтылат: *Курма́нов, Кырба́шев, Кери́мова, Бердиба́ева, Турдубе́ков, Асанкожо́ев, Биримку́лова, Кайбылда́ева.*

8. Көп муундуу сөздөрдө, ошондой эле орус тилинен кабыл алынып, андан кийин сөз мүчөлөрү уланган сөздөрдө күчтүү эпкин менен айтылган негизги басым менен катар дагы бир мууну башка муундарына караганда көтөрүңкүрөөк айтылган кошумча басымдын болушу да мүмкүн. Мындай учурларда негизги басым болуп сөздүн аягындагы басым кала берет. Негизги басым менен жардамчы басымдын өз ара катышы жана алардын орду жөнүндөгү маселелер дагы да кеңири изилдөө иштерин жүргүзүүнү талап кылат.

Фонетикалык жагынан басым негизинен динамикалык басым жана музыкалык басым болуп экиге бөлүнөт.

Эки же андан көп муундуу сөздөрдүн бир мууну башка муундарына караганда күчтүү эпкин менен интенсивдүү айтылышы динамикалык же экспиратордук басым деп аталат. Кыргыз тилиндеги басым динамикалык басым болуп эсептелет.

Бир сөз ичинде айрым муундарга түшкөн басымдан тышкары логикалык жана фразалык басымдын да чоң мааниси бар.

Сүйлөм ичинде негизги ой эмне жөнүндө экендигин көрсөтүү максатында бир сөздүн көтөрүңкү үн менен өзгөчө белгиленип айтылышы **логикалык басым деп аталат.**

Логикалык басым бир эле сүйлөм ичиндеги кайсы сөзгө айрыкча маани берилишине карай өзгөрүп отурушу мүмкүн:

Биз *шаарга эртең жөнөйбүз* (башка бирөөлөр эмес, **биз**).

Биз **шаарга** *эртең жөнөйбүз* (кайдадыр башка жакка эмес, **шаарга**).

Биз шаарга **эртең** *жөнөйбүз* (бүгүн же башка күндөрдө эмес, **эртең**).

Биз шаарга эртең **жөнөйбүз** (жөнөбөй коюбуз, **жөнөйбүз**).

Сүйлөө мезгилинде өзгөчө маани берүү, айрыкча көңүл бөлүү, эмоциялык мүнөзүн көрсөтүү иретинде эки же андан ашык сөздөн турган сөз айкалыштары, синтагмалар, фразеологиялык айкалыштар чогуу бойдон бир эпкин, бир ыргак менен басым түшүрүлө айтылышы мүмкүн. Мындай эки же андан ашык сөздөрдүн биримдигине карай түшкөн басым фразалык басым деп аталат.

Мисалы: *Бүгүндөн калбай барып кел. Мен сени атайын издеп келдим. Анын айткан сөзүнө күйбөгөн жерим күл болбодубу!*

Интонация

Интонация (лат. тилинен *Intonare* — сүйлөө, көтөрүңкү сүйлөө) — тил илиминдеги азыркы учурга чейин кеңири жана терең изилдене элек эң татаал тилдик кубулуштардын бири. Ошондуктан, бул проблема жөнүндө көптөгөн тилчи-окумуштуулардын бирдиктүү ой пикири жана аныктамасы жокко эсе. Бирок, интонация ооз эки кептин (речтин) реалдуу белгиси жана мүнөздөмөсү экендиги талашсыз. Ансыз ооз эки кептин реализацияланышы (айтылышы) мүмкүн эмес. Антени интонация ооз эки кеп аркылуу айтылуучу ойду, ар түрдүү ички сезимди толук жана кылдат билдирүүдө өзгөчө ролду аткарат. Сүйлөмдөр интонация аркылуу гана фразага айланышат. Интонация ооз эки кептин эң маанилүү каражаты болуу менен бирге бир топ функцияларды аткарат. Биринчиден, ооз эки кеп интонациянын жардамы менен синтагмаларга ажырайт. Синтагмалар синтагматикалык (фразалык) басымдын, үн ыргагынын (мелодиканын), убакыттык (үн узундугу) жана динамикалык каражаттардын жардамы менен мүнөздөлүшөт. Синтагмалардын бөлүнүшүнө фразанын синтаксистик структурасы жана лексикалык мааниси менен бирге жогорудагы

аталган интонациялык компоненттердин (өзгөчө синтагматикалык басымдын жана үн ыргагынын) катышуусу жана алардын татаал байланыштары негизги ролду ойнойт. Синтагма интонациянын эң кыска бирдиги болуп эсептелет[1]. Мисалы: *Бүгүн//биздин «Алга» ойнойт. Стадионго//күйөрмандар көп чогулушат.* Ушул фразадагы синтагмаларды ажыратууда үн ыргагынын жана паузанын активдүү катышып жаткандыгын сезүү кыйын эмес.

Экинчиден, интонация синтаксистик бирикмелерди — сүйлөмдөрдү уюштурууга, бири-биринен айырмалоого жана аларга кошумча маани берүүдө негизги тилдик каражат. *Сен билесиң. Сен билесиң? Сен билесин!* Ушул бирдей синтаксистик структурадагы сүйлөмдөрдүн жай, илептүү же суроолуу экендиги ооз эки сүйлөөдө (кепте) тийиштүү интонация аркылуу гана билинет.

Үчүнчүдөн, сүйлөп жаткан адамдын ой-пикирин, чындыкка болгон мамилесин угуучуга кылдат билдирүүдө, интонация синтаксистик жана лексикалык каражаттар менен бирге негизги мааниге ээ. *Рахмат* деген фразаны ооз эки кепте интонация аркылуу ыраазычылыкты, нааразычылыкты, кубанычтуулукту, өкүнүүнү, какшыктоону жана мыскылдоону билдирүү маанилеринде айтса болот. Орус тилинде ушул сыяктуу интонациянын 20 дан ашык түрү белгилүү[2]. Ушул себептен кээ бир тилчилер интонациянын өз алдынча мааниге ээ болуучу тилдик кубулуш экендигин өтө жогору баалашып аны лингвистиканын фонетика бөлүгүнө кошушпайт. Ал синтаксистин, психологиянын жана башка илимдердин изилдөө объектисине да кирет. Бирок интонациянын компоненттери тыбыштык кубулуштардын мүнөздөмөлөрү: бийиктик, интенсивдүүлүк, үн узундугу (убакыт) сыяктуу эле өзгөчөт, ооз эки кепте аларды өтө тыгыз байланышта изилдөө зарылчылыгы талашсыз.

Дүйнөнүн тилдеринде интонациялык кубулуштардын универсалдуу (жалпы) типтери жолугат. Мисалы, түрдүү эмоцияларды (кубануу, өкүнүү, таң калуу ж. б.) билдирүүчү ин-

---

[1] Синтагмалар жөнүндө төмөнкү адабияттарды караңыз: Щерба Л. В. Фонетика французского языка. М., 1955. Брызгунова Е. А. Практическая фонетика и интонация русского языка. М., 1963. Виноградов В. В. Понятие синтагмы в синтаксисе русского языка. Вопросы синтаксиса современного русского языка. М., 1950. Сеидов Ю. М. Словосочетание в азербайджанском языке. Автореф. д. дисс. Баку, 1965. Турсунов А. Кыргыз тилиндеги сөз айкаштары. Фрунзе, 1976.

[2] Караңыз: Артемов В. А. К вопросу об интонации русского языка. «Уч. записки 1МГПИИЯ», т. VI. Экспериментальная фонетика и психология речи. М., 1953.

тонациялар бардык тилдерде бар. Ошондуктан, чет тилдерде сүйлөгөн адамдар менен жолукканыбызда тилин билбесек да алардын ооз эки кебинин интонациясы аркылуу бир топ информацияны (маанини) баамдайбыз. Бирок ушул эле универсалдуу интонациянын типтеринин реализацияланышында жана анын компоненттеринин өзгөрүшүндө тилдердин түрлөрүнө жараша айырмачылыктар аз эмес. Мисалы, орус тилиндеги интонациянын типтеринин өзгөрүшү басымдуу жана басымсыз муундардын түрдүү альтернацияларына байланышса, герман жана түрк тилдеринде синтагматикалык (фразалык) басымдардын, үн ыргактарынын (мелодикага) жана паузалардын таасирине негизделет. Демек, бардык тилдерге мүнөздүү болгон универсалдуу интонациялык кубулуштар менен бирге тигил же бул тилге гана мүнөздүү болгон интонациялык типтер (моделдер) бар[1].

Интонациянын компоненттери

Интонациянын компоненттерине үн ыргагын (мелодика), синтагматикалык (фразалык) басымды, паузаны, интенсивдүүлүктү (күч), үн узундугун (темп) жана тембрди кошууга болот. Интонациянын бул каражаттары ооз эки кепте бекем байланышта жана биримдикте айтылышат. Бирок, бул компоненттер интонациянын составында бирдей дэңгээлде кызмат (функция) аткарышпайт.

Интонацияны эксперименттик-фонетиканын ыкмалары менен изилдөөнүн натыйжасында үн ыргагы, синтагматикалык басым жана пауза интонациянын эң негизги компоненттеринен экендиги байкалган.

Үн ыргагы (мелодика)

Интонациянын көп кырдуу функциясына эң маанилүү жана негизги каражат болуп үн ыргагы (мелодика) эсептелет[2]. Ал негизги тондун сүйлөмдөгү же анын бөлүктөрүндөгү ар түрдүү (жогору (өйдө), төмөн (ылдый), жогору-төмөн, төмөн-жогору ж. б.) багытта өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Үн ыргагы ооз эки сүйлөмдү синтагмаларга (же сөз айкаштарына) ажыратат жана лексика, грамматикалык каражаттар менен бирге жалпы бир маанини билдирүүгө катышат. Сүйлөмдөрдүн коммуникативдик типтерин ажыратууда (мисалы, суроо, жай, илептүү), үн ыргагы эң негизги тилдик каражат. Ал синтагматикалык (фразалык) басым, тембр менен бирдикте ооз эки кептин логикалык мамилесин, анын эмоциялык жактарын кылдат билдирет. Үн ыргагы адамдардын ооз эки кебинин жекече (индивидуалдык) өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүлмөлүү болсо да белгилүү бир тилдик коллективге гана мүнөздүү болгон үн ыргагынын (мелодиканын) негизги түрлөрү кездешет.

Интонацияны фонетиканын объективдүү ыкмалары менен изилдөөнүн жыйынтыктары, үн ыргагынын негизги типтеринин калыптанышы түрдүүчө боло тургандыгын көрсөттү. Мисалы, айтылган ойдун аяктагандыгын билдирүүчү үн ыргагында (завершающая мелодика), акустикалык мүнөздөмөлөрдүн (тондун) синтагманын акыркы басымдуу муундарында төмөндөшү байкалса, суроо үн ыргагында (вопросительная мелодика) негизги тондун фразанын аягында жогору көтөрүлгөндүгү байкалат. Ал эми ойдун бүтө электигин билдирүүчү үн ыргагында акустикалык параметрлердин, өзгөчө негизги тондун азайышы суроо мелодикасындагыдай тенденцияга ээ болсо да, ага салыштырганда тондун көбүрөөк төмөндөгөнү көрүнөт. Белгилөө үн ыргагында (мелодика выделенности) негизги тондун эң маанилүү синтагманын басымдуу муунда эң бийик көтөрүлгөндүгүн атайын акустикалык изилдегич аппараттар көрсөтөт. Ушул үн ыргагынын түрлөрү кыргыз тилине, ошондой эле бардык тилдерге мүнөздүү болсо да, алардын калыптанышына жана айтылышына катышуучу тондун жана башка акустикалык параметрлердин (мүнөздөмөлөрдүн) диапозондору, орун алмашуулары ар бир тилде айырмалуу болот.

Синтагматикалык (фразалык) басым

Сөздөр басымдуу жана басымсыз муундардан турат. Сүйлөмдүн составындагы сөздөр да ооз эки кепте түрдүү деңгээлдеги басым менен же басымсыз айтылышат. Эң маанилүү сөздөрдүн бири же бир нечеси өзгөчө күчтүү басым менен белгилениши мүмкүн. Фразадагы маанилүү сөздү же сөздөрдүн айкашын (же синтагманы) баса көргөзгөн басым синтагматикалык же фразалык басым деп аталат. Мисалы, *Анын аты Асек. Асек менин бир тууганым.* Бул сүйлөмдөрдөгү «Асек» «бир тууганым» деген сөздөр синтагматикалык басым аркылуу бөлөк сөздөрдөн айырмаланат. Синтагматикалык

---

[1] Караңыз: Артемов В. А. К вопросу об интонеме и интонационном инварианте. Сб. материалы коллоквиума лаборатории экспериментальной фонетики и психологии речи. Вильнюс, 1966, 6—175.

[2] Кээ бир лингвистикалык адабияттарда интонация деген терминдин ордуна мелодика (үн ыргагы) колдонулуп жүрөт. Караңыз: Матусевич М. И. Современный русский язык. Фонетика, М., 1976, 241—277-б.

(фразалык) басым фразанын лексика-грамматикалык структурасына андагы билдирилүүчү ойдун маанилүүлүгүнө жараша коюлат. Бул басым айрым сөздүн басымы сыяктуу физикалык параметрлер (негизги тон, үн узундугу, интенсивдүүлүк) менен мүнөздөлөт.

Пауза

Ооз эки сүйлөө учурундагы тынымдар пауза деп аталат. Пауза ооз эки кепти (үн ыргагы менен бирге) фразага жана синтагмаларга (сөз айкаштарына) ажыратат. Бул паузанын лингвистикалык (тилдик) негизги функциясы болуп эсептелет. Паузанын физиологиялык функциясына дем алуу кирет.

Паузанын фразалар арасында же алардын элементтеринин (синтагмаларынын) арасында кыска же узак болушу билдирилүүчү ойдун маанилерине байланыштуу болот. Пауза ойдун толук бүткөндүгүн билдирген фразалардан кийин созулат, ал эми бири бирине мааниси боюнча байланышкан фразаларда же анын бөлүктөрүндө кыска болот. Мисалы, Кыш. Балдар коньки (лыжа жана чана) тээп жүрүшөт. Биринчи фразадан кийинки пауза, экинчидеги паузаларга караганда узагыраак созулат.

Үн узундугу

Интонациянын түрлөрүн изилдегенде фразадагы же синтагмадагы тыбыштардын (көбүнчө үндүүлөрдүн) узундугун (айтылыш убактысын) эске алуу (эсептөө) менен синтагмалардын жалпы айтылыш темпин же алардын кайсы бөлүктөрүнүн көтөрүңкү айтылгандыгын аныктоого болот. Синтагматикалык (фразалык) басым түшкөн сөздүн тыбыштары бул параметр боюнча башка тыбыштардын көрсөткүчтөрүнөн бир топ жогору турат.

Интенсивдүүлүк (күч)

Синтагманын фразалык басым түшкөн муундарындагы тыбыштар интенсивдүүлүк көрсөткүчү боюнча башкалардан айырмаланышат. Үн узундугу менен бирге интенсивдүүлүк да үн ыргагынын түрлөрүнө жараша ар башка көрсөткүчтөргө ээ болот. Интенсивдүүлүк өз алдынча үн ыргагы же пауза сыяктуу кандайдыр бир тилдик функцияга ээ эмес. Ал жогоруда айтылган интонациянын компоненттеринин татаал биримдигинде гана белгилүү мааниге ээ.

МОРФОЛОГИЯ

Морфологиянын объектиси

Грамматика — сөз формаларынын өзгөрүшү, курулушу жана сөз айкашы менен сүйлөм жөнүндөгү илим, тил илимининин бир тармагы. Адам баласынын акыл оюнун узак убакыттар бою абстракцияланган ишинин жыйынтыгы тилдин грамматикалык түзүлүшүндө чагылдырылган. Тилдин грамматикалык түзүлүшү кылымдар бою түзүлөт жана жалпы элдик мүнөздө болот. Грамматика аркылуу тил адамдын ой-пикирлерин материалдык тил калыбына салууга мүмкүндүк алат. Граматика менен лексика өтө тыгыз байланыштуу. Сөз сүйлөмдүн курулуш материалы болуп эсептелет. Сүйлөмдөгү сөздөр грамматикалык каражаттар аркылуу гана (б. а. грамматиканын карамагына түшкөндө гана) ой жагынан ыраат-туулукка жетишет. *Нуруя классташ курбуларына сабактан көмөк берет* деген сүйлөмдөгү сөздөрдүн мүчөлөрүн алып таштап, *Нуруя класс курбу сабак көмөк бер* десек, кийинки сөз тизмеги кыргыз тилинде маани бере албайт. Грамматика жеке жана конкреттүү нерселерди, кубулуштарды алып отуруп, аларды абстракциялап, андан эрежелерди түзөт, тилдик кубулуштарды типке бөлүштүрөт жана жалпылайт. Мисалы: *ат, эт, тоо, таш.* Булардын ар бири конкреттүү, жеке заттын аты жана бири биринен айырмаланат. Булардын ар бирине *-лар* мүчөсү жалганат да, алардын көптүк туру жасалат. Ушунун негизинде жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланып отуруп, "*-лар* мүчөсү аркылуу зат атоочтун көптүк туру жасалат" деген грамматикалык эреже келип чыгат. Мындай учурда жогоруда аталган конкреттүү ар бир нерсе эмес, ошолордон абстракцияланган заттык жалпы түшүнүк эске тутулат.

Грамматика морфология жана синтаксис бөлүмүнөн турат.

Морфология — сөздөрдүн грамматикалык топтору менен түрлөрү, сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон грамматикалык категориялар, алардын формалары жана система түрүндө өз-

сөрүшү (парадигма) жөнүндөгү илим, грамматиканын бир тармагы. Морфологиянын милдети сөз формаларын, алар аркылуу берилүүчү грамматикалык жалпы маанилерди үйрөтүү жана сөз түркүмдөрү жөнүндөгү окуу менен чектелбейт. Мындан тышкары, лингвистикалык традиция боюнча, кээ бир сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоо маселелери да морфологиядан орун алып келе жатат.

Морфология сөздүн грамматикалык табияты жана анын формалары жөнүндөгү окуу болгондуктан, ал баарыдан мурда грамматикалык категория, грамматикалык маани жана грамматикалык форма сыяктуу түшүнүктөр жөнүндө кабар берет.

Грамматикалык категориялар жөнүндө жалпы түшүнүк

Сөздөрдүн формалары, же сөздөрдүн сүйлөмдөгү айкашы аркылуу берилүүчү жалпы маани грамматикалык категориянын маңызын түзөт. Грамматикалык категориялар тилдин тип жагынан түзүлүшүн, аны башка тилдерден айырмалачу мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Грамматикалык категориялар тилдин узакка созулган тарыхий өнүгүшүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

Сөздүн сырткы түрү (формасы) боюнча берилген грамматикалык жекече маанилер жыйылып, жалпыланып келип грамматикалык категорияларга бириктирилет. *Грамматикалык категория* дегенибиз сөздөрдүн конкреттүү маанилеринен алынчу жалпыланган мүнөздөгү маани. Тигил же бул сөз топторун (сөз түркүмдөрүн) мүнөздөөчү грамматикалык категориялардын жыйындысынан сөз өзү кирген топтук жалпы маани (категориялык маани) түзүлөт. Мисалы, ар бир жөндөмөнүн жекече маанилери жөндөмөлөр категориясына, этиштин ар бир чактык формаларынын маанилери чак категориясына бириктирилет. Грамматикалык категория — бир өзчөй грамматикалык маанилердин жыйындысы, буга сөз түркүмдөрүнүн лексика- грамматикалык ири топтору да кирет. Мисалы, этиш категориясы, тактоочтор категориясы ж. б. Грамматикалык категория менен грамматикалык маанини бир бирине салыштырганда жалпы нерсени жекеге карата алгандай болуп калат.

Топтук жалпы маани сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн бири-бири менен карым-катышын (жөндөмөлөр категориясы), сүйлөөчү жакка карата болгон мамилени (жак категориясы), окуянын убакытка карата болгон мамилесин (чак категориясы) ж. б. билдириши мүмкүн. Бул сыяктуу

жалпыланган мүнөздөгү маанилер жана алардын жыйындысы грамматикалык категориялардын маңызын түзөт.

Грамматикалык категория менен грамматикалык форманы аралаштырууга болбойт. Грамматикалык форма көбүнчө кошумча маанини билдирүүчү мүчөгө негизделсе, грамматикалык категориялар жалпы мааниге негизделет. Мүчөлөр өз алдынча маани бербеген жана колдонулбаган сыяктуу, тилде грамматикалык категориялар да сөз түркүмдөрүнөн тышкары жашай албайт. Алар белгилүү гана сөз түркүмдөрүнө таралат. Мисалы, зат атоочторго, негизинен, сан, жөндөмө, таандык категориялары, этишке мамиле, ыңгай, чак жана жак категориялары мүнөздүү.

Тилдердин бир тобундагы грамматикалык категориялар тилдердин экинчи тобундагы грамматикалык категориялар менен туура келе бербейт. Мисалы, славян тилдеринде род категориясы бар жана алар зат атоочко мүнөздүү. Түрк тилдеринде болсо род категориясы грамматикалык жагынан өнүккөн эмес. Күндөлүк тиричиликке эң керектүү болгон кээ бир айбанаттардын аттары лексикалык *(айгыр-бээ)*, синтаксистик *(эркек музоо-ургаачы музоо)* жана морфологиялык *(Калый—Калыйа, Сабыр—Сабира)* жолдор боюнча жыныстык жагынан ажыратылат. Бирок адам жана айбанатка байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билгизген кээ бир заттардын аз да болсо жыныстык жагынан эркек жана ургаачы болуп бөлүнүшү түрк тилдеринде, славян тилдериндегидей, грамматикалык род категориясынын бардыгын көрсөтө албайт, түрк тилдеринде род категориясы жок. Анткени ал зат атоочтун башка категорияларына тарабайт. Грамматикалык категория болуш үчүн мындай кубулуш ат атоочтун калган түрлөрүн да ичине алышы керек.

Бир тилдеги грамматикалык категория экинчи тилде өз алдынча категория болбой калып, анын мааниси грамматикалык башка каражаттар аркылуу берилген учуру да кездешет. Мындай кубулуш тилдердин топторунун арасында гана эмес, бир эле топтогу тилдердин арасында да болушу мүмкүн. Мисалы, орус тилинде творительный жөндөмө бар. Кыргыз тилинде мындай жөндөмө жок. Бирок кыргыз тилинде мүнүн маанисин көбүнчө атооч жөндөмөдөгү зат атоочторго *менен* дегэн жандоочтун айкалышы аркылуу, синтаксистик жол менен берилет *(балка менен, балта менен)*. Кээ бир түрк тилдеринде болсо жандооч *менен* мүчөгө өтүп кеткен, ал жөндөмөнүн өзүнчө бир түрүн уюштурат. Мындай факт, бир жагынан, жалпы эле тилдерде бир өзчөй категориялардын санынын ар түрдүү болорун көрсөтсө, экинчи жагынан, тектеш тилдердин грамматикалык түзүлүшү бирдей болгону менен, алардын

өсүү темптеринин ар башкалыгын көрсөтөт. Мисалы, казакча көмөктес жөндөмө: *атпен-ат менен, әкесімен*-акеси менен ж. б.

Грамматикалык маани жана грамматикалык форма

Ар бир сөздүн керт башына тиешелүү болгон материалдык мааниси лексикалык маани деп аталат: *балапан* (канаттуулардын баласы), *балдак* (буту оорулуу, же буту чолок адам колтугуна такап басып жүрүүчү таяк), *балка* (бир нерсени ургулоо, же кагып киргизүү үчүн колдонулуучу сабы бар, ар түрдүү салмактагы асбап).

Сөз грамматикалык жагынан өзүнчө мааниге жана формага ээ. Сөздүн *грамматикалык мааниси* дегенибиз — сөздүн тигил же бул сөз түркүмүнө таандык экендиги менен аныкталып келип, анын парадигмалык карым-катыштарынын (б. а. сөздүн өзүнүн формаларынын өзгөрүш системасынын) жана синтагмалык байланыштарынын (б. а. сөз айкаштары менен сүйлөмдөгү байланыштарынын) негизинде түзүлгөн абстракттуу кошумча мааниси.

Грамматикалык маани төмөндөгүдөй эки нерсени ичине алат:

1) сөздүн *жалпы топтук мааниси*. Мындай маани сөз топторунун (сөз түркүмдөрүнүн) белгилүү бир тармагына мүнөздүү болгон маанини, мисалы, буюмдук-нерселик маани (зат атоочтордо), белгилик (сын атоочтордо), кыймыл-аракеттик (этиштерде) ж. б. у. с. жалпы маанини билдирет;

2) белгилүү бир топко кирүүчү сөз үчүн мүнөздүү келип, грамамтикалык категориялардын бирөө аркылуу берилчү жеке *маанини да ичине алат*. Мисалы, зат атоочторго тиешелүү болгон жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөрдүн мааниси, этиштерге мүнөздүү болгон чак менен жактык маанилер грамматикалык жекече маани болуп эсептелет. Бир эле сөздө грамматикалык бир канча маани да болушу мүмкүн. Мисалга *бардык* деген сөздү алалы; сөз түркүмү жагынан этиш, кыймыл-аракетти билдирет; айкын өткөн чак (*-ды* мүчөсү), биринчи жактын көптүк түрү (*-к мүчөсү*). Ушу кошумча маанилердин баары грамматикалык мааниге жатат.

Сөз речь тизмегинде башка сөздөр менен байланышта колдонулат. Мындай учурда сөздүн лексикалык маанисине грамматикалык ар кандай кошумча маанилер кабатталып жүрөт. Грамматикалык маани тилдик каражаттар аркылуу берилет. Мисалы, *эне-лер-ибиз*. Мында көптүк маани *-лар* мүчөсү аркылуу, таандык маанинин биринчи жагынын көптүк түрү *-ыбыз* мүчөсү аркылуу берилди. Грамматикалык маани-

лердин тилдик каражаттар аркылуу билдирилиши *грамматикалык форма* деп аталат. Башкача айтанда, сөздүн *грамматикалык формасы дегенибиз*—грамматикалык маанилерди билдирүү үчүн сөздүн тилдик системага ылайык грамматикалык жагынан өзгөргөн түрү, грамматикалык маанинин материалдык жагынан билдирилиши болуп эсептелет. Грамматикалык бир да маани грамматикалык формадан сырткары жашабайт.

Сөздүн формаларынын системасы *парадигма* деп аталат. Мисалы, бир сөздүн бардык жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү; бир сөздүн жак мүчөлөр менен баштан аяк өзгөрүшү ж. б. у. с. Сөздүн бардык формалары жана анын грамматикалык бардык маанилери парадигмага бириктирилет. Мисалы, *китеп-ти, китеп-ке, китеп-тен* дегендер бир эле сөздүн грамматикалык формулалары: *-ты* —табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (формасы), *-тен*—чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (формасы) ж. б. Грамматикалык формалар универсалдык мүнөздө болгон учурда гана грамматикалык категориялардын морфологиялык көрсөткүчтөрү боло алышат.

СӨЗДҮН СОСТАВЫ

Сөздөр морфологиялык түзүлүшү жагынан *тубаса* жана *туунду* болот.

Түзүлүшү жагынан составдык бөлүкчөлөргө ажыратылбаган сөз тубаса сөз деп аталат: *тоо, таш, суу, эл, ат, кой,* ж. б.

Сөздөрдүн тубаса жана туунду болуп бөлүнүшү анын азыркы кезде колдонулушуна карата аныкталат. Тубаса сөз болуш үчүн негизги белги: азыркы кезде толук мааниге ээ болушу, составдык бөлүкчөлөргө ажырабастыгы жана өз алдынча колдонулушу.

Составы жагынан морфемаларга ажыратыла турган сөздөр туунду сөздөр деп аталат: *кой-койчу, таш-ташта, баш-башта* ж. б.

Туунду сөздүн мааниси адатта уңгунун маанисине байланыштуу болот да, ошондон келип чыгат: *ооздук* деген сөздүн мааниси анын *ооз* деген уңгусунун мааниси менен байланыштуу; уңгусу өзүнчө мааниге ээ, ошондуктан *ооздук*—туунду сөз.

Морфологиялык составы жагынан сөз уңгу жана мүчөдөн турат.

Сөздүн составдык бөлүкчөлөргө, морфемаларга ажырабаган маанилүү эң кичинекей жөнөкөй бөлүгү *уңгу* деп аталат. Сөздүн уңгусу, адатта, азыркы убактагы абалына карата аныкталат. Уңгу болушу үчүн азыркы мезгилде өз алдынча мааниге ээ болушу, өзүнчө жеке колдонулушу, туунду сөзгө

биринчи жагынын көптүк түрүн, *-дан* чыгыш жөндөмөлүк маанини билдирип турат.

Тарыхий жагынан алганда, бир фонемадан да турган, же экиден ашык фонемадан куралган сөздөр да болгон. Бирок алар фузиялык кубулуштардын натыйжасында улам барган сайын морфологиялык түзүлүшү жагынан татаалданып отуруп, азыркы калыбына жеткен. Түпкү уңгунун морфологиялык элементтер аркылуу толукталышы сөздүн морфологиялык түзүлүшүнүн өнүгүшүнө, демек, жаңы сөздүн пайда болушуна алып келет. Мүчөлөрү ар башка болгону менен, уңгусу бир жана өз ара семантикалык жалпылыгы сакталса, андай сөздөр тектеш, же уңгулаш деп аталат. Мисал катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: байыркы Енисей-Орхон эстеликтеринде *ы*-өсүмдүк деген маанини берген; *ы-ыгач* (кош сөз) — ар кандай өсүмдүк. Азыркы кездеги *жыгач* деген сөз тарыхий жагынан ушу бир фонемалуу *ы* сөзүнөн жасалгандыгын анын кош сөздүк экинчи компоненти көрсөтүп турат. Байыркы тилдерде *у*-уйку деген маанини берген: кыркызыг *ука* басдымыз—кыргызды уйкуда бастык (уңгусу-*у*, *-ка*—барыш жөндөмөнүн мүчөсү); атоочтук ушу уңгудан *уды//узы// уйу* этиши жасалган; байыркы тилдерде *уды*, азыркы тува тилинде *узы*—укта маанисинде колдонулат. *Ую* сөзү кыргыз тилинде да бар (кандын, сүттүн уюшу, бир нерсенин чогулушу). Мунун мааниси *укта* менен семантикалык байланышта экендиги азыр да болор-болбос сезилип турат: *укта* да, *ую* да статикалык түшүнүктү, тынч абалды туюндурат.

Сөздөр тарыхий жагынан эки фонемадан да куралган, улам барган сайын морфологиялык элементтер кошулуп, түзүлүшү татаалдана берген:

ба—байыркы тилдерде байла маанисин берген;

ба+г>баг — кишен, орогуч, таңгыч, түйүн, таңгак маанисиндеги атоочтук сөз;

баг+ла>багла (байла, байлаштыр, бириктирип байла, бириктирип таң маанисинде; бул сөз *багла)* кыргыз тилинде тыбыштык жагынан өзгөрүп, *байла* формасында колдонулуп калган; тарыхий жагынан *ба+г (>баг//бай)* +*-ла* элементтеринен түзүлгөн; *са*—байыркы жана орто кылымдык эстеликтерде сана маанисинде: эр койуг *сады*—киши койду санады;

са-н, са-н-а—жогорудагы *са* этишинин туунду формасы; ж. б.

*жа-н, жа-к, жа-л-т, жа-ры, жа-ры-к, жа-р-к<*жа; жа-т-у-к, ту-лэ, ту-й-дө-к, ту-лук<ту;* байыркы тилдерде түчач, кыл; түр, өң маанисинде; сары уйгур тилинде *ту*-азыр да

чач маанисинде. Бул уңгу менен *түлөк (түлөгүң эссүн), түлук* (төрт *түлук* мал) да тектеш;

*сө-з, сө-к<*сө*; салыштыр: тувача *сө; сө чаңчаар*—сөк, тилде маанисинде; *сөс- сөз; сөгле-* башка тилдерде *сөзле,* кыргызча сүйлө маанисинде; демек, *сөзле//сөгле//сүйлө*—бир эле сөздүн тыбыштык жагынан өзгөргөн түрлөрү: *з~г~й.*

Ушундай эки фонемалуу уңгунун *(сө)* болгондугу байыркы жазма эстеликтердеги материалдар менен да ырастала алат: байыркы уйгурча *са-* сүйлө маанисинде; байыркы түрк эстеликтеринде: *саб (<са-б)-сөз,* речь маанисинде; сөз—сөз эле маанисинде; сөз—саб, сав—сөз (кош сөздөр). Демек, байыркы убактагы саб, сав (сөз, речь маанисинде) дегендердин уңгусу-*са* (сүйлө маанисинде) жана ал жогоруда айтылган *сө (сө-з, сө-к)* менен тектеш.

Уңгулары өлүү болсо да, азыркы кездеги бир катар сөздөр морфологиялык түзүлүштөрүнүн окшоштугуна карата морфемаларга оңой ажырайт. Жалганган мүчөлөрү ар түрдүү болгону менен, уңгулук бөлүгү бир жана өз ара семантикалык жалпылыгы болсо, анда алар тектеш, же уңгулаш сөздөрдүн тобун түзөт. Булардын уңгулары бир тилдеги өздөрүнө окшош морфемаларды, же тектеш тилдердин фактыларын салыштыруу аркылуу аныкталат;

кай-ык (кеме), *кай-пы, кай-мак, кай-кы* деген сөздөрдүн уңгусу *-кай*; салыштырыңыз: алтайча *кай*-калкы деген маанини берет; сары уйгурча *кай*-сууда сүзүү маанисинде;

кай-ра, кай-ра-к, кай-ыр, кай-ыр-мак, кай-ка-й, кай-кы, кай-кы-й, кай-ка-к-та, кай-ка-ла, кай-т, кай-тар дегендердин уңгусу *-кай*; салыштыр: байыркы уйгурча *кай*-тескери, тескери жакка; алтайча *кай*-кайра кайтуу маанисинде; чувашча *кай*-арт, арт жак; сары уйгурча *кай*-кайт маанисинде;

кай-ка, кай-на-р (кайнар булак) деген сөздөрдүн уңгусу да *кай;* салыштыр: хакасча *хай-ыл,* алтайча *кай-ыл—эри,* эрит маанисинде;

кат-ык, кат-та, кат-та-ш, кат-на-ш, кат-ыл, кат-ыш дегендердин уңгусу *-кат;* салыштыр: байыркы түркчө *кат-* аралашуу маанисинде.

Кээ бир сөздөр тарыхий уңгу болгону менен азыркы кезде уңгулук касиеттеринен ажырашкан, анткени алар ар кандай себептер менен баштапкы маанисин жана өз алдынчалыгын жоготушуп, өздөрүнө жалганган мүчөлөрү менен бирге бөлүнгүс биримдикти түзүшүп, тубаса сөзгө айланып кетишкен. Ошентип, мындай сөздөрдө мурдагы уңгулук чек да өзгөргөн. Тилде буга окшогон кубулуш шарттуу түрдө уңгунун кенейиши деп аталышы мүмкүн: *ыраа-к-та<ыраа*; салыштыр: алтайча *ыраа*—алыста, бир жерден башка жакты көздөй ба-

гыт алуу маанисинде; *шыкаа-ла>шыкаа;* салыштыр: тувача *шыгаа-мээле,* көздө маанисинде; монголчо *шагаа*-кара, баш бак, шыкаала, мээле маанисинде; *жет-еле<жет;* байыркы түркчө: Ол ат *йетти-* Ал ат жетеледи; *сой-ло<сой;* салыштыр: тувача *сой-* жыл маанисинде; *ол-жо<ол;* монголчо *ол-тап* маанисинде, *уй-па<уй‖уг(й‖г);* салыштыр: хакасча *уг*-уйпала, эз манисинде ж. б.

Унгу сөздөр, жогоруда айтылгандай, өздөрүнүн баштагы чегин өзгөртүү менен гана чектелбейт. Кээде унгунун аяккы тыбышы мүчө жагына ооп, мүчө менен ширешүүнүн натыйжасында анын составдык элементине айланып кеткен учур да кездешет. Ушул себептүү кээ бир туунду сөздөр составдык элементтерге мурдагысынан азыр башкача бөлүнөт; баштагы бир морфема эки морфемага, же тескерисинче, эки морфема бир морфемага айланып кетиши мүмкүн. Тилдеги мындай кубулуш морфологиялык кайра бөлүнүш (*переразложение*) деп аталат.

Кайра бөлүнүш жолу менен пайда болгон тарыхий татаал мүчөлөр катарында төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

-г, -ар. Азыркы кездеги *сары* деген сын атооч байыркы жазма эстеликтерде *сарыг* формасында колдонулган, мындан *-ар* мүчөсү аркылуу *саргар (<сар)ы(г+ар)* этиши жасалган. Бирок байыркы *сарыг* деген сөздүн аяккы «г» тыбышы азыркы кыргыз тилинде түшүп, *сары* түрүнө айлангандыгына байланыштуу баштагыдай *сарыг+ар* деп бөлүнүүнүн ордуна ушу мезгилде *сары-гар* болуп бөлүнөт. Мына ошентип, унгу сөздүн аягындагы «г» тыбышы мүчө жагына өтүп, *-ар* морфемасынын составдык элементин түзүп калган.

Ушу жол менен *-гыч* мүчөсү да түзүлгөн: *сарыг* (сары маанисинде) сөзүнүн аягындагы «г» тыбышы сөздүн мүчө жагына ооп, *-ыч* менен биригип кетишинин натыйжасында *-гыч* морфемасы түзүлгөн: *сары+гыч*; мунун составындагы *-ыч* сын-сыпаттык белгинин жетишсиздигин билдирүүчү *-ыш* мүчөсүнүн фонетикалык өзгөргөн түрү: *ак-агыш, көк-көгүш* ж. б.

-ылда мүчөсү да татаал мүчө, *-ыл+-да* элементтеринен курулган; мындагы *-ыл* табыш тууранды сөздөрдөн атооч жасоочу мүчө болгон (салыштыр: казакча—кулакка *тарсыл* эшитилди, кыргызча-эл арасынан *күңкүл-мыңкыл* сөз чыкты), бирок ал атоочтон этиш жасоочу *-ла* менен биригип *-ылда* деген өзүнчө татаал мүчөнү түзүп калган.

-гы-ла мүчөсү да башта эки мүчө болгон, мунун биринчиси этиштен атооч жасаган: байыркы тилдерде *атгы*—жаа тартуу маанисинде; азыр *-ла* мүчөсү менен ширешип кеткен (*-гыла*), кыймыл-аракеттин көп ирет кайталангандыгын билдирет.

Качандыр бир убакта айрым морфемаларга ажыроочу сөздөр унгу менен мүчөнүн тыгыз ширешип кетишинин натыйжасында морфологиялык жагынан бөлүнбөй турган тубаса сөзгө айланып кетишет. Тилдеги мындай кубулуш ширелиш (*опрошение*) деп аталат. Мурдагы туунду сөздөрдүн ширешип, тубаса сөзгө айланып кетишинин себептери бар жана алар ар түрдүү.

Унгу менен туунду сөздүн ортосундагы семантикалык байланыш жоголгон же бүдөмүктөлгөн учурда морфемалар өз ара ширешип кетет да, баштагы туундуу сөз тубасага айланат. Эгерде алардын түпкү унгулары ошол тилдин өзүндө сакталган болсо, семантикалык байланыштары жок сыяктанышып, экөө (түпкү унгу сөз менен анын туунду формалары) өз алдынча сөз катары жанаша жашай беришет. Мисалы: *чийкил, чийки* деген сын атоочтор качандыр бир убакта *чий (<чиг)* деген унгудан жасалган. Бул сөз башта өз алдынча колдонулган жана өзүнчө мааниге ээ болгон; тува тилинде *чиг* азыр да чийки дегенди билгизет. Бул унгу сөз кыргыз тилинде да бар, мисалы, *чий* көбүк (*чийки* көбүк маанисинде), бирок унгу сөз (чий) менен андан жасалган *чийкил* (чүкө) жана *чийки* дегендердин ортосунда азыр семантикалык байланыш сезилбейт. Унгу сөз баштагы *чиг//чий* кезиндеги өз алдынчалыгын жоготкондон кийин, андан жасалган туунду формалар составдык элементтерге бөлүнбөй калган.

Ушу сыяктуу эле *жөнө, жөндө* этиштери тууралу да айтууга болот. Булар да качандыр бир убакта туунду сөз болушкан, *жөн+а, жөн+-ла* морфемаларынын кошулушунан жасалган, унгусу *жөн,* жана ал казак менен кара калпак тилинде багыт, жак, бир нерсенин теги маанисинде; кыргыз тилинде бул сөз «багыт» маанисинде сейрек учурайт: *жөн шилте-* багыт көрсөт, багыт бер дегенди билдирет; *жөн тарт*—бир жакты көздөй жөнө, баштануу маанисинде айтылат: Алагай көзү жумулуп, акырет көздөй *жөн тартып* (К. К. Юдахиндин «Сөздүгүнөн»). «Багыт» маанисиндеги бул сөз *(жөн)* менен жандооч *жөнүндө* да тектеш; салыштыр: *кайсы жөндө? кайсы жөндө болсо дагы;* төмөндөгү *жөндөрдө* келишим түзүлөт (аталган «Сөздүктө»). Унгунун *(жөн)* жана *менен* жандоочунун ортосунда азыр байланыш жок, кийинкисинин семантикалык түзүлүшүнөн атоочтун баштагы мейкиндик мааниси сезилбейт, составдык морфемалар ширешип тубаса сөзгө айланып кеткен.

Унгусу менен туунду формаларынын ортосундагы семантикалык байланышы жоголгон же унутулуп бараткан жана ушул себептен тубасага айланган сөздөр аз эмес. Түпкү унгусу кыргыз тилинин өзүндө болсо да, жогорудагы себептерге

байланыштуу морфологиялык түзүлүшү боюнча составдык бөлүктөргө ажырабай, тубаса болуп жүргөн сөздөргө төмөнкүлөрдү да кошууга болот:

токто—унгусу *ток,* мурда *орун* деген маанини билдирген (эски өзбек тилинде *ток*—орун). Азыркы кыргыз тилинде «*ток*» «сөз болуп жаткан маселенин эң негизги жери» деген мааниде гана колдонулат: *ток этер* жерин айт;

күрөш—унгусу *күр,* бул сөз байыркы жазма эстеликтердин тилинде кайраттуу маанисин берген: *күр эр*-кайраттуу киши; азыркы кыргыз тилиндеги сөз айкаштарында күчтүү, кубаттуу деген сыяктуу мааниде учурайт: *күр жер* «көптөн бери айдалбаган семиз жер, дың жер» маанисинде; *күр жайлоо*—«оттуу, малга жайлуу жайлоо» маанисинде, жайлоонун *күр болуп* турган кези — «жайлоонун болуп турган кези» маанисинде;

мөлтүлдө, мөлтүрө этиштеринин жана *мөлтүр* сөзүнүн түпкү унгусу—*мөл;* башта «жылтылдак, тунук» маанисинде болгон. Бул сөздүн ушуга жакыныраак мааниси кыргыз тилинде азыр да бар, бирок сейрек учурайт: *мөл-мөл, мөлт-мөлт; мөлт эт* —«жаштын, суунун тамчыларынын, же шүүдүрүмдүн жылт этип түшүшү, жылтылдап турушу» деген мааниде; *мөл булак* — «тунук булак» маанисинде; *мөл туз* «көк кашка таза туз» маанисинде; *мөл кашка суу* «таптаза тунук суу» маанисинде;

капкан сөзүнүн унгусу-*кап* (<*ка*-байыркы тилдерде жап маанисинде) жана ал тектеш тилдерде сакталган, хакасча *хап,* алтайча *хапса, кама,* кыргызча *кап (ит капты)* да жогорудагы *кап* сөзү менен (*жап* маанисинде) тектеш, бирок баштагы семантикалык байланыш азыр сезилбейт;

кызыл, кызар, кызаңда, кызуу, кызылча, кызамык (кийинки экөө оорунун аты), *кызгылт* дегендердин унгусу—*кыз жана* ал байыркы тилдерде «жалында, кызар» маанисинде колдонулган: *кыз ат*-кызыл ат (ак бос ат). Аталган унгу кыргыз тилинде *кызы* формасында сакталган жана ал баштагы унгу сөздүн морфологиялык өнүккөн түрү болуп эсептелет: *темир кызыды.* Үймөк чөп *кызып* кетти. Казанга салган май *кызыптырбы,* карачы, кызым.

Кээде ширешүү туунду сөздүн унгусунун колдонулуудан чыгып калышынан да пайда болот. Сөз лексикалык составдан дароо эле түшүп калбайт. Ал адегенде улам убакыт өткөн сайын тилде сейрек колдонула баштайт. Ушунун натыйжасында андай сөздөрдүн айрымдары элдин кээ бир өкүлдөрүнүн речинде гана калдык катарында сакталат, берген мааниси бүдөмүктөнө баштайт. Ошол тилде сүйлөөчү жалпы эл үчүн белгисиз болуп калган соң андан жасалган туунду

форма тубасага айланып кетет. Андай сөздөрдүн унгулары кыргыз тилинин азыркы өсүш этабында жалпы элдик мүнөзгө ээ эмес:

жаңса этиши качандыр бир убакта туунду сөз болгон, жаң+-са морфемалаларынан турат, унгусу—*жан* (жаңсап түшүндүрүү маанисинде). Аталган унгу кыргыз тилинде өтө сейрек кездешет, сенек унгу болуп эсептелет: Анын кандай *жаң* кылганын байкабай калдым («Кырг.-орусча сөздүк»);

жалда, жалчы сөздөрүнүн унгусу *-жал,* бул сөз кыргыз тилинде калдык катарында кээ бир сөз айкаштарында гана сакталган, сейрек учурайт; эмгек акы, маяна, таман акы маанисинде кезигет: *жал күчү; жалга бер* («Кырг.-орусча сөздүк»);

мушта, муштум дегендердин унгусу—*муш;* бул унгу да жалпы элдик мүнөзгө ээ эмес, бирок кездешет: *муш түй, муш же, муш жумша*;

кучак, кучакта деген сөздөрдүн унгусу — *куч,* кучакта маанисинде фольклордо сакталган: «Ата» -деп, мойнум кучпады;

жаркыра, жарык<*жар//йа;* мунун морфологиялык өнүккөн формасы калдык катарында кыргыз тилинде сакталган: Чырак *жарып* турат. Таң *жарыса,* түн кетет («Кырг -орусча сөздүк»).

Буга окшогон сөздөр менен катар унгулары колдонулуудан таза чыгып калган жана ушунун натыйжасында тубаса катарында кабыл алынып кеткен сөздөр да бар:

токмок<*ток;* салыштыр: байыркы түркчө *току,* байыркы уйгурча *токы*—ур, талкала маанисинде;

жетеле<*жет* (байыркы тилдерде жетеле маанисинде колдонулган): Ол ат *йетти*-Ал атты жетеледи (Махмуд Кашгариден);

көлөкө<*көлэ;* салыштыр; алтайча *көлө*—калкала, көлөкөлө маанисинде;

кыска<*кыс;* байыркы тилдерде кыскарт, азайт маанисинде колдонулган: Ол аның тонлукун *кысды*-Ал анын киймин кыскартты (ДТС).

Туунду форманын тубасага айланышына сөздүн баштагы тыбыштык составынын өзгөрүшү, орун которушу да таасир этет:

жамгыр<йагмур<йаг-жаа;

муузда<мууз<богуз+богаз+-ла; эски өзбек тилинде *богаз*—алкым, тамак; *богузла*—муузда. Кыргыз тилинде ушу этиштин (богузла) фонетикалык өзгөргөн түрү—*муузда* сакталган;

муун этишинин баштапкы толук формасы —*богын;* бул

сөз *бог+ -ын* элементтеринен куралган; байыркы түркчө *бог*-муунт, кыс маанисинде; итим богуз алып түкел *богды*—итим (бөрүнү) мууздоодон алып муунтту; ат *богынды*—ат муунду; эр *богылды*—киши муунду. Богын этиши кыргыз тилинде тыбыштык составы жагынан өзгөрүп, муун формасына өтүп, тубаса сөзгө айланып кеткен.

Кээ бир мүчөлөр тарыхий жагынан бүтүн сөз менен байланышат. Айрым сөздөр тигил же бул себеп менен баштапкы маанисин жоготуп, мүчөгө айланышкан:

1) *-дай /<-даг<-тег;* байырк. түрк. *тег*-сыяктуу, окшош маанисиндеги сөз болгон, жазууда да бөлөк жазылган: *андаг-андай, мындаг-мындай,* теңри *тег-теңирдей,* учук *тег-куштай* ж. б.

2) Азыркы кездеги жак мүчөлөрдүн биринчи эки жагынын жекелик жана көптүк түрү жактама ат атоочтордон келип чыккан:

-мын//-мин<мен<бен: б. түрк. сү башы *бен*-аскер башымын; андаг күчлүг *мен* -мен ошончо күчтүүмүн (сөзмө сөзү: андай күчтүүмүн); мен сизке келгили *мен*-мен сизге келүүгө даярмын (сөзмө сөзү: мен сизге келгенмин); *мен...* буйрук *мен*-мен буйрукчумун; окусар *мен*-окусам;

-сың<сен: сен барса *сен*—сен барсаң; сен кажан барса *сен*-—сен качан барсаң.

Үчүнчү жактын жак мүчөсү *-т* байыркы атоочтуктун учур-келер чагынын *-ыр* мүчөсү жалганган *турур* деген атиштен келип чыккан: *-т<-ды//-ду<-дыр//-дүр<турур;* байыркы тилдерде: Эдил суву *ака турур*—Эдил (Волга) суусу агат. Бир нече киши келе турур—Бир нече киши келет.

3) Капыскы өткөн чактын мүчөсүнүн составындагы *-тыр/-ыптыр* жана күдүктүктү билдирүүчү *-дыр* мүчөсү да ушу *турур* этишинен чыккан: *-ыптыр<ып+тур<турур; -гандыр<ган+дыр<дур<турур: барып турурман*—барыптырмын, барып турамын;

4) Бүтүн сөздөн чыккан мүчөлөргө жатыш жөндөмөнүн грамматикалык формасын (*-да*) да кошууга болот. Аталган мүчө алтай тилдери үчүн жалпы; түрк тилдеринде жатыш жөндөмөнүн (байыркы эстеликтерде чыгыш жөндөмөнүн да ролун аткарган), монгол жана тунгус тилдеринин кээ бирөөндө барыш, жатыш жөндөмөнүн мүчөсү катарында колдонулат. Бул мүчө эрте кезде өзүнчө сөз болгон, жана ал нанай тилинде сакталган; нанайча *да*—бир нерсенин ичи, ички мейкиндик деген маанини билдирет. Тарыхий өнүгүшүндө, сөздөрдүн соңунан айтылып жүрүп, акыры мүчөгө айланып кеткен.

5) Биринчи эки жактын таандык мүчөлөрү сыяктуу эле,

үчүнчү жактын таандык мүчөсү да тарыхий жагынан ат атоочтордон чыккандыгы алыскы тектеш тилдердин материалдарынан байкалат. Мисалы, маньчжур тилинде 3-жак үчүн колдонулуучу *и, чэ* деген ат атооч бар, кыргызча *ал* дегенге туура келет. Маньчжур тилиндеги бул сөздөр (*и* жана *чэ*) тунгус тилдеринин кээ бирөөндө, мисалы нанай тилинде, 3-жактын таандык мичөсүнө айланып кеткен, түрк тилдериндеги *-ы* жана *-сы* да ушулар менен тектеш.

6) *-чык<-чак (чак*-чоң да, кичине да болбой туура келе турган, көлөмү жагынан туура, жетишерлик, ылайык маанисиндеги сөз: мага чак: *көлчүк (<көлчак), боточук (<боточак), көнөчөк (<көнөк<көн*-алт., өзб. иштетилген тери), *келинчек (<келинчек);*

7) *-ча//-че//-чо//чө< чак* (караңыз: 6-пунктту: *-ча<чак*): *аянтча (<аянт чак), дөңчө (<дөң чак), тоочо (<тоо чак);* салыштыр: хакасча *тагычак (<таг* -тоо), *теңичек (<тең* -ден); шорчо *тагчак* -тоочо, *уячак*-уяча; алт. *уулчак*-уулча (энч. ат);

8) *-чар//-чер<чар (чар, шар* —алтай, тува, монгол тилдеринде *өгүз* деген маанини билдирет): *кулжачар (<кулжа+чар), букачар (<бука+чар), текечер (<теке+чар);*

9) *-даш<(а) даш* (байырк. түркчө *адаш*-жолдош маанисиндеги сөз): *карындаш, курдаш, аталаш;*

10) *-ыраак<араак/* тувача *араак*—аз-маз маанисиндеги сөз жана ал алтай, шор, тува тилдеринде *арык, арак, аарак* түрүндө колдонулат да, башка тилдердеги *-ыраак* мүчөсүнө туура келет: кырг. *агыраак*—алт. *агарык;* кырг. *көгүрөөк* — алт. *көгөрүк;* кырг. *кызылыраак*—шор. *кызыл аарак, кызыл арак;* кырг. *карарааk* — шор. *кара аарак, кара арык, кара арак;*

11) *-чы//-чи//-чу//-чү<-чин<жин//чин* — киши; чув. *жын* (сын, син) — киши: кырг. *малчы* — монг. *малчин,* кырг. *койчу* — монг. *хоньчин,* кырг. *темирчи* — монг. *төмөрч (ин),* кырг. *төөчү* — монг. *темээч (ин)<(темээ (н)* —төө;

12) *-мер* (<фарсыча *мерд* — эркек киши; киши); *ишмер, сөзмөр* ж. б.;

13) *-кеч* (<фарс. *кеш<кешиден* — тартуу, сүйрөө): *арабакеч, мээнеткеч, зыянкеч* ж. б.;

14) *-көр* (<фарс. *хор<хорден* — жеөө, ичүү: *канкор, чайкор, жемкор;*

15) *-керек* (<фарс. *хорак (<хор+-ак)* — тамак: *чайкорок, ачкорок* ж. б.;

16) *-дар* (<фарс. *дар<даштан*—ээлөө, кармоо, сактоо): *куштар, кабардар, кусадар, карыздар* ж. б.;

17) *-заада* (<фарс. *заада)<төрө* маанисиндеги *заден* де-

ген этиштин атоочтук формасы (-туулган): *Ализаада, ханзаада, бекзаада* ж. б.

Бул сыяктуу бүтүн сөздөрдөн чыккан мүчөлөрдүн саны анча көп эмес. Мүчөнүн баары эле бүтүн сөздөн чыга бербеген; мүчөлөрдүн чыгышы үчүн башка жолдор да болгон. Көпчүлүк мүчөлөрдүн чыгышы фузия кубулушу менен байланыштуу.

Унгу менен мүчөнүн, же мүчөлөрдүн өз ара тыгыз кошулушу, биригип кетиши, *фузия кубулушу* деп аталат. Фузиялык кубулуштардын натыйжасында морфемалардын ортосундагы мурдагы чек жоюлуп, биригип кетишет. Эгерде унгу менен мүчө ширешкен болсо, жаңы «унгу» сөз келип чыгат, мүчө менен мүчө ширешсе, татаал мүчө келип чыгат. Ширешкен мүчөлөр өз ара төмөнкүдөй карым- катышта болушкан:

1) кызматташ же маанилеш бир өңчөй мүчөлөрдөн турушу мүмкүн; 2) кызматы жагынан ар башка болгон мүчөлөрдүн кошундусунан куралган да болушу мүмкүн.

Сөздүн составында бир эле мүчөнүн кайталанып жалганышына төмөндөгүдөй фактыларды келтирүүгө болот: Аттар отко *киришишти.* Ата-энелер өз ара *сүйлөшүштү.* Келтирилген мисалдарда *-ыш* мүчөсү эки жолу кайталанды жана бул жерде алардын маанилери түрдүүчө: бири көш мамилелик мааниде, экинчиси көптүк мааниде. *Кайсысы* сага жагат? *Кимиси* кыйын экен? дегенде таандык мүчөлөр (*-сы+сы, -ы+сы*) кайталанып жалганган, булардын ичинен *кайсы* дегендеги *-сы* мүчөсү *кай* деген ат атоочтун составдык элементине айланып кеткен. Бир эле мүчөнүн кабатталып колдонулушу түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринен да кезигет: *Огуздантан* көрүг келти. — Огуздан (уруунун аты) жансыз (тынчы) келди. (Бул сөздө чыгыш жөндөмөсү эки жолу кайталанган: *огуз-дан-тан*).

Маанилеш, же мааниси жагынан жакын мүчөлөрдүн сөз составында кабатталып келиши төмөндөгүдөй сөз формаларынан учурайт: *мурдатан* (*<мур-да-тан,* түпкү унгусу *мурун*), *баштатан* (*<баш-та-тан*). Бул сөздөргө жатыш (*-та*) менен чыгыш (*-дан*) жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү уланган.

Көпчүлүк түрколгодор чыгыш жөндөмөнүн грамматикалык формасы жатыш жөндөмөнүн мүчөсү (*-да*) менен байыркы биргелик- куралдык жөндөмөнүн мүчөсүнүн (*-н*) айкалышынан куралган деп карашат: *-дан<-да+-н.*

Бир өңчөй, же маанилеш мүчөлөрдүн биригишинен жасалган татаал мүчөлөр баарыдан мурда сын-сыпаттык белгинин салыштырма даражаларын уюштуруучу формалардан кезигет:

1) *-ылтыр* — үч мүчөдөн куралган: *-ыл -т-ыр — көк+үл*

-т-үр; салыштыр: өзбекче (диалектилерде) *көк+өл*—көгүш, көгүлтүр маанисинде; *көк+ум-ти-р-көк+үлтүр, сарг+ымты-р*—саргыч маанисинде;

2) *-ымтык-үч* мүчөдөн тузулгөн: *-ым-ты-к — боз+ом-ту-к, боз-ом-ук;* салыштыр; өзбекче *боз+ум-ту-к, боз+ум-ту-л — бозомук,* бозомтук маанисинде; *кара+м-ты-л, кара+м-ты-к*— каралжын маанисинде; *сары+м-ды-к* — саргыч маанисинде;

3) *-гылтым* — төрт мүчөдөн түзүлгөн; *-гы-л-ты-м—кыз -гы-л-ты-м;*

4) *-сымал, сымак* — окшоштукту билгизүүчү *-сы* жана кичирейткендик маанисиндеги эки мүчөдөн (*-ма* жана *-л, -к*) турат: *-сы-ма-л, -сы-ма-к: кара-сы-ма-л, кызыл+сы-ма-к;* сал. өзбекче *кара+сыма-н* ж. б.;

5) *-чыл* — кичирейткендик маанисиндеги эки мүчөдөн турат: *-чы-л—ак-чыл, көк-чүл, коч-кул;* салыштыр: *ак+ча* (байыркы түрк эстеликтеринде)—акчыл (*ак+чы-л*) маанисинде;

6) *-гыл*—кичирейткендик маанисиндеги эки мүчөдөн турат; *-гы-л — кыз-гы-л; коч-ку-л;*

7) *-накай* — кичирейткендик маанисиндеги үч мүчөдөн жасалган: *-на-ка-й—таты-на, таты-на-ка-й, жакшына, кичи-неке-й;* салыштыр: казакча *киш-ке-н-тей*;

8) *-гары* мүчөсү байыркы убакта багытты билгизүү маанисинде колдонулган да, барыш жөндөмөсүнүн өзүнчө бир формасы болгон: *уйгургару* — уйгурга (карай), *бегкеру* — бекке (карай), *эбгеру* — үйгө (карай). Морфологиялык жагынан маанилеш эки мүчөдөн куралган: (*-га*) барыш жөндөмөнүн мүчөсү, азыр колдонулат (*+-ры*) бу да багытты билгизүү маанисинде болгон: *баңару* — мага; *асра* — астыга (карай), *үсре* — үстүгө (карай). Бул мүчө кыргыз тилинде *ары, бери* деген тактоочтордо сакталган. Бул эки мүчө фузиялык кубулуш боюнча өз ара биригишип, татаал мүчөгө айланган, азыр *ичкери, тышкары, илгери, сырткары* жана *жогору* деген орун тактоочтордо калдык катарында сакталган. Булардын ичинен *жогору* тарыхий жагынан *йок+-гару* деген морфемалардан түзүлгөн, бирок унгунун аягындагы тыбыш менен мүчөнүн башкы тыбышы окшош болгондуктан, фузиялык кубулуш боюнча мүчөнүн башындагы «*г*» тыбышы түшкөн да, унгунун аягындагы «*к*» тыбышы жумшаруунун натыйжасында сөз *йогору* формасын кабыл алып калган. Унгу сөз өз алдынчалыгын жоготкондугуна байланыштуу баштагы туунду сөз тубасага айланып кеткен. Бул сөздүн унгусу качандыр бир убакта өзүнчө мааниге ээ болгондугун байыркы жана азыркы тектеш тилдердин фактыларынан байкоого болот: байыркы түркчө *йок*-бийик жер, бийик жай; *йок йер*-бийик жер, дөң, дөңсөө; *йокару*—жогору: *йуклатты*—жогорулатты; байыркы

уйгурча *йокла*—жогору көтөрүлүү маанисинде, хакасча—*чохта*—сууну өрдө, жогору маанисинде.

Фузия кубулушу *-гар, -гат* мүчөлөрү менен булар жалганган уңгу сөздөрдүн ортосунда да бар. Түрк тилдеринин байыркы жазма эстеликтеринде *суг* жана анын дифтонгулуу формасы *суу, сув* деген сөздөр болгон. Булардын ичинен *суг* формасы хакас, тува тилдеринде азыр да бар жана андан *суггат (<суг+-гат), суггар (<суг+-гар)* деген туунду сөздөр жасалган. Бул уңгунун дифтонгулуу формасынан болсо байыркы уйгурча *сувгар* этиши пайда болгон: Ол ат *сувгарды*—Ал ат сугарды. Баштагы *суг* деген сөздүн аяккы үнсүз тыбышы дифтонгуга, андан кыргыз тилинде созулма үндүүгө айланган: *суг>суѳ>суу*. Бирок туунду этиштер атоочтук уңгу сөздүн созулмага айлана электеги түрүнөн жасалган: *сугат сугар*. Бул сөздөрдө уңгунун аягындагы «г» тыбышы (*суг*) менен мүчөнүн башындагы «г» тыбышынын ширешип биригип кетишинен морфемалардын алгачкы чеги жоюлуп, кошулуп кеткен: *суг+-гат>сугат, суг+-гар>сугар*.

Төмөнкү татаал мүчөлөр да фузия кубулушу аркылуу пайда болгон:

1) *-лан<-ла-н*: куралдан, малдан, тамактан ж. б.

2) *-лаш<-ла-ш*: сырдаш, отурукташ, совхоздош ж. б.

3) *-чылык<чы-лык*: дыйканчылык, эскичилик, жылуучулук, эсенчилик, кыргызчылык ж. б.;

4) *-ылда<ыл-ла*: тарсылда, жаркылда, жалтылда, күрүлдө ж. б.;

5) *-ынды<-ын-ды*: казынды, күрөндү, тебинди, кесинди, чамынды (<чап-ынды);

6) *-гыла<-гы-ла*: аткыла, чапкыла, тешкиле, тепкиле, сайгыла ж. б.;

Кээ бир мүчөлөр айрым мүчөлөрдүн фонетикалык өзгөргөн түрү болуп эсептелсе, кайсы бирлери алардын (мүчөлөрдүн) кыскарышынан чыккан:

-гын//-ган: качкын, туткун;

-ак<-гак: *орок*, хакасча *ор-гак; тарак<таргак* (б. түркчө); салыштыр: *элек*, алтай, хакасча *элгек*; *туяк*, алтай, хакасча *туйгак* /алтайча *туй*-куйма; *кайык<кайгык* (б. түркчө);

-а<-ка: *тара//тарка, чура//чурка*;

-ма<-мак: *көлмө-көлмөк, кошмо-кошмок*;

-ыз<гыз: *эмиз-эмгиз*;

-ыр<-тыр: *ичир-ичтир* ж. б.

Кыргыз тилинин азыркы өнүгүш этабында, өтө сейрек болсо да, кайсы бир татаал мүчө бүтүн сөз катарында колдонулуп калган: *чылык (<-чы+лык)* — «кыргызчылык» деген

сөздүн кыскарган бөлүгү: *Чылыкка* белчесинен баткан киши. *Чылык* бар жерде былык бар.

Мүчөлөр маанисине жана милдетине карата сөз жасоочу, форма жасоочу жана сөз өзгөртүүчү болуп үчкө бөлүнөт.

Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга жалганып, андан жаңы сөз жасайт; мында сөз бир сөз түркүмүнөн экинчи бир сөз түркүмүнө өтөт *(таш-ташта, камчы-камчыла)*, же башка сөз түркүмүнө өтпөй калышы да мүмкүн (*мал-малчы, пахта-пахтачы*). Бирок эки учурда тең сөздүн лексикалык мааниси өзгөрөт. Уңгуга сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалган туунду сөздөр өзүнөн кийин жалгануучу мүчөлөргө карата негиз деп аталат (*койчулар, баштагы; кой, баш*-уңгу; *койчу, башта*-негиз).

Туунду сөздөрдүн баары эле уңгудан жасала бербейт. Кээ бир сөздөр уңгудан жасалса, кээ бирөө негизден жасалат да, составы боюнча туунду сөз болушу мүмкүн: *баш-башкар, башкар-башкарма, баркарма-башкармалык* деген сөздөрдүн баарынын уңгусу-*баш*, бирок бул уңгудан түздөн-түз *башкар* деген гана сөз жасалган; туунду сөздүн калгандары бири-бирине негиз болуп жасалышкан.Уңгуга сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр катар жалганганда, сөздүн лексикалык мааниси негиз бөлүгүнөн билинет.

Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгуга жалганганда, сөздүн мааниси өзгөрбөйт, грамматикалык кошумча маани кийрилет. Бирок алар сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштырууда синтаксистик каражат катары кызмат кылышат. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө жөндөмө, таандык, жак жана сандык мүчөлөр кирет. *Малдын, малды,малга, малда, малдан* дегендер бир эле сөздүн ар кандай формасы; жалганган мүчөлөр сөздүн маанисин өзгөрткөн жок. Бирок ушул эле сөздөн жасалган *малчы* деген сөздү *мал* деген сөздүн өзгөргөн формасы деп айтууга болбойт, анткени андан-*чы* мүчөсү аркылуу башка маанидеги сөз жасалды.

Форма жасоочу мүчөлөрдөн да сөздүн мааниси өзгөрбөйт, жаңы сөз да жасалбайт. Алар жалганган сөзүнө грамматикалык кошумча маани кийирүүчү сөз формалары болуп эсептелет, сөздөрдү байланыштыруу үчүн да кызмат кылбайт, кошумча маани мүчө жалганган сөздөрдүн синтаксистик колдонулушу менен да байланышпайт. Буларга мамиле мүчөлөрү, ыңгай мүчөлөрү, чакчылдардын, атоочтуктардын, кыймыл атоочтордун мүчөлөрү, чак мүчөлөрү, көптүк мүчө (*-лар*), сын-сыпаттын кемдигин, жетишсиздигин билдирүүчү мүчөлөр (*-ыш, -гылт* ж. б.), кичирейтип эркелеткендикти билдирүүчү мүчөлөр (*-ча, -чак*), жана *-ыраак* мүчөсү кирет. Жогорудагы мүчөнүн үч түрү жалганган сөзүнө ар бири өзүнүн

салымын кийирет. Сөздүн лексикалык мааниси сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу берилсе, грамматикалык маани форма жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен берилет (*жылкы-чы-лар-ыбыз-га*). Маанинин мындай эки түрдүүлүгүнө байланыштуу жалпысынан мүчө да эки түрдүү: сөз жасоочу, сөз жасабоочу. Ушу белги боюнча сөз жасоочу мүчөлөргө форма жасоочу мүчөлөр карама-каршы коюлат да, кеңири мааниде алганда, ага сөз өзгөртүүчү мүчөлөр да кирет.

Сөз жасоочу, форма жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн уңгуга жалганышында белгилүү тартип бар. Мүчөлөрдүн иреттүүлүк менен келиши лексикалык жана грамматикалык касиеттерге негизделген: башка маанидеги жаңы сөз жасап, лексикалык мүнөздө болгондуктан, сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга биринчи жалганат. Анын артынан форма жасоочу, андан кийин сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жалганат. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн форма жасоочу мүчөлөрдөн кийин келиши синтаксиске байланыштуу. Анткени алар өздөрү жалганган сөздү башка сөздөр менен байланыштыруу үчүн кызмат кылат (*окуучу-лар-га* төлөндү. Менин *китеп-тер-им-ди* көрдү).

Ушинтип, сөздөр сүйлөмдүн составында колдонулганда морфологиялык түзүлүшү боюнча төмөнкүлөрдөн турат: 1) уңгу—тилдин азыркы мезгилинде составдык бөлүктөргө ажыратылбай турган сөздөр; 2) негиз—уңгу менен сөз жасоочу мүчөлөрдүн айкалышынан турган сөздөр—туунду сөздөр; 3) уңгу, негиз+форма жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр: *окуучуларга* (<*окуу-чу+лар-га*).

Лексикалык бир бүтүн сөз катарында жасалыш жагынан алганда сөз төмөнкү типтерден турат: 1) жөнөкөй сөз: а) уңгу сөздөр: б) уңгу менен сөз жасоочу мүчөлөрдөн турган сөздөр—негиз; 2) татаал сөздөр: кош сөздөр, бириккен сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр.

ТАТААЛ СӨЗДӨР

Эки же андан көп компоненттерден түзүлгөн сөздөрдүн туруктуу айкашы лексикалык бир мааниде колдонулса, алар *татаал сөздөр* деп аталат: *өнөр жай, мал чарба, бак-дөөлөт, ата-эне, кыз-кыркын, төө тикен, ардак тактасы, үндөштүк закону, кошумча баа, ат кулак, чыр-чатак, ыпыр-сыпыр, кыжың-кужуң, өйдө-ылдый* ж. б.

Татаал сөздөр өздөрүнүн түзүлүш, маанилик дагы башка бир топ өзгөчөлүктөрү боюнча жөнөкөй сөздөрдөн айырмаланат (Алар жөнүндө «Сөз жасоонун аналитикалык ыкмасы» деген бөлүмдү караңыз).

Маани жагынан татаал сөздөр жөнөкөй сөздөй эле белгилүү бир түшүнүктү билдирет. Бирок татаал сөздөрдүн айрымдары, ошону менен бирге, маанини тактайт, сөздү экспрессивдүү кылып, ойду ачык, таамай айтууга мүмкүндүк берет: *«саламатпыз»* же *«аманбыз»* дегендин ордуна *«сак-саламатпыз»* деп айтуу тагыраак, ачыгыраак.

Татаал сөздөрдүн кээ бирөөлөрү маанини жалпылап көрсөтөт. *«мал-сал»* дегенде малдын бир түрү эмес, жалпы мал жөнүндө түшүнүк берилип жатат. Эгин-тегин, бала-чака, кыз-кыркын да ушундай.

Татаал сөздөр кыргыз тилинин лексикасында басымдуу орунду ээлейт жана алардын мындан ары да арбуу мүмкүнчүлүгү чексиз. Социалисттик турмушка байланыштуу келип чыккан жаңы түшүнүктөрдү, жаңы заттарды, жаңы буюмдарды атоодо, аларды башка тилдерден (өзгөчө орус тилинен) өздөштүрүүдө татаал айкаштардын ар түрдүү типтери кеңири колдонулат.

Орус тилинен кыргыз тилине кирген бир кыйла жөнөкөй сөздөр жана терминдер которулганда татаал айкаштар аркылуу берилет: *ополчение* — *«баш кошуу»*, *поведение* — *«жүрүш-туруш»*, *прение* — «жарыш сөз», восстановление — «кайра куруу», *разногласие* — «пикир келишпегендик» ж. б.

Социалисттик турмушка, жаңы экономикалык, маданий өрчүүлөргө байланыштуу пайда болгон түшүнүктөр: 1) кыргыз тилинин төл сөздөрүнүн жардамы менен которулат; *общественное производство* — «коомдук өндүрүш», *общественное дело* — «коомдук иш», *производительность труда* — «эмгек өндүрүмдүүлүгү», *производительные силы* — «өндүргүч күчтөрү», *производственные отношения* — «өндүрүш мамилелери», *машиностроительный завод* — «машина куруучу завод» ж. б.

Кээ бир татаал түшүнүктөр даяр, б. а. которулбай да (*космос корабли, телефон-автомат, автоматтык агрегат*), же болбосо жарым-жартылай да которулуп алынат (*исторический материализм* — «тарыхий материализм», *социалистическое общество* — «социалисттик коом» ж. б.); которуусуз, даяр алынган сөздөр кыргыз тилинин морфологиялык каражаттары менен оформить этилет: *марксистский диалектический метод* — «марксисттик диалектикалык метод», *диалектический материализм* — «диалектический материализм», *марксистский философский материализм* — «марксисттик философиялык материализм», *партийный комитет* — «партиялык комитет», *машино-тракторная станция* — «машина-трактор станциясы», *сельский совет* — «селолук совет», *электростанция* — «электр станциясы», *электрический ток* — «электр тогу» ж. б.

Ошентип орус тилинин таасири менен кыргыз тилинин лексикасы, анын ичинде татаал сөздөрдүн саны аябай көбөйүүдө.

Татаал сөздөр лексикалык бөтөнчөлүктөрү жана түзүлүш өзгөчөлүктөрү жагынан төмөндөгүдөй мүнөздөлөт:

1) Лексикалык жагынан бүтүн бир маанини билдирет;

2) Грамматикалык жагынан жөнөкөй сөз сыяктуу эле сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат: *«Адашкандын айбы жок, кайтып үйүн тапкан соң»* — деп, *өткөн-кеткенди* унутуп таштап, тынч оокатынды кылсаң, бүгүн ишиң оң эле (Т. Сыдыкбеков) деген сүйлөмдө *«өткөн-кеткенди»*—толуктооч. Сен асманга түкүргөнүңдү таштап, адамча жүрсөң, *кедей тобунун* башчысы бүгүн Шарше болбойт болчу (Т. Сыдыкбеков). Мында *«кедей тобунун»* — аныктооч. Мөлмүлдөгөн *Ысык-Көл Ала-Тоого* айкалышып жарашып турат (М. Жангазиев) деген сүйлөмдө *«Ысык-Көл»* —сүйлөмдүн ээси, *«Ала-Тоого»* — толуктооч.

3) Жөнөкөй сөздөн татаал сөздөр составдуулугу менен айрылат (салыштырыңыз: жөнөкөй сөздөр — *ат, мал, көйнөк, тамак, келишим, отур, орусча, мен, алты, сары.* Татаал сөздөр — *жалпы чогулуш, Кара деңиз, үй-жай, КПСС, дан куурай, тамыры жемиш өсүмдүктөр* ж. б.).

Татаал сөздөр түзүлүш-структуралык жана маанилик-грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча төрт топтон турат:

1. Кошмок сөздөр (азыркы татаал сөздөр);
2. Бириккен сөздөр (тарыхий татаал сөздөр);
3. Кыскартылган сөздөр (аббревиатуралар);
4. Кош сөздөр.

Кошмок сөздөр (азыркы татаал сөздөр)

Аныктоочтук (багынычтуу) байланыштын негизинде өз ара айкалышып, бир лексикалык мааниде колдонулган татаал тизмектер (алар өз ара аныктооч — аныкталгыч, толуктооч — толукталгыч ж. б. катышта болот) *кошмок сөздөр* деп аталат: *кызмат акы, шаардык совет, жакшы көрүү, көз сал, кыл жуугуч, дан куурай, кошумча эмгек, социалисттик мелдеш* ж. б.

1. Кошмок сөздөр ыкташуу байланышынын негизинде түзүлөт: *жарыш сөз, өнөр жай, кол кап, ат кулак, эмгек акы*;

2) башкаруу байланышынын негизинде тизмектешет: *кол сал, көз көрсөт, тамыр жай, кол жалга, ойго бат* ж. б.

3) кыйышуу байланышынын негизинде түзүлөт: *ардак тактасы, тигүү фабрикасы.*

4) Кошмок сөздөрдүн ар бир компоненти өз басымы менен айтылгандыктан, алардын арасында тыным (пауза) сезилип турат. Ушуга жараша жана алар аныктоочтук мамилелердин негизинде түзүлгөндүктөн, эреже боюнча, бөлөк жазылат; *темир жол, ардак тактасы, төө куйрук, моюн сун, дем ал* ж. б.

Энчилүү географиялык атоолорду (топонимдерди) билдирген кошмок сөздөр гана дефис менен жазылат: *Чоң-Кызыл-Суу, Көк-Жаңгак, Ысык-Көл, Баш-Кууганды, Орто-Нура* ж. б.

5) Кошмок сөздөр өз ара аныктоочтук мамиледе туруп, тизмектешкен бир эле сөз түркүмүнө тиешелүү сөздөрдөн же ар түрдүү сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөрдөн түзүлөт:

а) Алар зат атооч+зат атоочтон түзүлөт: *темир жол, ишеним кат, өнөр жай, эмгек күн, кызмат акы, бодо мал, жер бөлүмү, тап күрөшү* ж. б.

б) Сын атооч+зат атоочтон түзүлөт: *көк шибер, жергиликтүү совет, кызыл кырман, кара жыгач, сары май, ак тилек, көк бөрү, Чоң-Сары-Ой, кызыл үй, Ысык-Көл, Шамалды-Сай, Көк-Жангак, ак чөлмөк, Карагул, Кеңкол, көк таш; Кызыл-Жар* ж. б.

в) Зат атооч+этиштен түзүлөт: күн көр, көз тийүү, баш тарт, так кат, үмүт эт (же *үмүт кыл), жок кыл, сеп ал, жек көр, төө басты* (оюндун аты).

г) Кошмок сөздөр сан атооч+зат атоочтордун айкалышынан түзүлөт: *Беш көкүл, бирдин айы, тогуздун айы, алты канат (кереге), Он-Бир-Жылга, кырк аяк (курт), төрт амал, беш жылдык* ж. б.

д) Тактооч+зат атоочтордун айкаштарынан түзүлөт: *жөө күлүк, кошумча нарк, жеке менчик* ж. б.

в) Тууранды сөз+зат атоочтордун айкаштарынан түзүлөт: *шылк этме* (мылтык), *май болпоч.*

ж) Этиш+зат атоочтордун айкаштарынан да түзүлөт: *Келдибек, Турдукан, Токтогул, төө басты.*

з) Сан атооч+сын атоочтордун айкаштарынан түзүлөт: *эки жүздүү.*

и) Сан атооч+этиштердин айкаштарынан түзүлөт: *беш атар.*

й) Этиш+этиштердин айкаштарынан түзүлөт: *келе жатат, тура тур, окуп жибер* (оозеки тилде *ий//ир*), *келе элек, бара бер, айтып кал, ала кой, бара сал* ж. б.

6) Комшок сөздөрдүн компоненттери грамматикалык жагынан түрдүүчө түзүлүштө болушу мүмкүн:

а) уңгу+уңгу түрүндө: *өнөр жай, кол кап, жел боо, төө куйрук,*

б) биринчиси грамматикалык форма менен өзгөргөн+экинчиси өзгөрбөгөн түрдө: *атка минер, айыпка буюр.*

в) биринчиси өзгөрбөй, экинчиси грамматикалык форма менен өзгөрөт: *ардак тактасы, тап күрөшүү*.

Кошмок сөздөрдүн ичинде бир компоненти жекече турганда лексикалык маанисинен ажыраган, белгилүү тизмектин составында гана колдонулган, бирок маанилүү компонентинен тыным менен ажыратылып, өз басымына ээ болгондор да бар: *сом темир, сом балка, сом жигит, сом таяк, сом эт, кара бороң, ак жолтой, ак сарбашыл, кур айгыр* (бээ, ат), *таш кордо, төрт түлүк, дүңгө кур, соп камчы, чар тарап* ж. б. Булардын кээ бирөөнү талдап көрөлү:

Сом: өз алдынча сейрек колдонулуп, «чулу, бүтүн жылмаланбаган буюм» деген маанини билдирет. Андан *«сомдолгон», «сомодой»* сыяктуу туунду сөздөр жасалган. Кошмок сөздүн компоненти катары жогоруда саналган туруктуу айкаштардын составында кездешет.

Бороң: кара бороң — көп майлуу эмес, алашем эт жөнүндө айтылат. Анын биринчи компоненти *«бороң»* өз алдынча колдонулбайт; *боро+аң* морфемаларынан түзүлгөн туунду сөз. Бирок унгусу өз алдынча *боро кир* деген татаал айкаштын составында да учурайт, алгачкы мааниси — *«киргил, бозомук»* дегенге туура келет, *р//з* тыбыштарынын шайкеш келүү законунун негизинде тарыхий жагынан *боз* сөзүнүн түгөйү катары каралышы керек. Салыштыр: якутча — *боролуй-* «күүгүмдөнүү», «ылайлануу», «карауу», «эттин кайнай баштаганда алашем тарта башташы»; *боролхох* — «боз, «күүгүм», *бороң* — боз», «бозомук» маанисинде; *борук—сарык*— күүгүм кез; *бороңуй* — таң заардагы үрүл-бүрүл мезгил; *бор йор* — карангылануу», күүгүмдөнүү ж. б.; алтайча — *пора, боро* — «боз» маанисинде». *боро ат* — «боз ат»; *боромтык*— «күүгүм»; *боронот* «кара карагат»; *бозом* — күүгүм кез». Булар менен кыргызча *бүркөк, буурул, бүрүл (үрүл-бүрүл), бараң (үрүң-бараң)* деген сөздөрдүн унгуларын да жогорудагы *(боз//бор) боро* сөздөрү менен байланышта кароого тыбыштык жана семантикалык негиз бар.

Жолтой: бул түзүлүшүндө *ак* жана *кара* деген сын атооч-тор менен ажыралгыс тизмекте гана (*ак жолтой, кара жолтой*) колдонулат. *Сарбашыл:* бул *«ак»* деген сын атооч менен ажыралгыс тизмекте келип, *ак сарбашыл* деген айкаштын составында гана колдонулат.

Кур: *кур айгыр, кур ат, кур бээ*. Булардын жалпы маанисин *«семиз», «эттүү», «минилбеген»*. Бул сөз кээ бир тектеш тилдерде кыргыз тилине салыштырганда бир кыйла кеңири жана өз алдынча колдонулуп, туунду сөздөрдүн түзүлүшүнө негиз боло алган. Мисалы, башкыртча — *көрөй* — «семирүү», «эттенүү», «эт байлоо»; тувача — *хур* — «ток», *хур кыш* —

«ток кыш», *кур* — «кол тийбеген», жаңы баш; казакча *кур*— «семиз», «эттүү».

Кордо: таш кордо — жылкынын терисинен тигилген идиш; анын ичиндеги чийки этти бышыруу үчүн салынган аябай ысытылган таш жана ушундай ыкма менен бышырылган тамак; ал *кор* (коломтодогу чок аралаш өтө ысык күл) жана *-да* элементтеринен турат. Казакчада ушул эле мааниде— *таскорык*.

Түлүк: төрт түлүк мал — уй айбандарынын жалпыланган атоосу. Бул — өзүнчө жеке колдонулбай турган компоненти-нен жана *-лык* морфемасынан турган туунду сөз; байыркы түрк тилдеринде *-ту -тук,* «чырымтал» маанисинде. Салыштыр: М. Кашгарскийдин сөздүгүндө *«ту-жүп»*—«чач»; *бир ту сач* — «бир тал чач» (МК, 111, 207); *ат түлөди* — «ат түлөдү» (МК, 111, 270); Азыркы түркчө: *туг* — «чач», «жүн», «тыбыт», «түк», «канат»; якутча — *«туу»* малдын түгү», «жүнү», канаттуулардын майда жүндөрү, «тыбыт», «бир тутам жүн»; *түүлээк* — «барпагай», «саксагай»: Демек кыргыз тилиндеги *түк, түлөк<ту+ла+к* морфемаларынан түзүлгөн байыркы туунду сөздөр: *дүңгө: дүңгө кур<*уйгурча — *лөнгэ* — «суу жоолук», жүз аарчы»;

соп камчы: украинча — *цобе, цоб* — өгүздү айдоо үчүн колдонулуучу сырдык сөз; *сап камчы — шапалак.*

Чартарап — иранча «чар» — төрт: төрт тарап.

2. **Бириккен сөздөр** (байыркы татаал сөздөр) сөздөрдүн аныктоочтук мамилесинин негизинде түзүлгөн, бирок тыбыштык (басым, тыбыштык составы жагынан) ширешүүгө дуушар болуп, бүтүн бир жөнөкөй сөз түрүнө айланган айкаштар бириккен сөздөр (б. а. байыркы татаал сөздөр) деп аталат: *өгүнү<о//ол//+күнү)*: Өгүнкү көчкөн журтта эски көп кургак тезек калды эле (К. Баялинов). *Желаргы (<жел+аргы):* Анын үнүн жел аргы алда кайда учуруп, Чүкөбүйга угузбады (К. Баялинов); *чугой* (чу+кой). Чүкөбайдын токулуу турган кер жоргосун мине салып, төмөн карай *чугойду* (К. Баялинов); *унчук<*ун+чык): Биз уялганыбыздан унчукпай... баштарыбызды ийкеп койдук (Ч. Айтматов). *Колтурмач* (кол+тырмач): ...*колтурмачтап* таңылган чоң ала каптарды көтөрүп... (Ч. Айтматов). *Сокбилек* (<сок+билек): Зылдай оор *сокбилекти* энтигип өйдө көтөргөндө... (Ч. Айтматов); *таеже, таяке*, (<тай+эже, *тай+аке*); ...мага *таякелик* жайы бар эле (Ч. Айтматов.); *башпак* (баш+бак — «көр», «кара» маанисинде): ...Эл чээнге кирип кеткенсип, сыртка *башпаккан* киши-кара жок (Ч. Айтматов). Мындай түзүлүштөгү бириккен сөздөр тилибизде өтө эле арбын.

Бириккен (байыркы татаал) сөздөргө төмөндөгүдөй белгилер мүнөздүү:

1. Эки же андан да көп сөздөрдүн биригүүсүнөн турат: *сарайгыр* (чымчык), *басмайыл, төөмантек, жамбаш, жарганат, ошер, ушер, мобу, тетиногу, быйыл, карагат, меңдубана* ж. б.

2) Тыбыштык составы боюнча компоненттери жекече тургандагы түзүлүшүнө караганда орчундуу өзгөрүүлөргө учураган болот (тыбыштык өтүшүүлөр же ширешүүлөр, сыйлыгышып түшүп калуу, орун алмашуу сыяктуу кубулуштар): *жамбаш*<жан («каптал» маанисинде) + *баш*; төөмантек (төбө+мантек); *унчук*<үн+чык (артка ээрчишүү жана эриндешүү кубулушу байкалат); *карагат*<*кара*+*гат* (*салыштыр*: алтай тилинде *кат*—жемиш);: *башпак, башпакта* (*баш*+*бак*) («кара, көр» маанисинде), *кушмаш ээр* (*куш*+*баш*: б//м тыбыштарынын өтүшүү законунун көрүнүшү байкалат); *кайшаяк* (*каяша*+*аяк*) сыйлыгышма «й» тыбышынан кийин келген «а»нын сыйлыгышуусу. Ал эми экинчи компоненти өз алдынча колдонулбай калган туунду сөз (салыштыр: *айт*< *ай*+*т, айгак*<*ай*+*гак*, байыркы түрк тилдеринде *ай*-айтуу). Демек, бул салыштырууларга караганда, *аяк* — «айткак», «айткыч». Ошентип, *кайшаяк* — «каяшачы» деген маанидеги сөз.

3) Бириккен сөздөр, жөнөкөй сөздөрдөй эле, бир гана басымга ээ. Бул белги ички түзүлүшү жагынан тыбыштык ширешүүгө учурай элек эки составдуу татаал сөздөрдөн аларды айырмалап туруучу орчундуу белгилерден болуп эсептелет. Ушул эле белги эки муундан турган *мобу, быйыл, ошер, минт, тигинт* сыяктуу бириккен сөздөргө да мүнөздүү.

4) Аныктоочтук мамиленин негизинде түзүлгөндүктөн, бириккен сөздөрдүн компоненттери ар түрдүү сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болушу мүмкүн: *колгабыш*<*кол* (*зат атооч*)+*кабыш* (этиш) — башкаруу байланышынын негизинде түзүлгөн; *басмайыл*<*басма* (зат атооч)+*айыл* (зат атооч) (каракалпак, памир кыргыздарынын тилинде «айыл» — басмайыл маанисинде колдонулат, *каяк*<*кай* (сурама ат атооч)+*жак; жарганат—жаргак* (зат атооч) + *канат* (зат атооч) — ыкташуу байланышынын негизинде түзүлгөн: *кечкурун*<кеч (мезгил тактооч) + *курун* (табыш жөндөмөсүндө турган сенек тактооч); *согончок*<*соң* (орун тактооч)+ончок (лексикалык маанисинен ажыраган зат атооч) (якут. *ончох* — согончок, *ончиг* — бурч, чет); *ушул*<*ушу*+*ал, ошол*<*ошо*+*ал, мобу*<*мына*+*бу* (ат атоочтор); *ошер* же *ушер* (*ушу, ошо*+*жер; аяк*<*ал жак, быяк*<*бу жак, тыяк*+*тиги жак; деле*<*деги эле, бирдеме, бирнеме, бирдеңке, бирдеке*<*бир нерсе*;

ажер//аер<(*ал*+*жер; тиер*<*тиги жер; минт*<*мындай эт; тигинт* (*тигиндей эт: ошент*<*ошондой эт; каржилик*<*каруу*+*жилик* (моңголчо *гар* — «кол» деген маанидеги сөз); Көкөмерен (<монг. көкө — «көк» маанисиндеги сөз +*мерен//мөрөн* —«өзөн»); *көзбоочу* — (<көз+*боочу* «байлоочу» < байыркы түркчө *баг—боо.*

5) Татаал айкаштардан турган татаал энчилүү аттар (адам аттары) да бириккен сөздөргө кирет: *Сатыбалды, Тургумбай, Кудайберди, Токтогул, Мамбетакун, Гүлсара, Айымгул, Келдибек* ж. б.

Кыскартылган татаал сөздөр (аббревиатура)

Татаал сөздөрдүн айрым бөлүктөрүнөн түзүлүп, ошол эле мааниде колдонулган сөздөрдү кыскартылган татаал сөздөр деп айтабыз. Мурун кыргыз тилинин сөздүк составында кыскартылган татаал сөздөр болгон эмес. Булар орус тилинин түздөн түз таасири менен пайда болду. Ошондуктан алар кыргыз тилинде неологизмдердин катарына кошулат.

Кыскартылган татаал сөздөр төмөнкүдөй жолдор менен түзүлөт.

1) Кыскартылуучу татаал сөздүн ар бир компонентинин биринчи арибинен түзүлөт: *МТС* (машина-трактор станциясы), *БК* (Борбордук Комитет), *СТФ* (сүт-товар фермасы) ж. б.

2) Кыскартылуучу татаал сөздүн ар бир компонентинин башкы муундарынан түзүлөт: *Обком* (областтык комитет), *райком* (райондук комитет), *раймаг* (райондук магазин), универмаг (универсалдык магазин) ж. б.

3) Татаал сөздүн биринчи компонентинин башкы бөлүгүнө анын экинчи компоненти бүт кошулуу аркылуу түзүлөт: *сельсовет* (селолук совет), *профсоюз* (профессионалдык союз), *парткабинет* (партиялык кабинет), *пединститут* (педагогический институт) ж. б.

4) Татаал сөздүн биринчи компоненти бүт алынып, ага калган компоненттеринин биринчи тамгалары же муундары кошулуу аркылуу түзүлөт: Кыргыз ССР (Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы), Кыргызмамбас (Кыргыз Мамлекеттик Басмасы), *селолук универмаг* (селолук универсалдык магазин) ж. б.

5) Кыскартылган татаал сөздөрдүн бир катары кыргыз адабий тилине орус тилинде кыскартылган бойдон алынган: *КПСС* (орусча—Коммунистическая Партия Советского Союза, кыргызча — Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясы). *ВЛКСМ* (орусча толугу — Всесоюзный Ленинский Ком-

мунистический Союз Молодежи», кыргызча —Бүткүл Союздук Ленинчил Коммунисттик Жаштар Союзу), *районо* (орусча — районный отдел народного образования, кыргызча — райондук эл агартуу бөлүмү), *райфо* (орусча — районный финансовый отдел, кыргызча — райондук финансы бөлүмү), *сельхоз* институт (орусча — сельскохозяйственный институт, кыргызча — айыл чарба институту) ж. б.

Кыскартылган татаал сөздөр окулушуна жана айтылышына карата төмөнкүдөй бөлүнөт:

1) Ариптердин аттары боюнча окулат: *СССР* — «ЭСЭСЭСЭР» (Советтик Социалисттик Республикалар Союзу), *ВЛКСМ* —«ВЭЛКАЭСЭМ» (Жалпы Союздук Ленинчил Коммунисттик Жаштар Союзу, *МТС* — *«ЭМТЭЭС»* (машина-трактор станциясы) ж. б.

2) Кыскартылган тыбыштары боюнча окулат жана айтылат: Мисалы, *ТЮЗ* (жаш көрүүчүлөр театры), *ВУЗ* (жогорку окуу жайы) ж. б.

3) Бир бөлүгү ариптердин аттары боюнча, башка бөлүгү тыбыштар боюнча окулат жана айтылат: *ЦДСА* (Советтик Армиянын Борбордук үйү) ж. б.

4) Кыскартылган татаал сөздөр орус тилинде кандай жазылса, кандай айтылса, кыргызча да ошондой жазылып, ошондой айтылат. Анткени, биринчиден, кыскартылган татаал сөздөрдүн жазылышы, айтылышы кыргыз тилинде жана орус тилинде бирдей:

1) *МТС* — «ЭМТЭЭС», *райком* (райондук комитет).

2) Татаал сөздөрдүн орусча кыскартылган түрлөрү кыргыз тилине өз калыбынча эле өздөштүрүлүп, адабий тилде көп учурайт. *БК* дегенди «Борбордук комитет» деп, *райком* дегенди «райондук комитет» деп, *вуз* дегенди «жогорку билим бере турган жай» деп түшүнөт. Мына ошондой эле *СССР, ВЛКСМ, ВЦСПС, РСФСР* деген сыяктуу кыскартылган татаал сөздөр кыргыздарга түшүнүктүү жана ошондуктан ушул бойдон колдонулуп жүрөт.

5) Татаал сөздөрдүн кыргызча да кыскартылып жасалгандары бар: *БК* («Борбордук Комитет»), *райатком* («райондук аткаруу комитети»). *АКШ* («Америка Кошмо Штаттары) ж. б.

6) Кыскартылган татаал сөздөр да, башка татаал сөздөр сыяктуу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланып өзгөрө берет; кыргыз тилинин законодоруна бул жагынан толук баш иет. Бирок кыскартылган татаал сөздөр кыргыз тилинде жаңы сөздөрдү түзүүгө негиз боло албайт.

1) Эки же андан көп сөздөрдүн туруктуу айкаштарынан түзүлүп, жалпыланган бир түшүнүктү берүүчү лексемалар кош сөздөр деп аталат: *үй-жай, кийим-кечек, бала-бакыра, алыш-катыш, келим-кетим, кәйнөк-мөйнөк; көп-көп, узун-узун, зың-зың; дүбүрт-дабырт, көптөн-көп, күндөн-күнгө, уламдан-улам, дир-дир, сорпо-шилең, кир-кок, келин-кесек, бала-чака, ата-эне, кийим-кечек* ж. б.

2) Кош сөздөрдүн компоненттери өз ара тең (бирдей) байланыш аркылуу тутумдашат. Мисалы: *аз-аз, кийим-кечек, оюн-күлкү, уруш-кериш* ж. б. Мында компоненттер бирдей сөз жасоочу, бирдей сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүп турат. Демек, компоненттердин арасында грамматикалык жагынан өз ара багынычтуулук же багындыруучулук касиеттер жок, б. а. кошмок сөздөрдөгүдөй багынычтуу (аныктоочтук) байланыш буларга мүнөздүү эмес.

Бул өзгөчөлүк — кош сөздөрдү кошмок сөздөрдөн айырмалоочу негизги белги.

3) Кош сөздөр — речке көркөмдүк киргизүүчү тилдин стилдик каражаттарынын бири.

4) Төмөнкүдөй кайталоолор да *(күндөн-күнгө, уламдан-улам, бирден-бир, айылдан-айылга* сыяктуу тизмектер) кош сөздөрдүн тобуна кириши керек. Анткени алар сүйлөм тизмегинде анын бир мүчөсүнүн гана милдетин аткарат. Мисалы: Сейде уядагы балапанын *киши-карадан коругансып, элтең-элтең жүгүрүп*, эки жагын каранат. Бышыкчылык келсин, эл тоюнсун, анан күздө жалпы журт болуп *аш-суусун* берип айлыбыздан чыккан баатыр эле деп, ошондо урматтап угузалы. Аскерге кеткенден бери Байдалыдан *байма-бай* кат келип туруучу эле, бир топтон бери кабар жок (Ч. Айтматов).

Жогорудагы сүйлөмдөрдө асты сызылган кош сөздөрдүн ар бирөө, сүйлөм тизмегинде бир гана суроого жооп берип, анын бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарып жатат.

5) Кош сөздөр семантикалык өзгөчөлүктөрү боюнча кайталоо (кээде күчөтүү оттеногу менен: *кызыл-тазыл, кызарып-татарып; узун-узун, чоң-чоң),* жалпылоо *(үй-жай, ата-бала, келим-кетим)* маанилерине ээ.

6) Кош сөздөр, аныктоочтук катнашта турган татаал сөздөрдөн айырмаланып, өтмө, идиомаланган мааниге ээ эмес; булардын семантикасындагы негизги өзгөчөлүк — жыйынтыктоо, речке кооздук, экспрессивдик маани киргизүү. Демек, кош сөздөр бул жагынан тилдин стилдик каражаттарынан болуп саналат.

7) Кош сөздөр көбүнчө эки составдуу.

8) Эки компоненти тең бир гана сөз түркүмүнө тиешелүү; алардын арасында багынычтуу байланыш жок.

9) Кош сөздөрдүн ар бир компоненти өз алдынча басымга ээ жана экөөнүн арасы тыным менен ажыратылып айтылат. Жазууда алардын арасы дефис менен ажыратылышы мына ушул касиетине байланыштуу.

10) Кош сөздөр—сөз жасоонун аналитикалык ыкмасынын эң байыртан бери колдонулуп келе жаткан түрү экендигинин ачык далили.

11) Түзүлүшү жана морфологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча туруктуулугу: 1) белгилүү гана морфологиялык түзүлүштө (бирдей формада) туруп кош сөз боло алышы;

12) маанилүү компонентинин маанисиз уйкашынан мурда келиши, б. а. орундарынын дайыма туруктуулугу: *качкан-бозгон, азган-тозгон, жоро-жосун, илик-жарма, кир-кок, сорпошилең, төркүн-төз, уруш-кериш, жаан-чачын, кызарып-татарып, катын-калач, ушак-айың, күбө-таныk, өгөй-кагай* ж. б.

Экиден көп компоненттен турган кош сөздөр жалаң гана тууранды сөздөргө тиешелүү: *маң-маң-маң баскан, дыр-дыр-дыр, тарс-тарс-тарс сыяктуу.*

1. Кайталама кош сөздөр

1) Бир эле сөз эки же бир нече жолу кайталанып айтылып, андай тизмек күчөтүү оттеногу менен жаңы лексикалык мааниге ээ болот. Алар үнгу сөздөрдөн *(аз-аз, чоң-чоң)* жана туунду *(миңдеген-миңдеген, улам-улам)* негиздерден болушу мүмкүн.

Кайталама кош сөздөрдү бир бүтүн лексикалык бирдик катары кароого мүмкүндүк берген жана аларды ар кандай эле кайталоолордон айырмалап турган негизги белги — алардын айтылышында байкалган интонациялык өзгөчөлүк жана ички семантикалык күчөтүү оттеногу. Ал эми жөнөкөй кайталоодо болсо мындай оттенок жок. Мисалы: *миңдеп-миңдеп, жаза-жаза* чарчадым; *бирден-бирден* киргиле; *күндө-күндө* келип тур сыяктуу кош сөздөр менен «*кел, кел! отур, отур! кызыл, кызыл* кездеме» сыяктуу жөнөкөй кайталоолордун арасында интонациялык (тыным узагыраактай сезилет) жана семантикасында күчөтүү оттеноктору боюнча айырма бар.

Кайталама кош сөздөр белгилүү гана грамматикалык формада турган же белгилүү сөз жасоочу морфема менен айкалышып турган сөздөрдөн жасалат да, эгерде ал мүчөлөр андай тизмектин составынан алынып таштalса, кош сөз боло албай калат. Мисалы: *улам-улам*—кош сөз, бирок «*ула-ула*» деген кош сөз жок; ошондой эле *бара-бара, барып-барып,*

бетме-бет—кош сөздөр; бирок «*бар-бар*», «*бет-бет*» сыяктуу кош сөздөр жок.

Демек, кайталама кош сөздөрдүн күчөтүү, кыймыл-аракетти бекемдөө, окуяга тактык киргизүү маанилеринин жасалышында кээ бир грамматикалык каражаттар айрыкча ролду ойнойт. Ал каражаттар төмөнкүлөр:

-ма — иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн составында кабыл алынган мүчө, кыргыз тилинде төл сөздөрдөн түзүлгөн кош сөздөрдүн биринчи компонентинин аягында келүүчү мүчө. Мисалы: *бетме-бет, башма-баш, сөзмө-сөз, оозмо-ооз, тушма-туш.*

Кайталама кош сөздөр чакчыл этиштерден жасалат: *бара-бара, уктай-уктай, көрө-көрө, барып-барып, окуп-окуп, жаза-жаза; карай-карай.* Чакчыл моделдеги сөздөр кыймыл-аракеттин узакка созулгандыгын, бир нече ирет кайталангандыгын көрсөтөт. Эгерде бул мүчөлөр үнгунун аягынан алынып ташталса, кош сөздүк жаңы лексикалык касиеттен ажырап, эркин гана кайталоо болуп калат.

-дан, -га — жөндөмө мүчөлөрү. Биринчи компоненти чыгыш жөндөмөсүндө, экинчи компоненти барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн тизмектешип, кош айтылышынан, кыймыл-аракеттин анын ордунун, мезгилинин өнөкөт болуп кайталана бергендигин билдирүүчү кош сөздөр жасалат. Мындай кош сөздөрдүн орун тартиби дайым туруктуу: *күндөн-күнгө, айдан-айга, үйдөн-үйгө, тоодон-тоого.* Бул жөндөмө мүчөлөр бир гана (бирдей) үнгуга жалганып, эки кайталанып айтылат.

II.Жалпылама кош сөздөр. Эки компоненти тең өз алдынча турганда толук маанилүү же бир гана компоненти маанилүү, экинчиси өз алдынча маанисинен ажыраган уйкаш сөздөрдөн туруп, бир семантиканы — жалпылоону билгизген тизмектер жалпылама кош сөздөр деп аталат: *ойногон-күлгөн, атты-жөөлүү, мал-сал, үй-жай, сорпо-шилең, ата-бала, бала-чака* ж. б. Мындай түзүлүштөгү кош сөздөрдүн жасалышында төмөнкү морфологиялык каражаттар маанилүү ролду ойнойт.

-лы. Байыркы түрк тилдеринде «жана» байламтасына маанилеш мүчө. Бул мүчө жалганган сөз да *-ма* мүчөсү уланган сөздөр сыяктуу, жекече айтылбайт. Алар кош айтылган туруктуу айкаштардын составында гана лексикалык мааниге, фразеологиялык касиетке ээ боло алат, жана сан жагынан мындай айкаштар көп эмес: *эртели-кеч, эрди-катын, бирди-жарым, аталы-балалы, атты-жөөлү* (мында эң акыркы мисалдагы эки компонентине тең жалганган *-лы* мүчөсүн *-луу* мү-

чөсүнүн кыскарган варианты (мисалы, *Арчалы, Алчалы* ж. б.) менен чаташтырууга болбойт.

Чыгыш жөндөмөсүнүн *-дан* мүчөсү кайталама айкалыштын экинчи компонентине жалганып, өлчөм, топтоо, ажыратуу маанисиндеги тактоочтук кош сөздөрдү жасайт: *бир-бирден, көп-көптөн, аз-аздан* ж. б.

Ошондой эле *-дан* мүчөсү биринчи компонентке жалганып, экинчиси уңгу түрүндө айтылган айкаштардан да тактоо, конкреттештирүү маанисиндеги кайталама кош сөздөр жасалат: *көптөн-көп, уламдан-улам, тикеден-тике, түздөн-түз* ж. б.

Ушул эле *-дан* мүчөсү эки компонентке тең жалгануу аркылуу кыймыл-аракеттин чегин ажыратуу маанисиндеги кайталама тактоочторду жасайт: *бирден-бирден, аздан-аздан*;

-ы//-а мүчөлөрү уланып турган тууранды сөздөрдөн жалпылама маанидеги кош сөздөр жасалат: *ызы-чуу, күрү-күү, тарса-тарс, күрсө-күрс*. Мындай түзүлүштөгү кош сөздөрдүн өзгөчөлүгү—жогорудагы мүчөлөр кош сөздүн биринчи компонентинин аягына гана жалганат.

Таандык уландынын үчүнчү жагынын жекелик түрүнүн *-ы* мүчөсү уланган карама-каршы маанидеги атоочтордон да кош сөздөр жасалат: *күнү-түнү, жайы-кышы*.

Байыркы түрк тилдерине мүнөздүү болгон табыш жөндөмөсүнүн *-ын* мүчөсү жалганып тургап *бирин-серин, биринэкин* деген сөздөрдүн айкалыштарынан да жалпылоо маанисиндеги кош сөздөр жасалат.

Ал эми ар кандай туунду негиздерге жалганып турган сөз жасоочу мүчөлөрдү (*-ган: ойногон-күлгөн, -дыр: жайдыр-кыштыр* ж. б.) кош сөздөрдүн түзүлүшүндө кызмат аткаруучу каражаттар катарында кароого болбойт.

-ар//-максан мүчөлөрү менен этиш сөздөрдөн карама-каршы маанидеги кош сөздөр жасалат: *сүйлөр-сүйлөмөксөн, басар-басмаксан, көрөр-көрмөксөн* ж. б.

Жалпылама кош сөздөрдүн компоненттеринин ички семантикасына карата аларды өз ич ара дагы төмөндөгү топторго бөлүүгө болот:

1. **Толук маанилүү жалпылама кош сөздөр:** *үй-жай, мал-жан, ата-эне, ага-туугап, отун-суу, оюн-күлкү, тамак-аш, жер-суу, тоо-таш* ж. б. Алар маанилеш (синонимдеш) сөздөрдөн (*сорпо-шилең, уруш-кериш, кызарып-татарып*), жалпылама маанидеги сөздөрдөн (*отун-суу, койчу-колоң*), карама-каршы маанилүү сөздөрдөн (*өйүз-бүйүз, утуру-тетири*) түзүлүшү мүмкүн.

Бул топтогу кош сөздөрдүн ичинде компоненттеринин ар биринин жеке мааниси сакталгандары да, бир компоненти

маанисинен ажырагандары, ал гана эмес, эки компоненти тең жекече турганда маанисинен ажырагандары да бар.

Бул типтеги кош сөздөрдүн бардыгына жалпылоо, жыйынтыктоо семантикасы мүнөздүү.

Мындай типтеги кош сөздөр бардык сөз түркүмдөрү боюнча кездешет: *ар-кор* (зат атооч), *кызарып-татарып* (чакчыл) *бирди-жарым* (тактооч), *он-он беш, жети-сегиз, кырк-элүү* (сан атооч) *бирин-экин* (тактооч), *ойногон-күлгөн, көргөн-билген (атоочтук), дүбүрт-дабырт, мелт-калт, күлдүр-шалдыр* (тууранды сөздөр).

Составдык компоненттери төл жана өздөштүрүлгөн сөздөрдөн да болушу мүмкүн: *заң-закон* (заң-төл сөз, закон-орус тилинен өздөштүрүлгөн); *ара-чоло* (ара-төл сөз; *чоло-монгол* тилдеринен өздөштүрүлгөн). Салыштырыңыз: чолосуз, чолосу жок: якутча *соло-бош* убакыт, бурятча *сулоо*—«эркин»,—«бош»; монголчо чилуге—убакыт, бош убакыт», «иш кылбаган мезгил»; *ар-намыс* (эки компоненти тең арабчадан өздөштүрүлгөн). Мындай түзүлүштөгү кош сөздөрдүн ар бир компоненти өз алдынча турганда жеке мааниге ээ жана өз алдынча колдонула берет. Тизмектешип, кош сөз түзүп турганда жалпыланган мааниге ээ болот.

1) Жалпылама кош сөздөрдүн экинчи тобу — «сыпар маанилүү кош сөздөр». Булар өз ич ара экиге бөлүнөт:

а) Сыпар маанилүү уйкаш (рифмалашкан) кош сөздөр. Мындай кайталама айкаштардагы негизги өзгөчөлүк 1) биринчи — маанилүү компоненттерине, экинчи — уйкаш компоненттери тизмектешет. Натыйжада кулакка уккулуктуу, фонетикалык жагынан ырааттуу сөздөр жасалат. Мындай кош сөздөрдөгү негизги маани—топтоштуруу, жалпылоо (кээ бирөөндө бир аз тецсинбөө мааниси бар).

б) Сыпар маанилүү кош сөздөрдүн экинчи компоненти м, п, с тыбыштарынан гана башталат: *кант-мант, эт-мет, сүт-мүт, көйнөк-сөйнөк, отун-сотун* ж. б.

в) Сыпар маанилүү кош сөздөр көбүнчө атооч, этиш сөздөрдөн жасалат: *кагаз-сагаз* (зат атооч), *эртең-мертең* (тактооч), *барам-сарам, алат-салат* (этиш). Ошентип сыпар маанилүү кош сөздөрдү жасоо мүмкүнчүлүгү чектелбеген.

г) Түзүлүш өзгөчөлүгү жана тыбыштык-фонетикалык жагынан уйкаш компоненттер өздөрүнүн маани берүүчү түгөйлөрүнөн эч айырмаланбайт: муун составдары бирдей (койсой, отун-мотун); маани берүүчү түгөйлөрү сыяктуу эле уйкаш компоненттери да интонациялык белгиге ээ, б. а. өз алдынча басымга ээ болуп, биринчи компонентинен тыным менен ажыратылып айтылат.

д) Уйкаш компоненттердин орун тартиби туруктуу — да-

йыма маани берүүчү түгөйүнөн кийин анын уйкашы катары экинчи орунда айтылат.

е) Уйкаш түгөйлөр лексикалык маанига ээ эмес; дайыма жабык муундун тибине кирүүчү түзүлүштөр.

ё) Алардын түзүлүшүнө маанилүү сыңарларынын башкы тыбышы түшүп калган (эгер сөз үнсүздөн башталса) структура негиз болуп, ал үнсүз *м, п, с* тыбыштарынын бирөө менен алмашылат: *кашык-машык, сарай-марай, кулпу-сулпу.*

Эгерде маанилүү түгөйү үндүүдөн башталса, уйкаш компоненти ошол эле сөздүн башына *м, п, с* тыбыштарынын бирөө келүү аркылуу жасалат: *атыр-сатыр, өтүк-мөтүк, орок-сорок, ийне-мийне, уук-суук, уйгак-суйгак.*

ж) Уйкаш компоненттүү сыңар маанилүү кош сөздөргө ыраттуулук, уйкаштык жана түзүлүш—лексикалык туруктуулук уйкаш компоненттердин жогорудагы саналган тыбыштардан башталгандыгына байланыштуу. Анткени алар башка тыбыштар менен алмаштырылса, жогорку белгилеринен ажырап, кош сөз боло албай калат.

Тууранды сөздөрдөн турган: кээ бир кайталама кош сөздөр түзүлүш жана семантикалык өзгөчөлүктөрү жагынан сыңар маанилүүлөрдүн тобуна кириши керек. Алар *шылдыр-шулдур, шыңгыр-шунгур, жалт-жулт.* Мындай типтеги тууранды кайталоолорду (же кайталама тууранды кош сөздөрдү) *күбүр-шыбыр, калдыр-күлдүр* ж. б. сыяктуу түзүлүштөгү тууранды сөздөрдөн айырмалап карoo керек, анткени булар эки компоненти тең маанилүү кош сөздөрдүн тобуна кирет.

Жогоркудай түзүлүштөгү тууранды сөздөрдү сыңар маанилүү кош сөздөрдүн тобуна киргизүүгө негиз — экинчи компоненти биринчисинин уйкаш рифмалашкан гана түгөйү; алар өз бетинче колдонулбайт. Бул жагынан башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сыңар маанилүү кайталама кош сөздөрдөн эч бир айырмасы жок.

Булардагы бирден-бир гана айырмалык — маани берүүчү сөздүн биринчи муунунда жоон, ачык үндүү болсо, уйкаш компоненттин биринчи муунунда жоон, кууш үндүү келет да, экинчи мууну аны менен ээрчишет: *шыңгыр-шуңгур, жылт-жулт* ж. б. Эгерде маанилүү компонентинин биринчи муунунда кууш үндүү болсо, анда уйкаш түгөйүнүн башкы тыбышы *м, п, с* тыбыштары менен гана алмашылат *(мыңк-сыңк).*

2) **Сыңар маанилүү синонимдеш кош сөздөр:** жалпылама маанидеги кош сөздөр маанилеш сөздөрдүн *(шаан-шөкөт, кир-кок, катын-калач* сыяктуу) тизмектеринен да түзүлөт.

Адетте мындай түзүлүштөгү кош сөздөрдүн бир компоненти алгачкы лексикалык маанисинен ажырап, аны менен синонимдеш экинчи компонентинин маанисин толуктап, күчөтүү

жалпылоо маанисинде колдонулат: *кыз-кыркын, <кыр—байыркы* түрк, байыркы уйгур тилдеринде—«кыз» маанисиндеги сөз, *кир-кок<көк*-якут, алтай, монгол тилдеринде «кир» маанисинде; *уруш-кериш<кериш* — алтай тилинде «уруш» маанисинде. Мындай кош сөздөрдүн экинчи компоненттери бир кезде маанилүү компоненти менен синонимдеш, толук маанилүү сөздөр болгон. Бирок акырындап өз алдынча колдонулуу жөндөмдүүлүгүнөн ажырап, жогорку типтеги кош сөздөрдүн составында гана сакталып калган. Ушундай сыңар маанилүү кош сөздөр кыргыз тилинде бир топ, алардын айрымдары: *сорпо-шилең (шөлөң* — монголчо «сорпо»), *бала-чака («чака»* — түркмөнчө «бала»); *жорук-жосун («жосун»* — монголчо «адат, өнөкөт»); *жаан-чачын («чачын»* — монголчо — «жаан»); *төркүн-төз* (байыркы уйгур тилинде *төз* — «тек, негиз, түп» маанисинде); *торпок-тана*—музоодон баштап, 2—3 жашка чейинкилеринин жалпы атын билдирүүчү маанилеш кош сөз, экинчи компоненти өз алдынча чуваш тилинде *тына* формасында («музоо» маанисинде) колдонулат; *күйүп-бышып* — «кайгылануу», «тынчсызданuу» маанисинде колдонулат. Бул мааниси бул сөздөрдүн өтмө маанилеринен келип чыккан. *Жат-жала* — «бөтөн» (тууган эмес), «душман», «кас адам».

Жок-житик — жалпылама маанидеги кош сөз. Компоненттери: жок 1) тике мааниде бир нерсенин жоктугун билдирүүчү атооч; 2) жоголгон нерсе *+житик<жит* — «жерге же башка бир нерсеге сайылып, ичине кирип кетүү», «жоголгон нерсе». Өз алдынча туунду формасында колдонулбайт.

Кош сөздөрдүн ичинде ар бир компоненти лексикалык маанисиз жана өз алдынча колдонулбай, кош сөз катары гана колдонула тургандары да бар: *ыпыр-сыпыр, үрүң-бараң, үрүл-бүрүл, илең-салаң, жым-жырт* жана *«тым-тырс, ызың-кызың, акыр-чикир* ж. б.

Биздин оюбузча, *жым-жырт* дегендин биринчи компоненти *тим (тим отур)* деген этиштин тууранды сөзгө айланган варианты. Ал эми *жырт — «тырс»* деген табыш тууранды сөздөн чыккан. Жалпыланган мааниси — тынчтыкты билдирген карама-каршы маанилеш сөздөрдөн турган кош сөз.

Бул топко кирүүчү кош сөздөрдүн кээ бирөөлөрү тууранды сөздөрдөн турса *(кыжы-кужу)*, экинчи бир тобу ар бир компоненти материалдык-лексикалык маанисинен ажырап, азыркы мезгилде өз алдынчалыгын жоготкон сөздөрдөн турат: *үрүң-бараң* — күн батып, күүгүм кирип, эл орунга отурганга жакындаган мезгил, салыштыр: монгол тилдеринде *үүр* — «таңдын атышы», «таң сүрүп келаткан мезгил»: *үүр цайх* — монголчо «таң сүргөн мезгил»; якутча *үрүн* — «ак»,

«агыш»; монголчо *үүрей бүрүүл* — «таң сүрүп келаткандагы караңгылык».

СӨЗДӨРДҮН ЖАСАЛЫШЫ (жалпы маалымат)

Морфологиялык жол менен жасалган ар кандай туунду формалардын мааниси уңгу сөздөрдүн семантикасына карата аныкталат, ошолордон келип чыгат. Мүчөлөр аркылуу жасалган туунду сөздөр семантикалык түзүлүшү жагынан татаал болушат: атооч менен этиштик маанинин кошундусунан турат (атооч+этиштик маани) же атооч менен атоочтордон куралат. Эки сөз менен баяндалчу маани же түшүнүк мүчөлөр аркылуу жасалган туунду формаларда бир сөз менен берилет. Бирок алар морфологиялык түзүлүшү жагынан жөнөкөй, бир составдуу болушканы менен, семантикалык курулушу боюнча эки составдуу келишет. Бул типтеги сөздөрдү үйрөнүүнүн, талдоонун маанилүүлүгү да ушунда турат.

Туунду сөздөрдүн маанисин түшүнүү, аныктоо үчүн төмөндөгүдөй эки учурга көңүл буруу зарыл. Бул жөнүндө А. А. Потебня мындай дейт: «Сөзгө карата эки суроо болушу мүмкүн: сөз эмнени билдирет жана кантип билдирет? Экинчи суроого алдыңкы сөздүн мааниси жана ал маанинин жаңы сөзгө карата болгон карым-катышы жооп боло алат».

Атоочтук уңгунун мааниси туунду сөздөргө карата курал-жабдык, объект, материал ж. б. у. с. болуп салыштырыла келиши туунду сөздүн мааниси үчүн чечүүчү ролду ойнойт. Атоочтор этишке өздөрүнө мүнөздүү болгон функциялары боюнча өтөт; туунду сөздөр болсо ошол предметтерге мүнөздүү болгон функцияны билдирип калат. Мисалы: *балтала, араала, бетондо, капта, кийикте* этиштеринин жана *малчы, койчу* деген сөздөрдүн маанисинде атоочтук уңгудагы ушу заттардын негизги функциялары чагылтылган, атооч сөздөр өздөрүнүн этиштик туунду формаларына карата мындай карым-катышта: *балта, араа*—курал; *бетон* — материал; *кийик*—объект, *кап* — каражат, орун; булардан жасалган этиш болсо ошолордун колдонулушун билдирип турат; *кой, мал* — кайтарган, баккан адамдар үчүн объект ж. б.

Ошентип, атоочтук маани туунду сөздөрдүн (этиш менен атоочтун) семантикалык составынан жөн эле орун ала койбостон, жогоркудай функциялык ар түрдүү карым-катышка таянып барып чагылат да, алардын маанилеринин маңызын түзөт. Уңгунун функциялык-семантикалык ушундай карым-катыштарына ылайыкталып барып, туунду этиш менен атоочтун маанилеринин типтери пайда болот.

Атоочтук уңгулардын туунду сөздөрдөгү маанилерине карата семантикалык ички табияты жагынан топтоштурулушу морфологиялык жол менен жасалган ар кандай туунду сөздөрдүн маанисин аныктай билүүнү жеңилдетет. Туунду сөздөрдөгү мааниге карата атоочтук уңгуларды функциялык-семантикалык жагынан өз ара топторго бөлүштүрүүнүн зарылдыгы да дал ошондо.

Туунду сөздөрдүн мааниси уңгу сөздүн материалдык маанисине карата аныкталардыгы, ошолордон келип чыга тургандыгы жогортодо белгиленди. Бирок жаңы сөздөр жасалганда түпкү маанинин туунду сөздүн семантикалык түзүлүшүндө чагылышы, сакталышы бирдей болбойт: бирде атоочтук маани менен этиштик маани бири-бирине өтө жакын болушуп, биригип кеткендей сезилет; кайсы бир учурда уңгунун мааниси туунду сөздүн маанисинин составынан кандайдыр бир бөлүнүп тургандай болуп байкалат; кээде уңгулук маани туунду сөздүк маанинин составынан эч бир сезилбейт, мындайча айтканда, жоюлуп кетет. Мисал үчүн атоочтон жасалган этиштерге карата чагылдырыштын үч түрүн белгилөөгө болот:

1. Атоочтук уңгу менен туунду этиш мааниси боюнча бири-бирине өтө жакын болгон учурда, биринчиси билгизген түшүнүк грамматикалык жагынан гана этишке айлангандай болуп туюлат; атоочтук түшүнүк менен этиштик түшүнүк биригип кеткендей сезилет: *иш-иште, кадыр-кадырла, ой-ойло, кабар-кабарла, соода-соодала, бий-бийле, өрт-өрттө, тер-терде, буу-буула* ж. б.

2. Кээ бир туунду этиштердин семантикалык составынан атоочтук уңгу билгизген түшүнүк ачык сезилип турат. Мындай учурда атоочтук уңгу курал-жабдык, аспап-шайман, буюм-теге, материал, объект маанисиндеги нерселердин аты болот да, материалдык мааниси конкреттүү келет; алар этиштин семантикалык составына өздөрүнүн ушул конкреттүү материалдык маанилери боюнча киришет да, анда сакталат. Туунду этиш болсо ошол заттын өз функциясында колдонулушун, иш анын жардамы аркылуу иштелгендигин билдирип калат. Уңгу сөздүн материалдык маанилери канчалык конкреттүү болсо, алар туунду этиштин семантикалык составынан ошончолук ачык сезилет: *кайчыла* — кайчы менен кесүү дегенди, *такала* — така кагуу, така уруу дегенди, б. а. уңгу сөз билгизген зат турмушта кандай функцияны аткарса, туунду этиш ошол нерселердин иш процессинде колдонулушун билгизди. Экинчиден, туунду этиштердин семантикалык составынан уңгу сөз туюндурган заттын маанилери даана, ачык сезилип турат.

3. Кээде туунду этиштин семантикалык составынан атоочтук уңгунун баштапкы конкреттүү мааниси түшүп калат. Ушунун натыйжасында «этиштин семантикалык түзүлүшүндөгү баштагы эки составдуулук бир составдуулукка айланат, туунду этиш жалпыланган маанини билдирип калат»:

ташта этиши азыркы кыргыз тилинде бир нерсени таштоо дегенди билгизет; башта мунун уңгусунун материалдык мааниси — сырт, тыш (мейкиндик маанисинде) болгон: б. түрк. *эр ташлады — адам тышкарыга чыкты* (МК, III, 309). Бирок азыркы кыргыз тилинде *ташта* этишинин атоочтук уңгусунда жогоркудай мейкиндик маани эч сезилбейт, ал туунду сөздүн семантикалык составынан түшүп калган; баштагы бир нерсени тышка таштоо, тышка чыгаруу, тышкарылатуу дегендин ордуна азыр жөн эле ташта (колдон жерге ыргытып коюу) дегенди билгизип, мааниси жалпылашып кеткен;

куйкала<куйка (баштын куйкасы). Атоочтук конкреттүү мааниси жоюлуп, түшүп калып, туунду этиш мурдагыдай «баштын жүнүн куйкалоо» дегенди гана эмес, түгү бар ар кандай нерсени (тоок, кой ж. б.) куйкалоо маанисин билдирип, жалпыланып кеткен.

Адатта ар бир сөздүн уңгу түрүндө экендиги, туундулугу жана мүчөнүн сөз жасоо жөндөмдүүлүгү, булардын тарыхий абалын эскерүү менен бирге, тилдин азыркы абалына карата аныкталат.

Мүчөнүн өнүмдүүлүгү баарыдан мурда жаңы пайда болгон сөздөрдөн туунду формаларды жасоо жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт: *сомоло* (<орус. сумма), *борумда* (<орус. *форма*), *турмуштан* (<*турмуш*), *дармандан* (<иран. *дарман*); *колхоздош* (<орус. *колхоз*), *электрлештирилди* (<орус. *электр.*), *отурукташтырылды* (<отурук), *жооптош* (<иран *жобаб*), *амандаш* (<ар.-ир.) — *аман* (<*аман-эсен*) ж. б.

Байыркы убакта өнүмдүү мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү андан аркы өнүгүшүндө сөз жасоо касиетинен ажырап калышкан. Тескерисинче, кээ бир мүчөлөрдүн сөз жасоо жөндөмдүүлүгү арткан, жаңы типтеги маанини жаратуу абалына жетишкен: *аксерлеш, маданиятташ, машинелеш, кыргыздаш* ж. б.

Мүчөнүн биринин ордуна экинчисинин колдонулуп кетиши көбүнчө мурункусун сөз жасоо жөндөмдүүлүгү жагынан начарланышка алып келет: б. түрк. *туза*, кыр. *тузда;* түркм. *галңа*, кыр. *калыңда; башар* (Рсл.) — *башта, жакшыр — жакшыла, жаңыр — жаңыла* ж. б.

Морфологиялык түзүлүшү боюнча туунду сөздөрдүн «тубасага» айланышы да мүчөнүн өнүмдүүлүгүнүн начарланышына, акырындап отуруп анын жоготулушуна чейин алып

келет. Азыр ушундай абалды *-ра, -ре* мүчөсү башынан өткөрүп жатат.

Тилибизде уңгусу өз алдынчалыгын жоготкон өлүү уңгулар аз эмес. Мындай типтеги сөздөрдүн уңгусу жана андан жасалган лексикалык туунду формалардын кайсы бирөөлөрү алгачкы мезгилде тилде жанаша жашашкан. Тилдик практикада кийинкисинин (туунду формасынын) үстөмдүк кылып кетишине байланыштуу уңгу сөз акырындап отуруп өзүнүн жашашын токтоткон. Ушуга байланыштуу ал сөз бизге туунду формасында жеткен.

Азыркы мезгилде составдык бөлүктөргө ажырабаган сөздөрдүн кээ бирөөлөрү тектеш башка тилдерден келип кирген, ушунун натыйжасында алар кийин пайда болгон болушу да мүмкүн.

Уңгулары азыркы мезгилде өз алдынча колдонулбаган, бирок качандыр бир убакта алардын маанилүү бөлүгү жана туунду формалары жанаша жашап келген этиштерге мисал катарында буларды келтирүүгө болот: *жетеле, жетек<жет*; сал. с. уйг. *йет*, кыр. *жетеле;* тув. *чеде — жетеке ал;* б. түрк. *Ол ат йетти — Ал ат жетеледи* (МК.); *чапта<чап*; сал. б. түрк. *Ол эвин чаптурды* — Ал үйүн ылай менен чаптады (МК): *сыла<сы*: лобн. *сыла* — кыр. *сыла; суга* — кыр *сыла*: *көсө<көс*; сал. хак., тув. *көс — чок;* б. эстеликтерде да *көзчок* (МК); *токто<ток;* эски өзб. *ток — орун* (Рсл.) ж. б.

Азыркы кыргыз тилинде сөз жасоонун үч жолу бар: семантикалык ыкма, морфологиялык ыкма жана синтаксистик ыкма. Сөз жасоонун бул ыкмаларынын ар бирин кыскача төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот.

1. Сөздөрдүн семантикалык ыкма менен жасалышы. Сөздөрдүн түпкү маанисинен окшоштугу боюнча же башка кандайдыр бир карым-катыштардын негизинде өнүгүп чыгып, жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү белгилөө үчүн колдонулушу семантикалык ыкмага жатат.

борбор — 1. ордонун хан, чүкө салуучу жери (тегерек сызыктын дал ортосу); 2. бир нерсенин чок ортосу, орто бөлүгү, тегеректин борбору; 3. өкмөт менен өкмөттүк мекемелер турган мамлекеттин негизги шаары, б. а. центр маанисинде;

мүчө — 1. адамдын денесинин бөлүктөрү (көбүнчө кол, бут жөнүндө);

2. бир уюмдун, коомдун, адамдардын тобунун составына кирген киши: *партиянын мүчөсү, колхоздун мүчөсү;* 3. грамм. өз алдынча колдонулбаган жана лексикалык маанига ээ боло албаган жардамчы морфема: *жөндөмө мүчө, таандык мүчө* ж. б.;

уңгу — 1. балта, кетмен, керки ж. б. куралдардын сабы ашталып бириктириле турган бөлүгү; 2. грамм. сөздөрдүн мүчөлөргө ажырабаган маанилүү бөлүгү: *уңгу сөз* ж. б. Аталган ушу сөздөрдүн ар кандай маанилерди билдириши семантикалык ыкма менен жасалышка жатат.

2. Морфологиялык ыкма. Бул жол уңгуга мүчөнүн жалганышы аркылуу жаңы маанидеги сөздөрдү жасагандыгы менен мүнөздөлөт. Жаңы маанидеги сөздөр адатта сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу пайда болот. Морфологиялык ыкма сөз жасоонун негизги жолу болуп эсептелет. Буга мүчөлөр аркылуу жасалган сөз түркүмдөрүнүн баары кирет: *койчу (<кой), малчы (<мал), саанчы (<саан), саан (<саа), жамынчы (<жамын<жап), кийим (<кий), ойло (<ой), сүйлө (<сөг-*; сал. тув. *сөгле — сүйлө; уйку (<уйу)* ж. б.

3. Синтаксистик ыкма. Сөздөрдүн өз ара айкалышы аркысөз жасоонун байыркы жолдорунун бири болуп эсептелет: *бүгүн (<бу+күн), эртең (<эр//ир+таң:* сал. чув. *ир. — эрте* маанисинде, *кулач (<кол+ач), улутун (<улу(г)+тын), окуп чык, ала кел, түш көр, кулак сал, көңүл бур, ала карга, чөкө таан, сөөлжан, сок билек, туш кийиз, бел кырчоо, түндүк уюл, Чоң-Сары-Ой* ж. б.

СӨЗ ЖАСООНУН ЫКМАЛАРЫ

Тилдин лексикасынын өсүшү ал тилде сүйлөгөн элдин коомдук турмушундагы өзгөрүүлөр менен тыгыз байланышта.

Кыргыз адабий тилинин лексикасы негизги эки булактын: ички мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен жана башка тилдерден өздөштүрүү жолдору менен байып келе жатат. Бул эки булак лексиканы байытууда өз ара тыгыз байланышта катышышат. Төмөндө кыргыз тилинде лексиканын ички мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен өсүшүн шарттаган ыкмалар жөнүндө сөз болмокчу.

Элдин күндөлүк турмушундагы өзгөрүүлөр тилде да жаңы сөздөрдүн пайда болушун шарттайт. Жаңы сөздөрдү жаратуу тилге мүнөздүү болгон белгилүү эрежелердин негизинде ишке ашырылат. Ал эрежелер сөз жасоо ыкмалары деп аталат.

1. Сөз жасоонун лексико-семантикалык ыкмасы.
2. Сөз жасоонун синтаксистик (же аналитикалык) ыкмасы.
3. **Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы** (же аффикация).

1) Сөз жасоонун лексика-семантикалык ыкмасынын мазмунун сөздөрдүн көп мааниде (полисемия) колдонулушу жана семантикалары андан ары да обочолонуунун натыйжасында пайда болгон омоним сөздөр түзөт. Мындай ыкманын натыйжасында сөздүн мааниси гана өзгөрүп, тыбыштык түзүлүшү өзгөрбөйт. Сөздөрдүн мындай жол менен жасалышы түрк тилдери үчүн сөз жасоонун эң байыркы ыкмаларынан болгон.

Тилдеги лексикалык өзгөрүүлөр сөздүк составдын өсүшүн, анын өзгөрүшүн мүнөздөөчү кубулуштардан. Анткени лексикалык өзгөрүү жаңы сөздүн пайда болушуна алып келбейт. Мында белгилүү бир сөз алгачкы лексико-грамматикалык касиеттеринен ажырап, же ажырабай эле аны менен катарлаш башка жаңы грамматикалык касиетке ээ болот, б. а. кээ бир сөздөр бир сөз түркүмүнөн экинчи сөз түркүмүнө өтөт, же сүйлөм тизмегинде экинчи бир сөз түркүмүндөгү сөздүн милдетин аткарууга жөндөмдүү болуп калат.

Мындай жол менен кызматчы сөздөрдүн пайда болгондугу белгилүү. Мисалы: жана байламтасы *<жан* — «артка кайтуу» деген этиштин чакчыл -а мүчөсү менен өзгөргөн формасынын грамматикализацияланууусунан пайда болгон. Жалпы эле чакчыл этиштердин арасынан кызматчы функцияга өткөндөрү көп. Мисалы: «Балдар жолду *ката* ырдап жүрүп отурушту». Мында өзүнчө турганда маани бере албаган жандооч ката>карата деген *чакчыл этиштин редукцияланган* варианты. Сырдык сөз *баса («Баса,* сен баягы китепти окуп чыктыңбы?») байыркы *ба* — «көр», «кара» маанисиндеги унгу этиштин шарттуу *-са* мүчөсү менен айкалышынан жасалган. Бул сөздүн чакчыл формасы грамматикализацияланып, кызматчы функцияга ээ болгон: *Баса,* ал адамыңыз келдиби? (К. Жантөшев). Ушундай эле өзгөрүүгө *сала, көрө* сыяктуу кызматчы сөздөр да дуушар болгон: Биринен *сала* бири; «Андан *көрө* Чалгы эр экен — жаштардын арасындагы чалдарга окшоп, азыр да болсо катардан *кала* элек» (А. Токомбаев).

Ал эми сөздөрдүн семантикалык жол менен өзгөрүшү да (алгачкы мааниге байланыштуу жаңы маанинин пайда болушу) лексиканын өсүшүндөгү эң байыркы ыкмалардан. Анткени күндөлүк турмуштагы тынымсыз өзгөрүүлөргө, коомдогу алга жылыштарга байланыштуу пайда болгон жаңы түшүнүктөр мурдагы түшүнүктөр менен байланыштуу болушу да мүмкүн. Белгилүү тилде сүйлөгөн коомдун мүчөлөрү тилде мурда колдонулуп жүргөн нерселердин аттарын жаңы кубулуштарга, окуяларга жана буюмдарга байланыштырып, жаңыча мааниде колдонушу да мүмкүн. Натыйжада бир эле сөз бири-бири менен байланыштуу, окшош же жакындык белгилери бар жаңы мааниде да колдонула баштайт. Муну менен сөз-

дөрдөгү көп маанилүүлүк (полисемия) жана өтмө маани келип туулат. Мисалы, *той* деген этиш (тамакка тоюу; тамакты тоё жеш ж. б.) менен ага маанилеш *той* деген зат атооч (*той берүү*) жогорудагы ыкма менен жасалган алгачкы омонимдер; *күн* (планетанын аты деген сөздөн анын кийинки маанилери: *күн* (күндүзгү мезгил), *күн көрүү* (жашоо, өмүр сүрүү) пайда болгон. Ошондой эле *жел* (сыдырым) деген сөз менен *жел* (орто жүрүү): *чапсаң* — чарчаарсың, *желсең* — жетерсиң өз ара маанилеш, семантикасы жагынан байланыштуу; *көк* (түстү билдирүүчү сын атооч) мындан бул сөздүн кийинки маанилери: *көк* (асман); *көк* («дат» маанисинде) жана *көк—кыйык* (эр болсоң, *көк* бол, убадага бек бол) өнүккөн. *Салым* (сиңирилген эмгек, үлүш): Байдамталды багынтып алууга кандайдыр кичинекей болсо да пайдалуу *салым* киргизгендей болду (Ч. Айтматов). Бул мааниси анын алгачкы тике маанисинен, бир нерсени экинчи бир нерсенин ичине салуу деген маанисинен келип чыккан. Бүткөн кыймыл-аракеттин аяктагандыгын билдирүүчү атоочтук. Ушуну менен бирге, бул сөз «катардан чыгып калган», «кишиликтен кеткен» деген мааниде да колдонулат: «Жок, мен бүткөн кишимин! Мени аяштын кереги жок, мени жазалаш керек!» (Ч. Айтматов). *Өпкө* — алгачкы маанисинде дем алуу органынын аты (анатомиялык термин). Мындан ага байланыштуу оорунун атын билдирүүчү өтмө мааниси пайда болгон: *Ак өпкө* болуп өлсө, жообун мен берем («ЛЖ»). Кемпир — картайып бүткөн, жөтөлгөндө **өпкө** койдой онтоп, колунан бир келгени эле кудайга сыйынат (Ч. Айтматов). Сөздөгү мындай семантикалык обочолонуу жүрө-жүрө алардын акырындап омонимдердин катарына өтүшүн шарттайт.

Сөздөрдөгү көп маанилүүлүк, б. а. улам жаңы мааниге өтүү азыркы кезде да лексиканын өсүшүн шарттап жаткан кубулуштардан. Азыркы учурда илим-техниканын ар түрдүү тармактарынын дүркүрөп өсүшүнө байланыштуу терминологиялык лексиканын түзүлүшүндө тилдин карамагындагы төл сөздөрдү жаңы мааниде колдонуу да белгилүү ролду ойнойт. Мисалы, кыргыз тилинин сөздүк составында *тап* деген сөз эзелден бери эле колдонулуп келген: бир *табы*—кызыл, бир *табы* — көк (шырдактын оюусу жөнүндө); *тап-табы* менен куроо (курак кураганда чүпөрөктөрдү өндөш өөндөрдөн окшоштугуна карата жайгаштыруу). Ал эми азыркы кезде бул сөз жаңы (өтмө) мааниде коомдук катмарлардын (*жумушчулар табы, дыйкандар табы, интеллигенттер табы*) жалпы атын билдирүү үчүн колдонулат.

Уңгу деген сөз мурда темирден жасалган куралдын сабы орнотулуучу жеринин атын билдирген: *найзанын уңгусу, кетмендин уңгусу, балтанын уңгусу* ж. б.

Бул сөздүн ушул маанисинен атайын лингвистикалык терминдин семантикасы (*уңгу* — сөздүн бөлүнбөй турган, маани берүүчү бөлүгү) өнүгүп чыккан: *уңгу атооч, уңгу этиш, уңгу сөз, сөздүн уңгусу* ж. б.).

Тамыр — көп маанилүү сөздөрдүн бири. Ал: 1) өсүмдүктүн тамыры, 2) кан тамырлар, 3) «антташкан дос» деген маанилерге ээ. Бул сөз жаңы мааниде математикалык термин катарында колдонулат. Анын бул мааниси жогорку семантикалары менен түздөн-түз байланыштуу.

Кеңеш — Совет бийлигинин алгачкы жылдарында «*совет*» деген сөздүн маанисинде (коомдук термин катарында) колдонулган. Алгачкы мааниси — «акылдашуу» деген сөз менен маанилеш.

Алкак — челекти сыртынан карматуучу атайын жасалган тегерек жыгачтын аты. Ушул маанисинен жер шарынын климаттык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүнүшүүчү ири тилкелерин билдирүүчү географиялык терминдик мааниси өнүгүп чыккан: *жылуу алкак, мелүүн алкак, суук алкак.*

Өрүш — кыштоодо же жайлоодо айыл орношкон жерге жакын жайыт (конуш алганча, *өрүш ал*). Кийин бул сөз атайын математикалык термин маанисинде «мейкиндик», «белгилүү аянт» деген түшүнүктү билдирүү үчүн колдонулуп, жаңы семантикага ээ болгон бурчтун өрүшү.

Ийрим — агын суунун айлампа болуп аккан терең жери (көбүнчө *«ирим»* деп айтылат). Жаңы мааниде тилектештердин, кесиптештердин бириккен уюмун билдирүү маанисинде колдонулган: *комузчулар ийрими, өздүк көркөм чыгармачылык ийрими* ж. б. Азыркы учурда бул сөз анча көп колдонулбай, анын ордуна орус тилинен өздөштүрүлгөн *«кружок»* деген сөз колдонулуп жүрөт.

Баскыч — алгачкы мааниси *«тепкич»* деген сөз менен синонимдеш болуп, конкреттүү маанини билдирет. Жаңы мааниде абстракттык семантикага ээ болуп, коомдук ж. б. өсүштөрдүн мерчемдүү жерлерин атоо үчүн колдонула баштайт.

Жаныма — мурда кыймыл-аракетке байланыштуу заттын атын билдирген (б. а. *«бычак»* деген мааниде). Атайын математикалык термин катары (*жаныма сызык, жаныма мейкиндик*) «тийип туруучу», «тийип өтмө» деген маанилерди билдирүү үчүн колдонулат.

Жарыш — ат чабуу же жөө жүгүрүү мелдеши. Атайын математикалык термин иретинде жаңы мааниде «катар кеткен», «катар жаткан» деген маанини билдирүүчү сөз (*жарыш сызык*).

Ээ — мурда кожоюн, бир нерсени өзүнүн менчиги деп эсептөөчү затты билдирүүчү сөз болгон. Лингвистикалык термин катары сүйлөмдүн *ким, эмне?* деген суроолорго жооп берүүчү баш мүчөсү, сүйлөмдүн ээси.

Чак — «учур»; «мезгил» деген сөздөр менен синонимдеш. Жаңы мааниде лингвистикалык термин катары кыймыл-аракеттин болуу мезгилин билдирүү үчүн колдонулуучу термин.

Тыным — иш арасында же үзгүлтүксүз болуп турган окуянын арасындагы дем алышты билдирүү маанисиндеги сөз. Жаңы мааниде лингвистикалык термин катары сүйлөп жатканда сөздөрдүн арасындагы бош аралыкты (пауза) билдирүүчү термин.

Агартуу: 1) акка айландыруу, актоо; 2) өтмө (жаңы) мааниде билим берүү, сабатын ачуу;

Сунуш: 1) бир нерсени берүү үчүн колду сунуу, же алып берүү (*«чай сун», «кол сун»* ж. б.); 2) өтмө (жаңы) мааниде пикир айтып, такилип киргизүү.

От ал: 1) алгачкы тике мааниси — күйө баштоо; 2) өтмө (жаңы) мааниси — тутанып, жүрө баштоо; машинаны от алдырып, короосунан айдап чыктым.

Сап: 1) бир нерсени колго кармап урунууга оңтойлуу кылуу үчүн кадалган экинчи нерсе: *күрөктүн сабы, калем сап;* 2) сап, катар, узатасынан салынган бир нерсенин угу; *бир сап ыр, бир сап жазуу.*

Ушундай эле жаңы терминдик мааниде *жатыш, чыгыш, барыш, сөздүк, тамга, мүчө, кашаа, жак, ат, муун, басым* (лингвистикалык терминдер); *актоо, тыюу* (укук термини); *сөгүш* (коомдук термин); *көрүнүш* (сцена, акт); *чечилүү* («развязка»), *күндөлүк* (дневник), *кайырма* — (припев) (араб таануу термини) ж. б.

2) Сөз жасоонун синтаксистик (аналитикалык) ыкмасы. Эки же андан көп сөздүн ажыралгыс бир тизмегинен туруп, жаңы бир лексикалык маанини түшүндүрүүчү татаал сөздөр сөз жасоонун аналитикалык (синтаксистик) ыкмасы менен түзүлгөн сөздөр болуп эсептелет.

Бул жолдун «синтаксистик ыкма» деп аталышы — татаал сөздөрдүн жасалышы да сөздөрдүн сүйлөм ичиндеги бири-бири менен болгон эркин байланышынын негизинде түзүлүшү менен түшүндүрүлөт. Ал эми «аналитикалык ыкма» деп аташы — мындай сөздөрдүн өз ара ажыратып жиберүүгө мүмкүн болгон эки же андан да көп сөздөн түзүлүшү менен байланыштуу. Ушул эки кырдаал мындай сөздөрдү татаал сөздөр деген термин менен атоону шарттайт.

Татаал сөздөрдүн компоненттери да бири-бирине ыкташуу, мисалы: *кеп такыя* (элечектин астынан кийиле турган баш

кийим) көк шибер, бодо мал, кош ооз (мылтык), *беш көкүл, жарыш сөз, шиеним кат, өнөр жай, эмгек күн, кызмат акы, сом темир, кошумча эмгек), кыйышуу, бирдин айы* (февраль), *тогуздун айы, окуу жылы, жер бөлүмү* (земотдел), *шайлоо комиссиясы, тап күрөшү, шаардык совет, жергиликтүү совет жана башкаруу (күн көр, көз сал, кол жалга, күйөөгө чыгуу, кыр жар, жан талаш, ооз ач, баш тарт, карт байлоо, көз боёо, умут эт, умут кыл, дем бер, айыпка буюр, колго сал, сеп ал, күчкө сал)* байланыштарынын негизинде тутумдашат. Татаал сөздөрдүн бул үч тобунун арасындагы негизги жалпылык — компоненттеринин арасындагы байланыш багынычтуу же аныктоочтук мамилелерге негизделген.

Ал эми татаал сөздөрдүн «кош сөздөр» деп аталган экинчи тобу сөздөрдүн арасындагы тең байланыш мамиленин негизинде түзүлөт. Анткени кош сөздөрдүн компоненттери бири-бирине синтаксистик жагынан тең (бирдей) мамиледе. Башкача айтканда, компоненттер өз ара бири аныктоочтук, экинчиси аныкталгычтык катышта болбостон, экөө морфологиялык жана лексико-синтаксистик катышта бирдей сапаттагы сөздөрдөн туруп тутумдашышат. Мисалы: *ата-эне, ага-тууган, илгери-кийин, келим-кетим, оюн-күлкү, келин-кесек, кокуй-алат* ж. б.

Аналитикалык катнаштагы компоненттерде түзүлгөн туруктуу сөз айкаштарын лексикалык бир единица (бир сөз) катары кароого кандай себептер бар?

1. Татаал составдуу компоненттерден турган айрым айкаштар лексико-семантикалык жагынан, жөнөкөй сөздөрдөй эле, бир мааниге ээ.

2. Татаал сөздөрдүн компоненттери бири-бири менен структуралык тыгыз бирдикти түзүп турат. Анткени:

1) алардын ордун алмаштырып жиберүүгө мүмкүн болбогондуктан, компоненттеринин орду дайыма туруктуу: *кара бороң* (көп семиз эмес эт жөнүндө айтылат), *кол-кабыш, келин-кесек, оюн-күлкү; бирок, бироң кара, кабыш-кол, кесек-келин, күлкү-оюн* дешке болбойт.

2) Грамматикалык категориялар (жөндөмө, сан, таандык ж. б.) боюнча, жөнөкөй сөз сыяктуу эле, бир гана — акыркы компоненти өзгөрөт: *кара бороңураак, кара бороңдон, ата-балалуу, ойногон-күлгөндөр* ж. б.

3) Алар аныктоочтук мамиледеги айкаштар болгондуктан, кош сөздөрдөн башкалары, биринчи компоненти экинчисинин белгисин көрсөтүп, аныктап турат; *кызыл кырман, кыл жуугуч, төө куйрук, жөө жомок* ж. б.

4) компоненттеринин арасындагы туруктуулуктан өтмө (жаңы) маани пайда болот: *жарыш сөз, жан талаш, моюн*

алыш, кызыл үй, ала шалбырт (бу белги кош сөздөргө мүнөздүү эмес).

5) Эки компоненти тең ушул гана айкашта колдонулуп, экөөнүн бирөөн башка сөз менен алмаштырууга болбойт. Татаал сөздөрдүн бул өзгөчөлүгүн далилдөө үчүн төмөндөгүдөй мисалдар келтирип көрөлү: кыр жап — эгиндин баш ала баштаган мезгили ушундай деп аталат. Мунун эки компонентинин бирөө башка сөз менен алмашылса, көрсөтүлгөн түшүнүктү бере албай калат. Бирок *«кыр»: кыр арка* сыяктуу таптакыр башка маанидеги татаал сөздөрдү түзүүгө да катышат. Демек, татаал айкашты түзүп турган кандай гана сөз болбосун, анын экинчи бир сөз менен тизмектешип, дагы башка татаал сөз түзүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. Мында татаал сөздүн ар бирине өз алдынча лексикалык касиетти берип турган өзгөчөлүк — эки компоненттин айкашуусунан келип чыккан жаңы өтмө маани, б. а. жаңы лексико-семантикалык касиет.

6) Айрым сөздөр бир нече татаал сөздү түзүүгө катыша алат: *көз сал, кулак сал, колго сал; күн көр, жакшы көр, жек көр; өмүр сүр, доорон сүр; бет ал, сеп ал, дем ал.* Ал эми айрымдарын экинчи бир сөз менен алмаштырууга болбойт. Анда алар өз алдынча лексикалык касиеттен ажырап калат.

7) Компоненттеринин ар биринин өзүнө тиешелүү басымы бар жана экөөнүн арасы, эгер тыбыштык ширешүүгө учурабаган болсо, тыным (пауза) менен ажыратылып турат.

8) Эки сөздүн айкалышуусунан түзүлгөн жаңы маанини эки компонентинин маанисине байланыштуу, тике, же болбосо алар менен байланышсыз өтмө мааниде да болушу мүмкүн. Мисалы: *ат кулак, таш бака, айры куйрук, эчки маарак, төө басты*; бирок *ак өөлмөк* (компоненттеринин тике маанисине жакын), *кызыл обоз* (өтмө маани жарым-жартылай га на сезилет); *ардак тактасы, ишеним кат, өнөр жай, таш кордо, эмгек күн, кызмат акы* ж. б. Булардагы жаңы маани компоненттеринин бирин башка сөз менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу менен шартталган.

9) Татаал сөздөр, жөнөкөй сөздөрдөй эле, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: тамыры жемиш өсүмдүктөргө картошка, кызылча, чамгыр, сабиз кирет (*«тамыры жемиш»* — сүйлөмдүн аныктоочу); Ажар ошол жылы Таабалды деген жигитке *күйөөгө чыгат («күйөөгө чыгат»* — сүйлөмдүн баяндоочу); *Ат-Башы* өрөөнү малга жайлуу жер (*«Ат-Башы»* — аныктоочу).

10) Кээ бир татаал сөздөрдүн составындагы айрым компоненттери өз алдынча лексикалык мааниден ажырап калгандыктан, алар жеке колдонулбайт. Бирок өз маанисинен ажыроого анын татаал сөзгө компонент болушу себепчи бол-

гон эмес. Тескерисинче, биринчиден, мындай сөз лексиканын эң байыркы катмарларына тиешелүү болушу ыктымал. Ал өз бетинче колдонулуу касиеттинен ажырап, татаал айкаштын гана составында сакталып калган болуу керек. Же болбосо, мындай сөздүн башында эле колдонулуу масштабы чектелген болуу керек. Айрым учурларда андай сөз башка тилдерден өздөштүрүлгөн болушу да мүмкүн.

Мындай өз бетинче колдонулбай, жалаң гана татаал сөздөрдүн составында учуроочу лексикаларга төмөнкүлөр мисал боло алат: *Сом: сом темир, сом балка, сом таяк, сом жигит, сом эт.* Бул сөздөрдүн биринчи компоненти *«сом»* уңгу түрүндө өз алдынча колдонулбайт. Ал «чулу, бүтүн, жылмаланбаган, туюк» деген мааниде болуу керек. Ал *«сомодой», «сомдогон, сомдолгон»* деген туунду сөздөрдүн түзүлүшүнө негиз болгон.

3. *Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы (аффиксация).* Кыргыз тилинде илгертен бери мүнөздүү жана кеңири масштабда колдонулуп келе жаткан ыкмалардын бири жаңы сөздөрдү морфологиялык каражаттардын (куранды мүчөлөрдүн) жардамы менен жасоо.

Кыргыз тилинин морфологиялык каражаттарынын карамагында өзү жалганган лексемага жаңы маани киргизүү касиетине ээ морфемалардын саны жүздөн ашуун. Мындай морфемалар *сөз жасоочу* (куранды) *мүчөлөр* деп аталат.

Кандай гана мүчө болбосун, анын этимологиялык төркүнүн табууда жана мүчөлүк касиетин аныктоодо негизги үч белги эсепке алынышы керек.

1) Ал мүчө жалганган сөздүн уңгусун ошол морфемадан ажыратса, өз алдынча мааниге ээ болуп турушу; эгер маанини ачык болбосо, анын салыштыруу жолу менен аныкталыш мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу (б. о. уңгу жана кызматчы морфеманын жиктелип ажыратылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу).

2) Ошол мүчө менен айкалышуунун натыйжасында ал уңгунун (б. а. жасалган туунду сөздүн) жаңы же кошумча семантикага ээ болушу, ал семантиканын сезилип турушу.

3) Кандай гана тыбыштык айкаштар болбосун, ал өз алдынча грамматикалык каражат (сөз жасоочу же сөз өзгөртүүчү мүчө) болуп эсептелүү үчүн тыбыштык закондорго ылайык сыяктуу варианттар менен өзгөрүү касиетине сөзсүз ээ болушу зарыл: *-лык, -лик, -лук, -лүк, -дык, -дик, -дук, -дүк, -тык, -тик, -тук, -түк.*

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн негизги касиети:

1) Жаңы маанидеги сөздөрдү жасоо жөндөмдүүлүгүнө ээ.

2) Булар морфологиялык (грамматикалык) гана каражаттардан болгодуктан, аларда лексикалык өз алдынча, колдонулуу жөндөмдүүлүгү жана жекече лексикалык маанилери жок.

3) Орун тартиби боюнча уңгудан кийин гана жайгашкандыктан, жаңы сөздөрдү жасоо зарылчылыгына жараша мүчөлөр уңгудан кийин тизмектешип катар келе берет.

4) Сөз жасоочу мүчөлөр өз алдынча колдонулбаганы менен, аларда ички семантикалык (функциялык) маани бар. Анткени ар бир мүчө тиги же бу сөзгө жалганып, алардан жалпыланган маанидеги туунду негиздерди жасайт, мисалы, кесипчилик маанисиндеги сөздөрдү жасайт (*отунчу, көмүрчү, атчы, комбайынчы, элчи, сугатчы*).

-ма — кыймыл-аракеттин мүнөзүнө байланыштуу атоолорду билдирет: *басма, оймо, чийме, сызма, тизме*;

-даш — көз карашы, келип чыгышы, кызыкчылыгы ж. б. боюнча бирдейликти, жалпылыкты билгизүүчү атоочторду түзөт: *замандаш, жердеш, айылдаш, жолдош*;

5) Өз алдынча маанисиз болуп, жекече колдонулбагандыктан, алар толук маанилүү сөздөргө мүнөздүү касиеттерге (басым, тыным, лексикалык маани ж. б.) ээ эмес.

6) Мүчөлөр түзүлүшү жагынан бир эле (үндүү) тыбыштан жана ар кандай муун типтерине окшош үндүү жана үнсүз тыбыштардын айкаштарынан турат. *-а: жаш-а; -ык: жол+-ук; ата: кыдыр+-ата; -ла: боо+-ла; -чык: көл+-чук; -кана: ат+-кана; -гылт: кыз+-гылт; -чаак: уруш+-чаак; -ынжы: күрө+-ынды* ж. б.

7) Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганган сөзүнө семантикалык жаңы маани киргизүү касиеттерине байланыштуу, алардын колдонулуу масштабы грамматикалык (уланды) мүчөлөргө караганда тагыраак, сөз жасоочу мүчөлөрдө грамматикалык жалпылоо касиети жок.

8) Колдонулуу масштабы боюнча бардык мүчөлөр бирдей эмес. Кээ бир мүчөлөр өтө жыш колдонулса, кай бирлери өтө сейрек колдонулат. Ал гана тургай, уңгунун ажыралгыс элементине айланып, сенек болуп калган мүчөлөр да бар.

Демек, сөз жасоочу морфологиялык каражаттардын ичинде активдүүлөрү да, таралуу масштабы чектелгендери, ошону менен бирге, сөз жасоо каражаттарынын составынан чыгып калгандары да бар. Тилдин морфологиялык сөз жасоочу каражаттарынын мындай салааланышы анын тарыхий өсүш өзгөрөлүктөрү менен шартталган.

Сөз жасоочу мүчөлөрдө маанилештик (синонимия) касиеттер да кеңири өнүккөн. Мындай абал мүчөлөрдүн жалпы

санынын бир кыйла көптүгү менен жана алардын тилдин тарыхий өсүш процессинде бир калыпта сакталбай, улам өзгөрүүлөргө дуушар болуп, толукталып отурушу менен шарттталган. Ал гана тургай, айтылуучу бир гана пикирди угуучуга ар кандай каражаттардын, маанилеш ар башка сөздөрдүн жардамы менен берүү тилдин көркөмдүк сапатын, укмуштуулугун арттырары белгилүү. Мындай каражаттарды жаратууда тилдеги кызматчы морфемалар да катышкандыктан, аларга да маанилештик (синонимия) мүнөздүү. Алардын бир даары тыбыштык составы жана пайда болуу булактары ар башка, бирок бирдей же мааниси бири-бирине жакын сөздөрдү жасашат.

Мисалы: -чыл, -чы мүчөлөрү белгилүү өлчөмдө бири-бирине маанилеш: *суучул//суучу*;

-ыш//-уу: жазуу//жазыш; окуш//окуу; көрүш//көрүү;

Синонимдеш мүчөлөрдүн экинчи бир тобун келип чыгуу теги боюнча жакын маанилеш мүчөлөр түзөт: *-газ//-аар:/аткар//атказ, куткар//кутказ, өткөр//өткөз, жуткур//жуткуз* ж. б.

-анак//-аган (кабаган//кабанак, тебеген//тебенек, качаган//качаанак).

-гар//-ар: көмкөр//көмөр; -гы//-ы: чумку//чуму; ар//ай: саргар//саргай, карар//карай ж. б. *-мак//-бак: (жашынбак//жашынмак* ж. б.).

10) Жогоруда көрсөтүлгөндөй, сөз жасоочу мүчөлөрдүн арасында башка тилдерден оошуп келип өздөштүрүлгөндөрү да бар. Ошондой эле ар бир тилдин өзүнө тиешелүү мүчөлөрүнүн арасында болгон аралашуулар, түзүлүшүндө болгон өзгөрүүлөр аткарган милдети боюнча жаңы сапаттагы мүчөлөрдү жараткан. Натыйжада сырткы түзүлүшү окшош, аткарган милдети ар түрдүү мүчөлөр (омоним мүчөлөр) пайда болгон. Кыргыз тилинде мүчөлөрдүн арасындагы омонимия жалаң гана сөз жасоочулардын арасында эмес, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен сөз жасоочу мүчөлөрдүн арасында да бар, Мисалы: монгол тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр менен бирге кирип, биздин тилдин сөз жасоочу каражатына айланган *-га//-ылга (тулга, токулга, агылга)* менен барыш жөндөмөсүнүн көрсөткүчү *-га (шаарга, үйгө)* омонимдеш.

Атооч сөздөрдү жасоочу *-даш* мүчөсү менен этиштик *-ла* жана *-ыш* мүчөлөрүнүн айкалышуусунан жасалган *-лаш* мүчөсү омонимдеш. Атоочторду жасоочу *-лык (балалык, жаштык)*, атоочтуктарды жасоочу байыркы *-дык (калдык, кестик)* жана этиштин буйрук формасын жасоочу *-дык (чалдык, соктук, сүрдүк, кийлик, кактык)* мүчөлөрү омонимдеш.

Зат атоочтордун кичирейтүү формасын жасоочу *-ча (кудача, моюнча, көкүрөкчө)*, тактоочторду жасоочу *-ча (орусча,*

кыргызча) жана этиштин буйрук формасын жасоочу *-ча (чар-ча, курча*) мүчөлөрү омонимдеш.

Атоочтуктарды жасоочу байыркы *-да//-ты (жарты, быиты, алды-берди*) жана топонимикалык аттарда жолугуучу өлүү *-ды//-ты (Чырпыкты, Жылгынды)* мүчөлөрү түзүлүшү жагынан окшош.

11) Сөз жасоочу мүчөлөр—сөз түркүмдөрүн бири-биринен айырмалоочу морфологиялык белгилердин бири. Сөз түркүмдөрү бири-биринен өзүнө гана тиешелүү морфологиялык каражаттары менен айырмаланат. Ушул абал сөз жасоочу мүчөлөрдүн, сөз өзгөртүүчү мүчөлөргө караганда, колдонулуу масштабынын тардыгын көрсөтөт. Мүчөлөрдөгү мындай белги, экинчи жагынан, ар бир мүчөдөгү ички семантикалык (кошумча) маанинин бардыгына байланыштуу. Башкача айтканда, сөз жасоочу мүчөлөрдөгү аткарган милдети боюнча семантикалык топторго жиктелүү мүмкүнчүлүгү алардын ушундай өзгөчөлүктөрү менен шартталган. Мисалы: *-луу* мүчөсү зат атоочторго жалганып, алардан затта бир нерсенин бардыгын, бир нерсеге ээ экендигин билдирген сын атоочторду жасайт: *балалуу, аттуу, аялдуу, үйлүү, суулуу, тоолуу, -Ча-* мүчөсү атооч сөздөргө жалганып, алардан белгилери боюнча окшоштуруу маанисиндеги тактоочторду уюштурат: *орусча, кишиче, балача, малча, атча, төөчө.*

-чыл мүчөсү атооч сөздөргө жалганып, белгилүү сапаты боюнча экинчи бир нерсеге окшош же өзгөчө белгиси менен айырмалануу маанисиндеги сын атоочторду жасайт: *кишичил* буура, *улутчул* адам, *кайгычыл* кемпир, *чайчыл* киши.

-ма этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанидеги атоочторду жасайт: *басма, сызма, куурма, сүзмө, тизме.*

-ла атоочторго жалганып, алардан кыймыл-аракетти экинчи жакка буйрук кылуу маанисиндеги этиштерди жасайт: *байла, шайла, ойло, сүйлө, ыйла, ырда, жайла, атта, кышта, башта* ж. б.

Бирок мындан бардык эле сөз жасоочу мүчөлөр сөз түркүмдөрүнө тиешелүү деген түшүнүк келип чыкпайт. Тескерисинче, мүчөлөрдүн колдонулуу шарты, алардын жаралуу четтардын жардамы менен берүү (жасоо) зарылчылыгына түздө-түз байланыштуу. Анткени типи же бу түшүнүктүн коомдо пайда болушу, анын же ошол категориядагы түшүнүктүн абстракцияланышы, сөзсүз, бирдей каражаттардын жардамы менен жасалган сөздөрдүн көп болушун шарттайт. Эгерде андай түшүнүктөрдү жасоо мүмкүнчүлүгү бир топ сөз түркүмдөрүнө таралса, анда ал сөздөрдү жасоочу каражаттардан

мүчөнүн колдонулуу чеги андан бетер кеңийт. Тескерисинче, түшүнүк конкреттүү, тар мааниде болсо, аны жасоочу мүчөнүн да жыйылуу чеги тарыйт. Натыйжада мүчөлөрдө колдонулуу чеги боюнча бир кылка эместик пайда болот. Мындай абал, экинчиден, мүчөлөрдүн белгилүү категорияга тиешелүү сөздөрдү гана жасоого жарактуулук белгисин шарттайт. Ошентип, сөз жасоочу мүчөлөр белгилүү гана же жалпы белгиси боюнча окшош түшүнүктөрдү жасоо касиетине ээ болгондуктан, алар чар-жайыт колдонула бербейт.

Мүчөлөрдүн жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрү менен алардын өнүмдүүлүк (кеңири масштабда колдонулуу), б. а. дайыма жаңы сөз жасоочу потенциалык мүмкүнчүлүгүнүн болушу, аз өнүмдүүлүк (колдонулуу чегинин өлчөлүү гана масштабга таралышы) жана өнүмсүздүк (бир эки сөздүн составында гана учурашы) белгилери түздөн-түз байланыштуу.

Тилдин азыркы өсүш этабында көп сөздөрдүн жасалышында модель катары колдонулуп, тилдин лексикасынын өсүшүнө орчундуу салым киргизип турган мүчөлөр *өнүмдүү мүчөлөр* деп аталат: *-чы, -лык, -луу, -дай, -ла, -ыт, -ынчы, -ыш, -ма.* Өнүмдүү мүчөлөр сөздүн унгусунан же негизинен дайыма оңой ажыратылат. Аларды сөздүн негизинен же унгудан ажыратканда, унгу же негиз өзүнүн алгачкы лексикалык маанисин жоготпойт.

Сөздөрдүн составында анча көп кезикпей, өнүмдүү мүчөлөргө караганда азыраак сандагы сөздөрдү жасоочу мүчөлөр *аз өнүмдүү мүчөлөр* деп аталат: *-чан, -чак, -ак//-ык, -ан//-ын* ж. б. Аз өнүмдүү мүчөлөр өздөрү жалганып турган сөздөрүнөн негизинен кээде ажыратылса, кээде алардын ажыралгыс составдык элементтерине да айланып калгандыгы байкалат: *бычак, көнөк, мурун, моюн, жалын, кемирчек* ж. б.

Бирин-серин гана сөздөрдүн жасалышына катышкан, көбүнчө азыркы мезгилде тилдин тирүү сөз жасоочу каражаттары болуудан калган мүчөлөр *өнүмсүз же сенек (өлүү) мүчөлөр* деп аталат. Алардын ичинде кээде бир эки эле сөз жасагандары да кездешет: *-ша (тыңша), -ы (сылты, үңү, өрү, жашы); -ра (сайра, маара, кайра), -ырка (ташырка, түшүркө, сонурка)* ж. б.

Өнүмдүү жана аз өнүмдүү мүчөлөр тилдин азыркы мезгилинде сөз жасоодогу жөндөмдүү каражаттарынан болуп саналат. Ал эми өлүү же өнүмсүз мүчөлөр болсо, тарыхий жагынан гана сөз жасоонун каражаттары катарында каралат.

Анткени тилдин бардык элементтерине мүнөздүү болгон бир кылка эместик, составдык жана функциялык жагынан өз-

гөрүүлөр, ал каражаттардын жаңы формалар менен толукталышы сөз жасоочу мүчөлөргө да мүнөздүү.

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн пайда болуу, жасалуу жолдору жана толукталуу булактары төмөндөгүдөй:

1. Мүчөлөрдүн бир тобу маанисинен ажырап, тыбыштык составы деформацияланган сөздөрдөн пайда болгон. Жалпы эле кызматчы каражаттардын (жандоочтордун, байламталардын, бөлүкчөлөрдүн) маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөрдөн пайда болгондугу тил илиминин теориясында талаш туудурбайт (мисалы, *менен<бирлэн, жана<жан* («кайтуу» маанисинде +*-а кийин<кэдин, дейин<тий* +*-ын* ж. б.).

Ошентип, айрым лексемалардын адегенде грамматикалык маниси өзгөрүп андан кийин алгачкы маниси менен жаңы функциясы обочолонот.

Айрым сөздөрдүн белгилүү грамматикалык формага өтүп туруп, кайра лексикалашкан учурлары да кездешет:

кайта же *кайра* — деген этиштерге *-а* мүчөсү жалганып, чакчылга өткөндөн кийин, лексикалашып, тактоочтук касиетке ээ болгон. Ушундай эле процесстин натыйжасында *чейин//дейин* (*<чек//дей*+*-ын* (байыркы табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү) деген сөздөр да жасалган.

Сөздө өтмө же грамматикалык жаңы маанинин пайда болушу менен анын тыбыштык түзүлүшү да өзгөрүүлөргө (түшүп калуулар, кыскаруу, айкашуу ж. б. кубулуштары) дуушар болушу ыктымал. Сөздүн семантикалык маанисинен ажырап, акырындык менен грамматикалык каражатка айланышы аны мүнөздөөчү белгилеринен да акырындык менен ажыроого алып келет (басымын жоготуу, эки лексеманын арасындагы тынымдын жоюлушу, акыркы муун элементинин кыскарып, айтылууга көбүрөөк жөндөмдүү боло башташы сыяктуу). Натыйжада алардын кээ бирөөлөрү жалаң гана кызматчы формантка айланып, жаңы сапатка өтөт, айрымдары грамматикалык каражатка айланып, сөз мүчөлөрүнө чейин өзгөрөт. Мисалы: *турур>тур>дур -ды-т, эрди>эде//эди//эле, чак>-ча* ж. б. Бул мүчөлөрдүн чыгышына негиз болгондор *тур*. Так ошол жазуунун оң жагындагы эки мамыга керилип тартылган чоктой кызыл чүпүрөктө «Балдарыбыздын бактысы үчүн эмгектене берели!» деген ураан *турат* (М. Жангазиев). Эле: Эмнеден ууланмак *эле* (М. Жангазиев). Таң атканы менен күндүн күлкүлүү шооласы бийик тоолордун башына жарыгын чача *элек* (М. Жангазиев). *Чак (бала чакта; жаш чак; учур чак* ж. б.) деген өз алдынча маанилүү сөздөр.

Бирок мындан мүчөлөрдүн бардыгы баштан аяк бүтүн сөздөн пайда болгон деген жобо келип чыкпайт. Тескерисинче, мүчөлөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн келип чыгышы тилдеги таптакыр башка кубулуштар менен түшүндүрүлөт. Алар:

1. Бир эле мүчө функциялык жана тыбыштык өзгөрүүгө учурап, ар башка милдет аткаруучу бир нече мүчөгө ажыроодон пайда болот. Ошондуктан алар *тектеш мүчөлөр* деп аталат. Мисалы: *-чак//-чык (оюнчук, көлчүк); -ча (мончо); -гач//-гыч (чалгыч, кескич); -гы//га (сүлгү, чалгы); -луу (аттуу, малдуу)* жана *-лык (балалык, элдик)* мүчөлөрү байыркы *-лыБ (атлыБ; будунлыБ* мүчөсүнүн жиктелишинен келип чыккан.

2. Айрым мүчөлөр эки мүчөнүн айкашуусунун натыйжасында бөлүнбөс бир туруктуу морфемага айланган: *-ынды<-ын* +*-ды; -макчы<-мак*+*чы; ылтыр<-ыл*+*-дыр (көгүлтүр); -ылт (кызгылт)* +*-ыр*.

3. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен тектеш мүчөлөр. Айрым бир грамматикалык формада турган сөздөр лексикализациялашуунун натыйжасында башка сөз түркүмүнө өтөт да, алардын составындагы уландылар сөз өзгөртүүчүлүк касиетинен ажырап, сөз жасоочу мүчө катары кабыл алынат. Мисалы: *-ын (күнүн, түнүн, кышын); -гару (илгери, ичкери, тышкары); -да (ошондо, мурда); -дан (мурунтадан, илгертен, баштатан)* ж. б.

4. Тыбыштык туура келүү (соответствие) жана алмашуу (чередование) закондору менен шартталып пайда болгон тектеш мүчөлөр:

-ла//-на, -бак//-мак ж. б.

р//з (ротацизм кубулушу) тыбыштарынын бирине бири туура келүү закону менен шартталып пайда болгон маанилеш (түгөйлөш) мүчөлөр: *-ар//-ай (саргар//саргай); -гар//-гыр//-газ//-гыз (аткар//атказ; куткар//кутказ; жеткир//жеткиз; жаткыр//жаткыз)*.

5) Тыбыштардын бир сөз ичинде орун алмашуу (метатеза) законуна негизделип пайда болгон мүчөлөр: *-ыт//-ты, -ык//-ак-кы, -аган//-анак, -ык, -ак//гач*.

6) Жылышуу (приразложение) законуна ылайык пайда болгон мүчөлөр: *-гар, -ар (саргар<*сарыг+*-ар)*.

7) Сөз жасоочу мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү (*-кор, -кеч, -поз, -кана, -стан* сыяктуу морфемалар башка (тектеш эмес, башка системадагы) тилдерден өздөштүрүлгөн.

8) Чыгышы жана тыбыштык составы боюнча башка мүчөлөр менен тектештик катнашы жок мүчөлөр: *-ым (басым, кесим), -чан (атчан, өтүкчөн)*, эң байыркы тыбыштык түрүндө сакталган *-ты (Алматы, Сөгөтү), -лы (атты-жөөлүү), бирдижарым, эрди-катын, эртели-кеч* (жана этимологиялык жагынан келип чыгышын аныктоого мүмкүн болбогон *-гак: (туңгак, жаргак)* сыяктуу мүчөлөр да бар.

Грамматикада негизги орунду сөз түркүмдөрү жана сүйлөм мүчөлөрү ээлейт. Сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон маселелерди морфология ичине алса, сүйлөм мүчөлөрүнө тиешелүү болгон маселелерди синтаксис ичине алат. Грамматикалык категориялардын ичинде орчундуу орунду айрыкча сөз түркүмдөрү ээлейт. Сөз түркүмдөрү менен сүйлөм мүчөлөрүнө тиешелүү болгон маселелердин татаалдыгы тил илиминде эчак эле айтылып келе жатат. Сөз түркүмдөрүнө илимий жактан кароо тарыхий жактан карооого негизделет. Демек, ар бир конкреттүү тилдин сөз түркүмдөрүнүн маселеси ошол тилдин тарыхы менен байланыштуу каралууга тийиш. Тил илиминде айтылып келе жаткан көз караштар боюнча, сөз түркүмдөрүнүн бардыгы бир мезгилдин ичинде пайда болбойт, ар бир сөз түркүмү татаал өнүгүү процессинин негизинде белгилүү тарыхий мезгилде пайда болуп өнүгөт. Мисалы, башка сөз түркүмдөрүнө караганда тактоочтор, байламталар кийинчерээк пайда болуп кийинчерээк өнүккөн. Мына ошондой эле грамматикалык категориялар тарыхий өзгөрүүлөргө дуушар болот. Бир өнчөй эмес предметтер, түшүнүктөр категория боло албайт. Бир өнчөй предметтер же бир өнчөй түшүнүктөр гана «категория» деген түшүнүктү ичине алат. Тилдин түзүлүшүн аныктоочу же мүнөздөөчү сөздөрдүн өзгөрүшү жөнүндөгү жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкалышы жөнүндөгү грамматикадагы жалпы түшүнүктөр грамматикалык категория болуп аталат. Ошондуктан сөз түркүмдөрү биринчи кезекте тилдеги негизги грамматикалык категорияларга жатат. Дүйнөдөгү чындыкты акырындык менен тааный билүү адам баласын предметтердин, көрүнүштөрдүн өз ара байланышын, алардын түрлөрүн жана бир-биринен айырмаланган касиеттерин, бөтөнчөлүктөрүн ажырата билүүгө алып келди. Бул жактан алганда сөз түркүмдөрү грамматикалык категориялар катарында адам баласынын чындыкты тааный билүү процесстерин көрсөтөт. Сөздөрдүн сөз түркүмдөрүнө бөлүнүшүн тилдин единицасынын негизи болгон сөздөрдүн табияты менен, сөздөрдүн семантикалык жана грамматикалык жактары менен тыгыз байланыштуу кароо керек. Мына ошондо гана сөз түркүмдөрүнүн өз алдынча грамматикалык категория экендиги ачыгыраак байкалат.

Түрк тилдериндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө карата бөлүштүрүү түркологиядагы кийин гана колго алынган жаны маселеге жатпайт. Чындыгында, бул маселе түркологияда мындан бир жарым кылым мурда башталып, традициялык классификация боюнча түрколог-окумуштуулар тарабынан

түрк тилдеринде сөз түркүмдөрүнүн саны 8ден 9га чейин же традиция боюнча 8 сөз түркүмү бар экендиги ачык эле белгиленип келген. Ырас, түрк тилдери боюнча алгачкы түзүлгөн грамматикалык эмгектерде түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрүнүн маселеси атайын талданып берилбестен, ар бир сөз түркүмүнүн кыскача мүнөздөмөсү берилген. Албетте, XIX кылымда түрк тилдери боюнча жазылган грамматикалык эмгектерде түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон маселелерди кеңири планда кароону авторлор өздөрүнүн алдына милдет кылып коюшкан да эмес.

Сөз түркүмүнүн маселеси XX кылымда, айрыкча совет бийлигинин жылдарында түрколог-окумуштуулар тарабынан кеңири планда каралып келе жатат. Анткени совет бийлигинин жылдарында эне тилинин грамматикасы боюнча окуу китептерин түзүү, мектептерде эне тилинде сабак жүргүзүү сыяктуу олуттуу маселелер сөз түркүмдөрүн илимий жактан тагыраак иштеп чыгууну талап кылган болучу.

1930-жылдардан мына ушул күндөргө чейин колдонулуп келе жаткан окуу китептеринде, окуу куралдарында, атайын илимий макалаларда кыргыз тилинде сегизден он экиге чейин сөз түркүмү бар экендиги жөнүндөгү пикирлер орун алат. Бул жерде бир маселени айрыкча эске алуу керек. Маселе кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн санын көбөйтүүдө же азайтууда эмес, маселе сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категорияларга жата тургандыгын тиешелүү фактылардын негизинде туура тааный билүүдө.

Түркологиялык изилдөөлөрдө сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө негизинен, семантикалык принцип колдонулуп жана ал принцип сакталып да келе жатат. Андан кийинки негизги принцип катарында синтаксистик принцип колдонулуп келди. Кээ бир түркологдор сөздөрдү сөз түркүмүнө бөлүштүрүүдө синтаксистик принципти чындыгында тиешелүү даражада далилдей алышпады. Кээ бир тилчилер кийинки кездерде морфологиялык белгилерди биринчи орунга коюп келе жатышат.

Кийинки кездерде илимий эмгектерде болсун, мектеп грамматикаларында болсун түрк тилдериндеги сөздөрдү үч түрдүү принцип менен бөлүштүрүү кеңири орун алып бара жатат жана бул көз караш көпчүлүк тилчилер тарабынан кубатталууда.

Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө семантикалык принцип традициялык принцип болуп эсептелет. Ал принцип айрым окумуштуулар тарабынан тиешелүү даражада сынга алынып келе жатса да, түрк тилдери үчүн бул принцип негизги принциптерден болуп эсептелет, анткени түрк тилдеринде

сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө сөздүн маанисин четке кагууга же анын ролун төмөн саноого болбойт. Сөздүн мааниси менен формасындагы бирдиктүүлүктү эске алуу керек. Чындыгында да сөздүн маанисине жараша анын грамматикалык формалары болот. Жалаң гана семантиканы биринчи орунга койгондо сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу жана синтаксистик жол менен түзүүчү көп сөздөр классификациядан тышкары калышы мүмкүн. Мына ошондуктан маселеге бир жактуу кароого болбойт, атап айтканда, сөз түркүмдөрүн жалаң гана лексика-семантикалык топ катарында кароо туура эмес.

Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө морфологиялык белги негизги белгилердин бирине жатат. Сөз түркүмдөрү лексика-грамматикалык категория катарында каралууга тийиш деген көз караш жалпы эле тил илиминде, ошондой эле түркологияда көпчүлүк окумуштуулар тарабынан кубатталууда.

Түрк тилдеринде сөздөр башка сөздөр менен ар түрдүү синтаксистик байланышта болуу аркылуу субстандивдешет жана адвербализацияланышат, демек, сөздөрдүн мындайча кубулуп турушунун өзү синтаксистик белгинин ишенимдүү эмес экендигин көрсөтөт. Бирок бул айтылгандан синтаксистик белгини таптакыр эске албоо деген түшүнүк келип чыгууга тийиш эмес. Ырас, тиешелүү даражада сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө синтаксистик принцип да эске алынууга тийиш. Синтаксистик белги катарында сөздөрдүн сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарышын гана эсепке албастан, бир сөз менен экинчи сөздүн (бир сөз түркүмү менен экинчи сөз түркүмүнүн) бир-бири менен айкалышын, айтылуу мүмкүнчүлүгүн же алардын өз ара айкалышпай тургандыгын эске алуу керек. Мисалы, тактооч менен зат атоочтун өз ара айкалышып колдонулушу толук мүнөздүү көрүнүш эмес, *«бат жазды»* (тактооч, этиш), бирок *«бат киши»* (тактооч, зат атооч түрүндө колдонулбайт).

Сын атоочторду жана ат атоочторду ажыратууда алардын синтаксистик критерийлери эске алынууга тийиш. Жогорудагы көрсөтүлгөн принциптер же критерийлер—кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө колдонулуучу негизги белгилер (же критерийлер). Кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө бир эле белгиге таянбастан (мисалы, семантикалык), бардык белгилерге (семантикалык, морфологиялык, синтаксистик) таянып, ар бир белгини жеке алып карабастан, алардын бардыгын бирдиктүү түрдө алып кароо керек.

Жогоруда аталган белгилерге карата азыркы кыргыз тилиндеги сөздөр биринчи кезекте чоң эки топко бөлүнөт:

1. маани берүүчү же негизги сөздөр;
2. кызматчы сөздөр. Маани берүүчү же негизги сөздөр өз ара төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт: 1) зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч.

Кызматчы сөздөр тобу өз ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: жандоочтор, байламталар, бөлүкчөлөр. Өзгөчө сөз түркүмү катарында сырдык сөздөр менен тууранды сөздөр эсептелет. Бул жагынан алганда, жогоруда көрсөтүлгөн сөз түркүмдөрүнөн тышкары, башка түрк тилдериндегидей кыргыз тилинде да өзүнчө бир топ болуп эсептелген модалдуу сөздөр да бар. Жогоруда көрсөтүлгөн негизги сөз түркүмдөрүнүн ар бири өзүнчө категория катарында эсептелинет, алардын ар бирине таандык болгон семантикалык, грамматикалык белгилери бар.

Зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, тактооч бардыгы биригип, сөз түркүмдөрүнүн чоң бир тобу атооч сөз түркүмүн түзөт. Тилде зат атооч кеңири орунду ээлейт, анын лексика-семантикалык мааниси кең, ар түрдүү грамматикалык категорияларга ээ болуп эсептелип, өзүнчө ири грамматикалык категориянын бирине жатат. Зат атоочтор семантикасы жагынан ар түрдүү топторго (энчилүү, жеке, ар түрдүү буюмдар, нерселер, жаратылыштык, коомдук кубулуштар ж. б.) бөлүнөт.

Зат атоочтун өзүнө таандык сөз түзүүчү жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрү бар. Жалпы эле мүчөлөрдү алып айтканда сөз түзүүчү мүчөлөрдүн кээ бирлери зат атоочтун негизги маанисин сактап калса *(темир-темирчи)*, кээ бирөөлөрү зат атоочтун маанисин өзгөртүп, аны башка сөз түркүмдөрүнө жиберет *(күлкү—күлкүчүл,* булардын биринчиси — зат атооч, экинчиси — сын атооч). Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр сөздөрдүн маанисин өзгөртпөстөн, башка сөз менен болгон мамилесин (синтаксистик карым-катышын) гана өзгөртөт (бала-балага).

Зат атоочтун сөз түзүүчү мүчөлөрү эки түрдүү:

1. Атоочтордон зат атооч түзүүчү мүчөлөр *(-чы, -лык, -лаш, -лык* ж. б.).

2. Этиштерден зат атооч түзүүчү мүчөлөр (*-ак, -гы, -ым, -ма, -ыш, -гын* ж. б.).

Зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөрү сан, жөндөмө жана таандык категориялары менен байланыштуу.

Зат атооч синтаксистик жагынан сүйлөмдүн бардык мүчөлөрүнүн милдетин аткара берет, бирок башка сөз түркүмүнө өтүп кетпейт.

Үй тургузулуп жатат (*үй*—зат атооч, сүйлөмдүн ээси). *Бул үйду жумушчулар үчүн тургузуп жатышат* (*үй*—зат атооч, толуктооч). *Бул үйдүн кишилери мыкты иштешет* (*үйдүн* — зат атооч, аныктооч). *Бул—шаардагы эң бийик үй* (*үй*—зат атооч, баяндооч). *Бул чоң үйдө жаш жумушчулар турушат* (*үйдө*—зат атооч, бышыктооч).

Жогоруда көрсөтүлгөн мисалдардан зат атооч сүйлөм мүчөсүнүн ар түрдүү кызматын аткарганы менен, өзүнүн зат атоочтук касиетин сактап кала тургандыгы даана байкалат. Бирок синтаксистик белги да зат атоочтун түзүлүшүндө тиешелүү даражадагы маанiге ээ боло алат.

Сөз тизмеги менен татаал сөздөрдүн айырмасын даана ажырата билүү керек. Кыргыз тилинде кээ бир татаал зат атоочтор синтаксистик жол менен түзүлөт. Мындайча жол менен түзүлгөн сөздөрдүн ар түрдүү лексика-семантикалык мааниси бар. Алардын формалдык жагына карата, б. а. сөз түркүмдөрүнө карата айрым топторго бөлүштүрүүгө мүмкүн:

зат атооч менен зат атоочтон түзүлгөн татаал зат атоочтор (*калем уч*); сын атооч менен зат атоочтон түзүлгөн зат атоочтор (*ак сакал*—улгайган киши деген мааниде); сан атооч менен зат атоочтон түзүлгөн зат атоочтор (*беш бармак*—тамакаш маанисинде); зат атооч менен атоочтуктардан турган зат атоочтор (*орун басар*) ж. б.

Татаал зат атоочтордун башка да толуп жаткан түрлөрү кезигет: *Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму, Москва Университети* ж. б. ар түркүн типтеги татаал зат атоочторду сөз тизмектеринен өтө кылдаттык менен ажыратып, зат атоочтордун синтаксистик жол менен жасалышын туура тааный билүү зарыл.

Лексика-семантикалык белгилери боюнча сын атоочтор заттардын (предметтердин) белгилерин, сапатын жана башка касиеттерин билдирет.

Сын атоочтун зат атооч менен, айрыкча тактооч менен кээ бир жакын жактары да бар. Лексика-семантикалык жагынан сын атоочту өзүнө жакын деген сөз түркүмдөрү менен салыштырып караганда, эгерде зат атооч предметти билдирсе, тактооч белгинин белгисин билдирсе, сын атооч предметтин белгисин, сапатын жана башка касиеттерин билдирет. Ошону менен бирге сын атооч сүйлөмдүн аныктоочтук милдетин аткарган учурда сөз жасоочу мүчөлөр менен өзгөрбөстөн; өз калыбын сактайт. Бул жагынан сын атооч, мисалы, үч түрдүү изафеттик конструкциянын биринчи жана экинчи түрүнө туура келет.

Изафеттик конструкциялар	сын атооч
1-түрү темир жол	жакшы көйнөк
2-түрү колхоз малы	жакшы көйнөгү
3-түрү колхоздун малы	сын атооч түрүндө айтылбайт.

Изафеттик конструкциянын үчүнчү түрүн берүү үчүн, сын атоочту субстантивдештирип (заттык маанiге айландырып) колдонуу керек болот (*«жакшынын көйнөгү»* түрү сыяктуу).

Сын атооч өз маанисинде колдонулган учурда көптүк, таандык жана жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Сын атоочко көптүк, таандык, жөндөмө мүчөлөр жалганса эле, ал субстантивдешип, өзүнүн маанисинен ажырап, заттык маанiге өтүп кетет (*кызыл — кызылдар, кызылга, кызылым*).

Сын атоочтун тышкы жагынан өзүнө таандык морфологиялык белгилери да бар.

Ырас, сын атоочко уланууучу кээ бир мүчөлөр башка сөз түркүмдөрүндө да колдонулат. Мисалы, *-луу, -ыраак, -омук* ж. б. мүчөлөр сын атооч үчүн мүнөздүү. Ошентип, лексика-семантикалык мааниси жагынан, айрым морфологиялык белгилери жагынан сын атооч сөздөр өзүнчө сөз түркүмү катарында эсептелет. Көптүк, таандык жөндөмө, мүчөлөр менен өзүнүн маанисинде колдонулган учурда сын атоочтун өзгөрбөй тургандыгы да анын башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган бөтөнчөлүгүн көрсөтөт.

Сын атоочтор морфологиялык белгиси жагынан сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Сын атоочтордун негизги морфологиялык белгилеринин бири өздөрүнө таандык даражалардын болушунда (*жакшы — жакшыраак, эң жакшы*).

Ошону менен бирге сын атоочтор гана күчөтмө сындын өзгөчө түрүн түзө алат (*кызыл — кыпкызыл, жаш—жапжаш*).

Синтаксистик жагынан сын атооч, негизинен, аныктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарат. Субстантивдешкен түрдө гана, башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, мисалы, зат атооч сыяктуу, бардык сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткарат. Бирок ал башка сөз түркүмүнө, мисалы, тактоочко өтүп кетпейт, сын атооч түрүндө эле сакталат: *Жакшы уста ишти жакшы аткарды* (эки учурда тең *«жакшы»* — сын атооч, биринчи учурда — аныктооч, экинчи учурда — бышыктооч).

Синтаксистик жагынан сын атоочтун сүйлөм ичинде кандай сөз түркүмдөрү менен айкалышпоо мүмкүнчүлүгүн эске болууга тийиш. Сын атоочтогу эң эле орчун маселенин бири — анын заттык мааниде колдонулушу.

Ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн сөз түзүүчү мүчөлөрдүн

жардамы менен сын атоочтор түзүлөт. Алардын кээ бирлерин төмөндөгүдөй экиге бөлүп берүүгө мүмкүн: 1. Атооч сөздөрдөн сын атооч түзүүчү мүчөлөр (*-луу, -лык* ж. б.); 2. Этиштерден сын атооч түзүүчү мүчөлөр (*-гыч, -гын* ж. б.).

Сын атоочто эң эле чаташкан да, талаш да маселе — татаал сын атоочтор маселеси.

Татаал сын атоочтор ар түрдүү сөз түркүмдөрү аркылуу жасалат. Кээ бирлери төмөндөгүдөй: түп жана туунду сын атоочтор аркылуу *(узун чачтуу кыз, терең ойлуу киши* ж. б.).

Зат атооч менен сын атооч аркылуу; биринчи комплексти таандык мүчө менен колдонулуп (*тили кооз, бою бийик*); сан атоочтор менен туунду сын атоочтор аркылуу (*жети жылдык план*); зат атооч менен атоочтук аркылуу (*эки иш билген киши*).

Сын атоочтун өзүнчө сөз түркүмү экендиги көбүнчө анын сапаттык сын атоочтордун салыштырма даражасы аркылуу ажыратылат. Салыштырма сын атоочтун негизги белгиси—*-раак* мүчөсү. Күчөтмө сын ар түрдүү жол менен түзүлүп (*өтө жакшы, капкара, чоң-чоң)* жалпы жонунан күчөтмө маанисин берген менен, анын ар башка түзүлүштөгү түрлөрү ар башка кошумча мааниге ээ.

Кызматчы сөздөр аркылуу түзүлүүчүлөрү («эң жакшы» сыяктуулары) бир заттын экинчи заттан абсолюттук түрдөгү артыкчылыгын же кемчилигин көрсөтөт.

Мына ошондой эле мааниде «*п*» тыбышы уланууу аркылуу түзүлүүчүлөрү (*«кыпкызыл»* түрүндөгүлөр) колдонулат. Кайталанып айтылуу аркылуу түзүлүүчү (мисалы, *«майда-майда»* сыяктуу түрлөрү чындыгында күчөтмө сын эмес (мисалы, *аз-аздап, көп-көптөн* деген түзүлүштөгү сөздөрдүн маанилерине көңүл бурса болот). Буларга караганда *«Агыш»* (ак эмес), *«каралжым», «кызгылтым», «көгүлтүр», «саргыч»* түрүндөгү сын атоочтордо чындыгында салыштырма маани бар. Эгерде *«-раак»* формасы заттарды күчөтүп да, бошондотуп да көрсөтсө, бул аталган формадагы сын атоочтор заттардын белгилерин бошондотуп көрсөтөт.

Сан атоочтор лексика-семантикалык жагынан заттардын санын, иретин көрсөтөт. Өзүнчө сөз түркүмү болуу менен бирге, сан атоочтордун зат атоочко, айрыкча сын атоочко, жакын жактары да бар. Сан атоочтор бул айтылган сөз түркүмдөрүнөн, албетте, өзүнө гана таандык бөтөнчөлүктөр менен айырмаланат.

Сан атооч да белгини, бирок сын атоочтон айырмаланып, сандын белгисин, сандык белгини көрсөтөт. Синтаксистик жактан, башка сөз түркүмдөрүнөн, албетте, өзүнө гана таандык бөтөнчөлүктөр менен айырмаланат.

Сан атоочтордун өздөрү башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлбөйт, бирок башка сөз түркүмдөрүн түзүүдө колдонулат *(бир—бирдик, бирдиктүү)*. Бул—сан атоочтун негизги лексика-грамматикалык бөтөнчөлүгү. *«Жарым», «чейрек»* сыяктуу сөздөр сан атоочко кирбейт, зат атоочко кирет. Башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган морфологиялык белгиси катарында иреттик жана жамдама сан атоочтордун жасалышы эсептелинет.

Синтаксистик жагынан сан атоочтор зат атоочтордон өзүнчөлүгү менен айырмаланат, атап айтканда, сан атоочтор зат атоочтордон мурда колдонулуп, аныктоочтук миледетти аткарган учурда, алар зат атоочко баш ийбестен, синтаксистик байланыштын ыкташуу жолун түзөт. Заттык мааниде колдонуу аркылуу сан атооч сүйлөмдүн ар түрдүү мүчөлүк милдетин аткара берет. Сан атоочтор субстантивдешпестен, өз мааниисинде колдонулган учурда сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт; субстантивдешкен учурда зат атооч сыяктуу сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрө берет.

Ат атооч — тилде эртерээк пайда болгон, речибизде кеңири колдонулуучу сөз түркүмдөрүнүн бири. Лексика-семантикалык жагынан ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнүн ордуна колдонулуп, ошол сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон бөтөнчөлүктөргө ээ. Мисалы, сын атоочтун ордуна колдонулуп, сүйлөмдө аныктоочтук кызмат аткарган учурда ат атоочтор сөз түзүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Ошону менен бирге алар өздөрүнө гана тиешелүү болгон семантикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилери аркылуу башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланат.

Башка сөз түркүмдөрү сыяктуу, ат атоочтор да сүйлөмдүн ар кандай мүчөлүк милдетин аткара берет. Лексика-семантикалык жагынан ат атоочтун башка атоочтор үчүн «орун басарлык» милдетин аткарышы—чындыгында так эмес маселе. Башка атоочторго салыштыра караганда ат атоочтор айтылуучу ойду же түшүнүктү жалпы мааниде билдирет. Бул жагынан ат атоочтордун чыныгы маанилери өзүнөн мурда айтылган сүйлөмгө же сүйлөмдүн жалпы контекстине карай белгилүү болот. Ошентип, ат атоочтор предметти же бир жакты (кишини), предметтин белгисин, санын түз атап көрсөтпөстөн, кандайдыр кыйыр түрдө көрсөтөт. Ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн түзүлбөйт. Бул—ат атоочтун лексика-грамматикалык жагынан болгон негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бири.

Бирок тиешелүү мүчөлөрдүн жардамы менен ат атоочтордон башка сөз түркүмдөрүнүн жасалышы мүмкүн. Маани жактан ат атоочтор өз ара бир нече топко бөлүнөт (жактама, шилтеме, сурама ж. б.).

Сөздөрдүн лексикалык мааниси туруктуу болот. Тактоочтун лексикалык мааниси аны башка сөз түркүмдөрүнөн өзүнө таандык болгон бөтөнчөлүктөр менен айырмаланып турат. Тактоочтун семантикалык мааниси болуу менен бирге, анын морфологиялык белгилери да бар, анткени тактоочтор өзүнө таандык болгон сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу түзүлөт, жана морфологиялык жактан тактоочтор өзгөрбөй турган же жарым-жартылай өзгөртүүчү сөз түркүмдөрүнөн болуп эсептелет. Башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон синтаксистик критерий тактоочко да тиешелүү.

Синтаксистик жагынан тактооч, негизинен, сүйлөмдүн бышыктоочтук милдетин аткарат, бирок ал сын атоочтон кескин түрдө айырмаланып, сүйлөмдө аныктоочтук милдетти аткарбайт. Бул — тактоочтун синтаксистик жагынан болгон негизги бир бөтөнчөлүгү. Мисалы, *«Кеч келди»* сыяктуу тактооч менен этиштен турган айкалыштар тактооч үчүн мүнөздүү; ал эми *«кеч китеп»* деген сыяктуу тактооч менен зат атоочтон турган айкалыштар тактооч үчүн мүнөздүү эмес. Ырас, *«кечээ-жумушчу, бүгүн-инженер»* сыяктуу айкалыштар кезигет. Бирок булардын бөтөнчөлүктөрү бар. *«Мүмкүн», «сөзсүз»* деген сыяктуу сөздөр тактооч да, модалдуу сөз да болуп колдонулат. Тактоочтор маани жактан ар түрдүү (мезгил, орун ж. б.).

Тактоочтордун өздөрүнө гана таандык болгон сөз түзүүчү мүчөлөрү (*-ча, -лата, -лай* ж. б.) бар.

Морфологиялык ыктан тышкары, тактоочтордун синтаксистик ык менен сөз түзүлүшүндө да бөтөнчөлүктөр бар. Тактоочтордун даражалары менен сын атоочтун даражаларынын арасында да маани жактан айырмачылыктар орун алат. Эгерде сын атоочтун даражалары заттын сапатын, белгисин ажыратуу үчүн колдонулса, тактоочтун даражалары кыймыл-аракеттин белгилерин ажыратуу үчүн колдонулат.

Сөз түркүмдөрүнүн ичинен зат атооч менен этиш сөздөр тилде кеңири орунду ээлейт. Мына ошондуктан этиш сөздөр тилдеги ири грамматикалык категориялардан болуп эсептелет. Ал лексикалык мааниси жагынан да, морфологиялык түзүлүшү жагынан да, синтаксистик кызматы жагынан да башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, калыпташкан негизги сөз түркүмдөрүнүн бири.

Зат атооч жалпы жонунан заттардын атын билдирет деген сыяктуу, этиш жалпы заттардын кыймыл-аракетин билдирет деп, этиштин лексикалык мааниси жөнүндө жалпылап айтуу традициясы бар.

Ырас, мына ошондой жалпылап айтканда, лексикалык

мааниси жагынан этиш сөздөр кыймыл-аракетти *(ал окуп жатат)*, ал-абалды *(ал уктап жатат)* билдирет.

Бирок чындыгында этиш сөздөр лексикалык мааниге эң эле бай, алардын лексикалык мааниси айтылып жүргөн «кыймыл-аракет», «ал-абал» деген түшүнүктөр менен чектелбейт. Ошондуктан бул түшүнүктөрдү кеңири мааниде, этиш сөздөрдүн жалпы эле процессти билдирүү маанисинде кароо керек. Лексикалык мааниси, морфологиялык түзүлүшү, синтаксистик кызматы жагынан болгон бөтөнчөлүктөргө карата этиш сөздөр атооч сөздөр менен антитеза (карама-каршы) түрүндө каралат. Этиш сөздөр грамматикалык жактан атооч сөздөрдөн өзүнө таандык терс түрүнүн *(жаз-жазба)* болушу менен айырмаланат. Башка сөз түркүмдөрүнө караганда этиш сөздөр сүйлөмдөрдү түзүүдө айрыкча мааниге ээ болот. Бир жагынан, этиштин өзү ири грамматикалык категория болуп эсептелсе, экинчи жагынан анын ар түрдүү грамматикалык категориялары (чак, жак, ыңгай, мамиле) бар.

Таза этиштерден башка, этиштердин тобуна атоочтуктар *(жазган)* менен чакчылдар *(жазып)* кирет. Ошону менен бирге этиштер менен атоочтордун аралыгындагы этиштик атооктор *(жазуу)* бар. Этиштен этиш жасоо же башка сөз түркүмдөрүнөн этиш жасоо жолдору этиш категориясынын өзүнө гана мүнөздүү касиети болуп саналат.

Кызматчы сөздөр менен негизги сөздөрдүн табияты бирдей эмес. Кызматчы сөздөрдүн тобуна байламталар, жандоочтор, бөлүкчөлөр кирет.

Байламталар—сөздөрдүн, сөз тизмектеринин жана сүйлөмдөрдүн арасын байланыштыруу үчүн колдонулуучу, өзүнчө лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөр. Алар, башка кызматчы сөздөр сыяктуу, өзүнчө жеке колдонулбайт. Бирок колдонулган байламталарга карата сүйлөмдөгү ойдун кырдаалы ар башка болушу мүмкүн. Бул жагынан байламталар татаал сүйлөмдө тең байланыштык жана багынычтуу байланыштык мамилелерди билдирет.

Түзүлүшү жагынан жөнөкөй жана татаал байламталар болуп бөлүнөт.

Кызматчы сөздөрдүн башка түрлөрү сыяктуу, жандоочтор да өзүнчө лексикалык мааниге ээ эмес, ошондуктан алар өзүнчө жеке колдонулбайт. Жандоочтор лексика-грамматикалык мааниге ээ сөздөр менен бирге колдонуу аркылуу жөндөмөлөрдүн синтаксистик кызматын толуктоо, тактоо жолу менен ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирет. Жандоочтор өзүнөн мурда колдонулган сөздүн тиешелүү жөндөмөдө турушун талап кылат. Бул жагынан алар башкарып турган сөздөр менен бирдикте гана лексикалык единица катарында ка-

ралат. Жандоочтор синтаксистик мамилени билдирүүдө мезгил, мейкин *(чейин, дейре)* максат, себеп *(үчүн)*, салыштыруу, окшоштуруу *(жараша, кэрө)* жана башка ар түрдүү мааниде колдонулат. Жандоочтор тактооч *(кийин, мурун)* жана этиш менен *(көздөй, карата)* карым-катышта болушат.

Жандоочтор сан жагынан анчалык көп болбогон менен, тилде кеңири колдонулат.

Бөлүкчөлөр жана модалдуу сөздөр лексикалык мааниге ээ болгон сөздөрдү жандап айтылат да, айтылуучу ойдун кырдаалын кубаттайт, бышыктайт, тактайт, чектейт, божомолдойт жана башка жактарынан кошумча түрдөгү модалдуулук менен берүүнү билдирет. Функционалдык жагынан бөлүкчөлөр бирдей эмес, алардын кээ бирлери сөз мүчөлөрүнө жакын *(-чы, -бы)*, кайсы бирлери тактоочко жакын *(эң, өтө)*. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн маанисине көңүл буралы.

1. Асан барсын. Асан *эле* барсын.
2. Сен бар. Сен *барчы*.
3. Сиздер жакшы иштединиздер. Биз *эң* жакшы иштедик.
4. Март келди. Март келген *го*.

Албетте, мүмкүн, балким, тийиш, кажет, ырас, бар, жок, экен, дейт, керек жана ушул сыяктуу бир топ сөздөр бар. Бул сөздөр модалдуу сөздөр болуп аталып жүрөт. Модалдуу сөздөр сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирет, атап айтканда, модалдуу сөздөр аркылуу сүйлөмдөгү айтылган пикирге карата кишинин мамилеси же көз карашы көрсөтүлөт.

Модалдуу сөздөр негизги сөздөр сыяктуу заттын атын, сын-сыпатын, санын, кыймыл-аракетин сыяктуу түшүнүктөрдү билдирбейт. Кызматчы сөздөргө салыштыра караганда модалдуу сөздөр — көп учурда өзүнчө мааниге ээ боло ала турган сөздөр *(бар, жок, ырас, кажет* ж. б.).

Ошентип, лексикалык мааниси жагынан булар негизги сөздөргө да, кызматчы сөздөргө жатпайт.

Модалдуу сөздөр синтаксистик жагынан көбүнчө киринди сөз катарында же составдуу баяндоочтун бөлүгү катарында кезигет: *Албетте,* китепти көп окуу керек. Иш өз убагында аткарылууга *тийиш*. Ал бүгүн келген *жок*. Модалдуу сөздөр форма жагынан бирдей эмес, ар түрдүү: алардын кээ бирлери сөз мүчөлөрү менен өзгөрөт (бар-барын, *керек-керегинче*), кээ бирлери өзгөрбөйт (*албетте, балким*).

Модалдуулук мааниде айтылуучу ойдун кырдаалына карата этиш сөздөр да, бөлүкчөлөр да колдонулат. Бирок ал жалпы эле модалдуулукка тиешелүү маселе.

Сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн өздөрүнө гана таандык болгон бөтөнчөлүктөрү бар.

Сырдык сөздөр мааниси жагынан адамдардын эмоционалдык сезимдерин (өкүнүү, кайгыруу, чочуу, жактырбоо, кубаттоо ж. б.) билдирет.

Маани жактан жандуу жана жансыз заттардын табышын туурроо аркылуу чыккан сөздөр тууранды сөздөргө жатат. Алар маани жактан өз ара *табыш тууранды* сөздөр жана *элестүү сөздөр* болуп бөлүнөт.

ЗАТ АТООЧ

Зат атооч жөнүндө түшүнүк

Зат атоочтор заттардын жана жалпы эле заттык маанидеги түшүнүктөрдүн атын билдирет. Зат атоочтордун бере турган маанилери өтө бай. Алар жаратылыштагы көрүнүштөрдүн (*чагылган, шамал, өрт*), конкреттүү заттардын (*бала, эне, казан, элек, көгүчкөн, түлкү, токой, суу*) жана коомдук турмуштагы көрүнүштөрдүн (*революция, социализм*) аттарын билдирет. Ошондой эле абстракттуу түшүнүктөрдү (*кыял, даңк, береке, жыт*), абстракттуу маанидеги сапаттык, кыймылдык түшүнүктөрдү атап көрсөтөт (*жаңылык, каармандык, кайраттуулук, күрөш, окуу*).

Сулуулук, жаңылык, көркөмдүк, жакшылык, жана *жарыш, уруш, козголоң, оруу-жыйуу, айланпа, агым* деген сыяктуу зат атоочтор морфологиялык жол менен сын атоочтордон жана этиш сөздөрдөн жасалгандыктан, алар билдирген заттык маанинин ичинде сапаттык жана кыймыл-аракеттик маанинин да аздыр-көптүр үлүшү бар экендиги ачык көрүнүп турат. Бирок бул өндүү сапаттык, кыймылдык маанини да кошо чагылдырган зат атоочторду сын атооч менен этиш сөздөрдөн ажырата билүү керек. Алардын ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар: сын атоочтор кандайдыр бир затка тиешелүү болгон сапатты, белгини билдирет. Мисалы: *жаман* үй, *караңгы көчө, кооз туш кийиз*. Зат атоочтор болсо мындай сапатты белгилүү бир зат менен байланыштуу көрсөтпөстөн, сапаттык белгинин өзүн зат катары атап көрсөтөт: *жамандык, караңгылык, кооздук, тазалык*. Ошондой эле, этиш сөз билдирген кыймыл-аракет дайыма белгилүү бир мезгил, убакыт менен жана ал кыймылды аткаруучу жак менен байланыштуу айтылат: *Биз* окуу жылын ийгиликтүү *аяктадык. Султан* адабият кружогуна *катышып жүрөт. Пионерлер* эртең экскурсияга *чыгышат*. Зат атоочтор болсо бул сыяктуу кыймылды абстракттуу түрдө, аткаруучу субъект жана убакыт (чак) менен байланышсыз, алардан тышкары көрсөтөт: *учуш, жүрүш, дүрбөлөң, азгырма, басма.*

Бул сыяктуу сапаттык, кыймылдык түшүнүктөрдү атап көрсөтүүчү сөздөр заттык мааниде болгондуктан, алар менен ар түрдүү маанидеги сын атоочтор, атоочтуктар байланышып айтыла берет: *Зор кайраттуулук* керек. *Чоң жакшылык* кылды. *Тунжураган караңгылык* каптады. Сүйлөм ичинде, башка маанидеги зат атоочтор сыяктуу эле, ээлик, толуктоочтук милдетти аткара беришет: Революцияга чейин кыргыз жергесинде *караңгылык* өкүм сүргөн. *Тазалыкты* сактагыла. *Учушту* уланта бердик.

Зат атоочторго *ким? эмне?* деген суроолор берилет. *Ким?* деген суроо адамга, адам менен байланыштуу сөздөргө (кесипчиликти көрсөтүүчү сөздөргө) берилет; *эмне?* деген суроо адамдан башка бардык жандуу, жансыз заттарга берилет. Айрым учурларда *эмне?* деген суроо адамга да берилип калат:

Ал жигит *эмнең?* — *Иним.* Салый *эмне* төрөдү?
— *Кыз.*

Синтаксистик функциясы жагынан зат атоочтор негизинен ээлик, толуктоочтук милдетти аткарышат: *Токтогул* далайга чейин козголбой турду (А. Токомбаев). *Койчу* элендеп *тоону* карады (С. Сасыкбаев). *Туткундарды* айдап келип калышты (К. Жантөшев). Уялбай *нандан* тоё же, *сүттөн* ич! (К. Бектенов). Ушуну менен бирге, зат атоочтор аныктоочтук, бышыктоочтук, баяндоочтук милдетти да аткара берет: Ал *темир* дарбазаны ачты. Сен акылдуу, билимдүү *жигитсиң* (К. Каимов). Мен азыр *мектепке* барамын (К. Баялинов).

Зат атоочко төмөнкүдөй грамматикалык категориялар мүнөздүү: *сан категориясы, таандык категориясы, жөндөмөлөр категориясы.* Өзүнчө сөз жасоочу каражаттарга ээ: сөз жасоочу мүчөлөр жана сөздөрдү кошуп айтуу жолу.

Кыргыз тилиндеги зат атоочтор орус тилиндегидей род категориясына жана ал категорияны билдирүүчү грамматикалык белгилерге ээ эмес. Бирок сөздөрдүн айрым катмарлары мааниси боюнча эркекти, же аялды, эркек жаныбарды, же ургаачы жаныбарды билдирип турушат: 1) Көпчүлүк зат атоочтор лексика-семантикалык жагынан эле заттардын кайсы жыныска таандык экендигин билдиришет: *эркек-аял, ургаачы, ата-эне, апа, ага-эже, ини-сиңди, уул-кыз, балдыз, жеңе, чал-кемпир; бука-уй, кочкор-кой, теке-эчки, кооз-мекиян, буура-иңген, айгыр-бээ, кунан-байтал, борук, канчык* ж. б. 2) Жыныстык айырмачылыкты билдирүүчү айрым сөздөр экинчи бир сөз менен айкашып айтылып, ал заттын кайсы жыныска тиешелүүлүгүн көрсөтөт: *кайни* (кайын ини) — *кайын сиңди, кайын ата — кайын эне, кайын ага — кайын эже, ургаачы ит, ургаачы музоо* ж. б.

3) Совет доорунда кыргыз тилине орус тилинен айрым сөздөр роддук маанини билдирүүчү мүчөсү менен кошо оошуп киргендиги белгилүү. Ошондуктан андай сөздөрдүн кайсы родго тиешелүү экендиги ошол аягындагы мүчөдөн белгилүү болуп турат: *акушерка, артистка, комсомолка, машинистка, лаборантка, студентка* ж. б. Ошондой эле, азыр кыргыз тилинде да эркектин, же аялдын фамилиясы аягындагы -ов, -ова, -ев, -ева мүчөлөрү аркылуу билинип турат: *Султанова, Керимбаев* ж. б.

Зат атоочтун бере турган мааниси өтө бай жана ар түркүн: Адамдын аттарын, фамилиясын билдирет: *Айша, Эрмек, Кенжеев, Кубаныч, Сайра, Осмон, Султан.*

Айбандардын, канаттуулардын, ар түрдүү жаныбарлардын аттарын билдирет: *аюу, тоок, балык, аркар, пил, мышык, көгүчкөн, элик.*

Адамдын, айбандардын, курт-кумурскалардын дене мүчөлөрүнүн аттарын билдирет: *кол, бут, баш, чач, арка, жамбаш, канат, туяк, тумшук, мүйүз.*

Ар түрдүү өсүмдүктөрдүн, жемиштердин, жашылчалардын аттарын билдирет: *сулуу, таруу, жүгөрү, кызылча, пахта, арпа, буудай, алма, эрүк, алча, коон, дарбыз, жүзүм, капуста.*

Буюмдардын, ар түрдүү куралдардын аттарын билдирет: *өтүк, пальто, стол, жууркан, сандык, балта, кылыч, соко, трактор, комбайн, мылтык, керки, жаздык, машина, найза.*

Ар түрдүү заттардын аттарын билдирет: *алтын, күмүш, май, сүт, кум, айнек, болот, темир.*

Мезгилди атап көрсөтөт: *жаз, жай, күз, кыш, түш, жума, түн.*

Географиялык жана астрономиялык аттарды билдирет: *Нарын, Чүй, тоо, деңиз, көл, ойдуң, Күн, Жер, Ай, Үркөр, Чолпон, Жетиген.*

Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү билдирет: *бороон, шамал, жамгыр, кар, мөндүр, чагылган, куюн.*

Коомдук көрүнүштөрдү, окуяларды, мекеме, уюмдарды билдирет: *колхоз, совхоз, парад, революция, демонстрация, пединститут, айыл чарба министерствосу.*

Коомдук-саясий иштерди, илимдин аттарын билдирет: *чогулуш, кеңешме, конференция, съезд, марксизм-ленинизм, физика, тарых, биология, математика, химия, адабият.*

Сапатты, белгини, ар кандай сезимди зат катары атап көрсөтөт: *жакшылык, жамандык, сулуулук, тазалык, жалкоолук, сүйүнүч, өкүнүч, кубаныч.*

Кыймыл-аракетти атап көрсөтөт: *жүрүш, күрөш, согуш, басым, секириш, көтөрүлүш.*

Абстракттуу түшүнүктөрдү билдирет: *уйку, ой, кыял, оору, азап, муң, кайгы, мүнөз, ырыс, ырым.*

Зат атоочтор морфологиялык составына карай тубаса зат, туунду зат болуп бөлүнөт.

Тубаса зат атоочторго түзүлүшү жагынан морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон түп зат атоочтор кирет: *тоо, таш, суу, сөз, ат, жел, кум, киши, кол, көз, чака.*

Туунду заттарга сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы аркылуу, же синтаксистик жол менен тубаса заттардан жасалган зат атоочтор кирет: *жумушчу, кызматкер, кескич, чалгы, басма, чыгым, эгин, куурдак, жакшылык, ала карга, кол кап, күн карама, сары май.*

Зат атоочтор составына карай жөнөкөй жана татаал зат болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй заттар бир гана сөздөн туруп, өзүнчө маанини берет: *ата, эт, май, чөп, каз, өрдөк, көмүр, чака, койчу, жылкычы, тердик, соку, милиционер.*

Татаал заттар эки, же андан артык сөздөрдүн өз ара айкашынан түзүлүп, лексикалык бир түшүнүктү билдирет. Татаал зат атоочтор бириккен түрдө, кош жана кошмок түрдө, кыскартылган түрдө кездешет: *бүгүн, бүрсүгүнү, быйыл; жел боо, баш сөз, жем баштык, бака жалбырак, Осмонаалы, Осмонкул, төө куш, кум шекер, беш жылдык, бет аарчы, кара май; аң-сезим, чыр-чатак, ата-эне, келим-кетим, бала-бакыра, этмет, кир-кок, колхоз, совхоз, МТС, БК, Кыргызмамбас, райпо, райзо, СССР.*

Зат атоочтун лексика-грамматикалык тобу

Зат атоочтор маанисине жана айрым грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай *энчилүү* жана *жалпы аттар, жамдоо маанисиндеги* (собирательные) *заттар, буюмдук* (вещественные) *зат атоочтор, конкреттүү маанидеги зат атоочтор, абстракттуу* (жалпы) *маанидеги зат атоочтор* болуп бөлүнөт.

Кыргыз тилиндеги зат атоочтор да маанисине карай эки чоң топко бөлүнөт: *жалпы аттар* жана *энчилүү аттар.*

Жалпы аттарга бир түрдүү, бири-бирине окшош заттарга, кубулуштарга, жан-жаныбарларга жалпылана коюлган аттар кирет: *жылкы, үй, бак, бала, мектеп, табак, жаздык, чыны, күрөш, кубаныч, сезим, көл, дарыя* ж. б.

Энчилүү аттарга жеке адамдардын, буюмдардын, жаратылыштагы көрүнүштөрдүн ар биринин керт башына энчилеп берилген аттар кирет. Энчилүү аттар бир затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалап, бөлүп көрсөтөт: *Айша, Нарын суусу, Фрунзе шаары, Алтын казык, Кумайык.* Зат атоочтордун басымдуу бөлүгү жалпы аттарга кирет да, энчилүү аттар ага караганда сан жагынан азыраак келет.

Энчилүү аттарга төмөнкүлөр кирет:

1. Адамдардын аттары, фамилиясы, атасынын аттары, өзүнүн чыныгы атынан башка коюлган ат (прозвище), жашыруун аттар (псевдоним) кирет. Адамдын аттары жалпы аттардан, же сын атооч, сан атоочтордон, же болбосо ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн айкаштарынан жасалат: *Темир, Жибек, Ширин, Алтымыш, Чолпон, Балтабай, Айнур, Айсулуу, Темирбек, Бердибай, Токтобүбү, Жаңыбай, Миңбай, Түнкатар, Таабалды, Абдракман, Аалы, Отунчу, Токтосун, Турду, Тоголок Молдо, Балык Ооз, Балка* (Аалы Токомбаев).

2. Айбандарга, жаныбарларга коюлган аттар кирет. Булар да жалпы аттардан жана башка сөз түркүмдөрүнөн, сөздөрдүн айкалыштарынан түзүлөт: *Жолборс, Каракулак, Бөрүбасар, Учар, Карала, Короочу, Чалкуйрук, Телтору, Аккула, Тайбуурул, Койкүрөң.*

3. Географиялык энчилүү аттар (тоо, суу, көл, жер, шаар район, колхоз, совхоз, каналдардын ж. б. аттары) кирет: *Сары-Челек, Чатыр-Көл, Соң-Көл, Чүй суусу, Нарын суусу, Тянь-Шань тоолору, Суусамыр, Кегети, Алай, Токмок, Ош, Ак-Талаа району, «Кеңеш» колхозу, Чүй каналы.*

4. Астрономиялык аттар: *Чолпон, Үркөр, Жетиген, Алтын казык, Ай, Күн, Жер, Марс.*

5. Китеп, газета, журналдардын аттары: «*Саманчы жолу*», «*Зайыптар*», «*Ленинчил жаш*», «*Советтик Кыргызстан*», «*Чалкан*», «*Кыргызстан аялдары*», «*Жаш ленинчи*».

6. Тарыхый окуялардын, мамлекеттин, мекеменин, пароходдун, орден, медалдардын аттары: *Ата Мекендик согуш, Монгол Эл Республикасы, Кыргыз ССР агартуу министерствосу, «Киргизия» пароходу, «Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы.*

Энчилүү ат менен жалпы ат бири-бири менен тыгыз байланыштуу: Эгерде жалпы атты бир нерсенин керт башына энчиленип коюлган ат катары пайдалансак, ал энчилүү атка айланат: *Алтын, Жибек, Темир, Анар, Жылкычы, Кеңеш, Жеңиш, Тилек.* Тескерисинче, айрым энчилүү аттар бир түрдүү заттарды жалпылап атоо үчүн колдонулганда, жалпы атка өтүп кеткен: *френч, рентген, браунинг, катюша, ом, боткин, ампер* ж. б.

Минтип жалпы аттар жаңыдан энчилүү аттын маанисинде колдонулганда да, тескерисинче, энчилүү аттар жалпы аттык

мааниде колдонулганда да, алар, өзүлөрүнүн алгачкы маанисин да (жалпы жана энчилүү аттык маанисин) сактап калышат; натыйжада тилде омонимдер пайда болот: *теңдик—Теңдик, салтанат—Салтанат, жолдош—Жолдош, Ампер—ампер, Ом—ом* ж. б.

Энчилүү ат менен жалпы ат бири-биринен мааниси жагынан гана айырмаланбастан, айрым грамматикалык касиеттери боюнча да айырмаланышат. Мисалы, жалпы аттар жекелик түрдө да, көптүк түрдө да айтыла берсе *(кой-койлор, жылкы-жылкылар, мектеп-мектептер)*, энчилүү аттар жекелик түрдө гана айтылат, көптүк түрдө айтылбайт *(Нарын, Талас, Токмок, Салый, Султан)*. Бирок буга карап эле энчилүү аттарга көптүк мүчө таптакыр жалганбайт деп эсептөөгө болбойт.. Кээде адамдын атына *-лар* мүчөсү уланып айтыла берет. Мындай учурда алар көптүк маани менен бирге жалпылоо маанисин да берет.

Мисалы: Дүгдүйүп, *Саадаттарга* кыр көрсөтүп, *Касейиндердин* зоболосун көтөрду (Т. Сыдыкбеков). *Айшалар* Москвадан эртең келишет. Бул сүйлөмдөрдөгү «Саадаттар», «Касейиндер», «Айшалар» деген зат атоочтор Саадат, Касейин, Айшаны гана эмес, алар менен бирге жүргөндөрдү да ичине камтып, жалпылап көрсөтүп турат.

Жазуу речинде жалпы ат кичине тамга менен жазылат да, энчилүү аттар дайыма баш тамга менен жазылат: *жалбырак, бутак, сабиз; Бүбүсайра, Учар, «Кыргызстан маданияты», Ош пединституту.*

Жамдоо маанисиндеги (собирателные) зат атоочтор

Жалпы аттардын ичинен айрымдарын маанисине жана кээ бир грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай жамдоо маанисиндеги (собирательные) зат атоочтор деп, өзүнчө бир топко бөлүп кароого болот.

Жамдоо маанисиндеги зат атоочтор мааниси жагынан көп сандаган бирдей заттарды бир бүтүнгө чогултуп, бириктирип көрсөтөт. Алар көптүк *-лар* мүчөсүз туруп эле, көп буюмдар тууралу түшүнүк берет. Көптүк маанини билдириши жагынан алар көптүк формадагы (*-лар*) зат атоочторго окшош келет. Бирок берген маанилери жагынан бири-биринен айырмаланышат: зат атоочтун көптүк түрү санап айтууга мүмкүн болгон, ар бири бири-биринен ажырап, бөлөк-бөлөк турган заттарды билдирсе (балдар, уйлар, койлор, шаарлар), жамдоо маанисиндеги зат атоочтор ошондой көп затты бирдиктүү бир бүтүнгө, бирдиктүү бир топко бириктирип көрсөтөт: *мал, мүлк, эл, адамзат* ж. б.

Грамматикалык жагынан жамдоо маанисиндеги зат атоочтор көбүнчө жекелик түрдө айтылат; ошондой эле эсептик сан атооч менен айкашып, саналып айтылуу да алар үчүн анчалык мүнөздүү эмес (*беш калк, төрт дүнүйө* эмес). Бирок сан-өлчөм маанисиндеги сөздөр менен айкаша алат: *Көп эл* чогулду. *Бир топ дүнүйөсү* бар.

Жамдоо маанисиндеги зат атоочторго *эл, калк, мал, мүлк, дүнүйө, кол (аскер), адамзат, айбанат, журт, эл-журт, иш-аяк, курт-кумурска, курбу-курдаш, жолдош-жоро, чай-пай, келин-кесек, кыз-кыркын, жан-жаныбар деген сыяктуу жалпылама* маанидеги сөздөр кирет.

Жамдоо маанисиндеги зат атоочтордун айрымдарына кээде көптүк *-лар* мүчөсү уланып келе берет. Мындай учурда алар жамдоо маанисиндеги бир канча заттарды билдирет, же андай заттардын бир нече түрүн көрсөтөт: *дүйнө жүзүндөгү элдер; айбанаттар, иш-аяктар.*

Буюмдук (вещественные) зат атоочтор

Буюмдук (вещественные) зат атоочтор ички түзүлүшү, составы жагынан бир өлчөй келген затты билдирет. Аларды айрым бөлүкчөлөргө бөлүүгө болот, жана ал бөлүктөрү ал заттын бүтүн түрү кандай касиетке, сапатка ээ болсо, ошондой эле касиетке ээ болот, ошондой эле аталат. Буюмдук заттар саналып айтылбайт *(эки* алтын, *беш жез,* ...деп айтылбайт), бирок өлчөнөт *(он грамм* алтын, *эки тонна* азот).

Буюмдук заттарга кендердин, химиялык элементтердин, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, жашылчалардын, жемиштердин, материалдардын, дары-дармектин аттары кирет: *алтын, күмүш, темир, жез, азот, кислород, кум, айнек, жибек, сукно, сүт, каймак, туз, быштак, кант, пирамидон, кодеин, цемент, акиташ, саман* ж. б.

Грамматикалык жагынан буюмдук зат атоочтор жекелик түрдө гана айтылат, жана саналып айтылбаган себептүү эсептик сан атооч менен айкаша албайт. Кээде буюмдук заттардын айрымдарына көптүк *-лар* мүчөсү жалгана берет. Мындай учурда алар заттын көптүгүн көрсөтүү менен бирге, алардын ар кандай түрлөрүн, сортун, же ар кайсы жерден орун алгандыгын билдирет: *майлар* (ар түрдүү майлар: уйдун, койдун, пахтанын ж. б. майлары), *нандар* (ар кандай түрлөрү). Өзөн-өзөн аккан *суулар,* аны бойлоп өскөн кайың менен тал жыш экен (С. Каралаев). Тоо башындагы *карлар* кете элек.

Морфологиялык түзүлүшү жагынан буюмдук заттар тубаса зат атоочторго кирет.

Конкреттүү жана абстракттуу маанидеги зат атоочтор

Конкреттүү маанидеги зат атоочтор өзүнчө жеке-жеке турган конкреттүү буюмдарды, заттарды билдирет. Алар жекелик, көптүк санда жана сан атооч менен айкашып, саналып да айтыла берет: *китеп, китептер, үч китеп, кой, койлор, жүз кой, чыны, чынылар, жыйырма чыны.*

Абстракттуу маанидеги зат атоочтор жалпыланган түшүнүктөрдү, заттык маанидеги сапаттык, кыймылдык түшүнүктөрдүн атын билдирет.

Грамматикалык жагынан абстракттуу маанидеги зат атоочтор сан боюнча өзгөрбөйт, негизинен жекелик түрдө айтылат. Сан атоочтор менен айкаша албайт. Кээде айрым зат атоочтордун абстракттуу мааниси аздыр-көптүр конкреттешкенде гана алардын айрымдарына көптүк *-лар* мүчөсү уланып, же сандык маанидеги сөздөр аныктооч катары айкашып айтылышы мүмкүн: *Көп азаптарды* баштан өткөрдү. *Көп адамгерчилик* кылды. *Көп жаңылыктар* болуп өттү.

Абстракттуу зат атоочторго төмөнкүдөй сөздөр кирет: *даңк, акыл, азап, бакыт, сезим, ой, кыял, уйку, таасир, каармандык, тазалык, сулуулук, жалкоолук, сүйүнүч, таарыныч, адамгерчилик, адилетсиздик, жакшылык, жамандык, көркөмдүк, жаңылык, караңгычылык* ж. б.

Зат атоочтордун жасалышы

Зат атоочтор сөз жасоонун бардык ыкмаларынын жардамы менен жасала берет. Алардын ичинде зат атоочтун жасалышында морфологиялык ыкма орчундуу орунду ээлейт.

Зат атоочко бир кыйла сөз жасоочу мүчөлөр мүнөздүү. Алар бир зат атоочтон экинчи зат атооч сөздү же башка сөз түркүмүндө турган сөздөн зат атоочту жасайт.

ЗАТ АТООЧТОРДОН ЖАНА БАШКА АТООЧ СӨЗДӨРДӨН ЗАТ АТООЧ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

-чы. Бул мүчө негизинен, кесипти, курал-жабдыктын, чарба тармактарынын атын билдирген зат атоочторго уланып, аларды иштетүүчү кесипчилердин жалпы атын билдирүүчү (адамдардын кесибин билдирүүчү) зат атоочтор жасалат: *малчы, койчу, өтүкчү, тегирменчи, окуучу, дүкөнчү, касапчы, пахтачы, кызылчачы, кыркмачы, чалгычы* ж. б.

Бул мүчө ар кандай маанидеги жансыз заттардын жана кубулуштардын атын билдирүүчү сөздөрдүн составынан да кездешет: тушакчы (мылтыктын бир бөлүгүнүн аты), *упчу* («бүчү» «боолук» маанисиндеги сөз), *камчы, кайчы, топчу* ж. б.; кээ бир айбандардын өзгөчөлүгүн билдирүүчү сөздөрдүн составынан да учурайт: *жойчу* ит; «чычкан—*жойчу*, түлкү—*уучу*» (лакап).

-чы азыркы кыргыз тилинде өнүмдүү мүчө болгондугуна карабай, ал кээ бир сөздөрдүн унгуларынын ажырагыс составдык бөлүгүнө айланып калган учурлар да жок эмес, бирок алардын унгуларынын алгачкы маанилери ошол эле унгулардын башка мүчөлөр менен айкалышып кезигишинен жана башка түрк тилдеринин фактылары менен далилденет. Жогоруда келтирилген «жойчу» деген сөздүн алгачкы унгусу *жой* болгондугу *жойло, жойлоо* деген туунду сөздөр менен салыштыруудан көрүнүп турат (салыштыр: байыркы түрк тилдериндеги *йор* — азыркы кыргыз тилиндеги «жүр» маанисиндеги сөз. Мында *й//р* тыбыштарынын өз ара туура келиши жана жогорудагы *жой, йор* жана *жүр* деген сөздөрдөгү маанилик жакындык бул унгу этиштерди тек жагынан жакындаштырууга мүмкүндүк берет.

Упчу деген сөздүн алгачкы унгусун табуу үчүн аны да башка тектеш тилдердин фактылары менен салыштыруу керек: Махмуд Кашгарскийдин сөздүгүндө *оп* же *уп*—«ичүү»; ал эми кыргыз тилинде *оп тартуу* («соруу» маанисинде) деген сөздүн башка түрк тилдери үчүн да мүнөздүү экендигин эсепке алсак, *«упчу»* деген сөздүн алгачкы унгусу *-оп//-уп* болгондугун далилдөөгө болот.

«Каракчы» деген сөздүн негизи *«карак»: каректап* алуу, *карактоо;* башкыртча *«карак»* — «разбойник» («каракчы» маанисинде). Бул мисалдар *-чынын* алгачкы мезгилдерде жалаң гана атоочтор эмес, этиш сөздөрдөн да зат атоочторду жасагандыгын мүнөздөйт.

-чы мүчөсү кесипке байланыштуу конкреттүү заттардын атын билдирген сөздөрдүн составынан да учурайт: *эпчи (боз үйдүн эпчи жагы* — оң жагы, же аялдарга тиешелүү идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу жагы); байыркы орхон-енисей эстеликтеринде *эб*-«үй», азыркы алтай тилинде *абакай* — «аял» маанисинде. Кыргыз тилиндеги *«абысын»* деген сөздүн да алгачкы унгусун ушул «эпчи» деген сөздүн унгусу менен жакындаштырып салыштырууга болот;

Аначы: (эчки өзү тууй албай жатып, койго *аначы* киргизтир (лакап).

эмчи-домчу. Унгусу—эм-дом (салыштырыңыз: монгол тилдеринде *дом*—дары, ооруну айыктыруучу арга, ырым-жырым;

домчу — «дарыгер»; кыргызча; *эм-дом кылуу, эми түшүү, эмдөө; -чы* мүчөсүн *энчи, акчы* (*«акчыланып* ыйлап жиберди») *кааруучу* (оорунун аты), *жылымчы* (жыт), *мыкачы, белимчи* сыяктуу азыр морфемаларга жиктелбей турган, бирок тарыхий туунду сөздөрдүн составынан да учуратабыз.

Демек, *-чы* мүчөсү атооч жана этиштен атоочко айланган сөздөргө деле жалганып, жалаң гана кесипти билдирүүчү сөздөрдү жасабастан, өз мезгилинде жансыз заттардын, буюмдардын *(белдемчи, упчу)* жалпы абстракттуу маанидеги заттардын атын *(энчи)* билдирүүчү сөздөрдү жасоого да катышкан.

Бул мүчө адамдардын бир жерге тиешелүү экендигин билдирүүчү сөздөрдө да учурайт. Бул жагынан анын функциясы *-лык* мүчөсүнө окшойт: *жатакчы* (мурунку убакта жайлоого чыгууга мүмкүнчүлүгү жок кедейлер «жатакчы» деп аталган).

Кыргыз тилинде *-чынын* фонетикалык составынын андан ары да кыскарып, *-ч* түрүнө өткөндүгүн сейрек фактылардан учуратабыз: *бооч (оймок бооч, бармак бооч, казык бооч, көз бооч).*

Азыркы эл чарбачылыгынын айрым тармактары жаңы техникалык куралдар менен жабдылгандыгына, адамдардын жаңы кесиптерди өздөштүрүшүнө байланыштуу *-чы* мүчөсүнүн колдонулуу масштабы кеңейип, тилибизде *экскаваторчу, трактор-чу, моторчу, паровозчу, тепловозчу, электровозчу* сыяктуу сөздөр пайда болду.

-лык. Абстракттуу маанидеги зат жана сын атоочторду жасоочу, колдонуу масштабы өтө кеңири мүчө: *балалык, жаштык, көркөмдүк, баалуулук, жылуулук, сулуулук, кооздук* ж. б.

Бул мүчө жалаң гана абстракттуу маанидеги сөздөрдүн составында учурабастан, кээ бир конкреттүү заттык маанике өтүп кеткен сөздөрдүн составында, айрым учурда алардын уңгулары менен ажыралгыс бирдикте болуп калганы да байкалат: *жоолук, боолук, тердик, белдик, аркалык, баштык, суулук, күлтүк, түндүк, туурдук, туштук, жастык, ыштык, эндик, оозду к, кездик, ойдук* («жамаачы»), *төштүк* «темирден жасалган чарайна»), *мурунтук, көрүндүк, аштык.* Бул мисалдардын басымдуу көпчүлүгүнөн *-лык* мүчөсүн ажыратсак, алардын уңгуларынын өздөрүнүн лексикалык маанисин сактап калышы анын өнүмдүү мүчөлөрдөн экендигин далилдейт. Келтирилген мисалдардын көпчүлүгүндө *-лык* уңгуга түздөн-түз жалганып, конкреттүү заттардын атын билдирген сөздөрдү жасайт. Алардын чанда бирөөлөрүнүн гана уңгулары азыркы кезде өзүнчө маанилерин жоготкон *(жоолук, күлтүк, туурдук* ж. б.)

-лыктын жардамы менен жасалган абстракттуу маанидеги сөздөр бир жерге, уюмга, агымга, көз карашка тиешелүүлүктү да билдирет. Бул мааниде көбүнчө сын атоочтук функцияда келет (*тоолук, комсомолдук, марксисттик, атеисттик* ж. б.).

Заттардын сапатын, өлчөмүн да билдирет (*кооздук, соолук, оордук, түштүк* («өлчөм» маанисинде), *күндүк* (жер), *кемтик, жантык, жалаңтык, күлүк.*

Заттардын сандык өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан жалпы жыйынтык маанисиндеги сөздөрдү да жасайт: *бешилик, бешилтик, үчүлүк, үчүлтүк; экилтик, бирилтик* (чүкө ойнунда).

Ал эми, ар кандай абстракттуу маанидеги атооч сөздөрдү жасоо *-лык* аффиксинин эң орчундуу өзгөчөлүктөрүнөн болуп эсептелет. Мындай сөздөрдүн кээ бирөөлөрү кошумча морфемалардын жардамысыз эле контекстке ылайык конкреттүү жана абстракттуу мааниге да ээ: *сыйлык, куугунтук, жыйынтык, аталык, аралык, ачкалык, шумдук.* Абстракттуу маанидеги айрым сөздөрдүн уңгулары же туунду негиздери *-лык* мүчөлөрүнүн айкалышынан түзүлгөн. Бул мүчө кесипти билдирүүчү жана абстракттуу маанидеги зат атоочторду жасайт: *талаачылык, дыйканчылык, мал чарбачылык, кишичилик, адамгерчилик, кыргызчылык, тууганчылык, кулчулук, караңгычылык.*

-лаш тыбыштык составы жагынан этиштик татаал *-ла+ш* мүчөсүнө окшошот. Бирок буларды бири-биринен ажыратып бөлөк кароо керек, анткени атоочтук *-лаш//-даш* мүчөсүн *-ла+ш* составдык компоненттерине ажыратканда, андай сөздөр аяккы «ш» элементсиз маани бере албайт: *карындаш, замандаш, жолдош, тилектеш, курдаш, санаалаш, уялаш* сыяктуу сөздөрдү карында, заманда, жолдо, тилекте, курда, санаала, уяла деп айтууга жарабайт. Ал эми этиштик *-лаш* мүчөсүн составдык бөлүктөргө ажыратсак, *-ш* мүчөсүз да этиш сөз маани бере берет *байла-ш, иште+ш, сыйла+ш* ж. б.

-ты уңгунун аягы үндүү, каткалаң же уяң үнсүздөр менен бүткөндүгүнө карабай, өзүнүн башкы каткалаң үнсүзүн өзгөртпөй, үндүүлөрү боюнча гана 4 вариантка өтүп өзгөрүүчү *(-ты//-ти, -ту//-тү)* мүчө. Кыргыз тилинде айрым гана топонимикалык (энчилүү географиялык) аттарды билдирүүчү сөздөрдөн учурайт: *Табылгыты, Күрмөнтү, Тегирменти, Кегети, Алматы, Чырпыкты, Шаты* ж. б. Бирок айрым учурларда бул мүчө *-лы, -ды* түрүндө да кезигет: *(Талды-Суу, Кайыңды, Жылгынды, Арчалы, Бүргөндү, Шилбили).* Составында *-ты* учураган бул сөздөр белгилүү жердин аттарын билдирет; *-ты* болсо ошол жердин сөздүн уңгусу билдирген өсүмдүктөргө мол, бай экенин же ал жердин өзгөчө бир белгисин билдирип, азыркы кыргыз тилиндеги сын атоочторду жасоочу өнүмдүү

-луу менен, башка түрк тилдериндеги *-ли* (башкырт, өзбек ж. б.; *-ты, -лы* казак ж. б. тилдеринде) мүчөлөрү менен маанилеш жана Орхон-Енисей эстеликтериндеги *-лы* мүчөсү менен тектеш.

Бул мүчөнүн эң байыркы мүчөлөрдүн бири экендигине дагы бир далил — аягы үндүү, жумшак, уяң же каткалаң үнсүз менен бүткөн сөздөргө жалганганына карабастан, башкы каткалаң *«т»* тыбышынын жумшарбагандыгы, анткени байыркы түрк тилдери үчүн ушундай өзгөчөлүк мүнөздүү болгондугу белгилүү. Азыркы кыргыз тилинде бул мүчө өнүмсүз жана анын жардамы менен жаңы сөздөр жасалбайт.

-чык. Бул мүчө атооч жана этиш сөздөргө жалганып, алардан көбүнчө кичирейтүү маанисиндеги зат атоочторду жасайт. Бирок жалпы мааниси кичирейтүү болгону менен, анын жардамы менен жасалган сөздөрдүн маанилеринде айырмалар да бар:

1) Кичирейтүү маанисиндеги сөздөр: *көлчүк* (ошондой эле мааниде *чалчык); капчык* (кичине кап); бирок бул сөз менен маанилеш *«капчык»* («капчыгы чыга тоюптур») деген сөздү чаташтырууга болбойт, анткени ал сөз *капшыт* деген сөз менен маанилеш жана анын семантикасында кичирейтүү мааниси жок.

2) *-чык* мүчөнүн жардамы менен кээ бир айбандардын аттарын билдирүүчү зат атоочтор жасалат (аларда кичирейтүү, эркелетүү оттеноктору бар): *чаарчык* (эликтин баласы), *боточук* (төөнүн ботосу), *чыйырчык (кара чыйырчык, ала чыйырчык).* Булардын узгусу бул канаттуулардын чыгарган добуштарына байланыштуу тууранды сөздөрдөн келип чыккандыгын көрсөтүп турат.

3) *-чык* мүчөсүнүн жардамы менен конкреттүү атты билдирүүчү *оюнчук* деген сөз, абстракттуу атты билдирүүчү *менчик,* сапатты билдирүүчү *үйрөнчүк, сүйгүнчүк* же *сүймөнчүк, чыбырчык, кылчык* («кылдуу» маанисинде) деген сөздөр жасалат.

4) Этиштик негиздерге жалганып, ар түрдүү азык-түлүктөрдүн аттарын (*кырмычык, иримчик, кагынчык*), башка конкреттүү аттар (*термечик, тыгынчык, таканчык*) жасалат. Ушу *-чык* мүчөсүн үңгулары өзүнчө турганда азыркы кезде маани бере албаган *көпчүк* (ээр токумдун бир бөлүгү), *үшөнчүк* (майда курал-жабдыктар салынуучу баштык), ар түрдүү маанидеги *алачык, тыгырчык, айчык, балчык*) деген сөздөрдүн составынан да учуратабыз.

5) *-чык* мүчөсү тоолуу жерлердин рельефине байланыштуу аттарды билдирүүчү сөздөрдүн составында да жолугат: *урчук* же *уурчук, борчук, урунчук.*

-чак//-чык менен маанилеш мүчө. Алгачкы семантикасында кичирейтүү же эркелетүү оттеногу болгон, предметтик маанидеги эмгек, келинчек, чапчак, күпчөк (идиш), *селкинчек, кемирчек, көөрчөк* сыяктуу сөздөрдү жасайт.

-ча морфемасы *-чак, -чык* мүчөлөрү менен тектеш келип, *-чык, -чактын* аяккы *«к»* тыбышынын кыскарып түшүп калышынын натыйжасында пайда болгон; алардын кыскарган түгөйү;

1) заттарды, нерселерди кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги сөздөрдү жасайт: *кудача, моюнча;*

2) Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган сөздөрдүн экинчи тобу жалаң гана кичирейтүү, өлчөм маанисине ээ: *белче* (сууга белчесинен батты), *бөлөкчө, текче, кыпча* (ичке нерсе жөнүндө айтылат), *бөйрөмчө* (көйнөктүн көкүрөгүнө бастыра тигилген тилке чүпүрөк же куштун боосунун топчулугу), мурча («убакыт» маанисинде): *«мурчам жок», арача, мокочо* (салыштыр: мокой).

-тай. 1) Үңгулары өзүнчө лексикалык мааниге ээ, тууандыкты билдирүүчү *ага, аке* сыяктуу сөздөргө уланып, алардан кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги зат атоочторду жасайт: *агатай, инитай, акетай* ж. б.

2) *-тай* мүчөсү кээ бир учуларда өнүмдүү *-луу* мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сөздөргө маанилеш зат атоочторду жасайт: *ак жолтой, кара жолтой* «кара жолдуу» маанисинде); *карасанатай, аксанатай* (кара саналуу», «ак саналуу» маанисинде).

3) Бул мүчө үңгусу өзүнчө турганда маанисин жоготкон *жеңкетай* деген сөздүн составында да кездешет (Сөздүн негизи эркелетүү маанисиндеги *жеңке>жеңе+-ке* деген сөз).

4) *-тай:* тебетей (кээ бир диалектилерде *тебетай<төбө+-та)* жана *кементай* деген сөздүн составынан да учурайт.

-гый. Бул мүчөнүн жардамы менен бир гана *кудагый* деген зат атооч жасалат.

ек- Кичирейтүү маанисиндеги *коёнек, кыргыек* деген зат атооч сөздөр жасалат.

-ке. 1) Жалаң гана тууандыкты билдирүүчү кээ бир терминдерге уланып, алардан кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги зат атоочторду жасайт: *эжеке, атаке, байке, апаке* ж. б. Ал уланган сөздөрдүн үңгуларынын бардыгы жеке турганда өз алдынча лексикалык мааниге ээ, бирок алардын аягы үндүү жана жумшак үнсүз менен аяктагандыгына карабастан, мүчөнүн составындагы үндүү жана үнсүз тыбышы фонетикалык составын өз калыбынча сактайт.

2) Ушул эле мүчөнүн жардамы менен адамдардын аттарынан эркелетүү же сыйлоо формалары жасалат: *Асан>Аса-*

ке, *Мамбет*>*Маке*, *Чоро*>*Чоке*, *Байдылда*>*Баке*, *Калык*>*Каке* ж. б.

-чар. Кээ бир айбандардын жашын билдире турган (кичирейтүү маанисиндеги) зат атооч сөздөрдүн составында гана учурайт: *текечер* (3 жашар эчкинин эркеги жана биттелген теке), *бугучар* (жаш бугу, марал), *букачар*, *музоочор* (аюунун баласы, бул сөз Ысык-Көл говорунда гана колдонулат), *кулжачар*.

-чар мүчөсү этимологиясы жагынан монгол тилиндеги *шар* («өгүз») деген сөздөн келип чыккан деп болжолдолот (салыштыр: алтай тилинде *чар*— «бука», «өгүз» маанисиндеги сөз).

Ушу эле мүчө *тогончор* («жээндин баласы, кызы») деген сөздүн составында да бардай сезилет.

-жын. Бул мүчө түрк жана монгол тилдеринде кээ бир үй айбандарынын ургаачыларынын аттарын билдирүүчү зат атооч сөздөрдүн составынан учурайт: *кунаажын (кунан, оопас, кунан чыкма, кунан кой* ж. б.); *дөнөлжүн* («дөнөн»— төрт жашар уй); *мегежин//мегелжин* (ургаачы чочко).

-ай. Атооч сөздөргө уланып, алардан сапат маанисиндеги оттеноктору бар зат атооч сөздөрдү жасайт: *жолой* («адет», «өнөкөт» маанисинде: *«жолоюна түшүү»); жубай* (жуп» — түгөйдүн бири); *кумай* (кумдуу жер); *көкөй (көкөйгө тийүү, көкөй кесүү)* ж. б. Муну *«көксө»* деген сөз менен салыштыруу керек); *өгөй (өг* — алтай тилинде — «эне»).

-кеч. Тажик тилинен өздөштүрүлүп алынган. Кыргыз тилинин фонетикалык законторуна баш ийбейт жана тыбыштык составы өзгөрүлбөйт, бирок өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жана кээ бир төл сөздөрдүн составында алардан кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасайт: *арабакеч, кирекеч, төөкеч, аракеч (<араккеч), асылкеч, кадыркеч*, ж. б.

-кер//-гер. Иран тилдеринен өздөштүрүлгөн, төл сөздөрдөгү *-чы* мүчөсү менен маанилеш, кесипти билдирүүчү зат атоочторду жасайт: *пахтакер, жоокер, шалыкер, кызматкер, жумушкер, айыпкер, жоопкер, айлакер, үмүткер.* Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган кээ бир сөздөр заттардын сапатын билдирип (*жароокер, боорукер, жасакер*), сын атоочтук мааниге да ээ болот.

-поз. Иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр менен бирге кирген мүчө; кесип, сапат маанисиндеги зат атоочтордун тумунда кездешет: *кумарпоз, ашпоз, илимпоз, өнөрпоз, оюнпоз* ж. б.

-стан. Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Татарстан, Башкырстан, Пакистан сыяктуу эн-чилүү географиялык аттарды, жалпы аттардан *гүлүстөн*, же

гүлүстан, корстон, көрстөн деген сөздөрдү жасоочу иран тилдеринен кирген мүчө.

-кана. Иран тилдеринен өздөштүрүлгөн кээ бир зат атоочтордун составында учуроочу мүчө: *ашкана, чайкана, кушкана* (мал союлуучу жай), *аткана, дааратканa, машакана, китепкана, уйкана, тооккана* ж. б.

ЭТИШ СӨЗДӨРДӨН ЗАТ АТООЧТОРДУ ЖАСООЧУ МҮЧӨЛӨР

-ан//-ын//-н, (-аан). 1) Бул мүчө аркылуу айрым этиштер лексикализацияланып, кыймыл-аракеттин мүнөзүнө, өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанидеги зат атоочторду жасайт: *сан* (салыш. бай. түрк. *са* — саноо, эсептөө), *жаан: жаан-чачын, эгин, агын, кишен* (салыштыр: хакасча *кисе* — «кишендөө» маанисинде), *үркүн, кыраан, булаан:* (булаанга түшкөн мал<*бул* — «жул, талоо» маанисинде: этегин ит *булуп* кетти, жулуп-булуп); *була* — «чачуу» маанисинде: ак алтынын *булады, талоон, сайроон* (өзөндүн *сайроону—тайыз,* кечүүгө жарай турган жери), *кошуун* (аскер), *чыган*—чыгуучу жай деген мааниде жана *чыгаан* — «өтө», «аябаган» деген мааниде (*чыгаан күлүк, чыгаан чечен, чыгаан мырза* ж. б.), *ашуун* («ашык, артык, көп» деген мааниде), *жыгаан* (суунун жыгааны— «бурулуучу, башка арыкка салынуучу жери»), *дүрбөөн* («дүрбөлөң» маанисинде: Семетей угуп калбасын, калкына *дүрбөлөң* салбасын («Манастан»); *шилээн* (чогулуп тамак ичүүнүн бир түрү); *сүрөөн (кыйкырык-сүрөөн, куру сүрөөн* ж. б.); *көшүүн* («жоош» маанисинде+*көшүү* — жоошу, тынч алуу); тепсөөрүн «тепсенди», («аяк асты болгон жер», *чымыроон* (чоор менен тартылуучу күүнүн аты), *чыкыроон* — «суук маанисинде *(күн чыкыроон* тартып турат); *желпирүүн* («желпигич»: *желпирүүн* табак), *жексөөрүн* (жек көрүмчү).

Сенек мүчө иретинде *-ын* толуп жаткан жалпы аттардын составынан да учурайт: *отун, эрен* («баатыр» маанисинде), *тозон* («арка тозон» күйөөгө берилип жаткан кыздын жолун күйөөсүнүн айлына бара жатканда тосуу ырым-жырымы);

Жогорудагыдай эле маанидеги, бирок унгуларынан ажырагыс сенек мүчө катарында төмөнкү зат атоочтордун составынан учурайт: *тегин* («эксең-эгин, ичерсиң-*тегин»* (лакап), *төгүн<тек: «төгүн* жерден өрт чыкпайт» *«текке* кеткен эмгек» («бекерге», «бошко» деген мааниде), *чакан* (чак — «туура» маанисинде), *жапан* («жапайы»), *сергүн* (салышт. серги). Жогоруда келтирилген мисалдардан ал сөздөрдүн унгулары этиш же атооч сөздөрдөн боло бере тургандыгы байкалат. Буга карап, мындай сөздөрдөгү *-ын* көп маанилүү мүчө экендигин белгилей кетүү зарыл.

-ым. Этиштерден кыймыл-аракетке байланыштуу ар кандай маанидеги зат атооч сөздөрдү жасоочу өнүмдүү мүчө: *басым, атым* («бир атым насыбай»), *ашам* («бир ашам эт»), *билим, бүтүм* («чечим» деген мааниде), *буум* (өлчөмдү билдирет), *ыкым* (айла), *тутам, уюм, чалым* (окшоштук), *түшүм, токум, жем, чыдам, сыйым, саам* ж. б.

-ым айрым сөздөрдүн составында үнгулары менен биригип, алардын ажырагыс элементи болуп калганы байкалат: *адым* («адым таштоо»). Алгачкы үнгусу *ад* экендигин *д//й* тыбыштарынын туура келүүлөрү менен жана байыркы эстеликтердин тилиндеги *адак*, байыркы уйгур тилиндеги *азак*, азыркы кыргыз, казак ж. б. тилдердеги *аяк* деген сөздөрдөгү белгилүү закондуу өтүштөр менен түшүндүрүүгө болот. Ага кошумчалап, байыркы *адыг* — кыргызча *аюу*, байыркы адыр — кыргызча *айыр* (айырмалоо маанисинде), байыркы *адырыл* — кыргызча *айрыл*, байыркы *адгыр* — кыргызча *айгыр* сыяктуу мисалдардагы *д//й* туура келүүлөрү жогорудагы пикирди ырастайт. *Укум-тукум, үнөм, укум* (бармак менен сөөмөйдүн бүгүлүп турган аралыгы), *сөөм, сугум* («бир сугум эт»), *жолум* (кичине, көбүнчө жылкычыларга арналган боз үй), *ырым: ырым-жырым, ирим-ылым* («ылымы жакын», «ылым-сыроо» — «жакын көрүп, колдоо»), *көркөм, корум* (таш), *көлөм, байым* («чыдам» маанисинде: суукка *байымы жок*») сыяктуу сөздөрдүн составынан *-ым* мүчөсүн болжолдуу жиктөөгө болот.

Ошондой эле *-ым* мүчөсү жарым (салыштырыңыз «жар», жарты), *алым* («салык», «налог» маанисинде), *көктөм* (эрте жаз мезгили (<*көк, көктө*), *батым* («кишиге батымы жок», «ыгы жок», «тоң» деген мааниде) деген сөздөрдүн составында да бар.

Жогоруда келтирилген мисалдар *-ымдын* көбүнчө үнгу этиштерге жалганып, алардын кыймыл-аракетке байланыштуу жалпылагыч маанидеги зат атоочторду жасай турганын көрсөттү, бирок ошондой болсо да, *-ым* туунду этиштерге да уланып, алардан да ушундай эле маанидеги зат атоочторду жасайт: *аттам* (бир аттам жер), *көтөрүм, токтом* (чечим), *жөргөм, кыйкым* («кыйык», «өөн» маанисинде) ж. б. Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган неологизмдер: *өкүм, токтом, чечим, басым, чакырым* ж. б.

-ынды. Этиш сөздөргө уланып, алардан заттардын өзгөчөлүгүн, көбүнчө бөлүгүн, калдыгын, кыймыл-аракеттин жыйынтыгын билдирүүчү зат атоочторду жасоочу татаал мүчө: жугунду (<жук); чамынды чап (мында мүчөнүн составында гы мурунчул *«н»* дин таасири менен үнгунун аягындагы *«п»* *«м»*ге өтөт; *чайынды<чайы:* («жууп-чаюу» деген сынар маа-

нилүү татаал сөздүн составдык компоненти), *саркынды, ширенди, урунду, чабынды, чачынды, асыранды, түлөнду* (түлөп түшкөн жүн), *таштанды, каранды* (бул сөз жалаң гана *«көз каранды»* деген айкашта колдонулат); *бөлүнду, кириндн, куранды, иленди* (үнгусу) жеке турганда маанисин жоготкон, бирок аны *«илээле», «илки»* деген этиш сөздөрдүн составынан да учуратабыз. Бул мүчө составы жагынан татаал: *-ын+ды* мүчөлөрүнүн айкалышынан түзүлгөн. Мындагы *-ды* мүчөсү *-ын* менен айкалышпай деле кээ бир сөздөргө өз алдынча уланып, жогорудагыдай маанидеги сөздөрдү жасайт: *каралды* («жөлөк» таяныч, медер» маанисинде), *эмди* («кысыр эмди»), *ийги* (жыгачтан оюп идиш жасоодо колдонулуучу бычак), *алды-берди, жойду* («куу, амалкөй» деген мааниде); бул сөздүн үнгусу *жой*, өзүнчө турганда маанисин жоготкону менен аны *жойпу, жойло, жорт* деген сөздөр менен салыштырып болжолдоого негиз бар.

-ма. Этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанидеги зат атоочторду жасоочу өнүмдүү мүчө. Ал жалганган көп сөздөрдүн үнгулары өз алдынча турганда маанисин жоготпойт: *боёмо* (кездеме), *туума*: (энеден туума) *кеч туума, эрте туума, кыш туума* (малдын ургаачыларына карата айтылат), *сүзмө, сызма, тизме, бастырма, байлама* (тордун түрү), *азгырма, аштама* (керки), *асылма, башкарма, кездеме, катырма, айланпа//айланма.*

-ма. Азыр бир топ сөздөрдүн үнгулары менен биригип, алардын ажыралгыз бөлүгүнө айланып калган: *күрмө* (эки жени жок, бешмант), *эрме:* (ээн талаа, эрме чөл); *чалма, тасма, кыма* (найзанын учу), *сурма* (көздүн сурмасы).

-ыш. Этишти этишке өткөрүп, кыймыл-аракетти биргелешип аткаруу маанисин берет: *жазыш, окуш, иштеш; келиш, кетиш, жайлаш, отурукташ; -ыш* мүчөсү аркылуу жасалган сөздөрдүн бир тобу затташып, атооч маанисинде да колдонула бергендиктен, бул мүчө этиш сөздөрдөн зат атоочторду жасоочу көп маанилүү мүчө катары эсептелиши керек: *эңкейиш; кеңеш: Кеңеш өкмөтү* чыгып, бай качып кеткен соң, киши каттабай калган болучу (Ч. Айтматов); *чыгыш, батыш, алкыш, согуш.*

-мак. Бул мүчө үнгу жана туунду этиштерге уланып, алардан кыймыл-аракеттин жыйынтыгына байланыштуу конкреттүү заттардын аттарын билдирүүчү сөздөрдү жасайт: *үймөк, ичмек, иймек, чакмак, чертмек, оймок, өрмөк, кайырмак, жедирмек, табышмак, жандырмак, жыдымак, сыйыртмак.*

-гак. Чыгышы жагынан этиштерден атооч жасоочу *-ак//-ык//-к* мүчөлөрү менен байланыштуу жана алар менен маа-

нилеш; кыймыл-аракеттин жыйынтыгын билдирүүчү зат атооч сөздөрдүн үнгулары *-гак* мүчөсүнөн ажыратылса, маани бербейт. Азыркы кезде бул мүчө менен жаңы сөздөр жасалбайт.

-гак. Этиштерге жалганып, алардан заттардын, нерселердин өзгөчөлүгүн, сапатын билдирүүчү зат жана сын маанисиндеги сөздөрдү жасайт: *опкок; илгек* («илгич, илмек» маанисинде), *өңгөк, чанчкак* («чанчуу»—оорунун аты), *тайгак, туткак, айгак* (салыштыр: айт— байыркы түрк тилдеринде *ай>айт* деген мааниде), *соргок, баскак (бел баскак), жылбышкак, шыбыргак тепкек* ж. б.

Айрым сөздөрдүн составындагы *-гап, -гак* мүчөсү менен маанилеш келет: туткап//туткак («колу туткап» же «колу туткак» «ууру» маанисинде). Бул мүчө кээ бирде *-мак* менен да маанилеш болуп кетет: *түргөк//түрмөк.* Ал эми айрым сөздөрдө аяккы «к» тыбышы түшүп, *-га* болуп калат: *сырга* же *сыргак* (кулакка салынуучу иймек).

Бул мисалдар бир жагынан *-гак* мүчөсүнүн *-ак, -ык, -к* мүчөлөрү менен тектеш жана маанилеш экендигин көрсөтсө, экинчиден, акырындык менен анын фонетикалык составынын кыскарып өзгөргөндүгүн, ошонун натыйжасында анын ордуна *-ык//-ак* мүчөлөрүнүн сөз жасоодо кеңири орун алгандыгын көрсөтөт.

Составынан *-гак* мүчөсү учураган кээ бир сөздөрдүн үнгулары азыркы кезде өзүнчө маани бере албай, алардын ажыралгыс бөлүгүнө айланып кеткен. Алардын айрымдарынын этимологиясын болжол менен башка сөздөргө салыштырып белгилөөгө мүмкүн болсо, кайсы бирлеринин алгачкы түзүлүшүн табуу азырынча мүмкүн эмес: *темгек* («так» маанисинде, салыштыр: темгил), *кыйгак, кыргак* («элечектин кыргагы»), *бишкек, сойгок, сергек, боркок* («таш боркок» — арак тартканда калган калдык), *капкак* (бул сөздүн унгусу тарыхий жагынан *кап, капа* деген *сөз* болгондугуна азербайжан тилиндеги *гапа* — «жабык», *кап* — «жабуу», *гапаг* — «капкак» сыяктуу фактылар далил боло алат), *айгак* («айт, айтуу» деген сөздөр менен салыштыруу керек).

-ак//-к мүчөлөрү: 1) этиштерден ар түрдүү конкреттүү заттардын аттарын билдирүүчү зат атоочторду жасайт: *катык, кыйык, азык, бычак, конок, жүрөк, бутак, күрөк, таяк, төшөк, шыбак, тузак, табак, карек, калак.*

2) орунга байланыштуу түшүнүктөрдүн аттарын билдирүүчү *өтөк, турак, жатак* сыяктуу сөздөр да жасалат.

Бул мүчө тарыхий жагынан *-гактын* башкы «г» тыбышынын кыскарып түшүп калышынан пайда болгон (салыштыр: *орок//оргок, элек//элгек, туяк//туйгак, богок, мандалак;*

-ык, -ак//-к мүчөсүнүн кууш варианты болгон *-ык* мүчөсүнүн жардамы менен жогорудагы сөздөргө маанилеш заттардын, нерселердин өзгөчөлүктөрүнө; өлчөмүнө, сапатына байланыштуу аттарды билдирүүчү *артык, арык, арык-торук, тешик, жыртык, жабык, тунук, качык* («алыс, ыраак» деген мааниде), *сыйрык, айрык, түзүк, басык, буйрук;* конкреттүү заттардын атынан *казык, илик, ийик, салык* сыяктуу сөздөр жасалат.

Ал эми төмөнкү сөздөрдүн составында *-ык//-к* алардын ажыралгыс бөлүгүнө айланып калган: жорук, *кылык, борук* (эки жашар кой), *көбүк, бүлүк, кычык, азык.*

-ык мүчөсүнүн жардамы менен үнгуларынын алгачкы семантикасы тууранды сөздөргө байланыштуу, жандуу заттарга мүнөздүү аракеттердин атын билдирүүчү атоочтор жасалат: *түкүрүк, чүчкүрүк, коңурук, каңырык, каткырык, бышкырык, үшкүрүк, ышкырык, кыйкырык, бакырык, эчкирик, өкүрүк* ж. б.

-оо мүчөсү менен түзүлгөн кыймыл атоочтор конкреттүү аттардын маанисинде да колдонула берет: *аштоо* (малга жем, суу берүү үчүн жасалган акыр), *толгоо* (төрөт убагындагы оору), *таноо* (фольклордо согуштан түшкөн олжо, ал эми кыймыл атооч иретинде *«танап-бутоо»* деген кош сөздүн составында *кыйратуу, талоо, ойрондоо* аракетинин аты), *көсөө, бүлөө, кырчоо* же *курчоо* (боз үйдү тегерете байлоочу аркан).

Бул мүчөнүн жардамы менен жасалган кээ бир сөздөр заттардын сапатын, өзгөчөлүгүн билдирүү маанисине ээ: *жароо* («арыктоо» маанисинде), *чайпоо: чалпоо* (азоо ат жөнүндө айтылат), *-оо* жалганып турган бир кыйла сөздөр жалаң гана кыймыл атооч маанисинде колдонулат: *мээлөө* (бир нерсеге тийгизүү үчүн тууралап шыкаалоо), *улоо* (жип ж. б. кошуп байлаштыруу), *уулоо* (ач уулоо, ачылык кылуу), *шыбоо* (дубал ж. б. жылмалап майлоо), *челдөө* (жипти, ичегини, терини ж. б.), жатыркоо.

Кээ бир тууранды сөздөргө жалганып, алардан да конкреттүү заттардын атын билдирүүчү атооч сөздөрдү жасайт: коңгуроо (унгусу—кыңгыр, мында мүчөдөгү эринчил үндүүнүн таасири менен үнгудагы эринсиз үндүүлөр эриндешет).

-гыч. Этимологиясы жагынан *-гы* мүчөсү менен тектеш. Мунун жардамы менен этиштерден кыймыл-аракетке байланыштуу эмгек куралдарынын аттарын билдирүүчү зат атооч сөздөр жасалат: *сүзгүч, баскыч, ачкыч, куугуч, кылжуугуч, төгиргич//тегиргич* (боз үйдүн жасалгасы); *туткуч, тепкич, түпкүч, алжапкыч;* зат жана сын маанисиндеги *башталгыч*

(мектеп), *жырткыч* (айбан), *аткыч* (мерген), *тунгуч* сыяктуу сөздөр да жасалат.

-гыч мүчөсү нерселердин түсүн билдирүүчү сын атоочтон бир гана *сары* деген сөзгө уланып, андан толук эмес сапатты билдирүүчү «*саргыч*» деген сөздү жасайт.

-гыч мүчөсүнүн башкы *-гы* тыбыштары түшүп, аяккы *-ч* тыбышы башка сөз жасоочу мүчөлөр менен айкашуунун натыйжасында *-дооч, -ооч* мүчөлөрү пайда болгон (<*-ла+оо+ +ч*).

Бул мүчө белгилүү нерсени аткарууга арналган нерселердин аттарын билдирүүчү: *желбирөөч, байлооч, атооч, баяндооч, айкындооч, толуктооч, тактооч, жандооч, алдооч* («алдооч баштык»), *орооч, бөлөөч, айдооч, кылдооч* (майды кайра эритип жатканда кылдап сүзүүчү нерсе), *кылдырооч* («төтөгө *кылдырооч*» — боз үйдүн кооздук жасалгасы) сыяктуу сөздөрдү жасайт.

-гы//-кы. Этиштерге жалганып, алардан ар түрдүү маанидеги зат атоочторду жасайт: *шыпыргы, сапыргы, сузгу, сүлгү, сыдыргы, ийги* (жыгачтан оюп аяк, кашык, сузгу ж. б. жасоодо колдонулуучу курал), таралгы «тушамыш» (көбүнчө куштардыкы); *каргы* (иттин мойнуна тагылуучу кайыш илгич), *чалгы. чапкы, теминги* (үзөнгү сыяктуу нерсе), *миңги (миңгич* ат, унаа), *керки* (керт+кы), *чыбырткы* (ичке шапалак), *тамызгы, чачыраткы* (өсүмдүктүн аты); *иритки, ачыткы, уюткү, ашаткы, сасыткы.*

Этиш сөздөрдүн негизинде түзүлүп көбүнчө адамдын сезим өзгөчөлүктөрүнө, абалына байланыштуу атоочторду билдирүүчү сөздөрдөн *туйгу* (сезим), *күлкү, кытыгы, каткы* (кыраан-каткы күлкү), *уйку* сыяктуу, башка ар кандай маанидеги сөздөрдөн: *каккы* («каккы көрүү» — «*кагуу* жеш» маанисинде); *көчкү, тепки* (таяк жеш); *күйдүргү* (оорунун аты); *билги* («жөн билги», «адамгерчиликтүү» деген мааниде); *качкы* («ээр качкы ат» — «жалакай» деген мааниде); *бордоку, сынакы* («сынакы ат, мал» — сыналган, жактырылган деген мааниде), *бузакы//бузуку* («куйтку салуу, нааразылык туудуруучу» деген мааниде), *куяңкы* («бузук, митаам» деген мааниде), унгусу атоочтон болгон жалкы (салыштыр: жаңгыз// жалгыз) сыяктуу сөздөрдү жасайт.

-ыч. 1) Өздүк мамиле этиштерге жалганып, алардан адамдын сезим өзгөчөлүктөрүн билдире турган зат атоочторду жасайт: *сүйүнүч, сагыныч, күйүнүч, кубаныч, өкүнүч, аяныч, коркунуч.*

2) Заттардын сапат өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу *булганыч, багыныч, ашыгыч сыяктуу* заттын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, абалын билдирүүчү сөздөрдү жасайт.

-ач мүчөсүнүн жардамы менен: 1) кыймыл-аракеттин жыйынтыгына байланыштуу *көмөч* деген зат атооч жасалат. 2) Унгусу элестүү сөздөн болгон жана адамдарга мүнөздүү сапатты билдирүүчү *болпоч* деген сөздүн составынан, болпоң, болпой деген сөздөр менен салыштырып, болжол менен *-ач* мүчөсүн көрүүгө болот: *май болпоч* — «бышык, тың эмес» деген мааниде *(болпоң).*

-ыт (-т). Көбүнчө унгу этиштерге уланып, алардан кыймыл-аракетке байланыштуу зат атооч сөздөрдү жасайт: *кийит, куут, күйүт, тоют туут* ж. б.

Жогорудагы мисалдарга маанилеш сөздөр *-ат* мүчөсүнүн жардамы менен да уюштурулат: *өлөт* (малдын эпидемиялык оорусу, жалаң гана айбандар жөнүндө айтылат), *сөкөт* (өтө сейрек учурайт; «согуш» деген мааниде: көңүлү *чөгөт* болор деп, көп *сөкөт* бизге коёр деп (фольк.); *чөгөт* («көңүлү чөгөт болбосун» (фолькл.); *сугат, топот* («өлүү, жок болуу» маанисинде, сейрек айтылат); «тойго барбай *топот бол!* (фольк.).

-мыш. Унгулары этиш сөздөрдөн болгон абстракттуу маанидеги зат атоочтордун составында учурайт: *турмуш, болмуш, кылмыш, көрмүш, жазмыш.* Кээ бир конкреттүү заттарды билдирүүчү айрым сөздөрдүн составында: *кыдырмыш* (бул сөз кийинчерээк энчилүү атка да айланып кеткен); ошондой эле Токтомуш: *«э//р»* көмөкчү этишине жалганып, андан өз алдынча маани бере албаган имиш (эмиш) модаль сөзүн да жасайт.

-мыш байыркы түрк тилдеринде жана азыркы түрк тилдеринин түштүк группасында (азербайжан, түрк, түркмөн) өткөн чакты уюштурат. Кыргыз тилинде сейрек учуроочу бул *-мыш* ошол байыркы форманын бир көрүнүшү.

-ман. 1) Бул мүчө менен заттардын бир нерсеге же белгилүү ишти аткарууга жөндөмдүү экендигин билдирүүчү атооч сөздөр жасалып, алар *-чы, -гыч, -луу* мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалган сөздөргө маанилеш келет. Андай сөздөр контексттеги ордуна карай сын атоочтук мааниде да колдонулат. Составында *-ман* учураган мындай сөздөрдүн негизи көбүнчө *-ар* формасындагы атоочтуктардан болот: *чабарман, аларман, туярман, качарман, берермен, билерман, көчөрмөн.*

2) Бул мүчө уланган сөздөр кесипти да билдирет: *койчуман* («койчу» деген мааниде).

3). Унгу этиштерге жалганып, алардан *-чы, -гыч* формасындагы сөздөргө маанилеш зат атоочторду жасайт: *көчмөн, турман (ээр-турман* — «ээр-токум» маанисинде); боз үйдүн *турманы* («боз үйдүн шаймандары» деген мааниде).

-ган. 1) Бул мүчө түрк тилдеринин көпчүлүгүндө атооч-туктарды уюштурат, бирок кыргыз ж. б. кээ бир түрк тилдеринде конкреттүү заттардын атын билдирген айрым сөздөрдүн составында сөз жасоочу мүчөнүн милдетин да аткарат: *чагылган, көбүргөн, тууган, туушкан.* 2) *Экен* жардамчы этишинин (байыркы<*э//р*) ажыралгыс составдык бөлүгүнө айланып калган.

-гын. Бул мүчө этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин жыйынтыгына байланыштуу зат жана сын атоочтук маанидеги сөздөрдү жасайт: *качкын, ташкын, солгун, сүргүн, ургун* (көбүнчө «ургундай» формасында айтылат); *учкун, өткүн, озгун, эпкин, элкин, түркүн, чачкын, чалгын, чапкын* («бороон-чапкын»), *азгын, түшкүн* (камчынын учу), *төркүн, тургун, туткун, кыргын, куугун, кыркын* (кой кыркыны), *кескин, келгин, бүлгүн, киргин* (суу), *бозгун.*

-ды//-ты (муну энчилүү географиялык аттарды жасоочу *-ты* (*Кегети, Тегирменти* сыяктуу сөздөрдөгү) мүчөсү менен чаташтырууга болбойт. Этиштик үңгуларга жалганып, алардан заттын ал-абал өзгөчөлүгүнө байланыштуу атооч сөздөрдү жасайт: *шашты* («анын шаштысы кетти»), *жарты (жар*— «бөлүү», «ажыратуу» маанисинде); *чакты* («чактым жок», *чама,* «мүмкүнчүлүк, убакыт» маанисинде).

-лак//-дак. 1) Этиш сөздөргө жалганып, алардан кыймыл-аракеттин натыйжасын билдирген зат атоочтор жасалат: *түйдөк, куурдак, быштак.*

2) Белгилүү объектинин бир нерсеге молдугун, байлыгын билдирүүчү зат жана сын атооч маанисиндеги сөздөрдү жасайт: *саздак, таштак, кумдак;* мындай сөздөр өнүмдүү *-луу* мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочторго маанилеш.

-лак//-дак мүчөсү түзүлүшү жагынан *-ла+ык//-ак//-к* мүчөлөрүнүн биригишинен түзүлгөн татаал мүчө *(муздак<муз+ -ла+к; кыштак<кыш+-ла+-к).*

-алак. Сөз жасоодогу аткарган милдети жана семантикасы боюнча *-лак//-дак* мүчөсүнө окшош мүчө. Анын жардамы менен *эселек, жаталак, сугалак, кызалак, кумалак, шапалак* сыяктуу заттардын сапат өзгөчөлүктөрүн билдирүүчү сөздөр жасалат.

-чак мүчөсү *-чык* менен маанилеш болсо да, анын колдонулуш масштабы алда канча кеңири. Анын жардамы менен конкреттүү заттардын аттарын билдире турган сөздөр жасалат, бирок алардын кай бирөөлөрүнүн үңгулары мааниге ээ болсо, кай бирөөлөрү *-чак* айкалышпай өзүнчө турганда маани бере албайт: *селкинчек, эргилчек, көөрчөк* (кымызга койдун же эчкинин бир аз сүтү кошулуп, чайкалып жасалган

суусун тамактын аты), *күпчөк* (челек формасында жыгачтан жасаган бийик, ичи тар, сүт куюлуучу идиш; кыргыз тилинде бул сөз «дөңгөлөктүн огу» жана өтмө мааниде «шишик» же «жоон нерсе» жөнүндө да колдонулат); *чапчак* («челек» маанисинде, идиш); *чөйчөк, ыңырчак, секичек.*

Бул мүчөнү үңгулары өзүнчө турганда маанисин жоготпогон *бөлчөк* (үңгусу —*бөл*), таңылчак; адамдардын жана айбандардын кээ бир органдарынын аттарын билдирүүчү *кемирчек,* үңгулары өз алдынча колдонулбай калган *чемирчек, багалчак, бейбелчек* (же *бейменчек), куймулчак, шыймылчак, согончок, көнчөк;* конкреттүү аттардан *куурчак* сыяктуу сөздөрдүн составынан учуратабыз.

-ылга. Бул мүчө түрк, монгол тилдерине мүнөздүү. 1) Этиш сөздөрдөн кыймыл-аракетке байланыштуу заттардын атын билдирүүчү сөздөрдү уюштурат: *токулга* («ээр-токум» маанисинде); *табылга, өтөлгө* («колко» деген мааниде<*өтө*— «аткар, турмушка ашыр» маанисинде); *жасалга, жөрөлгө* («адат, салт, жорук» деген сөздөр менен маанилеш), *камылга<кам (кам көрүү, кам жеш);* 2) конкреттүү заттардын аттарын жасайт: *аталга* же *аталгы*: 1) ээр жасоочу устанын керки сыяктуу жабдыгы; 2) Чүй өрөөнүндөгү говорлордо «бозо сүзүүчү таякча»; *жебилге* (ат жабдууну кооздоочу чачы жана сайма көчөттөрү); *шыралга* (аңчылардын соогаты); *өбөлгө*: 1) Көрсөткөн кызматы үчүн берилген сыйлык; 2) *жөлөк, өбөк; демилге, агылга* ж. б.

Келтирилген мисалдардын бир тобунун үңгулары алардан *-ылга* мүчөсүн ажыратканда маани бере албайт.

-га. Этиш сөздөрдөн *-ылга* мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сөздөргө маанилеш зат атоочторду жасайт:

1) Алардын бир тобу боз үйдүн жабдыктарынын ар кандай бөлүктөрүнүн конкреттүү аттарын билдирет да, үңгулары өз алдынча маанилеринен ажыраган: *кереге, босого, каалга* (монгол тилдеринде *ха* — «жабуу», «бекитүү», *хагалга* — «эшик» жана «бекитүү, жабуу» маанисинде); *улага, иреге, төтөгө («төтөгө* кылдырооч» — боз үйдүн жасалгасы).

-мач. 1) Этиш сөздөргө уланып, алардан кыймыл-аракеттин жыйынтыгына байланыштуу зат атооч сөздөрдү жасайт: *куурмач* (бадырак, *жаңылмач* же *жаңылтмач, талдырмач* («талдырмач кызылдуу» — адамдын бетинин отунун кызылы жөнүндө айтылат). 2) Атооч сөздөргө уланып, алардан кесипти билдирүүчү *тилмеч,* айрым заттардын өзгөчөлүгүн билдирүүчү *жармач* («жарды» деген сөз менен салыштыр), заттын белгилүү нерсеге арналгандыгын билдирүүчү *колтурмач* (айырмачтын эки жагындагы таканчыгынын аты), конкреттүү заттардын атынан *айырмач* деген сөздөрдү жасайт.

-ша//-аша. Этиштерге жалганып, алардан кыймыл-аракеттин мүнөзүнө байланыштуу зат атоочторду уюштурат: *киреше, тиеше, чыгаша, караша* («тамакка караша болуу»—«өзөгүнө түшүп кетүү» деген мааниде), *каяша, борошо* (салыштыр: *бороон*; монгол тилдеринде *боро* — «жаан» маанисинде).

-ымжы//-жы. Этиш сөздөргө уланып, алардан кыймыл-аракеттин атын билдирүүчү зат атоочторду уюштуруучу, сейрек учуроочу мүчө: *сурамжы, коромжу, аралжы, курамжы* («куралган нерсе»).

-нак//-инак. Үнгулары өзүнчө турганда мааниге ээ болгон, алардан кыймыл-аракеттин атын, өзгөчөлүгүн билдирүүчү *көзөнөк* ж. б. деген зат атоочторду уюштурат.

САН КАТЕГОРИЯСЫ

Зат же заттык түшүнүктү билдирген башка сөздөр сан жагынан жекелик жана көптүк болуп эки түргө бөлүнөт.

Жекелик түр заттын жалгыздыгын *(китеп, карындаш)* же алардын бүтүндүгүн, бөлүнбөстүгүн *(бакыт, жаштык, балалык, карылык)* билдирет.

Көптүк түр заттын жалгыз эмес, бир канча экендигин билдирет: *бала—балдар* (бала-лар) *үй—үйлөр, жолдош—жолдоштор.*

Кыргыз тилинин грамматикалык категориялары да тилдин узак тарыхий өсүшүнүн натыйжасы, анын грамматикалык түзүлүшүнүн жакшыртылышынын, өркүндөлүшүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

Грамматикалык категориялардын бири болгон—көптүк категориясы да жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланган категория болуп эсептелет. Мисалы: *Асан, Абыл, Керим; Асан* да бала, *Абыл* да бала, *Керим* да бала; булардын ар бири конкреттүү жекече зат. Булардын бирөө чоң, бирөө кичине, ж. б. болуп, ар биринин кээ бир айырмачылыктары болушу мүмкүн. Бирок буга карабастан алар жалпы окшоштуктарынын, балалык касиеттеринин негизинде жалпысынан *бала* деп аталат. Эми ушу *бала* деген сөзгө *-лар* мүчөсүн кошуп, *балдар* деп көптүк түрдө айтсак, эсте конкреттүү Асан да, Абыл да эмес, жалпы эле абстракцияланган заттык түшүнүк эске алынат. Ушу сыяктуу эле башка затар жөнүндө да айтууга болот. Ошентип, жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланып отуруп, алардын жалпылыктарынын, заттык окшоштуктарынын негизинде мындан «*-лар* мүчөсү зат атоочтун көптүк түрүн түзөт» деген грамматикалык эреже келип чыгат.

Кыргыз тилиндеги буюмдук, нерселик маанидеги көпчүлүк зат атоочтор өзүнчө турганда грамматикалык жагынан

жекелик жана көптүк болуп айрылбайт; конкреттүү зат менен бирге өзү өндөнгөн заттардын жалпы эле тобун да билдирет. Жалпыланган мындай көптүк маанинин айрым-айрым бирдиктерге бөлүнөрлүгү *-лар* мүчөсүнүн жалганышы менен берилет: *ат* (жылкынын бир түрү, жалпы эле ат), *-аттар* (айрым-айрым турган бир канча ат), *кой* (жалпы эле кой) *-койлор* (айрым-айрым турган бир канча кой), душман (жалпы эле душман) *-душмандар* (алардын айрым-айрым тургандагысы) ж. б. Мындай зат атоочтор көптүк мүчө менен, же ансыз да колдонула берет. Бирок мүчөсүз туруп жекелик, же көптүк мааниде колдонулгандыгы контекстке карата аныкталат.

Зат атоочтордун экинчи бир тобу лексикалык маанисине жараша жогоркудай болуп конкреттүү бир затты жана аны менен бирге жалпыланган көптүк маанини билдирбейт; сан боюнча булардын эч бирине да кошулбайт; саналып айтылбагандыгына байланыштуу мындай сөздөр, адатта, грамматикалык жагынан көптүк түрдө айтылбайт, жекелик санда гана колдонулат.

Жекелик түрдө колдонулуучу зат атоочторду өз ара эки топко бөлүүгө болот;

1. Биринчи топко жалаң гана жекелик санда айтылуучу төмөнкүдөй маанидеги зат атоочтор кирет жана аларга *-лар* мүчөсү такыр жалганбайт.

а) жаратылыштагы кубулуштарга байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билгизүүчү зат атоочтор: *жаан, бурганак, чагылган, жарык, асман, ай, көк* (небо), *уя, суук, туш, таң, шоокум, шамал, караңгы, жел* ж. б.;

б) жылдын мезгилдерин билгизүүчү зат атоочтор: *жаз, жай, күз, кыш;*

в) кыймыл атоочтор: *жашоо, чагуу, бычуу, бөлүү, агартуу, ачылыш, табуу, сапыруу, сөгүш, куюу, каттоо, камоо, келиш, жоюу, ыйлоо* ж. б.; кыймыл атоочтордун ичинен лексикалашып кетип, заттык мааниге өткөндөрүнө, же ар түрдүүлүктү билдирген учурда көптүк мүчө жалганышы мүмкүн: *Суроолор* берилди. *Түзөтүүлөр* киргизилди. Кызуу *кол чабуулар.* Көл жээгинде *коштошуулар,* өз ара *сүйлөшүүлөр;*

г) абстракттуу маанидеги атоочтор: *чыгармачылык, балалык, дыйканчылык, малчылык, актык, каралык, аталык, энелик* ж. б.

атак, акыл, эс, акыйкат, айып, үнөм, үмүт, түш, тилек, каруу, кайгы, капа ж. б.

е) жер-суунун аттарын билгизүүчү географиялык терминдер: *Москва, Пекин, Фрунзе, Алма-Ата, Ташкент* ж. б.

2. Экинчи топко, адатта, жекелик түрдө колдонулуучу, бирок *-лар* мүчөсү жалгануурга мүмкүнчүлүгү бар зат атоочтор кирет. Мындай зат атоочтор лексикалык жагынан төмөнкү топтордон болушу мүмкүн:

1) адамдын атына коюлган энчилүү аттар: *Турдубек, Кожокан, Жумалы, Шаршенбай, Асаналы, Керимкул* ж. б.;

2) ченелүүгө мүмкүн болгон, бирок бирдик боюнча саналбай турган буюмдук маанидеги заттардын аттары: *суу, сүт, кымыз, каймак, ун, талкан, кум, кан, жуурат, айран, жем* ж. б.;

3) адамдын, же айбандын дене мүчөлөрүнүн аттары жана жуптукту билгизүүчү зат атоочтор: *кол, алакан, бут, көз, сакал, мурут, колко, ийин, омуроо, кабак, кулак, тизе, ооз, маазы, көлөч, өтүк, чокой, кайчы, мээлей* ж. б.;

4. айдын аттары: *январь, февраль, март, апрель, май, июнь, июль* ж. б.

Экинчи топко кирген зат атоочтордун өзгөчөлүгү: булар көбүнчө жекелик түрдө колдонулат; *-лар мүчөсү жалганган* учурда заттын көптүгүнөн мурун алардын коллективи, ар түрдүүлүгү жана айрым бирдиктерге бөлүнөрлүгү сыяктуу маанилер берилет.

Кыргыз тилинде көптүк маани төмөнкүдөй ыкмалар аркылуу берилет.

Көптүк маанинин лексикалык жол менен берилиши

Айрым сөздөр өзүнүн семантикасы боюнча сандык маанige ээ. Мындай сөздөр жекелик түрдө туруп көптүк идеяны билдирет. Лексикалык жол көптүк маанинин грамматикалык каражаттар аркылуу берилишине чейинки байыркы жолдордун бири.

Энчилүү аттардан башка буюмдук маанидеги көпчүлүк зат атоочтор конкреттүү мааниси менен бирге, өздөрү кирген коллективдик түшүнүктү да көрсөтөт. Грамматикалык формасы жагынан жекелик түрдө турганы менен, алар маани жагынан көптүктүн идеясын билгизет. Мындай жекелик түрдө туруп, жалпы (коллективдик, уруулук маанини) маанини билдирүү түрк тилдерине гана эмес, башка тилдерге да мүнөздүү. Анткени «Жалпы нерсе жеке нерседе гана, жеке нерсе аркылуу гана жашап турат. Ар кандай жеке нерсе дегенибиз (кандай гана болбосун) жалпы нерсе болот. Ар кандай жалпы нерсе дегенибиз жеке нерсенин бир бөлүкчөсү, же бир жагы же маңызы болуп эсептелет»[1].

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар. 31 том, Фрунзе, 411—412-бет, 1961.

Көптүк категориянын лексикалык жол менен берилишине жалпылама (собирательное) маанини берүүчү зат атоочтор кирет. Мындай зат атоочтор өздөрүнүн семантикасы боюнча жалпыланган түшүнүктү берип, контексттен тышкары турса деле көптүктүн идеясын билдирет. Алар бир өңчөй заттардын бир-бирине окшоштугунун негизинде жалпыланган көптүк маанини көрсөтөт. Жалпылама маанини төмөнкүдөй сөздөрдүн тобу билдирет:

1) Жалпылама маанидеги зат атоочтор: *мал, куш, калк* ж. б.:

Мал жыйналды. Миндеген *кой, эчки, үй,* жылкыларды батыргандай короо табылды; жыйналган *мал* үч күн талаада түнөдү. Маараган *кой,* эчкилер, мөөрөгөн *музоо,* торпоктор кулак жеди. Малдар өрүшүнөн адашты (Т. Сыдыкбековдон).

Эл-журтту сагынасың. Калайык-*калк* колхоз болсо, биз да болобуз. Бүбүш столуна олтуруп, ишине кириштиң деген кабарды угушуп, *журт* анын үстүнө келишип, учурашып кол беришет (Сыдыкбековдон). Куш экиге бөлүнөт, ирети менен келинет (Тоголок Молдо).

2) Жалпылама маанидеги сөздөрдүн составдык бөлүкчөсү катарында эсептелинүүчү конкреттүү зат атоочтор да өз алдынча коллективдик, уруулук түшүнүктөрдү берүү аркылуу көптүктүн идеясын билгизет. Буларга жалпынын бөлүкчөсү катарындагы *кой, эчки, үй, жылкы* ушу сыяктуу заттык маадеги сөздөр кирет. Мисалы, *кой* өзүнчө турганда, биринчи иретте, жалгыз же көп койду эмес, малдын бир түрү, уруусу сыяктанган жалпы түшүнүктү билдирет. Ошондуктан «Атам колхоздун коюн багат» дегендеги *кой* деген сөз формасы жагынан жекелик түрдө болсо да, бир койду эмес, малдын бир түрүнө кире турган жалпы эле *койду* багарын түшүнөбүз.

Буюмдук маанидеги ар кандай конкреттүү заттар өздөрү кирген коллективдик түшүнүктү да билдирет. Мындай жалпылама көптүк маанидеги сөздөргө *тоо, таш, токой, китеп, бак* сыяктуу сөздөр кирет.

3) Уруу, урук, улуттун, элдин аттары грамматикалык жагынан уюшулбаса да көптүктү билдирет.

«Тынчтык» деп бардык элге,
Айтабыз орус тилде.
Алыспы же жакынбы,
Элдердин жакындыгы.

Француз, негр дагы,
Индустар алыстагы
Ачылып бардык жагы,
Бул тилден таалим алды.

(Мирза-Турсун-Заде).

Өзүнчө белгилүү бир группаны эмес, группанын (бүтүндүн) айрым бөлүктөрүн билдирсе, анда уруунун, улуттун аттарын билдирген зат атоочторго көптүк *-лар* мүчөсү жалганат: Кыргызстанда *уйгурлар* да жашайт. Жогоркудай жал-

пыланган көптүк маанинин айрым-айрым бирдиктерге бөлүнөрлүгү *-лар* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу берилет.

Лексикалык жол аркылуу берилген көптүктүн маанисн санды так көрсөтпөй, жалпысынан гана көрсөтөт. Көптүктүн мындай сандык маанисн сан атоочтор аркылуу такталат.

Көптүк маанинин морфологиялык жол менен берилиши

Көптүк маанини билдирүүчү мүчөлөр болуп төмөнкүлөр эсептелет.

1. *-лар//-лер.* Бул мүчө зат атооч, ат атооч, заттык маанide колдонулган сөз түркүмдөрүнө жана экинчи жактын көптүк түрүндө турган этишке жалганат *(бардыңар* < бардыңлар, *бара—сыңар* < барасың—дар, *жаздыңыздар.*

-лар мүчөсү жалганган сөзүнүн лексикалык маанисине карата төмөнкүдөй маанини билдирет:

1) негизинен, заттын көптүгүн билдирет. Ал затты сан боюнча айрым-айрым бирдиктерге бөлбөй, алардын белгисиз көптүгүн жалпысынан көрсөтөт:

Кайдадыр чубашып барып келе жаткан *кумурскалар, жөргөлөгөн коңуздар,* кыбыраган *курттар,* куушуп ойногон *көпөлөктөр,* чыркылдаган *чымчыктар*—бардыгы тең жазгы эмгектин камында жүргөндөй (Жантөшевден). Дүйнө жүзүндөгү кең *талаалар,* керилген *сайлар,* жалама *өзөндөр,* жайык *беттер,* дыңкылоон жаткан *кокту*-колоттор тегиз дене жазып, күн нуруна кең соорулорун кактай беришет (Сыдыкбековдон). Институтта *профессорлордун, мугалимдердин* жана *жаштардын* жалпы чогулушу болуп өттү. Байланган *музоолор* мөөрөп, *иттер* улуп, эңкейген *кемпир, чалдар,* бешиктеги *балдар* ыйлап, айыл арасы чууга толду (Жантөшевден).

2) *-лар* мүчөсү жалпыланган көптүк идеяны билдирүүчү таш, *бөлкө, мал, куш* сыяктуу сөздөргө жалганганда алардын ар түрдүүлүгүн, айрым-айрым бирдиктерге бөлүнөрлүгүн билдирет:

Үстөл бетин таттуу бышырылган *бөлкөлөр,* печенье, быштак салынган далинкалар, сары май, бал, каймак куюлган вазалар ээлешкен (Сыдыкбековдон). Коюлган май, төгүлгөн боорсок, дагы башка бышкан *тамактар* бир четинен түгөнүп жатты (Сыдыкбековдон). Уздун узу чогулуп, баа жеткис асыл *жибектерди* оңбос *боёкторго* салышты (Жантөшевден). Маараган *кой-эчкилер,* мөөрөгөн музоо, *торпоктор* кулак жеди. *Малдар* өрүшүнөн адашты (Сыдыкбековдон). Келгин *куштар* келип, уяларын сала баштады.

Тескей тараптагы көрүнүш таптакыр башка. Узун-узун *арчалар:* татырандай кубарган *шилбилер,* кактагандай кызарган *четиндер,* коондун камегиндей көгөргөн *эчки талдар,* алешем чөп жагылган отту көсөгөндөй кararган *моюлдар,* бүт денесине ун сүртүнгөндөй болгон жапайы *теректер,* табы менен ыштаган көөкөрдөй мөлтүрөгөн *карагаттар,* кээ жерде *ыргайлар* менен тең тайлашып чыккан *табылгылар* жана башка түркүн *жыгачтар* өскөн (Жантөшевден).

Адамдын жана айбандын дене мүчөлөрүнүн аттарына *-лар* мүчөсү жалганганда көптүк маанини билдирген заттардын бөлүнөрлүгү туюндурулат. Эгерде дене мүчөлөрү бир жакка таандык болсо-*лар* мүчөсү мында бир бүтүн болуп эсептелген заттын бөлүнөрлүгүн *(каштары*—оң жана сол, *алакандары*—оң жана сол) көрсөтөт:

Анын эткелдиктен саландаган богогу, бортойгон кичине *колдору,* багалчак *буттары* чердейген курсагына ченеп койгондой көрүнөт (Жантөшевден). Кийизбайдын ырайы саруулап, жалпак бетине келишкендей бакжайган кара *сакалдары* бириндеп, *муундары* токтоно албай, *колдору* титирей берди (Сыдыкбековдон).

Эгерде дене мүчөлөрү көпкө таандык болуп айтылса, мындай учурда *-лар* бир канча заттагы бир өңчөй дене мүчөлөрүнүн көптүгүн көрсөтөт:

Түлкүбек менен Зуннахун *чыканактарына* жаздык койдуруп жантайып, отургандардын суроосуна жараша жооп берүүдө (Жантөшевден). *Буттары* узун, саал жүндүүрөөк, карасур, бозомтук сур, акчыл сур улактар таштан-ташка секирип оюн салышат (Жантөшевден).

Бөлүнмө көптүк маани ат атоочтордун ичинен *-лар* мүчөсү жалганган биринчи жактын көптүк түрү аркылуу да берилет. Мындай учурда *-лар* көптүк маани менен бирге сүйлөөчүнүн өзү кирген коллективди жогору көтөрө баалагандыкты да билдирет: Биздерде күч бар.

3) Ченелүүгө мүмкүн болгону менен, сан жагынан саналбай турган *буудай, ун, май* сыяктуу заттарга *-лар* мүчөсү жалганганда, заттын көптүгүнөн мурун алардын ар кайсы жерден орун алгандыгын же алардын ар түрдүүлүгүн, сортторун көрсөтөт. Мисалы, *буудай* жалпы эле буудай жөнүндөгү түшүнүктү билдирсе, *буудайлар* анын составына кирүүчү түрлөрү жөнүндөгү түшүнүктү билдирет.

Эски таш короонун кырындай болуп аскалуу *карлар* көрүнөт. Өзөн-өзөн аккан *суулар,* аны бойлоп өскөн кайың менен тал жыш экен (С. Каралаев). Ар кайсы үйдөн алдырып келинген *кымыздар* чуңкур кара аяк менен элге сунулуп жатты (К. Жантөшев).

-лар мүчөсү жуптук маанидеги зат атоочторго жалганганда да алардын ар түрдүүлүгүн билдирет: *өтүктөр* (ар түрдүү өтүк), *мээлейлер* (ар кандай мээлей), *галоштор* (ар кандай галоштор) ж. б. Жогорку келтирилген сүйлөмдөрдө *-лар* мүчөсү өзү жалганган заттардын *(карлар)* айрым-айрым бирдиктерден турган көптүгүн эмес, топ-тобу боюнча ар кайсы мейкиндиктен орун алгандыгын көрсөтөт.

4) *-лар* мүчөсү адамдын атын билгизген энчилүү зат атоочторго жалганганда алардын коллективин билгизет:

Көчөдө эч ким жок. Эмне үчүндүр *Эркебайлар* да келе жатышат. Бир убакта бирөө бирөөнү жыгып басканда, *Сабырлар* качырып сала беришти (Жантөшев). Кийинки күнү кечинде *Зуннахундар* тойдон келди (К. Жантөшев). Бул сүйлөмдөр *-лар* мүчөсү жалганган заттын керт башынын көптүгүн эмес, аны менен бирге болгон коллективди (Эркебай жана аны менен кошо келген башка адамдар да деген маанини) билдирет.

5) *-лар* мүчөсү туугандык маанидеги зат атоочторго жалганганда, кээде көптүктү билдирсе *(инилерим жаш)*, кээде көптүктүн ордуна туугандык жагынан алыс экендигин билдирет: Бу киши *агаларыбыз* болот. Тиги отурган—*эжелирибиз.*

6) *-лар* мүчөсү сан атоочко, же жашка жана убакытка байланыштуу болгон зат атоочторго жалганганда болжолду билдирет: Жашы *элүүлөргө* барып калган чарчы бойлуу, жээрде сакал чал (К. Жантөшевден). *Саат тогуздарда* конференция өткөрүлөт. Бул иштин аягы *март—апрелдерге* барат го. *Октябрлерде* суук түшүп калат.

Кыргыз тилинде сан атоочтон кийинки зат атоочко *-лар* мүчөсү жалганбайт. Бирок байыркы жана азыркы кээ бир тилдерде сан атоочтон кийинки зат атоочко жалганганы кезигет:

Кырк йыллар эл тутук будунун башладым—Кырк жыл мен эл башкардым. Маңа *төрт йеклер* йакун келти — Мага төрт дөө-пери жакын келди; түркчө: *үч аркадашлар* — үч жолдош, *үч кардешлер* — үч бир туугап.

7) Уруу, уруктун, элдин атын билгизген зат атоочторго жалганганда *-лар* мүчөсү бүтүндүн бөлүгүн билдирет:

Анжыян, көл айланасы жана *казактардан* дагы эл келди (К. Жантөшев). Кыргызстанда *уйгурлар* да жашайт.

8) *-лар* мүчөсү сылыктык мааниде да колдонулат. Мындай учурда *-лар* мүчөсү жалганган сөз төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнөн болот:

а) Экинчи жактын жекелик одоно түрүндөгү жактама ат атоочко жалганат. Мындай учурда ат атооч көптүк маанисинен башка сылыктык мааниде да колдонулат: *Силер* бара-

сынарбы? Мындай конструкциянын көптүк, же болбосо жекелик сылык мааниде колдонулгандыгы сүйлөм тизмегинен, же сүйлөө учуруна карата аныкталат. *-лар* мүчөнүн бул мааниси одоно да эмес, нагыз сылыктык да эмес, экөөнүн ортосундагы ортосаар сылыктык.

б) Тууган-туушкандык маанидеги зат атоочтор.

Эгерде *-лар* мүчөсү таандык мүчөдөн кийин келсе, сыйлагандыкты, кадырлагандыкты, же ал зат атоочтун өзү менен бирге болгон башка адамдарды, алардын коллективин да билдирет: *Жылкычы акемдер* келди. Эгерде *-лар* мүчөсү таандык мүчөдөн мурун келсе, анда жалганган заттын көптүгү билдирилет. *Акелерим* келди.

9) Айрым учурда *-лар* мүчөсү эркелетүү максатында да колдонулат. Мындай учурда зат атооч сан жагынан жалгыз болсо да, *-лар* мүчөсү жалганат, бирок затка сан жагынан таасирин тийгизбейт.

10) *-лар* мүчөсү сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн ар бирине жалганганда ошол топтун башкалардан бөлүнөрлүгүн билдирет: *Эжелер, карындаштар, аталар, агалар, инилер!* Эмгектин өндүрүмдүүлүгү үчүн талыкпай иштейли. Тескерисинче, бир өңчөй мүчөнүн эң аяккысына жалганганда санак иретинде айтылган нерсенин бөлүнөрлүгүн билдирет: Жайкы күндүн нуруна аралашып, көк жашыл тарткан белесте *кой, эчки, козу, улактар* жайылып жатат. *Кулун, тайлар* оюн салып жүрүшөт.

Башка тилдердеги грамматикалык жагынан көптүк маанидеги сөздөр экинчи бир тилге лексикалык мааниси боюнча гана өтөт. Анын грамматикалык көптүк мааниси кийинки тилде билинбейт; көптүк маанини билдирүү үчүн ага кабыл алган тилдин көптүк мүчөсү жалганат. Мындай кубулушту кыргыз тилине орус тилинен оошуп кирген сөздөрдөн көрүүгө болот:

орусча: *рельси-рельсилер, финансы-финансылар, коньки-конькилер, консервы-консервилер, туфли-туфлилер* болуп, буларга да көптүктүн *-лар* мүчөсү жалганат.

Көптүк маанини *-лар* мүчөсүнөн башка төмөнкү мүчөлөр да билдирет:

1) *-ыш.* Бул мүчө—кош мамиле этишти уюштуруучу мүчө. Кыймыл-аракетке бир канча субъектинин катышкандыгын көрсөткөндүгү аркылуу көптүк идеяны билдирет.

Активдер да жер баспай, секирип ойногон аттардан тандап-тандап *миништи* (Т. Сыдыкбеков). Чымчыктар *чыйпылдашып,* чегирткелер *чырылдашат* (К. Жантөшев). Бадага уй айдап келген келин, кыздар, балдар жана кемпирлердин бир катары үйлөрүнө *бара жатышты* (Жантөшевден).

2) *-к*. Бул 1-жактын көптүк түрүнүн мүчөсү; мунун жардамы аркылуу айкын өткөн чактын, шарттуу жана каалоо ыңгайдын көптүк түрү түзүлөт: *биз бардык, биз жазсак, биз жазгай элек* ж. б.

Айкын өткөн чактын биринчи жагынын көптүк түрү байыркы жана азыркы кээ бир түрк тилдеринде *-дымыз//-димиз-тымыз//-тимиз* формасында колдонулган. Байыркы түркчө: *биртимиз—бердик, контуртымыз—кондурдук, бардымыз—бардык, адырылтымыз—айрылдык;* алтайча: *чыктыбыз//чыктык,* өзбекче *ёздик//ёздимиз.*

3) *-ыз//-з*—көптүк маанини билдирүүчү байыркы мүчө. Түркологиялык кээ бир алабияттарда бул мүчө биринчи жактын көптүк түрү (*биз<би-з*) менен экинчи жактын жекелик сылык түрү үчүн колдонулуучу (*сиз<си-з*) жактама ат атоочтордун составында сакталган деп каралат. Бирок *сиз* деген ат атооч кыргыз тилинде жекелик сылык мааниде колдонулгандыгына байланыштуу ат атоочтун бул түрүндө *-ыз* мүчөсүнүн көптүк мааниси сакталган эмес (Башкача айтканда кээ бир тилдерде, мисалы: өзбек тилинде, *сиз* көптүк мааниде колдонулат).

-ыз мүчөсү мындан башка биринчи, экинчи жактын жак мүчөлөрүнүн жана таандык мүчөлөрүнүн составында да бар. Бирок кыргыз тилинде *сиз* деген ат атооч көптүк маанисин жоготкондугуна байланыштуу бул жак үчүн колдонулуучу жак жана таандык мүчөлөр да жекелик сылык мааниде колдонулат. *ат-ым, ат—ыб—ыз, ат-ың, ат-ың-ыз.*

Көптүк маанинин синтаксистик жол менен берилиши

1. Кош сөздөр аркылуу.

1) Эки компоненти тең маани берүүчү кош сөздөр. Булардын компоненттери бир өңчөй түшүнүктөрдү билгизгени менен, өздөрүнүн лексикалык маанилери башка-башка. Бирок жупталып айтылганда жалпыланган маани берет: *идиш-аяк, эрди-катын, жууркан-төшөк, ит-куш* ж. б.

2) Карама-каршы кош сөздөр: *улуу-кичүү, кары-жаш* ж. б. Мындай кош сөздөр да жалпылыкты билдирет. Мисалы, *кары-жаш, улуу-кичүү дебей келишти* дегенде бардыгы келишти деген маанини түшүнөбүз.

3) Көптүк маани кайталама кош сөздөр аркылуу да берилет. Мындай сөздөрдө компоненттер фонетикалык жагынан өзгөрүүгө учурабастан кайталанып айтылат. Көптүк маанинин кайталама кош сөздөр аркылуу берилиши көптүктү бил-

дирүүчү атайын грамматикалык мүчөлөр пайда боло электен мурунку жолдордун бири болуп эсептелет:

Тоюткорубуз толук, *үймөк-үймөк* сары кыр чөптөр бир жылдан экинчи жылга ашып калып турат (Баялинов). *Машина-машина* кылып кездемелерди алып келип колхозчуларга берип жатышат (С. Шимеев).

4) Сынар маанилеш кош сөздөр аркылуу да жалпыланган көптүк маани берилет. Мындай кош сөздөрдүн компоненттеринин бирөө экинчисине тыбыштык жагынан окшош, же окшош эмес болушу да мүмкүн, *эт-мет, сүт-мүт, өгүз-мөгүз, чайпай, китеп-митеп, көйнөк-көнчөк, кир-кок, кыз-кыркын, кийим-кече, койчу-колоң* ж. б.

Кош сөздөр аркылуу берилген жалпылама көптүк маанидеги сөздөргө *-лар* мүчөсү жалганганда алардын түрү, жашы ж. б. жагынан ар түрдүүлүгү, бөлүнөрлүгү билдирилет:

Катын-калач, кыз-кыркындардын бардыгы келе жатышкан аттууга карап калышты (К. Жантөшев). Душманды бир-отоло женип, элиңерге, жериңерге барганда ошо *жетим-жесирлерге, картаң-куртаңдарга* көз салгыла (С. Каралаев). *Идиш-аяктарды* кагыштырып, *кийим-кечектерди* көрүнгөн жакка ыргыта баштайт (Т. Сыдыкбеков). Мине турган аттары, кие турган тондору, *жарак-жабдыктары* камылгалуу болду (Т. Сыдыкбеков). Алар аскерлерге курал, *ок-дарылар* менен да жана *азык-түлүктөр* менен да жардам берип, зор көмөкчү болду (С. Каралаевден). *Тоо-ташгары* саландап турган капчыгай экен (С. Каралаев) ж. б.

2. Көптүк маани берген жогорку сан атоочтор менен зат атоочтун кошулушу аркылуу да берилет. Заттын саны аныктоочтук милдет аткарган сан атооч аркылуу белгилүү болуп тургандыктан, аныкталгычка *-лар* мүчөсү жалганбайт: *бир китеп, беш китеп, он үй* ж. б.

3. Көптүк маани салыштырууга негизделген метафора аркылуу да берилет. Мындай учурда эсепке алынган зат көптүктү билдирген экинчи бир түшүнүк менен салыштырылат:

Дарбыз деген *сайдын ташындай* болуп жатат. Кээ бир чоң-чоң шаарларда *машина жайылган койдой* (дегенде *дарбыз* жана *машинанын* көп экендигин түшүнөбүз).

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган «сан» жана «эсеп» деген зат атоочтор менен «жок» деген сөз бирге айтылган учурда, заттын санынын көптүгү көрсөтүлөт: Биздин колхоздун малынын *эсеби жок.*

Ушул эле *«сан», «эсеп»* деген зат атоочторго жоктукту билгизүүчү *-сыз* мүчөсү жалганган учурда да көптүк маани берилет: Кою *эсепсиз,* ую *сансыз* ж. б.

ТААНДЫК КАТЕГОРИЯСЫ

Ээлөөнүүчү затты жана ээлөөчү жакты көрсөтүүчү грамматикалык категория таандык категориясы деп аталат. *Менин китебим.* Мында илик жөндөмөсүндө турган жактама ат атооч *менин* ээлөөчү жак, буга жараша анын грамматикалык формасын кабыл алып, биринчи жактын таандык мүчөсү улануп турган *китебим*—ээлөөнүүчү зат. Кээде илик жөндөмөсүндө туруп, аныктоочтук милдет аткарган ээлөөчү жак берилбей калса да, аныкталгычка жалганган мүчө аркылуу ээлөөнүүчү заттын кимге таандык экендиги белгилүү болуп турат *китебим—(менин китебим* деген мааниде). Мындай мүчөлөр таандык мүчөлөр деп аталат. «Таандык»» деген термин шарттуу. Ал аркылуу менчиктүүлүк гана эмес, аныктоочтук айкашуудагы бир зат менен экинчи заттын ортосундагы ар кандай карым-катнаштар да берилет.

Аныктоочтук айкашуудагы сөздөрдүн таандык категориясына негизделип байланышы түрк тилдеринин өзгөчөлүгү жана синтаксистик байланыштын өзүнчө бир түрү болгон *кыйышуу* байланышын түзөт. Синтаксистик байланыштын мындай түрү аркылуу сүйлөмдөгү аныктооч жана аныкталгыч болуп милдет аткарган сөздөр өз ара байланышат да, ыраттуу мааниге ээ болот: Адабияттык кечеде *менин китебим окулду* (Адабияттык кечеде мен китеп окулду эмес).

Таандык мүчөгө негизделип түзүлгөн аныктоочтук айкашууда башкаруунун да, ээрчишүүнүн да элементи бар. Мындагы компоненттер бири-бирине өз ара багынуучу абалда болушат. Аныктоочтук милдет аткарган биринчи компонент таандык мүчө жалганган экинчи компонент тарабынан башкарылгандыгынын белгиси катарында илик жөндөмөсүнүн формасын кабыл алат. Тескерисинче, биринчи компонент илик жөндөмөсүндө тургандыктан, экинчи компонентке таандык мүчө жалганат. Илик жөндөмөсүндө турган аныктооч кайсы жакта турса, аныкталгыч болуп түшкөн экинчи компонент да ошо жактын таандык мүчөсүн кабыл алып, аны менен айкашат; таандык мүчөлүү аныкталгыч иликтин мүчөсү жалганган аныктоочту жак жагынан ээрчийт. Демек, аныктоочтогу илик жөндөмөсүнүн мүчөсү башкаруу байланышынын белгиси болсо, аныкталгычтагы таандык мүчө—жак боюнча ээрчишүүнүн белгиси. Ушинтип, таандык мүчө аркылуу түзүлгөн аныктоочтук айкашуулардын компоненттери, бир жагынан, кийинкиси алдыңкысын башкарса, экинчи жагынан, алдыңкысы кийинкисин ээрчитип, экөө бири-бири менен эриш-аркак болуп кыйышып, маташып байланышып турушат.

Кыргыз тилинде таандык маани үч түрдүү жол менен берилет:

1) мүчөлөр аркылуу берилиши:

а) жакчыл таандык *-ым, ың, -ы, -сы* ж. б. мүчөлөрү аркылуу (*китебим, китебиң, китеби*);

б) жалпы таандык *-нікы* мүчөсү аркылуу *(меники, сеники. Абылдыкы, үйдүкү);*

2) аныктоочтук айкаштарда илик жөндөмөсү менен жакчыл-таандык мүчөнүн айкалышы аркылуу (*менин үйүм*);

3) илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн түшүп калышы аркылуу (*кой эти, балдар бакчасы*).

Таандык маанинин мүчөлөр аркылуу берилиши

Таандык категориянын башка түрлөрүнөн бул түрүнүн айырмасы илик жөндөмөсүндө туруучу ээлөөчү сөз айтылбаса деле, ал, таандык мүчө жалганган сөз аркылуу белгилүү болуп турат, мүчө жалганган сөз аркылуу ээленүүчү зат жана ээлөөчү жак берилет.

Таандык мүчөлөр

Жекелик түрү	*көптүк түрү*
1-жак -(ы) м	-(ы) быз
2-жак -(ы) ң	-(ы) ңар
2 -(ы) ңыз	-(ы) ңыздар.
3-жак -ы, -сы	—

Мисалдар:

Жекелик түрү

1) ат-ым	ата-м
2) ат-ың	ата-ң
ат-ыңыз	ата-ңыз
3) ат-ы	ата-сы

Көптүк түрү

1) ат-ыбыз	ата-быз
2) ат-ыңар	ата-ңар
ат-ыңыздар	ата-ңыздар
3) ат-ы	ата-сы.

Жак мүчөнүн биринчи жагынын көптүк түрү менен таандык мүчөнүн биринчи жагынын көптүк түрү, экинчи жактын жекелик сылык жана көптүк түрүнүн жак мүчөсү менен ошол эле жактын таандык мүчөлөрү бир-бирине окшош.

Мындай учурда бул эки категориядагы мүчөлөр өз ара бири-биринен басым аркылуу айырмаланат; таандык мүчөлөргө басым түшөт, жак мүчөлөргө басым түшпөйт:

(биздин) бала-быз, (биз) бала-быз; (сиздин) ат-ыңыз, (сиз) ат-ыңыз; (сиздердин) ат-ыңыздар, (сиздер) ат-ыңыздар; (силер) барды-ңар, (силердин) атыңар.

Таандык мүчөнүн биринчи жана экинчи жагынын жекелик, көптүк түрү чыгышы жагынан, жак мүчөлөр сыяктуу, жактама ат атоочтор менен байланышат. Бирок таандык мүчөлөргө караганда жак мүчөлөрдө алардын ат атоочтук башталкы калыбы толугураак сакталган: *мен-мын, сен-сың*, салыштыр: *мен-ым, сен-ың*.

Биринчи эки жактын көптүк түрүнүн жана экинчи жактын жекелик сылык түрүнүн мүчөлөрү составы жагынан таталал:

-ыңыз<-ың—экинчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү, *-ыз* көптүктүн байыркы мүчөсү;

Биринчи жактын көптүк түрү *-ымыз* болуунун ордуна *-ыбыз* формасында колдонулат. Мунун аягындагы *-ыз* да көптүктүн байыркы мүчөсү, биринчи элементи *-ыб*—таандык мүчөнүн биринчи жагынын жекелик түрүнүн тыбыштык жагынан өзгөргөн формасы (м>б); салыштыр: *казакча мениң атым, биздиң ат—ымыз;*

-ыңар<-ың—экинчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү, *-ар* (д) ар — көптүктүн мүчөсү.

Үчүнчү жак үчүн колдонулуучу *-ы, -сы* мүчөлөрү да теги жагынан ат атооч менен байланышат. Монгол жана тунгус-маньчжур тилдериндеги жактама ат атоочтор менен түрк тилдериндеги ат атоочтор тектеш: монголчо жана тунгус-маньчжурча *би—мен, си—сен,* кийинкисинде үчүнчү жак *и//ин* (ал), *чэ//чэн* (алар) түрүндө берилет. Булардын ичинен *и, чэ*—атооч жөндөмө үчүн, *ин, чэн*—кыйыр жөндөмөлөр үчүн колдонулат. Жөндөмө мүчөлөр ушуларга жалганат. Маньчжур тилиндеги бул ат атоочтор («и» жана «чэ») түнгус тилиндеринин кээ бирөөндө, мисалы, нанай тилинде таандык мүчөгө айланып кеткен. Түрк тилдериндеги *-ы* жана *-сы* да ушулар менен тектеш. Ушундай болууга мүмкүн экендигине бул сөздөрдүн тыбыштык курулуштары да *(-ы~и, -сы~ча)* кайчы келбейт. Анын үстүнө үчүнчү жактагы *и, чэ* ат атоочу нанай тилинде ошол эле жактын таандык мүчөсү катарында колдонулат дедик. Байыркы убакта түрк элдери Бордук Азияда жана кийинчерээк түштүк Сибирь менен Алтайда жашаган мезгилинде тунгус-маньчжурлар менен кандайдыр бир карым-катышта болушуп, жогоруда аталган мүчөлөр ошолордон түрктөргө оошкон.

Мүчөлөр аркылуу түзүлгөн таандык категориясы төмөнкү учурларда колдонулат:

1) Сүйлөөчүнүн көңүлү ээлөөчүгө эмес, ээлөөнүүчү затка бурулса, таандык мүчөлүү аныкталгыч илик жөндөмөсүндөгү аныктоочсуз колдонулат:

Зайыбымдын аты Анархан, *энемдин* аты Ажар, *карындашым* Сакадай. *Досу* кайгы, *сырдашы* жаш, *акылдашы* телмирткен ой (К. Жантөшев). Бул *карындашымды* тамырчы-табыптарга, кожо-молдолорго көрсөтөйүн дедим эле. *Көзүн* сүзө, *кабагын* түйүп, *көкүрөгүн* керип, *сол колу* менен кылычын кармады (К. Жантөшевден).

2) Аныктооч болуучу сөз мурун берилген болсо, аныкталгыч илик жөндөмөсүндөгү аныктоочсуз колдонулат:

Миң адамдан сурасаң, *миңи* миң түркүн айтат. Мен адам болбойм, *аке! Акыңыз* болсо кечиниз (Жантөшев). *Сооода деген* саан уй эмеспи жарыктык, *эсебин* таап иштесе, бат эле көбөйүп кетет («Миң бир түн» жомогунан).

3) Таандык мүчө жалганган сөз каратма сөз катарында колдонулса, анын алдына илик жөндөмөдө туруучу аныктоочтук сөз колдонулбайт:

Сырттаным, мен бул этти бузуп казанга салганча, кичипейилдик кылып, суу алып келе коюңуз!—деди. *О. Кумайыгым,* Эркиниң менен коюң аман болсо... (Жантөшевден). Бара тур, *сиңдим,*—деди Калыйча Маржанкүлгө (Сыдыкбековдон).

4) Айрым учурда экинчи жак үчүн эмес, жалпы айтылганда таандык мүчөлүү аныкталгыч илик жөндөмөсүндөгү аныктоочсуз колдонулат:

Ашыңды ичейин, кадырыңды урайын болуптурсуң (Сыдыкбековдон). Эки доочу бир келсе, *амалыңдын* кеткени, эки оору бир келсе, *ажалыңдын* жеткени (макал).

5) Таандык мүчөлүү сөздөр логикалык жагынан бири бирине ээлөөчү жана ээлөөнүүчү зат болгондо, илик жөндөмөсү көбүнчө колдонулбайт:

Абышкасы кемпирин издеп, атасы баласын эркелетип, эжеси сиңдисин ойнотуп ж. б.

6) 3-жактын мүчөсү кээде таандык маанини эмес, сөздөрдү грамматикалык жагынан уюштуруучу каражат катарында колдонулганда да илик жөндөмөсүндөгү аныктооч берилбейт: *Ким билсини* жок, так эле Жакыптын колунан келди бул иш (Сыдыкбековдон).

3-жактын таандык мүчөсү кээде жак маанисинде эмес, жөн гана колдонулуп калат. Мындай учурда анын алынып ташталышы мүмкүн: Үйдөн сүйлөнгөн сөзгө Курман *көңүл бөлгөнү (бөлгөн)* жок.

Таандык категориянын мүчөлөр менен берилишинин дагы бир түрү болуп *-ныкы* формасы эсептелет: *меники*. Тарыхий жагынан бул форма илик жөндөмөсүнүн мүчөсү *-нын* менен *-кы* мүчөсүнүн айкалышынан турат. Мунун баштапкы толук формасы азыркы кээ бир тилдердин алгачкы жазма эстеликтеринде жана түрк тилинде сакталган. Мисалы, байыркы өзбекче: *сениңки,* түркчө: *сенинки, онунки, бабанынкы* ж. б. Баштапкы бул толук форма азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде илик жөндөмөсүнүн аяккы *«н»* тыбышы түшүп, кыскарган түрдө *-ныкы* (<*-нын—кы*) болуп колдонулат.

Таандыктын бул формасы ээлөөчүнү гана эмес, *-ки* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу түшүп калган ээлөөнүүчү затты да ичине алат. Түшүп калган затты ичине алуу жагынан таандыктын *-ым, -ың, -ы, -сы* формаларына жакын, бирок экөөнүн ортосунда айырма бар. Жакчыл-таандык мүчөлөр ээлөөнүүчү затка жалганып, түшүп калган ээлөөчүнү да билдирсе, *-ныкы* формасы, тескерисинче, ээлөөчүгө жалганып, ээлөөнүүчү затты да ичине алат. Бул жагынан алганда -ныкы таандыктын затташкан түрү болуп эсептелет; жакчыл-таандык мачөлөр менен таандык *-ныкы* мааниси боюнча бирине бири карама-каршы; *менин китебим—китебим* (мында таандык мүчө жалганган бир сөз аркылуу ээлөөнүүчү зат да жана түшүп калган ээлөөчү жак да берилди), *менин атым—меники* (кийинкисинин маанисинде ээлөөчү жак жана (түшүп калган) ээлөнүүчү заттык түшүнүк да бар):

Таандыктын *-ныкы* формасы көбүнчө ээлөөнүүчү зат мурун берилип, аны кийинки сүйлөмдө дагы кайталап отурбоо үчүн жана бул мүчө жалганган сөздөр баяндоочтук милдет аткарган учурда колдонулат:

Бирдики миңге, *миңдики* түмөнгө (макал). *Жылкынын ээси*—Камбар ата, *төөнүкү*—Ойсул ата, *эчкилердики* — Чычаң ата, *үйдүкү*—Заңги баба, *койдуку*—Чолпон ата, *эгиндики*—Баба дыйкан, *устаныкы*—Дөөтү. Айттын тамашасы *элдики,* жамбашы *Шокемдики,* көп болсо териси *меники* (Сыдыкбековдон), Кийиз кимдики болсо, билек *ошонуку* (макал). Береги коктудагы кичине булактын күнгөй тарабындагы *чоң кыштоо—Түнкатардыкы* (Жантөшевден). Кыштоодон төмөнкү жайыктагы *үч ак үй* — Түнкатардын *үч аялыныкы* (Жантөшевден).

Жакчыл-таандык мүчөлөр менен *-ныкы* формасынын ортосунда төмөнкүдөй айырма бар:

1) Айрым учурларда гана болбосо, жакчыл-таандык мүчөлөр ат атоочторго жалганбайт. Бирок диалогдук речте жактама ат атоочтун биринчи жана үчүнчү жагына экинчи жактын таандык мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн:

— Эшик тык-тык.
— Сен ким?
— Мен, эже, ачыңыз.
— *Мениң* ким? (Т. Сыдыкбековдон).
— *Аның* ким?

Биринчи мисалда эшикти тыкылдаткан адам өзү үчүн биринчи жак болуп, *мен* деген жактама ат атооч аркылуу берилген менен, ичтеги адам үчүн логикалык жагынан тыңдоочу. Экинчи мисалда *ал* деген үчүнчү жактагы жактама ат атоочко экинчи жактын таандык мүчөсү жалганган. Мында үчүнчү жактагы адам экинчи жакка тиешелүү болуп көрсөтүлгөн: *аның ким-сенин аның ким?* Таандык мүчө жалганган сөз көбүнчө бирөөнүн карамагындагы ээленүүчү зат катарында, ат атоочтор анын ээлөөчүсү болуп эсептелет: *менин китебим, сенин үйүң*. Таандык мүчө ат атоочторго жалгана турган болсо, грамматикалык бул касиетин жоготот. Ошондуктан аларга таандык мүчө жалганбайт.

Ал эми таандык мүчөнүн *-ныкы* формасы болсо да атоочторго жалгана берет. Анткени андан ат атоочтор өздөрүнүн грамматикалык ээлөөчүлүк касиетин жоготушпайт. *-ныкы* ат атоочторго жалгануу аркылуу ээлөөчү жакты гана көрсөтпөстөн, *ээлөөнүүчү* затты да ичине алат: *менин китебим — меники* ж. б.

2) Жакчыл-таандык мүчөлөр белгилүү жактын грамматикалык формасы катарында эсептелгендиктен, ээлөөнүүчү заттарына жак боюнча тандап жалганат. Ал эми *-ныкы* формасы болсо үч жактын үчөөнө тең жана ат атооч, зат атооч, сан атооч, сын атооч сыяктуу сөз түркүмдөрүнүн баарына жалгана берет. Ошондуктан жакчыл-таандык формаларга караганда мунун колдонулуу чеги кең.

3) *-ныкы* формасы жакчыл-таандык мүчөлөрдөн кийин да жалгана берет. Мындай учурда жакчыл-таандык мүчөлөр аркылуу заттын кайсы жакка таандык экендиги көрсөтүлсө, *-ныкы* аркылуу (айтылбай калган) ээлөөнүүчү зат белгиленет: *сиздин энеңиз—сиздин энеңиздин* ийиги—энеңиздики ж. б.

4) *-ныкы* мүчөсүнүн составындагы *-нын* жөндөмөлүк баштапкы маанисин жоготуп, *-кы* мүчөсү менен бирге, өзүнчө мүчө катарында кабыл алынып калган. Ушунун натыйжасында *-ныкы* формасына жөндөмө мүчөлөр жалгана берет: *меникинин* (<*мен+нын+кы+нын*), *сеникинин* (<*сен+нын+кы+нын*) ж. б. Айрым сөздөрдө үчүнчү жактын таандык мүчөсү гана кабатталып жалганбаса, биринчи эки жактыкы эч убакта кабатталып жалганбайт: *кимиси* (<*ким+и+си*) *кайсысы*<*кай+сы+сы*).

5) Үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен *-ныкы* формасы жөндөмөлөр менен өзгөрүү жагынан да жакын. Бул мүчөлөр жалганган сөздөр жөндөмөлөр боюнча бирдей өзгөрөт да, биринчи эки жактын таандык мүчөлөрү жалганган сөздүн өзгөрүшүнөн айрылат (жөндөлүш схемасына кара).

Таандык категориясынын илик жөндөмөсү менен жакчыл-таандык мүчөнүн айкалышы аркылуу берилиши

Таандык маани илик жөндөмөсүндөгү сөзгө таандык мүчө жалганган сөздүн айкалышы аркылуу да берилет жана ал таандык маанинин берилишинин экинчи жолу болуп эсептелет.

Аныктоочтук айкашуунун таандык мүчө жалганган экинчи компоненти сөз түркүмү жагынан зат атооч, сан атооч, кыймыл атооч, атоочтук, же заттык мааниде колдонулган сын атооч да болушу мүмкүн. Бирок аныктоочтук айкашуудагы компоненттер туш келди эле сөздөрдөн түзүлө бербестен, мааниси боюнча бири-бирине ылайык келүүчү сөздөрдөн болушу керек:

менин китебим, келгендердин бири, Алымдын келиши, Карымшактын айыгышы; Ажардын качары (эч кимдин оюна келген эмес); Зуннахундун күлгөнү, анын баскан-турганы; *аттын жакшысы, иттин жаманы; коноктордун улуусуна* (кайрылды) ж. б.

Таандык категориясынын экинчи түрү көбүнчө *сүйлөөчү* өзү ээлеген затты ага окшогон бир өңчөй башка заттардан ажыратып белгилөө үчүн колдонулат. Таандык категориясынын биринчи түрүндө (*атым*) көңүл ээлөөнүүчү затка гана бурулса, экинчисинде *(менин китебим)* ээлөөчүнүн өзүнө да бурулат.

Кеңири мааниде алганда илик жөндөмөсүндөгү зат—логикалык субъект, таандык мүчө жалганган сөз—анын менчигиндеги объект болот. Экөөнүн бири-бирине субъект-объект болгон мамилеси таандык категориясынын грамматикалык негизги жана жалпы мааниси болуп эсептелет. Бирок таандык мүчөнүн билдирген мааниси баарыдан мурда илик жөндөмөсүндөгү сөз менен таандык мүчө жалганган сөздүн маанисине жана бул экөө бири-бирине кандай карым-катнашта экендигине карата аныкталат.

Таандык мүчөлүү сөз илик жөндөмөсүндөгү сөзгө карата төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Бир заттын экинчи бир затка (жакка) таандык экендигин көрсөтөт:

Мейманданын аттарын куш боолаштырып коюп, мейманканын жанына келип, бир аз турду да, ылдамдай басып алачыгына кирип тез эле кайра чыкты (А. Токомбаевден). *Түлкүбектин кара дөбөтү* баштап айылдагы иттердин бардыгы жогорку колотко карап үрүп калышты (К. Жантөшевден). *Атай Огонбаевдин «Кара өзгөй» деген күүсүн* ойноп берет (Каимовдон).

Кээде, тескерисинче, илик жөндөмөсүндөгү зат маани жагынан таандык мүчө уланып турган затка таандык, ошого тиешелүү болушу да мүмкүн. Мындай тескери учур көбүнчө таандык мүчө жалганган сөз жалпылама мааниде, илик жөндөмөсүндөгү сөз анын составына, карамагына кире тургандай бөлүкчөсү, элементи сыяктуу зат болгон учурда кездешет: *менин өлкөм, менин элим, менин жерим, менин айлым* ж. б.

2) Таандык мүчө жалганган сөз илик жөндөмөсүндөгү затка карата үй-бүлөө, тууган-туушкандык мамиледе экендигин билдирет:

Азиз—*Жапектин таякелеринин таякелери (имиш)* (К. Жантөшев).

Падышанын уулу кыздын сөзүн жерге таштабай, учкаштырып алып бир чөлгө келет («Миң бир түн»).

Санам деген жесир кемпирдин үч уулу, эки кызы боло турган (К. Жантөшев).

Саламат уулунан, айрыкча Султандын Сурмаканынан көзүн албады (Т. Сыдыкбеков) ж. б.

3) Таандык мүчө жалганган сөз илик жөндөмөсүндөгү заттын бир мүчөсү, бөлүмү, үлүшү экендигин, же болбосо бир бүтүндүн бөлүкчөсү экендигин билдирет:

Ээрдин кашына өбөктөй калган Соке эриндерин жаланып, Султандын кебин улады (Т. Сыдыкбеков). Жоктун жону катуу, *өгүздүн мойну* катуу (макал). Мындан үч күн илгери күн катуу бүркөлүп, жакага жамгыр, улуу *тоонун баштарына* кар жаап кеткендиктен, аба ырайы бир далай салкын тартып калган (К. Жантөшев). Анын оң жак *саамайынын* беш өрүм *чачын* учкай кармап, бир саамга тынч турду (Т. Сыдыкбеков).

4) Таандык мүчө аныкталгычтын аныктоочко карата болгон сапаттык маанисин билгизүү үчүн колдонулат:

Оттун жарыгы өндү даана көрсөтпөсө да, жүргөн-турганларды көрсөтүп турат (К. Жантөшев). *Акылдын бөксөсү* толгондо, бир көрүүгө сагынып ошондо келсем (Т. Сыдыкбеков). Азыркы кезде мен көргөн *аттардын тулпары* ушул (К. Жан-

төшев). Аларга караганда биз *көздүүнүн сокуру* экенбиз (К. Жантөшев).

Илик жөндөмөсүндөгү сөздүн таандык мүчө жалганып кайталанышы аркылуу заттын сапаттык мааниси күчөтүлүп көрсөтүлөт:

Адамгалый да *жигиттин жигити,* адамдын гүлү эле (С. Каралаев). Ал *саяпкердин саяпкери* деп өткөн жылы Октябрь майрамынан кийин даңазаланып жүрөт. Бирок *тондун тонун, аттын атын, кишинин кишисин* эл билет (К. Жантөшев).

Таандык мүчө жалганган сөз илик жөндөмөсүндөгү зат менен мейкиндик боюнча байланышта экендигин көрсөтөт:

Кумайык *оттун жанына* келип жата калды (К. Жантөшев). Бир ат, бир куш алып, *Жутакенин алдына* түштү (К. Жантөшев). Мөңгүлүү *тоонун салкын жели* беттен сылап согуп турат (С. Сасыкбаев). Эшигинден эрмен жейт, эстебей *тоонун тулаңын* (Токтогул).

6) Таандык мүчө өзү жалганган сөздүн илик жөндөмөсүндөгү зат менен материалдык байланышта экендигин, б. а. тектик карым-катышын билгизет:

Ал тургай биринин бүктөөсүнөн *төөнүн жүнү* саксайып, чыгдандан күмүш алабакандын учу чыгып, сабанын ордуна чоң кумура оролуп турат (Т. Сыдыкбеков). Алакандын отундай кызыл *музоонун териси* калыптыр (К. Жантөшев). Кумура менен мелт-калт *бээнин сүтүн* далай ирет майыша көтөрүп... (К. Жантөшев). Бирок азыраак жел жүрүп, түтүн суу *отундун түтүнүндөй* быкшыгансып улам каптап уруп турат (К. Жантөшев) ж. б.

7) Таандык мүчө өзү жалганган этиштик кыймыл-аракеттин илик жөндөмөдөгү субъект тарабынан иштелгендигин билдирет:

Менин согуштан *чолок болуп келатканымы* эске алып, ушуга ыраазы болуңуз (К. Жантөшев). *Атчандардын келаткачын* эшик алдында турушуп көргөн катын-калачтар да болушкан (Т. Сыдыкбеков). *Самтырдын келишин* жеке жаш келинчеги эмес, башкалар да күтүштү (Т. Сыдыкбеков).

8) Таандык мүчө өзү жалганган сөздүн илик жөндөмөсүндөгү сөз менен мезгилдик карым-катышта экендигин көрсөтөт: *Кыштын* тутам *күнү* учу-кыйыры чексиз талааны каптадан шыкаалайт. *Жаздын акырында* азоо кунандарды үйрөтүү жөнүндө сөз болуп калды. *Жылдын ысык* мезгили келди. *Ийгиликтин эрте-кечи жок.*

9) Таандык мүчө (жалганган сөз) илик жөндөмөдөгү затка сандык мамилени билдирүү үчүн колдонулат:

Акын Аалы Токомбаев (Балка) советтик кыргыз адабиятын баштоочу *жазуучулардын бири. Жигитинин бирин* төмөн

чоң көпүрөгө карата, *бирин* жогору, *үчүнчүсүн* Пянь-Базарды көздөй чаптырып, өзү бир жигити менен ушул тарапка карай зымырап кетти (К. Жантөшев). *Экинин бирин алдым.*

10) Таандык мүчө заттын (аныктоочтун) ал-абалдык мамилесин билгизүү үчүн колдонулат:

Атасынын өлүмү жана Батманын сөздөрү Сабырга чоң таасир кылды (К. Жантөшев). *Сатылгандын оорусуна* байланыштуу шоок убактылуу токтолуп калды (А. Токомбаев). Үйдүн айланасында сарай эмес, кагылган *казыктын жок турушу* бул үйдө жашагандардын адалдуудан түгү, үрүүгө ити жоктугун ашкере күбөлөгөнсүйт (К. Жантөшев).

Таандык категориянын илик жөндөмө мүчөнүн түшүп калышы аркылуу берилиши

Илик жөндөмөсү аныктоочтук айкашууда төмөнкү учурларда түшөт жана компоненттери маанисине карай өз ара төмөнкүдөй карым-катышта болушат:

1) Аныкталгыч болуп түшкөн зат белги, түр катарында кабыл алынганда, аныктооч илик жөндөмөсүз колдонулат:

Ленин жолу—ташка тамга баскан жол

Нечен кыя, белестерди ашкан жол (К. Турусбеков).

Сейилдеп кайткан кыз-келиндер кыштактын алды жагындагы көгүш тушарга чыгып көйкөлүп турган *буудай талаасын* жээктеп жаткан жалгыз аяк жолдо кызыл-тазыл болуп чубап келатышат (Т. Сыдыкбеков). Бирок капитан Озеров жана бардык артиллерист-боецтер *уруш талаасын* көрүшпөдү (М. Бубенов).

Аныктоочтук айкашуунун компоненттери бир өнчөй мүчөлөрдөн турганда да көбүнчө мүчөсүз колдонулат: *Советтер Союзуна Германия, Англия, Индия жана Бирма делегаттары* келди.

Булардын ар бири семантикасы жагынан өлкөнүн энчилүү аттары болуп, ээлөөчүлөрдөн экендиги өзүнөн өзү белгилүү болуп турат. Бирок азыркы учурунда аныктоочтору конкреттүү ээлөөчүнү эмес, таандык мүчө жалганган аныкталгычтык белгиси катарында колдонулган. Ошондуктан алар илик жөндөмөсүз колдонулду.

2) Компоненттердин өз ара материалдык байланышта экендигин билгизүүчү карым-катышта болгондо да, биринчи компонент илик жөндөмөсүз колдонулат: *тамак өнөр жайы, шампан заводу, чай жыгачы, мал чарбасы, суу чарбасы, жаңгак токойлору, коргошун кени.*

3) Кыргыздын фамилияларынын эскиче берилишинде да биринчи компонент илик жөндөмөсүз колдонулат: *Саламат*

уулу, Кайназар баласы, Калпакбай уулу, Канымет уулу.

4) Аныктоочтук биринчи компонент экинчисин улуту, уруусу, уругу, теги боюнча аныктаганда да, алдынкысы илик жөндөмөсүз колдонулат: *кыргыз комузу, кыргыз эли, кыргыз тоолору, ферси, өзбек тилдери, өзбек мектептери, кыргыз мектептери* ж. б.

5) Аныктоочтук айкаштагы жер-суу аттарынын биринчи компоненти да илик жөндөмөсүз колдонулат. Мындай учурда аныктоочтук айкашуунун биринчи компоненти аныкталгыч болуп түшкөн экинчи компонентинин белгиси катарында кабыл алынат: *Алай району, Ала-Арча сельсовети, Суусамыр жайлоосу, Ош шаары, Сулайман тоосу, Талас өрөөнү, Балкаш көлү, Лангар кыштагы, Ташкент темир жолу.*

Мындай аныктоочтук айкашуунун биринчи компоненти экинчисин орду жагынан да аныктап көрсөтөт:

талаа кызы, шаар калкы, элет калкы, чөл бүркүтү, тоо бүркүтү, суу бүркүтү, айыл аксакалдары, айыл адамдары ж. б.

6) Аныктоочтук айкашуунун компоненттери өз ара биригип келип башка бир сөздүн сапаттык белгиси катарында колдонулганда да, биринчиси илик жөндөмөсүз колдонулат. Мындай айкашуулардын кээ бирөө фразеологиялык айкаштардан да болушу мүмкүн:

Ээ, *баш териси* кандай көрүнөт? Өзү комсомолдо жок, *кой терисин* жамынган бузуку деп Жакыптын үстүнөн каралашты. *Ооз учунан* айтылса да, Бердибайдын бул сөзү ишенимдүү. *Кой оозунан* чөп албаган момун Өскөнбай эч жакка бурулбастан түз үйүнө келди (Т. Сыдыкбеков).

7) Аныктоочтук айкашуунун компоненттери бири-бири менен мезгилдик катнашта да болушат:

1318-санаа, *теке айынын* 5-күнү (К. Жантөшев); *түн ортосу; март айы; август айы; жаз күнү* мемиреп тийгенде; *кыш мезгили* ж. б.

8) Аныктоочтук айкашуунун компоненттери өз ара биригип өлчөмдүк маанини да билгизет:

Адаты боюнча *аркан бою* алдыбыздан жүрөт. *Өмүр бою* шордон арылбай, Саадат закон жолу менен да иш жүргүзүп көрдү. *Кереге бою* көтөрүлгөн убакта. *Асман бою* жогору турат ж. б.

9) Аныктооч менен аныкталгыч өз ара кыймыл-аракеттик карым-катышта да болушат. Мындай учурда да биринчи компонент илик жөндөмөсүз колдонулат:

Сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салуу принциби. *Улак тартыш тамашасы. Жаз чыгары менен.*

10) Жогоркулардан башка аныкталгыч мейкиндик маанисиндеги сөздөрдөн болгондо да, аныктооч морфологиялык атайын көрсөткүчсүз колдонулат: *Эл ичинде* беш кол менен гана санарлык мылтык бар (К. Жантөшев). Карымшак *каш алдынан* шектүү карады. Уюшма үчүн да *ат үстүнө* жүрүшкө киши керек болот (Т. Сыдыкбеков).

Таандык маанини эмес, жакты билдирүү үчүн колдонулганда да таандык мүчө аныкталгычка жалганат; аныктооч болуучу сөз грамматикалык оформлениесиз колдонулат: *Мен келгенимде//келгенде сен* бала элең.

Илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрү татаал сөздөрдү жасоо үчүн, фразеологиялык жана жөнөкөй сөз айкашууларда, речтик айрым түрмөктөрдө да сөздөрдү өз ара байланыштыруучу грамматикалык каражат катарында пайдаланылат; ансыз бул копмоненттер өз ара байланышпайт; аяккы компонентинен таандык мүчөнү алып таштасак, ал айкашуу өзүнчө колдонулбайт: *Эчки-Башы, Чычкан-Башы, Ат-Башы, Карагай башы, элүү башы, миң башы, кор башы, сөз башы, сөз түркүмү, аба ырайы, жаныбарлар дүйнөсү, айыл чарба министерствосу, Памир тоосу, Сахалин жарым аралы, Үлгү колхозу, Чоң-Жар сельсовети, сүйлөм мүчөлөрү, ат жалына казан ас, ооз учунан, ат үстүнөн, мал аягы сегиз, жол азабы—көр азабы, -чы* мүчөсү, *-луу* мүчөсү.

Кыргыз тилинде аныктоочтук айкашуудан кээде таандык мүчө да түшүп калган учуру кездешет.

Таандык мүчө төмөнкү учурларда түшүп айтылат:

1) Ыр уйкаштыгына, муун түзүлүшүнө байланыштуу таандык мүчө түшүп калышы мүмкүн:

Текечинин Ормонбек
Чамбыл белди жердеген,
Баарынан кыйын эр деген,
Бу да жүрдү жол менен
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек
Бу да жүрдү жол менен.
Катагандын Кошойду
Кадырлайлык ошону («Манас»).

2) Иликтеги сөз көптүк түрдөгү ат атоочтордон болсо, аныкталгыч таандык мүчөсүз колдонулушу мүмкүн: *биздин колхоз; силердин колхоз; биздин айыл; сиздин айыл* ж. б. Ал эми аныктооч энчилүү аттардан, же ат атоочтордун жекелик түрүнөн болсо, аныкталгычтагы таандык мүчө түшпөйт; орхон-енисей эстеликтеринде мындай учурда таандык мүчө түшүп калып да айтыла берген:

Менин эр—менин эр (леpим); *Тадыкан чурың боз атыг*— Тадыкан чурдун боз атын (*сөзмө сөзү; боз атты*); *уйгурын көл* — уйгурдун көл (ү) ж. б.

Байыркы түрк жазма эстеликтеринде аныктоочтук айкашуунун биринчи компоненти кээде илик жөндөмөсүз, экинчи компоненти таандык мүчөсүз да колдонулган:

Ышбара Йамтар боз атыг — Ышбара Йамтар (дын) боз ат (ын) (сөзмө сөзү: боз атты); *камуш ара* калмуш—камыш (тын) ара (сында) калган. (Байыркы түрк жазма эстеликтерден);

Таандык мүчөлөр, негизинен, заттын бир жакка таандык экендигин, же аныктооч менен аныкталгычтын ортосундагы ар түрдүү карым-катнаштык мамилени билдирет. Бирок кээде сырткы түрү жагынан гана таандык мүчө болгону менен, жогоркудай өзүнө мүнөздүү маанини билдирбейт. Мындай учурда алар таандык маанисинен ажырайт да, жалганган сөзү менен бирге башка сөз топторуна өтүп кеткен, же болбосо туруктуу сөз тизмегине айланган:

жайы-кышы, кечээ күнү, күндөрдүн биринде, бир күнү, өгүнү, күндүзү, себеби ж. б.

Таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшү

Таандык мүчөлүү сөздөр зат атоочтордун жөндөлүшүнөн башкача болуп жөндөлөт. Булардын ортосунда кандай айырма бар экендигин төмөндө келтирилген жөндөлүш парадигмасынан байкоого болот.

Зат атоочтордун жөндөлүшү

А.	ат	суу	мал
И.	ат-тын	суу-нун	мал-дын
Б.	ат-ка	суу-га	мал-га
Т.	ат-ты	суу-ну	мал-ды
Ж.	ат-та	суу-да	мал-да
Ч.	ат-тан	суу-дан	мал-дан.

Таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшү
биринчи жактын жекелик түрү

А.	ат-ым	суу-м	мал-ым
И.	ат-ым-дын	суу-м-дун	мал-ым-дын
Б.	ат-ым-а	суу-м-а	мал-ым-а
Т.	ат-ым-ды	суу-м-ду	мал-ым-ды
Ж.	ат-ым-да	суу-м-да	мал-ым-да
Ч.	ат-ым-дан	суу-м-дан	мал-ым-дан.

Биринчи жактын көптүк түрү

А.	ат-ыбыз	ата-быз	мал-ыбыз
И.	ат-ыбыз-дын	ата-быз-дын	мал-ыбыз-дын
Б.	ат-ыбыз-га	ата-быз-га	мал-ыбыз-га
Т.	ат-ыбыз-ды	ата-быз-ды	мал-ыбыз-ды
Ж.	ат-ыбыз-да	ата-быз-да	мал-ыбыз-да
Ч.	ат-ыбыз-дан	ата-быз-дан	мал-ыбыз-дан.

Экинчи жактын жекелик түрү

А.	ат-ың	ата-ң	мал-ың
И.	ат-ың-дын	ата-ң-дын	мал-ың-дын
Б.	ат-ың-а	ата-ң-а	мал-ың-а
Т.	ат-ың-ды	ата-ң-ды	мал-ың-ды
Ж.	ат-ың-да	ата-ң-да	мал-ың-да
Ч.	ат-ың-дан	ата-ң-дан	мал-ың-дан.

Эскертүү: Биринчи менен экинчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү жалганган сөздөр илик жөндөмөсүндө: *атымдын//атымын, атыңдын//атыңын;* чыгыш: *атамдан//атаман, ата-дан//атаңан* болуп жөндөмө мүчөнүн башкы үнсүз тыбышы түшүп колдонула берет.

Экинчи жактын көптүк түрү

А.	ат-ыңар	ата-ңар	мал-ыңар
И.	ат-ыңар-дын	ата-ңар-дын	мал-ыңар-дын
Б.	ат-ыңар-га	ата-ңар-га	мал-ыңар-га
Т.	ат-ыңар-ды	ата-ңар-ды	малы-ңар-ды
Ж.	ат-ыңар-да	ата-ңар-да	мал-ыңар-да
Ч.	ат-ыңар-дан	ата-ңар-дан	малыңар-дан.

Үчүнчү жак

А.	ат-ы	ата-сы	малы
И.	ат-ы-нын	ата-сы-нын	мал-ы-нын
Б.	ат-ын-а	ата-сын-а	мал-ын-а
Т.	ат-ы-н	ата-сы-н	мал-ын
Ж.	ат-ын-да	ата-сын-да	мал-ын-да
Ч.	ат-ы-нан	ата-сы-нан	мал-ы-нан.

Зат атоочтун жөндөлүшүнөн мындагы айырма биринчи, экинчи жактын жекелик түрү үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган сөздүн жөндөлүшүндө экендигин келтирилген парадигмадан көрүүгө болот.

Биринчи, экинчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү жалганган сөздөр жөндөлгөндө, барыштын *-га* мүчөсүнүн ордуна *-а* гана колдонулат *(атым-а, атың-а)*. Бул *-а*—барыштын *-га* мүчөсүнүн башкы үнсүз тыбышы түшүп калгандагысы.

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөр I, II жактын таандык мүчөсү жалганган сөздөрдөн башкача болуп өзгөрөт.

Кыргыз тилинде барыш менен жатышта, кээ бир тилдерде чыгыш жөндөмөсүндө да, *-ын, -сын* жөндөмөсүндөгү негиз катарында колдонулат да, жөндөмө мүчөлөр ошолорго жалганат: кыргызча *ат—ын+а, бала—сын+а; ат—ын+да, бала—сын+да;* салыштыр: шорчо *кол—ын+а//кол—ын+га;* түркчө *эв—ин+ден, бала—сын+дан;* алтайча *эне—зин+нен*; шорчо *иче—зи+нен* (б. а. *н+д>нн>н*); кыргызча *ат—ы—нан, бала—сы—нан* деген сөздөр да ушундай. өнүгүш баскычын башынан өткөргөн.

Жогоруда аталган мейкиндик жөндөмөлөрүндөгүдөй эле, өзгөрүүчү негизге башта иликтин мүчөсү да жалганган, бирок ал азыркы кезектегидей *(-нын)* эмес, эски түрк тилдериндеги *-ын* формасында болгон (б. түркчө *каганың-ын* сабын алматын—ханыңдын сөзүн (тилин) албадың). Бирок бул типтеги сөздөр байыркы кыргыз тилинин андан аркы өнүгүш этаптарынын биринде кайра бөлүнүү жана окшошуу закону боюнча таандык мүчөлүү өзгөрүүчү негиздин аягындагы *«н»* тыбышы жөндөмө мүчө жагына ооп, мурдагы *-ын'* дын ордуна *-нын* формасы пайда болгон, кийинкиси байыркы тилдерде үндүүлөр менен аяктаган сөздөргө жалганчу мүчөгө *(-нын)* окшоп калган: *ат-ын+ын>аты-нын;* салыштыр. б. түркчө *ада-ның*—атанын (Ен. эст.). Азыркы түрк тилдеринин кээ бирөөндө, мисалы: осмон-түрк тилинде, жөндөмөлүк негиз *(-ын, -сын)* иликтен тартып, чыгыш жөндөмөсүнө чейин ирети менен сакталган; таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшү боюнча түштүк батыштагы түрк тилдери менен кыргыз тилинин ортосунда айырма деле жок. Жогорудагыдай таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшүнүн бирдей болушу түрк тилдеринин качандыр бир убактагы бирдиктүүлүгүнүн калдыгы. Ошентип, 3-жактын таандык мүчөсү башта эки түрдүү колдонулган: бирөө *-ы* жана *-сы* формасында атооч жөндөмө үчүн, экинчиси *-ын* жана *-сын* формасында кыйыр жөндөмөлөр үчүн жөндөлүүчү негиз катарында пайдаланылган. Ушу эки түрдүү белги таандык мүчөлөрдүн башка тилдерден кабыл алынган бөтөнчөлүктөрүнөн болуу керек. Анткени, жогоруда айткандай, маньчжур тилинде III жактагы ат. атооч *и//ин (ал), чэ//чэн (алар)* формаларында колдонулат; булардын ичинен *и,чэ* атооч жөндөмө үчүн, *ин, чэн*—кыйыр жөндөмөлөр үчүн пайдаланылат.

ЖӨНДӨМӨЛӨР КАТЕГОРИЯСЫ

Зат атоочтор, башка атоочтук сөз түркүмдөрү, же заттык мааниге өткөн сөздөр сүйлөм ичинде келгенде, аларга тигил же бул жөндөмөнүн мүчөсү жалганат да, ал мүчө уланган сөзүн өзүнөн кийинки экинчи бир сөз менен байланыштырып, натыйжада сүйлөмгө ырааттуу, маанилүү мүнөз берилет.

Мисалы: *Мектептин пионерлери экскурсияга чыгышты.* Бул сүйлөмдөгү «Мектептин» деген сөздүн аягындагы *-тин* мүчөсү уланган сөзүн өзүнөн кийинки «пионерлери» деген сөз менен, «экскурсияга» деген сөздүн аягындагы «*-га*» мүчөсү жалганган сөзүн кийинки «чыгышты» деген сөз менен байланыштырып, иреттүү түзүлгөн сүйлөм уюшулду. Эгерде бул мүчөлөрдү алып таштасак, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланышы бузулуп, сүйлөм да байланыштуу маанини бере албай калат.

Уланган сөзүн сүйлөмдөгү экинчи бир сөз менен байланыштырып, алардын ортосундагы грамматикалык мамилелерди көрсөтүүчү мүчөлөр жөндөмө мүчөлөр деп аталат.

Бир эле сөздүн жөндөмө мүчөлөрдүн бардыгы менен өзгөрүшү зат атоочтун жөндөлүшү болот.

Кыргыз тилинде жөндөмөлөр алтоо: *атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш.*

Бул жөндөмөлөрдү негизги берген маанилерине карай *грамматикалык жөндөмөлөр* (атооч, илик, табыш) жана *мейкиндик жөндөмөлөр* (барыш, жатыш, чыгыш) деп эки топко бөлүүгө болот.

Мейкиндик жөндөмөлөр негизинен кыймыл-аракеттин мейкиндиктеги багытын (барыш), турган ордун (жатыш), же чыккан ордун (чыгыш) билдирип, жалпысынан мейкиндик мамилени билдирет.

Грамматикалык жөндөмөлөр болсо грамматикалык мамилелерди билдирет: атооч жөндөмөсү сүйлөмдүн ээсин, илик—бир заттын экинчи бирөөгө таандык экендигин, табыш жөндөмө кыймыл-аракет багытталган тике объектини көрсөтөт. Бирок грамматикалык жөндөмөлөр менен мейкиндик жөндөмөлөрдүн ортосуна туруктуу чек коюуга болбойт: алар бири-бири менен өз ара карым-катнашта. Мисалы, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү көбүнчө *кайда? кайдан?* деген сыяктуу суроолорго жооп берип, мейкиндик маанисин берүү менен, *кимге? эмнеге? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден?* өндүү суроолорго жооп берип, кыйыр объектини да көрсөтүп калат.

Ошол себептүү жөндөмөлөрдү жогоркудай эки топко бөлүү шарттуу гана бөлүштүрүү болуп эсептелет.

Түрк тилдеринде жөндөмөлөр сан боюнча бирдей эмес: кыргыз, өзбек, башкыр, кумык, түрк (турция) ж. б. тилдерде—*алтоо;* казак, шор, чуваш тилдеринде — *жетөө;* алтай, хакас, якут тилдеринде — *сегиз.*

Дүйнө жүзүндөгү тилдерде жөндөмөлөрдүн сан жагынан ар түрдүү болушу, негизинен, төмөнкү кырдаал менен түшүндүрүлөт: көпчүлүк жөндөмөлөр көп маанилүү келет да, айрым тилдерде ал маанилер бир гана жөндөмө менен берилет, натыйжада бир тилде жөндөмөнүн саны аз болсо, экинчисинде көбүрөөк болуп калат. Мисалы: хакас тилиндеги дательный (барыш) *(атха),* направительный (багыт) *(атсар-*«атка карай» деген мааниде) падеждердин маанисин кыргыз тилинде жалгыз барыш жөндөмөсү гана берет. Якут тилиндеги *курал* (орудийный падеж), *биргелешүү* (совместный пад.) жөндөмөлөрүнүн мааниси казак, шор, алтай, хакас тилдеринде бир гана *курал* (орудийный, творительный, творительно-совместный пад.) жөндөмөсү аркылуу берилет. Якут, алтай тилдериндеги *салыштырма жөндөмө* (сравнительный пад.) кыргыз тилинде сын атоочтун салыштырма даражасы менен берилет.

Жөндөмөлөрдүн мааниси

Жөндөмө мүчөлөр менен, негизинен, зат атооч, ат атооч, субстантивдешкен сын атооч, атоочтук жана кыймыл атоочтор өзгөрөт. Жөндөмөлөрдүн бере турган маанилери эң эле бай жана ар түркүн.

Атооч жөндөмөсү. Мунун өзүнө тиешелүү мүчөсү жок. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр дайыма жекелик, көптүк түрдө, же таандык формада турат да, башка жөндөмөлөрдүн уюшулушуна база болот. Маани жагынан адамдын, буюмдардын, кубулуштун атын билдирет.

Атооч жөндөмөдөгү сөздөр сүйлөм ичинде көбүнчө ээлик милдетти, кээде баяндоочтук милдетти аткарат:

Данияр менен Жамийла... темир жолдун разъездин көздөй ылдам басууда (Ч. Айтматов). Бир кезде *атым* тык токтой калды (К. Баялинов). *Билим*—таалай, *билим*—ырыс, *билим*—кен. *Билим*—кайрат, *билим*—кубат, *билим*—дем (Н. Байтемиров).

Айрым учурда атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч экинчи бир зат менен ыкташып байланышып, аныктоочтук милдетти аткарып калат:

Сол жаккы чөнтөгүнөн *күмүш* саатын алып, акырын ачып жулагына тыңшап, кайта салды (К. Жантөшев). Ийиндеринде

кайыш курлар арчындалып, жаң жагында тапанча илинген («Чапаев»).

Атооч жөндөмөдөгү зат атооч сүйлөм тизмегинде өзгөчө интонация менен айтылып, айтылуучу ой тикеден-тике ошого багытталса, каратма сөз катары келет:

Эмгек кылгыла, *жолдоштор!* (К. Баялинов).

—*Балдар,* силер жылкыны айдап, бала-чака менен кете бергиле (К. Баялинов).

Илик жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилинде илик жөндөмөнүн мүчөсү *-нын* (варианттары менен). Орхон-енисей эстеликтеринде үндүүдөн кийин *-ның, -ниң,* үнсүздөн кийин *-ың, -иң* түрүндө колдонулган: *чит йабаның (чит йаба -ның)* —чек аранын; *каганың (каган-ың) -хандын, бегиң (бег-иң) —бектин.*

Илик жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде дайыма аныктоочтук милдетти аткарат да, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет: *Карабайдын коюн* он сегиз жылча бактым (К. Баялинов). *Батманын* жалгыз *көк өгүз* ашууда калган (К. Баялинов). *Тотойдун үйү* жанаша жерде (Ч. Айтматов). Ошентип *Курмандын аты* чыгып келди. *Мырзабектин күлүгү* байгеге илинбептир (К. Баялинов).

2) Эгерде аныкталгычы, же болбосо эки компоненти тең туугандык маанидеги сөздөрдөн болсо, кандайдыр бир туугандык-туушкандык мамилени билдирет:

Табылды — *атамдын* бир тууган *иниси* (К. Баялинов). Ал — *Ажардын энесинин* мүрзөсү (К. Баялинов). Ал *кыздын энеси эле* (Ч. Айтматов). Анда *Ысмайылдын таякелери* бар (Ч. Айтматов).

3) Иликтеги сөз орундук мааниси, андан кийинки аныкталгычы кесипчиликти билдирсе, аныкталып турган заттын кайсы жерде иштегендигин билдирет:

Тарбыячы мени *мектептин директоруна* ээрчитип кирди («Жаш ленинчи»). *Сельсоветтин чабарманы* мени да... чакырып келиптир (Ч. Айтматов). *МТСтин агроному* өзгөчө «Беш-Таш» колхозуна токтолду (Ч. Айтматов). Жапар *райкомдун инструктору* болуп иштөөчү (К. Баялинов).

4) Илик жөндөмөдөгү сөз бүтүн нерсени, аныкталып турган зат ал бүтүндүн бир бөлүкчөсү экендигин билдирет:

Чокоюмдун таш таманы ыдырап түшүп калыптыр (К. Осмоналиев). *Буурусундун тишин* атам өзү эле куюп алып жүрөт го (К. Осмоналиев). *Баланын жүрөгү* шуу дей түштү (К. Баялинов).

5) Аныкталып турган заттын эмнеден жасалганын, тегин билдирет:

Кургак-Сай кыштагындагылар кышында *кардын суусун* ичишчү. Азыр ал жерде водопровод келтирилген. *Ак буудайдын унунан* нан жасашты. *Зыгырдын майын* сатып келиптир.

6) Иликтеги сөз орундук, же мезгилдик мааниде болсо, аныкталгычтын кайсы территорияга, кайсы мезгилге тиешелүү экендигин билдирет:

Бизди *Фрунзенин эмгекчилери* тосуп чыкты (К. Баялинов).

Оштун пахтачылары да, Тянь-Шандын малчылары да быйыл зор жетишкендиктерге ээ болушту. Зуннахун бек Каныбекти *Кашкардын түрмөсүнө* салдырат (К. Жантөшев). *Майдын* кечки салкын *жели* сокту (К. Баялинов).

7) Илик жөндөмөсүндөгү сөз аныкталгыч билдирип турган сапаттын, касиеттин кимге, эмнеге тиешелүүлүгүн билдирет. Мындай учурда аныкталуучу сыпаттык маанидеги сөздөрдөн болот: Мейли, чачырай берсин, андан *кишинин сулуулугу* кемийт беле! (Ч. Айтматов). *Дүйнөнүн тазалыгына, адамдын тазалыгына* рахмат! дедим (Ч. Айтматов).

Сулайман менен Чынгыс *аттын жакшысын* миништи (К. Осмоналиев).

8) Аныкталгыч атоочтук, кыймыл атооч, же этиштен жасалган зат атоочтон болсо, иликтеги сөз ошол аныкталгыч билдирип турган кыймыл-аракеттин логикалык субъектиси, же объектиси экендигин билдирет. Кыймыл-аракеттин объектисин билдиргенде, иликтеги сөз табыш жөндөмөнүн маанисин да берет.

Балким, *Антондун айтканы* туура чыгар (К. Баялинов).

...Акбардын айткандары абдан туура (А. Убукеев). Алыстан-алыстан *карышкырлардын улуганы* угула баштады. (К. Баялинов). Кеңешмеде мамлекетке эт тапшыруу боюнча алынган *милдеттенменин орундалышы* талкууланды (=*милдеттенмени орундоо*). Ош областынын пахтачылары *түшүмдүн жогорулашы* үчүн талыкпай эмгектенип жатышат (=*түшүмдү жогорулатуу*).

9) Кээде илик жөндөмөнүн мүчөсү кайталанып удаа айтылган эки сөздүн биринчисине уланып, аны кийинки аныкталгычы менен бирге алганда, күчөтүү маанисин берет:

Ал ошол үчүн *кыраандын кырааны* (К. Осмоналиев). Бул ат—*күлүктүн күлүгү*.

Айрым учурларда илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп калып да айтыла берет.

Эгерде аныкталып турган заттын кимге, эмнеге таандык экендигин так жана баса көрсөтүү керек болсо, иликтеги сөз мүчөлүү айтылат: *мектептин* багы, *совхоздун* малы, *колхоздун* жумушу.

Эгерде аныкталып турган заттын илик жөндөмөдөгү затка тиешелүүлүгү конкреттүү эмес, жалпы планда көрсөтүлсө, мүчөсүз айтылат:

Булбул үнү мурункудан алда канча жакындады (К. Жантөшев).

Эр эмгегин жер жебейт. *Аргымак* мойнун ок кесет, *азамат* мойнун жок кесет. *Ач* кадырын ток билбейт, *оору* кадырын соо билбейт (макалдар).

Илик жөндөмөдөгү сөз аныкталуучу затты өзүнө окшош башка заттардан айырмалоочу белги катарында колдонулганда да, мүчөсүз айтылат. Мындай учурда ал иликтин суроосунан башка кээде *кайсы?* деген суроого да жооп бере берет:

Кыргызстанда *шаар* калкынын саны өсүүдө. Оюн-зоок кечесине *мектеп* балдары катышты.

Иликтин мүчөсү түшүп айтылган аныктоочтук айкаштардын бир катары тилдин өсүш процессинин натыйжасында улам калыптанып отуруп, маани жагынан бири-биринен ажырагыс сөз айкашына айланып кеткен. Алардын компоненттери бири-бирин маани жагынан толуктап турат. Эгерде бирөө экинчисинен ажыратылса, бирдиктүү мааниси бузулат, ошондуктан андай сөз айкаштары синтаксистик жагынан айрым талданбастан, сүйлөмдүн бир мүчөсү катары каралат:

Март айы жаанчыл болду. Биздин мектептин окуучулары *окуу жылын* ийгиликтүү аякташты. Мектептерде *кыргыз тилин* окутуу иши жакшырды.

Барыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилиндеги мүчөсү **-га.** Орхон-енисей эстеликтеринде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөнкүдөй формада кездешет:

1) *-га, -ге, -ка, -ке; орызга*—ырыска; *йазыка*—жайыкка, *йирке*—жерге.

2) *-а, -е*—жактама ат атоочтон жана I, II, III жактын таандык мүчөлөрүнүн жекелик түрүнөн кийин: *маңа*—мага; *сизе*—сизге, *каганына*—ханыңа, *йириңе*—жериңе, *марыма*—мугалимиме, *черигиңе*—армиясына. Бирок 1-жактын таандык мүчөсүнөн кийин барыш жөндөмөсүнүн *-ка, -ке* формасы да улана берген: *оглумка*—уулума, *элимке*—элиме.

3) Орхон жазмасында барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү *-гару, -геру* формасында да колдонулган. Бул эки мүчөдөн турат: *-га, -ге*—барыштыкы+*ру*—багыт жөндөмөсүнүкү: *огузгару*-огузга, *ильгеру*—алдыга, чыгышка.

4) Барыш жөндөмөсү *-йа* формасында да колдонулган: *йырайа*—түндүккө, *курыйа*—батышка, *берийа*—түштүккө.

Барыш жөндөмөсүнүн байыркы-*гару (-ру)* мүчөсү кыргыз тилинде калдык катары төмөнкү сенек тактоочтордо сакталып калган: *жогору, илгери, тышкары, ичкери, ары, бери.*

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр өзүнүн жана аны башкарып турган этиштин лексикалык маанисине ылайык, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Кыймыл-аракеттин кимге, же эмнеге багытталгандыгын, жеткендигин билдирет:

Мен бир күнү ушул кепти *Алиманга* айттым (Ч. Айтматов). Эртеси биз *абышкага* келдик (К. Баялинов). Ыйса жүгүргөн бойдон *Бакирге* келди (К. Осмоналиев).

2) Кыймыл-аракет кимдин, эмненин пайдасына аткарылгандыгын, кимге арналгандыгын билдирет:

Мектепке окуу куралдарын алдык. *Балдарга* күрмө-шым жасашат (К. Осмоналиев). *Эркектерге* чепкен тигишет (К. Осмоналиев). Ударник *жылкычыларга* сыйлык берди (К. Баялинов).

3) Бирөөнүн кандай ишке, уюмга, кызматка тартылганын, дайындалгандыгын билдирет:

Султанды *бригадирликке* шайлашты. Биздин цехтеги алдыңкы жумушчулар *партияга* өтүштү.

4) Кандайдыр бир нерсе куюлган, салынган, орун алган затты көрсөтөт:

Кожоюн апендиге кичинекей *чыныга* чай куюп койду. Биз *кайыкка* түшүп, жээкке жөнөдүк (К. Баялинов).

— Макул, а буларды *капка* ким шыкады («Апендинин жоруктары»).

5) Барыш жөндөмөсүндөгү сөз мейкиндик мааниде болсо, аны башкарып турган этиштин маанисине ылайык кыймыл-аракеттин багытталган, жеткен, же болгон ордун билдирет:

Жаштар *шаарга* келишти (К. Баялинов). Саадат *үйүнө* шашылды (Ч. Айтматов). Поезд *Казан вокзалына* токтоду. *Кырманга* каш карайганда жеттим (Ч. Айтматов). Жамийла отурган *ордуна* катып калды (Ч. Айтматов).

6) Кыймыл-аракеттин качанга чейин созулар мезгилин билдирет. Мындай учурда барыштагы сөз мезгилдик маанидеги сөз, же сөз айкаштарынан болот:

Ал Москвага *бир айга* кетти. Беш күнгө уруксат алды.

7) Заттын өсүп жеткен чегин, өлчөмүн, бааны билдирет: Жылкыларыбыз *бир жарым миңге* барды (А. Убукеев). Макең быйыл *алтымыш үчкө* келди (С. Карачев). Бул китепти *бир сомго* алдым. *Алтыга* сатып, *бешке* алган соодагердин адаты (макал).

8) Барыш жөндөмөдөгү сөз кыймыл атоочтон болсо, максаттык маанини берет:

Эмилбек Сакадайдын үйүнөн угулган күлкүгө кулагын түрө, жабыгынан *шыкаалоого* жүгүрүп кетти (К. Осмоналиев). Азыр ошолордун ишин *көрүүгө* бара жатам (К. Жантөшев). Бир күнү апенди өзүнүн достору менен *тамаша кылышка* тоого чыкты.

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук, орун, мезгил, максат бышыктоочтук милдетти аткарат.

Болгон иштерди мен *директорго* айтармын (К. Баялинов). (Кыйыр толуктооч). Султан *бир айга* командировкага кетти. Эмилбектин эркелиги *узакка* созулган жок (К. Осмоналиев). (Мезгил бышыктоочтор). Биз *Чолпон-Атага* келдик (К. Баялинов). (Орун бышыктооч). Менин оюмча, ушул иштерди *акылдашууга* кетсе керек (К. Жантөшев) (Максат бышыктооч).

Ырда муундун саны ашып кетпесин үчүн, кээде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүрүлүп айтылат:

Көкөтөйдүн Бокмурун
Үч *Каркыра* конду де.

* * *

Азыр *Манас* баралы,
Айдап жылкы алалы («Манас»).

Байыркы түрк тилинде жөндөмөлөр маани жагынан бири-биринен так ажыралып чектелбеген, натыйжада бир жөндөмө экинчисинин маанисинде колдонула берген.

Барыш жөндөмө кээде жатыш жөндөмөнүн маанисинде колдонулган:

Күл тигин (алты отуз) *йашына* кыркыз тапа сүледимиз— Күл тигин жыйырма алты *жашында* биз кыргыздарга жүрүш жасадык (Кб, 34—35).

...*йазыңа* огузгару сү ташыкдымыз—*жазында* армиябыз менен огузга каршы чыктык (Кб, 48).

Барыш жөндөмө чыгыштын маанисинде да колдонулган:

Каныма элиме йыта адырылтым — Мен *ханымдан, мамлекетимен* айрылдым («Элегеш» эстелиги).

Барыш менен жатыш жөндөмөсүнүн бири-бири менен алмашып келүүсү азыркы кыргыз тилинде да кезигет:

Үйдүн ичине (үйдүн ичинде) шаттуу күлкү өкүм сүрдү (К. Бектенов).

Жамийла *жолдун ортосуна (жолдун ортосунда)* селейип катып калды (Ч. Айтматовдон).

Таабалды *чайханага (чайханада)* жатып жүрдү (К. Бектенов).

Табыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилинде мунун мүчөсү **-ны** (варианттары менен).

Орхон-енисей эстеликтеринде табыш жөндөмөсүнүн үч түрдүү мүчөсү кездешет:

1) зат атоочтон кийин *-ыг, -иг, -г—будуныг*—элди, *күмүш-иг*—күмүштү, *эльчиг*—элчини;

2) ат атоочтон кийин *-ны, -ни: буны*—муну, *бизни*—бизди;

3) таандык уландылардан кийин *-ын, -ин, -н: кызымын*—кызымды, *йегинимин*—жээнимди, *ташын*—ташын.

Табыш жөндөмөсүнүн байыркы *-ыг* мүчөсү азыркы монгол тилинде кездешет: *малы*—малды, *авыг*—атаны.

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр өзүнүн жана аны башкарып турган этиштин лексикалык маанисине карай, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Көбүнчө кыймыл-аракет түздөн-түз багытталган затты билдирет: Азыр ал *трактору* жүргүзөт (Ч. Айтматов). Зуурakан *кызылчасын* үч ирет түптөдү, жумшартты (К. Баялинов). Биз *жылкыларды* төмөндөтүп айдап түштүк (К. Баялинов).

2) Кыймыл-аракет бүтүндүн бир бөлүгүнө жумшалганын билдирет:

Менин *башымды* тумандаган ой уялады (К. Бектенов). Зубков *колун* өйдө көтөрдү эле, чуу токтоду (К. Бектенов). Бутунун *башын* карап, эки *алаканын* ушалай кетти (К. Жантөшев).

3) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз орундук мааниде болсо, мейкиндик, орун-аралык маанидеги объектини көрсөтөт: Ажар *Какшаалды* бет алды (К. Баялинов). Шамбет *талааны* кыдырды, *кыштакты* аралады (Т. Сыдыкбековдон). *Коктуколотту* туман басты (К. Жантөшев). Андан соң *айланаңы* кайтадан жымжырттык басты (К. Баялинов).

4) Мезгилдик маанидеги объектини көрсөтөт:

Пионерлер жайкы *каникулду* көңүлдүү өткөрүштү. Биздин колхозчуларыбыз быйыл да *жазды* жарыш менен, *күздү* күрөш менен өткөрүштү.

5) Өлчөм-мейкиндик маанисиндеги объектини билдирет: *Беш километрди* бастык. *Бир чакырымды* жүрдүк.

6) Сан-өлчөмдүк маанидеги объектини көрсөтөт:

Бир тоннаны бир сузат экен. *Анча-мынчаны* биз да түшүнөбүз... (А. Убукеев).

Бирок иштеп жүрүп, мынабу *тогуз сомду* жыйнадым. («Апендинин жоруктары»).

Табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде дайыма тике толуктоочтук милдетти аткарат.

Башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да табыш жөндөмөсүндөгү сөздөр кээде мүчөлүү, кээде мүчөсүз

айтыла берет. Көбүнчө төмөнкү учурларда табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшпөй айтылары байкалат:

1) Табыш жөндөмөдөгү сөзгө логикалык басым түшүрүлүп, сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн өзгөчө белгиленип айтылса:

—*Ишти* бүтүрүп салдым (К. Бектенов). Окуу башталганча *мектепти* ондоп бүтөбүз (К. Баялинов).

2) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз энчилүү аттардан болсо: Бир күнү мен *Султангазыны* издеп, ошо короого бардым (К. Баялинов). Орустун мындай кубанычтуу айткан сөзү *Күмүштү* толкундатты (К. Баялинов).

3) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз ат атоочтордон болсо:

Силерди көпкө күттүк. Тилеке *аны* утурулай басты (К. Бектенов).

4) Табыш жөндөмөдөгү сөз менен аны башкарып турган этиштин аралыгына сүйлөмдүн башка мүчөлөрү келип, экөө бири-биринен обочо турса, ал экөөнүн ортосундагы грамматикалык байланышты сактоо максатында табыш жөндөмөсүндөгү сөз дайыма мүчөлүү айтылат:

Кароолчуларды ар кайсы шектүү жерлерге чыгардык (К. Баялинов). Менин мырзам *буудайды* жанагы сен жолуккан тушка айдаган (К. Бектенов). Жеңем *нанды* азыр алып келет (К. Жантөшев).

5) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз аягына таандык мүчө уланган зат атоочтордон болсо:

Тиги *тамагыңды* алып ич да, *сабагыңды* даярда (К. Жантөшев). Мен жээкке *радиоприёмнигимди* ала чыктым (К. Баялинов). Эне *кабагын* бүркөдү (К. Осмоналиев).

6) Табыштагы сөз субстантивдешкен сын, сан атоочтордон, атоочтуктардан болсо:

Жакшыны сөз өлтүрөт, *жаманды* таяк өлтүрөт. *Акылсызды* оңго тартсаң, тескери качат (макалдар). Эптеп *бешинчини* бүтүрдү (Т. Сыдыкбеков). Дептерден *онду* алдым. Карга *көргөнүн* чокуйт, молдо *билгенин* окуйт (макал).

7) Табыштагы сөз кыймыл атоочтордон болсо:

Бул жолу жеңемди *кызганып корууну* да унуткан экенмин. (Ч. Айтматов). Султан алардан *өч алууну* ойлоду. Ал *коркууну* билбейт.

8) Табыштагы сөз кайталама кош сөздөрдөн болсо:

Үй-үйдөн чыгып, *көчө-көчөнү* бойлоп, чоң короону бет алып чубаган жан (Т. Сыдыкбеков).

Ызгардуу муздак жел согуп,
Тоо-тоону туман чалыптыр (А. Үсөнбаев).

9) Табыш жөндөмөсүндөгү сөздүн алдында шилтеме ат атоочтон турган, же *-гы, -кы* мүчөсү жалганган орундук, мезгилдик маанидеги аныктоочу болсо:

Мугалимдер да *мектептеги дубал газетаны* мага кооздотушчу (Ч. Айтматов).

Кечээки баланы көрдүм (М. Абдукаримов).

Мен *ал кишини* жөнөтө албай калдым.

Тигил жигитти комсомол комитетинин секретары кылып шайладык.

10) Табыштагы сөз башкарып турган этиш сөзүнөн кийин келсе:

Кары билет *кааданы,* карчыга билет *сонону* (макал).

— Нуке, —дедим үйдөн узай бергенде,
Билесизби, Толубайдай *сынчыны*?
—Билем, —деди камчыланып теминип,
Туулалекте сынчу экен *жылкыны* (А. Токомбаев).

Кээде табыш жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калып да айтыла берет. Көбүнчө төмөнкү учурларда түшүп айтылары байкалат:

1) Табыш жөндөмөсүндөгү сөз түздөн-түз байланышкан этиш сөзүнүн алдына жайланышса, көбүнчө мүчөсүз айтылат. Эгер байланышкан сөзүнөн оолак туруп, алардын арасынан сүйлөмдүн башка мүчөлөрү орун алса, дайыма мүчөлүү айтылат.

Салыштырыңыз: Колуңуздар бошобойт, бирок ошондо да *убакыт* табуу керек (К. Баялинов).

Колуңуздар бошобойт, бирок *убакытты* ошондо да табуу керек.

Күндүзү *элик* атышты (А. Убукеев).

Эликти күндүзү атышты.

2) Табыш жөндөмөсүндөгү зат мурун белгисиз заттардан болсо, мүчөсүз айтылат, эгер белгилүү зат болсо, мүчөлүү айтылат.

Салыштырыңыз: Кечээ мен *бир киши* көрдүм.
Кечээ мен *бул кишини* көрдүм.

3) Эгерде көңүлдүн борбору кыймыл-аракетке бурулуп, ал этиш сүйлөмдөгү башка сөздөргө караганда логикалык басым менен айтылса, табыштагы сөз мүчөсүз айтылат:

Сонун *акыл тапты* (К. Жантөшев). Ажар жанынан жарты боо *ширеңке тапты* (К. Баялинов). Кайда жибергенер мейли, бирок стансага *эгин ташыбайм* (Ч. Айтматов).

Тескерисинче, логикалык басым табыш жөндөмөсүндөгү сөзгө түшүп, ал сүйлөмдөгү башка сөздөрдөн өзгөчө белгиленип айтылса, мүчөлүү айтылат:

Биз өтө тездик менен алга жылып, *бандаларды* курчап алдык (К. Баялинов). Эртеси биз *абышканы* таптык (К. Баялинов). Бирок аларга баш-көз болгон *кишилерди* кармаш керек (К. Бектенов).

Эскертүү: Кээде табыш жөндөмөсүндөгү сөз өзүн башкарып турган этиш сөздүн дал астына жайланышкандыгына карабастан, мүчөлүү айтыла берет: Менин бул тажрыйбам жакшы *натыйжаларды* берди (К. Баялинов).

Ошондой эле, кээде табыштагы сөз белгисиздик мааниде болсо да, мүчөлүү айтылып калат:

Бая күнү *бир кийикти* атып жибердим, огум кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти («Жээренче чечен»).

Мындагы асты сызылган табыш жөндөмөдөгү сөздөрдүн *(натыйжаларды, бир кийикти)* мүчөлүү келиши ал сөздөрдүн логикалык басым менен өзгөчө белгиленип айтылышы аркылуу түшүндүрүлөт.

4) Сүйлөм ичинде бир өңчөй тике толуктоочтор болсо, стилдик ыкка карай, кээде эң аяккы толуктооч гана табыш жөндөмөсүндө келип, калгандары мүчөсүз айтылат: *Кийиз, шырдак, жууркандарын* жайып койгон (К. Баялинов). Капитан өтүгү менен карды тээп, *араа, балталарды* бирден чыгара баштады (К. Жантөшев).

5) Ырларда муундун саны ашып кетпесин үчүн, кээде табыштын мүчөсү түшүрүлүп айтылат:

Аккула сүрөп чыгарып,
Абийирди минтип алсам деп.
Арыстан Манас кабылан
Бокмурун чаап алам деп («Манас»).

Жатыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилиндеги мүчөсү—-да (варыанттары менен). Орхон-енисей эстеликтеринде да *-да, -де, -та, -те* формасында колдонулган:

буңда-мунда, *сизде, белимте*-белимде, *йашынта*-жашында.

Жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөр, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Жатыш жөндөмөдөгү сөз предметтик мааниде болсо, кыймылдын, абалдын, кимде, эмнеде экендигин билдирет: *Алымбекте* кандай иши бар экен? (К. Осмоналиев). *Бутунда* кончу саймалуу намыркен маасы (К. Осмоналиев). Бирок *колдо* эчтеке жок (Ч. Айтматов).

2) Жатыштагы сөз мейкиндик маанидеги сөздөрдөн болсо, кыймыл-аракеттин болгон ордун көрсөтөт:

Ат-Башыда үч айча туруп калдык (К. Баялинов). *Кыштакта* бир да жан жок (К. Баялинов). Айнагүл *министерстводо* секретарь болуп иштейт (Ч. Айтматов).

3) Жатыштагы сөз мезгилдик мааниде болсо, же атоочтуктардан болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт:

Күздө кой кыркуу ошол жерде өтөт (А. Убукеев). Эмилбек Саадайдыкына экинчи жолу *кеч бешимде* кайрылды (К. Осмоналиев). Өткөн *кышта* Калбыктын короосунан чыгаша болгону жок (А. Убукеев). Султанга Оштон келе жаткан да жолуккам. Поезд *саат үчтө* жөнөйт экен. Ал *он алтысында* ата-энеден жетим калат (К. Жантөшев).

Жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук, орун жана мезгил бышыктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарат:

Ооба, ооба, касиет *карыда* (А. Токомбаев).

Азырынча бул он кой сенин *мойнуңда* (Н. Байтемиров). Кичүү иним *айылда.*

Жатыш жөндөмөсүндөгү сөзгө *-гы//-кы* мүчөсү жалганганда, аныктоочтук милдетти аткарат: Күн батып, жер карангылап, *көктөгү* жылдыздар биринин артынан бири көз ымдап жымыңдай баштады. *Фрунзедеги* эт комбинаты жылдык планды ашыра орундатты.

Орхон-енисей эстеликтеринде *жатыш жөндөмөсү* кыймыл-аракеттин багытын көрсөтүп, *барыш жөндөмөнүн* маанисинде да колдонулган:

Өңре *Кутанда,* бирийе *Табгачда,* куруйа *курданта,* йурайа *Огузда,* эки үч биң сүмүз, келтечимиз... (Т, 14)—Биз чыгышта *киданларга,* түштүктө *табгачтарга,* батышта *курдандарга,* түндүктө *огуздарга* эки-үч миң армия менен келишибиз керек.

Ал эми *жатыштын чыгыш жөндөмөнүн* маанисинде колдонулушу өтө көп учурайт:

...Табгачда адурултy... (Т, 2)—*Табгачтан (Табгач мамлелетинен)* бөлүндү. *Куркузда* йантумуз (Т, 29)—*Кыргыздан* кайттык. ...табгач *каганта* бедизчи келүртим... (Км, II) — табгач *ханынан* усталарды алып келдим.

Жатыш менен барыш жөндөмөнүн алмашылып колдонулушу азыркы кыргыз тилинен да учурап калат:

Көргөзмөдө (көргөзмөгө) миңден ашык китептер, таблицалар... коюлган («Советтик Кыргызстан»).

Асфальтталган сүмбөдөй түз *көчөдө (көчөгө),* Сонун үйлөр жаралышкан кайрадан (А. Токомбаев).

Чыгыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилиндеги мүчөсү *-дан* (варианттары менен).

Орхон-енисей эстеликтеринде чыгыш жөндөмөсү көп кездешпейт. Анда жатыш жөндөмөсү өзү менен байланышкан

этиштин семантикасына карай чыгыш жөндөмөнүн да функциясын аткарган:

...анта йантуртумуз (Т, 45) — *андан* кайтып келүүгө мажбур кылдык.

...сизде... адырылтым—*сизден* айрылдым. Бирок буга карап эле орхон-енисей жазмасында чыгыш жөндөмөсү болгон эмес деп эсептөөгө болбойт, ал аз да болсо орхон эстелигинде *-дан, -дантан (-дан+тан)* формасында учурайт:

Йарыклыг *кантан* келип йана элтди? (Кб, 23) — Жарактуулар *кайдан* келип силерди таратты.

...өңден кагангару сү йорулум (Т, 29)—*Чыгыштан* ханга жортуулга чыгабыз.

...Огуздантан көрүг келти (Т, 8) — *Огуздан* чалгынчы келди.

Акыркы сүйлөмдөгү *огуздантан* деген сөзгө чыгыштын мүчөсү кабатталып уланган: *дан-тан.*

Жөндөмө мүчөлөрдүн кабатталып уланышы орхон-енисей жана байыркы уйгур эстеликтеринде учурай берет: *биз-иң-е* (Кб., 40, илик+барыш)—*бизге; йаз-ың-а* (Кб., 48, илик+барыш)—*жазга;* бай. уйг.: *мун-та-да* (жатыш+жатыш)—*мында; биз-ни-те* (табыш+жатыш)—*бизде.*

Чыгыш жөндөмөсү байыркы уйгур эстеликтеринен тартып, *-дин, -тин* формасында кеңири учурай баштайт: *Сиздин* берү—*сизден* бери; *эмгектин—азаптан, төрттин—төрттөн, таштын—тыштан.*

Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр негизинен төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Кыймыл-аракеттин башталып чыккан, кээде болгон ордун көрсөтөт:

Кечке маал Сабитахун *базардан* кайтты (К. Баялинов).

Садык акемдин бул жолку каты да *Саратов шаарынан* келиптир (Ч. Айтматов).

...Жок... ушул *короодон* көргөмүн! (К. Жантөшев). *Көчөдөн* өткөн эл дүрбөшүп, Токмоктун күн батыш жагын көздөй чубоодо (К. Бектенов).

2) Кыймыл-аракет бүтүн нерсенин бир бөлүгүнө багытталгандыгын, же кыймыл-аракетке жарым-жартылай дуушар болгон объектини билдирет:

Жолдо карата *арпадан, бетегеден* тайларга берип олтурдум (К. Баялинов). Казанга *суудан* куя түшчү... (К. Жантөшев). Ал Дүйшөнкулду кекиртектен *мыкчыды* (К. Осмоналиев).

3) Кандайдыр бир нерсенин тегин, эмнеден жасалганын билдирет:

Туш туурдуктардын ортолору... *шайы-бачайыдан* (К. Осмоналиев). *Көк сатинден* күрмө тигип берип, жакана эки ак седеп кадап койдум (К. Осмоналиев).

Короонун дарбазасы *темирден* жасалыптыр.

4) Кыймыл-аракеттин эмне аркылуу, ким аркылуу болгондугун билдирет:

Булардын баарын Яровой *терезеден* көрүп турду (Н. Байтемиров). Кулу *эшиктен* баш бакты (К. Осмоналиев).

Сулайманга кабарды ушул тору ала бээ минген *думанадан* айттырыптыр (К. Осмоналиев).

5) Кандайдыр бир нерсе, пикир, маалымат кимден, эмнеден алынганын көрсөтөт:

Фронтто Талип аттуу жигити бар экендигин да ал *Жамиладан* укkан (К. Баялинов). Жетпегенин *өкмөттөн* жана башка *колхоздордон* карыз алдык (К. Баялинов). Мен сиздин сырыңызды *Каныбектен* укkамын (К. Жантөшевден).

6) Бир зат менен экинчи затты сапат жагынан салыштырууда колдонулат:

Уят *өлүмдөн* катуу (макал). Көзүмө *боорумдан* да ысык көрүнөт (К. Осмоналиев).

Анын алп карааны *Казанкулактан* бийик да, далылуу да. (К. Осмоналиев).

7) Бир нерседен алыстагандыкты, ажырагандыкты, кутулгандыкты билдирет:

Теңтуштан теңтуш айрылган кыйын го (К. Бектенов). Чынгыс Дүйшөнкулдун бутун *кишенден* бошотту (К. Осмоналиев). Ал бат эле *үйдөн* узап кетти.

8) Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет:

Сүрөт тартууга *кичинемден* эле колум эптүү эле (Ч. Айтматов). Ал *жашынан* ишке бышып каныккан (К. Бектенов). Омор *он төртүнөн* иштей баштаган.

9) Кыймыл-аракеттин чыгыш себебин билдирет: *Ачкалыктан* жөөлүп жатпасын? (К. Жантөшев). Ал *жоопкерсиздигинен* кызматынан бошотулду. *Шашканымдан* сүрөтүмдү беките албай да калдым (Ч. Айтматов).

10) Кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирет. Мындай учурда чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч көбүнчө эсептик сан менен айкашып айтылат:

Кымыздан *бир кеседен* тартып жибериштн. Алар өздөрү үрөндү *бир пуддан, эки пуддан* топтошту (К. Баялинов).

Чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөр, берген маанисине ылайык, сүйлөм ичинде кыйыр толуктоочтук, орун, мезгил, себеп, сан-өлчөм бышыктоочтук, баяндоочтук милдетти аткарышат: Биз *Алайданбыз*. Асан *Таластан*.

Орхон-Енисей, бай. уйгур эстеликтеринде **инструментальный падеж** (куралдык жөндөмө) деген да болгон, мүчөсү: *-ын, -ин*. Маани жагынан биргелешкен кыймыл-аракетти, кыймылдын эмне аркылуу болгондугун, ордун билдирген: *сабын* (Км., 5)—*сөз менен; эрин* (Кб., 40)—*эр менен; йолун* (Т., 23) — *жол менен; окун* (Кб., 36) — *ок менен.*

Бул жөндөмө азыркы кыргыз тилинде (түрк тилдеринде) жок. Анын-*ын, -ин* мүчөсү калдык катары *жайын, кышын, күнүн, түнүн, күндүзүн* деген тактоочтордо гана сакталып калган.

ЖАРДАМЧЫ АТООЧТОР

Алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөздүк милдетти аткарып, жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтүүчү сөздөр *жардамчы атоочтор* деп аталат.

Кызматчы сөздөрдүн баары, тарыхий жагынан алганда, толук маанилүү негизги сөздөрдөн жасалган. Толук маанилүү сөздөр кызматчы сөзгө өтүүдө алардын лексикалык мааниси күңүрттөнүп, начарлайт (*карай:* кара (этиш)+й; *сыяктуу:* сыяк (зат. ат.+луу), же бара-бара лексикалык өз бетинчелигин таптакыр жоготот (*жана:* жан (кайтуу)+а; *бирок:* бир (сан. ат.+ок), же болбосо сырткы түрү өзгөрбөсө да, кээде кызматчы сөз катары, кээде толук маанидеги негизги сөз катары колдонулат.

Салыштырыңыз: Ал *ары* басты (ары—орун тактооч). *Мындан ары* келбейм (*ары*—жандооч).

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторго *аст(ы), үст(ү), алд(ы), ич(и), жан* ж. б. сыяктуу сөздөр кирет. Булар да сүйлөм ичинде келгенде кээде өзүнүн толук маанисинде колдонулса, көпчүлүк учурда лексикалык маанисинен алыстап, кызматчы сөз маанисинде колдонулуп калат.

Эгерде жардамчы атоочтор грамматикалык жөндөмөлөрдүн биринде турса, өзүнүн толук маанисин сактап, заттык түшүнүктү билдирет. Мындай учурда алар өз алдынча туруп сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат; эгерде ажырагыс сөз айкашынын составында келсе, өзүнөн мурунку байланышкан сөзү менен бирдикте туруп аткарат: *Биз бараткан кыя жолдун асты—типтик жар таш* («Кырг. мад.»). *Серкебайдын үйүнүн жаны кечегидей эле азан-казан* (К. Осмоналиев). *Эки колун жайып, алардын алдын тороду* (К. Бектенов). *Ал жалпак тамдын үстүнүн калыңдыгы 30 сантиметрче бар экен.*

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн милдетин аткарганда, ага таандык мүчө, андан кийин мейкиндик жөндөмө-

лөрдүн (барыш, жатыш, чыгыштын) биринин мүчөсү уланат жана өзүнүн алдындагы илик жөндөмөдөгү зат атооч менен байланышып, изафеттик айкашты түзөт. Жардамчы атоочтор минтип изафеттик айкаштын составында келгенде, өз алдынча түшүнүк бербей, маани жагынан алдындагы сөзгө багынынкы абалда болот да, ошол сөз менен бирдиктүү алганда гана толук мааниге ээ болуп, аны менен бирге туруп, сүйлөмдүн татаал мүчөсүнүн милдетин аткарат: *Таабалды арабанын үстүндө жаткан* (К. Бектенов). *Араңдан зорго Алымдар элдин алдына чыгышты* (К. Жантөшев). *Сорокин анын жанынан шып өтө берди* (К. Бектенов).

Бул мисалдардагы жардамчы атоочтор алдындагы сөз менен бирдикте туруп, татаал орун бышыктоочтук милдетти аткарды.

Жардамчы атоочтор кызматчы сөздүн маанисинде келгенде, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтөт. Жөндөмөлөр жеткиликтүү бере албай калган маани жардамчы атоочтор аркылуу толукталат. Мисалы: *«Керим сарайга келди»* десек, анын кайсы жерге келгени, орду жалпы гана көрсөтүлүп турат. Эгер *«Керим сарайдын үстүнө чыкты»* десек, кыймыл-аракеттин орду такталып, конкреттүү көрсөтүлөт.

Кээде жардамчы атооч менен айкашкан илик жөндөмөдөгү сөздүн аягындагы жөндөмө мүчө түшүрүлүп да айтылат: *Азербайжанда нефть жер астында эле болбостон, суу астында да толуп жатат* («Жаш Ленинчи»). *Түнөгөн конок үйүм вульвар жанында* (К. Баялинов). *Кечүүдөн төмөн күбүр үстүнөн адам өтө берип, жол түшүптүр* (Т. Сыдыкбеков).

Айрым учурларда жардамчы атоочтун алдында келүүчү илик жөндөмөдөгү сөздүн өзү да түшүп калып айтылат. Мындай учурда жардамчы атооч өзүнчө туруп эле толук мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алат: *Биз кайра тартканда, алдыбыздан Данияр кезиге турган* (Ч. Айтматов). *Ысак менен Султангазыны жаныма чакырып алдым* (К. Баялинов). *Бир аздан соң алдыбызга үч жоокерди чалгынга жиберип, артынан биз да жөнөдүк* (К. Баялинов). *Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп калды* (К. Баялинов).

Кээ бир жардамчы атоочтор тактоочтук функцияда колдонулат. Мындай учурда алардын алды жагында кыйышуу жолу менен байланышып турган иликтеги сөз болбойт. Маани жагынан башка сөздөргө көз каранды болбой, өзүнчө туруп эле толук маани берет. Алардын алгачкы конкреттүү мейкиндик мааниси абстракцияланып, жалпы эле орундук маанини, кээде мезгилдик маанини түшүндүрөт: *Башында биз ушул кыштакта жашоочубуз. Алдыда дагы эле эл-журт көрүнбөйт* (Ч. Айтматов). *Акбар жулунуп астыга чыга калды* (К. Бектенов). *Башынан билем мен сени, Балыктын уулу Найманым* (Токтогул).

Эскертүү: *Астыга, алдыда* деген тактоочтордогу *-ы* баштапкы таандык маанисин жоготуп, бул сөздөрдүн составдык бөлүгүнө айланган; алардын үңгусу ушул *-ы* мүчөсү менен айкалышып гана колдонулат.

Кээ бир түрк тилдеринин грамматикаларында жардамчы атоочтор зат атооч бөлүмүнөн кийин берилсе[1], айрым грамматикаларда жандоочтор менен бирге берилген[2]. Чындыгында да, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда айрым бир окшоштуктар бар: а) экөө тең жөндөмөлөрдүн маанисин толуктап, тактап көрсөтөт. Жөндөмө мүчөлөр жетиштүү бере албаган маани жардамчы атоочтор жана жандоочтор аркылуу толукталып берилет. Салыштырыңыз: *Окуучу үйдө отурат — Окуучу үйдүн алдында отурат. Салый мектепке кетти — Салый мектепти карай кетти.*

б) Жардамчы атооч да, жандооч да өзүнүн алдындагы сөз менен айкашып айтылат, бирок экөө тең толук лексикалык мааниге ээ болбогондуктан, сөз айкашынын багындыруучу түгөйү боло алышпайт; демек алар сөз айкашын түзө алышпайт: Мисалы: *Таштын астында, шаарды көздөй* ж. б. десек, толук маанидеги сөз айкаштары боло алышпайт. Бул сыяктуу жардамчы атоочтук, же жандоочтук айкаштар экинчи бир сөзгө багынынкы компонент катары келгенде гана, сөз айкаштары уюшулат: *таштын астына коюу, шаарды көздөй жөнөө.* Экинчи жагынан, мындай сөз айкаштарынын түтумундагы жардамчы атооч да, жандооч да алдындагы атооч менен өзүнөн кийинки этишти байланыштыруучу элементтин милдетин да аткарат.

Бул өндүү жалпы белгилери менен бирге, жардамчы атоочтор менен жандоочтордун ортосунда чоң айырмачылыктар да бар: биринчиден, жандоочтор грамматикалык жагынан өзгөрбөй турган сөздөр. Жардамчы атоочторго болсо, тескерисинче, таандык уланды жана мейкиндик жөндөмөлөрүнүн мүчөсү улана берет. Экинчиден, жандоочтор атооч, чыгыш, барыш, табыш жөндөмөлөрүндөгү сөздөр менен айкашып айтылса *(жол менен, мектептен бери, тоого чейин, клубду көздөй)*, жардамчы атоочтор дайыма илик жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып айтылат *(чананын үстүнө,*

---

1 Л. Н. Харитонов. Современный якутский язык, 1947, 128-б.

2 А. Н. Кононов. Грамматика современного узбекского литературного языка, М.—Л., 1960, 314-б. Баскаков Н. А. Каракалпакский язык, ч. II, М., 1952, 482-б.

керегенин башында ж. б.). Ушул өндүү өзгөчөлүктөрүнө караганда, жардамчы атоочтор менен жандоочторду бири-бирине окшош деп эсептеп, аларды бирге кароо анчалык ылайыктуу эмес.

Жардамчы атоочтор жалпы эле кызматчы сөздөрдүн өзүнчө бир түрү болуп эсептелет.

Кыргыз тилиндеги жардамчы атоочторго төмөнкүлөр кирет: *үст (ү), бет, төбө, баш, аст(ы), алд(ы), түп, жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой, ич(и), орто, ара.*

Булар маанисине карай төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүлөт:

1) Заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчүлөр: *үст(ү), бет, төбө, баш, аст(ы), түп, алд(ы).*

2) Заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчүлөр: *жан, туш, каршы, арт, арка, сырт, айлана, тегерек, чет, жээк, бой.*

3) Заттын ич-аралыгын билдирүүчүлөр: *ич, ара, орто.*

Заттын асты-үстүн, алды жагын көрсөтүүчү жардамчы атоочтор

Үстү — бир нерсенин жогорку, үстүнкү бети, үстүнкү бөлүгү. Мунун алгачкы уңгусу «үс» болгон (салыштырыңыз: азерб. «үз»—1) бет; 2) бет жагы; 3) үстүнкү бети). Кээ бир окумуштуулардын ою боюнча, бул сөздүн аягындагы *-т* мүчөсү таандык категориянын III жагынын байыркы *-ын* формасынын кыскарып, өзгөрүлгөн түрү. Ал өзгөрүү төмөнкүдөй болгон:

«үс» деген уңгуга таандык категориянын III жагынын байыркы *-ын* мүчөсү жалганып, анан ал уңгу менен тыгыз биригип кетип, *үсүн* түрүндө анын составдык бөлүгүнө айланган; ага таандыктын III жагынын азыркы *-ы* мүчөсү жалганганда, *үсүн* деген негиздин аяккы *«үн»* бөлүгүнүн башкы үндүүсү *«ү»* түшүп калып, жумшак *«н»* тыбышы алдындагы каткалаң *«с»* тыбышы менен катар келип калгандыктан, *«т»* тыбышына өтүп (*үс+үн+ү>үснү>үстү: үс+т+ү*) *үс+т* түрүнө келген[1].

Жардамчы атоочторго барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин мүчөсү уланып айтылат. Барыш, чыгыш жөндөмөсүндө турганда көбүнчө кыймыл этиш менен байланышып, кыймыл-аракеттин багытталган, же башталган ордун

[1] Ф. Г. Исхаков. Некоторые предположения о происхождении конечных -т и -д в словах аст, уст, алд, арт и т. п. Сб. «Акад. В. А. Гордлевскому». М., 1953, 124—136-б.

көрсөтөт; жатыш жөндөмөсүндө турганда көбүнчө абалдык маанидеги этиш менен байланышып, кыймыл-аракеттин болгон ордун көрсөтөт.

1. *Уст* жардамчы атоочу барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын үстүнкү бетине, же үстү жагындагы бош мейкиндикке багытталгандыгын көрсөтөт: *Пулемёт тарткан арабанын үстүнө отурдум* (К. Баялинов). *Таабалды кызыл түйүнчөктү столдун үстүнө койду* (К. Бектенов). *Каракол суусунун үстүнө салынган көпүрөгө келип токтошту* (К. Баялинов). *Кара булут жылып олтуруп айылдын үстүнө да жетти.*

Кыймыл-аракет бирөөлөр отурган жерге багытталгандыгын билдирет:

Бир аздан кийин атасынын үстүнө Сулайман менен Чыңгысты кийиришти (К. Осмоналиев). *Эми коноктордун үстүнө кирип, бир аз тамаша угалы* (Т. Сыдыкбеков).

Кээде *үстүнө* жардамчы атоочу маани жагынан абстракцияланып, бир нерсенин үстүнө экинчи бир нерсенин кошулгандыгын, күчөтүү маанисин берет: *Күтпөгөн жерден тикенге таманын тештирип алып, кайгынын үстүнө азап кошулду* (К. Осмоналиев).

Ваняга үчүк жармашканы аз келгенсип, анын үстүнө кабыргасынан кагынат (К. Бектенов). *Айыл арасында ушак үстүнө ушак күчөдү.*

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет түздөн-түз кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгондугун, же анын үстү жагындагы бош мейкиндикте болгон ордун көрсөтөт: *Зейнеп апа кийиздин үстүндө унчукпастан ойлуу олтурат* (Ч. Айтматов). *Аттын үстүндө олтурушу чыйрак, тыкан* (К. Баялинов). *Тумандын өзгөчө калың жери Кожомкул байдын айлынын үстүндө* (К. Баялинов). *Чабалекейлер кара жолдун үстүндө аркы-терки кайып учушат* (К. Бектенов).

Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир иш, окуя жүрүп жаткан учурда болгондугун көрсөтөт, же болбосо анын кандай абалда, кандай шартта болгондугун билдирет: *Бир аз күндөн кийин эгиндин отоосу башталды. Мында да Абыл отоо үстүнө атасы менен бирге болду* (К. Осмоналиев). *Ушуну эсиңе ал, Каратай, сенин ордуң сугаттын үстүндө болуу керек* (Ч. Айтматов). *Сансыз өлүм үстүндө жатыптыр* (К. Жантөшев). *Окуучулар чоң кубанычтын үстүндө олтурушту.*

3. Чыгыш жөндөмөсүндө туруп, кыймыл-аракеттин түздөн-түз бир нерсенин үстүнөн башталып чыккандыгын, же кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгон ордун көрсөтөт:

Мен бери жакта арабанын үстүнөн чөп түшүрүп жатат

элем (Ч. Айтматов). *Полицмейстер атынын үстүнөн учуп кете жаздады* (К. Сыдыкбеков). *Аны тамдын үстүнөн көрдүм.*

Кыймыл-аракет заттын жогору жагындагы бош мейкиндик аркылуу болгондугун билдирет: *Талаанын үстүнөн чагылгандуу добул күркүрөп өткөндөй, айлана азыр тыптынч* (Ч. Айтматов). *Жата калсам, менин үстүмдөн шуу этип өтүп кетти* (К. Осмоналиев).

...Даниярдын обону гана өзөндүн үстүнөн *созолонуп, алыска жайылып жатты* (Ч. Айтматов).

Кээде өзүнүн конкреттүү мейкиндик маанисинен алыстап, кыймыл-аракеттин бирөө жөнүндө болгондугун, бирөөгө каршы багытталгандыгын билдирет:

Анын үстүнөн арыз жазыптыр (К. Баялинов). *Мен губернаторго* сенин үстүңөн *даттанам* (К. Бектенов).

—Менин үстүмөн *сизге калжыраса керек — деди эле, губернатор ордунан ыргып турду* (К. Бектенов).

Төбө — бир нерсенин эң үстүнкү бөлүгү, жогору жагы, чокусу. Бул сөз да жардамчы атооч маанисинде колдонулуп, барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын эң чокусундагы мейкиндикке багытталганын; жатыш жөндөмөдө болсо, кыймыл-аракет бир нерсенин эң жогорку төбөсүндө болгондугун; чыгыш жөндөмөдө болсо, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын чокусунан башталып чыккандыгын, же болбосо анын үстү жагындагы бош мейкиндикте болгондугун билдирет: Тоонун төбөсүнө *жакындап калдык...* (К. Баялинов). Үйдүн төбөсүндө *жыйылган чөп турат. Самолёт* биздин төбөбүздөн *учуп өттү.*

Бет — заттын, нерсенин үстүнкү, сырт жаккы тарабы.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет бир нерсенин үстүнкү бетине багытталгандыгын билдирет:

Ай нуру көл бетине *чачырады.* Жер бетине *мээнет кылып себилген эмгек—адамдын аманаты* (К. Бектенов). *Бир аздан соң ал* суунун бетине *калкып чыкты.*

2. Жатыш жөндөмөсүндө туруп, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинде болгондугун көрсөтөт:

Тоонун бетинде *толтура мал* («Сов. Кыргызстан»). *Ал бийик* зоонун бетинде *камалып турган көп кийикке кездешет* (К. Бектенов).

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнкү бетинен башталып чыккандыгын, же бир нерсенин үстүнкү бетинде болгон ордун билдирет.

Өзү зооканын бетинен *учуп түштү* (К. Осмсоналиев). Көл бетинен *пароход көрүндү.*

Баш — жандуу заттардын башы; бактын, чөптүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн кылда учу; кандайдыр бир заттын чокусу, башталган жери.

1. Барыш жөндөмөсүндө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын кылда учуна, чокусуна, баш жагына, же башталган жерине багытталгандыгын көрсөтөт:

Көпөлөк чөптүн башына конду. Терезеден түшкөн күндүн шооласы кроваттын башына тийип турат (К. Баялинов). *Мына, ал каналдын башына да жетип келди* (Ч. Айтматов).

Кээде конкреттүү мейкиндик маанисинен алыстап кимдир бирөөнүн бийликке, башкаруу ишине келгендигин билдирип калат:

Өкмөт башына большевиктер келиптир деген кабар эл ичине желдей жортуп тарады.

2. Жатыш жөндөмөсүндө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кылда учунда, баш жагында, же башталган жеринде болгондугун билдирет: *Төө куйруктардын башында сарайгырлар сайрашат* (К. Осмоналиев). *Коштошуп тоо башында турган кези* (Р. Шүкүрбеков). *Биздин үйүбүз көчөнүн башында.*

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракеттин тигил же бул заттын башынан, чокусунан, же бир нерсенин башталган жеринен экинчи бир тарапка багытталып чыккандыгын көрсөтөт: *Тоо башынан соккон муздак жел адамдын көңүлүн көтөрдү* (К. Жантөшев). *Тоо башынан мунарыктап таң шыкаалады* (Ч. Айтматов). *Жума төшөгүнүн башынан* чакчасын алды (К. Жантөшев).

«Баш» деген сөз жардамчы атоочтук кызматта келип, мезгилдик маанидеги сөздөр менен айкашса, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт: *Пахтабыз жакшы чыксын деп, жыл башынан тынбайбыз* (Т. Шамшиев). *Октябрь айдын башында, бүтүп салган күздүктү* (Осмонкул Б.). *Ойлонуп келер жазды кыш башынан, камынды бир абышка өзү дыйкан* (М. Борбугулов).

Аст(ы), алд(ы) деген жардамчы атоочтордун берген маанилери негизинен бирдей. Экөө тең заттын төмөнкү жагын, алды жагын, чукул бет мандайын билдирет.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин ички жагына, заттын астына, төмөн жагына багытталганын билдирет: *Жер астына шаар орноп калыптыр, көргөн киши кантип турат кубанбай* (Т. Шамшиев). *Колуна кармап келген мылтыгын Ысмайыл куурайдын астына сундуруп жиберди* (Ч. Айтматов). *Итике керебеттин астына киргип жатты* (А. Убукеев). *Таабалды «Искраны» таштын алдына коюп кеткен* (К. Бектенов).

Кыймыл-аракет тиги же бул заттын бет мандай жагына, алды жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Колхозчулар клубдун астына чогулушту. Эл* мектеп алдына *чогулууда* (Т. Сыдыкбеков). *Саадат сууга кеткенде, Зейнеп апа* эшиктин *алдына туруп, ал узаганча көпкө карап турат* (Ч. Айтматов).

2. Жатыш жөндөмөсүндө туруп, кыймыл-аракет заттын ички жагында, астында, же алды жагында болгондугун билдирет: Жер астында *жаткан кенин азыр көзүбүз көрө элек* (С. Сасыкбаев). Бастырманын астында *эки ат чөп жеп жатат* (К. Баялинов). *Бардык нерсе ак* кардын алдында (К. Баялинов). *Сугарууга алып баратканда дайым* койлордун алдында *жүргүлө* (А. Убукеев).

Кыймыл-аракеттин заттын бет мандай жагында болгон ордун көрсөтөт: Эшик астында *күнчубактап ойноп жаткан балдарга келишти* (К. Баялинов). Алачыктын алдында, *кемегеде бир жаш аял чөөгүнгө чай кайнатып жатат* (К. Баялинов). Үй алдында *Сакадай Эркинди көтөрүп турат* (К. Жантөшев).

Бул жардамчы атоочтор, алдындагы сөздүн лексикалык маанисине карай, кээде мезгилдик маанини берип калат:

Чал кайгырат. Жанталашат. Ошентип жатып, тандын алдында *үзүлөт* (К. Осмоналиев). *Ал* жөнөрдүн астында *бизди-кине келип кеткен. Кызыл* борчуктун астына *буудайды жаандын алдында сээп бүткөнбүз* (К. Жантөшев). *Мен үйгө* сенин астында *эле келгем* (К. Жантөшев).

Кыймыл-аракет башка бирөөнүн катышуусу астында болгондугун билдирет: Төр аганын алдында *Үмөтаалы шашып калды* (К. Осмоналиев).

Элдин алдында *уят кылдың. Жолдошторунун алдында убада берди. Өзүн ушул* элдин астында *айыптуу сезгенсиди* (Ч. Айтматов).

Маани жагынан абстракцияланып, кыймыл-аракеттин амалын, кандай шартта болгондугун билдирет: *Бул ийгиликтерди коммунисттик партиянын* жетекчилиги астында *эл жаратып жатат* («Советтик Кыргызстан»). *Ичэр-жээрге жок, өздөрү* өлүм алдында олтурушат (К. Баялинов). *Ал* ар кимдин кол астында *өскөн.*

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет түздөн-түз бир нерсенин астынан, же алды жагынан башталып *чыккандыгын* билдирет: *Терең аң менен аккан суу* жердин астынан *купуя күңгүрөнүп, өз алдынан убара* (Ч. Айтматов). *Жоокер* жастыгынын алдынан *бир конверт сууруп чыкты* (К. Баялинов).

Бул кезде тигил мектептин алдынан *Осмон менен Жакыптын бек-бек унчугушкан үндөрү угулду* (Т. Сыдыкбеков).

Кыймыл-аракет бирөөнүн бет алды жагында болгондугун билдирет:

— *Токто!* — *деди* анын алдынан тике мандай чыккан киши (К. Бектенов). *Анна Колпашникова* кыздын алдынан *чукул чыга калды* (К. Бектенов).

Түп — заттын эң төмөнкү жагы, кандайдыр бир тереңдиктин түбү.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир тереңдиктин эң төмөн жагына, же бир затка өтө жакын багытталгандыгын көрсөтөт: *Канат адегенде* шахтанын түбүнө *түшүп иштеп жүрдү* (К. Бектенов). Суу түбүнө *төктүрбөй, Сүздүрүп кеме жүргүзгөн* (Осмонкул). *Арабаны тиги* тыттын түбүнө *койгула* (К. Жантөшев). *Ажар арың сүйрөлүп барып, бир* алтыгананын түбүнө *жыгылды* (К. Баялинов).

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын эң төмөнкү тереңдигинде, же заттын эң төмөн жагына жакын жерде болгондугун билдирет: *Кырк кулактуу казаны, Ушу дайра түбүндө* («Эр Төштүк»). Тамдын түбүндө *байлануу чоң сары дөбөт жатат* (С. Сасыкбаев). Карагайлардын түбүндө *душмандын солдаттарынын өлүктөрү жатат* (Ж. Бөкөнбаев).

3. Чыгыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет заттын түп жагынан, же эң төмөнкү тереңдигинен чыккандыгын көрсөтөт:

Койчу кызгылтым чаптын түбүнөн *бир кара ташты көрдү* (С. Сасыкбаев). *Мынакей, аска түбүнөн поезд өтүп жатат* (А. Токомбаев). *Пулемётту суунун түбүнөн алып чыгышты.*

Заттын айлана-тегерегин көрсөтүүчү жардамчы атоочтор

Жан — жакын жер, жакын аралык.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын жанына жакын багытталгандыгын билдирет:

Бир убакта Жамийла арабанын жанына *барып, Данияр-ды өзүнө чакырды* (Ч. Айтматов). *Жол боюнда турган* комбайндын жанына *жетип барды...* (Ч. Айтматов). *Карыя самоорун демдеди да,* биздин жаныбызга чыгып келди (К. Баялинов).

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерде болгондугун көрсөтөт:

Курмандын үйүнүн жанында *ээр токумчан бир ат турат* (К. Баялинов). *Мен аттар чегилип жаткан* арабалардын жанында *болдум* (К. Баялинов).

Кээде салыштыруу маанисин берип калат: Айшанын жанында *Салый адептүү эмеспи.*

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет кандайдыр бир затка өтө жакын жерден башталып чыккандыгын билдирет:

Мен өзүм көрдүм, апа, алар тегирмендин жанынан *машина, тракторлору менен өтүштү* (Ч. Айтматов). *Эмилбек* Сагындын жанынан *нары-бери ойт берип жүгүрүп өтөт* (К.Осмоналиев). *Зинам* менин жанымдан *карыш жылбайт* (К. Осмоналиев).

Туш — бир нерсенин каптал жак тушу.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын каптал жак тушуна багытталгандыгын көрсөтөт: *Алдынкысы* люктун тушуна *токтоду* (С.Сасыкбаев). *Пионерлер* лагердин тушуна *келип калышты.*

2. Жатыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет бир нерсенин каптал жак тушунда болгондугун көрсөтөт:

Бир далай киши терезенин тушунда *турушат* (Н. Байтемиров). *Менин* комнатамдын тушунда *бир киши туруптур* («Кырг. аялдары»). *Биздин үйдүн тушунда бир чоң чынар терек бар эле.*

Айрым учурда кыймыл-аракеттин болгон мезгилин билдирет: Залим өкмөт тушунда, *Жабыр көрдүң ушунда* (Тоголок Молдо). *Болгарияда* элдик бийликтин тушунда *эмгекчи элдин турмушу жакшырууда* («Коммунист»).

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын каптал жак тушунан башталып чыккандыгын, же заттын каптал жак тушунан өткөндүгүн билдирет:

Мүрзөнүн тушунан *иттин улуган үнү угулду. Ал киши* терезенин тушунан *өтө берди* (Т. Сыдыкбеков). *Дилделердин* тамынын тушунан өтө *бердик* (Т. Касымбеков).

Каршы — заттын бет мандай жагы.

Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын бет мандай жагына багытталгандыгын, жатыш жөндөмөдө келсе, бет мандай жагында болгон ордун, чыгыш жөндөмөдө келгенде, бет мандай жагынан башталып чыккандыгын билдирет:

Данияр Жамийланын каршысына *келип туруп калды* (Ч. Айтматов). *Алар* биздин каршыбызда *турушат. Биздин* кыштактын каршысынан *булак чыгыптыр.*

Арт, арка — заттын, кандайдыр бир нерсенин арка жагы.

1. Барыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын арка жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Жашыл ала, көгүлтүр чагылгандар ийме-чийме сынып,* жардын артына *түшүп жатты* (Ч. Айтматов). *Аны көрө койду да,* тамдын аркасына *жашына калды* (К. Бектенов). *Сары жоргону*

арабасынын артына *коштоп, Жайнак станциядан алып келди* (Ч. Айтматов).

2. Жатыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын арка жагында болгон ордун билдирет: Сарайдын артында *бир үй жүрөт эле* (Т. Сыдыкбеков). *Мейли эми ыйлап алсын деп, мен* алачыктын артында *жашынып турдум* (Ч. Айтматов). *Алар* аптеканын аркасында *турушуптур.*

«Аркасында» жардамчы атоочу маани жагынан абстракцияланып, кээде себепти билдирип калат:

Бул ишти ичи тардыктын аркасында иштеди.

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, төмөнкүдөй маанилерди берет: кыймыл-аракет бир нерсенин арт жагынан башталып чыккандыгын билдирет: *Булайган жибек булуттар* тоо аркаларына *баштарын кылтыйтышат* (Т. Абдумомунов).

Борисов дарбазанын артынан *коридордогуларга күңкүлдөйт* (К. Бектенов).

Кыймыл-аракет бирөөнүн артынан ээрчий болгондугун билдирет:

Сейде анын артынан *кыйкырып жүгүрдү* (Ч. Айтматов). Трактордун артынан *дүрбөп жөнөп калышты* (Ч. Айтматов). *Алар* немецтердин аркасынан *куып жөнөштү* («Советтик Кыргызстан»).

Сырт — бир нерсенин тышкары жагы.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын тышкары жагына багытталгандыгын көрсөтөт: *Элдин шары менен кошо Сейде да* айылдын сыртына жүгүрдү (Ч. Айтматов). *Элдин бир катары* шаардын сыртына *карай агылат* (Т. Сыдыкбеков).

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын сырт жагында болгон ордун көрсөтөт: Айылдын сыртында *сокочулар жер айдап жатышат.*

Кампанын сыртында *паровоз эшелонду ордунан козгоп, күүлөнүп вагондорду кагыштырууда* (Ч. Айтматов). Душмандын сыртында *болгончо, ичинде бол* (макал).

3. Чыгыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет заттын сырт жагынан башталып чыккандыгын билдирет:

Ал каалганын сыртынан *черткилеп калды* (Ш. Бейшеналиев). Үйдүн сыртынан *байкап кел. Алар* шаардын сыртынан *келишти.*

Кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын үстүнөн болгондугун билдирет:

Базарбек экөөбүз ичигибиздин сыртынан *курубузду бекем курчанып алганбыз* (К. Каимов). *Мындан кийин куурду откө*

күйгүзүп, ысык бойдон күкүрттүн сыртынан *басты* (К. Осмоналиев).

Кээде маани жагынан абстракцияланып, кыймыл-аракет тиешелүү кишилердин катышуусуз аткарылгандыгын билдирип калат:

Алар кедейлердин сыртынан *кол коюшту* (Т. Сыдыкбеков). Силердин сыртыңардан *бийлеп койдук.*

Айлана, тегерек—бул экөө негизинен маанилеш. Заттын айлана чөйрөсү, айлана тегереги деген түшүнүктү беришет.

Айлана (айла+н+а); салыштыр: алтайча *айла*—айлануу, тегерек—төө; *тегерек* (тегере+к); бай. түрк. тилинде *тегире*—айлана деген мааниде.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын айлана-тегерегине багытталгандыгын билдирет: *Бир мезгилде* Ажардын айланасына *карышкырлар толуп кетти* (К. Баялинов). *Кедей-кембагалдар мал союлган жердеги* кемегенин тегерегине *толуп чыгып кетишти* (К. Осмоналиев). Огороддун тегерегине *жаш көчөттөр отургуздук.*

2. Жатыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракеттин заттын айлана-тегерегинде болгон ордун билдирет: Короонун айланасында *мыдыр эткен жан жок* (Т. Сыдыкбеков). Столдун айланасында *беш-алты кресло бар* (К. Жантөшев). *Бул* боз тамдын тегерегинде *жан көрүнбөйт* (Т. Сыдыкбеков).

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын айлана чөйрөсүнөн башталып чыккандыгын көрсөтөт: *Ударниктердин слётуна* Ысык-Көлдүн айланасынан *көп колхозчулар келишти.* Сарайдын тегерегинен *кобур-кобур үн чыгат.*

Бой — суунун, жолдун, көлдүн ж. б. жээги.

Бул сөздүн алгачкы формасы *бод* болгон (салыштыр: бай. түрк. тилдеринде *бод*—дене, жандык; д>й: бод>бой).

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын чет жакасына, жээгине багытталгандыгын билдирет: *Тобо, өзү жалгыз* суу боюна *барып жаткандан кандай кызык табат* (Ч. Айтматов). *Абдиш* арыктын боюна *аркандап койгон оопазынын жанына чуркап келди* (Т. Сыдыкбеков). Көчөнүн боюна *байлап алып сабагыла* (Н. Байтемиров).

2. Жатыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракеттин заттын чет жакасында, жээк жагында болгон ордун билдирет: *Ал* жолдун боюнда *жатат* (Н. Байтемиров). Суу боюнда *эч ким жашабаса керек* (Ч. Айтматов).

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын чет жакасынан башталып чыккандыгын көрсөтөт: Өзөндүн боюнан *бүлдүркөн терчү элек.* Көл боюнан *муздак жел согуп турат.*

Мезгилдик маанидеги сөз менен айкашканда, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирип калат:

Жалчылар өмүр бою *зарлап өтүшчү* (Т. Сыдыкбеков). *Түндө* түнү бою эки карышкыр камады (К. Жантөшев).

Жээк—бир нерсенин (суунун, көлдүн, жолдун ж. б.) кырка чети, бою, чет жаккы бөлүгү.

Бул сөздүн жардамчы атоочтук мааниси негизинен жогорку *бой* деген жардамчы атоочтун берген мааниси менен окшош.

1. Барыш жөндөмөсүндө туруп, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын кырка боюна багытталгандыгын билдирет: *Талдын бутагын кертип-кертип* арыктын жээгине *сайып койсоң болду, чырпыктарын дүпүйтүп көктөй берет* (Т. Сыдыкбеков). *Телмирип* суунун жээгине *келди* (К. Осмоналиев).

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракеттин заттын кырка четинде болгон ордун көрсөтөт: *Кол булгалап,* жол жээгинде *туруп калды* (М. Токобаев). *Ал эски ичигин жамынып,* оттун жээгинде *отурат* (А. Токомбаев). Днепрдин жээгинде *көгөргөн дөбө көрүнөт* (Ж. Бөкөнбаев).

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын жакасынан, жээк жагынан башталып чыккандыгын билдирет:

Жол жээгинен *окчун кетүүгө ашыгат* (Т. Сыдыкбеков). Каналдын жээгинен *жолуктум.* Көл жээгинен *келдик.*

Чет — бир нерсенин чеке жагы, чет жагы.

1. Барыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет бир нерсенин чет жагына багытталганын көрсөтөт: *Жылдызкан* шаардын четине *келип, буттарын бүгүп отура кетти* (Н. Байтемиров). *Күрөң бээни* огороддун четине *алып барып аркандады* (К. Каимов). *Тайлак аттарды* айылдын четине *токтотуп, топко кайрылды* (К. Каимов).

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракеттин бир нерсенин чет жагында болгон ордун билдирет:

Короонун четинде *уктап жаттым эле* (Т. Сыдыкбеков) *Эр жигит* эл четинде, *жоо бетинде* (макал). Кыштактын четинде *окшош салынган бир нече үй турат* (К. Жантөшев).

3. Чыгыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет заттын чет жагынан башталып чыккандыгын көрсөтөт: *Ысмайылдын келерин билген Сейде аны түн ортосунда* айылдын четинен *тосуп алды* (Ч. Айтматов). *Ал шашкан неме* темир жолдун четинен *ары карай жүгүрдү* (К. Бектенов).

Заттын ич-аралыгын көрсөтүүчү жардамчы атоочтор

Ич — бир нерсенин ич жагы, ички бөлүгү, арасы.

1. Барыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет зат-

тын ич жагына, бирөөлөрдүн арасына багытталгандыгын билдирет:

Тамдын эки жагын карады, андан келип, тамдын ичине *кирди* (К. Баялинов). Шахтанын ичине *түшүп көрө элек болсо да, аны көз алдына келтирип жатты* (К. Бектенов). *Кулу* эл ичине *үч келип, үч кетти* (К. Осмоналиев).

2. Жатыш жөндөмөдө келгенде төмөнкүдөй маанилерди берет: кыймыл-аракеттин кандайдыр бир заттын ичинде болгон ордун билдирет:

Мектеп ичинде *терезелүү бир бөлмө бар, ичи кызыл-тазыл* (К. Баялинов). Короонун ичинде *бир араба турат* (К. Баялинов). Суунун ичинде *кармаш башталды* (К. Осмоналиев).

Өзүнөн мурунку сөзү мезгилдик маанидеги сөздөн болсо, кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтөт:

Алардын талабын үч күндүн ичинде *канааттандырбасак, анда алар забастовка жарыялашмакчы* (К. Бектенов). *Ал* төрт жылдын ичинде *эки миң жети жүз гектар дан эгиндерин жыйнады* (К. Бектенов).

Алдындагы сөз айрым-айрым данаадан турган заттарды билдирсе, «ичинде» жардамчы атоочу кыймыл-аракеттин бир нече заттардын арасында болгондугун билдирет:

Эл ичинде *көкүрөктөрүнө кызыл лента байланган үч киши жүрөт* (К. Баялинов). Үйлардын ичинде *бир күрөң оопас бар* (К. Баялинов). Алардын ичинде *Саадат да бар эле* (Ч. Айтматов).

3. Чыгыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын ичинен, же бир нече заттын арасынан чыккандыгын көрсөтөт:

Көмүркөйдүн ичинен *Нурбек асма көпүрөнүн аспаптарын көргөн* (Ч. Айтматов). *Так ошол убакта көчөдөгү* чаңдын ичинен *бир атчан чыга келди* (Ч. Айтматов). *Барпы* эл ичинен *бери бастырып чыкты* (Ч. Айтматов). Студенттердин ичинен *экөө баалуу сыйлык алды.*

Кыймыл-аракет кандай абалда, кандай шартта болгондугун көрсөтөт: *Кырсыкка учурабасак,* бир кызыктын ичинен *чыгасыз бүгүн, — деди* (Т. Сыдыкбеков).

Орто — кандайдыр бир заттын борбор чени, эки нерсенин арасы.

1. Барыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет заттын орто жерине, борборуна, же бир нече заттын арасына багытталгандыгын билдирет:

Эки чоң стол цехтин ортосуна *жанаша коюлган* (К. Бектенов). *Бешим ченде* тар жылганын ортосуна *жеттим* (Н. Байтемиров). *Ал* экөөбүздүн ортобузга *чыр салмакчы* (Т. Сыдыкбеков). *Тарас бир топ* кыздын ортосуна *барып отурду* (С. Сасыкбаев).

2. Жатыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракеттин заттын орто жеринде, борборунда болгон ордун, же аның бир нече заттын арасында болгондугун билдирет:

Короонун ортосунда *жеңем экөөбүз эле калыптырбыз* (Ч. Айтматов). Шаардын ортосунда *дүгдүйүп, карарып турган чоң бакты көрсөттү* (К. Баялинов). *Эки* айылдын ортосунда *кичине бир белес бар* (К. Баялинов). *Өзү курдуу* кыздардын ортосунда *шам чырактай жанып турат* (Т. Сыдыкбеков).

Өзүнөн мурунку сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт:

Чолпон заматтын ортосунда *Алтын менен эриш-аркак болотүштү* (Н. Байтемиров). *Бул окуя* түн ортосунда *болду* (Н. Байтемиров). *Биз* май айынын ортосунда *каникулга тарадык.*

3. Чыгыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракет кандайдыр бир заттын орто жеринен, же бир нече заттын арасынан башталып чыккандыгын билдирет:

Ушул кең талаанын ортосунан *мен сүйүшкөн эки жашты көрдүм* (Ч. Айтматов). Айылдын ортосунан *чоң суу агат. Түтүндү эки* эрдинин ортосунан *сызылта асманды карап созолонтту* (К. Осмоналиев).

Ара — бир нече заттын ортосундагы бош орун, ич аралыгы.

1. Барыш жөндөмөдө колдонулганда, кыймыл-аракет бир канча заттын арасына багытталгандыгын билдирет:

Жылдызкан жылт коюп жүгөрүнүн арасына *кирди* (Н. Байтемиров). Эл арасына *ызы-чуу түшүү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү* (К. Баялинов). *Жамийла* бадалдын арасына *көйнөгүн сыкканы жүгүрүп кетти* (Ч. Айтматов).

2. Жатыш жөндөмөдө туруп, кыймыл-аракеттин бир нече заттын арасында болгон ордун көрсөтөт:

Айыл арасында *күндөгүдөй кыймыл жок* (Т. Сыдыкбеков). *Көп учурларымды* жумушчулардын арасында *өткөрөм* (К. Жантөшев). Тоочулардын арасында *эмгек толкуну аябай өөрчүгөн кези эле* (К. Бектенов).

Кыймыл-аракеттин болгон мезгилин көрсөтөт:

Ай арасында *сары кар түшүп, эки күндөй жатты* (Т. Сыдыкбеков). *Ал жумушту* иш арасында *бүтүрүп койдум.*

3. Чыгыш жөндөмөдө келгенде, кыймыл-аракет бир канча заттын арасынан башталып чыккандыгын билдирет:

Бул учурда токой арасынан *үч удаа мылтык үнү угулду* (К. Жантөшев). *Бир оокумда* көпчүлүктүн арасынан *Таабалды суурулуп алдыга чыга калды* (К. Бектенов). *Турган* бал-

дардын арасынан *Сатай үнүн кайрат менен чыгарды* (Т. Сыдыкбеков).

Жатыш жөндөмөдөгү жардамчы атоочтон кийин куранды -гы мүчөсү уланса, заттын ар кандай белгисин көрсөтөт.

Эшиктин алдындагы *сары дөбөт адегенде Сулайманды качырып калды* (К. Осмоналиев). *Тээтиги* айыл башындагы *ак боз үй Тойбайдыкы* (А. Токомбаев). *Тиги* үйүнүн жанындагы *тентек баласы жөнүндө кобурап кала турган* (К. Осмоналиев).

Кээде мындай формадагы жардамчы атоочтор субстантивдешип айтылат:

Үйдүн ичиндегилер *көпкө сүйлөшүштү*.

СЫН АТООЧ

Сын атооч жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Заттардын сын-сыпатын, өңү-түсүн (*көк, сары, жашыл*), даамын (*таттуу, ачуу, кычкыл*), тулкусун, формасын (*тоголок, сүйрү, жалпак*), көлөмүн, ченемин (*чоң, кичине*) көрсөтүп, «кандай?», «кайсы?» деген суроолорго жооп берип турган сөздөрдү сын атоочтор дейбиз.

Сын атоочтордун мүнөздүү белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) сын атоочтор (негизинен катыштыгы) даражалар боюнча өзгөрөт: *кызылыраак, жакшыраак, капкара, супсур, көпкөк, өтө кызыл* ж. б.;

2) сын атоочтор заттын (өңү-түсүн билдирүүлөрү боюнча) сын-сыпатынын жетишсиздигин көрсөтүүчү грамматикалык формаларга ээ: *ак-агыш, көк-көгүлтүр, ак-акжуумал* ж. б.;

3) сын атооч өзүнө тиешелүү сөз жасоочу мүчөлөрү менен башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланат.

4) заттын сын-сыпаттык белгисин билгизген маанисине байланыштуу, сын атоочко көптүк, жөндөмө жана таандык категориялары мүнөздүү эмес. Бул категориялардын мүчөсү сын атоочко заттанган учурда гана жалганат.

5) синтаксистик жагынан, негизинен, аныктоочтун, баяндоочтун, заттанган учурда ээнин, толуктоочтун милдетин да аткарат.

Сын атоочтор составына карай жөнөкөй жана татаал сын атоочтор болуп 2 ге бөлүнөт.

Бир гана сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын же формасын билдирсе, жөнөкөй сын атооч дейбиз.

Жөнөкөй сын атооч морфологиялык составына карай тубаса сын, туунду сын болуп өз ара экиге бөлүнөт.

Азыркы мезгилде өз алдынча морфемаларга бөлүп жиберүүгө мүмкүн болбогон сын атоочтор тубаса сын атоочтор деп аталат. Тубаса сындарга *кызыл, ак, көк, жашыл, сары, чоң, кичине, кең, тар, терең, тайыз, жапыз, бийик, жакшы, жаман, эски, жаңы, жумшак, катуу, оор, жеңил* сыяктуу сөздөр кирет. Бирок кээ бир тубаса сындар мурун уңгу жана мүчөдөн турган туунду сөздөрдөн болгон: *кызыл* (<кыз-ыл), *жашыл* (<жаш-ыл).

Тубаса сындар төмөнкү маанилерди билгизет:

1. Өндү-түстү көрсөтөт: *кызыл, көк, ак, жашыл, кара, сары, куу (куу ит, куу мурут), сур, боз, күрөң, жээрде, күлгүн, чаар. чыбыр, буурул, таргыл, тору, ала, кер, кула, мала, кашка* ж. б.

2. Даамды билдирет: *кыйгыл, ачкыл, кычкыл, супсак, ачуу, таттуу, ширин* ж. б.

3. Форманы, кебетени, белгини билдирет: *жумуру, тууралжын, тоголок, тегерек, чарчы, ийри, жалпак, кайкы, кырдач, тегиз, бүкүр, көсөө, майда, семиз, болук, тайпаң, шалпаң* ж. б.

4. Ченемди, көлөмдү, жашты билдирет: *кең, тар, ичке, чоң, зор, кичине, терең, узун, бийик, кууш, улуу, жаш, кенен, жазы, кенже, картаң, жапалдаш, кыпча,* ж. б.

5. Бөтөнчөлүк сапатты, мүнөздү билдирет: *долу, жумшак, элпек, коюу, катаал, кас, каргыл, карасанатай, карапайым, жакшы, жапайы, шайыр, шамдагай, шум, шат, келесоо, кибир, көйрөң, мыкты, начар, одоно, морт, момун, жармач, жеңил, кыраакы, кымбат, суз, кыйыр, сырдана, жоош* ж. б.

Башка сөз түркүмдөрүнөн сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган сын атоочтор туунду сын атоочтор деп аталат.

Кыргыз тилинде тубаса сын атоочтордун тактоочтордон айырмалануучу өз алдынча морфологиялык көрсөткүчү жок. Синтаксистик функциясы боюнча тактоочтор сыяктуу бышыктоочтук милдет аткара берет: *Жакшы* окуучу *жакшы окуйт*. Мында аныктооч жана бышыктооч болуп турган *жакшы* бири биринен формалдык белгиси боюнча айрылган жок, бирок бул сын атооч сөз этиштин алдында тактооч сыяктуу бышыктоочтук милдет аткарды. Синтаксистик мындай кызматына карап, жогорку мисалдагы сын атоочту тактооч деп ойлоого жарабайт, булар бири бирине өткөн жок, синтаксистик функциясы гана өзгөрдү. Мындай учурда сын атоочту башка сөз түркүмдөрүнөн айруучу мүнөздүү белгилери болуп, лексикалык мааниси жагынан заттын туруктуу белгисин көрсөткөндүгү; морфологиялык жагынан салыштырма жана күчөтмө даражаларынын бардыгы; синтаксистик жагынан аныктооч-

тук милдетти аткаргандыгы, б. а. лексика-грамматикалык үч белгиси боюнча аныкталууга тийиш. Мисалы, *таш үй* деген айкашуунун составында *«таш»* сын атооч сыяктуу эле *«кандай?»* деген суроого жооп берип, үйдүн эмнеден жасалгандыгын көрсөтүп, сын атооч сыяктанып турат. Ал эми *«таш»* деген сөздүн өзүн жекече алып, ага суроо бергенде, жогоркудай *кандай?* деген суроо эмес, өзүнүн нагыз лексикалык-заттык маанисине ылайык *эмне?* деген суроо берилет. Мунун сын атооч эмес, сын атооч сыяктуу аныктоочтук милдет аткарган зат атооч экендигин ушундан эле ажыратууга болот. Бышыктоочтук милдет аткарган сын атооч жөнүндө да ушундай эле пикирди айтууга болот. Кыскасы, мындай учурда сөздү лексика-грамматика жагынан өзүнчө жеке алып текшерүү керек.

Сапаттык жана катыштык сын

Сын атоочтор заттын белгисин тике же башкалар аркылуу билдиргенине жана грамматикалык айрым белгилерине карата сапаттык сын жана катыштык сын болуп экиге бөлүнөт.

Заттын сын-сыпаттык белгисин өзүнүн лексикалык маанисн боюнча тике, өз алдынча көрсөтүүчү сын атоочтор сапаттык сын атоочтор деп аталат. Сапаттык сын заттын өңүн, формасын, мүнөзүн, белгисин, көлөмүн, жана ченемин билдирет да төмөнкүдөй грамматикалык белгилери бар:

1) затта сын-сыпаттын көбүрөөк же азыраак экендигин билдирүүчү салыштырма, күчөтмө даража боюнча өзгөрөт: *ичке-ичкерээк — өтө ичке, ачуу-ачууракк — өтө ачуу, ак-агыраак — өтө аппак, жашыл-жашылыраак — өтө жашыл-жапжашыл* ж. б.

2) сапаттык сындардан *-лык* мүчөсү аркылуу конкреттүү эмес маанидеги зат атоочтор жасалат: *жаңы-жаңылык, каракаралык, курч-курчтук, узун-узундук* ж. б.

3) сапаттык сындардын көпчүлүгү карама-каршы маанидеги түгөйлүү сындарды уюштурат: *чоң-кичине, кең-тар, картаң-жаш, курч-мокок, узун-кыска* ж. б.

Башка зат менен болгон байланыштуулукту, аны менен катышынын (мамилесинин) бардыгын билдирүүчү белги катыштык сын атооч деп аталат. Катыштык сын атооч ар кандай морфологиялык каражаттардын жардамы менен башка сөз түркүмүндөгү сөздөрдөн жасалат. Катыштык сын атооч аркылуу берилген белги өзүнүн аныкталгычы менен ар кандай карым-катыштын негизинде жасалат:

1) заттын белгилүү бир жакка болгон мамилесин, тиешесин көрсөтөт: *партизандык* курал, *колхоздук* чарба ж. б.;

2) жансыз затка болгон мамилесин көрсөтөт: *шаардык* аянтча, *философиялык* диспут, *илимий* эмгек ж. б.;

3) аракет-кыймылга болгон мамилесин көрсөтөт: *даярдоочу* класс, *далилдөөчү* факты, *кызыктыруучу* китеп ж. б.;

4) заттын орунга болгон мамилесин көрсөтөт: *бул жердик эл, эл аралык* кабарлар ж. б.;

5) убакытка, мезгилге болгон мамилени көрсөтөт: *кечки* кабар, *бүгүнкү* чечим, *былтыркы окуя* ж. б.

Сын атоочтун даражалары

Кыргыз тилинде сын атоочтун эки даражасы бар: *салыштырма* жана *күчөтмө* даража.

САЛЫШТЫРМА ДАРАЖА

Заттагы бир эле белги экинчи зат менен өзүнүн көптүгү же аздыгы боюнча салыштырылат. Эки заттын бир белги боюнча бири-бири менен салыштырылышы сын атоочтун салыштырма даражалары деп аталат. Кыргыз тилинде бир заттын сынын, өзгөчөлүгүн экинчи зат менен өз ара салыштыруу сөздүн чыгыш жөндөмөсүндө турушу менен ишке ашырылат: Бал, *канттан* таттуу. Уят, *өлүмдөн* катуу. Пальто, *көйнөктөн* узун. Алым, *Асандан* кичине ж. б. Бул сүйлөмдөрдө салыштыруучу заттардын аты атооч жөндөмөсүндө, салыштырууга алынган заттар чыгыш жөндөмөнүн мүчөсүн кабыл алуу менен түзүлдү. Эгерде чыгыш жөндөмөдөгү затты алып таштап, жөн эле *бал таттуу, уят катуу, пальто узун, Алым кичине* десек, эч кандай салыштыруу болбойт.

Эки заттагы бир өңчөй сапаттык белгинин жайынча салыштырылышы чыгыш жөндөмөсү аркылуу берилет. Эгерде сапаттык белгинин аз же көп экендиги, оош-кыйыш же басымдуулугу салыштырылса, анда чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтон кийинки сын атоочко *-ыраак* мүчөсү жалганат: Бал канттан *таттуурак* ж. б. Кээде бул тартип бузулуп, салыштырууга алынуучу зат сүйлөмдө берилбей калышы да мүмкүн. Бирок ал билинип турат: Бул алмурут *(тигинден) чоңураак.*

Кыргыз тилинде -ыраак мүчөсүнүн эки түрдүү мааниси бар: 1) *-ыраак* мүчөсү эки заттын бирөөндө салыштырылган белгинин көп экенин көрсөтөт. Бирок ал менден *чоңураак* да, *күчтүүрөөк* да эле (К. Баялинов). Чоң-Сары-Ойго келгенде тосуп чыккан андагы колхозчуларга мындан да *жакшыраак, узунураак,* мындан да алда канча *даамдуураак* кылып сөз сүйлөдүм (К. Баялинов).

-ыраак заттагы болгон оң жана тескери сапаттарды да

күчөтө берет: *жакшыраак-жаманыраак; сулууракак-сертирээк, таттууракак-ачууракак* ж. б. Мындан да *жаманыраак* болот.

2) *-ыраак* заттагы сын-сыпаттын жөнөкөй, кадимки түргө караганда толук эмес, кем экендигин да эч кандай салыштыруусуз эле көрсөтөт: *чийки—чийкирээк, катуу—катууракак, жумшак—жумшагыраак* (бирок чийки эмес, жумшак эмес). *Кичирээк* жылкыга минсе үч бүктөлөт (Т. Сыдыкбеков). *Ал басыраак бойлуу* ж. б.

Күчөтмө даража

Күчөтмө сын сын-сыпаттын жогорку деңгээлин көрсөтөт да, үч түрдүү жол менен жасалат:

а) *эң, өтө, абдан, эбегейсиз, ашкан, мүлдө, чымкый, чылк* деген күчөткүч бөлүкчөлөрдүн жардамы менен уюштурулат:

Чурка Серёжа, убакыт *эң кыска*. «Оо, мунун окуясы *өтө кызык»*, — деди Нурбай (К. Баялинов). *Чымкый* кызыл кай бири (Т. Үмөталиев). Сарай кең, *опсуз узун* (Т. Сыдыкбеков). *Өтө шайыр* жана *кайраттуу* болгондуктан, ал кыйноодон кийин камерага келгенде желдеттердин ичин күйгүзүп ыр ырдайт.

б) Сын атоочтун толук кайталанып айтылышы же кыскартылып кайталанышы аркылуу да күчөтмө сын түзүлөт. Ал чыныгы кочегардай капкара. *Кыпкызыл* алмалар экен ж. б.

в) Субстантивдешип кайталанган сын атоочтор да күчөтмө сынды уюштурушат: *мыктынын* мыктысы, *сулуунун* сулуусу, *актын* агы ж. б.

Күчөтмө сындын мааниси *жаман* деген сөздүн өтмө мааниде колдонулушу менен да берилет: *жаман* сулуу, *жаман* курч, *жаман* катуу.

СЫН АТООЧТОРДУН ЖАСАЛЫШЫ

1. Сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы

Зат атоочтордон сын атооч жасоочу мүчөлөр:

-луу (-луу, -туу, -түү, -дуу, -дүү, -лыг: байыркы түрк. *атлыг*—аттуу) менен жасалган сын атоочтор:

1) Бир нерсенин бардыгын, заттын бир нерсеге ээ экендигин көрсөтөт: *аттуу* киши, *күчтүү* жигит, *акылдуу* адам, *токойлуу* жер, *ашуулуу* бел.

2) Заттын белгисинин көптүгүн, молдугун көрсөтөт: *балыктуу* көл (б. а. балыгы мол көл); *таштуу* жер (б. а. ташка мол жер).

Зат атоочтон *-луу* мүчөсүнүн жардамы менен көбүнчө катыштык сын атоочтор жасалат. Бирок кээде бул форма аркылуу жасалган сөз сапаттык сынга тиешелүү болгон учурлары да кезигет: атак — *атактуу,* күч — *күчтүү,* кайгы—*кайгылуу,* даам — *даамдуу,* пайда — *пайдалуу* ж. б.

-сыз, -луу мүчөсүнүн антоними. Эгерде *-луу* мүчөсү атооч сөзгө жалганганда заттын же сапаттын көптүгүн, молдугун көрсөтсө, *-сыз* мүчөсү заттын же сапаттын жоктугун көрсөтөт:

Алтын таап алса да *акылсыз* акмак байыбайт (О. Бөлөбалаев). Түшүнө бербеген Камка эби кеткен *тишсиз* ээгин кыймылдатып карап калып сурады (Т. Сыдыкбеков). Балалуу үй күлүстөн, баласыз үй көрүстөн (макал). Какшаал *суусуз* чөл, ээн жер боло турган (К. Баялинов). Ажар *бактысыз,* Ажар турмуш кулу (К. Баялинов).

Кээде *-сыз* мүчөсү зат атоочтордон сын атооч жасап, жоктукту көрсөтпөстөн, тескерисинче, ал сыпатты күчөтүп, ченемсиз көп экендигин билдирет:

Элүүчө төөгө мал алып, эпсиз күмүш зар алып (фольк.). Эмгеги *эсепсиз,* акы доолабас бир жан (К. Жантөшев). Берметтей тизилген *сансыз* жылдыздар жымыңдашып, жер жүзүнө көрүндү (К. Баялинов). Кара жоо *сансыз* куралдарын дүрмөттөгөн (Т. Сыдыкбеков).

-кы мүчөсү зат атоочторго, тактоочторго жалганып, алардан убакытты билдирүүчү сын атоочторду түзөт: Жаратылыштын *жайкы* сулуулугун ого бетер көркүнө келтирет. *«Кечки* сабакты бирге даярдайлык»,—деди Гүлай (А. Токомбаев). Мурдагы жылы Нарындагы Аламышыктын тоосуна бардым (К. Жантөшев). Байыркы картандын бул кебине калгандары эпейип олтурушуп баштарын ийкендетишти (Т. Сыдыкбеков).

-гы мүчөсү жатыш жөндөмөсүнөн кийин келсе, орунду көрсөтүүчү сын атоочторду уюштурат:

Колхоздогу техника — алдыңкы техника. *Айылдагы* оорукана таза жана көңүлдүү. *Шаардагы* мектеп чоң. *Совхозубуздагы* клуб өтө кооз. *Мектебибиздеги* парта, доскалар сырдалды. *Шаарыбыздагы* көчөлөрүбүз асфальтталган.

-чыл. Зат атоочторго жалганып, адамдын бир нерсеге шыктуулугун, бир нерсеге жакындыгын билдирүүчү сын атоочторду жасайт:

Санаасы жок *уйкучул,* акылы жок *күлкүчүл* (макал). Кишинин аты—*терчил,* кишинин кийми—*кирчил* (макал). Кыргыз калкы—*конокчул.* Эстүү—*көпчүл,* эселек—тууганчыл (макал). Тойчубек *ойчул,* оор басырык киши эле (К. Баялинов).

Элебес эзелден жөнү жокко *капачыл,* күйкөлөк адам (М. Элебаев). Ал өтө сөзмөр, *жомокчул* (К. Баялинов).

-чыл мүчөсү кээде бир нерсени жактагандыкты, бирөөнүн жолун жолдогондукту билдирет: *ленинчил, стахановчул.*

-даш мүчөсүнүн жардамы аркылуу биргеликти, жакындыкты билгизүүчү зат жана сын атоочтор жасалат.

Баарынын кийгендери *өңдөш,* бир үлгүдө тигилгендей, окшош кийимдер (Т. Сыдыкбеков). Бирине бири *кеңештеш, акылдаш* (К. Баялинов). Касейиндин энеси Каныш байбиче Айымжан экөө *сырдаш* кишилер. Жаш келин *замандаш* жолдошунун айткандарын угуп, оюндагысын түшүнө келатат (Т. Сыдыкбеков).

Зат атоочтордогу (*карындаш, жолдош, курдаш* ж. б.) жана сын атооч маанисиндеги (*сырдаш, өңдөш, акылдаш* ж. б.) *-даш* мүчөсү кош мамиле этишти жасоочу татаал *-даш* (*<ла+ш*) мүчөсүнө кээде мааниси жана сырткы формасы жагынан да окшошуп кетет (салыштыр: *колхоздош жигит — элибиз колхоздошту*). Мындай учурларда *-даш* мүчөлөрүн чаташтырып, бир бирине аралаштырбас үчүн сөздүн маанисине кароо керек.

-дай (*<даг* байыркы түрк. *тег* — сыяктуу, окшош деген маанидеги бүтүн сөз болгон) мүчөсү зат атоочторго, ат атооч, сын атооч жана атоочтуктарга жалганат.

Казак бала, бою *мендей* (М. Элебаев). Өзүбүз *сиздей* эле колхозчу элбиз (Т. Сыдыкбеков). Таң *аткандай* үйдүн ичи жарык болду.

-дай мүчөсү сын атоочторго да жалгануууга мүмкүн: Аның көйнөгү түн ичинде *карадай* көрүндү.

-дай мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор негизинен төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

а) Сапаттык окшоштукту:

кандай кызыл; *булактай* тунук; *шердей* күчтүү ж. б.

б) Көлөм, форма, чондук жагындагы окшоштукту:

тоодой киши; *жаңгактай* таттуу; *калемдей* каш; *мончоктой* тегиз ж. б.

в) Кыймыл-аракеттин иштелиш окшоштугун:

куштай учат; *балыктай* сүздү; *баладай* ыйлады.

Сын атоочтук окшоштук маани атоочторго *сыяктуу, шекилдүү, чалыш, сымак, сымал, сөрөй* деген сөздөрдүн айкалышы аркылуу да берилет: *аргымак чалыш* мал; *чалыш жылкы: адамсымак//адамсымал* маймыл; *ага сөрөй* киши; *көк сымак//көк сымал; кара сымал; күрөң чалыш; тоту сыяктуу куш; ат шекилдүү тай* ж. б.

-лык (фонетикалык варианттары менен) абстракттуу маанидеги зат жана сын атоочторду жасоочу мүчө, аныктоочтук позицияда туруп арналгандык, ченелгендик, бир нерсеге тиешелүүлүк жана кайсы жерден, элден чыккандыгын билдирүү

маанисин берет: *кыштык отун; жылдык доход; тянь-шандык чалгынчы; айылдык совет* ж. б.

-лык мүчөсүнүн колдонулуу масштабы Октябрь Революциясынан кийин өзгөчө кеңейди. Ал орус тилинен кирген сөздөргө жана жаңы советтик-интернационалдык түшүнүктөрдү билдирүүчү сөздөргө жалганып, көп сандаган зат жана сын атоочтор маанисиндеги сөздөрдү жасап, тилдин лексикасын байытууда көрүнүктүү роль *ойноду: практикалык (иш), партиялык (документ), финансалык (иш), индустриялык* (техникум) ж. б.

-чан мүчөсү жалганып жасалган сын атооч заттын бир нерсе менен жабдылгандыгын көрсөтөт:

Чөбүнүн калындыгы *атчан* киши кирип кетсе бойлогус (М. Элебаев). *Найзачан* аскер; *өтүкчөн* киши.

-чан мүчөсү кээде сын атоочтордун өзүнө жалганып, алардан сапаттык белгини көрсөткөн көп сөздөрдү жасайт: *ысыкчан, оорукчан, суукчан* ж. б.

-лак мүчөсү жалганган сөз сүйлөм тизмегинде аныкталычтын милдетин аткарса, ал сөз заттын сапатын, нерсенин бардыгын же молдугун билдирет: *таштак жер; саздак жер, кумдак жер.*

-мер мүчөсү менен жасалган атооч сөз аныктоочтук позицияда туруп, заттын сапатын көрсөтөт:

Асан *ишмер* жигит. Жамыйла болсо шайыр, *сөзмөр,* суйкайган жароокер кыз (К. Баялинов).

-кор мүчөсүнүн жалгануусу менен жасалган атооч сөз аныктоочтук позицияда туруп, сын атооч маанисинде адамдын бир нерсеге жакындыгын көрсөтөт: *канкор душман; чайкор кемпир; малкор адам; дүйнөкор киши; сүткөр соодагер;* Эже-сиңдилерин *канкор* падышанын куугуну, сургүнү астында тепселишти, тентишти (К. Баялинов).

-кор мүчөсү зат атоочтордон оң маанидеги сын атоочторду да жасай алат:

камкор (адам). Ал адегенде эле *камкор,* иш билүүчү чыйрак чыкты (Т. Сыдыкбеков).

-кер мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сөз аныктоочтук позицияда туруп, адамдын бир нерсеге ишкердик сапатын көрсөтөт: *табышкер* адам; *айлакер* бала; *үмүткер* адам; *күнөөкөр* адам; *боорукер* адам ж. б. Мындай *боорукер,* энелик жагымдуу сөздү укканда, Жамийла эрксизден көзүнө жаш алды (К. Баялинов). Айшанын *жароокер,* жалындуу көзүнө көзү учураганда Жапардын бүткөн бою өзүнөн өзү балкыды (К. Баялинов).

Составында *-бей,* -на деген префикстери бар (иран тилдеринен кирген) жана *-ий* мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр да

сын атоочтук маанiге ээ: *бейкаруу; бейтааныш; бейкабар; бейдаарат; натуура; нааразы (на+ыраазы); диний китеп, маданий революция, адабий чыгарма* ж. б.

Этиш сөздөрдөн сын атооч жасоочу мүчөлөр

-гыч мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сөздөр аныктоочтук позицияда туруп, кыймыл-аракетти иштөөгө жөндөмдүүлүгүн, шыктуулугун билдирет: *сезгич* (киши), *жазгыч* (акын), *күрөгүч* (машина), *билгич* (адам) ж. б. *-гыч* мүчөсү кээде зат атоочту да жасайт.

-ыңкы (<ың+кы) мүчөсү аркылуу жасалган сын атооч сапаттык белгинин жетишсизирээктигин, кемирээктигин билдирет:

Илериңки Зарыл: «Апай, мен *салайынчы*» — деп, баягы жаман ала кийизди алып жая таштап, Мыскал ошондо отурду (Т. Сыдыкбеков). Өзү *илериңки,* адамгерчиликтүү, колунан бардык иш келген, жакшы, эс-акылы бар кыз көрүнөт (К. Баялинов).

Ал кекетиңки сөздөрдү айтып, сүзүңкү көзү менен карады. Бардыгынын да кабактары *салыңкы*, үнсүз (К. Баялинов).

Өңү азыңкы, кебетеси *үрпөйүңкү* (Т. Сыдыкбеков).

Айтор бул отун, суусуз бир жерге жаңы көчүп түшкөндөй *жутаңкы* (М. Элебаев). *Көлчөйүңкү* өтүктү кийди; *агарыңкы; карарыңкы* ж. б.

-ык, -к мүчөсүнүн жардамы аркылуу жасалган атооч сөздөр аныктоочтук позицияда сын атооч маанисинде заттын сапаттык белгисин билдирет: *калдырак* (кагаз), *солкулдак* (бычак), *мөөрөөк* (уй), *былжырак* (камыр), *шуудурак* (жибек), *сүйлөөк* (киши).

-гыр мүчөсү аркылуу жасалган атооч аныктоочтук позицияда заттын бир нерсеге жөндөмдүүлүк сапаттык белгисин билдирет: *алгыр куш, алгыр тайган, өткүр бычак* ж. б.

-чаак мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочтор маанисинде жагынан заттын бирдеме иштөөгө жөндөмдүүлүгүн, ага мүнөздүү болгон белгини көрсөтөт: *жалканчаак ат, жасанчаак киши, адашчаак бала, унутчаак аял, урушчаак кемпир, тырышчаак окуучу* ж. б.

-калаң же *-калак* мүчөлөрү аркылуу жасалган сын атоочтор адамга мүнөздүү сапаттык белгини көрсөтөт: *күйкөлөк* киши. Чаргын *шашкалак* башка сөзгө келбей, жөнөп кетти (Т. Сыдыкбеков).

Эбиреген *уганаак* катындай үй-бүлөгө кабар жеткиришти (Т. Сыдыкбеков).

-гыс (*-гы+сыз*) мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор тануу, күчөтүү маанидеги сын атооч сөздөрдү жасайт: *көңүлдөн чыккыс* окуя; ат *көтөргүс зор* буюм; *өчкүс* кайгы; *түгөнгүс азык; таанығыс өзгөрүш; кайткыс жол* ж. б.

-гыч мүчөсү аркылуу жасалган сын атоочтор кыймыл-аракетке байланыштуу белгини көрсөтөт: *азгын адам, келгин куш, өткүн жаан, качкын киши.*

-арман формасы *-ар* жана *-ман* мүчөлөрүнүн айкашынан туруп, заттын сапатын билдирет: *чабарман киши, билерман адам, көрөрмөн киши, аларман адам* ж. б.

-анак (<аган+ак) мүчөсүнүн жардамы менен жасалган сын атоочтор айбанаттарга мүнөздүү болгон сапаттык белгилердин бирин көрсөтөт: *кабанак* ит, *сүзөнөк* уй, *тебенек* ат, *качанак* жылкы.

Сын атоочтон сын атоочту жасоочу мүчөлөр

Кыргыз тилинде заттын сын-сыпатынын ченемин билдирүү үчүн өндү-түстү көрсөтүүчү сын атоочторго кээ бир мүчөлөр жалганат. Алар — заттын сын-сыпатынын төмөндүгүн, жетишсиздигин билдирет:

1) *-гыл: саргыл, кызгыл, киргил* (ушул үч сөзгө гана жалганат);

2) *-гылт*: (саргылт, кызгылт, сургулт, көгүлт).

Бир аз нымдалышкан семиз жердин *саргылт топурагы* бурт-бурт ыргытылып турат (Т. Сыдыкбеков). *Сургулт* балчыктар чып-чып этип үн чыгарат (К. Баялинов). Кечке жуук булуттар батып бараткан күндүн таасири менен *кызгылт* тартып, уюлгуп жаткандай көрүнөт.

-гылт мүчөсү өндү көрсөтүүчү бардык эле сын атоочторго жалгана бербейт; бул мүчө *жашыл, кара* деген сын атоочтор менен айкашпайт.

3) *-гылтым* мүчөсү *ак, сур, кызыл, көк* деген сын атоочтор менен айкашып, *кара, жашыл* деген сын атоочтор менен айкашпайт:

Айшанын көйнөгү *кызгылтым*, Гүлайдыкы *көгүлтүм. Сургултум* булуттар асманда каалгыды ж. б.

4) *-ылжым* (-үлжүм) *ак, көк, сары, кара* деген сын атоочторго жалганат; *кызыл, жашыл* деген сын атоочторго жалганбайт:

Түтүндөй каралжым тартып, булуттар көрүнбөй калат.

Агылжым жибектен көгүлжүм жибек көрктүү. Саргылжым жип экен.

5) *-ылтыр: ак, көк* деген сын атоочко айкашат, ал эми *сары, кызыл, жашыл, сур, кара* деген сын атоочтор менен айкашпайт:

Көгүлтүр түтүнү бурк этип, машина жөнөй берди (Т. Сыдыкбеков).

6) *-ыш* мүчөсү эки гана сөздө кезигет:

Көгүш көздүү жаш жигит ырайымдуу жүзү менен карыяга жылмая карады (К. Баялинов). Өңү *агыш* экен.

7) *-гыч* сары деген бир гана сын атоочко айкашат: Алымдын чачы *саргыч.*

8) *-омук* да *боз* деген бир гана сөз менен айкашат: *бозомук.*

9) *жуумал: ак* деген сөз менен гана айкашат: *ак жуумал* жүздүү.

10) *-чыл: көкчүл, сарычыл.*

11) *-ча:* Акча бети нурданып, жибек чачы жалтылдап тизеден өттү (К. Жантөшев).

Сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы

Эки же андан артык сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, белгисин билгизген сөздөрдү татаал сын атоочтор дейбиз. Татаал сын атоочтор сөз менен сөздүн айкалышы аркылуу синтактистик жол менен жасалат.

Составдык компоненттеринин синтаксистик айкашуу ыктарына карата татаал сын атоочторду тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы деп экиге бөлүүгө болот.

Тең байланыштагы татаал сын атоочтор. Тең байланыштагы татаал сын атоочтордун компоненттери бири бирине багынбайт да, өз ара төмөнкүдөй мамиледе болушат:

1. Карама-каршы маанидеги сын атоочтор. Мындай сын атоочтор жалпыланган түшүнүктү билдирет: *улуу-кичүү, жаш-кары, узун-кыска, ачуу-таттуу, жоон-ичке, арык-семиз, кең-тар* ж. б.

2. Маанилеш сын атоочтор: булар сапаттык белгини билдирет:

1) Эки компоненти экөө тең маани берүүчү татаал сын атоочтор: *ачык-айрым, жөө-жалаң, эстүү-баштуу, жылуужумшак.*

2) Компоненттеринин бирөө маани берип, экинчиси азыркы кыргыз тилинде маани бербеген татаал сын атоочтор: *кызыл-тазыл, эски-уску, жоон-жолпу, майда-чүйда, жаман-жуман, самтыр-сумтур, оңой-олтоң* ж. б.

3) Кайталама сын атоочтор. Булар заттын сын-сыпатын күчөтүп көрсөтөт да, көптүк идеяны да билдирет: *сары-сары гүлдөр, жашыл-жашыл* чөптөр, *узун-узун* көчөлөр, *таттуу-таттуу* алмуруттар, *жылуу-жылуу* кийимдер, *бодур-бодур таштар* ж. б.

Багыныңкы байланыштагы татаал сын атоочтор да эки сөздөн турат, бирок биринчи сөзү экинчи сөздү аныктайт. Бул типке кирүүчү татаал сын атоочтор синтаксистик байланышка карата өз ара экиге бөлүнөт:

1. Ыкташуу аркылуу байланышкан сын атоочтор. Бул типтеги сын атоочтор компоненттеринин составы боюнча төмөнкүчө болушу мүмкүн:

а) сын атооч менен зат атоочтон тургандар: *жылаңаяк (жылаң<жалаң+аяк* бут); *жылаңбаш (<жылаң<жалаң+баш); кераяк (кер+аяк); терсаяк (терс+аяк); карамүртөз (кара+мүртөз); ачык ооз, ач көз* ж. б.;

б) сын атооч менен сын атоочтун айкалышынан түзүлгөндөр. Мындай татаал сын атоочтордун кээ бирөөнүн компоненттери өз ара эркин айкашса, кээ бирөөнүкү туруктуу айкашат: *кара кашка, көк кашка, тору кашка, кызыл ала, көк ала, тору ала, сары ала* (эркин айкашуу); *кара тору, аксаргыл, кара көк, кара күрөң* (туруктуу айкашуу: булар өздөрүнүн алдында башка сын атоочтун болушуна жол беришпейт).

2. Кыйышуу байланышы аркылуу жасалган татаал сын атоочтор. Мындай типтеги сын атоочтор өз ара зат атооч менен сын атоочтун айкалышынан турат; биринчи компонентине 3-жактын таандык мүчөсү жалганат да, экинчиси (сын атоочу) өз калыбында өзгөрүүсүз калат, бирок экөө биригин бир жаңы түшүнүктү билдирет: *колу ачык* (жигит), *көзү ачык* (адам), *колу узун* (киши), *тили узун* (аял) ж. б.

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу (Субстантивдешиши)

Сын атоочтордун синтаксистик негизги милдети—аныктоочтук функцияны аткарышы. Сын атоочтор аркылуу берилген аныктооч заттын туруктуу белгисин билдирет, жана башка аныктоочтор сыяктуу эле аныкталгычы менен ээрчишпейт, мүчө аныкталгыч болуп түшкөн сөзгө жалганат: *малдуу адамдар; курч бычакка* сап жасадым ж. б.

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу анын сүйлөмдөгү синтаксистик кызматына байланыштуу. Сын атооч сүйлөмдө ээлик же толуктоочтук милдет аткарганда заттык мааниде колдонулат, бирок сөз түркүмү жагынан сын атооч болуп кала берет. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу аныкталгычтык милдет аткарган сөзүнүн түшүп калышы аркылуу ишке ашырылат: сүйлөмдө аныкталгыч болуп кызмат аткарган сөз түшөт да, аныктооч болуп турган сын атооч анын ордуна заттык мааниге ээ болуп колдонулат, б. а. зат-

танган түшүнүктү билдирет. Аныкталгыч сөз түшкөндө, эгерде ал мүчөлүү болсо, анын мүчөсү заттык маанидеги сын атоочко жалганат. Бирок буга карап, сын атооч заттык мааниге сөз өзгөртүүчү (көптүк, таандык, жөндөмө) мүчөлөр аркылуу өтөт экен деп ойлоого жарабайт. Сын атоочко жалганган мүчө түшкөн аныкталгычынын башта грамматикалык кандай формада экендигин гана көрсөтөт: *Жакшы* менен жүрсөң, жетерсиң муратка, *жаман* менен *жүрсөң,* каларсың уятка (*жакшы киши* менен, *жаман киши* менен деген мааниде). *Жаш* келсе ишке, *кары* келсе ашка (жаш киши, кары киши деген мааниде); экөөндө тең *киши* деген аныкталгыч түшкөн. *Ачуулуунун* алдына турба, атасына карабас (ачуулуу кишинин дегендин ордуна). *Чапанчанга* камчы чапса, көйнөкчөнгө доо кетет. *Миң койлууга* карышкыр тийсе, *бир койлуу* бычак ала чуркаптыр (*чапанчан, көйнөкчөн, миң койлуу адамга* деген мааниде). Үч сүйлөмдө тең түшкөн аныкталгычтын мүчөсү заттанган маанидеги сын атоочко жалганды.

Аныкталгыч сөз төмөнкү учурларда түшөт:

1) аныкталгыч сөз мурунку сүйлөмдө белгилүү болсо, аны кийинки сүйлөмдө да кайталай бербестен, ордуна сын атоочтук аныктооч колдонулат: Базарга бир тору *жорго*, бир кара кашка *жорго* түштү. *Торусун* мен алдым, кара *кашкасын* Эмилбек алды. ж. б.

2) аныкталгыч сөз сүйлөмдүн контексти боюнча өзүнөн өзү белгилүү болуп турса, сын атооч анын ордуна заттык мааниде колдонулат. Мындай учурда аныкталгыч мурунку сүйлөмдө берилбейт: *Жооштон* жоон чыгат. *Жакшы*—эли менен, жер—кени менен. *Жакшынын* жакшылыгы тиер ар жерде. *Жамандын* жамандыгы тиер тар жерде. *Ач* кадырын *ток* билбейт, *оору* кадырын соо билбейт. ж. б.

Сын атоочтун заттанышын эки бөлүп карoo керек: кээ бир сын атоочтор ээлик же болбосо толуктоочтук милдетти аткарган учурда гана заттык мааниде колдонулат. Булар сын атоочтун сүйлөм ичинде гана заттанышы деп аталышы мүмкүн.

Кайсы бир сын атоочтор колдонулуу процессинде өздөрүнүн лексикалык, сын-сыпаттык маанисин жоготушат да, акырындык менен зат атоочтордун тобуна өтүп кетишет. Мындай сын атоочтор лексикалашкан сын атоочтор деп аталышы мүмкүн. Эки учурда тең сын атоочтун заттанышы аныкталгычтын түшүшү аркылуу болот: *чал куйрук ат*<*Чалкуйрук* [*чал*—алтайча *буурул* деген маанини билдирет (салыштырыңыз: муну менен кыргызча *чал деген сөздү*)], *ак кула ат*. Ак Кула, *сары ала ат*>*сары ала* (аттардын аттары), *ак сакал киши*>*аксакал*. Кийинки бул сөздүн семантикалык өнүгүшү: 1) салы ак (киши), жашы улуу (киши); 2) кызматы улуу (киши), начальник. *Ак сакал*'дын '*начальник*' маанисинде колдонулушу биротоло калыптаныла элек; башка маанилери менен бирге колдонулуп келе жатат, бирок түпкү маанисинен алда канча алыстаган.

Кээ бир сын атоочтор лексикалык маанисинен алыстап же алыстабай туруп, лексикалашып колдонулуунун натыйжасында зат атоочко өтүп кетишет: *чакылдак* (<*чак*+*ылда*+*к*) киши>*Чакылдак, заңкылдак* (*заңк*+*ылда*+*к*) киши, *Заңкылдак, какылдак* (<*как*+*ылда*+*к*) киши>*Какылдак* (кишинин аттары), *тарсылдак* (<*тарс*+*ылда*+*к*) нерсе, кыймыл; *тарсылдак* (кулактын тарсылдагы, атышуу) ж. б.

САН АТООЧ

Сан атооч—абстракттуу сандык түшүнүктөрдүн атын, заттын санын, иретин көрсөтүп *канчанчы? нечинчи? канчоо? нечөө?* деген суроолорго жооп берет.

Сан атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн өзүнө тиешелүү болгон семантикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилери боюнча айырмаланат.

Семантикасы боюнча сан атоочтор абстракттуу сандык түшүнүктөрдүн атын, заттын санын же иретин билдирет.

Мисалы: *Онго экини* кошсо— *он эки. Беш* жерде *беш* — *жыйырма беш.* (Мында абстракттуу сандардын аты билдирилип турат). Баарыбызды калтаарыткан үстүбүздөгү сур дүйнө *эки* дөөнүн чатагын да өчүрдү (Т. Сыдыкбеков). Молдожан Фрунзедеги № 5 кыргыз орто мектебинде *төртүнчү* класста окуйт («Ж. Л»).

Морфологиялык жагынан сан атоочтун өзүнө гана мүнөздүү болгон сөз жасоочу мүчөлөрү бар: *-ынчы, -оо*//*-өө* мүчөсү: *алтынчы, экинчи, алтоо, үчөө, бешөө* ж. б.

Бөлчөк сандардын жасалыш жолу да сан атоочторго гана мүнөздүү болгон морфологиялык ыкмага кирет: *бирден эки, үчтөн төрт, бир бүтүн ондон эки.* Булардан тышкары *-лап, -лаган, -ча, -дай, -чакты* (мүчөгө толук айлана элек) мүчөлөрүн да сан атоочторго мүнөздүү деп айтууга болот, анткени чамалама сандар ушулардын жардамы менен гана жасалат.

Сан атоочторго сан категориясы мүнөздүү эмес, себеби сандык түшүнүк, көптүк идея сан атоочтордун семантикасынан эле белгилүү болуп турат. Эгерде сан атоочко көптүк мүчө *-лар* уланса, заттын көптүгү көрсөтүлбөстөн, чамалоо, болжолдоо маанисин туюндурат:

Жашы *элүүлөргө* барып калган чарчы бойлуу жээрде са-

кал чал (К. Жантөшев). Айдын *жыйырмаларында* жолго чыгабыз.

Сан атоочтор сөз өзгөртүүчү жөндөмө, таандык, жак уландылар менен өзгөрүшү жагынан да бөлөк атоочтордон айырмаланат. Кээ бир сан атоочторго бул мүчөлөр жалганса, кээ бирөөлөрүнө жалганбайт; айрымдары бул мүчөлөр менен толук өзгөрө албайт. Мисалы, менин *бешөөм,* мен *он экимин, жыйырмачанын, отуздайдын* ж. б. деп айтууга болбойт.

Синтаксистик функциясы жагынан сан атоочторго, негизинен, аныктоочтук, баяндоочтук, бышыктоочтук милдетти аткаруу мүнөздүү. Мындан тышкары, ээлик, толуктоочтук милдетти да аткара берет: *Үч* жолдошу болсо эчак базардан чыгып кетишкен (А. Токомбаев). Ал эч качан *биринчиликти* башка бирөөгө берген эмес, дайыма *биринчи* (К. Бобулов). Тандалган балдар *жыйырма беш* (К. Жантөшев). Эпчил *эки* ичет. Бешик баласы *беш* түлөйт (макал). *Он бешке* бөлүнөт.

Ушул өндүү семантикалык, морфологиялык, синтаксистик өзгөчөлүктөрүнө карай сан атоочтор өзүнчө сөз түркүмүн түзүшөт.

Сан атоочтор жаңы сөздөрдүн жасалышына база болушса да *(ондук, үчүлүк, жетилик, жетиген, кырк аяк, тогуз кат, беш атар),* башка сөз түркүмдөрү сыяктанып (ат атоочтон башка), өзү бөлөк сөздөрдөн жасалбайт. Сан атоочтор да, сын атооч, атоочтук сыяктанып, субстантивдешет, заттык мааниде колдонулуп калат.

Сан атоочтор субстантивдешкенде, ойду кыскараак берүү үчүн, өзүнөн кийинки аныкталып турган зат атооч түшүрүлүп айтылат да, анын заттык мааниси аны аныктап турган сан атоочко өтөт. Эгерде аныкталгычка уланган мүчөсү (жөндөмө, таандык, көптүк уланды) болсо, ал субстантивдешкен сан атоочко барып жалганып, түшүп калган аныкталгычтын башта грамматикалык кандай формада экендигин көрсөтүп турат. Түшүрүлүп айтылган аныкталгыч кайсы сөз экендиги сүйлөмдүн маанисинен эле белгилүү болуп турат. Сан атоочтор субстантивдешкенде бир эле мезгилде заттык да, сандык да маанини туюндурат. Мисалы: Билеги күчтүү *бирди* жыгат, билими күчтүү *миңди* жыгат. Эмгек кылган *бешти* бакса, эмгексиз *үчтүкүн* жейт (макал). Антип-минтип мага акыл киргиче, *отузу* өтүп *кыркы* келип жармашты (Р. Шүкүрбеков).

Кээде аныкталгыч сөз мурунку сүйлөмдөн белгилүү болуп турат да, аны кийинки сүйлөмдө да кайталабас үчүн, анын ордуна сан атоочтук аныктоочу заттык мааниде колдонулуп, субстантивдешет: Он тогуз кызыл аскерден *жетиси* гана калды (А. Токомбаев). Ырчылар жакындаганда *эки жигит* утурлай бастырып салам айтышты. *Биринин* үзөңгүсү узун, *экинчиси* бостектен көрпөчө салынган (К. Каимов).

Айрым эсептик сан атоочтор окуучулардын сабактан алган баасын билдирүүчү баллдык мааниде колдонулганда да субстантивдешет: Айлыбызда бирөөнүн баласынан сурасам: Жалаң *беш* алгандар өкмөттөн акча алышат. *Үчтөрү* барлары атасынан алат, — дейт (М. Алыбаев). Жалаң гана *төрт* менен *бешке* окуйбуз («Жаш ленинчи»).

Жамдоо сан атоочтор болсо, өзүнүн мааниси боюнча эле көбүнчө сандык түшүнүктү да, заттык түшүнүктү да ичине камтыйт. Ал гана эмес, аларда чыныгы сандык мааниге караганда заттаныш мааниси басымдуурак кылат. Ошол себептүү жамдоо сан атоочтор сан атоочтун башка түрлөрүнө караганда субстантивдик мааниде көп колдонулат да, бир өнчөй бир нече затты бир сөз менен жалпылап түшүндүрөт: *Экөө* тең өстү, *экөө* тең токтолду (М. Алыбаев). Төштүк менен бул үчөө аркы-берки минди эле («Эр Төштүк»). Ошол окуядан бир топ күн кийин *төртөөбүз* Сабиралардыкына дагы чогулбадыкбы (М. Алыбаев).

Азыркы кыргыз тилиндеги сан атоочтор лексика-семантикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө карай алтыга бөлүнөт: *эсептик сан, иреттик сан, жамдама сан, чамалама сан, бөлчөк сан, топ сан.*

Эсептик сан атооч

Эсептик сан атоочтор абстракттуу сандык түшүнүктөрдүн атын же кандайдыр бир заттын санын билдирет. *Жыйырма* онго калдыксыз бөлүнөт. *Бешке алтыны* кошсо, *он бир* болот. *Кырк төрткө* бөлүнөт. *Отуздун* жарымы — *он беш. Эки* тоо көрүшпөйт, *эки* адам көрүшөт. *Он жети* жаштан үч ай өткүдешет (М. Токобаев).

Эсептик сан атоочтор өзүнчө турганда абстракттуу сандык түшүнүктөрдү билдирет: *беш, он, жыйырма. Алтымышты* жетиге көбөйт.

Ал эми зат атоочтор менен айкашып, алардын санын көрсөтүп келгенде, эсептик сандардын абстракттуу мааниси таксталып, конкреттешип, эмнени билгизгендиги ачык көрүнөт: *беш* китеп, *элүү* кой, *отуз* комбайн.

Эсептик сан атоочтор башка сөздөрдүн жасалышына база боло алат: *онунчу, биринчи, алтоо, үчөө, жыйырмача, отуздай, токсон, сексен, ондук, жетилик, бирдик, бирдиктүү, бирге келдик; беш жылдык, беш бармак, алты бакан, беш атар, тогуз кат, кырк аяк, тогуз кайрык* (күүнүн аты) ж. б.

Кыргыз тилиндеги сан атоочтордун негизги катмарына *(бир (1), эки (2), үч (3), төрт (4), беш (5), алты (6), жети*

(7), сегиз (8), тогуз (9), он (10), жыйырма (20), отуз (30), кырк (40), элүү (50), алтымыш (60), жетимиш (70), сексен (80), токсон (90) деген ондук сандар, *жүздүктү* (100), *миңдикти (1000)* билдирген жана *миллион (1000000), миллиард (1000000000)* деген сандар кирет. Сан атооч түркүмүнө кирген башка сандардын баары жогорку негизги жыйырма эки сандын базасында түзүлөт.

Татаал сандык түшүнүктөрдү атоо үчүн тилде татаал сан атоочтор пайда болгон. Татаал сан атоочтор тилибиздеги негизги жыйырма эки сандын (бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон, жүз, миллион, миллиард) бири-бирине айкашып айтылышы менен түзүлөт: *он бир, он беш, отуз үч, сексен беш; эки жүз элүү беш, алты жүз сексен тогуз; эки миң тогуз жүз токсон тогуз* ж. б.

Эсептик сан атоочтор жогорку негизги маанисинен башка дагы төмөнкүдөй кошумча маанилерде колдонулат:

1. Цифранын атын билдирет: Доскага *он деген* цифраны жазып койдук. *Беш деген* цифраны жазчы («Ленинчил жаш»).

2. *Бешке* чейинки эсептик сандар мектеп практикасында окуучулардын билимине коюлуучу баанын маанисинде да колдонулат: Султан географиядан *төрт* алды. Өмүрүмдө *«5»-тен* башка баа албагам сабагымдан («Кыргызстан пионери»). Барарын го бардым, а кокус экзамен, сыноодон *«экиге»* куласам кантем (Ш. Бейшеналиев). Кээ бир чейректе *«үчтөрү»* көбөйө түшөт (Ш. Бейшеналиев).

3. Кээ бир эсептик сандар айрым учурларда өзүнүн конкреттүү сандык маанисинде колдонулбастан, «көп», «өтө көп», «бир нече» деген сыяктуу жалпы түшүнүктү билдирип калат: Бирөө *миңге* татырлык баатырлар дагы бар («Манас»). Ою *миң* санаага бөлүнүп... (Ч. А.). Өзү *бир,* көзү *миң* (табышмак, «Элек»). Бир айтканын *миң* айтып (фольклор). Өмүрдө, өлүмдө да *миң-миң* себеп, Алмашып адам чиркин келет, кетет (Р. Шүкүрбеков). Тотуча *токсон* түрдөнгөн... (К. Жантөшев). Өз алдына *токсон тогуз* суроо коюп, басынып, ыза болуп, өзгөрүлүп келе жаткан кези эле (Т. Сыдыкбеков). Жүз жолу айттым, укпады («Ала-Тоо»).

5. Адамдын жашын айтууда кээде татаал сандын составындагы ондук сан илик жөндөмөдө, андан кийин бирдик сан айтылат. Мындайча жол менен айтылган эсептик сан адамдын жашынын канчада экендигин өзгөчө бөлүп, тактап көрсөтөт:

Керез ошондо *сексендин сегизинде*... (К. Жантөшев).

— Мен келдим *сексендин сегизине*... (А. Токомбаев).

Жашым *алтымыштын сегизине* келди (Т. Сыдыкбеков).

Башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да эсептик сан атоочтордун ичинен «бир» деген сан атооч ар түрдүү мааниде колдонулат:

1. Заттын, кээде кыймыл-аракеттин санын билдирет, б. а. чыныгы сан атоочтук мааниде колдонулат:

Үйчуларга *бир* ирик уруксат эт (Ш. Бейшеналиев).

Сен *бир* тыйын да бекер бербейсиң мага (Н. Байтемиров). Эр мактанса — *бир* октук, чебердеп жүр, кулунум (Т. Сыдыкбеков). Ал эртең мененки чыккан муздак терин *бир* аарчып алды (М. Алыбаев). Кара сакал кымыздан *бир* ууртап, жерге койду (Б. Жакиев).

2. Затты, мезгилди так, ачык эмес, жалпы жонунан болжолдуу көрсөтөт: «кандайдыр бир», «белгисиз бир» деген мааниде колдонулат:

Ал *бир күнү* толкундап келди да, столуна олтуруп, калемди алды (М. Алыбаев). Бөрүбай бул тектирге суу чыгарууну ойлоп, *бир жылы* чоң ашар берген (Т. Сыдыкбеков). Анан өз алдынча *бир жалчынын* кызына сүйлөшөт (Ш. Бейшеналиев).

3. Өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин берип, аны өзгөчө белгилеп көрсөтөт: Айран ичпесе да, тек ушул отуруштун өзү Маматка *бир сонун* көрүнөт (К. Каимов); (салыштырыңыз: *бир сонун* көрүнөт—*сонун* көрүнөт). Токойдон кыргоол, тоодон кекилик уулап, *бир* кумардан чыгалы (Т. Сыдыкбеков). Ал ушундай бир кызык киши («Жаш ленинчи»).

4. Кыймыл-аракеттин кимге, каякка багытталганын бөлүп, ажыратып, ирети менен көрсөтөт: Асия *бир* элге, *бир* мандай жагындагы жаш жигитке карады (М. Алыбаев). *Бир* тигинин, *бир* мунун коюна бастырып барышты (Ш. Бейшеналиев). ж. б.

Иреттик сан атооч

Иреттик сан атоочтор заттын орун жагынан болгон сандык иретин билдирет.

Иреттик сан атоочтор кыргыз тилинде, көпчүлүк түрк тилдериндегидей эле, эсептик сан атоочко *-ынчы//-инчи//-унчу//-үнчү* мүчөлөрүнүн жалганышы менен жасалат.

Орхон-енисей эстеликтеринде иреттик сан атоочтун мүчөсү эки түрдүү формада колдонулган; *-ынч//-инч//-унч//-үнч; -нты: үчинч, йитинч, төртинч, экинти.*

Иреттик сан атоочтун байыркы *-ынч//-инч* мүчөсү азыркы түрк тилдеринде түрдүү фонетикалык варианттарда колдонулат, ал эми байыркы *-нты* формасы азыркы тилдерде сакталбаган.

Иреттик сан атоочтор белгилүү бир тартип боюнча жайгашкан заттардын иретин билдирүү менен бирге, кээде кыймыл-аракеттин сандык иретин билдирип калат: *Экинчи* кезегенде «бала-чакага кеңешип ойлоноюн»—деп узаткан (К. Жантөшев). Бүгүн Элебестин үңкүргө *биринчи* гана түнөшү (М. Алыбаев). Ал *үчүнчү* чакырганда араң келди ж. б.

Иреттик сан атоочтор сүйлөм ичинде көбүнчө аныктоочтук милдетти, кээде башыктоочтук милдетти аткарат:

Экинчи капканын булак оозунан алыс буйтага чөгөрдү (Ш. Бейшеналиев). Эмилбекте болсо биз айткан *экинчи* сапаты жок (М. Алыбаев). Анда мен орто мектептин *сегизинчи* классында окуп жүргөнмүн (Т. Кыдыралиев). Сампарлап жааган *биринчи* кар аттын тушоорун жашырып баратты (К. Каимов). Бул шаарга *үчүнчү* келишим.

Эгерде аныкталып турган зат атооч түшүрүлүп айтылса, иреттик сан субстантивдешет. Мындай учурда ага көптүк, жөндөмө, таандык мүчөлөр улана берет: Шашпа, *жетинчини* аяктап, күбөлүктү алайынчы (Ш. Бейшеналиев). Эки кварталдан өтүп, *үчүнчүгө* жакындай бергенде, туура туштан жаркыраган чоң лампа көзүнө урунду (Ж. Таштемиров). *Бирин* окусам — *экинчиси, экинчисин* окусам — *үчүнчүсү, үчүнчүсүн* окусам — *төртүнчүсү* кызык (К. Жантөшев). Быйыл *онунчудан* окуйт, айланайындар (М. Алыбаев). *Жетинчилер* экскурсиядан кайта элек.

Жамдама сан атооч

Сан атоочтун бул түрү саналып айтыла турган бир өнчөй заттардын жыйындысын билдирет.

Кыргыз тилинде жамдама сан атоочтор *-оо, -өө* мүчөлөрүнүн жардамы менен эсептик сандардан жасалат.

Орхон-енисей эстеликтеринде жамдоо сан атоочту **-эгү, -гү** мүчөсү уюштурган: *үчегү* (үчөө), *икегү* (экөө) ж. б.

Жамдоо сан атоочтун байыркы *-агу, -эгү* мүчөсү азыркы түрк тилдеринен сары уйгур тилинде гана сакталып калган: *ишкоугы* (ишко+ +угы) — *экөө, учиго* (уч+иго) — *үчөө*.

Мааниси жагынан жамдама сан атоочтор сандык түшүнүк менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, дайыма затташкан мааниде колдонулат:

Мен аны *үчөөңө* тең билгизген жокмун (М. Алыбаев). Бул *экөөнүн бири*—Оштун түрмөсүнөн качып чыккан эски басмачы (К. Жантөшев).

Бул сүйлөмдөрдөгү «үчөөңө», «экөөнүн» деген жамдама сан атоочтор сандык түшүнүктү берүү менен бирге, заттык

маанини да билдирип турат. Башкача айтканда, булар сандык маанини, заттык маанини да ичине камтып, жамдап көрсөтүп турат.

Жамдама сан атоочтун эсептик, иреттик, чамалама жана топ сандардан дагы бир өзгөчөлүгү: жамдама сан атооч ыкташуу жолу аркылуу өзүнөн кийинки зат атооч менен байланыша албайт (бешөө китеп, үчөө жылкы деп айтылбайт). Мунун себеби жамдама сан атоочто сандык түшүнүк менен бирге ага аныкталгыч болуп келе турган заттык түшүнүктүн да бар экендиги менен түшүндүрүлөт. Ошол себептүү ага экинчи ирет аныкталгычтын айкашуусу зарыл эмес. Бирок жамдама сан атоочтор кыйышуу жолу менен өзүнөн кийинки аныкталгыч зат менен байланыша алат: *бешөөнүн сөзү бир чыгат* (Н. Байтемиров). Кой багуу *экөөнүн колунан келбейт* (Ш. Бейшеналиев).

Жамдама сан атоочтор төмөндөгүдөй мааниде колдонулат.

1. Семантикасы боюнча жамдама сан атоочтор, негизинен, заттардын жалпыланган санын көрсөтүп, ичине сандык түшүнүк менен заттык түшүнүктү камтып турат, көбүнчө затташкан мааниде болушат: *Экөө көп* учурларда түн ортосуна чейин маектешип олтурушат (Т. Кыдыралиев). Ошол *үчөө бир* тууган («Манас»). Ал аңгыча болбой, дагы *төртөө* ташташтын далдаасынан чыга калышты (Т. Сыдыкбеков).

2. Эгер жамдоо сандар конкреттүү бир заттын же кыймыл аракеттин санын көрсөтүп келсе, көбүнчө сандык маанини билдирип калат: Айла *алтоо* болсо, *акыл жетөө. Аталаштан алтоо* болгуча, энелештен *экөө* болсун. Бий *экөө* болсо, доо *төртөө* болот (макалдар).

3. «Бирөө» деген сан бир гана заттын санын билдирген конкреттүү маанидеги «бир» деген эсептик сандан жасалгандыктан, мында, башка жамдама сандардагыдай, жамдамалык, жыйынтыктык маани жок, көбүнчө затташкан маани басымдуулук кылат: *Бирөөдөн* суук тилди көп уксам да, *бирөөгө* катуу айткым келбейт (А. Токомбаев). Кана, *бирөөң* аттанып чыкпайсыңбы? (Ш. Бейшеналиев). Ал *бирөөнүн* тешик жарагына зыян келтирбейт (Т. Сыдыкбеков).

4. «Бирөө» деген сөздүн түпкү теги сан атооч менен байланыштуу болгондон кийин, кээде ал заттын санын көрсөтүп, сандык маанини көбүрөөк билдирип калат: Алардын уюсандык маанини көбүрөөк билдирип калат: Алардын уюбирөө. Анын самаган негизги тилеги *бирөө*. Балдарынын *экөө* кыз, *бирөө* эркек... (С. Өмүрбаев). Калкынан *бирөө* калбасын! («Манас»).

5. «Бирөө» саны (кээде -лар мүчөсү жалганып) айрым учарларда «кимдир бирөө» деген сыяктуу белгисиздикти бил-

дирүү үчүн да колдонулат: *Бирөөлөр* кастык кылат деп, Тушунда кароол турчу экен («Манас»). Ордунан туруп кетейин дегенде, этегинен *бирөө* тартып калды ((М. Байжиев). Менин алдымда... эшек минген *бирөө* кетип бара жатты (М. Алыбаев). Окус түндө *бирөөлөр* келип, айранын артынып кетсе кантмек (Ш. Бейшеналиев).

6. Жамдама сан атоочтор кош айтылса, чамалоо, болжолдоо маанисин да билдирет: Айыл чарба көргөзмөсүнө биздин колхоздон *төртөө-бешөө* барат го. Артыкча мергенчини сыйлаган *экөө-үчөө* кубарып, ачууланып олтурушту (Т. Сыдыкбеков). Атпагыла, жан соога деп, *үчөө-төртөө* кыйкырып жиберишти (К. Жантөшев). *Эки-үчөөндө* асынган мылтык байкалды (Т. Сыдыкбеков).

Чамалама сан атооч

Чамалама сан атоочтор морфологиялык жол менен жасалат:

Сан атоочтун бул түрү заттын санын чамалап, болжолдоп көрсөтөт:

1) *-ча//-че//-чо//-чө* мүчөлөрү аркылуу. Бул мүчө «чак» («мезгил», «убакыт» маанисинде) деген сөздөн чыккан. Буга азыркы кыргыз тилинде жана айрым башка түрк тилдеринде «чакты» деген форманын да колдонулушу далил боло алат: *он чакты* (чак+ты). Мисалы: ...Дүйшөн окуткан *он чакты* балдар-кыздардын ичинен чоңураагы эле мен болучумун (Ч. Айтматов). *Беш жүзчө* тубардын жалпы жонунан эсебин чыгарышкан менен, өңүнөн таанымак кайда? (Ш. Бейшеналиев).

Көпчүлүк учурларда чамалама сан атоочторду уюштуруучу мүчөлөр (*-ча* ж. б. мүчөлөр) сан атоочтон кийин келген нумеративдик сөзгө же аныкталып турган зат атоочко жалганып, өзүнүн алдында турган сан атооч менен бирге туруп, чамалама сандык маанини берет:

Он метрче жерге жетпей, ичек-кардын чубаган бойдон карышкыр сулап калды («С. К.»). «Саркенин кашаасы» дегенибиз айланасы *жүз саржанча* келген бир таш короо (М. Элебаев). Шаарда *алты айча* туруп калдым («Жаштык сапар»). *Үч саатча* өттү белем... («Кыргызстан аялдары»).

Кээ бир нумеративдик сөздөрдөн кийин бул мүчө -чалык (-ча+лык) формасында да жалгана берет: Алар баш аягы *үч жүз метрчелик* жерде шыгырап иштеп жатышты (Т. Сыдыкбеков).

2) *-дай* (фонетикалык варианттары менен) мүчөсү уюштурат. Бул мүчөнүн баштапкы формасы *-тег*. Орхон-енисей эстеликтеринин тилинде *тег*—«сыяктуу», «окшош» деген маанидеги бүтүн сөз болгон. Азыркы айрым түрк тилдеринде аяккы *г>й* тыбышына өтүп, *-дай* формасындагы мүчөгө айланган:

Шаардагы мектептерде *он миңдей* өспүрүм тарбияланууда («С. К.»). *Алтымыштай* катынга, тегиз кошок айттырып («Манас»). Корбашы баш болуп *отуздай* гана адам бизге каршы ок атышат (Т. Сыдыкбеков).

-дай мүчөсү да эсептик сандан кийин келген нумеративдик сөзгө же аныкталгычка уланып, өзүнүн алдындагы сан менен бирге айтылган учурда да чамалама сандык маанини билдирет: Анын артында жыйырма *метрдей* алыстыкта Кайтпас келе жатат («С. К.»). *Беш саржандай* узап калдым (М. Элебаев). Таятамдыкы Чоң-Таштан *кырк чакырымдай* ары — Кең-Сууда (М. Элебаев). ...Серкебай... Гүлбүбүдөн *отуз жаштай* улуу (Т. Сыдыкбеков).

-дай мүчөсү эки эсептик сандын катар айтылышы менен уюшулган чамалама санга да уланып келет: Дагы *жыйырма-отуздай* канаттуу жандыгыбыз бар эле (Б. Жакиев). Алардын *беш-алтыдай* кою бар.

-ча, -дай формасындагы чамалама сан «ошол мүчөлөр жалганган санга жакын» дегендей маанини билдирет: *жыйырмача* (жыйырмага жакын) китеп, *отуздай* (отузга жакын) бала.

3) *-лаган* (ла+ган) мүчөсү уюштурат.

-лаган мүчөсү бардык эле эсептик сан атоочторго жалгана бербестен, негизинен, *он, жүз, миң, он миң, жүз миң, миллион* деген сан атоочторго уланат. Бул мүчө жалганган чамалама сан мааниси жагынан өзү улангандай сандын бир эмес, бир нече экендигин билдирет: Батышты көздөй *ондогон километр*ди чогуу бастык (Т. Кыдыралиев). (Мында «он километр» деген гана маанини эмес, «бир нече он километр», «он километрден бир нечесин» деген түшүнүктү берип турат). Жарыядан кийин *жүздөгөн* кыздар келди («Ала-Тоо»). *Миңдеген* жаштардын кубанычтуу жүздөрүн, бакытка толгон көздөрүн көрөсүң (К. Бобулов). Азыр марксизм миллиондогон массанын окуусу болуп калды. *Түмөндөгөн* жоокерлер... эл менен, журт менен коштошту.

4) *-лап* (-ла+ып) мүчөсү уюштурат.

-лап мүчөсү эсептик сан атоочко жалгануу менен аны тактоочко өткөрүп жибербейт, сан атоочтук маанисин толук сактап, заттын санын чамалап, божомолдоп көрсөтөт.

-лап мүчөсү менен жасалган чамалама сан да ал мүчө уланган сандын бир эмес, бир канча экендигин билдирет. Мисалы: Партиянын чакырыгынан кийин айыл чарбасына жадистер *миңдеп* келишти («С. К.»). Мында «миң» деген гана мааниде эмес, «бир нече миң» деген түшүнүктү билдирип турат. Заводдо күндүк нормасын ашыра орундаткандар *жүздөп* саналат («Советтик Кыргызстан») Бизде ал өндүү алдыңкы комсомолецтер *ондоп* кездешет. Кыргыз тилинде *-лап* мүчөсү көбүнчө *ондук* (отуздап, элүүлөп), *жүздүк* (жүздөп, беш жүздөп), *миңдик* (миңдеп, эки миңдеп) сандарга жана *«миллион», «миллиард»* (миллиондоп, миллиарддап) деген сандарга, ошондой эле *«тогуз»* деген санга (тогуздап мал берүү, тогуздап байге саюу) уланат.

-лап мүчөсү жамдама сан атоочторго жалганганда, кыймыл-аракетти биргелешип иштөө маанисин билдирип анын белгисин көрсөтүп калат. Мындай учурда алар тактооч категориясына өтөт: Боз ирик менен сен *экөөлөп* кармашабыз (Ш. Бейшеналиев). Козуларды үчөөлөп айдап келишти.

4) *-лар* мүчөсү адамдын жашын же убакытты көрсөткөн эсептик сан атоочторго жалганганда, көптүк маанини бербестен, заттын санын чамалап көрсөтөт. Мындай учурда *-лар* мүчөсүнөн кийин тиешелүү жөндөмөнүн мүчөсү да жалганып келет: Анысы бойдок, жашы *жыйырма бирлерде* бар... (М. Элебаев). Бабай өзү *жетимиштерге* келип калган.... (М. Элебаев). Төлө деген киши элүүлөргө барып калган... («С. К.»).

Кээде *-лар* мүчөсү уланган сандан кийин чамалама санды уюштуруучу «чамасында», «жакын» деген сөздөр катар айтылып, заттын санын чамалап көрсөтө берет: Жашы *жыйырма бештер чамасында* ак куба жигит (М. Элебаев). Алардын кою *жыйырмаларга жакын.*

Чамалама сан атоочтор синтаксистик жол менен да жасалат.

1) Эки эсептик сандын кош айтылышы менен заттын саны чамалап көрсөтүлөт. Мында адегенде эсептик сандын азы, андан кийин көбү айтылат. Андай кош айтылган эсептик сандар сан жагынан удаалаш сандардан болот: Атай *бир-эки* жыл дарылануусу керек эле (К. Каимов). Мына ушинтип отуруп, арадан *үч-төрт* жыл өтүп кетти (М. Алыбаев). Арасы *төрт-беш* чакырым («Ленинчил жаш»). Атайдан *алты-жети жаш кичүү* (К. Каимов). Салкынайдын келгенине да мына сегиз-тогуз жыл өттү... (Т. Сыдыкбеков). Ракыя да *он жети-он сегизде* эле болучу (М. Алыбаев).

Кээде удаалаш ондук, жүздүк, миңдик сандар кош айтылат: Суу жок, жайыттын аралыгы алыс, *отуз-кырк чакырым* жерде бирден короо... («Ленинчил жаш»). Кой, абышкам, бери болгондо *элүү-алтымыш* жолу айтылбадыбы? (Т. Сыдыкбеков). *Төрт жүз—беш жүз* койго жалгыз чабандын шаасы жетпейт (Ш. Бейшеналиев).

Айрым учурларда удаалаш сандар кош айтылбай араларынан бир нече сан аттап барып айтылат: Ал убакта мен *он эки—он беш* жашка чыгып калган кезегим эле (М. Алыбаев). *Он беш-жыйырма* минутча өтүп калды (М. Алыбаев).. Жетише алсам *он-он беш* түп алма, өрүк жыгачын көчүрүп асырап алсам (Т. Сыдыкбеков).

Кээде бирдик сан менен ондук сан кош айтылат: колумда калган *беш-он* жылкымды сууга кетиремин (Т. Сыдыкбеков). *Беш-он* кадам унчукпай бастык (К. Бобулов). Кээ бир жылдарда мал алуучу соодагерлер келишип, *беш-он* күндөн жатышып мал алышчу (Т. Сыдыкбеков).

2) Ар түрдүү жөндөмөдө турган эсептик сандардан кийин чамалоо, болжолдоо маанисиндеги *чакты, чамалуу, ченде, ашык, ашуун, артык, аша, жакын* деген сыяктуу сөздөрдүн айкашып айтылышы менен да чамалама сандар уюшулат:

Дүйшөн окуткан *он чакты* балдар, кыздардын ичинен чонураагы эле мен болучумун (Ч. Айтматов). Келе жаткандар *он беш чамалуу* (Т. Сыдыкбеков). Ал саат *он ченде* келди. Фермадан *он бештен ашык* ат токушту (М. Жангазиев). Чарбада эмгекке жарамдуу миңден артык адам бар («С. К.»). Алардын күчү менен өткөн жылы *сегиз миңден ашуун* трактор ремонттолгон («С. К.»). Алар арык казгандар бригадасында иштешкен *ондон аша* гана аялдар эле (Т. Сыдыкбеков). Үч жылдын ичинде эле *отузга жакын* стандарттуу короо-сарайлар курулду («С. К.»).

Чамалоо, болжолдоо маанисиндеги бул сөздөр эсептик сандан кийинки айкындалгыч сөздөн же нумеративдик сөздөн кийин келип да айтыла берет: Ал жерде *үч ай чамасында* жүрүп келдик. *Эки сааттан ашык* жүрдүк. *Бир гектарга жакын жер* сугарылды («Л.Ж.»).

Бөлчөк сан атооч

Бөлчөк сан заттык же сандык бүтүн түшүнүктүн бөлүгүн билдирет. Сан атоочтун бул түрү синтаксистик жол менен, башкача айтканда, эки эсептик сандын айкашып айтылышы менен жасалат. Кыргыз тилинде, ошондой эле көпчүлүк түрк тилдеринде, бөлчөк сандарды түзүүдө эң мурун бөлүмү чы-

гыш жөндөмөдө айтылып, андан кийин алымы атооч жөндөмөдө айтылат:

Жыл сайын колхоздо алынуучу байлыктын *үчтөн эки* бөлүгүн пахта түзөт («С. К.»). Район боюнча бир миңден ашык коммунист болсо, анын *үчтөн бири* мал чарбачылыгында иштешет («С. К.»). Башкача айтканда, шаарыбыздын калкынын *төрттөн бири* — окуучулар жана студенттер («С. К.»).

Айрым учурларда бөлчөк сандын бөлүмү илик жөндөмөдө, алымы үчүнчү жакка таандык формада айтылат: Акчанын *үчтүн бириндейи* сарп кылынды («Ала-Тоо»). Эгиндин *үчтөн экиси* жөнөтүлдү.

Бөлчөк сандар эсептик сандан кийин «жарым» деген сөздүн кошулуп айтылышы менен да жасалат: Ал бир рейсте *бир жарым* тоннадан ашпаган жүк менен алыскы жайытка үч суткада жетет («С. К.»). Мурдагы алтынчы класста, быйылкы *эки жарым* чейректе түзүк окуганыңды эскерип, сени экзамен тапшырууга уруксат эттик (Ш. Бейшеналиев).

«Жарым», «жарты» сөздөрү *«миң», «миллион», «миллиард»* деген эсептик сандар менен айкашканда, алардан мурун келип, бөлчөк санды уюштурат: *жарым миң* жылкы, *жарты миллион* кой, *жарым миллиард* сом.

Аралаш бөлчөктөрдө болсо, эң мурун бүтүн сан «бүтүн» деген сөз менен бирге айтылып, андан кийин бөлчөк сан айтылат:

Булар январь айынын планын 20-январда эле *бир жүз бир бүтүн ондон эки* процентке аткарып коюшкан («С. К.»). Келерки жылы колхоздор менен совхоздор дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн ар гектардан *он эки бүтүн ондон беш* центнерге жогорулатууга тийиш («С. К.»). Азыркы убакта фабрикада биринчи сорттогу продукцияны берүү 3,5 процентке өскөндүгү жакшы жөрөлгө! («Л. Ж.»).

Бөлчөк сандар түрк жазмасынын енисей эстеликтеринде да, орто кылымдагы эстеликтеринде да учурабайт. Алар кийинки дооpлордо гана келип чыгат. Өзгөчө советтик чындыктын шарттарында кеңири колдонула баштайт. Бирок бөлчөк сандардын синоними болгон «жарым» ($\frac{1}{2}$), «чейрек» ($\frac{1}{4}$) деген өндүү сандык маанидеги сөздөр кыргыз тилинде революцияга чейин эле, андан алда канча мурун колдонулуп келген: Атам чыгып кеткенге *жарым* саатча убакыт болду (К. Жантөшев). Ал *чейрек* кылымга жакын агартуу майданында эмгектенип келетат («С. К.»).

Кыргыз тилинде, жогоруда айтылгандай, бөлчөк сандын бөлүмү, негизинен, чыгыш жөндөмөдө айтылса да, кээде ал

илик жөндөмөсүндө да айтылып калат: Иштин *төрттүн үчү* бүтүп калды.

Топ сан

Сан атоочтун бул түрү бир өңчөй заттардын топтоштурулуп тең бөлүнгөн санын билдирип, «канчадан», «нечеден?» деген суроолорго жооп берет. Кыргыз тилинде топ сан эсептик сан атоочко чыгыш жөндөмөсүнүн -дан мүчөсүнүн жалганышы менен жасалат:

Жүзүнөн *жетимишten* козу алдым... («С. К.»). Ар бир группада *отуздан* студент болсо да, мен үч группага сабак берип жатпаймынбы («Жаштык сапар»). *Экиден* табак тарттырып, чалдардын баарысы этин жебей арттырып («Манас»). Жүздөгөн жерде кырк баатыр, *Жүздөн* огум дагы бар («Манас»). Үстүбүздөгү жылы карамагындагы ар жүз тубар бээден *токсон жетиден* кулун алып, райондо биринчи орунду ээлеген («С. К.»).

Топ сан да, сан атоочтун башка түрлөрүндөй эле, кыймыл-аракеттин да топтоштурулуп бөлүнгөн санын көрсөтө берет:

Мамык жаздык арттырып, Басмайылды *үчтөн* тарттырып («Манас»). Тизип койгон жылтыр кара мончоктой, *Бештен* өргөн кыздын коюу чачтары (А. Токомбаев). Азырынча алынган төл тууган койлордун ар жүзүнө *127ден* айланууда («С. К.»).

Топ сан кайталанып кош айтылган эсептик сандардан да жасалат:

а) Бир эле сан эки кайталанып айтылып, ага *-дан* мүчөсү жалганат. Мааниси жагынан тепетең бөлүштүрүүнү билдирет: *Он-ондон* өргөн көмүрдөй кара чачы эчен имерилип, ... (А. Токомбаев). Ар бирибиз *беш-бештен* дептер алдык.

б) Ар түрдүү эки эсептик сан кош айтылып, ага -дан мүчөсү жалганат. Мааниси жагынан чамалоо оттеногун да берет:

Ар кайсы чабандан *бирден-экиден* кой жоголуп жатат (С. Өмүрбаев). Сакманчылар төлдү, саан койду *элүү-алтымыштан бөлүп,* өз-өзүнүкүнүн мандайына, жонуна түркүн боёк сүйкөшөт (Ш. Бейшеналиев).

Эгерде топ сандан кийин нумеративдик сөз келсе, *-дан* мүчөсү ошол нумеративдик сөзгө (кээде айкындалгычка) уланат: Койдун ар биринен *3,6 килограммдан* жүн кыркып алды («С. К.»). Колхоз пахтанын ар гектарынан 1966-жылы *29 центнерден,* 1967- жылы *30 центнерден,* 1968-жылы *35 центнерден* түшүм алган («С. К.»). Алар ар гектар жерге *25-30 тоннадан* кык жеткиришкен («Л. Ж.»).

Топ санды уюштуруучу байыркы форма *-ар, -ер* мүчөсү болгон: байыркы уйг. *онар* (ондон), *үчэр* (үчөө); *эски* өзб. *бирер* (бирөө), *бишер* (бешөө).

Көпчүлүк түрк тилдеринде (кумык, башкыр, түрк, хакас, татар, карач.-балкар) топ сандын байыркы *-ар, -ер* мүчөсү сакталып калган: кум. *бирер* (бирден), башк. *унар* (ондон), хак. *төртөр* (төрттөн) ж. б.

Ал эми бир катар түрк тилдеринде (кыргыз, алтай, шор, казак, өзбек, каракалпак) чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү аркылуу жасалат: кырг. *бештен,* алт. *дөрттөн,* каз. *жүздөн,* өзб. *унтадан* ж. б.

Башка түрк тилдериндей эле, кыргыз тилинде да маанисинен жагынан сан атоочко жакыныраак келген сөздөр бар: *көп, аз; кош, эгиз, жуп, жалкы, жалгыз, сыңар; жарым, жарты, чейрек.*

Бул сөздөр семантикасы боюнча сан атоочко окшошкону менен, алар сан атоочко мүнөздүү болгон морфологиялык формалар менен өзгөрө алышпайт («жарым» деген сөзгө гана *-ынчы* мүчөсү улана алат, жарымынчы). Ушул өзгөчөлүктөрүнө карап, аларды сан атооч деп эсептешке болбойт; алар көбүнчө башка сөз түркүмдөрүнө жакын. Булардын ичинен *көп, аз* — сан-өлчөм тактоочтор; калгандарын сын атооч катары кароо ылайыктуу, бирок аларда аздыр-көптүр сандык маани да жок эмес: *жарым* саат, *жалгыз* киши, *сыңар* улак, *кош* өгүз, *эгиз* козу, *чейрек* кылым.

АТ АТООЧ

Ат атооч жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Затты, же анын белгилерин атабай туруп, аларды көрсөтүүчү сөздөр ат атооч деп аталат.

Тилде ат атооч эң байыркы убактардан тартып эле колдонулган. Бул анын колдонулууга ыңгайлуулугу менен байланыштуу.

Ат атоочтун негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү—маанисинин абстракттуулугу жана жалпылыгы.

Ат атоочтун абстракттуу жана жалпы маанисин конкреттештирүүчү, чечмелөөчү каражат болуп сүйлөм тизмеги, речке катышуучулардын өз ара мамилеси эсептелет. Мындай каражаттарсыз ат атоочтун конкреттүү мааниси ачылбайт.

Ал деген ат атооч жалпы мааниси боюнча сөзгө катышпаган үчүнчү жакты көрсөтөт. Үчүнчү жак адам, же айбан, же башка заттар да болушу мүмкүн. *Ал* деген ат атооч ушулардын ичинен кайсынысынын ордуна колдонулгандыгы

(көрсөткөндүгү) өзүнөн мурунку сүйлөмдөн, же речтин ыңгайынан гана белгилүү болот.

Ат атоочтордун маанисинин жалпылыгын жактама ат атоочтун биринчи, экинчи жагынан да көрүүгө болот:

Терезе тык-тык этип:

— Эже—деген үн чыккан.

Дылдыраган Какылдак чочуп кетип көзүн ачкан.

Ким, *сен?!*

— *Мен,* эже! Эшигиңизди ачыңыз!

— Мендин аты жокпу?!

— *Мен—Чегирткемин* (Сыдыкбековдон).

Бул диалогдо *мен* жалпы мааниси боюнча сүйлөөчү жакты билгизгени менен, тыңдоочу үчүн анын ким экендигинин белгисиздиги, конкреттүү кишини билгизүүгө ат атооч *мен'* дин да жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Ошондуктан акыркы сүйлөмдө *мен'* дин маанисин конкреттөө үчүн ат атооч менен бирге түшүндүрмө мүчө катарында сүйлөөчүнүн аты—Чегиртке да колдонулган (салыштыр: *Мен, Ажыгулов Болот,* «Орто-Сай» орто мектебинде окуйм).

Ат атоочтун жалпы мааниси өзүнөн мурунку сүйлөмдөгү сөз боюнча да аныкталат. Анын абстракттуу жалпы маанисин конкреттештирүүдө көбүнчө ушул жол колдонулат:

Бүгүн *аттар* жакшы жем жешти. Эртең *алар* сарайга эрте келишпейт. Башталгыч мектептин окуучулары экскурсияга кетишти. *Алар* тоодон гүл терип келишет деген сүйлөмдөрдөгү *алар* деген ат атооч өз алдынча турса, кимдин маанисинде колдонулгандыгы белгисиз болор эле. Мунун конкреттүү мааниси алдынкы сүйлөмдөгү *аттар, окуучулар* деген сөздөр аркылуу аныкталып турат.

Ат атоочтун маанисинин дагы бир өзгөчөлүгү: ал затты жана заттык ар кандай белгилерди тигил же бул карым-катышка таянып көрсөтөт. Демек, ат атоочтун маанисинин жалпылыгы—жөнөкөй жалпылык эмес, заттардын жана алардын белгисинин (сандык жана сапаттык) башкалар менен болгон мамилесине негизделген жалпылык:

Тоого сен барчы десек, мындагы *сен* деген ат атооч сүйлөөчү жакка карата болгон катышы боюнча тыңдоочу жакты көрсөтөт, ага сөз менен сүйлөөчү жак кайрылып жатат. *Кечээ кандай иштн иштесең, бүгүн да ошондой иштн иште. Канча иштесең, ошончо аласың* деген сүйлөмдөрдөгү ат атоочтор бир заттын сапатын *(кандай-ошондой),* сандык белгилерин (*канча-ошончо)* экинчи бир заттагы өзүнө туура келген сапаттык, сандык мамилелердин, окшоштуктардын негизинде көрсөтүп турушат.

Ат атоочтун сүйлөм тизмегинде билгизген конкреттүү мааниси туруксуз. Маанисинин туруксуздугу боюнча ат атоочтор зат атооч, сын атооч жана сан атоочторго карама-каршы коюлат. Атоочтордун бул түрлөрүнүн билгизген мааниси туруктуу, анткени алар өздөрү билгизген заттык, сапаттык жана сандык түшүнүктөрдүн аттары болуп эсептелишет, алардын мааниси контекстисиз эле аныкталат. Ал эми ат атооч болсо затты жана алардын белгилерин атабайт, а көрсөтөт. Анын конкреттүү мааниси сүйлөмдүн контексти аркылуу гана аныкталат. Бир эле ат атооч сүйлөмдөгү атоочтор менен байланыштуулугуна карата чексиз колдонула бериши мүмкүн, бирок бардык учурда жалпы мааниси сакталат, өзгөрүлбөйт. Речке катышкандардын ар бири өзүнүн тыңдоочусун *сен*, өзүн *мен* деген ат атоочтор менен көрсөтөт. Ушинтип, бул ат атоочтор жалпы мааниси боюнча сүйлөөчү жана тыңдоочу жакты билдиришет. Сүйлөөчү жак Керим болсо да *мен*; Алым болсо да *мен*; тыңдоочу Асан болсо да *сен*, Үсөн болсо да *сен* болуп конкреттүү заттарды көрсөткөн мааниси өзгөргөнү менен, булардын жалпы мааниси —*мен* дайыма сүйлөөчү жакты, *сен* тыңдоочу жакты билгизгендиги эч өзгөрбөйт, сакталат.

Ат атоочторду башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап көрсөтүүчү грамматикалык белгиси жок. Алар башка сөз түркүмүнөн, негизинен, лексикалык мааниси боюнча айырмаланат. Ат атоочтордун морфологиялык өзгөчөлүгү катарында жөндөлгөндө алардын кээ бирөөлөрүнүн уңгусунун өзгөрүп кетишин гана эсептөөгө болот. Ат атоочтор мүчөнүн жардамы аркылуу башка сөз түркүмүнөн жасалбайт. Алар мааниси боюнча өзүнчө сөз түркүмү катары лексикалык фондудан бөлүнүп чыккан. Бирок ат атоочторго сөз жасоочу төмөнкү мүчөлөр жалганат:

1) *-лык* мүчөсү жактама ат атоочторго жалганып, тарапташтык маанидеги атооч сөздөрдү жасайт: *мендик, сендик, биздик* ж. б.

-лык мүчөсү жактама-шилтеме жана шилтеме ат атоочторго жалганганда, мүчөнүн алдында *«н»* тыбышы пайда болот да, негиз катарында *ан* (андыктан), *ошон* (ошондуктан), *ушун* (ушундуктан) колдонулат, *-лык* мүчөсү ушу негизге жалганат;

2) *-сыз:* мексиз, бизсиз, сизсиз, ансыз (*<ал*), мунсуз (*<бу*), бирок ошосуз, ушусуз (бул экөө ушундай айтылат);

3) *-дай:* мендей, сендей, андай (*<ал*), ошондой (*<ошо*), тигиндей (*<тиги*), мындай (*<бу*), б. а. мында да *-дай* мүчөсү *-н* менен аяктаган негизге жалганат: салыштыр: *ошондук (тан), ан-дык (тан);*

4) *-дагы (<да+-гы); мендеги, сендеги, тигиндеги, ошондогу, мындагы, ушундагы* (сын атоочтук мүчө мында да *-н* менен аяктаган негизге жалганды);

5) *-чыл:* өзүмчүл (*<өз*), мисалы: өзүмчүл киши;

6) *-ча: менче, сенче, анча, ошончо, ушунча, менимче (мен+ +ым* — тектеш тилдерде илик жөндөмөсүнүн *-ың* мүчөсүнүн өзгөргөн түрү *+-ча*) (*-ым* мүчөсү жөнүндө жогору жакты кара: *бен+им—менин*).

Ат атоочтор аткарган синтаксистик кызматы жана мааниси боюнча башка сөз түркүмдөрү менен катышы бар. Бул белгилер боюнча ат атоочторду негизинен төмөнкүчө бөлүштүрүүгө болот.

1. Зат атооч менен катыштуу ат атоочтор. Бул группага кирген ат атоочтор адамды, затты же болбосо заттанган түшүнүктөрдү көрсөтөт. Сүйлөмдө зат атооч сыяктуу ээ жана толуктоочтук милдет аткарат да, ким? эмне? деген суроого жооп берет: *мен, сен, ал, биз, ар ким, ар нерсе, өз (өзүм, өзүң, өзү), ким? эмне? эч ким, эч нерсе, кимдир бирөө* ж. б.

2. Сын жана сан атооч менен катыштуу ат атоочтор: *бүткүл, бардык; ар бир, кээ бир, кайсы бир; кайсы, бул, тигил, ошол; канча, нече, бир канча,* ж. б. Ат атоочтун бул түрлөрү синтаксистик жагынан, негизинен, сын жана сан атооч сыяктуу аныктоочтук милдет аткарышат, *кайсы? канча?* деген суроого жооп беришет.

Ат атоочтун түрлөрү

Ат атоочтор маанисине карата төмөнкү топторго бөлүнөт:

1. *Жактама: мен, биз* (1-жак); *сен, сиз, силер, сиздер* (2-жак); *ал, алар* (3-жак).

2. *Шилтеме: бу (бул), ушу (ушул), ошо (ошол), тиги (тигил), тетиги (тетигил), тээтетиги (тээтетигил).*

3. *Сурама: ким? эмне? (не?), кандай? кайсы? канча? нече? качан? кайда? кайдан? кана?*

4. *Тангыч: эчким, эч кандай, эч кайсы, эч бир, эч качан, эч нерсе, эчтеме.*

5. *Аныктама: бүтүн, бүткүл, баары, ар ким, ар бир, өз.*

6. *Белгисиз: кимдир бирөө, бир нерсе, бирдеме, кимдир, кандайдыр, кээ бир, кайсы бир, кай бир, алда кандай, алда ким.*

Жактама ат атоочтор

Ат атоочтун бул түрү затты жак аркылуу көрсөтөт. Жак сөзгө катышкандардын сүйлөөчүгө карата болгон катышы боюнча аныкталат. Кыргыз тилинде сөзгө тике жана кыйыр

түрдө катышуучу үч жак бар. Биринчи жана экинчи жак сөзгө тике катышат, үчүнчү жак сөзгө катышпайт:

	Жекелик түрү	Көптүк түрү
1-жак	*мен*	*биз*
2-жак	*сен, сиз*	*силер, сиздер*
3-жак	*ал*	*алар*

Биринчи жактын көптүк түрү менен экинчи жактын жекелик сылык түрү формалдык белгиси боюнча окшош болгону менен, ат атооч *сиз* азыркы кыргыз тилинде байыркы көптүк маанисин жоготкон. Ошондуктан *сиз* экинчи жактын одоно түрү *сен* сыяктуу эле жекелик мааниде колдонулат; көптүк түрү-*лар* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу *сиздер* жана *силер* болуп берилет. Тескерисинче, ат атооч *биз* ушул формасында туруп эле көптүктү билдирет. Ошондуктан ага *-лар* мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес. Анын *биздер* формасында сейрек колдонулушу да ушуга байланыштуу.

Байыркы түрк тилдеринде биринчи жактын жекелик түрү үчүн *бен, мен* колдонулган. *Бен* деген сөздүн аягындагы мурунчул *н* тыбышынын таасири астында сөз башындагы кош эринчил *б* мурунчул *м* тыбышына өтүп, *мен'ге* айланган.

Жактама ат атоочтордун биринчи, экинчи жагы азыркы мезгилде составдык элементтерге бөлүнбөйт, бирок морфологиялык түзүлүшү жагынан алар өз ара окшош: *ме+н, се+н, би+з, си+з*... Мындай окшоштуктар ат атоочтун бул түрлөрүнүн эрте кезде туундуулугун көрсөтөт.

Түркологиялык адабияттарда алардын составдык элементтеринин чыгышы жөнүндө бирдиктүү пикир жок.

Түрк тилдерине жакын кээ бир тилдерде (монгол, тунгус) I, II жактын жекелик түрү атооч жөндөмөдө гана *би* (мен), *си* (сен маанисинде) болгону менен, кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында буларга *н* тыбышы кошулат. Мунун натыйжасында биринчи жактагы ат атоочтун башкы *б* тыбышы мурунчул *м* тыбышына өтөт (салыштыр: байыркы түркчө *бен*>кыргызча *мен*). Ушинтип аларда биринчи жана экинчи жактагы ат атоочтордун кыйыр жөндөмөлүк негизи катарында *мин, син* колдонулат, жөндөмө мүчөлөрдүн бардыгы ушул негизге жалганат. Мындай фактыга таянып, кээ бир изилдөөчүлөр кыргыз жана башка түрк тилдеринин I, II жагынын жекелик түрүнүн (*бен//мен, сен//син*) аягындагы *н* тыбышы да башта уңгу менен биригип кыйыр жөндөмөлүк негизди түзгөн, кийин ал сөз атооч жөндөмөсү катарында кабыл алынып кетиши мүмкүн деп карашат. Мындай көз караштагы окумуштуулар өз болжолдоолорун бекемдөө үчүн башка фактылар менен бирге, чубаш тилинин материалына да таянышат.

Чуваш тилинде I, II жактын жекелик түрү, монгол жана тунгус тилдериндегидей, атооч жөндөмөдө кошумча элементсиз *эпе* (мен) жана *эсе* (сен маанисинде) айтылганы менен, кыйыр жөндөмөлөрдө ат атоочтук негиз катарында буларга *н* тыбышы кошулуп, эпен (мен), *эсен* (сен) болуп өзгөрүп кетет. Ал эми жөндөмө мүчөлөр болсо ушул *н* менен аяктаган негизге жалганат.

Кээ бир изилдөөчүлөр *биз* жана *сиз* деген ат атоочтор биринчи менен экинчи жактын (*би+си>биз*) жана экинчи жактын өз ара айкашуусунан (*си+си>сиз*) турган жана *си* деген ат атоочтун башкы каткалаң үнсүз тыбышы эки үндүүнүн ортосунда жумшак «з» тыбышына өтүп кеткен болуу керек деп болжолдошот. Экинчи бирөөлөрү булардын аягындагы *з* тыбышын көптүк сандын байыркы убактагы мүчөсү деп карашат.

Жактама ат атоочтордун чыгышы жөнүндөгү жогорку айтылгандардын бардыгы болжол, азырынча алар так чечиле элек.

Жактама ат атоочтун ар бир жагы мааниси жагынан төмөнкүчө мүнөздөлүшү мүмкүн.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү да, көптүк түрү да сүйлөөчү жакты көрсөтөт. Бирок алар жекелик жана көптүгүнө байланыштуу сандык идея жагынан айырмаланат.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү (*мен*) сүйлөөчүнүн өзүн билдирүү үчүн колдонулат. Ар бир сүйлөөчү өзү үчүн *мен* болуп берилет:

Мен, келген кишиден жазганып, тыттын түбүнө тура калдым. Анда *мен* бой тартып, он төрттөн он бешке чыгып калган кезим (К. Жантөшев).

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын көптүк түрү (*биз*) адатта сүйлөөчү жак кире турган коллективди көрсөтөт. Сүйлөгөн адам коллективдин мүчөсү катарында *биз* аркылуу берилген түшүнүктүн ичине кирет:

Биз алардын адамы деп жүрсөк, бул кандай?—Дурус, *биз* айта албай калдык (К. Жантөшев). *Биз* үчүн сенин бактылуу болуун эле керек (Н. Байтемиров).

Ат атооч *биз* кээде сылыктык үчүн *мен* дегендин ордуна жекелик мааниде да колдонулат:

Арзыкан, *сизге биз* күйгөн
Арманым айттым бир жүргөн (Барпы).

Сиз менен *биздин* пикирибиз келише албады.

Кыргыз тилинде *биз* менен бирге сейрек болсо да *биздер* формасы колдонулат. Бул экөө тең биринчи жактын көптүгүн

билдирет. Бирок *биздер* сөзүндө жалпыланган коллективдин айрым бирдиктерге бөлүнөрдүгү жана сылыктыкты да көрсөтүүчү кошумча маани бар:

Бир, эки, үч,
Биздерде күч.
Ур барабан
Толкусун күч (Ж. Турусбеков).

Экинчи жана үчүнчү жактан биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүнүн айырмасы—биринчи жак адамга гана карата колдонулат. Ал эми үчүнчү жана экинчи жактын жекелик одоно түрү болсо адам үчүн гана эмес, адамдан башка жандуу жана жансыз заттар үчүн да колдонулат.

Жактама ат атоочтун экинчи жагы сүйлөөчүнүн сөз менен кайрылган жагын, тындоочуну көрсөтөт.

Кыргыз тилинде экинчи жак үчүн *сен, сиз, силер* жана *сиздер* деген жактама ат атоочтор колдонулат. Булардын ичинен *сен*—экинчи жактын жекелик одоно түрү, *сиз*—сылык түрү болуп эсептелет:

Сен мени тамаша кылып жатасыңго (Н. Байтемиров). *Сиз* бизге бекер эле ачууланып жатасыз (К. Жантөшев).— *Сиз* кайсы райондон болосуз?—Сиз бара жаткан райондон.

Экинчи жактын жекелик одоно түрүнүн көптүгү үчүн *силер* (казакча *сендер*), жекелик сылык түрүнүн көптүгү үчүн *сиздер* колдонулат. Булардын ичинен *силер* мындайча пайда болгон: *сен+лар>сендер//сенлер>силлер>силер*. Экинчи жактын азыркы кездеги көптүк түрлөрү тилде кийин пайда болгон, Енисей-Орхон эстеликтеринде, жогоруда эскертилгендей, булардын ордуна *сиз* колдонулган. Бул ат атоочтор маанили жагынан тындоочу жак кирүүчү коллективди билдирет:

Мен мында калайын, *силер* барып келгиле. Майрамга *сиздер* жакшы даярдыктар менен келдиңиздер. *Силер* коммунизмди куруучуларсыңар.

Экинчи жактын жекелик одоно түрүнүн *(сен)* көптүк формасы *силер* дайыма эле көптүктү билдирүү үчүн колдонула бербейт. Кээде ал оозеки речте сылыктык үчүн *сиз* дегендин ордуна жекелик мааниде да колдонулат. Мындай учурда ал экинчи жактын сылык түрү *сиз* менен синонимдеш болот. Бирок ат атооч *силер* экинчи жактын атайын сылык формасы болуп эсептелбейт.

Үчүнчү жак үчүн ат атооч *ал* колдонулат. Байыркы Орхон-Енисей жана уйгур эстеликтеринде үчүнчү жак үчүн *о* жана *ол* колдонулат. Мунун эринсиз формасы *ал* аталган эстеликтерде кезикпейт. Бирок кыйыр жөндөмөлөрдө (жөндөмө

мүчөлөрдүн таасири менен) мунун эринсиз (ачык үндүү) формасы колдонулган *(анда, ану-аны, ана-ага* ж. б.). Ошондой эле, кыйыр жөндөмө мүчөлөрүнүн таасири астында баштапкы эринчил форманын эринсизге өткөн түрү—ал, кыргыз жана башка түрк тилдеринде негизги жөндөмө катары колдонулуп калган.

Байыркы жана кээ бир азыркы түрк тилдеринде (тува, шор, башкыр) үчүнчү жактын жекелик түрү ат атооч катарында гана эмес, баяндоочтун тутумунда да колдонулат:

Бу не сав *ол* (байыркы уйгурча) — Бу эмне (деген) сөз.

Ол мениң оглум *ол* (Махмуд Кашгариден) — Ал менин уулум.

Кандыг оюнул? Бистиң МТСте каш трактор барыл (тувача)—Кандай оюн. Биздин МТСте канча трактор бар. Хәсән языусы *ул* (башкырча)—Хасен жазуучу.

Ат атооч *ал* сөзгө катышпаган жалпы эле үчүнчү жакты көрсөтөт. Үчүнчү жак адам, же айбан, же башка да заттар болушу мүмкүн. Ошондуктан I, II жакка караганда мунун колдонулуу чөйрөсү алда канча кең. Үчүнчү жак бул көрсөтүлгөндөрдүн ичинен кайсынысынын ордуна колдонулганды-гы өзүнөн мурунку сүйлөмдөн, же речтин кырдаалынан белгилүү болот.

Ал ат атоочунун нагыз жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу речтин кырдаалында сүйлөөчүнү жана тындоочуну сөз болуп жаткан үчүнчү жакка карама-каршы коюудан келип чыгат. Үчүнчү жактын нагыз жактама ат атоочтук мааниси сүйлөшүүдө үч жактын болушу менен шартталган. Бирок булардын үчүнчүсү сөзгө катышпайт, аны речтик кырдаалга катыштырып айтуу үчүн тындоочу менен сүйлөөчү тарабынан *ал* деген ат атооч колдонулат:

Анткени *ал* Сорокин ыргыткан түйүнчөктү көрүп калган эле.

— Ооба, *ал* биздин сырды билип калды (К. Жантөшев). *Алар* кете коюшпас.

Үчүнчү жак кээде шилтеме ат атоочтук мааниде да колдонулат. Мындай учурда *ал* сүйлөөчүдөн окчун турган затты көрсөтөт. Мунун шилтеме, же болбосо жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу грамматикалык жагынан аныкталгычтын бардыгы менен шартталган. Үчүнчү жак *(ал)*, аныктагычсыз айтылса, жактама ат атооч, аныктагыч менен бирге айтылса, шилтеме ат атооч болот: *Ал* келди. *Ал* бала кетти ж. б.

Эскертүү: Жактама жана шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшүндө кээ бир окшоштуктар бар. Ошондуктан экөөнүн жөндөлүшү шилтеме ат атоочтордон кийин бирге берилет.

Шилтеме ат атоочтор

Шилтеме ат атоочтор бир өңчөй заттардын ичинен бирөөнү бөлүп көрсөтөт.

Кыргыз тилинде шилтеме ат атоочтор толук жана кыскарган формада кездешет: *бу-бул, ушу-ушул, ошо-ошол, тигитигил, тетиги-тетигил, тээтетиги-тээтетигил.*

Шилтеме ат атооч *бу (л)<бу+ол)* мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган затты көрсөтөт. Ал зат сүйлөөчүгө башта белгилүү же белгисиз да болушу мүмкүн. Шилтеме ат атоочтор аркылуу зат жайынча жана атайы дааналап, күчөтүлүп да көрсөтүлөт. Жайынча айтылганда көрсөтүлүүчү зат ат атооч менен айкашат. Дааналап, күчөтүлүп көрсөтүлгөн учурда, ат атооч менен зат атооч аркылуу берилген аныктоочтук айкашууга *мына (<бу-на)* деген сөз кошулат. Кээде бул сөз кыскарып *мобу* болуп да колдонулат:

Мына бул жер
Мундуулардын эненси!
Мына бул жер
Өткөн кордук элеси! (Ж. Турусбеков).

— Балам, *мына бул* боорду бышырып жеп отургула (К. Жантөшев).

— *Бул* киши ким? ж. б.

Шилтеме ат атооч *бул* дааналап, күчөтүп көрсөткөн учурда, кээде заттын ордуна сүйлөөчү жакты—ат атоочту да көрсөтүп калышы мүмкүн. Бирок мындан анын жогорку мааниси өзгөрбөйт:

Мына бул мен
Эмгек менен жүрөмүн!
Эмгек болчу,
Күндө бүтсөм, күндөгүм (Ж. Турусбеков).

Шилтеме ат атооч *бул* (калган шилтеме ат атоочтор да) кээде, ат атоочтун үчүнчү жагы сыяктуу, мурунку сүйлөмдө айтылган затты кийинки сүйлөмдө да кайталай бербес үчүн анын ордуна стилдик ыкма катары колдонулат. Мындай абал көпчүлүк учурда аларды заттанууга алып келет. Кээде ат атооч бүт сүйлөмгө тиешелүү болушу да мүмкүн:

«Мандикерге кеткендердин үй-бүлөөлөрү жөнүндө камкордук көрөбүз» — деп коюшат. *Бул* барып турган алдамчылык эмеспи! (М. Абдукаримов). Береги тоо этегинен бери мөмөлөгөн алма, өрүгүнө көзүм тойду. *Буларды* кимдер жеп түгөтөт, чиркин! (Т. Сыдыкбеков).

Шилтеме ат атооч *бу* (шилтеме ат атоочтун калгандары да) кээде мурдагы айтылган фактыны эске түшүрүү үчүн

колдонулат. Мындай учурда аныктоочтук айкашууга *бу* деген ат атоочту кошпой айтууга да болот: Жүргөн экен *(бул) Жума,* менин ким экеним кенебей (Ж. Жантөшев).

Кээде, тескерисинче, мурдагы айтылган сүйлөмдөн кийин кийинки сүйлөмгө шилтеме ат атооч кошулуп айтылбаса, мурунку сүйлөмдөгү ой менен кийинки сүйлөмдөгү ой бири-бири менен байланышпай калат:

— Апей ботом, салтың гана? Сен да жем жегенди билип, түлкү аларды унутайын дейсиңби? Келин алчу киши алгач тоюна камынат. *Бул сөзүнөн* кийин Айымжан байбиче тойго камынды (Т. Сыдыкбеков).

Кабарчы бала кеп айтат:
«Табылды келди»—деп айтат.

Бул кабарды укканда
Жоргону жолго салды эми («Эр Табылды»).

Шилтеме ат атооч *ушу (л)* да морфологиялык түзүлүшү жагынан *уш+ол* элементтеринен куралгандыгы байыркы түрк эстеликтеринин кээ бирлеринде *уш* шилтеме ат атооч бар экендиги менен ырасталат. Шилтеме ат атоочтун бул түрү мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган жана башта ага белгилүү болгон затты көрсөтөт. Затты мейкиндик жагынан көрсөтүүсү боюнча *бул* деген шилтеме ат атооч менен биримдикти түзөт. Бирок мезгилдик мааниси боюнча андан айырмаланат, анткени *ушул* көрсөткөн зат сүйлөөчүгө башта белгилүү болот. Ошондуктан *ушу бу* атоочуна караганда затты конкреттүүрөөк көрсөтөт.

Ушул жерде
Жоонун колу жатышкан,
Ушул жерде
Тапчыл эрлер атышкан!
Ушул жерде
Бели сынып мертиниш,
Жоонун колу
Бет бага албай качышкан (Ж. Турусбеков).

Шилтеме ат атооч *ушу* сүйлөөчүгө жакын турган жана ага башта тааныш, белгилүү затты гана көрсөтпөстөн, кээде сүйлөгөн биринчи жактын өзүн да көрсөтүү үчүн колдонулат. Мындай учурда жактама ат атоочтун көрсөтүүчү мааниси бир канча күчөтүлөт:

«Шамырбек датка тирүүсүндө элди кууруду эле, эми өлгөндө да көрүнө тим жатпай бейбечераны шорго малды. Шорго малганы эмей эмне, *ушул мен* байкуштан эки кой, бир улак алды», — деди мурунку оң тарабында олтурган дагы бир чал (К. Жантөшевден). *Ушу* шилтеме ат атоочу да *мына*

ат атоочунун кошулуп айтылышы менен затты дааналап, күчөтүп көрсөтөт:

Менин караган жалгыз дөөлөтүм *мына ушул* жыртык чепкеним, *мына ушул* самсаалаган боз дамбалым, *ушул* чор баскан, өмүрүндө чарык деген нерсени билбеген кара бутум, эмгекке аябай бышкан *мына ушул* колдорум (М. Абдукаримов).

Мына ушул Терек-Мазардын даңазасы Айганышка да жеткен (Т. Сыдыкбеков) ж. б.

Шилтеме ат атооч *бу*' га караганда *ушу*' нун затты көрсөтүүсү тагыраак, күчтүүрөөк: *Муну* ал—*ушуну* ал. Жоробай ууру деген *ушу* (К. Жантөшев).

Шилтеме ат атооч *ушу* кээде заттын ордуна фактынын натыйжасын да көрсөтүп калат:

— Байдаалы үйдө болсо, бизге ууру багынабы? Эркектин үйдө жоктугу *ушу да!...* («Ала-Тоо»).

Мурдагы фактыны эске түшүрүү, бекемдөө маанисин берет:

Карыялар көңүлдүү, жаштар шайыр, тынч күндөрдө секретарь колхоз кыштагына *ушул* салтанат менен келип жүргөн (Т. Сыдыкбеков). Мындан бир канча километр алыста турган Нарын шаарын айтасың. Ал турсун жаныбыздагы *ушу* Кара-Балтаны да көрө электир.

Ошол шилтеме ат атоочу да морфологиялык түзүлүшү жагынан татаал экендигин жана өз ара *ош+ол* морфемаларынан түзүлгөндүгүн байыркы түрк эстеликтеринин фактыларынан көрүүгө болот. Байыркы түрк эстеликтеринин кээ бирөөлөрүндө *ош* өзүнчө колдонулган: *ош пу сөз—ошо (л) бу сөз.*

Шилтеме ат атоочтун бул түрү мейкиндик жагынан алысыраак турган, бирок сүйлөөчүгө башта белгилүү болгон затты көрсөтөт. Мейкиндик жагынан *бул* жана *ушул* деген шилтеме ат атоочторго карама-каршы. *Ошо* деген шилтеме ат атоочту айткан учурда сүйлөөчү *ошо* көрсөткөн зат менен бир территорияда, демек, ал зат сүйлөөчүнүн көз алдында турушу мүмкүм. Кээде ал зат сүйлөөчү менен бир территорияда эмес, демек, сүйлөөчүнүн көз алдында эмес, өтө эле алыста да болушу мүмкүн.

Муну эмес, *ошо көрсөткөн батинкеңизди* бериңиз (зат сүйлөөчүгө жакын, сүйлөөчү аны көрүп турат). Мен да *ошо Белшинчи Тверская-Ямская* көчөсүндө тургам (Фрунзеде туруп, Москвадагы бир көчөнү айтып жатат, речтин сүйлөнүп жаткан мезгилинде сүйлөөчү *ошо* көрсөткөн заттын территориясынан тышкары турат). Мына *ошол* Каныбек быйыл жыйырма бирге чыкты (К. Жантөшев).

Шилтеме ат атооч *бу*' га караганда, *ушу* сыяктуу, *ошо* да затты конкреттүү көрсөтөт. Анткени *ушу, ошо* көрсөткөн зат сүйлөөчүгө баштатан белгилүү болот. Бирок *ушу*'*га* караганда *ошо* мейкиндик жана мезгилдик жагынан сүйлөөчүдөн алыста турган нерсени көрсөтөт:

Ошо күндөн ушу күн. Шилтеме ат атооч «ошо» кээде мурунураак жаңы эле сөз болгон затты да көрсөтөт.

Мурдагы фактыны эске түшүрүү, бекемдөө маанисин берет:

Сарайдын түштүк жаккы бетиндеги терезелердин бийиктигинен туурасы узун, көп көздөрү айнексиз. *Ошол* терезелерден түшкөн күн нуру себилип, аттардын соору жүндөрү жылтжылт чагылышып, жылуу дем берет (Т. Сыдыкбеков). «Мага керек эмес, *ошо Тотойго* окшогон жашаялметке бергиле, мен өзүм эле эптеп оокат кылам»,—деймин деди эле, бирок мукактанып сүйлөй албады («Ала-Тоо»).

Тиги (тигил) шилтеме ат атоочу мейкиндик жагынан сүйлөөчүдөн алыс турган затты көрсөтөт.

Алыстагы затты көрсөтүү жагынан *ошо* деген шилтеме ат атоочко жакын. Бирок андан заттын көрүнүктүүлүгү жагынан айырмаланат. Башкача айтканда, *тиги* аркылуу көрсөтүлгөн зат сүйлөөчүгө көрүнүп турат:

Көрчү
Көрчү,
Көрчү мунун бир ташын!
Тиги
Тиги,
Суу жеп кеткен жылгасын (Ж. Турусбеков).

Экөөнүн ортосунда дагы бир айырма бар. Эгерде *ошо (ушу, бул* да) аркылуу көрсөтүлгөн зат мейкиндик жана мезгилдик катыштарга (башта тааныштыгына) негизделген болсо, шилтеме ат атооч *тиги* аркылуу көрсөтүлгөн зат жалаң гана мейкиндик мамилеге негизделген:

Тетиги үйдү көрдүңбү? — *Ошо* менин үйүм ж. б.

Шилтеме ат атооч *тиги* жана анын фонетикалык жагынан өзгөрүүгө дуушар болуп, созулма үндүү менен келген формасы (*тээ*) алтай, хакас, шор, тува, татар жана башкыр тилдеринде да бар. Бирок аларда кыргыз тилиндегидей *тиги* деген шилтеме ат атоочтун эки, же болбосо үч жолу кабаттанып түзүлгөн *тетиги-тетигил, тээтетиги-тээтетигил* сыяктуу формалары жок. Булар кыргыз тилинин өз алдынча өнүгүү процессинде пайда болгон.

Тиги, тетиги деген шилтеме ат атоочтор өтө алыста турган затты көрсөтүш үчүн *тээ, тээтитиги* болуп созулуп да колдонулат,

Кыргыз тилиндеги жогорку ат атоочтордун негизине *тиги* деген шилтеме ат атооч жаткан. Мунун толук формасы *тигил* морфологиялык жагынан *те//ти* (шилтеме ат атооч (+*ги*)—*сын* атоочту жасоочу мүчө (+*ол*) шилтеме ат атооч) элементтеринен турат. Кыргыз тилиндеги *тиги//тигил* (кээ бир түрк тилдеринде *теге*) дегендин үнгулук бөлүгү *те* карагас (тофалар) тилинде сакталган. Шилтеме ат атоочтун *те* формасы монгол тилинде да бар.

Кыргыз тилинде *тиги* деген шилтеме ат атооч сүйлөөчүдөн скчунураак турган затты, *тетиги* жана *тээ* андан алыс турган затты, *тээтетиги* өтө алыс турган затты көрсөтөт. Кыргыз тилиндеги бул төрт түрдүү шилтеме ат атоочтун ордуна тектеш башка тилдерде *теге,* же болбосо *анав* деген ат атоочтор колдонулат. Бир эле ат атоочтун кыргыз тилинде жогоркудай төрт түрдүү формада берилиши заттын сүйлөөчүдөн алыс турган ордун тагыраак кылып көрсөтүү менен байланыштуу:

Ал эми *тигил* жээк тарапка, кичирээк короонун ордундай аянтчага, бүгүнкү сейил куруп чыккан боз балдар топтолду. (Т. Сыдыкбеков). *Тиги* биздин чабдар ат го. *Тээ* туннелге жакындап, эшелондун артындагы кызарган оту көрүнбөй калды (Ч. Айтматов). *Те* алда кайда көгөргөн көлдүн бетинде баятан сүзүп жүргөн эки өрдөк да катуу чыккан кыйкырыктан чочуп, мемиреген тынч көлдү канаттары менен чапкылап уча жөнөдү (Т. Сыдыкбеков). *Тетиги* чыгыштагы чоң коктуну Демей деп коёбуз (К. Жантөшев). Тээтиги алыскы кар баскан мөңгүлүү кыр арканын нары жагында Чаткал жатат (Ч. Айтматов).

Тээтетиги
Окшош томсоргон тоолордон
Алтын, күмүш
Коргошун, мис табылар (Ж. Турусбеков).

Фактыны бекемдөө үчүн колдонулат:

— Ака! Бол, аттаныңыз.—Кайда? — Куда түшкөнү, совхозго.

— *Тиги «Заря»* колхозундагы сиздин досуңуздун кызы Акматка тийип кетиптир (Т. Сыдыкбеков).

Кээде *тиги* деген шилтеме ат атоочтон мурун *ал* деген ат атооч келиши мүмкүн. Кээде бул кыскарып *а* болуп да колдонулат. Бирок андан шилтеме ат атоочтун мейкиндик мааниси өзгөрбөйт. Бул шилтеме ат атооч *тиги* ат атоочу катышкан сүйлөмдөгү затты мурдагы сүйлөмдөрдөгү саналган бир өңчөй заттар менен байланыштыруу үчүн колдонулат:

Өзүбүз —сиздей эле колхозчу элбиз. Менин атым —Шамбет. Башкарма боломун. Өз катарыңызда олтурган —Зарыл

деген кыз. *А тиги* кетиренден күлгөн келин талаа бригадасынын звеновою Акия кетирекей дегенибиз болот, өзү комсорг, азамат келин (Т. Сыдыкбеков).

Ал тиги кызыл жоолукчан
Эмгектин кызы селкибиз (Ж. Турусбеков).

Шилтеме ат атоочтук мааниде *береги* деген сөз да колдонулат. Маанисн жагынан *тиги* шилтеме ат атоочуна жакын, сүйлөөчүдөн алыс турган затты көрсөтөт:

Береги чокунун күн чыгыш жагын карачы. *Береги* келе жаткан киши ким?

Шилтеме ат атооч *береги* аяккы мүчөсү боюнча *тиги* менен бирдей. Мүчө жалганган бөлүгү сын атооч *берки* жана *бери* деген тактооч менен тектеш; үнгусу *бе-н//ме-н* дегендеги *-бе; -ра*—байыркы барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү (А. Кононов).

Затты күчөтүп көрсөтүү жагынан башка шилтеме ат атоочтордон *береги* айырмаланат.

Эгерде *береги'* ге *мына* деген сөз кошулса, алыстагы зат эмес, сүйлөөчүгө жакын турган зат күчөтүлүп көрсөтүлөт: *береги киши*—сүйлөөчүдөн окчунураак турган зат; *мына береги киши* (сүйлөөчүгө жакын турган зат) — *мына бу//мобу киши.*

Эгерде *береги, тээ тиги* деген шилтеме ат атоочтун фонетикалык өзгөргөн түрү менен айкашса *(тээ береги)*, алыста турган зат күчөтүлүп көрсөтүлөт:

Тээ береги ортодогу жоноюлда укурук сүйрөткөн бир атчан бастырып келаткансыйт (Т. Сыдыкбеков).

Башка шилтеме ат атоочтор сыяктуу *береги* да заттык мааниде колдонулат.

Ботом... *берегинин* көйнөгү башка да, өзү кыргыздын кызы го? Элдин күткөнү *берегиде* келе жаткан чоң сакал Дмитрий эле (Т. Сыдыкбеков).

Жактама жана шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшү

Жактама ат атоочтордун көптүк түрү өзгөрүүсүз жөндөлөт:

А.	биз	силер	сиздер	алар
И.	биз-дин	силер-дин	сиздер-дин	алар-дын
Б.	биз-ге	силер-ге	сиздер-ге	алар-га
Т.	биз-ди	силер-ди	сиздер-ди	алар-ды
Ж.	биз-де	силер-де	сиздер-де	алар-да
Ч.	биз-ден	силер-ден	сиздер-ден	алар-дан.

Жактама ат атоочтун жекелик түрү жана шилтеме ат атоочтор жөндөлгөндө кээ бир жөндөмөлөрдө өзгөрүүлөргө дуушар болушат жана алар түрк тилдеринин түштүк батыш-тагы тобу менен (түрк, түркмөн, азербайжан тилдери) жалпылыктары бар.

Жактама ат атоочтордун жекелик түрүнүн жөндөлүшү:

	кыргызча			түркмөнчө		
А.	мен	сен	ал	мен	сен	ол
И.	мен-ин	сен-ин	ан-ын	мен-иң	сен-иң	он-уң
Б.	ма-га	са-га	а-га	маң-а	саң-а	оң-а
Т.	мен-и	сен-и	ан-ы	мен-и	сен-и	он-ы
Ж.	мен-де	сен-де	ан-да	мен-де	сен-де	он-да
Ч.	мен-ден	сен-ден	ан-дан	мен-ден	сен-ден	он-дан.

Шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшү:

	кыргызча		түркмөнчө	
А.	бу(л)	ошо(л)	бу	шол//шо
И.	мун-ун	ошон-ун	мун-уң	шон-уң
Б.	бу-га	ошо-го	муң-а	шоң-а
Т.	мун-у	ошон-у	мун-ы	шон-ы
Ж.	мын-да	ошон-до	мун-да	шон-да
Ч.	мын-дан	ошон-дон	мун-дан	шон-дан.

Кыргыз тилинде жактама ат атоочтордун жекелик түрү өздөрүнүн көптүк түрүнөн жана бөлөк сөз топторунан башкача жөндөлөт, алардан кээ бир жөндөмө мүчөлөр боюнча айырмаланат жана уңгу сөз тыбыштык бирди-жарым өзгөрүүгө да дуушар болот. Азыркы кездеги жөндөмөлүк нормадан бир аз сыртка чыккандык бар экендиги жогорудагы жөндөмөлөр парадигмасынан ачык көрүнүп турат.

Грамматикалык башка формалар сыяктуу эле, жөндөмө мүчөлөр да тарыхый бир канча доорлордун продуктусу. Алардын морфологиялык жагынан калыптаныш жана сөздөргө (сөз топторуна) жалганыш мезгили да бир кылка болбогон болуу керек. Жактама ат атоочтордун жекелик түрү жөндөлүшү боюнча башка сөздөрдөн айырмаланышы, бир жагынан, жөндөмө формаларынын ар түрдүү мезгилдеги өнүгүш баскычын көрсөтөт; экинчи жагынан, түрк тилдеринин айрым топторго бөлүнө электеги эзелки жалпылыгына күбө. Алар ошол эрте кездеги тарыхый жалпылыктын калдыгы катарында ат атоочтун жекелик түрүнүн жөндөлүшүндө сакталган.

Ал атоочтун жекелик түрүнүн жөндөлүшүндөгү бөтөнчөлүктөр төмөнкүлөр;

1. Байыркы Енисей-Орхон эстеликтеринде илик жөндөмөдө *-ның* (үндүүлөр менен аяктаган сөздөр үчүн), *-ың* (үнсүздөр менен аяктаган сөздөр үчүн) жана *-ын* (<*ың*) таандык мүчөлүү сөздөрдөн кийин) мүчөлөрү колдонулган; мындан тышкары сейрек түрдө *-ыг* (<*-ың*) формасы пайдаланылган (түрк *будуныг* аты куси йок болмазын тийин—түрк элинин аты, атагы өчпөсүн—деп (сөзмө сөзү: .... аты, атагы жок болбосун,—деп).

Азыркы бардык түрк тилдеринде жактама ат атоочтордун жекелик түрү үчүн, эстеликтердегидей эле, үндүү менен башталган бирдей формалар (азербайжан, түрк тилдеринде *-ым*) биринчи жагында гана, чувашта *-ан* (үч жакта тең), калган түрк тилдеринде *-ың//-иң, -ын//-ин* пайдаланылат жана алар илик жөндөмөсүнүн мүчөсү болуп эсептелинет. Кыргызча *менин, сенин, анын* деген сөздөр да тектеш тилдердегидей эле элементтерден куралган: *мен-ин, сен-ин, ан-ын* жана булардагы *-ин//-ын* морфемалары жактама ат атоочтордун жекелик түрүнүн жөндөлүшүндөгү иликтин мүчөсү. Башка сөздөрдөн ат атоочтук бул топтун өзгөчөлүгү ушунда турат.

Кээ бир тилдерде, мисалы азербайжан, түрк, түркмөн жана кумык тилдеринде, 3-жактык ат атооч *о* болгону менен, анын илик жөндөмөсүндө, кыргыз тилиндегидей эле, *он-ун* формасында колдонулгандыгы биринчи, экинчи жактын аягындагы «н» тыбышына окшоштугу менен түшүндүрүлөт: *мен-ин, сен-ин, ан-ын*, башка тилде *он-ун*. Булардагы *-ын* үнсүздөр менен аяктаган сөздөргө жалгануучу илик жөндөмөнүн байыркы мүчөсүнүн *(-ың)* өзгөргөн түрү. Салыштыр: байыркы түркчө *бен-иң//мен-иң;* азыркы тилдерде *бен-им//мен-им, мен-ин, сен-ин, ан-ын//он-ун*. Азыркы тилдердин бардыгында жактама ат атоочтордун жекелик түрү боюнча илик жөндөмө мүчөнүн бирдей болушу кокусунан эмес, ал эң эрте кездеги тилибиздеги жалпылыктын бир көрүнүшү. Анын үстүнө ат атоочтордун өзү да лексикалык топтордун байыркыларынан болуп эсептелет.

2. Ат атоочтун үч жагынын жекелик түрүнүн табыштагы жөндөлүшү да азыркы түрк тилдеринде бирдей: *-и//-ы* мүчөсү жалганат, б. а. түштүк түрк тилдериндеги (түрк, түркмөн, азербайжан) жөндөмөлүк тип сакталат: кырг. *мен-и, сен-и, ан-ы;* түркмөнчө *мен-и, сен-и, он-ы*. Кыргыз жана башка тилдерде 3-жактын жекелик түрү өз алдынча колдонулганда *ал//ол//ул, о//у* болгону менен, барыштан башка кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында, *мен-и, сен-и* дегендин аягындагы *н*'ге окшоштурулуп, өзгөрүүчү негиз катарында *ан-//он-//-ун*

колдонулат, табыш *ан-ы, он-у, ун-ы* формасында айтылат; түштүк түрк тилдеринде бул сөздөр үчүн табыш жөндөмөнүн мүчөсү болуп *-ы* гана эсептелет. Бардык түрк тилдеринде биринчи үч жактагы ат атоочтордун жекелик түрүнүн табыш жөндөмөсүндө жогорудагыдай бирдей болушу да качандыр бир убактагы бирдиктүүлүктүн калдыгы. Ушунун негизинде кыргыз тилинде да жактама ат атоочтордун жекелик түрлөрү жөндөлгөндө, башка сөздөрдөн айырмаланып, табыш жөндөмө үчүн үндүү тыбыштан турган *-ы//-и* мүчөсү колдонулат.

Ушинтип, жактама ат атоочтордун жекелик түрү өздөрүнүн көптүк түрлөрүнөн жана бөлөк сөз топторунан башкача болуп өзгөрөт: иликтин демейдеги *-нын* мүчөсүнүн ордуна *-ын,* табыштын *-ны* мүчөсүнүн ордуна *-ы* мүчөсү колдонулат; мындан тышкары үчүнчү жак өзүнчө турганда жана атооч жөндөмөсүндө *ал* (диалектиде—*ол, о*) болгону менен, илик менен табышта, жатыш менен чыгыш жөндөмөлөрүндө да, жөндөлүүчү негиз катарында колдонулат, жөндөмө мүчөлөр болсо ушуга жалганат: *ан-ын, ан-ы.* Азыркы бардык түрк тилдеринде ат атоочтун бул тобу үчүн эрте кездеги грамматикалык бирдиктүү форма колдонулган. Бирок тилдердин, мисалы кыргыз тилинин, андан аркы өз алдынча өнүгүшүндө көбүнчө жөндөмө мүчөлөрдүн үнсүздөр менен башталган түрүнүн басымдуулук кылышынын натыйжасында (бул түрү да мурда болгон, жогору жакты кара) тилдик нормага айланып кеткен. Жөндөмө мүчөлөрдүн үндүү менен башталган тиби болсо эзелки кездеги кубулуш катарында жактама ат атоочтордун жекелик түрүндө сакталып кала берген.

3. Үчүнчү жактын жекелик түрүнүн жөндөлүшүндө да өзгөчөлүк бар. Өзүнчө турганда жана атооч жөндөмөдө үчүнчү жак үчүн *ал* колдонулат, бирок жатыш менен чыгыш жөндөмөдө *ан-да, ан-дан (ал-да, ал-дан* болуунун ордуна) формаларында колдонулат. Булардагы *-да, -дан* аталган жөндөмөлөрдүн грамматикалык формалары. Алар атооч менен барыштан башка жөндөмөлөрдөгү *ан*-деген жөндөлүүчү негизге жалганган.

4. Үчүнчү жактагы жактама ат атоочтун жекелик түрү менен шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшүндө да жакындык бар. Анткени шилтеме ат атоочтор жөндөлгөндө да, үчүнчү жак үчүн колдонулуучу жактама ат атоочтор сыяктанып, жатыш менен чыгыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү унгуга тике уланбай, жөндөлүүчү негизге жалганат. Мында да жөндөлүүчү негиз *«н»* менен бүтөт: *мын-да, мын-дан; ошондо, ошондон; ушун-да, ушун-дан; тигин-де, тигин-ден.*

5. Шилтеме ат атоочтордун (бул, ошол, ушул, тигил) аягындагы *«л»* кыйыр жөндөмөлөрдө *н'* ге өтөт. Ушунун натыйжасында бардык түрк тилдеринде кыйыр жөндөмөлөрдө жөндөлүүчү негиз катарында *-н* пайда болот. Жөндөмөлөрдөгү бул морфема азыркы кыргыз тилинде барыш жөндөмөсүндө гана сакталган эмес, түшүп калган, бирок башта анда да *-н* болгон; кыргызча *буга; ошого*; салыштыр: азербайжанча, түркчө *бун-а*; түркмөнчө *муң-а*; өзбекче *буң-а* (орф. бунга). Кыйыр жөндөмөлүк *-н* негизи буларда барыш жөндөмө мүчөнүн башындагы *«г»* тыбышынын таасири астында *ң*'ге өткөн, бирок *«г»* тыбышынын өзү түшүп калган. Түрк тилдеринин ушу фактылары *(-н* негизинин бардык кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгы) жана кыргыз тилинин өзүнчө да жатыш менен чыгыш жөндөмө мүчөлөрү *-н* негизине жалгангандыгы *(ошон-до, ошон-дон),* үчүнчү жак сыяктуу, шилтеме ат атоочтордо да азыр барыштан башка кыйыр жөндөмөлөрдө *-н* менен аяктаган (*мун-, ошон-, ушун-, тигин-)* жөндөлүүчү негиз бардыгына күбө боло алат. Ушуга ылайык шилтеме ат атоочтор да, башка сөз топторунан айырмаланып, жөндөмө мүчөлөргө мындайча бөлүнүүгө тийиш: *мун-ун, бу-га, мун-у, мын-да, мын-дан.* Азыркы учурда шилтеме ат атоочторду жөндөмө мүчөлөргө зат атоочтордун жөндөлүшү боюнча ажыратуу традиция болуп калган, бирок ал илимий жагынан туура эмес.

6. Шилтеме ат атоочтордун кээ бирөөлөрүнүн тыбыштык составы кыйыр жөндөмөлөрдө өзгөрүп кетет. Мисалы, *бу (л)* деген ат атоочтогу кош эринчил *«б»* тыбышы өзүнөн кийинки *«н»* тыбышынын (жөндөлүүчү негиздеги *«н»* морфемасынын, же илик жөндөмөдөгү *«н»* тыбышынын) таасири астында, үнсүздөрдүн артка ээрчишүүсүнө ылайык, *м*'ге өтүп кетет жана ал барыштан башка жөндөмөлөрдүн бардыгында сакталат.

Сурама ат атоочтор

Белгисиз затты, же сандык жана сапаттык белгилерди аныктоо үчүн колдонулуучу сөздөр сурама ат атоочтор деп аталат.

Сурама ат атоочтор төмөнкүлөр: *ким? эмне? (не?) кандай? кайсы? канча? нече? кайда? (кана?) кайдан? качан?*

Бул ат атоочтор суроо маанисинде колдонулганда бир сөзгө, же бүтүн бир сүйлөмгө да тиешелүү болушу мүмкүн. Бирок бул эки учурда тең затты жана сан-сапаттык белгини тике көрсөтө албайт, алардын ат атоочтук көрсөтүү мааниси тыңдоочунун жообу аркылуу такталат:

Бул *ким?* —Уулум. *Кайсы* үй—Кийинкиси. Өңү *кандай?* — Кызыл.

Келтирилген мисалдагы сурама ат атоочтордун кайсы сөзгө тиешелүүлүгү, сурамалык конкреттүү мааниси тындоочунун жообу болуп түшкөн сөз аркылуу аныкталып турат.

Сурама ат атоочтор кээде бүтүн бир сүйлөмгө, же өзү тема болуп түшкөн бүт бир макалага да тиешелүү болушу мүмкүн. Мындай учурда ат атоочтун белгисиз нерсени суроо үчүн колдонулгандагы конкреттүү мааниси аңгеменин мазмуну боюнча аныкталат.

Газета, журналдардын бетинен *«Курулушка керектүү материалдарды кайдан табууга болот?» «Керимбек качан оңолот?* деген сыяктуу темадагы макалаларды кезиктирүүгө болот. Мындай учурда эгерде темага катышкан ат атоочтук суроонун конкреттүү мааниси макаланын мазмунунда жооп катарында берилсе, анда ат атоочтун эмнеге тиешелүүлүгү конкреттүү болот, тескерисинче болсо, белгисиз затка тиешелүү болот.

Сурама ат атоочтор сүйлөмдүн контекстине жана интонацияга карай кээде суроо маанисинен башка мааниде да колдонулуп калат:

Бүгүн ал *кайдан* келсин. Жер алыс эмеспи. Муну иштебегенде *эмне* (суроо мааниси жок). Ал *кайдан* философ болсун (жактырбагандык мааниде).

Сурама ат атоочтор төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ.

1. *Ким?* деген сурама ат атооч адамга гана берилет:

— *Ким* келди? —Абыл. —*Кимге* айттың?—Жумаалыга.

2. Сурама ат атооч *эмне* адамдан башка жандуу, жансыз нерселердин жана заттанган түшүнүктөрдүн бардыгына карата колдонулат.

— Магазинге *эмне* алып келди? — Кездеме?. — Дүйнөдө *эмне* кызык? — Жашоо кызык.

Кыргыз тилинде *эмне?* менен бирге, сейрек болсо да *не?* колдонулат. Ал жандуу жана жансыз заттарды суроо үчүн эмес, стилдик максатта колдонулат да, кээде мааниси жагынан *эмне* деген ат атоочко туура келет; кээде суроо мааниси сакталбай, башка маанини берип калат:

—Э-э жолуңар болсун, байкелер!—дейт Чегиртке, анткендерди далыга салып.—*Не керек кейип?* Акча барбы, чытырман токойдон жол табат.

— Э-е, Эжеке, сурап *не* кыласың? *Несин* сурайсың, садага (Т. Сыдыкбеков). *Не* бар, *не* жок. *Не сөздөр* айтылбады. *Нелер* бар да, *нелер* жок. *Не түркүн кездемелер* турат. Дүйнөдөн *не бир адамдар өттү* (мында суроо мааниси жок, «ар түркүн, ар кандай, бардыгы бар» деген мааниде). Керимбек жаш кезинде *не деген жигит эле* (кандай сонун, жакшы деген мааниде).

Не сурама ат атоочун башка маанидеги *не* менен чаташтырбоо керек. Мунун бирөө иран тилдеринен кирген тангыч маанидеги *не*; экинчиси түрк сөзү, сурама ат атоочтук мааниде колдонулат, иран тилдеринен кирген тангыч *не* менен омонимдеш. Кыргыз тилинде иран тилдеринен кирген *не* сөзүнүн баштагы тангыч мааниси сезилбейт, *же* деген ажыраткыч байламтанын маанисинде колдонулат:

Мына төртүнчү айдын жүзү болду. Эч биринен *не кат, не кабар* келбей, Каныш да, Айымжан да кайгыдан мөгдөштү.

Эшик жабык, сырт караңгы, *не терезеден* шоола түшпөйт, *не жетинчи лампа* жарык күйбөйт (Т. Сыдыкбеков).

3. *Кандай* деген сурама ат атооч заттын, же кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык жана касиеттик белгилерин аныктоо үчүн колдонулат.

Бул тоолордун конушу, өрүшү быякка турсун, кайсы жерде *кандай* окуялар болгондугу дагы эсимде турат. *Алда кандай* укмушту күткөнсүшүп, көчөнүн эки тарабындагы үйлөрдүн адамдары кенедей терезесинен тышты карашат (К. Жантөшевден).

Бул ат атоочтогу *-дай* мүчөсүнүн баштагы формасы *—даг.* *-даг* мүчөсү болсо тарыхый жагынан байыркы тилдерде «окшош, сыяктуу» маанисиндеги *—тег* деген бүтүн сөздөн чыккан.

4. *Кайсы* деген сурама ат атооч иреттик тартиптеги затты башкалардан бөлүп ажыратуу үчүн суроо иретинде колдонулат. Кыргыз тилинде *кайсы* менен бирге, ушул эле маанидеги *кайсыл (<кайсы+ол)* формасы да колдонулат:

Кайсы киши айтты? *Кайсы* күнү келет? *Кайсыл* убакта? («Кырг.-орусча сөздүк»).

5. *Кайда? кайдан?* орунду жана багытты суроо үчүн колдонулат.

Заттын ордун суроо маанисинде *кайда?* менен бирге кыргыз тилинде *кана?* деген сурама ат атооч да колдонулат. Кана? деген сурама ат атооч (байыркы түрк. каны?) азыркы түрк, монгол тилдеринде (бурятча хаана?) да бар жана алар өз ара тектеш. Ат атооч *кана* морфологиялык составы жагынан *кан+-на* элементтеринен турат. Азыркы түрк тилдеринде *кан* деген уңгу өз алдынча колдонулбайт; *-на* жатыш жөндөмөлүк мүчөнүн (*-да*) фонетикалык өзгөргөн түрү; салыштыр: якутча *ханна?*

Сурама ат атооч *кайда?* менен *кана?* заттын ордун суроо үчүн колдонулганы менен, экөөнү бирдей карооого болбойт. Сурама ат атооч *кана?* көбүнчө территория жагынан сүйлөөчүгө жакын турган заттын ордун суроо үчүн колдонулат жана ага *ана, тигине, мына* деген үч сөз гана жооп болуп түшөт.

Булар да грамматикалык формасы жагынан өздөрүнүн суроо сөзүнө *(кана)* окшош, анын мүчөсүн кабыл алган.

Бул эки ат атоочтун ортосунда дагы бир айырма бар: *Кана?* статикалык (орунду) түшүнүктү билдирүү үчүн гана колдонулат. Жана эч убакта этиш менен айкаша албайт. *Кайда?* ат атоочу, орун менен бирге багытты, демек, динамикалык түшүнүктү суроо үчүн да колдонулат жана этиш менен айкашып өз алдынча сүйлөм мүчөсү боло алат: *Китебиң кайда?//китебиң кана?* Бирок *кайда бара жатасың?* деген суроону *кана?* аркылуу суроо мүмкүн эмес.

Кайда? кайдан? жана *кайсы?* деген сурама ат атоочтор морфологиялык составы жагынан *кай* деген ат атоочтон, жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрүнөн жана 3-жактын таандык мүчөсүнөн *(-сы)* турат. Булардын уңгулук бөлүгү *-кай;* (бул формасы *кай жак, кай жакка* деген айкаштарда кезигет).

Жогорку көрсөтүлгөн үч ат атоочко үңгусу жагынан *кандай* ат атоочу да жакындашат. Ал байыркы убакта туунду сөз болгон. Орхон-Енисей эстеликтеринде мунун уңгулук бөлүгү *кан*—бир топ эле сөздө колдонулган. Азыркы кыргыз тилинде уңгулук бөлүгү «й» менен аяктаган *кандай? кайда?* деген ат атоочтор байыркы түрк тилдеринде *кантан//кантын?* («Кудатгу *билик»* чыгармасында *кай-ун), кайда//канта?* жана *канча (кайда, качан* маанисинде: канча барыр мен—кайда барамын?) болуп, н менен да берилген. *Н* менен *й* тыбыштарынын өз ара туура келиши азыркы тилдерге да таасирин тийгизген. Натыйжада жогорку ат атоочтордун уңгулук бөлүгү кээ бир тилдерде *н* менен, кээ бирөөндө *й* менен берилет: кыргызча, казакча, *кандай,* ногойчо *кайдай,* хакасча *хайдаг,* шорчо *кайдыг;* кырг. *кайсы,* азербайжанча *hансы,* якутча *ханнык.*

Ошентип, азыркы кездеги *кайда, кайдан, кайсы, кандай* деген сурама ат атоочтордун түпкү уңгусу *кай//кан* болгон, алардын уңгусу байыркы жана азыркы кээ бир тилдерде көбүнчө сенек формада сакталган.

6. *Качан?* мезгилге жана убакытка байланыштуу түшүнүктөрдү суроо үчүн колдонулат:

— Жыйналыш *качан* болот? — Эртең. — Сен *качан* келесиң?

— Кечки саат беште.

Мезгилди суроо үчүн кээде *кай убакта* деген сөз айкашы да колдонулат:

Качан келейин//*кай убакта* келейин?

Качан деген ат атоочтун биринчи бөлүгү байыркы Орхон эстеликтериндеги *кач* деген сөзгө окшошот. Бирок ал сөз

азыркы *качан* деген мааниде эмес, *канча* маанисинде колдонулган; *кач* сөзү *канча* маанисинде азыркы тува *(каш),* якут *(хас)* жана түрк *(каж)* тилдеринде сакталган.

Көпчүлүк түрк тилдеринде *качан//касан//кашан* болуп фонетикалык жагынан гана түрдүүчө болбосо, негизинен бирдей. Бул ат атооч кумык, татар тилинде жана кыргыз тилинде да *кайчан* болуп колдонулат. Кыргыз тилинде *качан* менен бирге *кайчан* формасы да бар (кара: «Кыргызча-орусча сөздүк»). Ушундай фактыларга караганда *качан* деген ат атоочту *кай+чен* деп ажыратууга болот. *Кай+чен* дегендеги экинчи компонент *нечен* (<*не+чен*) сөзүнүн составына да катышкан.

7. *Канча? нече?* деген сурама ат атоочтор белгисиз санды суроо үчүн колдонулат:

Ошондон бери *канча* убакыт өттү? Төө *канча* болсо, жүк ошончо. Жыйырма беш бешке *нечеден* бөлүнөт?

Мурунку түрк жазма эстеликтеринин кээ бирөөндө ат атооч *канча* сан-өлчөмдүк мааниси менен бирге, багытты билгизүү *(кай жакка, кайда* маанисинде) үчүн жана азыркы *кандай* маанисинде да колдонулган: *канча* барса—*кай жакка* качса, барса (М. К, III, 46); *канча* калса—кандай кааласа (Т, 228), *канча* барыр мен—*кайда* барамын (1.74).

Азыркы *«канча»* ат атоочунун мааниси байыркы тилдерде *кач, канч* сөздөрү менен берилген: *Кач* ай тутсар мен—канча ай тутамын, кармаймын, *канч* күнте—*канча* күндө (байыркы уйгур эстеликтеринен).

Канча? жана *нече?* деген ат атоочтор морфологиялык түзүлүшү жагынан бирдей; -ча мүчөсү менен аяктайт. Биринчисинин үңгусу *кан.* Бул сөз азыркы кездеги *кандай* ат атоочунун уңгулук бөлүгү *кан* менен тектеш. Экинчисинин үңгусу—*эмне* деген мааниде колдонулуучу —*не* деген ат атооч.

Морфологиялык мүнөздөмөсү жагынан сурама ат атоочтор бирдей эмес. *Ким?, эмне?, кайсы?, канча?, нече?* деген ат атоочторго жөндөмө, таандык, көптүк жана жак мүчөлөр жалганат.

а) Жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшү

А.	ким	эмне	кайсы	канча
И.	ким-дин	эмне-нин	кайсы-нын	канча-нын
Б.	ким-ге	эмне-ге	кайсы-га	канча-га
Т.	ким-ди	эмне-ни	кайсы-ны	канча-ны
Ж.	ким-де	эмне-де	кайсын-да	канча-да
Ч.	ким-ден	эмне-ден	кайсын-дан	канча-дан

б) Таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү

1- жак	ким-им	эмне-м	кайсы-м	канча-м
2- жак	ким-иң	эмне-ң	кайсы-ң	канча-ң
	ким-иңиз	эмне-ңиз	кайсы-ңыз	канча-ңыз
3- жак	ким-и	эмне-си	кайсы-сы	канча-сы
	ким-и-си			

в) Жак мүчөлөр менен өзгөрүшү

1-жак	ким-мин	ким-биз
2-жак	ким-сиң	ким-сиңер
	ким-сиз	ким-сиздер
3-жак	ким —	ким —

г) Көптүк мүчөлөр менен өзгөрүшү

Кайда?, кайдан? жана *качан?* деген ат атоочторго таандык, көптүк мүчөлөр жалганбайт. Булардын ичинен *качан?* гана жөндөмөлөр менен жарым-жартылай өзгөрөт.

А.	кайда	кайдан	качан
И.	—	—	—
Б.	—	—	качан-га
Т.	—	—	—
Ж.	кайда	—	—
Ч.	**кайдан**	кайдан	**качантан.**

Кайда, кайдан? жана *качан?* деген сөздөр өзгөрбөгөндүгү боюнча тактоочко жакындаганы менен, ат атооч катары мейкиндик жана мезгилдик маанидеги сөздөрдүн ордуна колдонулат. Бул ат атоочтордун экинчи бир сөз менен айкашкан кээ бир формалары тактоочко өтүп кеткен: *кайда—алда кайда, качан—алда качан* (*Алда качан* айткан сөзгө ынабай (А. Токомбаев).

Аныктама ат атоочтор

Аныктама ат атоочтор заттын сандык жалпылыгын, же жекелигин аныктап көрсөтөт. Аныктама атоочторго төмөнкүлөр кирет: *бүткүл, бүтүн, баары, бардык, ар ким, ар бир* жана *өз*.

Аныктама ат атоочтор маанисине карата экиге бөлүнөт.

Биринчи топко кирген ат атоочтор затты жалпысынан аныктайт. Буларга *бүтүн* (<*бүт*+*ын*), *бүткүл* (<*бүт*+*күл*—сын атоочту жасоочу мүчө), *бардык* (<*бар*+*дык*—атоочтуктун байыркы мүчөсү), *баары* деген сөздөр кирет. *Баары* дегендин аягындагы *-ы*—тарыхый жагынан 3-жактын таандык мүчөсү.

Бүтүн, бүткүл, бардык көбүнчө аныктооч катарында колдонулса, *баары* субстантивдешкен мааниде колдонулат:

Бардык жаштар бийлеп жатат. *Бүтүн//бүткүл* дүйнө пролетарлары, бириккиле! *Бардык* эл келди, кайта *баары* кетти. Мусулманкулдун тарыхы *баарыга* маалим.

Аныктоочтук милдет аткарган жогорудагы ат атоочтор субстантивдешип ээ жана толуктоочтук милдет да аткарат:

Алымдын аракетинен Каныбек *бардыгын* тааныды. Чоко жалгыз коюн баласына атап союп, *бардыгын* чакырды (К. Жантөшев).

Жалпылама маанидеги ат атоочтор морфологиялык жагынан анчалык өнүкпөгөн. Алар сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алуу жагынан бирдей эмес.

Булардын ичинен *бүткүл* сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт.

Бүтүн жөндөлөт, бирок ат атоочтук мааниде колдонулганда, таандык жана көптүк мүчө жалганбайт.

Баары, бардыгы да таандык мүчө менен толук өзгөрбөйт. Буларга III жактын жана биринчи, экинчи жактын көптүк түрүнүн таандык мүчөлөрү гана жалганат; I, II жактын жекелик түрүнүн таандык мүчөлөрү жалганбайт: *баары//баарыбыз, баары-ңар, баары-ңыздар; бардыгы (бардыкы), бардыгыбыз (бардык-ыбыз), бардыгыңар (бардык-ыңар), бардыгыңыздар (бардык-ыңыздар).*

Ат атооч *баары* (өз алдынча туруп) III жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт. Ушуга караганда, мунун аягындагы *-ы* тарыхый жагынан таандык мүчө болуу керек. Салыштырыңыз:

А.	баары	мал-ы
И.	баары-нын	малы-нын
Б.	баарын-а	малын-а
Т.	баары-н	малы-н
Ж.	баарын-да	малын-да
Ч.	баары-нан	малы-нан.

Мындай жөндөлүү өзгөчөлүгүнөн эле мунун аягындагы *-ы* 3-жактын таандык мүчөсү экендигин көрүүгө болот.

Ат атооч *бардык* өз алдынча туруп жөндөлбөйт, аягына таандык мүчө жалганганда гана жөндөлөт. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганганда *баары* сыяктуу жөндөлөт; биринчи эки жактын көптүк түрүнүн таандык мүчөлөрү жал-

ганганда, аягы үндүү жана үнсүз менен бүткөн зат атоочтор сыяктуу өзгөрүүсүз жөндөлөт.

Жалпылама маанидеги ат атоочтордун баарына мүнөздүү бир нерсе—билдирген маанисине байланыштуу буларга көптүк мүчө жалганбайт.

Экинчи топко кирүүчү ат атоочтор (*ар бир, ар ким* ж. б. *өз*), жалпысынан алганда, заттын жекелигин аныкташат.

Ат атооч *ар* (<фарс. һәр) сандык жалпылыкка кирүүчү заттын бөлүнүшүн билдирет. *Ар* өз алдынча колдонулбайт, дайыма башка сөздөр менен бирге келет. Ат атоочтук мааниде ал төмөнкү сөздөр менен айкашат: *ар ким, ар нерсе, ар кандай, ар бир:*

Ар ким ар кандай айтып жүрүшөт. Советтик *ар бир* адам коомго өз салымын кийирет. *Ар нерсе* өз убагында. *Ар кандай* сөздөр айтылды.

Ат атооч *өз* аракеттенүүчү жактын өз алдынчалыгын, же анын конкреттүүлүгүн күчөтүп көрсөтүү үчүн колдонулат. Өз ат атоочтук мааниде көбүнчө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу колдонулат:

Жыйналышты *өзүм* алып бардым. Алымбайдын *өзү* отурду (Кийинки эки сүйлөмдө аракеттенүүчү жактын конкреттүүлүгү күчөтүлгөн).

Тарыхый жагынан *өз* (бир нерсенин «өзөгү», «негизи» деген маанидеги бүтүн сөз болгон. б. түркчө йыгач *өзи*—жыгач *өзөгү* (сердцевина дерева; М. К. 1, 46); *өзүм* агрыды—*өзөгүм* ооруду (мое нутро заболело, М. К. 1, 46). Мындай баштапкы маанинин калдыгы кыргызча: *мен өзүм* бардым. Алымбайдын *өзү* отурду. *Аттын өзүн* коё бер сыяктуу сөз айкаштарынан сезилет.

Аныктама ат атоочтордун ичинен морфологиялык жагынан өнүккөнү—*өз*. Бул ат атооч жөндөлөт, жак мүчөлөр менен өзгөрөт, көптүк мүчө жалганат. Ат атооч *өз* сүйлөмдө аныктоочтук милдет аткарганда, илик жөндөмөнүн мүчөсү түшүп калган учуру да болот: *өз ишим//өзүмдүн ишим.*

Андан сын атооч жасалат: *Өзгө кишиге бербе* (башка кишиге бербе деген мааниде).

Ат атооч *өз' дүн* сөз менен айкашкандагы жана морфологиялык кээ бир туунду формалары тактоочтор категориясына өтүп кеткен: *өзүнчө.*

Тангыч ат атоочтор

Негизги ат атооч аркылуу берилген маанини танып көрсөтөт.

Тангыч ат атоочтор *эч* бөлүкчөсүнүн (иран. һэч) сурама ат атоочторго кошулушу аркылуу жасалат. Тангыч ат атоочтор маани жагынан аныктама жана сурама ат атоочторго карама-каршы. Алар аркылуу берилген маани жокко чыгарылат: *Эч ким, эч нерсе, эчтеме, эч кандай* сыяктуу ат атоочтор дайыма тануу маанисиндеги сүйлөмдөрдө гана колдонулат:

Баары келди—*эч ким* келген жок. *Баарын* алдым—*эч нерсе* койбодум. *Бардык* иште бүтүрдүм—*эч бир* иш калган жок; *качан—эч качан, эч убакта; кандай—эч кандай; кайсы—эч кайсы; кайдан—эч кайдан; кайда—эч кайда* ж. б.

Тангыч ат атоочтордун сөз өзгөртүүчү категориялар менен өзгөрүү, өзгөрбөстүгү анын тутумундагы сурама ат атоочторго байланыштуу. Эгерде сурама ат атооч өзгөрсө, анын кошулушу аркылуу жасалган тангыч ат атооч да өзгөрөт, же анын тескерисинче болот.

Белгисиз ат атоочтор

Затты, же анын сан-сапаттык белгилерин болжолдуу түрдө жалпысынан көрсөтөт. Белгисиз ат атоочтор, негизинен, сурама ат атоочторго *-дыр* мүчөсү, *бир* жана *алда* деген сөздөрдүн кошулушу аркылуу жасалат: *алда ким, кимдир, кимдир бирөө, бир нерсе (<не ирсе), бир деме//бир неме (<байыркы түркчө: неме*—(кандайдыр бир буюм, нерсе; эмнедир); кандайдыр бир, кээ бир, *кай бир, кайсы бир, алда кандай.*

Белгисиздик дегенде эки нерсени ажыратууга керек.

Кээде сүйлөөчүнүн өзүнө зат жөнүндөгү түшүнүк белгилүү болгону менен, ким, эмне экендиги, б. а. анын конкреттүүлүгү белгисиз болот;

— *Тур, карачы! Короого (кимдир) бирөө келди* дегенде короого кандайдыр бир жандуу заттын келгендиги сүйлөөчү үчүн белгилүү, бирок анын кимдиги, же эмне экендиги белгисиз. Мындай учурда ат атоочтор белгилүүнүн белгисиздигин билдирет.

Кээде, тескерисинче, зат жөнүндөгү түшүнүктүн өзү да жана анын конкреттүү аныктыгы да белгисиз болот:

эмнегедир; кандайдыр бир иш дегенде сөз болуп жаткан нерсе жана анын өзү да белгисиз. Мындай ат атоочтор белгисиздин белгисиздигин, б. а. реалдуу эмес заттын белгисиздигин билдирет.

ТАКТООЧ

Тактооч жөнүндө жалпы маалымат

Тактоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат:

а) лексикалык жагынан мүнөздүү түрдө кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын (*ордун, мезгилин, себеп* менен *максатын, сан-өлчөмүн* жана *сын-сыпатын*) көрсөтүп, маани жактан абстракттуу келет:

б) морфологиялык жагынан дээрлик өзгөрбөйт (айрымдары гана бирин-экин жөндөмөлөрдүн формасында айтылып, кээ бирлери салыштырма даражага ээ болот). Тактоочтордун өзүнө тиешелүү болгон сөз жасоочу мүчөлөрү бар.

в) синтаксистик жактан тактоочтор көбүнчө этиш сөздөр менен айкалышат да, сүйлөм тизмегинде бышыктоочтук милдет аткарат.

Ошентип, кыймыл-аракеттин түрдүү кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жактан дээрлик өзгөрбөгөн, көбүнчө этиштер менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарган сөздөр тактоочтор деп аталат.

Тактоочтордун түзүлүшү жана жасалыш жолдору

Тактоочтор морфологиялык түзүлүшү жагынан бир өңчөй эмес. Ошондуктан алар *тубаса тактоочтор* жана *туунду тактоочтор* болуп негизинен эки топко бөлүнөт.

Тилдин азыркы этабында өз алдынча морфемаларга бөлүнбөгөн тактоочтор тубаса тактоочтор деп аталат. Мындай типтеги тактоочторго төмөнкүлөр кирет: *ылдам, жай, бат, тез, кеч, аздыр, жогору, илгери, кийин, ары, бери, эрте, дал, дароо, чапчаң, эми, дайыма* ж. б.

Бир кездерде өз алдынча толук маанилүү кээ бир үнгулар тилдин өнүгүү процессинде алгачкы маанисин жоготуп да жиберет. Ошондуктан алар баштапкы формасында өзгөрүүсүз колдонулбастан, кандайдыр бир мүчө менен бир бүтүнгө айланып, өзгөрүү касиетин жоготот. Мунун натыйжасында андай сөздөр кийинки этаптагылар үчүн тубаса тактооч сыяктанып сезилет. Башка сөз түркүмдөрүнөн тактоочко өткөн сөздөрдүн бир кыйласы азыркы учурларда мурунку маанисинен өзгөчөлөнүү аркылуу тубаса тактооч сыяктанып калган. Азыркы кыргыз тилиндеги тубаса тактоочторго, биринчиден, морфемаларга ажырабай турган сөздөр, экинчиден составындагы морфемалар алгачкы сапатын жоюу аркылуу бир бүтүндүккө айланган сөздөр кирет. Мындай сөздөрдү тарыхый жактан карамайынча, морфемаларга ажыратуу кыйын.

Тубаса тактоочтордун кээ бирөөлөрү тарыхый жагынан туунду сөз болушу мүмкүн: *илгери* (<*ил+гару*, байырк, түрк. *ил*—перед), *жогору* (<*жо+гару*), *тескери* (<*терс+гару*), *эрте* (<*эр+те*—жатыш жөндөмөнүн мүчөсү); чуваш, түркмөнчө *ир*—рано, *кийин* (<*кед+ин*), *ары* (<*ал<ол//о+ры*), *бери* (<*бу (л)+ры*), *эртең* (<*ир//эр+таң*), *кайта* (<*кай++т+а*), *жана* (<*жан+а*), *аябай* (<*ая+ба+й*) деген сыяктуу сөздөрдү көрсөтүү мүмкүн.

Мүчөлөрдүн жалганышы же сөздөрдүн өз ара айкалышы аркылуу жасалган тактоочторду туунду тактоочтор дейбиз. Мындай типтеги тактоочторго төмөнкүлөр кирет: *адамча, балача, өзүңөрчө, ылдамдай, жазды-жаздай, килолоп,* бетмебет ж. б.

Туунду тактоочторду жасалыш өзгөчөлүгүнө карата эки топко бөлөбүз: 1) морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор, 2) синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор.

Морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор

Үнгу сөздөргө мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалган тактоочторду морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор деп атайбыз.

Азыркы кыргыз тилинде мындай типтеги тактоочторду жасоо үчүн бир нече мүчө колдонулат. Алар төмөнкүлөр:

-ча мүчөсү. Бул мүчө кыргыз тилинде гана эмес, түрк тилдеринин системасына кирген бир катар тилдерде да тактоочту жасоочу өнүмдүү мүчө болуп саналат жана ар бир тилдин фонетикалык законуна ылайык *-ча, -че, -ша, -ше* ж. б. варианттардын биринде кездешет. Тарыхый пайда болушу жагынан бул *чак* деген сөз менен байланышат.

-ча//-че мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор кандайдыр бир нерсенин кыймыл-аракетин экинчи бир нерсенин кыймыл-аракетине окшоштурат, кээ бир учурларда сан-өлчөмдүк маанини да билдирет:

Аскар мугалимдин тилегин уяндык менен дале болсо *балача укту* (Т. Сыдыкбеков). Жамгыр *анча-мынча* гана жаап басылды. Биринчи сүйлөмдөгү *-ча* мүчөсү уланган *балача* деген сөз салыштыруу, кейиптештирүү маанисин, экинчи сүйлөмдөгү *анча-мынча* деген сөз сан-өлчөмдүк маанини туюндурду.

Таандык мүчөлөр жалганган бир катар сөздөр да *-ча* мүчөсү аркылуу тактоочко айланат; жакка таандык болгон атоочтон тактоочту жасоодо *-ча* мүчөсүнөн мурда «н» тыбышы кошулат: *көзүмчө, көзүңчө, көздөрүнчө, көзүңүзчө, көзүңөрчө, көзүбүзчө* ж. б.

Тактоочтор *-лап* (<*ла+п*) мүчөсүнүн жалганышы аркылуу да жасалат. Алар көбүнчө мезгилдик түшүнүктү билдирет: *күндөп, түндөп, айлап, жылдап* ж. б.

Кай бир учурларда мындай формадагы тактоочтор унгу сөздүн маанисине ылайык өлчөмдүк түшүнүктү туюндурушу да мүмкүн: *арабалап, каптап, баштыктап, тонналап* ж. б. Бул сөздөр *канча?, канчалык* деген суроого жооп болуп түшөт.

-лап мүчөсү кээ бир тубаса тактоочтордон да туунду тактоочторду жасай алат. Бирок мындай типтеги тактоочтор сан жагынан анча көп эмес: *эртелеп, кечтеп, тездеп, аз-аздап* ж. б.

Бир катар тактоочтор *-чылап* мүчөсү аркылуу да жасалат. Бул мүчө — *-чы+ла+п* элементтеринен турган татаал мүчө.

Зат атооч сөздөр *-чылап* мүчөсүнүн жардамы менен кейиптештирүү, мүчөлөштүрүү маанисин туюндурат да, тактоочко өтүшөт. Бул жагынан *-чылап* мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор менен *-ча* мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор бир бирине жакыныраак. Салыштырыңыз: 1. *Кез-кез.* Сабыр келген сайын ушул чоң сандыкка нак азыркы *Динарчылап* чалкалай отуруп, китеп баратап калчу (Т. Сыдыкбеков). Ал *кимче* жазчу.

Тактоочтордун жасалышында *-лай* мүчөсү да белгилүү ролду ойнойт. Ал этиш сөздөрдү жасоочу *-ла* жана чакчыл *-й* мүчөсүнүн айкалышынан жасалган.

Мезгилдик маанидеги зат атоочтордон *-лай* мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор көбүнчө өлчөмдүк маанини билгизет: *күздөй, жаздай, жайлай, күздү-күздөй, кыщты-кыштай, жазды-жаздай, жайды-жайлай.*

Айрым учурда бул мүчө мезгилдик маанини туюндурбаган сөздөрдөн да тактоочторду жасайт. Алар *кандай* деген суроого жооп берип, сын-сыпаттык маанини билдирет: *акчалай, эгиндей, утурлай, ылдамдай* ж. б.

-лата (<*ла+т+а*) мучөсү аркылуу көбүнчө зат атоочтордон тактоочтор жасалат да, алар сын-сыпаттык маанини билдирет: *акчалата, эгиндете.*

-лата мүчөсү аркылуу аз да болсо сын атоочтон тактоочтор жасалат: *улуулата, сакалдуулата* кымыз куюлду. *Улуулата* сунулду (К. Баялинов).

-чалык (<*ча+лык*) мүчөсү аркылуу жасалган тактоочтор дээрлик сан-өлчөмдүк маанини билдирет: *ушунчалык, анчалык, ошончолук, Дүйшөчөлүк, Маратчалык, Бейшечелик, Гүлайчалык* ж. б.

-сын (<*сы+н*) мүчөсүнүн жардамы менен да бирди-жарым тактоочтор жасалат. Алар мезгилдик маанини билдирип, дээрлик *-гы* мүчөсүнүн формасындагы туунду сын атоочтон жасалат: *эртеңкисин, кышкысын, түнкүсүн, жазгысын* ж. б.

Кыргыз адабий тилине мүнөздүү болбогон, бирок кыргыз тилинин кээ бир диалектилеринен кездешкен *-ындасы, -дөсү, -деси* деген мүчөлөр бар. Бул мүчөлөр мезгилди билдирүүчү сөздөргө жалганып, алардан тактоочту жасашат: *кышындасы, кечиндеси, түндөсү* ж. б.

Туунду тактоочтордун бир даары жөндөмө мүчөлөрдөн турган атооч сөздөрдүн сенек формаларынан да жасалган:

а) барыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор: *алга* (<байыр. түрк. *ал*—перед+*га*), *бекерге, күчкө, зорго, жылыга, күнүгө* ж. б.

б) жатыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор: *кээде, алда* (<ал+да), *мурда, күндө, эзелде* ж. б.;

в) чыгыш жөндөмөсүнүн формасындагы тактоочтор: *кокустан, азыртан, абалтан, эзелтен, эмитен жанатан* ж. б.;

г) байыркы *курал* жөндөмөнүн формасындагы тактоочтор: *кийин, акырын, тымызын, күнүн, түнүн, кышын, жазын* ж. б.

Кээ бир жөндөмө мүчөлөр сенек формага айланып, сөздүн ажырагыс бөлүгү катарында кабыл алынган. Ошонун натыйжасында аларга жөндөмө мүчөлөр дагы жалгануу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен.

Составына бир нече жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алган тактоочтордун түрлөрү:

а) жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдүн формасында калыпташкан тактоочтор: *эртеден, мурдатан, баштатан;*

б) байыркы барыш жөндөмөнүн *-ры* мүчөсү менен чыгыш жөндөмөнүн формасында турган тактоочтор: *арытан, беритен;*

в) байыркы барыш жөндөмөнүн *-ры* мүчөсү менен жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн формасындагы тактоочтор: *беритеден, арытадан;*

г) байыркы барыш жөндөмөсүнүн *-гару* мүчөсү менен чыгыш жөндөмөсүнүн формасында калыпташкан тактоочтор: *илгертен, жогортон.*

Кээ бир тактоочтордун составынан үч жөндөмөнүн мүчөсүн да табууга болот: *жогортодон* (<жо+горы+та+дан) *илгертеден* (<*ил+гери+те+ден*) ж. б.

Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор

Эки же андан ашык сөздөрдүн айкалышып, бир бүтүнгө айланышы алкылуу пайда болгон тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп аталат.

Мындай типтеги тактоочтор: а) сөздөрдүн биригиши аркылуу жасалат; б) кош сөздөр формасында да болот.

Алар төмөнкү өзгөчөлүктөр менен айырмаланат:

а) бириккен тактоочтор дээрлик эки башка маанидеги сөздөрдүн айкалышы аркылуу түзүлсө, кош сөздөр тибиндеги тактоочтор бир эле сөздүн эки ирет кайталанышы менен, же мааниси жактан бир бирине байланыштуу болгон сөздөрдүн жупталып айтылышы менен түзүлөт. Ошондуктан кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун кээ бирлеринин ар бир компоненти бири бирине карама-каршы мааниде, же синонимдеш болсо, бириккен сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти бул сапатка ээ боло албайт.

б) кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун ар бир компоненти дайыма бир эле сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, сөздөрдүн биригишинен пайда болгон тактоочтордун ар бир компоненти ар башка сөз түркүмүнө тиешелүү боло берет: *кайра-кайра, өйдө-төмөн, ачык-айрым* (тактоочтук кош сөздөр); *бүгүн, өгүнү, быйыл* (бириккен тактоочтор).

в) бириккен тактоочтун ар бир компоненти алгачкы учурларда өз ара багынынкы байланыш аркылуу тутумдашса, кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун ар бир компоненти ал сапатка ээ боло албайт, анткени алар өз ара тең байланыш аркылуу тутумдашат. Мисалы, *бүгүн* деген тактооч ыкташуу байланышына негизделип *бу* жана *күн* деген аныкталгычтык айкаштагы сөз тизмегинен пайда болсо, *өйдө-төмөн* деген типтеги кош сөздүк тактоочтордун компоненттери өз ара багынбай эле жасалган.

Сөздөрдүн биригиши аркылуу жасалган тактоочтордун компоненттери фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурашы да, учурабай калышы да мүмкүн. Мисалы, *өгүнү* деген сөз *о* жана *күнү* деген сөздөрдүн тыбыштык өзгөрүүгө учурап, айкалышуусунан келип чыккан. Ал эми *кечкурун — кеч* жана *курун* (<*кур*+*ын*) деген бүтүн сөздөрдүн (тыбыштык жактан өзгөрүлбөгөн) биригүүсүнөн пайда болгон (мындагы *кур* деген сөз *курбу, курдаш* деген сөздөрдүн жасалышына да уютку болгон).

Фонетикалык жактан өзгөрүүгө учуроо менен татаал формага айланган ар бир компоненттин алгачкы учурларда дээрлик ыкташуу байланышына негизделгендиги жана алардын ар бир сүйлөм тизмегинде өз алдынча милдет аткара алгандыгы байкалат.

Жогоруда *бүгүн* деген сөздүн ат атооч *(бу)* менен зат атоочтон (күн) пайда болгондугу белгилүү. Алгачкы учурларда (башкача айтканда, азыркыдай татаал формага биригүүгө чейин) бул сөздөрдүн биринчиси *(бу)* сүйлөм ичинде аныктоочтун, экинчиси *(күн)* аныкталгычтын милдетин аткарган. Бирок татаал формага биригүү процессинде ал касиеттен ажыраган. Эгерде мындай типтеги сөздөр бири бирине карата

синтаксистик мамилесин жойбогон болсо, ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алса, анда фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурабаган, ошондуктан бирге формаланбаган болор эле. Демек, мындай сөздөр форма жактан да, лексика-семантикалык жактан да биригишет. Буга баштапкы сөз айкалышынын, азыркы татаал формадагы сөздөрдүн алгачкы учурларда жанаша айтылышы, ошол формада көп колдонулушу да себепчи болот.

Фонетикалык жактан өзгөрүүгө учуроонун натыйжасында татаал формага айланган тактоочтор аныктооч менен аныкталгычтын, толуктооч менен толукталгычтын ж. б. сөз айкалыштарынын бири бирине карата болгон синтаксистик мамилесин жоюудан келип чыгат:

Былтыр деген сөздүн *бир*+*жылдыр* деген сөз айкалышынан келип чыккандыгы белгилүү; *-дыр* мүчөсү байыркы *тур* деген этиштен чыккан. Демек, байыркы учурларда *бир* деген сөз *жыл* деген сөзгө карата аныктоочтук, *жыл* менен *тур* дун биринчиси ээ, экинчиси баяндооч болгон.

Кыргыз тилинде, ошондой эле башка түрк тилдеринде, аныктооч менен аныкталгычтын биригишинен пайда болгон тактоочтор басымдуулук кылат. Мындай типке төмөнкү сөздөр кирет: *бүгүн* (<*бу*+*күн*), *быйыл* (<*бу*+*йыл*), *небак* (<*не*+*убак*), *эчак* (<*не*+*чак*), *өгүнү* [(<*күндөрдүн*)+*о*+ +*күн*+*ү*)], *бүрсүгүнү* [<*күндөрдүн*) бир+и+си+күн+ү)] ж. б.

Сөздөрдүн өз ара айкалышы аркылуу жасалган тактоочтордун бир катарынын ар бир компонентинин алгачкы формасы толук сакталгандары да кездешет. Мындай типтеги тактоочтордун биринчи компоненти катары көбүнчө *бир, ар, эч* деген сыяктуу сөздөр колдонулат: *бир жолу, бир күнү, бир кезде, бир маалда, бир паста, ар кайда, ар качан, ар убак, ар убакта, ар дайым, эч убакта, эч качан, эч кайда, эч жерде* ж. б.

Кош сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти маани жактан өз ара төмөнкүдөй катышта болот:

а) антонимдик катышта: *өйдө-төмөн, ары-бери, эртели-кеч, өйдө-ыкдый, жайы-кышы, күнү-түнү, оң-тетири, оңду-солду* ж. б.;

б) синонимдик катышта: *аста-секин, ачык-айрым, аман-эсен, сак-саламат, ачык-айкын* ж. б.;

в) компоненттеринин бири маани берип, экинчиси маани бере албаган тактоочтор да бар. Мисалы, *чала-була, чогуучаран, каршы-терши* деген тактоочтордун биринчи компоненттери өз алдынча туруп толук мааниге ээ болсо, экинчи компоненттери ал касиетке ээ эмес;

г) жеке турганда ар бири өз алдынча реалдык маанiге ээ боло албаган сөздөрдөн да тактоочтор жасалат, бирок мындай тактоочтор эң эле аз:

үстөкө-босток, алмак-салмак, өп-чап, алай-дүлөй, алдажалда ж. б.

Кош сөздөр тибиндеги тактоочтордун морфологиялык составына карата негизинен төмөнкү түрлөргө бөлүүгө болот:

а) уңгулардын (негиз) кайталанышы менен жасалган тактоочтор: *бат-бат, тез-тез, кез-кез, алыс-алыс, ылдам-ылдам, кайра-кайра, өйдө-ылдый, чогуу-чаран, ары-бери* ж. б.

б) биринчи компоненти уңгу түрүндө, экинчи компоненти жөндөмөлөр формасында туруу менен жасалган тактоочтор. Мындай типтеги тактоочтордун экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөрдүн формасында болот: *кез-кезде, аз-аздан, бат-баттан, топ-топтон* ж. б.;

в) эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор: *кээде-кээде, күндө-күндө, анда-мында анда-санда, андан-мындан* ж. б.;

Биринчи компонентине *-ма* мүчөсү жалганып, экинчи компоненти уңгу түрдө турган тактоочтор: *көзмө-көз, бетме-бет, жекеме-жеке, оозмо-ооз, колмо-кол* ж. б.;

д) эки компоненти тең *-дыр* мүчөсүн кабыл алган тактоочтор: *эртедир-кечтир, күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр.*

Кош сөздөр аркылуу жасалган тактоочтордун ар бир компоненти көбүнчө төмөнкү сөз түркүмүнөн пайда болот.

1. Зат атооч менен зат атоочтон: *оозмо-ооз, катар-катар, бетме-бет.*

2. Сын атооч менен сын атоочтон: *ачык-айкын, соо-саламат, аман-эсен* ж. б.

Бирок мындай типтеги сөздөрдүн баарын тактооч деп эсептей берүүгө болбойт. Алар тактооч же сын атооч экендигин билүү үчүн синтаксистик касиетин кароо керек. Эгерде андай сөздөр сын атоочко тиешелүү болсо, зат атооч менен айкалышып аныктоочтук, этиш менен айкалышып, бышыктоочтук милдетти аткара берет. Эгерде андай сөздөр жогорудагы касиетке ээ болбостон, сүйлөм ичинде дээрлик түрдө этиш менен айкалышып, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарса, тактооч болот.

3. Тактооч менен тактоочтон: *өйдө-төмөн, ары-бери, илгери-кийин* ж. б.

4. Чакчылдардан: *бара-бара, ала-сала, кайта-кайта* ж. б.

Тактоочтук фразеологиялык бирдиктер

Тактоочтук мааниде колдонулган бир катар фразеологиялык бирдиктер бар. Алар эркин сөз тизмегинен төмөнкү белгилердин негизинде айырмаланат.

а) Сөздөрдүн эркин айкалышы дайыма эле бир калыпта турууну талап кылбайт. Ал пикир алышуу процессиндеги ар кандай зарылдыкка ылайык нечен түрдүү формада өзгөрүлүп, ар башка сөздөр менен да өз ара айкалыша алат. Ал эми тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер ал сапатка ээ боло албайт. Алар (тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер) жазуу речинде да, сүйлөө речинде да дээрлик бир калыпта турууну талап кылат (олуттуу түрдөгү), өзгөрүүлөргө учурабайт.

Ырас, айрым учурларда тактоочтук кээ бир фразеологиялык бирдиктер өзгөрүлүшү да мүмкүн. Мисалы, *көз ачып жумгуча* деген туруктуу сөз айкалышы жалпысынан ушул компоненттердин болушун сөзсүз талап кылат, бирок окуя жагынан өз ара алмашылат, *ачып көздү жумгуча* деген формада кездеше берет (бирок *«жумгуча көз ачып»*, же *«жумгуча ачып көз»* болуп айтылбайт).

б) Сөздөрдүн эркин айкалышындагы ар бир сөз компоненти өз маанилерин сактаса, тактоочтук мааниде колдонулган фразеологиялык бирдиктер алгачкы (өз) маанисинен алыстап, өтмө мааниге ээ болот. Ошол себептүү алар бир гана түшүнүктү туюндуруп, бир сөзгө (тактоочко) антоним же синоним болуп түшө алат.

Мисалы, жогорудагы эле *көз ачып жумгуча* деген тактоочтук фразеология *дароо, тез, бат* деген сөздөргө синоним, *кеч, жай* деген сөздөргө антоним болот.

в) Тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат: *Көз ачып жумгуча* Бектургандын башына эчен укмуштуу ойлор чубады (А. Токомбаев) деген сүйлөмдөгү *көз ачып жумгуча* деген тактоочтук фразеологиялык бирдик бышыктоочтук милдетти аткарды. Ошентип, мындай белгилердин болушу эркин айкалышкан сөздөрдөн тактоочтук фразеологиялык бирдиктерди айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Кыргыз тилинде төмөнкүдөй тактоочтук фразеологиялык бирдиктер бар: *каш-кабактын ортосунда, ташка тамга баскандай, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай, камырдан кыл суургандай, согончогу жерге тийбей, айта-буйта дегиче, ачып көздү жумгуча* ж. б.

Тактоочтордун маани жагынан бөлүнүшү

Тактоочтордун бир катары маани жагынан мезгилди, орунмейкинди билдирсе, бир катары сын-сыпатты, сан-өлчөмдү билдирет. Бул өндүү өзгөчөлүгүн айкын билүү үчүн ошол

тактоочтордун антоним, синонимдерге, этиштик баяндооч менен болгон мамилесине да көңүл буруу керек:

1. *Жаңы* чыктык, жолоочулук бүткөн жок (А. Токомбаев). 2. Мурутгарым чырымталдай үлбүрөп, *жаңы гана* кыроо конор кезимде (А. Токомбаев). 3. *Жаңы* портфелин оодара баштады.

Бул мисалдардын биринчи жана экинчисинде *жаңы, жаңы гана* деген мезгилди түшүндүргөн сөздөр бар. Буларды сын атооч деп кароо мүмкүн эмес, анткени алар, биринчиден, мезгилдик мааниге ээ болуу аркылуу *эми (эле), азыр (гана), эми (гана), азыр (эле)* деген тактоочторго синоним боло алган, экинчиден, тактоочтор үчүн мүнөздүү болгон бышыктоочтук милдетти аткарып, этиш менен айкалышкан. Үчүнчүдөн, салыштырма даражаны уюштуруучу *-ыраак* мүчөсүн кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган. Үчүнчү сүйлөмдөгү *жаңы* сын атооч үчүн мүнөздүү болгон аныктоочтук милдетти аткарып, зат атоочту жандап айтылды, *-ыраак* мүчөсүн кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн сактады (*жаңыраак портфель* деп айтыла берет). Мезгилдик маанини туюндура албагандыктан, жогорку тактоочторго синоним боло албады. Ушундай эле өзгөчөлүк алардын антонимдерге болгон катышынан да байкалат. Биринчи, экинчи сүйлөмдөгү *жаңы, жаңы гана* деген сөздөр *эчак, эбак* деген тактоочторго антоним болду. Демек, 1—2 сүйлөмдөрдө *жаңы* тактоочтук мааниде колдонулду, тактоочтун бир тобунан экинчи тобуна өтүүгө да мүмкүнчүлүк алат. Мисалы: *ары, бери* деген сөздөр негизинен, орун бышыктагыч тактоочтор жана алар өткөн чак, учур чак, келер чак формаларындагы жайынча айтылган кыймыл-аракетти билдирүүчү этиштер менен айкалыша берет. Бирок кай бирде сүйлөмдөгү колдонулушуна карата булардын мындай белгилүү даражада басандап же жоюлуп, шарт бири биринен ажырата алууга мүмкүн болбогон жаңы мааниге ээ болот, пайда болгон маани, бир жагынан, мезгил бышыктагыч тактоочко, экинчи жагынан, сын-сыпат аныктагыч тактоочко жакындашат. Мындай учурда бул сөздөр, көбүнчө, орундук мааниге ээ болбогон (же орундук түшүнүк менен тыгыз байланышпаган) этиштер менен айкалышат.

Төмөнкү мисалдарды салыштыралык, аларга берилген суроолорго көңүл буруу керек:

1. Наташа кеткенде, ал муңайып, бир обонго салып токтобой ышкыруучу, буттарын сүйрөп, үйдүн ичинде *ары-бери* (кайда?) басып жүрүүчү (М. Горький). 2. Жутабай карыя *ары-бери* (кайда?) чапкылап жүрүп менчиктүүлөрдүн бир аттуу эки жаман арабасын таап кайтты (К. Баялинов). 3. Масленников уялган түрдө бутуна карап, өтүгүн *ары-бери* (кантип? кандай?) кие салды (К. Симонов). 4. Сабуров менен Бобров жүк салыш үчүн жыгачтан *ары-бери* (кантип?, кандай?) жасай салган пристанга келишти (К. Симонов).

Бул мисалдардын биринчи жана экинчисинде *ары-бери* орундук (тактап айтканда, багыттык) мааниге ээ болду. Үчүнчү жана төртүнчү сүйлөмдө ал мааниге ээ болгон жок, сын-сыпаттык мааниде колдонулду. Ошондуктан үчүнчү, төртүнчү мисалда *тез, ылдам* деген сөздөргө синоним болду да биринчи, экинчи мисалдардагыдай өзгөчөлөндү. Сүйлөм тизмегиндеги колдонулуш өзгөчөлүгүнө ылайык бирде орун бышыктагыч тактоочтун, кээде сын-сыпат аныктагыч тактоочтун

маанисинде *өйдө, төмөн, жогору, ылдый* деген сөздөр жана алардын жупталышып айтылган формалары *(өйдө-ылдый, өйдө-төмөн)* да колдонула берет.

Тактоочтор лексика-грамматикалык мааниси боюнча жалпысынан эки чоң топко бөлүнөт: 1. Бышыктагыч тактооч. 2. Аныктагыч тактооч.

Бышыктагыч тактооч

Бышыктагыч тактоочтор нерселердин кыймыл-аракетинин боло турган мезгилин, өтө турган ордун, болуш себебин же максатын көрсөтүп, өз ара бир нече топко бөлүнөт.

1. Мезгил бышыктагыч тактооч

Мезгил бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин, кандайдыр бир белгинин боло турган мезгилин көрсөтүп, *качан? качантан бери?, кайсы кезде?, качанга чейин?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко кирүүчү сөздөр сан жагынан көп, колдонулуш сферасы жагынан кеңири: *азыр, анан, ар дайым, ар убак, ар качан, бүгүн, эртең, эрте, башта, андасанда, күндө-күндө, анда-мында,* жана *кечке,* кез-кезде, *күндүз, анда, эми, эртели-кеч* ж. б.

Мезгил бышыктагыч тактоочтор, жалпысынан бир топту түзсө да, маани жактан бир катар өзгөчөлүккө ээ: *жана, бая, кечээ, өгүнү, мурдагүнү, баягүнү, эчак, эбак, алда качан, капкачан* деген тактоочтор кыймыл-аракеттин өткөн мезгилин көрсөтүп, дээрлик өткөн чактагы этиштер менен айкалышат:

— А *жана мен* кандай дедим эле?

— *Жана сиз* зыянкечтерче айткансыз.

— Койчу, капыр, —деп чоң эне чоочуп кетти (Т. Сыдыкбеков). «Кай бир жолдошторубуз жана кай бир карыяларыбыз Фрунзе шаары жөнүндө сөз баштаса, *«кечээ эле күнү...»* деп башташат: Алардын *«кечээки күнү»* — 1924—25-жылдары («Искусство күзгүсү»).

Андан, эртең, бүрсүгүнү деген сыяктуу тактоочтор боло турган кыймыл-аракетти көрсөтүп, келер чак этиши менен айкалышса *(эртең башталат, анан барат, бүрсүгүнү келет), эми, азыр, бүгүн, быйыл* деген сыяктуу кээ бир тактоочтор кыймыл-аракеттин учурлаш, мезгилдеш экендигин көрсөтүп, үч чактын биринде этиштер менен айкалыша берет.

Тактоочтор кыймыл-аракеттин канчалык мезгилге чейин созулушун да көрсөтөт: *кечке, күн-түнү, алтай-жайлай, жайдыр-кыштыр, күндүр-түндүр, күздү-күздөй, жайды-жайлай.*

Дүйшөнкул бул кыялын чындыкка чыгаруу үчүн *күндүр-түндүр* иштеди (Ж. Бөкөнбаев). Эмгек — *дайым* үмүттөрдүн атасы (А. Токомбаев).

Мезгил тактоочтордун кээ бири жупталыша колдонулуп же көптүк сандын *-лар* мүчөсүн кабыл алуу менен чыгыш жөндөмөсүнүн формасында айтылып, божомолдоо маанисин да берет: *бүгүн-эртең, эртеден, эртеңдерден, бүрсүгүндөрдөн, эртең-бүрсүгүндөн.* Саякатка кеткен пионерлер *эртең-бүрсүгүндөрдөн* келип калышар.

2. Орун бышыктагыч тактооч

Орун бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтөт да, *кайда?, кайсы жакта?, кайсы жакка?* сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко төмөнкү сөздөр кирет: *ары, алга, артка, алды-артында, алда кайда, алда кайдан, алды-артынан, алды-артына, бери, ары-бери, илгери, жогору, төмөн, анда-мында, мында* ж. б.

Алыстан келе жаткан кишилерди көзүнүн кыйыгы менен карайт (А. Токомбаев). «Кагылайын, карыялар, ушинтип, жаштарга дем, элинерге күч бергиле»,—деп жаны тынбай *ары-бери* басып, өзү да иштешип жүрдү (К. Баялинов).

Орун бышыктагыч тактоочтор көбүнчө:

а) Кыймыл-аракеттин ордун, чек жагынан сүйлөөчүгө жакын, же алыс экендигин көрсөтөт. Мындай касиетке көбүнчө, ат атоочтон пайда болгон тактоочтор: *ээ, анда, мында, алда кайда, тигинден (кайдан?)* ж. б.

Түшө калдык чайхананын бирине, *анда* бир топ түштөндөр бар экен (А. Токомбаев). *Алда кайдан* кебез тартып келаткан, кербенчинин төөлөрүндөй чубашты (А. Осмонов).

б) Кыймыл-аракеттин багытын көрсөтөт: *ары, бери, илгери, кийин, өйдө, төмөн, жогору, ылдый* ж. б.

Жапаркул атын *ары-бери* ойноктотот (К. Жантөшев).

Өйдө-төмөн чапканы эмгиче Зуурага сезилбептир го (Т. Сыдыкбеков).

Орундук маанидеги тактоочтордон башка сөз түркүмдөрү аркылуу да туюндурулат, бирок тактоочтор аркылуу туюндурулган орундук маани аларга караганда абстракттуу келет. Мисалы, «бардыгы *мында карашат»* (Т. Сыдыкбеков) деген сүйлөм менен «бардыгы бул *үйгө карашат»* деген сүйлөмдү өзара салыштырып көрөлүк. Биринчи сүйлөмдөгү орундук маани *мында* деген тактооч аркылуу, экинчи сүйлөмдө *үйгө* деген зат атооч аркылуу берилген. Биринчи сүйлөмдөгү орундук маани абстракттуу, экинчи сүйлөмдөгү орундук маани ага караганда конкреттүү:

Кыргыз тилинде *себеп* жана *максат бышыктагыч* тактоочтор да бар, бирок алар сан жагынан эң эле аз, колдонулуш сферасы жагынан тар. Бул топко *аргасыздан, эркизден, жиндиктен, атайын, атайлап* деген сыяктуу бир аз гана сөздөр кирет. Анын үстүнө мындай сөздөр сын-сыпаттык маанияе да ээ.

АНЫКТАГЫЧ ТАКТООЧ

Аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-сыпатын, сан-өлчөмүн билдирип, өз ара экиге бөлүнөт.

1. Сын-сыпат аныктагыч тактооч

Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин ар түрдүү сапатын, темп жагынан өзгөчөлүгүн, кандай ык менен ишке ашырыларын, белгисин көрсөтүп, *кандай? кантип?, кандайча?, кимче?, эмнече?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Бул топко төмөнкү сөздөр кирет: *акырын, аста, адамча, айбанча, тымызын, тез, дароо, бат, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, оозмо-ооз, каадасынча, адатынча, мурункусунча, өзүнчө, көзүнчө, кайра, кайта, араң-араң, зорго, бекер, жайбаракат, ачыктан-ачык, ээн-эркин* ж. б. Эл үчүн, туулуп-өскөн жер үчүн, канкор жоо менен *арстандарча* алышып жаткан эрлерден биз эч нерсени аябайлы (К. Баялинов). Кайра бирөө менен талашкандай *тез-тез* барып өзү ыргыткан алманы алат (Т. Сыдыкбеков).

Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор төмөнкү учурларда колдонулат:

а) Кыймыл-аракеттин темп жагынан өзгөчөлүгүн түшүндүрүүдө: *тез, дароо, бачым, жай, акырын, аста-секин, бат, тез-тез, бат-бат.*

Академик — орто жашка жете элек жылдыздуу адам, күлүмсүрөп *акырын* башын ийкейт (Т. Сыдыкбеков). Деңизди жээкке согуп турган толкунунун добушу *жай* гана шардыльдайт (Павленко). Эне *бат-бат* айтылган төмөнкү сөздөрдү угуп калды (М. Горький).—Кана, алып келчи, — деп *бат-бат* айтып энкее калганда, атчандын чоң көк ала сакалы шамал тийген бедедей сеңселе түштү (А. Токомбаев).

б) Кыймыл-аракеттин кайталаныш өзгөчөлүгүн туюндурууда: *кайра-кайра, үстү-үстүнө, улам-улам, үстөкө-бостон, кайта-кайта.* Бала... музоосунун карттанган чакалайын тырмалап *үстү-үстүнө* мурдун тартат (Т. Сыдыкбеков). Анын көзү *кайта-кайта* карай берди (Н. Байтемиров).

в) Кыймыл-аракеттин белгисин көрсөтүүдө: *уйгу-туйгу, алка-шалка, абыр-шабыр, ыйкы-тыйкы* ж. б. Мындай сөздөр эмоциялык окраскага да ээ. Эки сүрөтчү келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти (А. Токомбаев).

г) Кыймыл-аракеттин иш жүзүнө кантип ашырылгандыгын туюндурууда: *ачыктын-ачык, оозмо-ооз, бетме-бет, жекеме-жеке* ж. б. Алар өздөрү жазып келип беришет, жаза албагандары өздөрү келип бизге *оозеки* айтып беришет (К. Баялинов). Алар *ачыктан-ачык* салгылашууга, *жекеме-жеке* кармашууга өтүштү.

д) Бир нерсенин кыймыл-аракетин, жүрүм-турумун экинчи бир нерсенин кыймыл-аракетине, жүрүм-турумуна салыштырууда, алардын окшош экендигин белгилөөдө: *жылкыча, айбанча, кишиче, баатырларча, кыргызча, орусча* ж. б. *Тоодой-тоодой* кыйынчылыктарга *баатырларча* төш тиреди журт! (Т. Сыдыкбеков). Мени көрө коюп, *балача* бакырып жиберди. Ал чийкил болгуча боргулданып, кирпигин *мышыкча* жартылай ирмеп, жөлөп койгон каалгадай төрт тактайдын бетин тиктейт... (А. Токомбаев).

2. Сан-өлчөм аныктагыч тактооч

Сан-өлчөм аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин сан-өлчөм жактан өзгөчөлүгүн билдирип, *канча?, нече?, канчалык?, канчалап?, нечелеп?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет: *барынча, аз-маз, саал, ушунчалык, ошончолук, аз-аздан, саал-пал, бир-бирден, көп-көптөн* ж. б. *Чилде түшүп, аяз барынча күчөп* турган кез (М. Элебаев). Камка кары *анча* шашпайт (Т. Сыдыкбеков).

этиш

Этиш жөнүндө жалпы маалымат

Этиш кыймыл-аракетти билдирет. Кыймыл-аракеттин мааниси кең. Ал *жүгүр, чурка, бас, каз, жаз* сыяктуу кыймыл-аракеттиги нагыз билинип турган этиштер менен бирге, ал-абал (отур, тур), ал-абалдын өзгөрүшү (картай, агар, жашар) жана эсте, ойло, ук, тыңша сыяктуу башка түшүнүктөрдү да кыймыл-аракет түрүндө көрсөтөт. Этиште ал-абал чак менен байланыштырылып, убакыт боюнча өтүүчү кыймыл-аракет түрүндө берилет. Этиштин ар кандай кыймыл-аракетин убакытка байланыштыруу этишти башка сөз түркүмдөрүнөн айыруучу өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет.

Этишке мүнөздүү жана аны башка сөз түркүмдөрүнөн айыруучу грамматикалык категориялар — *мамиле, ыңгай, чак* жана *жак (жакталыш)*.

Ыңгай категориясы кыймыл-аракеттин чындыкта аткарылышына карата сүйлөөчүнүн мамилесин билдирет. Чындыкка карата бул мамилени билдирүү үчүн кыргыз тилинде беш ыңгай колдонулат: *жай* (баяндагыч), *буйрук, шарт, тилек, ниет.*

Баяндагыч ыңгай өткөн чак, учур чак, келер чак түрүндө кыймыл-аракеттин аткарылышын ачык көрсөтөт: *окудум, окуйм, окуйт.*

Шарттуу ыңгай менен *тилек ыңгай* иштин болор, болбосун күнөм, арсар кылып көрсөтсө, *буйрук ыңгай* буйрууну билдирет: *жазса, жазгай эле, жазсын.*

Субъект менен кыймыл-аракеттин объектисинин ортосундагы өз ара карым-катнаш мамиле категориясы деп аталат.

Сүйлөмдүн бул эки мүчөсүнүн ортосундагы өз ара мамиле дегенибиз — ээлик милдет аткарган зат өзүнүн баяндоочуна объектиби же субъектиби, эгер субъект болсо кандай субъект (ишти иштеген чыныгы субъектиби, же чыныгы субъект эмеспи) экендигин аныктоо. Мамиле категориясы негизги, *кош, өздүк, туюк, аркылуу* болуп бешке бөлүнөт. Булардын биринчи үчөөнүн формасындагы этиштердин субъектиси реалдуу, грамматикалык ээ; акыркы экөөнүкү реалдуу эмес, иштин чыныгы иштөөчүсү болуп объект эсептелет же сүйлөмдүн ээси өзүнүн баяндоочуна объект болот: Алым *жазышты.* Айна *жуунду* (субъектилери чыныгы). Атам балдарга чөп *жыйдырды* (сүйлөмдүн ээси иштин чыныгы иштөөчүсү эмес, чынында ишти иштеген—*балдарга* деген толуктооч). Чөп чабылды, эгин орулду (*чөп, эгин* мында грамматикалык жагынан ээ болуп турганы менен, өзүнүн баяндоочуна логикалык жагынан толуктооч).

Жак категориясы кыймыл-аракеттин сүйлөөчүгө карата болгон мамилесин билдирет.

Кыргыз тилинде үч жак бар: сүйлөөчү (1-жак), тыңдоочу (II жак) жана сөзгө катышпаган жак (III жак). Жак мүчө ушул жактардын формалдык жагынан берилиши болуп эсептелет.

Этиштин чак жана ыңгай формаларынын жак менен сан боюнча өзгөрүшү *жакталыш* деп аталат, жана ал этиштин морфологиялык негизги белгилеринин бири болуп эсептелет. Жак мүчө менен өзгөрүү этиштин бардыгына эле мүнөздүү боло бербейт. Жак мүчө менен баяндоочтук милдет аткаруучу этиштер гана өзгөрөт. Ошондуктан кээде жак мүчө баяндоочтук мүчө деп да агалат. Анткени жак мүчө жалганган

сөз дайыма баяндооч болот: жак мүчөнүн жалганышы ал сөздүн баяндоочтук абалда экендигин көрсөтөт. Этиштин предикативдүүлүгүнүн негизин чак менен ыңгай категориясы түзөт. Анткени баяндооч болуучу этиш кандай болсо да ыңгайдын бир формасына туура келет. Мисалы *жаздым* деген сөздөгү *-м* мүчөсү иштин биринчи жак аркылуу иштелгендигин жана анын жекелигин билдирип турат; *-ды* аркылуу иштин сүйлөнгөн мезгилден мурун болгондугу (өткөн чак экендиги) көрсөтүлдү.

Этиштин синтаксистик негизги кызматы — баяндоочтук милдет аткаруу. Этиштин баяндооч болушу үчүн ага жак мүчөлөрдүн дайыма жалганышы шарт эмес. Этиш үңгу түрүндө туруп да, ээге тиешелүү болуп баяндоочтук милдет аткара берет. Мисалы, буйрук ыңгай өзүнүн лексика-грамматикалык мааниси боюнча дайыма экинчи жакта турган ээни көрсөтөт: кел—сен *кел,* жуун—сен *жуун*; этиштин минтип жак мүчөсү менен же жак мүчөсүз туруп деле ээге тиешелүүлүгү, аны менен байланышта болушу анын синтаксистик негизги белгиси — предикация менен байланыштуу.

Зат атооч жана ат атоочтун өз алдынча баяндооч болушунда интонациялык тыным чоң роль ойносо, этиштер үчүн грамматикалык бул каражаттын болушу шарт эмес (Асан *тракторист,* Алым *шофёр)*. Бул эки сүйлөмдүн компоненттери паузасыз айтылса, *шофёр*, *тракторист* деген сөздөр баяндооч эмес эле приложение болуп калар эле. Мунун себеби да этиште предикативдик касиеттин бардыгы менен байланыштуу.

Этиштин синтаксистик негизги кызматынын (баяндооч болушунун) ролу айрыкча сүйлөм курулушунан жана сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштырышынан ачык көрүнөт. Анткени сүйлөм көбүнчө баяндоочтук милдет аткарган этиштин катышы аркылуу түзүлөт; этиш сүйлөмдүн курулушуна таасир этет; этиш катышпаган сүйлөм окуянын баяндалышын анчалык камтый албайт; ошондуктан этиш сүйлөмдү уюштургучтук касиетке ээ: Алымбек жолдошуна китепти *берди.*

— Ким берди?
— Алымбек.
— Кимге берди?
— Жолдошуна.
— Эмнени берди?
— Китепти. Айша *жуунду.* Бул сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн синтаксистик кызматы, грамматикалык формасы жана өз ара байланышуусу *бер* деген өтмө этишке карата аныкталып турат; Ошону менен бул сүйлөмдө тике жана кыйыр түрүндөгү эки толуктооч бар. Ал эми Айша жуунду десек, өздүк мамиле

формасындагы этишке байланыштуу сүйлөмдүн ээсинде субъектилик жана объектилик маани болгондуктан толуктооч өз алдынча берилген жок; жайылма сүйлөмдүн ордуна жалаң сүйлөм түрүндө берилди.

Этиштик бардык формаларга дагы бир мүнөздүү нерсе—атооч сөздөрдү жөндөмөлөр боюнча башкара тургандыгы: *ал (эмнени?) китепти; кач (кайдан?) жолдон; бер (кимге?) мага; кел (кайдан?) айылдан; отур (эмнеге?) столго* ж. б.

Этиштик формалар синтаксистик аткарган милдетине карата жана өздөрүнө тиешелүү грамматикалык категориялары боюнча төмөнкү төрт топко бөлүнөт:

1. *Жакталуучу этиштик формалар*
2. *Кыймыл атоочтор*
4. *Чакчылдар*
3. *Атоочтуктар.*

Этишке мүнөздүү грамматикалык категориялар этиштин бардыгына бирдей даражада таралбаган. Мамиле категориясы гана этиштин бардык системасы үчүн мүнөздүү. Калган категориялар этиштин айрым түрлөрүнө гана таандык.

Жакталуучу этиштик формаларга жак жана сан боюнча өзгөрүүчү ыңгай же чак мүчөлөрү жалганган этиштер кирет. Булар нагыз этиштер деп аталат, анткени этишке мүнөздүү категориялардын бардыгы ушунда сакталган жана алар сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарат.

Кыймыл атооч кыймыл-аракеттин атын билдирет. Кыймыл атоочторго нагыз этиштер сыяктуу чак менен ыңгай категориясы мүнөздүү эмес, демек, алар жак мүчө менен да өзгөрбөйт. Бирок алар этиштик маанисин сакташып, өздөрүнөн мурунку атооч сөздөрдү жөндөмөлөр боюнча башкарышат, мамиле мүчөлөр жалганат. Кыймыл атоочторго жөндөмө, таандык жана көптүк мүчөлөр да жалганат (Алмактын бермеги бар. Оруу-жыюуну бүтүрдүк. Менин катышым керекпи? Сүйлөшүүлөр көбөйдү). Бул жагынан алар атоочторго жакын; этишке караганда атоочтук белгилер кыймыл атоочтордо басымдуулук кылат. Алар сүйлөмдө ээ жана толуктоочтук милдет аткарышат.

Атоочтук этиштин сын атоочко жакындашкан түрү болуп, сын атоочтун айрым морфологиялык жана синтаксистик белгилерине энчилеш. Сын атооч сыяктуу аныктоочтук милдет аткарат; затташкан учурда сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (жөндөмө, көптүк, таандык) жалганат.

Атоочтук этиш катарында кыймыл-аракетти же анын процессин билдирет да, чактык маанига ээ болуп жак мүчөлөрү боюнча өзгөрөт; Бул учурда этиштик касиетин сактап, атооч

сөздөрдү жөндөмөлөр боюнча башкарат; атоочтуктарга мамиле мүчөлөрү да жалганат.

Чакчылдар кошумча кыймыл-аракетти билдирип, мааниси жагынан тактоочторго жакындашат жана сүйлөмдө негизинен бышыктоочтук милдет аткарышат. Ошону менен бирге чакчылдар да мамиле формаларына ээ. Бирок нагыз чакчылдык мааниде колдонулганда, аларга мамиледен башка этиштик категориялар (ынгай, чак, жак)мүнөздүү эмес. Чакчыл формалар катышкан этиш өз алдынча нагыз этиштик маанide баяндооч ролунда колдонулганда, алардын кээ бирөөлөрү жак мүчөлөрү менен да өзгөрөт. Чакчыл формалар мындай учурда чакты билдирип калат: күлө сүйлөдү — *күлө+мын— күлөмүн;* барып айтамын — *барып+мын — барыпмын.*

Этиштин морфологиялык жол менен жасалышы

-ла мүчөсү

Этиш жасоочу негизги жана өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Кыргыз тилинде бул мүчө *-ла// -да// -та* формасында он эки түрлүү (кең үндүү варианттары менен өзгөрөт). -ла башка морфемалар менен биригип, татаал мүчөлөрдү түзүүгө да катышкан: -чылап//-чилеп (<-ча+ла+п): *сенчилеп, аларчылап;* -гыла (<*-гы+ла*): *чапкыла.* Кийинкиси азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин кайталангандыгын билдирет. Тарыхый жагынан алганда *-гыла* башта грамматикалык мындай маанини билдирген эмес; кыймыл атоочтун *-гы* формасы менен *-ла* мүчөсүнүн өз ара айкалышынан түзүлгөн; салыштыр: эски өзб. *атгулады* (аткылады) (<атгу-жаа тартуу мааниси́нде); к. кал. аткы—ок атуу; аткыла-аткыла.

-ла мүчөсү аркылуу көбүнчө курал-жарак, асбап, буюмтеге, каражат сыяктуу маанидеги атоочтук уңгулардан активдүү этиштер жасалат. *-ла* мүчөлүү этиштердин активдүүлүгү башка формадагы уңгулаш этиштер менен салыштырганда ачык байкалат: *канда—кана, карала—карар, акта—агар* ж. б.

-ла мүчөсүнүн өнүмдүү экендигин орус тилинен кирген сөздөрдөн да этиш жасагандыгынан көрүүгө болот. Тилде жаңы пайда болгон сөздөрдөн туунду формалардын жасалышы ошол морфеманын өнүмдүү экендигин белгилөөчү негизги белгилердин биринен болуп эсептелет:

редакторло, рецензияла, сомоло (<орус. *сумма*), *авансыла, сотто* (<орус. *суд*), можула<божу (<орус. вожжи), командала (<орус. команда), борумда (<орус. форма) ж. б.

Морфологиялык жол менен жасалган туунду этиштердин мааниси, адатта, уңгу сөздүн семантикасына карата аныкталат.

-ла мүчөлүү этиштерди атоочтук уңгуларынын материалдык маанилерине карата төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүүгө болот:

1) Уңгулары курал-жабдык, асбап, каражат жана шайман маанидеги этиштер: *күрөктө (<күрөк), кетменде (<кетмен), орокто (<орок), балтала (<балта), токмокто (<токмок<ток)*; б. түрк. *току*—ур, жарадар кыл маанисинде: Ол оның бойнын *токутты*—Ал аны моюнга урду; *чалгыла (<чалгы<чал)*; тектеш тилдерде *чал*—чөп чап маанисинде (Рсл. III. 2, 1876); алт. *чалы*—муузда. Кийинки сөз ушу мааниде кыргыз тилинде: «ак боз бээни *чалды* дейт; курмандыкка *чал*» сыяктуу сөз тизмектеринде гана сакталган; *кишенде (<кишен<кише);* салыштыр түрк. *кише;* хак. *күзө* — тушамышта, байлоо; *кулачта (<кул*—ач); *кул*—кол+ач ж. б.

2) Уңгулары процесстин атын билдирген этиштер: *аңда* (<*аң*-ой, аң-сезим); *өпкөлө (<өпкө)* этиши өпкө сөзүнүн метатезалык формасы (алт. *өпкө*—таарыныч; *өпкө ал*—таарын маанисинде); *кадырла (<кадыр), кабарла (<кабар), аялда (<аял—токтоло туруу,* күтө туруу), *эликте (<элик);* хак. *элик,* алт. *элек*—шымдың маанисинде ж. б.

3) Уңгулары объект маанисиндеги этиштер: моюнда (<моюн): ат *моюнда; кулакта (<кулак<кулгак), тамакта (<тамак<тамгак), колтукта (<колтук<кол+лык);* салыштыр: *белдик<бел-лык* ж. б.

4) Уңгулары мейкиндик жана мезгилдик маанисиндеги этиштер: *ташта (<таш);* салыштыр: б. түрк. *таш*—бир нерсенин сырткы жагы, сырт; *ташра*—сыртка карай. Азыркы түрк тилдеринде бул этиш (*ташта*) таш менен уруу, таш ыргытуу маанисинде эмес, жалпы эле бир нерсени ыргытуу, таштоо маанисинде колдонулат; *бөксөлө (<бөксө: бөксө жол), талаала (<талаа), жондо (<жон), жогорула (<жогору<жок+-гары)*; салыштыр: б. түрк *йуклатты*—жогорулатты. Ол аны тагка *йуклатты*—Ал аны тоого чыгарды; сөзмө сөз: жогорулатты (М. К. II, 410); б. уйг. *йокла*—жогорула;

5) Сын-сыпат маанисиндеги этиштер: *бөйрөктө, чалкала, жамбашта (<йан+баш*; б. тилдерде *йан*—кашка жилик; (М. К, III, 175); демек, *жамбаш*—кашка жиликтин башы деген сөз); *үстөмөндө (<үстөмөн;* Чыңгыз Айтматовдун чыгармасында бул сөз «жүзтөмөн» түрүндө берилген) ж. б.

Ар кандай туунду этиштин конкреттүү мааниси уңгунун материалдык семантикасына карата аныкталат, ошолордон келип чыгат. Мисалы, атоочтук уңгу курал-жарак, асбап,

каражат, объект, материал маанисиндеги сөздөрдөн болсо, андан жасалган этиш кыймыл-аракеттин ошол курал-жарак, асбап аркылуу иштелгендигин көрсөтөт; башкача, айтканда, этиш ошол предметтерге мүнөздүү болгон функцияны билдирип калат: *балтала, араала, бетондо, капта, кийикте* этиштеринин маанисинде атоочтук уңгудагы ушу заттардын негизги функциялары (*балта, араа*—курал; *бетон*—материал; *кийик*—объект; *кап*—каражат, орун) чагылтылган; этиш ошолордун колдонулушун билдирип турат.

-ла мүчөлүү этиштер, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Уңгудагы буюмдук нерсенин кыймыл-аракетте колдонулушун, пайдаланышын, ошого багытталганын билдирет. Бул маанидеги этиштер курал-жабдык, асбап-шайман, буюм, материал, курал жана объект маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалат: *бычакта, токмокто, чотто, кетменде, күмүштө, көктө, колтукта, кучакта, самында, полдо, күрөктө* ж. б.

2) Уңгудагы заттанган түшүнүктүн этиштик мааниге өтүшүн билдирет. Мындай этиштер процесстин аты же процесстин натыйжасы маанисиндеги атоочтордон жасалат: *ырда, сүйло, иште, базарла, айыпта, саяла, ымда, өрттө, канда, булоолоо* ж. б.

3) Уңгудагыдай белги, сын-сыпатка келтирилгендикти же ошондой белгини иштеп чыгаргандыкты билдирет. Бул маанide этиштер белги, сын-сыпат, кебете-кешпир маанисиндеги атоочтордон жасалат: *ирде, бүтүндө, эркеле, калыңда, коомайла, какта, үймөктө, кырда, жамбашта, өбөктө* ж. б.

4) Белгилүү бир орун же мезгилге байланыштуу болгон этиштик түшүнүктү билдирет: *жээкте, бойло, талаала, кыяла, жондо, бөксөлө, эңиште, эртеле, кышта, жайла* ж. б.

5) Уңгудагы заттык түшүнүктүн таасиринде болгондукту, ошого дуушар болуп, аны башынан өткөргөндүктү көрсөтөт: *ысыкта, суукта, ылаңда, чылпакта, ириңде, сүзөктө, кеселде* ж. б.

6) кыймыл-аракеттин уңгудагы түшүнүккө жараша болгон ар түрдүү ыктарын, формаларын билдирет: *чыканакта, бөйрөктө, боортокто, тизеле, чандырла, согончокто, төрт аякта* ж. б.

Атоочтон жасалган туунду этиштер семантикалык түзүлүшү жагынан атооч менен этиштин (атооч+этиштик маани) маанилеринин кошундусунан турат. Эки сөз менен баяндалуучу маани же түшүнүк мүчөлөр аркылуу жасалган туунду этиштерде (туунду башка сөздөрдө да) бир сөз менен берилет. Бирок алар морфологиялык түзүлүшү жагынан жөнөкөй, бир составдуу болушканы менен, семантикалык курулушу боюнча эки составдуу келишет. Ушул типтеги сөздөрдү үйрөнүүнүн, талдоонун маанилүүлүгү дал ушунда турат. Мисалы: *такала* этиши така+уруу, така+кагуу дегенди, *малала* этиши мала+тартуу, мала менен+тартуу дегенди, б. а. семантикалык түзүлүшү боюнча атооч менен этиштен турган составдуу маанини билдиришет.

Туунду этиштик маани уңгунун материалдык маанисине карата аныкталат, ошондон келип чыгат. Атоочтук уңгу этишке айланганда түпкү маанинин туунду сөздө чагылышы, сакталышы бирдей болбойт; бирде атоочтук маани менен этиштик маани бири бирине өтө жакындашып, экөө биригип кеткендей сезилет; атоочтук түшүнүк грамматикалык жагынан гана этишке айлангандай туюлат: *иш—ише, ой—ойло* ж. б.

Кайсы бир учурда уңгу сөздүн мааниси туунду этиштин семантикасынан кандайдыр бир бөлүнүп тургандай болуп көрүнөт: *балта-балтала, кылыч-кылычта* ж. б.

Кээде уңгулук маани этиштик маанинин составынан эч бир сезилбейт, жоюлуп кетет; *ташта* (<*таш—тыш*), *куйкала* (<*куйка*) ж. б.

-лан мүчөсү

Бул атоочтон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Тарыхый жагынан алганда, *-ла* жана өздүк мамиленин мүчөсүнүн (*-н*) айкалышынан түзүлгөн татаал морфема.

Кыргыз тилинде *-лан* мүчөсү аркылуу этиштер курал-жабдык, асбап, буюм маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалбайт десе да болот, анткени ушундай типтеги этиштер бирин-серин гана кезигет (*куралдан, көшөгөлөн*); орун, мезгил маанисиндеги атоочтордон жасалган этиштер да жок. Бул кырдаалдын өзү эле *-лан* мүчөлүү этиштердин грамматикалык жагынан активдүү эмес экендигине күбө болуп турат.

-лан мүчөлүү этиштер, негизинен, процесстин аты (*талантан, ниеттен, намыстан, ардан, каардан, кайгылан, азаптан, кубаттан* ж. б.), натыйжасы (*даамдан, булуттан, буулан, көбүктөн, каймактан*), белгиси (*суктан, ирден, кекечтен, өжөрлөн, маңыздан, шайырлан*), объект (*оокаттан, тамактан, азыктан*), форма, образ маанисиндеги атоочтук уңгулардан (*жагалдан, алчылан, чиелен, оптон, экилен, созолон, акчылан, күулан, укмуштан*) жасалган. Кыскасын айтканда, *-лан* мүчөлүү этиштердин түзүлүшүндө морфологиялык база катарында буюм, нерсе маанисиндеги конкреттүү зат атоочтор эмес, жогоруда көрсөтүлгөндөй, көбүнчө конкреттүү эмес маанидеги же жалпылама маанидеги атоочтор колдонулат. Булардын ичинен айрыкча процесс же белги маанисиндеги

атоочтук уңгулардан жасалышы басымдуулук кылат. *-ла, -лан* мүчөлүү этиштер грамматикалык маанилери боюнча бири бирине карама каршы: *-ла* мүчөсү аркылуу этиштер көбүнчө курал-жабдык, асбап-шайман, буюм, каражат сыяктуу конкреттүү маанидеги атоочтук уңгулардан жасалат; ушунун натыйжасында *-ла* формасындагы этиштер көбүнчө өтмө маанидеги активдүү этиштер болушат да, аракеттенүүчү жактан сырткары объект маанисиндеги башка нерсеге багытталат.

-лан формасындагы этиштер семантикалык мындай касиетке ээ эмес. Бул айтылгандар *-ла, -лан* формалуу этиштердин ортосундагы негизги айырмачылыктардын биринен болуп эсептелет.

Кыймыл-аракеттин түшүнүктүн ичти көздөй багытталышы, иштөөчүнүн өзүнө карата топтоштурулушу, *-лан* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин мүнөздүү жана жалпы мааниси болуп эсептелет.

Атоочтук уңгуларынын конкреттүү лексикалык маанилерине карата кыргыз тилиндеги *-лан* мүчөлүү этиштердин төмөнкүдөй семантикалык типтерин белгилөөгө болот:

1) Атоочтук уңгудагыдай абалга келтирилгендикти, ошондой абалга өткөндүктү билдирет. Мындай учурда *-лан* мүчөлүү этиштер процесстин аты же натыйжасы маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалат: *кайраттан (<кайрат), сыймыктан, санаалан (<санаа), кусалан (<куса), таңдан (<таң), ардан (<ар); дармандан (<дарман), кыялдан (<кыял), үмүттөн (<үмүт), азаптан (<азап)*;

2) Кандайдыр бир сапаттык өзгөрүшкө дуушар болгондукту билдирет. Мындай учурда *-лан* мүчөлүү этиштер белги маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалат: *суктан (<сук), шерден (<шер), шаттан (<шат), жашылдан (<жашыл), ирден (<ири), шайырлан (<шайыр)* ж. б.

3) Затка мүнөздүү нерсенин пайда болгондугун билдирет: *бутактан (<бутак), тамырдан (<тамыр), булуттан (<булут<бул)*, салыштыр: түрк. *буланмак*—киргилденүү, ылайлануу, күңүрттөнүү; бузулуу; бүркөлүү, түнөрүү (аба ырайы жөнүндө); *эттен (<эт), көбүктөн (көбүк<көп), көңүлдөн (<көңүл)* ж. б.

4) Атоочтук уңгу билдирген заттык түшүнүккө ээ болуу маанисинде: *малдан, үйлөн, өңдөн, куралдан, тамырлан, эттен, жашылдан.*

5) Бирөөгө же бирдемеге окшогондукту билдирет. Кыргыз тилинде *-лан* мүчөлүү этиштер ушул мааниде көбүнчө дене мүчөлөрүнүн аттарынан жасалат: *мурундан* (уй мурундан-

ган), *ооздон* (балык ооздонгон), *көздөн* (баланча көздөнгөн), *баштан* (бука баштанган).

Ушу көрсөтүлгөн маанилеринин ичинен биринчи үчөө *-лан* мүчөлүү этиштердин негизги жана өнүмдүү маанилери болуп эсептелет; кыймыл-аракеттик түшүнүктүн субъектинин өзүнө карата ишгелиши аталган формадагы этиштердин семантикалык маңызын түзөт (*пайдалан, өңдөн* ж. б.).

-лаш мүчөсү

Аталган мүчө атоочтон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Бул мүчө да морфологиялык түзүлүшү жагынан *-ла* жана *-ш* мүчөлөрүнүн айкалышынан турат; кийинкиси тарыхый жагынан кош мамиленин мүчөсү менен тектеш. Бирок, буга карап, азыр аны *-ла* аркылуу жасалган этиштердин кош мамилелик формасы деп эсептөөгө болбойт. Анткени морфологиялык түзүлүшү боюнча жогоркудай элементтерден турганы менен, азыркы мезгилде *-лаш* мүчөсү өз ич ара *-ла+ш* болуп бөлүнбөйт. Ошондуктан аны *-ла* мүчөсүнүн морфологиялык өнүгүшү катарында өзүнчө мүчө деп кароого туура келет.

Кыргыз тилинде *-лаш* мүчөлүү этиштер процесстин аты (акылаш, атаандаш, деңгээлдеш, мөөрөйлөш) жана белги (достош, тамырлаш, иреттеш, коңшулаш, начарлаш, каршылаш, шериктеш, учташ, ырайлаш, татуулаш), каражат (беттеш, көздөш, тилдеш, закондош, колдош) маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалган. Курал-жарак, буюм маанисиндеги атоочтор *-ла* мүчөлүү этиштердин жасалышы үчүн морфологиялык база боло алышпаган. Мейкиндик маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалган этиштер да чамалуу: *катарлаш, тушташ, жергиликтеш, отурукташ.* Демек, *-лаш* мүчөлүү этиштердин атоочтук уңгуларынын басымдуу көпчүлүгү, *-лан* аркылуу жасалган туунду этиштердеги сыяктуу, процесстин аты же анын белгиси маанисиндеги сөздөрдөн болот. Атоочтук уңгуларынын семантикалык типтери боюнча алганда *-лан* менен *-лаш* мүчөлүү этиштердин жалпылыгы бар; *-ла* мүчөлүү этиштерден булар курал-жабдык, буюм сыяктуу маанидеги атоочтук уңгулардан жасалбагандыгы менен айырмаланышат.

-лаш мүчөлүү этиштердин кайсы бирөөлөрү объект маанисиндеги атоочтук уңгулардан да жасалган. Бирок мындай этиштер да анча көп эмес: *моюндаш, коюндаш.*

Сөз түркүмдөрү боюнча алганда *-лаш* мүчөлүү этиштердин көпчүлүгү зат атооч менен сан атоочтон жасалган; сан атооч менен ат атооч этиштин жасалышы үчүн кыргыз тилинде көрүнүктүү орунду ээлей алган эмес; булардан жасалган

бирин-экин гана этиш бар: *бирдеш, өздөш* (өздөрү болуу; өздөшүү), *өздөштүр* (<*өз*—ат атооч).

-лаш мүчөсү аркылуу жасалган этиштер атоочтук уңгулардын конкреттүү семантикасына байланыштуу, негизинен, төмөнкүдөй маанилерди берет:

1) Кыймыл-аракеттик процесске өз ара катышкандыкты билдирет, *амандаш, аңгемелеш, жооптош, достош, кезүүлөш, моюндаш, каршылаш, арыздаш* ж. б.

2) Кыймылдык процесске жалпы биргелешип катышкандыкты билдирет. *-лаш* мүчөсү ушул маанисинде көбүнчө жаңы пайда болгон атоочтук уңгуларга жалганат: *артелдеш, коллективдеш, колхоздош, майдандаш, борбордош, бириктеш, биргелеш, боордош, жамаатташ* ж. б.

3) Атоочтук уңгу эмнени билгизсе, ошого айлангандыкты көрсөтөт. *-лаш* мүчөлүү этиштер ушу маанисинде да көбүнчө жаңы пайда болгон, жаңы мааниде колдонулган сөздөрдөн жасалат. Кыргыз тилинин лексикасы жаңы сөздөр менен толукталган сайын ушул типтеги этиштердин саны да көбөйүп бара жатат: *аскерлеш, электрлеш, маданиятташ, машиналаш, райондоштур, кыргыздаш, автоматташ* ж. б.

4) *-лаш* мүчөлүү этиштер ортосаардык (медиалдык) мааниде да колдонулат: *бутташ, өздөш, өздөштүр, орундаш, эриндеш, каталаш, таңдайлаш, элдеш, каралаш, чендеш, каттаташ, батташ* ж. б.

Кээде *-ла, -лан* мүчөлүү этиштердин семантикалык катар колдонулушу да учурайт: *үйлө//үйлөн, кедейле//кедейлен;* мунун биринчиси диалектилик өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет да, мааниси боюнча адабий тилдеги *үйлөн* этишине барабар.

-а//-е мүчөсү

Кыргыз тилинде *-а* мүчөсү аркылуу жасалган туунду этиштер, табыш тууранды жана элестүү сөздөрдөн жасалгандарын кошпогондо, анча көп эмес. Булардын айрымдары азыркы кыргыз тилинде морфологиялык жагынан составдык бөлүктөргө ажыратылса, кайсы бирөөлөрү уңгу менен мүчөгө бөлүнбөйт, сөздүн уңгусу баштапкы өз алдынчалыгын жоготкон. Демек, буга караганда *-а//-е* мүчөсү өнүмдүүлүк касиетинен эрте ажыраган. Тектеш башка тилдерде *-а* менен жасалган кээ бир этиштердин ордуна кыргыз тилинде *-ла* мүчөсүнүн колдонулушу да *-а* мүчөсүнүн өнүмдүүлүгүнүн начарлашына таасирин тийгизген.

Түрк тилдеринин азыркы этабында да бул мүчө жаңы сөз жасоо жагынан активдүү роль ойнобойт; сөз жасоочу касиетин жоготуп бара жаткан мүчөлөрдөн болуп эсептелет. Тектеш башка тилдерде *-а* мүчөсү аркылуу жасалган этиштерге кыргыз тилинде *-ла,* кээде *-ы//-и* же *-ай, -ар* мүчөлөрү туура келет. *-а* мүчөсүнүн лексика-грамматикалык фукциясы *-ла* ж. б. мүчөлөргө оогандан кийин, ал өнүмсүз мүчөлөрдүн системасына өткөн: як. *халыҥаа*—кыр. *калыңда;* түркм. *баямак,* кыр. *байы;* алт., шор, *туза,* тув. *дуза,* кыр. *тузда* ж. б.

-а менен *-ла* мүчөсүнүн туура келиши түрк тилдеринин эски жазма эстеликтеринде да учурайт. Ол эт *тузады*—Ал эт *туздады* (М. К. III, 280), Ал жыгачты *баштады* (кести) (282).

-а мүчөсү аркылуу жогоркудай жасалуу кыргыз тилинде калдык катарында бирди-жарым гана сөздө сакталган: *тише* (<*тиш*).

Байыркы убакта *-а* өнүмдүү мүчөлөрдүн бири болгон. Бирок өнүгүү процессинде *-а* мүчөсү баштагы бул касиетинен ажыраган; *-ла* мүчөсүнүн сөз жасоодогу активдүүлүгүнө байланыштуу *-а* мүчөсүнүн грамматикалык функциясы *-ла* морфемасына өткөн.

-а формасындагы этиштердин пассивдүүлүгү атоочтук уңгуларга байланыштуу. Бул типтеги этиштер курал-жарак, буюм, асбап, материал маанисиндеги атоочтук уңгулардан дээрлик жасалбайт. Ушу себептен *-а* мүчөсү аркылуу жасалган этиштер мааниси боюнча активдүү боло алышкан эмес, салыштыр: *түзө-түздө, кана-канда, жоло-жолдо* ж. б.

-а мүчөсү айкашкан этиштерди атоочтук уңгуларынын маанилерине карата төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө болот:

1) уңгулары процесс маанисиндеги этиштер: *ойно* (<*оюн*), *кыйна* (<*кыйын*), *жута* (<*жут*), *деме* (<*дем*), *ата* (<*ат*) ж. б.

2) Уңгулары белги маанисиндеги этиштер: *түзө* (<*түз*), *бошо* (<*бош*), *теңе* (<*тең*), *бүтө* (<*бүт*) ж. б.

3) Уңгулары нерсе маанисиндеги этиштер; *тише* (<*тиш*), *тиле* (<*тил*), *чене* (<*чен*), *кама* (<түрк. *капа*—жабуу мааниси, уңгусу *(кап*), *ото* (<*от;* жери *от* экен) ж. б.

4) Уңгулары орун, форма, убакыт маанисиндеги этиштер: *орно* (<*орун*), *жоло* (<*жол*); *мууна* (<*муун*), *көзө* (<*көз*), *учура* (<*учур*) ж. б.

Адатта сөздүн түпкү уңгусу, эреже катарында, туунду этиштер үчүн семантикалык база катарында кызмат кылат. Туунду этиштин мааниси уңгу менен ага жалганган мүчөнүн өз ара катышынан түзүлөт. Көпчүлүк убакта туунду этиш менен уңгунун ортосундагы семантикалык байланыш сакталат. Мындай учурда *-а* мүчөсү аркылуу этиштер нерселик маанидеги атоочтук уңгулардан жасалат да, семантикалык түзүлүшү боюнча эки составдуу болушат, б. а. этиштик бир

эле түшүнүктүн ичинен заттык жана кыймыл-аракеттик маани орун алган болот: *кана:* кан+чыгаруу; *тише*: тиш+чыгаруу; *ото:* чөбүн жоготуу ж. б.

-а формасындагы туунду этиштер менен атоочтук уңгу мааниси боюнча бири-бирине жакын болсо, этиш атоочтук түшүнүктүн грамматикалык жагынан эле этишке айланган түрү болуп калат: *түз-түзө, бош-бошо, оюн-ойно, кыйын-кыйна, тең-теңе, чың-чыңа* ж. б.

Кыргыз тилинде *-а* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин төмөнкүдөй негизги маанилерин белгилөөгө болот:

1) Уңгудагы заттык түшүнүктү кыймыл-аракетке катыштыруу; *-а* мүчөсү менен жасалган этиштерде көбүнчө ушу маани басымдуулук кылат; *сына, күчө, өөнө (<өөн), сана (<сан<са:* Эр койуг сады—Адам койду санады (М. К, III, 265); салыштыр: Ол койын *санады*—Ал коюн санады (М. К, III, 290).

2) Уңгудагы түшүнүк кыймыл-аракетке карата курал же объект экендигин көрсөтөт же ошолор аркылуу болору туюндурулат: *чене (<чен), кына (<кын), тиле (<тил), ата (<ат), ото (<от—чөп), мууна (<муун бог+ын)*; б. түрк. *богмак*—муундуруу, *жумша (<жумуш).*

3) Сөздүн уңгусу аркылуу берилген белгилик касиетке өтүүнү билдирет: *коро, бошо, чыңа, түзө, теңе* ж. б.

4) Уңгу сөздөгү абалга келгендикти, же ага өткөндүктү билдирет: *тише* (ат *тишеди*—аттын тиши түштү деген маанide), *кана* ж. б.

5) Уңгу билдирген мейкиндик, мезгилдик мааниден этишти жасайт: *түнө, орно* ж. б.

-а мүчөсү этишти аягы *-ыр* формасы менен бүткөн табыш тууранды жана элестүү сөздөрдөн да жасайт:

шатыра<шатыр, бирок кыргыз тилинде мунун түпкү уңгулук бөлүгү өз алдынча колдонулбайт;

чатыр<чат, мунун уңгусу да кыргыз тилинде өз алдынчалыгын жоготкон. Бирок байыркы эстеликтердин тилинде өз алдынча кездешет: б. түрк. *чат* — бир нерсе түшкөндө чыга турган табышты билдирүү үчүн колдонулат: *чат-чат урды* (М. К. 1, 310);

кыр. *шыңгыра<шыңгыр<шыңк<шың;* бул сөз хакас тилинде өз алдынча колдонулат: хак. *сыңра*—шыңгыра; *сыңсаң*—шыңгыраган үн;

шалдыра<шалдыр<шал; б. түрк. ок киште *чалдады*—ок саадакта шалдырады (М. К. III, 296). Демек, азыркы кыргыз тилиндеги *шалдыра* деген табыш тууранды этиштин түпкү уңгусу *шал*, жана ал башта өз алдынча колдонулган;

-а мүчөсү аркылуу жасалган этиштерге *маара, мөөрө* деген этиштер да кирет: кыр., алт. *маара;* каз., к. кал. *маңыра*—маара, каз. *меңире*—мөөрөө; як. *маңыра, магыра*—мөөрө (уй жөнүндө); *меңире*—мөөрөө. Келтирилген мисалдарга караганда, кыргыз тилиндеги *маара* <ман+ыр+а, мөөрө< <мен+ыр+а элементтеринен тургандыгы ачык байкалат.

-а мүчөсү аркылуу элестүү этиштер да жасалат. Этиш мында да түпкү уңгудан эмес, табыш тууранды сөздөрдөгү сыяктуу, *-ыр* элементи жалганган негизден жасалат жана бул окшоштук этиштин ушул эки тобу үчүн кандайдыр бир жалпы болуп эсептелет:

жалтыр<жалт<жал; б. түрк. *йал*—жалындоо, күйүү, жаркыроо; алт. *йалы*—жаркыроо, жарык кылуу; Бул сөздөр менен кыргыз тилиндеги *жалтыр (жалтыр муз), жалын* (оттун жалыны), *жалбырт* дегендер да тектеш, уңгусу—*жал;*

жаркыра<жаркыр<жарк<жары; б. түрк. *йары* (кырг. диалек. *жары*)—жалтылда, жарык болуу; жарык кылуу; тан *йарыды*—тан атты; тув. *чыры*—жарык кылуу, жарык болуу ж. б.

мөлтүр<мөлтүр<мөлт<мөл, (мөл—мөл). Кыргыз тилинде бул уңгудан жасалган *мөлтүрө, мөлтүр (мөлтүр* булак), *мөлтүрө* деген сөздөр бар; мындан тышкаары уңгунун өзү да колдонулганы учурайт, мааниси жагынан *мөлт-мөлт* менен бирдей: көзүнүн жашы *мөл-мөл* болуп кетти *(мөлтүлдөдү).* *Мөл* уңгусу якут тилинде да бар, бирок өзүнчө сөз катарында сейрек колдонулат, негизинен сенек уңгу болуп эсептелет, *мөл-мөл* түстө—чоң-чоң тамчы болуп түштү (жаан, таш жөнүндө).

<жылтыра<жылтыр<жылт<жыл; салыштыр; б. уйг. *йула*—чырак; монг. *зул*—лампа, шам; чув. *жун*—күйүү; *жуткүйгүзүү*, жандыруу; жылдыз да ушуларга тектеш, бирок чуваш тилинде жылдыз—*жалтыр* түрүндө айтылат.

Элестүү сөздөрдүн жана *-а* мүчөсү аркылуу жасалган элестүү этиштердин кээ бирөө табыш тууранды сөздөрдөн чыккан. Бирок структуралык элементтердин жана мүчөлөрдүн жалганышына байланыштуу өнүгүү процессинде экөөнүн ортосундагы баштапкы семантикалык байланыш жоюлуп кеткен. Бул экөөнүн ортосундагы баштагы тектештик алардын мааниларинин жакындыгы жана тыбыштык составынын окшоштугунан байкалат: *былбыра<былбыр (былбыр-былбыр этет)<былп<*был;* бул уңгу менен *былк—былкылда, былч—былчылда, былчы—былчый, былжы—былжыра, былк* дегендер тектеш; *балбыра<балбыр (балбыр-балбыр этет)< <балп<бал;* бул уңгу сөз *балп, балпай, балкай, балчай,*

балкы, балкый, балпылда, балкылда, балтай, балчык, быльжыра деген туунду формаларга негиз катары келген.

Азыркы кыргыз тилинде уңгу катарында кабыл алынып морфемаларга бөлүнбөй жүргөн эки муундуу табыш тууранды, элестүү сөздөрдүн кээ бирөөлөрү тарыхый жагынан составдык бөлүктөргө ажыраган. Тыбыштык түзүлүшү боюнча алар башта жабык муундуу сөз болгон. Мындай типтеги этиштерге *шатыра<шат, чатыра<чат, калдыра<*кал* ж. б. жатат.

Кыймыл-аракеттин же кубулуштун тездигин билдирүүчү элестүү этиштердин (демек, элестүү сөздөрдүн да) кээ бирөөлөрү маани берүүчү эле кадимки сөздөрдөн чыккан. Мисалы, *жалтыра (<жал), жаркыра (<жары)* ж. б.; салыштыр; *эпилде (<эп)*, б. түркчө, *эб*—шаш; эр *эӈди* — адам шашты.

Элестүү этиштердин (демек, алардын уңгулары да) кээ бирөө табыш тууранды сөздөр менен тектеш болушкан.

-ар//-ер мүчөсү

Бул мүчөнүн жардамы аркылуу атоочтордон этиш жасалат, *-ар//-ер* мүчөсү жалганган атоочтор тыбыштык составы жагынан бир же эки муундан турат. Байыркы жазма эстеликтердеги бир муундуу сөздөрдүн кээ бирөөлөрү азыркы тилдерде эки муундан турган түрүндө жеткен. Демек, *-ар//-ер* мүчөлүү этиштердин ичинде морфологиялык түзүлүшү боюнча составдык бөлүктөргө ажырабай турган уңгулар (ак, көк, кара, боз, нык ж. б.) да бар. Ушу айтылгандар *-ар//-ер* формасындагы этиштердин бир канча эскилигин көрсөтөт. Бул типтеги этиштердин байыркылыгы *-ар//-ер* мүчөсү түрк элинин мурдагы эстеликтеринин тилинде бардыгы менен да ырастала алат: Аның көзи *аларды*—Анын көзү алайды, бозорду, бакырайды. Йер *түзерди*—Жер түз болду, тегиз кылынды. Өд *күзөрди*—Убакыт күзгө айлана баштады.

-ар//-ер мүчөсүнүн баштапкы толук формасы катарында *-гар//-кер* мүчөсү эсептелет. Азыркы кездеги *-ар//-ер* аркылуу жасалган этиштер эстеликтерде мурда *-гар* жана *-ар* формаларында колдонулган: *күзерди//күзгөрди* (М. К, II, 229)—күз болду; *тазарды//тазгарды* (М. К, II, 206)—тас болду, тас боло баштады; *ташгурды//ташурды* (М. К, III, 82) — ташый жаздады, ташытып жиберди); азыркы тилдерден: кыр. *откор*, түрк. *отармак;* кыр. *сарыгар,* түрк. *сарармак;* кыр. *көмөр//көмкөр, чөмөр//чөмкөр:* түрк. *сувар*, кырг. *сугар* (М. К, II, 218: *сувгар*) ж. б. Келтирилген бул материалдардан *-ар//-ер* мүчөсү *-гар//-гер* формасынын кыскарышынан чыккандыгы ачык көрүнүп турат.

Кыргыз тилинде *-ар//ер* формасында аяктаган этиштердин көпчүлүгү белги маанисиндеги атоочтордон жасалган. Мындай типтеги этиштер кандайдыр бир абалга келтирилгендикти, уңгу сөздүн маанисиндеги белгиге өткөндүктү билдирет. Башкача айтканда, уңгу билдирген белгинин грамматикалык жагынан этишке айлангандыгы көрсөтүлөт. Мындай учурда атоочтук маани менен этиштик маани бири бирине өтө жакын болушат; атоочтук негиз белгини же белгилик процессти билдирсе, этиш ушулардын эле этиштик мааниге өткөнүн көрсөтөт.

Аталган мүчө аркылуу этиш белги же белгилик процесс маанисиндеги төмөнкүдөй атоочтук негиздерден жасалат:

кыр. *жоонор=жооной (<жоон<жоган<жог)*, салыштыр түрк. *йог*—коюу, москоол, жоон; *йогмак*—коюлануу, тоңуу, калың, жыш тартуу;

кыр. *өңөр (<оң);* түрк. *өң*—нерсенин алдыңкы бети; б. түрк. *өң*—алды; ол менден *әӈдүн* барды—ал менин алдымдан барды (М. К, I, 76);

кыр. *көөнөр,* каз. көнөр (<көөнө); түркм. *көөнө*—эзелки, эски, эскирген;

кыр. *кыскар (<кыска<кыс);* салыштыр: б. түрк. ол узун неӈни *кысырды*—Ал узун нерсени кыскартты (М. К, II, 82); ж. б.

Кыргыз тилинде *-ар//-ер* мүчөсү аркылуу процесстин аты маанисиндеги атоочтордон да этиш жасалат:

кыр. *кайгыр,* б. түрк. *кадгур (<кайгы<кадгу<кайу)// каду;* салыштыр: *кадур*—кайгыруу, өтүнүү; *кадун-кадур* (кош сөз); *кадун*—кайгыруу, өкүнүү (ПДТП, 409);

түнөр (<түн), салыштыр: монг. *түне*—кандайдыр бир кара, күйгөн нерсе ж. б.

-ар//-ер формасынын сөз жасоо жөндөмдүүлүгү анчалык өңүгүп кете алган эмес; ордуна башка мүчөлөрдүн, баарыдан мурда *-ла* морфемасынын, колдонулушуна байланыштуу (салыштыр: *жаңыр—жаңыла; жакшыр—жакшыла), анын* сөз жасоо касиети барган сайын кемий берген; *-ар* менен *-ла* мүчөлөрүнүн функциялык жагынан алмашышы биринчисинин пассивдешип кетишинин негизги себептеринен болгон; ушул абал *-ар* мүчөсүнүн сөз жасоо жөндөмдүүлүгүн токтотууга чейин алып келген.

-сал//-се

Кыргыз тилинде *-са* менен аяктаган этиштер сан жагынан анча көп эмес, ал өңүмсүз мүчөлөрдүн составына кирет. *-сал//-се* мүчөсү менен жасалган этиштердин көпчүлүгү азыркы мезгилде морфологиялык элементтерге бөлүнбөйт, мүчө уңгу сөздүн составдык бөлүгүнө айланып кеткен. Бул фак-

тылар кыргыз тилинде *-са* мүчөсү сөз жасоо жөндөмдүүлүгүнөн эрте ажырагандыгын көрсөтөт.

Кээ бир түрк тилдеринде *-са, -сы* мүчөлөрү аркылуу жасалган сөздөр мааниси жагынан бирдей; экөө бир эле мүчөнүн фонетикалык варианты катарында колдонулат (мисалы, түркчө: *чоксамак//чоксымак*—көп, артык деп эсептөө; *азсамак//азсымак*—жетишсиз, аз деп эсептөө) жана булар тыбыштык түзүлүшү боюнча да окшош. Мындай формалдык жана семантикалык жакындыктары боюнча кээ бир тилдерге *-са, -сы* мүчөлөрү бир эле мүчөнүн фонетикалык түрү катарында каралат.

Көпчүлүк түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тилинде, *-са//-сы* аркылуу жасалган сөздөр маанилери боюнча бирдей эмес жана чыгышы боюнча да өз ара айырмаланат, экөө эки башка булактан чыккан.

Этиштик жана атоочтук уңгуга жалганып, каалоону билдирүүчү *-са* мүчөсү *сама* этишинин биринчи бөлүгү (са) менен тектеш; *-са* мүчөсүнүн этиштен чыккандагы мааниси менен да ырастала алат: б. түрк. *балыксады*—балык самады, балыксырады (М. К, III, 347), *этседи* — эт самады, этсиреди (М. К, I, 277).

Окшоштукту билдирүүчү *-сы* мүчөсү башка сөздөн чыккан (кара: *-сы, -сын* мүчөлөрүн).

Байыркы жазма эстеликтерде *-са* мүчөсү этишке да, атоочторго да жалганган. Мүчөнүн мындай эки жактуу пайдаланылышы анын байыркылыгын көрсөтөт; негизги мааниси болгон:

1. *-са* мүчөсүнүн этишке жалганышы: Ол ок *атсады* — Ал ок атууну каалады. Эр кабуг *ачсады*—Адам эшикти ачууну каалады. Ол сув *ичседи*—Ал суу ичүүнү каалады (М. К.) ж. б.

2. *-са* мүчөсүнүн атоочко жалганышы: Эр *эвседи*—Адам үйүн эңседи (М. К. 16273—275). Эр *сувсады*—Адам сууну эңседи, суусады (III, 299) ж. б.

-са мүчөсү азыркы түрк тилдеринде да колдонулат, бирок анын каалоолук мааниде колдонулушу бардык тилдерде бирдей эмес.

Кыргыз тилинин материалы боюнча каалоо маанисиндеги этиштерден төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот; алар азыр, негизинен, составдык элементтерге ажырабайт; атоочтук уңгудан жасалгандары: *сууса, өксө, эңсе, аңса* ж. б. Кыргыз жана башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө *-са* мүчөсүнүн жогоркудай каалоолук мааниси атоочтук этиштерде калдык катарында гана сакталган. Бул жагынан алганда,, башка түрк тилдеринен тува тили башкача абалда турат; аларда *-са* мүчө-

сү каалоо маанисинде көбүрөөк колдонулат: *херексе* (<*херек*)—керексинүү, *бижиксе* (<*бижик*—жазуу)—жазууну каалоо, *сукса*—сууса; *барыкса* (баргысы келет), *келиксе* (келгиси келет), *көрүксе*—көргүсү келет ж. б.

Кыргыз тилинде *-са* мүчөлүү этиштер ургаалдуулук, кайталангандык маанисинде да колдонулат. Мындай учурда алар, негизинен. этиштик уңгулардан жасалат:

жаңса (<*жаң*—жаңдоо); салыштыр алт. *йаң, йаңы* — жаңсоо, кол шилтөө, жаңда;

кайса (<**кай*+*са*), салыштыр: каз. *кай*—кесе чабуу; жок кылуу (Рсл. II, I, 3); *мойсо, ийсе* (<ий): кол *ийсе*—туталанып кол шилтөө, сал. *ийке; тепсе* (<теп).

Азыркы кыргыз тилинде *-са* мүчөлүү этиштердин каалоо маанисинде колдонулушу:

Жаңы-жаңы тоолорду *тапсам.* Ал тоолордун арасында адам баласынын турмушуна керектүү кендер *болсо.* Калың токойдон өтүп, атымды муздай салкын, тунук сууга *сугарсам.* Анан мен минген атка канат *жаралса.* Сонун жомокторду айтып берген чоң энем ошол жаңы тоону көргөндө, дагы кызык-кызык жомокторду *айтып берсе, эх!* (Т. Сыдыкбеков).

Байыркы жазма эстеликтерде *-са* мүчөсү *-ыг* формасындагы кыймыл атоочторго да жалганып, бир нерсени каалагандыкты билдирген: Эр *ачыгсады*—Адам ачуу нерсени каалады. Ол эвге *барыгсады*—Ал үйгө барууну каалады (М. К) ж. б.

Түрк тилдеринин эски жазма эстеликтериндеги тил фактыларын азыркы мезгил менен салыштырганда *-са* мүчөсү боюнча төмөнкүдөй өзгөрүштөрдүн болгондугу байкалат.

-са мүчөсүнүн атоочко жана этишке жалгануучу баштагы жөндөмдүүлүгү тарыган. Азыркы кыргыз тилинде *-са* мүчөсүнүн атоочко жалганып, каалоону билдириши калдык катарында бирин-серин сөздөрдө гана сакталган (*сууса*<*суу*). *-са* мүчөсүнүн атоочтон этиш жасоочу баштагы жөндөмдүүлүгү да кыргыз тилинде капкачан эле жоголгон. Азыр андай этиштердин мааниси, негизинен, лексикалык жагынан гана аныкталат.

Байыркы түрк жазма эстеликтеринде *-са* мүчөсүнүн жалгануу сферасы кеңири болгону менен, сөз жасоо жөндөмдүүлүгү күчсүз болгон, ошондуктан сөз жасоочу каражат катарында өнүгө албаган. Азыркы тилдерде *-са* мүчөлүү атоочтук этиштердин аз сандуулугу да тарыхый ушул абал менен түшүндүрүлөт.

Байыркы тилдерде каалоолук маани *-сак//-сек* (*-ыгсак* мүчөсүнүн кыскарган түрү) аркылуу берилген; кийинкиси адамдын сапатын, мүнөзүн көрсөткөн: Ол эр ол *таварсак*—Ал малды каалоочу, малды жакшы көргөн адам. Ол эwге *барыгсак ол*—Ал үйгө баргысы келди (М. К). Бирок мүчөнүн өзү да жана ал билгизген каалоолук маани да андан ары

өнүгө алган эмес. Байыркы -сак//-сек мүчөсү кыргыз тилинде атооч маанисиндеги бирин-серин сөздөрдө гана сакталган. Азыр алар сөз жасоочу мүчө катарында кабыл алынат жана атоочко жалганганда азыр да болсо баштагы каалоолук же бир нерсеге шыктуулук мааниси бир аз сезилип турат. Мисалы: *жемсек, малсак, баласак, үйүрсөк* ж. б.

-сак//-сек формасы алтай тилинде өнүмдүү мүчөлөрдүн бири, бир нерсеге шыктуулукту, ошондой сапатка жакын экендикти, ошону жакшы көргөндүктү билгизет: алт. *уйкузак*—уйкучул, *суусак*—суусоочу, *аңзак*—аңчыл, *сыйзак*—сыйчыл, *чайзак*—чайчыл, *карындашсак*—тууганчыл ж. б. Кыргыз (жана башка түрк тилдериндеги) тилиндеги сын атоочторду уюштуруучу *-сак//-сек* мүчөсү да тарыхый жагынан байыркы тилдерде каалоону билдирүүчү *-ыгсак (барыгсак, келигсек), -сак* мүчөлөрү менен тикеден тике байланышы бар.

-сы//-си, -сын//-син мүчөсү

Аталган мүчө *(-сы* мүчөсү) сыяк (сыягы), сыяктуу, сымал (киши сымал), сымак (киши сымак) деген сөздөрдүн түпкү уңгусу *(сы)* менен тектеш, ушу сөздөн чыккан: *сымез*—сыяктуу эмес (бул сөз В. В. Радловдун түрк тилинен жазып алган текстеринен кезигет). Алгачкы *сы* сөзүнүн туунду формалары да эстеликтерде *сыг* түрүндө сакталган (кыр. *сыйаксыягы, сыяктуу* дегендер ушу *сыг* уңгусунан жасалган); б. түрк. *кулсыг эр* — кул сыяктуу, кулга окшогон адам (М. К. I, 432); уйг. *темирсыг*—темир сыяктуу; (*г*>*й*, салыштыр б. түрк. *тег*—кыр. *тий*, *иг*—кыр. *ий*).

Окшоштук маанисиндеги *-сыг* мүчөсү этишти жасоочу *-сы* жана сын атоочту жасоочу *-г* морфемаларынан турарын тува тилинин материалдарынан да көрүүгө болот; сын атоочтун бул формасы азыркы тилдерден тува тилинде сакталган: *аңзы*—жапайылан, *аңзыг*—жапайы тарткан айбан, *дарызыг*—дары жыттанган, *демирзиг*—темирдей; салыштыр, түркчө: *эркекси*—эркек сыяктуу, *адамсы*—адам сыяктуу.

-сы//-си мүчөсү—этишти жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. Мунун жардамы менен этиш азыркы кыргыз тилинде атоочтон жана этиштин атоочтук формаларынан жасалат.

Азыркы кыргыз тилинде -сы мүчөсү төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Өзүн уңгу сөздүн билдирген маанисиндей деп эсептөө: *баатырсы, чеченси, өзүмсү, төркүнсү, менменси, адамсы, эрдемси* (<эрдем); б. түркчө *эрдем*—эрдик, баатырдык (ПДТП, 365); ж. б.

2. Бир нерсени каалагандыкты, самагандыкты билдирет; *-сы* мүчөсүнүн бул мааниси кыргыз тилинде анча өнүмдүү эмес; бул мааниси боюнча *-са (сууса, эңсе)* мүчөсү менен жакындыгы бар: *жерси, өгөйсү* ж. б.

3. Өзүн сөздүн уңгусу билдирген маанидегидей кылып көрсөтүү, ошондой ишти иштегендей болуп көрүнүү, же ошол абалдагы башка бирөөнү тууражандыкты билдирет, бул мааниси *-ган* формасына жалганганда ачык билинет: *келгенси, көргөнсү, уктагансы; анткорсу, эркекси, коноксу* ж. б.

-сы мүчөсүнүн *-ган* формасына жалгангандагы бул мааниси айрым учурда *-мыш* мүчөсүнүн маанисине (кыймыл-аракеттин жетишсиз иштелгендигин билдирүүчү) жакын; салыштыр: *уктагансы=уктамыш бол; чайнагансы=чайнамыш бол; жегенсидик=жемиш болдук* ж. б.

4. Атоочтуктун *-ган* формасы менен айкашканда *-сы* мүчөсү болжолдоону да билгизет. Мындай учурда *-сы* мүчөсү айкын өткөн чактын *-ды* формасы менен бирге колдонулуп, 3-жакта айтылат: Ашым *келгенсиди*=Ашым келгендей болду. Алым *айткансыды*=Алым айткандай болду.

5. Сандык жана мейкиндик маанисиндеги кээ бир сөздөргө жалганганда купулуна, көңүлүнө толбогондукту, уңгу сөздүн маанисиндегидей деп эсептегендикти билдирет: *жаргаксы, арзансы, кымбатсы* ж. б.

-сы мүчөсү *-ымсы* формасынын составында да колдонулат; бул мүчө этиштик атоочторду уюштуруучу *-ым* жана этишти жасоочу *-сы* мүчөлөрүнөн турат. Кыргыз тилинде *-ымсы* мүчөсү аз сандуу гана сөздөрдө учурайт; *-сы* мүчөсүнө мүнөздүү болгон мааниси (окшоштук) *-ымсы* формасынан сезилбейт, *-ымсы* атоочтон этиш жасоочу өзүнчө мүчө: *кишимси, талымсы* ж. б.

-сын мүчөсү — атоочтон этиш жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири; составы жагынан жогоруда айтылган *-сы* морфемасы менен өздүк мамиленин мүчөсүнөн *(-н)* турат. Кыргыз тилиндеги кээ бир этиштер *-сы* мүчөсү аркылуу айтылса, кээ бирөөлөрү *-сын* формасында гана колдонулат: *байсын, азсын, көпсүн* ж. б. (байсы, азсы, көпсү түрүндө айтылбайт). Кээ бирөөлөрү: *чеченси—чеченсин, жүрөксү—жүрөксүн, баатырсы—баатырсын* түрүндө *-н* мүчөсүн кабыл алып да, кабыл албай да колдонула берет. Кайсы бир атоочтордон этиш *-сын* мүчөсү аркылуу гана жасалышы, тарыхый жагынан булар туунду морфема болсо да, азыркы мезгилде бирдиктүү форманга айлангандыгын көрсөтөт. Ошондуктан *-сын* мүчөсү, *-сы* морфемасынан айырмаланып, өз алдынча мүчө катарында каралат.

-сын мүчөсү төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

1) окшошуу, тууроо мааниси: *мыктысын, өйдөсүн, адалсын, мартсын* ж. б.

2) унгу сөздөгү маанидей деп эсептөө, баалоо: *оорсун, азсын, көпсүн, улуксун, улуусун, кишисин, тыңдуусун, арыксын* ж. б.

3) сөз жасоочу кадыресе мүчөлөр катарында да колдонулат. Мындай учурда жогоркудай маанилер сезилбейт: *ооруксун, кызыксын, алымсын, саксын* ж. б.

Кыргыз тилинде *-сын* мүчөсү аркылуу жасалган этиштер мамиле формаларын кабыл ала беришет: *баласынт*. Мамиле формалары *-сы* аркылуу жасалган этиштерге да жалганат: *кемсинт* ж. б.

-ша//-шы мүчөсү

Түрк тилдеринде *-ша//-шы* мүчөсү этишти жасоочу морфемалардын бири болуп эсептелет. Бирок бул мүчөнүн өнүмдүүлүгү түрк тилдеринде бирдей эмес: кээ бир тилдерден *-ша//-шы* мүчөсүн саналуу гана этиштердин составынан кезиктирүүгө болот: башка тилдерге салыштырганда кыргыз тилинде бул мүчө аркылуу жасалган этиштер сан жагынан басымдуулук кылат. *-ша//-шы* формасындагы этиштердин көпчүлүгүнүн унгусу баштапкы өз алдынчалыгын жоготкон, составдык бөлүктөргө ажырай тургандары чамалуу (*ымшы, шаңшы* ж. б.). Анын үстүнө *-ша//-шы* мүчөсү жалганган унгулардын басымдуу көпчүлүгү бир муундуу сөздөр. Бул фактыларга караганда, *-ша//-шыны* сөз жасоочу байыркы мүчөлөрдөн деп кароого туура келет.

Тилдин өнүгүшүнө байланыштуу *-ша//-шы* мүчөсү сан жана сапат жагынан өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу байкалат: бир жагынан анын колдонулуу чөйрөсү кеңисе, экинчи жагынан, тарыган, б. а. бул формадагы этиштердин кээ бирөөлөрү акырындык менен туундудан тубасалыкка өткөн. Азыр алардын баштапкы абалын тектеш тилдердин материалдары менен салыштыруу аркылуу гана аныктоого болот. *-ша//-шы* формасындагы этиштердин сан жагынан толукталышын баарыдан мурда эки муундуу унгуга уланышынан жана араб тилинен кирген *шек* деген зат атоочко жалганышынан көрүүгө болот: *толукшу* (*<толук<тол*), *болукшу* (*<болук<бол*); салыштыр: түрк. *бол*—мол, толтура; салыштыр: кыр. (*бол—чой; шекши* (*<шек*) ж. б. Мындагы биринчи эки сөздүн муундук түзүлүшүнүн өзү эле (эки муундуулу-

-ша//-шы формасындагы этиштердин (болукшу, толукшу) кийинки мезгилде, жаңы жасалгандыгын көрсөтөт.

Тарыхый эстеликтерге караганда, *-ша//-шы* мүчөсү эрте кезде бир топ өнүмдүү болгон. Андагы этиштердин кээ бирөөлөрү азыр да бар; айрымдары кандайдыр бир себептер менен колдонулуудан чыгып калган, башка этиштер менен алмашылган.

Кыргыз тилинде *-ша//-шы* мүчөсү аркылуу этиш атоочтук, этиштик унгулардан жана табыш тууранды сөздөрдөн жасалат. Муну төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот:

кыр. *жумша,* алт. *йымжа,* тув. *чымча;* бул сөздөрдүн түпкү унгусу—*-жум//-йым//-чым;* салыштыр: б. түркчө Катгы йагы *йувылсун*—катуу жоо жумшасын (М. К. I, 413);

кыр. *ушала,* алт. *ужа* (РСЛ. 1, 2, 1591; Вер, 396); татар. *у*—жууру, ушалоо (Ибн. Мух.233). Аталган сөздөрдүн унгусу ушу жалгыз үндүүдөн турган сөз болгон.

кырг., алт. *кепше, кипсен,* мон. *хивэх* (кепшөө). Мындагы сөздөрдүн бардыгы үчүн жалпы унгу катарында *гев* бөлүнүп турат. Ушуга карап, *кепше* этиши качандыр бир убактагы *гев//кеп* унгусунан жасалган деп ойлоого болот;

кыр. *тыңша* этишине башка түрк тилдеринде алт. *тыңда,* тат. *тыңла;* хак. *тыңна,* уйг. *тиңшимак* туура келет. Бул материалдарга караганда, азыркы түрк тилдеринин ичинен бул этиштин *-ша* формасы жалгыз кыргыз менен азыркы уйгур тилинде бар. Бул факт аталган эки тилдин ортосундагы качандыр бир убактагы карым-катнаш жөнүндө кабар берет. Кыргыз (башка тилдерде да) тилинде жогоруда көрсөтүлгөн этиштер менен тектеш болгон *тынчы* деген да сөз бар. Булардын (*тың-ша, тың-да, тынчы*) унгусу *тың* экендиги жалганган мүчөлөрүнүн ар түрдүүлүгүнөн эле көрүнүп турат.

Кыргыз тилинде *-ша* мүчөсүнүн *-шы* түрүндөгү кууш варианты да бар: *болукшу* (*<бол-;* салыштыр: *бол—чой); толукшу* (*<тол*), *талыкшы* (*<талы*); *шаңшы* (*<шаң*); какшы, таңшы, ымшы (*<ым*), шимши, ыкшы.

-шы мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин кээ бирөөлөрүнүн унгулары азыркы кыргыз тилинде составдык бөлүктөргө ажырабайт. Алардын унгусунун маанилүүлүгүн тектеш тилдердин материалдарына салыштыруу аркылуу билүүгө болот: кыр. *окшу* (*<ок*), салыштыр, алт. *окы*—кекирүү, кусуу; *окыт*—кускусун келтирүү (Рсл. 1, часть 2, 994); эски өзб. *ока* — кекирүү; *окла*—көңүл айлануу (Рсл. 1, ч. 2, 993). Алтай жана өзбек тилдеринен келтирилген материалдардын негизинде кыргызча *окшу<окы+шы* морфемаларынан тургандыгын жеңил эле билүүгө болот;

кыр. *кыңшы*, алт. *кыңзы*, хак. *хыңзы* этиштери табыш тууранды сөздөн (*кың*) жасалган. Кыргыз тилинде бул этиш фольклордук чыгармалардан учурайт. Адабий тилде көбүнчө мунун туунду формасы *кыңшыла* колдонулат.

-ша мүчөсү аркылуу жасалган этиштер грамматикалык мааниси жагынан өтмө жана өтпөс болушат; булардын ичинен өтпөс этиштери басымдуулук кылат.

-ша формасындагы этиштердин уңгусу—көбүнчө атоочтук маанидеги сөздөр. Азыраагы гана этиштик уңгудан жана табыш тууранды сөздөрдөн жасалган. Этиштик уңгудан жасалгандарынан кайталангандык мааниси ачык сезилип турат: *кепше, уша (ла), копшу, копшо.*

-ша мүчөсү аркылуу атоочтон жасалган этиштер уңгу сөздүн баштапкы материалдык маанисине карата төмөнкүдөй негизги маанилерди берет:

1). Уңгу сөз аркылуу берилген процесстик түшүнүктү грамматикалык жагынан этишке айландырат: *тыңша (<тың), окшу (<ок), быкшы (<бык), бүкшү (<бүк), ыкшы (<ык);* салыштыр: *ыктыт (<ык+тут)* ж. б.

2) Сөздүн уңгусу туюндурган белгилик касиетке өтүүнү билдирет: *болукшу, толукшу, какшы, ыкша* (*<ык*—катуу, бышык) ж. б.

3) *-ша* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин бирди-жарымы кыймыл-аракеттин түрү, сапаты, белгиси жөнүндөгү түшүнүктү билдирет. Мындай учурда этиш кыймыл-аракеттин пайда болушуна база болуучу материал, предмет маанисиндеги зат атоочтордон жасалат: *жумша (<жум-//йум-), ымшы.*

4) Сөздөрдүн уңгусу аркылуу берилген табышты этиштик мааниде көрсөтөт, б. а. табыш тууранды этишти жасайт: *кыңшы, каңшы—(ла), шапшы, шаңшы;* б. түрк таш *чахшады* — таш чакылдады (М. К, III, 30).

-ча//-чы мүчөсү

Кыргыз тилинде *-ча//-чы* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин бирди-жарымынын гана уңгулары маанилүү болбосо (курча<кур), калгандарынын уңгулук бөлүктөрү азыр өз алдынчалыгын жоготушкан, өзүнчө сөз катары колдонулбайт. Ошондуктан *-ча//-чы* формасы өлүү мүчөлөрдүн составына кирет.

-ча//-чы мүчөсү аркылуу этиш атоочтук жана этиштик уңгулардан жасалган. Буларды тектеш тилдердин материалдарын салыштыруу аркылуу билүүгө болот.

-ча//-чы формасындагы этиштердин жасалышы үчүн атоочтор көрүнүктүү ролду ойной алышкан эмес, бул типтеги этиштер өтө эле аз. Алардын уңгуларын семантикалык типтерине карата төмөнкүчө бөлүштүрүүгө болот.

1) Уңгулары каражат, нерсе маанисиндеги этиштер: *телчи* этиши кыргыз менен алтай тилинде колдонулат. Бул этиш *тели* менен тектеш, экөөнүн тең уңгусу—*тел;* кыр. *тел* (жаш төлдү башка энеге эмизүү), эки энеге *тел;* тув. *тел* (башка энеге эмизилген козу, музоо); *тел* ыяш (эки ача болуп өскөн жыгач (бак, тал);

кыр. *өлчө (<өл)*, салыштыр: тув. *хел*—бир нерсенин өлчөмү, өлчөөчүү нерсе; *курча (<кур);* кыр. *тепчи;* каз., к. кал. *тепши* ж. б.

2) Уңгулары процесс маанисиндеги этиштер: кыр., алт., тув. *чымчы;* каз., к. кал *шымшы* этиштеринин түпкү уңгусу *(чым)* кыргыз тилинде сакталган: *чым*—чымчуу;

кыр. *жалчы;* к. кал. *жалшы (<жал+-чы, жал*—маяна). Бул этиштин мааниси жалпылашып кеткен;

3) Уңгулары белги маанисиндеги этиштер жокко эсе: кыр. *арчы;* каз., к. кал. *аршы* ж. б., уңгусу *ары*—тазалоо маанисинде.

4) Уңгулары мейкиндик маанисиндеги этиштер да анча көп эмес:

кыр. *өкчө,* салыштыр: алт. *өксө*—өйдө көтөрүлүү, өйдө ыргытуу (Рсл. 1, 2, 1188);

-ча//-чы формасындагы этиштердин бир катары этиштик уңгулардан жасалган. Бул типтеги сөздөрдүн атоочтук жана этиштик уңгулардан жасалышы аталган мүчөнүн байыркылыгын көрсөтөт. Азыркы мезгилде *-ча//-чы* формасындагы этиштик туунду формалар кайталангандык маанисинде колдонулат; кээде туунду этиш өзүнүн этиштик уңгусунун маанисинен сапат жагынан да айрылат:

кыр. *эрчи,* өзб. *эргашмок,* уйг. *эзер,* хак. *изере,* каз. *эр;* Маган бир ийт *эрди*—Мени бир ит эрчиди. Бул сөздөрдө [р~з] тыбыштарынын алмашылганы гана болбосо, түпкү уңгулары бир: *эр//эз//из;*

кырг. *кыпчы;* салыштыр алт. *кымын* (кыс; куйрук *кымын*—куйругун кысуу) (бул эки сөздүн уңгусу *-кып,* бирок кийинкисиндеги «п» тыбышы мүчөдөгү мурунчул «н» тыбышынын таасири астында «м» тыбышына өтүп кеткен).

-ча//-чы мүчөсү элестүү сөздөрдү жасоочу активдүү морфемалардын бири; түпкү уңгуга *-ча//-чы* мүчөсү, андан кийин *-й* жалганат да, элестүү этиштер жасалат:

чокчой (<чокчо: чокчо сакал; алт. *чокчо* (—бир нерсени чокчойтуп коюу) *<чок;* алт. *чок*—жый, жыйна; тув. *шог* (чогуу); кыргызча *чогуу, чогул* деген сөздөр да ушул уңгудан тараган; сал.: кыр. *Чок-Тал* (топоним);

болчой (<болчо); салыштыр: алт. *болчо*—бултую; *болпой* (бултую)<*бол;* салыштыр: түрк. *бол*—көп, толук, кенен, кеңири; кыр. *болук (<бол—ык);*

бүкчүй (<бүк), бөкчөй (<бөкчө)<бөк(; алт. *бөке*—бир нерсени ийүү, эңкейтүү ж. б.

-кар//-кыр мүчөсү

Кыргыз тилинде этишти жасоодо бул мүчө анча өнүмдүү эмес, *-кар* мүчөсү аркылуу жасалган бир катар этиштердин уңгулары азыр өз алдынчалыгын жоготушкан. Мындай абал бул морфеманын байыркылыгын көрсөтөт. *-ар//-ер* мүчөсүнүн баштагы толук формасы деп *-кар* морфемасы эсептелинет. Салыштыр: кыр. *көмөр//көмкөр, чөмөр//чөмкөр* ж. б. Ушул фактынын өзү да белгилүү өлчөмдө *-кар* мүчөсүнүн байыркылыгын ырастай алат.

-кар формасындагы этиштер байыркы жана азыркы түрк тилдеринен кездешет, ошондуктан ал жалпы мүчө болуп эсептелет. Түрк тилдеринин орто кылымдык жазма эстеликтериндеги материалдарга караганда *-кар* мүчөсүнүн бир канча өнүмдүү болгондугу байкалат, бирок акырындап отуруп ал касиетин жоготкон: азыр *-кар* мүчөсү саналуу гана этиштердин составынан кездешет. Ошону менен бирге бул мүчө мааниси жагынан да өзгөрүүгө учураган, мааниси тарыган. Мисалы: б.түрк. Ол аны кедин *озгарды*—Ал аны кийин ойлоп билди. Ол атын *ичкерди*—Ал атын ичке киргизди (М. К. 231) ж. б.

р~з тыбыштарынын алмашышына байланыштуу кыргыз тилинде атоочтук уңгудан жасалган этиштердин кээ бирөөлөрү *-кар//-каз* формасында колдонула берет, мааниси экөөнүкү бирдей: *аткар//атказ, откор//откоз, уяткар//уятказ.* Бирок атоочтон жасалып, минтип катар колдонулуучу этиштер өтө эле аз.

Азыркы мезгилде *-кар//-кыр* мүчөлөрү составындагы үндүүлөрүнүн кең, кууштугу жана грамматикалык жагынан атоочтук, этиштик уңгуга жалганышы боюнча бири-биринен кескин айрылышат. Бул мүчөлөрдүн кең үндүү варианты — *-кар,* негизинен, сөз жасоочу мүчө катарында (атоочтон этиш жасоочу), *-кыр* мамилелик форма катарында колдонулат. Бирок тарыхый жагынан *-кар, -кыр* өз ара байланыштуу, сөз жасоочу катарында колдонулган: б. түрк. Йер *тозгырды*—Тозоң көтөрүлдү (М. К, II, 206). Ол аны *антгарды*—Ал аны касам, ант ичирди (М. К. I,303). Ашыч *ташгурды*—Казан таша жаздады (II, 207). Мамиле категориясынын өнүгүшүнө байланыштуу булардын сөз жасоо жөндөмдүүлүгү токтогон. Бирок мүчөнүн кең үндүү варианты калдык катарында сөз жасоо функциясында сакталып калган; кууш варианттары грамматикалык функцияга (мамилелик формага) өтүп кеткен.

Кыргыз тилинде *-кар* мүчөсүнүн жардамы аркылуу этиш атоочтук уңгулардан жасалат.

-кар мүчөлүү этиштердин көпчүлүгү кыргыз тилинде нерсе же процесстин аты маанисиндеги атоочтук уңгулардан жасалган. Ошондуктан кыргыз тили үчүн *-кар* мүчөсүнүн негизги мааниси уңгу аркылуу берилген процесстик түшүнүктү грамматикалык жагынан этишке айландыруу болуп эсептелет. Муну төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот:

уяткар (<уят<ут//уд); салыштыр: б. түрк. *утан*—уялуу (ПДТП. 439); түрк. *ут*—уят; (М. К. I, 286): Ол мени *утгарды* — Ал мени уяткарды;

эскер (<эс—эс, акыл-эс); салыштыр: хак. *искир*—бир нерсе жөнүндө кабардоо; алдын ала билдирүү; *ис*—ук маанисинде; каз. *эшит* (ук маанисинде)<*эш;*

-кар мүчөлүү этиштердин айрымдары нерселик маанидеги атоочтук уңгулардан жасалган; мындай этиштер кыймыл-аракеттин ошол зат аркылуу болгондугун билдирет, ошону менен бирге атоочтук уңгунун мааниси туунду этиштин семантикалык составында сакталат. Грамматикалык жагынан бул типтеги этиштер өтмө маанидеги активдүү этиштер болушат да, кыймыл-аракеттин аракеттенүүчү жактан сыртты көздөй багытталгандыгын билдирет:

аткар, сугар (<суг); салыштыр: хак. *сугар*—мал сугаруу, *сугла*—эгин сугаруу, *суг*—суу; тув. *суггар* (мааниси кыргыз тилиндегидей;), б. түрк. Ол ат *сувгарды*—Ал ат сугарды (М. К. II; 218). Демек, кыр. *сугар* практикалык жагынан *суу (г)+гар* деп талдануруга тийиш; *откор (<от)* ж. б.

-кар мүчөлүү этиштердин кайсы бирөөлөрү форма, кебете-кешпир, өң-түс жана ар түрдүү ыкма маанисиндеги уңгулардан жасалган. Мындай этиштер мааниси жагынан уңгудагыдай калыпка келтирилгендикти билдирет: *омкор (<ом),* салыштыр: *омур; төңкөр (<төң;* Рсл. V=кыр. *дөң).*

-кыр мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн этишти жасоочу өнүмдүү мүчөлөрдүн бири. *-кыр* мүчөсү тууралган табыштык түшүнүктү этишке айландырат, *-кыр* мүчөсүнүн ушул функциясы байыркы түрк тилдеринен бери келе жатат. Табыш тууранды сөздөрдөн этишти жасоодо бул мүчө *-кыр, -гур* формасында колдонулат.

Кыргыз тилинде *-кыр* мүчөсү табыш тууранды сөздөрдөн жасалган төмөнкүдөй этиштердин составынан кезигет:

кыйкыр (<кый); салыштыр: тув. *кый: кый* дээр—чакыр; *кыйгы*—кыйкырык, *кыйгыр*—кыйкыр, угуза оку; як. *кый*—кыйкырык, чуу; салыштыр: кыр. *кый-куу:* турнадан бий койсоң, *кый-куу* кетпейт башындан;

каткыр (<кат); салыштыр: кыр., алт. *каткы;* хак. *хаткы*—каткырык; кыр. *кыран-каткы* күлүштү: тув. *катыр—күл;*

кыр. *кошкур;* салыштыр: түрк. *кушку*—коркуу, үркүү, шектенүү.

Табыш тууранды сөздөрдөн этишти жасоодо *-кыр* мүчөсүнүн ролу чоң. *-кыр* мүчөсү аркылуу этиш көбүнчө бир муундуу табыш тууранды сөздөрдөн жасалган жана буларга *-кыр* формасы тикеден тике жалганган. Ушунун өзү эле *-кыр* мүчөсүнүн байыркылыгын баяндайт, табыш тууранды сөздөрдөн этишти жасоодо *-кыр* мүчөсү түрк тилдери үчүн жалпы.

-тар//-дар мүчөсү

Кыргыз тилинин материалы боюнча аталган мүчөнү сенек (өлүү) мүчөлөрдүн составына кийирүүгө болот; ал чамалуу гана сөздөрдүн составынан учурайт, анын үстүнө көпчүлүгүнүн унгусу азыркы мезгилде маани бербейт. Андай унгулардын кайсы бирөөлөрү мурун өз алдынча маанилүү сөз болгондугун тектеш тилдердин материалын салыштыруу жана тарыхый фактыларга таянуу аркылуу билүүгө болот. *-тар//-дар* мүчөлөрү сөз жасоо касиетин эрте жоготушкан; эстеликтердеги материалдарга караганда, башта *-тар//-дар* мүчөсү атоочтук маанидеги сөздөрдү жасоого да катышкан *баштар*—орок; *бектир*—бөксө (М. К. I, 424); *кестер*—карападан жасалган идиш; *кандыр*—ашатууга жарай турган тери (425). Мүчөнүн этиш жана атоочту жасашы анын башта жиктелип бөлүнө электигин көрсөтөт; бул болсо мүчөнүн байыркылыгынын негизги белгилеринин бири болуп эсептелет. Мына ушунун негизинде *-тар//-дар* мүчөсү эң эски мүчөлөрдөн деп каралат. Аталган мүчөлүү этиштер жалпысынан форма жана ык жөнүндөгү кыймылдык түшүнүктү билдирет.

Кыргыз тилинде *-тар//-дар* мүчөсү төмөнкү этиштердин составында бар: *кыстар (<кыс), көңтөр*;

кыр., алт. *бөктөр;* салыштыр: мон. *бех* (—бек, бекем; *бөхжи*—бекемде, бек болуу); *бехле* (—бир нерсени бекемде); б. уйг. *пөк*—бекемде;

аңтар; салыштыр: алт. *аңдан*—аласалуу, башмалдак атуу; мындан тышкары кыргыз тилинде *аңтарып-теңтерип* деген кош сөз бар. Туш келди эле сөздөр кош сөз боло беришпейт, маанилеш гана сөздөр өз ара кош сөздүк компонентти түзө алат жана алар айкашкан мүчөлөрү боюнча да бирдей болушат: *аң-тар-ып-тең-тер-ип;*

майтар (<май); салыштыр: *майыш, майтар; майрый* ж. б. Булардын түпкү унгусу *май* экендигин монгол тилинин материалдары аркылуу ырастоого болот: мон. *майга*—майрык бут;

эңтер (<эң); салыштыр: кыр. *эңкей*; алт. *эңчей;* кыр. *эңил (эңилип* эшик ачты); *эң* (—жерден бир нерсени эңип алуу), *эңиш (жер)* ж. б.

-ык//-ик мүчөсү

Аталган мүчө мурунку эки түрдүү форманын кыскарышынан пайда болгондугу байкалат. Айрым сөздөрдө *-лык* жана *-ык* мүчөлөрү катар колдонулат жана алардын мааниси жагынан болгон жакындыктарына таянып, *-ык* мүчөсү *-дык* формасынын кыскарышынан пайда болгон деп кароого болот. Мисалы: *жаттык//жатык* (колу *жатыгып//жаттыгып калыптыр), оттук//отук* (музоосу *оттугуп//отугуп* калыптыр), бирок бардык эле этиштер минтип катар колдонула бербейт, анын үстүнө *-ык* мүчөсү жалгыз эле *-лык* формасынан таралбаган.

Кыргыз тилинде *-ак//-ек* мүчөсү аркылуу жасалган сөздөргө тектеш башка тилдердин кээ бирөөлөрүндө *-гак//-гек* мүчөсү туура келет. Ушуга карап, *-ак//-ек* мүчөсүнүн баштапкы толук формасы катарында *-гак//-гек* эсептелет: кыр. *эшек<эшгек* (М. К. I, 134, 306) *<эш*; атлыг *эшди*—аттуу (киши) чапты, озду (178); кыр. *кулак<кулгак* (М. К. I, 364); *тамак<тамгак* (434); *орок<оргак* (54); *туяк<туйгах;* хак., алт. *туйгак<туй;* алт. *туй*—туюк, туташ; «г» тыбышы өзүнүн табияты боюнча байыркы жана туруксуз тыбыштардан болуп эсептелет; фонетикалык мындай өзгөчөлүгүнө байланыштуу кээ бир сөздөрдүн составынан түшүп калган.

Жогоркудагыдай сөздөрдүн толук жана кыскарган формада колдонулушун *-ык* менен *-гык* аркылуу жасалган сөздөрдөн да кезиктирүүгө болот: кыр. *кайык<кайгык* (М. К. I, 190) *<кай;* алт. *кай*—абада, суу үстүндө кайкуу; кыр. *учук<учгук* (тумоо) (М. К. I, 124). Мындай фактыга караганда, *-ык* мүчөсү *-гык* морфемасынын кыскарышынан (башкы «г» тыбышы түшүп) да чыккандыгы ачык болуп турат.

-ык//-ик мүчөсү аркылуу этиш атоочтук жана этиштик унгулардан жасалат. *-ык//-ик* мүчөсү бардык түрк тилдеринде бар, б. а. түрк тилдери үчүн бул мүчө жалпы; кыргыз тилинде өнүмдүү мүчөлөрдүн бири.

-ык//-ик мүчөсү байыркы жана андан кийинки мезгилдеги түрк тилдеринде да активдүү колдонулган:

Йер *йарыкты*—Жер жарык болду. Кан *турукты* — Кан жайылды. Сөз *чыныкты*—Сөз чын болду. Тон *кирикти*—Тон кир болду. Йыл *күзүкти*—Убакыт күз болду. Кой *бөлүкти*—Кой бөлүндү (М. К. II, 127—135);

б. түрк. *тагук*—тоого чык (ПДТП., 425); *ичик*—ичке карай багыт ал (ПДТП., 379); *антук*—ант бер (ПДТП., 358).

-ык//-ик мүчөсү аркылуу атооч да жасалат. Буга караганда, байыркы убакта *-ык//-ик* атоочту жана этишти жасоочу энүмдүү мүчө болушу мүмкүн; *-ык* формасындагы атоочторго мисал: *көлүк* (унаа. мал; жүк артылуучу мал) *көл;* хак. *көл* (атты чегүү); чарык; салыштыр: алт. *чар* (кайрак таш) (Грамм. алт. яз. 289) ж. б.

Кыргыз тилинде *-ык* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин көпчүлүгү семантикасы жагынан унгудагы атоочтук маанинин грамматикалык жагынан этишке айлангандыгын билгизет. Бул маани *-ык* мүчөлүү этиштер үчүн негизги маани

болуп эсептелет. Мындай этиштердин уңгулары лексикалык жагынан процесстин аты, белгилик маанини көрсөтүшөт. Мисалы: *жытык (<жыт), өчүк (<өч), заркы (<зар), айбык, кезик (<кез)* ж. б.

-ык мүчөсү өзү жалганган уңгудагы заттык мааниге мүнөздүү болгон же ага байланыштуу келип чыгуучу кыймыл-аракетти билгизет. Мындай учурда уңгунун мааниси туунду этиштин семантикалык составына кирет жана анда сакталат: *карык (<кар), көзүк (<көз), отук (<от)* ж. б.

-ык мүчөсү аркылуу белги маанидеги атоочтордон аз гана этиш жасалган, бар болгону эки-үч гана этиш бар. Алар, кээ бир этиштер сыяктуу (*каршык, атык, жиник* ж. б.) эле, уңгудагы атоочтук түшүнүктүн грамматикалык жагынан этишке айлангандыгын билдирет: *ачык, тарык, бирик.*

Атоочтордон жасалган жогорудагы этиштер—грамматикалык жагынан өтпөс этиштер, алардын өтпөс мааниде болушу *-ык* мүчөсүнө байланыштуу. Бул мүчө аркылуу жасалган этиштер кыймыл-аракет аракеттенүүчү жактын өзүнө топтоштурулгандыгын, андан сырткары чыкпагандыгын билдирет. Анткени -ык мүчөсү менен жасалган этиштер кандайдыр бир абалга келгендикти же ага өткөндүктү билдирет.

-ык мүчөсү аркылуу этиш атоочтук уңгулардан гана эмес, этиштик негиздерден да жасалат. Бул мүчө аркылуу субъектинин өзүнө топтолгондугун же пассивдүүлүктү билдирет: *бышык (<быш), көнүк (<көн), катык (<кат), тынык (<тын), тунук (<тун), телчик (<телчи), сынык (<сын), жетик=жетил (<жет)*, салыштыр: б. түрк. тилек арзу *йе* (тилекке, каалоого жет) (ПДТП., 387);

Кыргыз тилинде *-ык* формасындагы этиштердин активдүү мааниде колдонулушу өтө сейрек кездешет: *жулк, жулку.*

-ык мүчөсү жогоруда саналгандардан башка азыркы кыргыз тилинде морфологиялык элементтерге ажырабай турган этиштердин составынан да кезигет. Алардын маанилүү бөлүгү азыркы этапта өлүү уңгуга айланган. Булардын баштапкы абалын тектеш тилдердин материалдары менен салыштыруу аркылуу билүүгө болот: *торук* (чарча, арып-ачуу маанисинде) *<тору;* салыштыр: б. түрк. *тургур*—арыкта, *турук*—арык; мон. *тура*—арыкта; *кынык (<кын);* салыштыр: *кыны* тап; хак. *хыных* — бир нерсеге көнүгүү, кынык алуу; *хын*—каалоо; бир нерсени сүйүү;

эрик; салыштыр: *эрин (<эр);* салыштыр, б. түрк. *эр эрди*—адам эрикти (М., I, 183);

куюк: салыштыр: *куюн;* хак. *хуйбыр*—куюн болуу, мон. *хуй*—куюн; Бул фактыларга караганда, *куюк* этишинин түпкү уңгусу—*куй.* ж. б.

-ык мүчөсү байыркы түрк тилдеринде да өнүмдүү мүчөлөрдүн бири болгон. Ал убакта башка маанилер менен бирге аракеттенүүчү жак өзүнүн эркинен тышкары бирөөнүн таасири астында калганын, ага өзү дуушар болгонун да билдирген: б. түрк. Эр йагыка *басыкты*—Адам жоодон жеңилди. (М. К. II). Аракеттин таасирине дуушар болуу мааниси кыргыз тилинде этиштик уңгудан жасалган этиштерде азыр да сакталган: *корк, тынык, үрк, соолук, көнүк, жетик, бышык, сынык* ж. б.

-ай//-ей мүчөсү

Аталган мүчө түрк тилдерине бирдей тарабаган, якут, кыргыз жана казак тилдери үчүн мүнөздүү; Сибирь түрк тилдеринде жолукпайт. Огуз группасындагы тилдерде (мисалы, азербайжан, түрк, түркмөн тилдеринде) *-ай* мүчөсүнүн ордуна *-ал* колдонулат жана мааниси боюнча кыпчак группасына кирген тилдердеги *-ай* формасына туура келет: кырг. *чукурай*=түркм. *чукурал;* кыр. азай=түрк., түркм., азерб. *азалмак;* кыр. *кичирей,* азерб. *кичилмек,* түркм. *кичел* ж. б.

Талданып жаткан мүчө байыркы жана орто кылымдык түрк жазма эстеликтеринде ошол кездеги тилдердин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык *-ад* формасында да колдонулган *(д>й):* б. түрк. *буңад*—кыр. *муңай; күңед*—күң болуу; *муңад*—бактысыз, мундуу болуу; муңад—жапа чегүү, капалануу; *кулад*—кул болуу; *кутад*—бактылуу, куттуу болуу, *йигед*—жакшыруу, өйдөлөө; *йиг*—жакшы. Байыркы түрк тилдеринен жогоруда келтирилген фактылар *-ай//-ей* мүчөсү *-ед* формасынан чыккандыгын көрсөтөт.

-ай//-ей мүчөсүнүн жардамы аркылуу этиш атоочтук жана этиштик негиздерден жасалат. *-ай* формасындагы этиштердин көпчүлүгүнүн уңгусу азыркы кезде өз алдынчалыгын жоготушкан. Бул факт аталган мүчөнүн байыркылыгын көрсөтөт.

Кыргыз тилинде *-й (-ай//-ей)* мүчөсүнүн жардамы менен этиш сын атоочтон, зат атоочтон жана аз да болсо башка топтогу сөз түркүмдөрүнөн жасалат. Булардын ичинен сын-сыпат маанисиндеги атоочторго көбүрөөк жалганат. Аталган сөз түркүмүндө *-й (-ай//-ей)* атайы өзүнчө мүчө катарында колдонулат. Мунун жардамы аркылуу дайыма өтпөс маанидеги этиштер жасалат. Сөз болуп жаткан морфема айрым сенек формалардын *(-чай, -кай, -дай* ж. б.) составына да катышып, алардын морфологиялык элементине айланып кеткен: *бол—чой<бол—ча—й;* элестүү этиштердин аягы дээрлик *-й* менен бүтөт. Ошондуктан *-й* морфологиялык жагынан алардын тышкы мүнөздүү белгиси болуп саналат. Этиштин башка түрлөрүнөн элестүү этиштерди сыртынан ушул жалпы белгиси бо-

юнча ажыратууга болот. Ушинтип, *-й (-ай//-ей)* кыймыл-аракет, ал-абал маанисиндеги кадимки этиштер үчүн жана элестүү этиштер үчүн морфологиялык жалпы көрсөткүч болуп эсептелет.

Кыргыз тилинин азыркы өнүгүү этабында ушул эки топтогу этиштердин (кыймыл-аракет, ал-абал маанисиндеги этиштердин жана элестүү этиштердин) жасалышына катышууда *-й (-ай//-ей)* мүчөсүнүн ролу бирдей эмес.

-ла формасынын активдешип кетишине байланыштуу кадимки этиштерди жасоодо *-й (-ай//-ей)* мүчөсү көрүнүктүү роль ойной алган эмес, мунун жардамы аркылуу элестүү этиштер жасалат.

Кыргыз тилинде *-й (-ай//-ей)* өзүнчө морфема катарында колдонулат. Мунун өзүнчө мүчө экендиги азыркы убакта маани берүүчү унгулардан ачык көрүнөт. Аягы үндүүлөр менен бүткөн унгулар үчүн *-й*, үнсүздөр менен аяктагандар үчүн *-ай//-ей* мүчөлөрү пайдаланылат. Атоочтордон кадимки этишти жасоодо *-й (-ай//-ей)* формасы туруктуу; бул формадагы этиштерге мүчө жалганганда этиштик негиздин аягындагы-*й* түшпөйт: *карай+ган—карайган, сакай+ды—сакайды, чуңкурайды* ж. б. Элестүү этиштерде аяккы *-й* туруксуз: *болчой—болчоңдо, колжой—колжоңдо* ж. б.

Кыргыз тилинде *-й (-ай//-ей)* формасындагы кадимки этиштердин (элестүү эмес этиштердин) көпчүлүгү белги маанисиндеги (форма, кебете-кепшир, өң-түс, көлөм, процесс ж. б.) атоочтук унгулардан жасалган. Бул типтеги этиштер атоочтук унгу аркылуу берилген белгиге айланууну, ошондой болууну, ошого окшошууну билдирет, б. а. алар белги же процесс маанисиндеги атоочтордун грамматикалык жагынан этишке айланышын көрсөтүшөт: *улгай (<улуг+ай)*. салыштыр: б. түрк., с. уйг., тув. *улуг*—чоң, улуу; *такырай (<такыр—так)*; тектеш тилдерде *так*—жылаңач; такыр; *так йер*—такыр жер. (Вер.).

жооной<жоон<жогун; салыштыр: түрк. *йогун* — калың, москоол, жоон; *йог*—калың, москоол; жоон;

сокурай<сокур<сок; салыштыр: мон. *сохро*—сокур; *сохрох*—сокур болуу; *сохлэх*—сокур кылуу; *сох: сох* хатгах—көз соолутуу; көзүн олуп алуу; *кеңей<кең: чоңой<чоң* ж. б.

-й (-ай//-ей) мүчөсү унгуга тике жалгануу менен гана чектелбестен, этиштик негизди жасаган мүчөлөрдүн составдык элементине айланып, *-ырай//-ирей* формасында колдонулат: *тасырай, тикирей, жапырай* ж. б.

-й (-ай//-ей) мүчөсү аркылуу этиш зат жана сандык маанидеги сөздөн да жасалган. Булар да унгу сөздөгү маанинге окшошууну, ошонун кебете-кепширине айланууну билдирет.

Заттык маанидеги сөздөрдөн *-й (-ай//-ей)* мүчөсү аркылуу жасалган этиш анча көп эмес. Ушул типтеги атоочтордон этиш жасоодо аталган морфема өнүмсүз:

текчей (<текче), дүмүрөй (<дүмүр), бүдүрөй (<бүдүр), челей (<чел), муңай (<муң), көбөй (<көп); салыштыр: с. уйг. *көбө; азай (<аз)* ж. б.

-й (-ай//ей) мүчөсү аркылуу этиш этиштик унгулардан жасалган. Бирок алардын унгуларынын кээ бирөөлөрү гана болбосо, көпчүлүгү азыркы учурда өз алдынча колдонулбайт. Аталган мүчөнүн этиштик унгуларга жалганышы аркылуу, бир четинен, лексикалык негизги түшүнүккө грамматикалык кошумча маани киргизилсе, экинчи жагынан, этиштик маани күчөтүлөт: *сеней (<сен*—сенейүү, катуу); салыштыр: *сенек* (каткан мааниде); *басай (<бас), бүтүй (<бүт);* салыштыр: мон. *бүтэ*—жабылуу, карттануу (жара жөнүндө); кыр. *бүтө;*

-й (-ай//ей, -ый//-ий) мүчөсү төмөнкүдөй этиштердин жасалышына да катышкан: *уруй (<ур;* салыштыр: *уркуй, урчук;* мон. *ур—чор,* бактагы уюл); *кылай (<кыл;* салыштыр: бактын *кылда* учуна чыкты), *кыңай (<кың;* салыштыр: *кыңырай, кыңыр;* бул этиш да *кыңай* менен тектеш, экөөнүн тең унгусу—*кың*).

-сыра, -ымсыра мүчөлөрү

Этишти жасоодо анча өнүмдүү мүчө эмес, булардын чыгышы эки башка жана маанилери да түрдүүчө.

-ымсыра мүчөсү кыймыл-аракеттин жарым-жартылай болгондугун билдирет, унгу аркылуу берилген түшүнүккө окшоштуруп, ошону тууралап көрсөтөт.

-ымсыра мүчөсү — морфологиялык түзүлүшү жагынан татаал мүчө: *-ым-сы-ра* морфемаларынын айкалышынан турат. Мунун кийинки эки бөлүгү *(-сыра)* окшошуу маанисиндеги *-сы* жана *-ра* мүчөсүнөн түзүлгөндүгүн огуз группасындагы тилдердин фактыларынан байкоого болот: салыштыр: түрк. *агламсамак* — кыр. ыйламсыра; *гүлүмсемек* — кыр. күлүмсүрө; б. түрк. Эр *күл-сирди*—Адам күлүмсүрөдү, күлүп жаткандай көрүндү (М.К.). Жогоруда айтылган *-сы* мүчөсүнүн окшошуу мааниси бул татаал мүчөдө *(-сыра)* да сакталган.

-ымсыра мүчөсүнүн составындагы *-ым* — этиштен атоочжасоочу мүчө. Бирок *ыйламсыра* сыяктуу этиштердин атоочтук бөлүгү *(ыйлам)* бардык учурда эле өз алдынча сөз катары колдонула бербейт, кээ бир сөздөрдө болсо колдонулат: *өлүмсүрө (<өлүм)*. Кыргыз тилинде *-сыра* жалгануучу этиш-

тик негиздин (-ым) өз алдынча сөз катары колдонулуу процесси биротоло бүтө элек. Морфологиялык жагынан этиштик түпкү унгу гана так ажыратылып тургандыктан, унгусу калтырылып, *-ым* мүчө жагына ооган. Мындайча айтканда, сөздө кайра бөлүнүү кубулушу болгон. Ошондуктан этиштик унгулар үчүн *-ымсыра* өзүнчө мүчө болуп эсептелет.

Сырткы түзүлүшү жагынан жогорудагы *-ымсыра* менен атоочко жалгануучу *-сыра* мүчөсү окшош. Жоктукту билдирүүчү *-сыз* мүчөсүнө мааниси боюнча байыркы түрк тилдеринде *-сыра* мүчөсү туура келет; Мындан тышкары [р~з] тыбыштарынын алмашышына карап, бул экөө бир эле мүчөнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн түрү, тектеш деп каралып жүрөт. Чындыгында эле *-сыра* менен *-сыз* мүчөсү тектеш болуу керек. Анткени башка түрк тилдериндеги *-сыз* мүчөсүнүн ордуна чуваш тилинде *-сер* формасы колдонулат: чув. *хуресер*—кыр. куйруксуз; салыштыр: алт. *канзыр* — ачуусу келүү, ачууланган улам кызарып-татаруу; *канзыра*—кансыра, кан-сөлү качуу.

Кыргыз тилинде *-сыра* атоочтук унгуларга гана жалганат, «бир нерсенин жоктугун сезүү жана аны эңсөө» же «бир нерсени жоготуу, андан ажыроо» деген маанини билдирет. Биринчи маанисине: *этсире, тузсура, жоксура, үйүрсүрө, жалгызсыра* ж. б.; экинчи маанисине: *кансыра, алсыра.*

-сыра мүчөсүнүн жогоруда көрсөтүлгөн маанилери азыркы жана байыркы түрк тилдери үчүн да мүнөздүү: б. түрк, *өгсире-тунсыра* (сезимден ажыроо), *кагансыра* (хандан ажыроо), *илсире* (элсире; өзүнүн мамлекеттик көз каранды эместигин жана өз алдынчалыгын жоготуу), *күчсире* (күчүн кетирүү) ж. б.

Жогорудагылардын негизинде мындай дешке болот: кыргыз жана башка кээ бир түрк тилдеринде мааниси жана чыгышы жагынан түрдүүчө болгон омонимдик эки *-сыра* мүчөсү бар; семантикасы жана этимологиясы боюнча да ар башка болгондуктан, булардын ар бири өз алдынча мүчө катарында каралат.

-ра//-р мүчөсү

Кыргыз тилинде *-ра* формасындагы этиштер көп эмес, алар (2—3 этиштен башкасы) азыркы кезде өз алдынчалыгын жоготкон бир муундуу унгулардан жасалган. Алардын мааниси түрк тилдериндеги материалдарды өз ара салыштыруу аркылуу гана билинет. Ушул эки абал *-ра* формасынын байыркы мүчө экендигин көрсөтөт. Бул айтылгандардын

ырастыгын жана *-ра* түрк тилдери үчүн сөз жасоочу жалпы мүчө экендигин төмөндө келтирилген материалдардан көрүүгө болот:

кыр. *сүйрө,* өзб. *судрамок,* хак. *сезир.* Демек, түрк тилдеринде [д~з~й] тыбыштарынын бир-бирине туура келиши келтирилген сөздөрдө да сакталган;

кыр. *туура,* к. кал. *туура,* өзб. *тўграмок,* хак. *тогыра,* түрк. *доғрамак* (тууроо); б. түрк. *тогра:* Эт *тоградыы*—Эт тууралды (М. К.). Бул этиштерге тува тилинде *тогла* туура келет. Келтирилген фактыларга караганда, бул сөздүн фонетикалык өсүшү төмөнкүчө: туура<*туwра*<*тугра*//*тогра*<*тог.* Мындай түпкү унгунун болгондугун тува тилинин фактысы көрсөтүп турат;

үйрө-н, үйрө-т этиштеринин аяккы мүчөлөрүнөн башка бөлүгү составдык элементтерге ажырабайт; тарыхый жагынан булардагы -н—өздүк, -т—аркылуу мамилелеринин мүчөсү. Аталган этиштердин түпкү унгусу байыркы түрк эстеликтеринен гана кезигет: б. түрк. *ө*—ойлоо (ПДТП., 405); *өг* (<*ө*+*-г*)—ой-пикир; өг-көңүл (кош сөз)—ой-пикир (ПДТП, 405); б. түрк. тилинде муну менен бирге туунду формалар да катар жашаган: *өглен*—ойлон, эсине келүү; *өгрен*—үйрөн; *өгсире-тунсыра*—эстен тануу ж. б.

Байыркы түрк тилдеринде *-ра* мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин көпчүлүгү азыркы тилдерде учурабайт. Башка этиштер менен алмашып кетиши, колдонуудан чыгып калышы жана *-ра* формасындагы этиштердин ордуна башка мүчөлөрдүн колдонулушу (Рсл. I, 2031: *оңра*—кыр. ондо) алардын санын азайтууга алып келген. Ушуга байланыштуу биздин алардын кээ бирөөлөрү гана жетти.

-ра мүчөсү аркылуу жогоруда саналган этиштер атоочтон, этиштен жана табыш тууранды сөздөрдөн жасалган. Этиштен жасалгандардын ичинен *чачыра, кыйра, жайра* дегендердин башкасынын унгусу азыркы кыргыз тилинде өз алдынча колдонулбайт.

Сан жагынан аздыгы жана унгуларынын азыркы кезде өз алдынчалыгын жоготкондугу *-ра* мүчөлүү этиштердин мааниси аныктоодо бир топ кыйынчылык туудурат; этиштик унгудан жасалгандары кайталангандыкты, ургалдуулукту билдирердиги байкалат: *сайра, туура, чачыра* (тез-тез кайталоо); *кыйра, жыйра, сүйрө* (ургалдуулук).

-ра мүчөсү аркылуу жасалган этиштердин кээ бирөөлөрү грамматикалык мааниси жагынан өтпөс этиштер болсо, кайсы бирөөлөрү өтмө этиштер болуп эсептелет: *сайра, кыйра, жайра* (өтпөс этиш); *туура, сүйрө* (өтмө). Кээде бир эле өтмө жана өтпөс мааниде колдонулганы да учурайт: б. түрк

тепре (кыр. термел, термет) өтпөс мааниде, бирок кээ бир эстеликтерде өтмө (суны *тепреди*—сууну термелтти) мааниде колдонулган. *-ра* мүчөлүү этиштин мындай өтмө жана өтпөс болуп так бөлүнбөгөндүгү анын байыркылыгын дагы бир жолу ырастайт.

ЭТИШТИН СИНТАКСИСТИК ЖОЛ МЕНЕН ЖАСАЛЫШЫ

1. Атоочтук уңгулуу татаал этиш

Татаал этиштин бул түрү атооч менен этиштин айкалышынан жасалат да, компоненттери биригип келип кыймыл-аракет жөнүндөгү бир маанини билдирет. Татаал этиштин семантикалык түзүлүшүнө атоочтук да, этиштик да маани катышат; нерсе жөнүндөгү түшүнүк атоочтук компонент аркылуу, анын кыймыл-аракеттин абалы этиштик компонент аркылуу берилет жана алар ошол эле калыбы боюнча этишке өтүшөт.

Кээде компоненттери бирге алынганда өз алдынча тургандагысына салыштырганда башкачараак маанини билдирип калган учуру да кездешет. Мисалы, *алдан тай*—күч-кубаты кайтуу, күчсүз болуу дегенди билдирет (өтмө мааниде); *суу га ал* — каза болгон адамды жуу маанисинде; *суу кыл*—бир нерсени суулоо, ным кылуу маанисинде.

Атоочтук уңгулуу татаал этиштер бир кылка эмес. Алардын составындагы айрым этиштер лексикалык өз алдынчалыгын эрте кезде эле жоготушкан. Кээ бирөөлөрү өзүнчө турганда материалдык мааниге ээ болсо да, атоочтор менен тутумдаш айтылганда мурдагы маанилери бүдөмүктөлүп, жардамчы этиштердин тобуна өтүп, атоочтук уңгулуу татаал этиштердин жасалышына катышышат.

Татаал этиштин составындагы жардамчы этиштерге төмөнкүлөр кирет:

1. *Эт.* Кыргыз тилинде бул этиш өз алдынча колдонулбайт. Ушу фактынын өзү эле анын жардамчы экендигине күбө. Аталган этиш атооч сөздөр менен, айрыкча табыш тууранды жана элестүү сөздөр менен бирге айтылат да, татаал этиштин жасоого активдүү катышат. Бул этишке мүнөздүү бир өзгөчөлүк—бардык учурда өзүнөн мурунку атооч сөз менен уңгу формасында эмес, дайыма грамматикалык маанидеги мүчөлөр жалганып айкашат:

Бүбүштүн үнү *заңк этти.* Аркы кырдан мылтык *тарс этти.* Ачуулангандан беш бетер Чаргынга *аж этти.* Алыстан *жылт этип* от көрүнөт.

Тууранды жана элестүү сөздөр менен *эт* этишинин кошулушу аркылуу жасалган татаал этиштер лексикалык жана грамматикалык маанилери жагынан өздөрүнүн биринчи компонентине көз каранды. Мындай татаал этиштер негизги компонентке байланыштуу кыймыл-аракетти билдирет. Эгерде *эт* этиши табыш тууранды жана элестүү сөздөрдүн жөнөкөй формалары менен айкашса, анда кыймыл-аракеттин бир жолу эле болгондугу билдирилет. Эгерде алардын кош сөздүк формалары менен бирге айтылса, анда кыймыл-аракет бир нече жолу кайталанат жана алар мындай учурда мааниси жагынан *-ла* мүчөсү менен синонимдеш болушат: *шаңк этти—шаңкылдады; балак-балак эт—балакта* ж. б.

Жардамчы этиш *эт* кээде атоочтук жана чакчылдар формасындагы этиштер менен да айкашат; мындай учурда эки компонент тең грамматикалык жагынан бирдей формада (тангыч формадагы этиштерге чакчыл -й мүчөсү жалганат) болот да, алардын соңунан *эле* бөлүкчөсү айкашат. Мындай айкашуу аркылуу маани күчөтүлүп көрсөтүлөт. Маанинин күчөтүлө тургандыгын конструкциянын составына *эт* этишин кошуп же аны алып салгандагы түрүн өз ара салыштыруу аркылуу билүүгө болот: *Эч* нерсе *болгон эткен жокмун*—Эч нерсе *болгон жокмун. Оорубай этпей эле* кете берди (каза болду маанисинде)—*Оорубай эле* кете берди. Мектепке *кетпей этпей эле* ойноп жүрөт.—Мектепке *кетпей эле* ойноп жүрөт. ж. б.

Кийинки мезгилде *эт* жардамчы этишинин колдонулуу мүмкүнчүлүгү мурдагыдан да кеңейди. Муну көбүнчө орус тилинен кирген сөздөрдөн, этиштердин жасалышынан байкоого болот. Орус тилиндеги кээ бир этиштерди кыргызчалаткан-да андагы инфинитивдик формага кыргызча *эт* этиши кошулат: орусча *звонить*—кырг. *шыңгырат//звонит эт* ж. б. Жогорудагыдай «бириктирилген» этиш сөздөр азырынча көбүнчө оозеки тилге мүнөздүү, булардын ичинен айрымдары акырындык менен жалпы элдик мүнөзгө ээ болуп кетиши да мүмкүн.

Эт этиши мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы сөздөрдүн жасалышына да база болгон: *-ыш* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу андан сөз түркүмдөрүнүн биринин атын билдирүүчү *этиш* деген сөз жасалган.

2. *де.* Бул сөз татаал этиштин жасалышында көрүнүктүү ролду ойнобойт; айрым учурда *эт* этиши менен катар колдонулушу мүмкүн, тууранды жана сырдык сөздөрдөн этиш жасоого катышат:

быш дебейт=быш этпейт. Ал жумушуна *быш этпейт//быш дебейт; быш дей түштү. Быш-күш эт//быш-күш де. Быш-күш*

деп//быш-күш этип аран келди. *«Ар» деп* беттен алды. Койду *кош де;* атты *чу де. «Чу де»* көбүнчө бириккен сөз катарында колдонулат: Торкашка менен *чүдөп* жүрүп отуруп, бир аздан кийин эле жетип бардым.

Чу де этиши тарыхый жагынан татаал этиш, *чу+де* сөздөрүнөн куралган, бирок үндүүлөрү эринчилдешип, баштагы эки сөз биригип кеткен, орфография боюнча да кошулуп жазылат. Ушу жол менен *айда* этиши да жасалган: *ай* (сырдык сөз) *+де;* салыштыр *ай дээр* ага жок, *кой дээр* кожо жок. *Айда* этишинен *айдак* (сырдык сөз), мындан *айдакта* этиши жасалган. *Эт* этиши сыяктуу, *де* да жаңы сөздөрдүн жасалышы үчүн база катарында кызмат кылган: *демек<де—*ж. б.

3. *Бол.* Бул этиш өз алдынча колдонулат, лексикалык маанiге да ээ. Демек, өзүнчө туруп сүйлөм мүчөсү да боло алат: Эртең клубда кино *болот.* Мында канчага чейин *болосуң.* Мындан тышкары атоочтук компоненттер менен бирге айкашып, татаал этишти жасоого да катышат. Мындай учурда, башка этиштер сыяктуу эле, *бол* да өзүнчө сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт, бул касиетке ал өзүнүн алдындагы негизги компонент менен бирге алынганда гана жетишет. Ушу белги ар кандай этиш сөздөрдүн өз алдынчалыгын, же алар татаал этиштин составындагы жардамчы компонент экендигин аныктоочу чек болуп эсептелет.

Бол этиши атооч жөндөмөдө турган сөздөр менен айкашат да, татаал этишти жасоого катышат. Мунун катышуусу аркылуу жасалган татаал этиштер грамматикалык жагынан пассивдүү, өтпөс мааниде болушат, негизинен, ал-абалдык маанини билдиришет. *«Бол»* катышкан этиштердин айрымдары *кыл* жардамчы этиши аркылуу жасалган татаал этиш менен алмашыла алат, алардан өтпөстүгү боюнча гана айырмаланат: *баш бол, капа бол, ашык бол, арача бол, бейпил бол, жөн бол, жатык бол, баш-көз бол, жок бол//жок кыл, дос бол//дос кыл, күбө бол//күбө кыл, дел бол//дел кыл, жылас бол//жылас кыл, каза бол//каза тап, кор бол//кор кыл, камсыз бол//камсыз кыл, капа бол //капа кыл, кириптер бол// кириптер кыл* ж. б.

Мүчө улоо аркылуу керектүү маанини алууга мүмкүн болбогондуктан, же жогорудагы атоочтук компоненттерден керектүү маанидеги этиштер жасалбагандыктан, атоочторго этиштерди кошуп айтуу зарылдыгы келип чыккан. Татаал этиштердин жасалышы ушул сыяктуу кырдаал менен байланыштуу. Алардын составындагы атоочтордун кээ бирөөлөрүнөн этиш жасалат, кайсы бирөөлөрүнөн жасалбайт. Бирок мүчөлөр аркылуу жасалган туунду этиштер атоочтук унгулуу

татаал этиштердин маанисин камтый албайт, салыштыр: *арача бол—арачала, жок бол—жогол, дос бол—достош, капа бол—капалан, баш бол—башта.* Бул жөнөкөй жана татаал этиштердин ортосунда стилдик жана семантикалык айырма бар. Ал эми кээ бирөөлөрүнөн болсо, жогоруда айтылгандай, мүчөлүү туунду этиш жасалбайт. Мындай учурда негизги компоненттеги атоочтук түшүнүккө кыймыл-аракеттик маани берүү үчүн ага этиштин кошулуп айтылышы зарыл, ушул жол аркылуу гана аларды этишке айландырууга болот: *жатык бол (жатык* сөзүнөн мүчөлүү этиш жасалбайт), *каза бол* (атоочтук компонентинен этиш жасалбайт), *бүлө бол* (мында да ошондой).

4. *Кыл* этиши да өз алдынча лексикалык мааниге ээ, ошону менен бирге атоочтук уңгулуу татаал этиштердин жасалышына да катышат. Мында да өзүнүн маанисин сактайт, бирок өз алдынча колдонулбастан, атоочтук түшүнүк менен кошулуп барып, аны грамматикалык жагынан этишке айландырат. *Кыл* компоненти катышкан татаал этиштер активдүү, б. а. өтмө этиштерден болушат: *жолто кыл, кириптер кыл, зарп кыл, болжол кыл, каниет кыл, зордук кыл, зыян кыл, бет кыл, бери кыл* ж. б. Булардын ичинен да айрымдарынын маанисин морфологиялык жол менен берүүгө болот, бирок алар бири-биринен кошумча маанилери боюнча айырмаланышат. Мисалы, *каниет кыл—каниеттен.* Булардын биринчиси өтмө этиш, экинчиси *-лан* мүчөсү аркылуу жасалган, медиалдык маанидеги өтпөс (бул жөнүндө «Мамиле категориясын» кара), пассивдүү этиш. Ушу сыяктуу эле *зордук кыл—зордукта* этиштери жөнүндө да айтууга болот.

Биринчи компоненти атоочтордон болгон татаал этиштердин экинчи тобу жана сан жагынан басымдуулук кыла тургандары эркин сөз айкаштарынын лексикалашуусунун натыйжасында келип чыккан. Бул типтеги татаал этиштердин конпоненттери тарыхый өз ара толуктооч менен баяндоочтук карым-катышта болушкан, бирок акырындык менен экөөнүн ортосундагы синтаксистик баштагы карым-катыш бошондоп, же жоюлуп кетип, компоненттер лексикалык жагынан өздөрүнчө бүтүн бир сөз, татаал этиш катарында колдонулуп калган; булардын ичинде туруктуу сөз айкаштарына өтүп кеткендери да бар. Эркин сөз айкаштарына жана туруктуу сөз айкаштарына негизделип жасалган татаал этиштердин атоочтук компоненттери жөндөмөлөрдүн биринде болот да, эга этиш сөз айкашат. Башкача айтканда, татаал этиштердин бул түрү башкаруу жана ыкташуу байланыштарына негизделип жасалган.

Атоочтук уңгулуу татаал этиштерди негизги компоненттеринин жөндөмөлүк формаларына карата төмөндөгүчө бөлүштүрүүгө болот:

1) Барыш жөндөмө менен этиштин айкалышынан жасалган татаал этиштер: *камакка ал, камоого ал, калыска сал, калыбына келтир, калыпка сал, четке как* (сөздү *четке какты*), *кайгыга сал, кадырына жет, изине түш, кепилге ал, сөзгө кел, добушка сал, добушка кой, бейпайга түш, бейпайга сал, баркка ал, баралга жет, балакетке кал, байгеге сай, жүзөгө чыгар//ашыр, жоопко тарт, доого калтыр, жазага тарт, жарышка кир, акылга сал, акылга кир, тамашага айлант, айыпка жык, айыпка буюр, антыңа койдум, антка жет, арына келтир, арага жүр, арага түш, арага сал, короолго ал, капканга түш, канжыгага чал, кароолго илин, кароолго келтир, жемеге ал, жемеге калтыр.*

2) Жатыш жөндөмө менен этиштин айкалышынан түзүлгөн татаал этиштер: *бейпилде жат, жерде кал, бойго жет, сууга чөк, сууга батып кет.*

3) Чыгыш жөндөмө менен этиштин айкалышынан куралган татаал этиштер: *тилден кал, жандан кеч, белден бастыр* (бир нерсеге же ишке шаасы жетпей калуу маанисинде), *жолдон калтыр, анттан тай* ж. б.

4) Табыш жөндөмө менен этиштин айкалышынан куралган татаал этиштер: *жарпты жаз, сабатсыздыкты жой, жоо-бумду бер* (талак катымды бер маанисинде), *изин сал* (бирөөгө же бир нерсеге шылтоо маанисинде), *арын түгөт* (басмырлоо маанисинде) *абийирди ач*=абийирди кетир ж. б.

5) Атооч жөндөмө менен этиштин айкалышынан жасалган татаал этиштер. Этиштин бул түрү кеңири колдонулуу менен бирге башка жөндөмөлөрдүн негизинде уюшулган татаал этиштерге караганда сан жагынан басымдуулук да кылат. Тарыхый жагынан алганда, бул типтеги этиш сөздөрдүн кайсы бирөөлөрүнүн компоненттери өз ара баш мүчөлүк, кээ бирөөлөрү толуктоочтук жана баяндоочтук мамиледе болушкан. Бирок мындай айкашуулар тилде такай кайталанып колдонула беришинин натыйжасында акырындап отуруп лексикалык өзүнчө бир бүтүн сөзгө айланып кетишкен: *баш бак, бет бак, байыр ал, байкас кыл, жүгөн кат*=*жүгөн сал, байге сай*=*байге тик, балак ал*=*балак ур, балакет чыгар, балакет сал, балаа бас, казан ас, эт ас, тамак ас, барабан чал, кийиз бас, кырман бас, китеп бас, бата бер, бата ал, бата кыл, баш тарт, баш сал, баш ал, баян кыл, без чочу, бөгө түш, буктурма кой, бут сал, бүк түш, бейпай тарт, бейпай сал, белен кыл, бел чеч, бет алдыр, бозо сал, салам бер, бүр байла, даам же, даам ич, даарат ал, дак кыл, далбас ур, дан ал, бузук*

сал, даң сал, кулак сал, обон сал, жапа чек, дат бас, дат ал, дем ал, дем алдыр, дем бер, дит бак, добуш бер, док урун ж. б.

* * *

2. Этиштик унгулуу татаал этиштер

Этиштик уңгулуу татаал этиштер *-а//-е//-й, -ып* формасындагы чакчылдарга жак мүчөлөрү жалгануучу этиштердин айкалышы аркылуу жасалат. Мындай татаал этиштерде кыймыл-аракет жөнүндөгү негизги түшүнүк чакчылдар формасындагы компонент аркылуу берилет да, экинчи компоненти ага кошумча маани киргизет, же болбосо экөө биригип келип татаал кыймыл-аракетти билдирет. Мындай структурадагы татаал этиштердин айрымдарынын жак мүчө жалгануучу экинчи компоненти өзүнүн лексикалык баштагы маанисинен ажырайт да, грамматикалашкан элемент катарында колдонулат. Бул типтеги татаал этиштер кыймыл-аракеттин өтүш өзгөчөлүгүн (кыймыл-аракеттин созулушун, кайталанышын, бүтүшүн, багытын, чукулунан, же капысынан болушун ж. б.) билдирет. Кээ бир татаал этиштердин жак мүчө менен өзгөрүүчү бөлүгү өз маанисин сактайт жана ал чакчыл формадагы компоненти менен биригип келип, татаал кыймыл-аракетти билдирет. Семантикалык ушул өзгөчөлүктөрдү эске алып, этиштик уңгулуу татаал этишти өз ара экиге бөлүүгө болот.

1. *Лексикалашкан татаал этиштер.*

Мында чакчыл этиш менен жакталуучу экинчи компоненттин маанилери биригип келип, лексикалашкан татаал этиштин семантикалык структурасын түзүшөт; ага эки этиштин тең лексикалык маанилери катышат да, татаал маани түзүлөт. Кыргыз тилинде лексикалашкан татал этиштер анчалык көп эмес. Бул типтеги этиштер мааниси жагынан татаал экендигин мындай фактылардан байкоого болот: *тос—тосуп чык* (бирөөнүн жолунан чыгуу); *кошто—коштоп жүр* (өзү менен бирге алып жүрүү), *иште—иштеп тап* (иштеп маяна табуу), *узат—узатып чык* (бирөөнү үйдөн тышка чыгарып, жөнөтүп коюу), *сатып ал* (бир нерсени өзүнө сатып алуу), *кир—кирип ал, жүгүр—жүгүрүп кел, жүгүрүп чык, куу—куып жет, кайрыл—кайрыла кет, эсепте—эсептеп чык, ташта—таштап кет; иште—иштеп чык; оку—окуп чык* ж. б.

2. *Кыймыл-аракеттин өтүш өзгөчөлүгүн билдирүүчү татаал этиштер.*

Татаал этиштердин бул түрү *-а//-е//-й, -ып* формасындагы чакчылдарга жардамчы этиштердин кошулушу аркылуу жа-

салат, жак мүчөлөрү кийинки компонентке жалганат. Татаал этиштердин ушул түрү көбүнчө кыймыл-аракеттин убакыт боюнча өтүшүнүн мүнөзүн (кыймыл-аракеттин созулушун, кайталанышын, бүтүшүн, биротоло иштелгендигин, капысынан, чукулунан болгонун ж. б.) билдирет. Татаал конструкциянын чакчылдар бөлүгү негизги компонент болуп эсептелип, кыймыл-аракеттик негизги маанини билгизет; Ал эми татаал этиштин өзгөрүүчү экинчи бөлүгү болсо өзүнүн лексикалык баштагы маанисинен ажырайт, же алыстайт да, анын ордуна грамматикалык кошумча маанини билдирип калат. Татаал этиштин составында туруп, негизги этиш билдирген түшүнүктү грамматикалык маани жагынан толуктоо катарында айтылуучу этиштер *жардамчы этиштер* деп аталат. Мисалы, *чаап таштады* дегенде кыймыл-аракеттик негизги маанини чакчыл формадагы *чап* деген этиш билдирип турат; экинчи бөлүгү болсо мында бир нерсени *ташта, кой* деген баштагы лексикалык маанисинде эмес, кыймыл-аракеттин толук иштелишин, чечкиндүүлүгүн билдирүү үчүн колдонулган; *жазып жибер* десек, *жибер* өзүнүн бир жакка *жибер, жөнөт* деген маанисин эмес, кыймыл-аракеттин тездигин билдирет.

-а//-е//-й формасындагы негизги чакчыл компонент менен айкашканда маанисин жоготкондуктан, ошол эле этиштин өзү кайталанып айтылышы да мүмкүн: *бере бер, алып ал, коюп кой, туруп тур, салып сал, калып кал, жиберип жибер* ж. б.

Татаал этиштин составындагы жардамчы этиштер ар дайым эле өздөрүнүн лексикалык маанилеринен ажырай беришпейт. Кээде алардын кайсы бирөөлөрүнүкү сакталат, бирок буга окшогон кубулуш аз кезигет. Мындай учурда алардын маниси чакчылдар формасындагы негизги компоненттердики менен биргелешип келип, татаал этиштин семантикалык структурасын түзүшөт. Кээде алардын семантикалык структурасынан компоненттердин материалдык маанилери байкалып турат. Мисалы: *иштеп тап, ойлоп тап, иштеп чык, окуп чык, кайтып бер, учуп кел, качып кет, айдап кел* сыяктуу этиштердин семантикалык структураларында эки компоненттин тең үлүшү бар. Мындагы жардамчы этиштер негизги маанилерин сактоо менен катар, чакчылдарга айкашып, чечкиндүүлүктү, бүткөндүктү билдирип турушат.

Жардамчы этиштердин билгизген кошумча кээ бир маанилери орус тилиндеги түр категориясын түзө албайт. Анткени түрдү жасоо үчүн алар ар кандай этиштер менен айкаша турган универсалдык мүнөздө эмес: чакчыл формадагы

бардык эле этиштер менен айкаша бербестен, белгилүү этиштер менен гана айкашат. Мисалы, *түртүп жиберди, чаап салды* деп айтылат, бирок ушулардай эле *-ып* формасындагы *учуп* деген чакчылга *жибер, сал* деген жардамчы этиштерди кошуп, *учуп салды, учуп жиберди* деп айтууга мүмкүн эмес. Экинчиден, жардамчы этиштер түрдүк маанини билдирүү жагынан туруксуз; бир эле жардамчы этиш *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда түрдүк бир маанини билдирсе, ошол эле этиштин чакчылдык *-ып* формасы менен айкашканда, ал башка маанини билдирип калат да, өзүнүн мурдагы билгизген түрдүк негизги маанисинен сыртка чыгып кетет. Мисалы, *жазып салды* (кыймыл-аракеттин толук иштелгендиги) — *жаза сал* (кыймыл-аракеттин тездиги) ж.б. Ошондуктан жардамчы этиштер бул жагынан алганда да түр категориясынын түзүлүшүндө морфологиялык модель боло албайт.

Кыргыз тилинде этиш көп, бирок этиштин баары эле жардамчы этиш боло бербейт. *-а//-е//-й* жана *-ып* формаларындагы чакчылдар менен айкашканда баштапкы лексикалык маанисинин ордуна мезгил менен мейкиндикте кыймыл-аракеттин өтүшүнүн ар түрдүү мүнөзүн билдирүүгө жөндөмдүү болгон гана этиштер жардамчы этиш боло алат. Мындай конструкцияда экинчи компонент өзүнүн лексикалык маанисин жоготот, же бошондотот да, негизги компонентинин маанисин кыймыл-аракеттин толук иштелиши, созулушу, кайталанышы, тездиги, бир жакты көздөй багытталышы сыяктуу кошумча маанилер менен татаалдандырат, анын маанисин түрлөнтөт. Татаал этиштин ушундай түрү гана түрдүк маанини билдирет. Ал шарттуу түрдө түрдүк конструкция деп аталышы да мүмкүн. Татаал этиштердин ушул тибинде лексикалык мааниге түрдүк кошумча маани кабатталып жүрөт.

Татаал этиштин составындагы компоненттер өз алдынча колдонулбайт; бири-биринен бөлүп жиберсек, алар айкашып тургандагы маанисинен ажырап калышат. Компоненттин составдык элементтеринин экөө тең биригип сүйлөмдө бир гана мүчөлүк милдет аткарат: *кайтып кел, алып чык, алып кел, алып бар, арта сал* ж. б.

Кыймыл-аракеттин убакыт боюнча өтүшүн мүнөздөө үчүн чакчыл формасындагы негизги компонентке айкашып айтылуучу жардамчы этиштер төмөнкүлөр: *тур, отур, жүр, жат, сал, ташта, кой, жибер, түш, кел, кет, ал, бер* ж. б.

Булардын жардамчы этиш катарында колдонулгандагы кошумча маанилери бирдей эмес, кыймыл-аракеттин толук иштелиши, кайталанышы, созулушу, тездиги жана анын бир жактан экинчи бир жакты көздөй багытталышы сыяктуу ар

кандай кошумча маанилерди билдиришет. Аларды билдирген негизги маанилерине карай төмөнкүчө топтоштурууга болот:

1. *Кыймыл-аракеттин узакка созулушун билдирүүчү этиштер.*

Кыймыл-аракеттин узакка созулушу речтин сүйлөгөн мезгилинде бүтпөйт, анын бүтүү чеги да көрсөтүлбөйт; кыймыл-аракеттин жалпы эле үстүбүздөгү мезгилде болуп жаткандыгы, же созулушу билдирилет. Мындай маани чакчыл формадагы негизги этишке *жат, тур, отур, жүр* жана *бер* деген жардамчы этиштердин айкалышы аркылуу берилет. Бул айкашуулар жалпысынан кыймыл-аракеттин узакка созулушун көрсөткөнү менен, жардамчы этиштердин маанисине байланыштуу анын созулуу процесси бирдей эмес. Анын үстүнө бир эле жардамчы этиш айкашкан негизги компонентинин формасына карата ар башка маанилерди да билдирип калышы мүмкүн.

1) *Жүр*. Бул этиш *-а//-е//-й* жана *-ып* формаларындагы чакчылдар менен айкашып айтыла берет; мындай айкашуулар аркылуу кыймыл-аракеттин үзгүлтүк менен узакка созулушу, же болбосо адаттангандай дайыма болуп тургандыгы көрсөтүлөт:

Сакалдуулардын бул эмнеси деген сөзү эки-үч кишинин башы кошула калган жерде Өмүр дале *айта коюп жүрдү* (Т. Сыдыкбеков). Бирок андан кийин дагы бир айга чейин эртели-кеч бир убак *келип-кетип жүрүштү* (К. Жантөшев). Тентек балдар ызалап койбосун, *көз кырыңды сала жүр* (Т. Сыдыкбеков). «Суудагы балыктан салык *алып жүргөн* сырттан кургактагы мени коёбу?»—деп, Дөө ойлонду да, баягыдан бетер чочулап калды (К. Жантөшев).

Жардамчы этиш *жүр* кээде үзгүлтүксүз созулган кыймыл-аракетти да билдирет. Мындай кыймыл-аракет кыска бир убакыттын аралыгында, же болбосо убакыт жагынан чек коюлбай, жалпы эле созулган кыймыл-аракет да болушу мүмкүн:

Күйөө кошчусу Сапарбай Осмонду тигиндейде коштоп ага бирдемелерди *айтып жүрөт* (Т. Сыдыкбеков). Сен мойнуңдагы салыгынды мага *төлөбөй жүрүп,* эми эчкилеримди жегиң келдиби? (К. Жантөшев). Мен өкмөттүн милдетин *аткарып жүрөм* (Т. Сыдыкбеков). Санаага саргайып, бир аз убакыт түктөйүп *азып жүрдү* (Т. Сыдыкбеков).

Жардамчы этиш *жүр* жогоркудай түрдүк оттеноктордон башка окуянын, же аракеттин дайыма болгондугун да билдирет. Мындай учурда чакчыл этиш менен айкашкан жардамчы этиш *жүр* атоочтуктун *-ар//-ер* формасында колдонулат да, алардан кийин жардамчы этиш *эле* келет: Суран

экөөбүз бирден жаман мылтык кармап, Серке деген мергенчини *ээрчип жүрөр элек* (К. Жантөшев).

Татаал этиштин составындагы *жүр* жардамчы этишине кээде тангыч *-ба* мүчөсү жалганып айтылат да, алдын ала эскертүү мааниси берилет:

Эй, техник мырзалар, өйдөлөп баратасыңар. Кийин өстөнүбүздөн суу *чыкпай коюп жүрбөсүн* (Т. Сыдыкбеков).

Эгерде тангыч форма составдуу этиштин эки компонентине тең жалганса, кыймыл-аракеттин сөзсүз болору көрсөтүлөт. Бул учурда да кыймыл-аракеттин кандайча өтүшү жөнүндө кошумча маани берилбейт:

Ал күлбөй жүрбөйт. Сен китеп *окубай жүрбөйсүң* ж. б.

2) *Тур*. Жардамчы этиш *тур* чакчылдар формасындагы этиштер менен айкашып, кыймыл-аракеттин узакка созулгандыгын, же дайыма болбогондугун билдирет. Мунун эки түрдүү маанини билдириши негизги этиштин маанисине байланыштуу:

а) Бирок азыраак жел жүрүп, туман, суу отундун түтүнүндөй быкшыгансып, улам *өтүп турат* (К. Жантөшев). Уулум экөөбүз эптеп эженди *багып турабыз* (М. Абдукаримов).

Кызынын да, келининин да жолун тоспой, ликбезге аларды өзү *жиберип турат* (Т. Сыдыкбеков).

Күн өткөн сайын салыгыңыз бирден *түүп турабы,* же башкача себеби барбы (К. Жантөшев). (Кыймыл-аракеттин созулгандыгы).

б) Анын чоң шаардын театрынан айырмасы жок, кең залы *жаңырып турат* (Т. Сыдыкбеков). Бул кырдан айлананын бардыгы даана көрүнүп турат (К. Жантөшев). (Кыймыл-аракеттин адаттанган сыяктуу дайыма болгондугу).

Жардамчы этиш *тур* муну менен бирге кыймыл-аракеттин азыркы учурда болуп жатканын да билдирет. Мындай учурда кыймыл-аракет речтин сүйлөнгөн мезгилинде үзгүлтүксүз болуп жаткан сыяктуу берилет:

Күн алай-дүлөй түшүп *жаап турат,* ошондой болсо да мен ууга чыгам, сен корксоң барбай эле кой (К. Жантөшев). Ажыбай, Эркинбек—экөө көзүн айырбай карышкырдын ар бир кыймылын *карап түрүшат* (К. Жантөшев).

Жардамчы этиш *тур* негизги компонентинин маанисине байланыштуу мезгил-мезгили менен кайталанган кыймыл-аракетти да билдирет:

Оюма түшкөн сайын көңүлүмдү *караңгылатып турат.*

Мен өзүм *текшерип турамын* (М. Абдукаримов).

Ошо окопторго пулемётторун орнотуп, кызылдарды шаарга жолотпой, тынымсыз *атып турду* (С. Каралаев). Ал ка-

мерадан ары карай кеткен конвейер туруучу машинага нымдалган булгарыларды *жеткирип турат* (С. Сасыкбаев). Күн сайын туш тараптан ондогон вагондор *келип турат* (М. Абдукаримов).

Жогоркудай конструкция кээде мезгил-мезгили менен кайталанган кыймыл-аракетти эмес, белгилүү бир убакыттын аралыгында гана болгон абалдык түшүнүктү да билдирип калышы мүмкүн:

Эне, уулуңун кебетесин карачы—деп, Салтанат айтканда, Тумар да алыстап бара жаткан Эркинди ээрчий *карап турду* (К. Жантөшев). Менин деле ичим *күйүп турат* (М. Абдукаримов). Жайында көргөн оор эмгектери эсинен чыгып, дагы эгин сугарып, чөп чапкылары келет деп *ойлонуп турду да,* койдун чети менен илгери басты (К. Жантөшев).

Жардамчы этиш *тур -а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашкандыгына жана өзү кайсы ыңгайдын формасында тургандыгына карата жогоркудан башка да кошумча маанини берет.

Эгерде жардамчы этиш *тур -а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашып, өзү белгисиз өткөн чак формасында турса, анда кыймыл-аракеттин адаттанган сыяктуу дайыма болуп тургандыгын билдирет:

Орто чарбалар малдарын күңгөйлөтүп, арык-торугуна карды күрөп чөп жулуп бере турган. Сапар дайыма мындай жерлерде эчкилердин алдын ала утурлап, каалаган тарабына карай *бет алдырып жүрө турган* (К. Жантөшев).

Чакчыл формасындагы *бол* деген этиш менен айкашканда мындай конструкция бир нерсенин бир калыпта жургөндүгүн, дайыма болгондугун да билдирет:

Эдирендин жашы он төрткө чыкса да, бою өтө кичине *боло турган.* Бир музоолуу уй, эки кой, бир кулундуу бээ, үч улактуу эчкиси *боло турган* (К. Жантөшев).

Эгерде чакчылдардын ушул эле формасы менен айкашып, бирок өзү буйрук ыңгай формасында турса, анда кыймыл-аракеттин убактысынча, кыска мөөнөткө иштелишин билдирет:

Аны-мунунду койгун да, унчукпай *отура тур* (М. Абдукаримов). Ага дейре желикпей *коё тур,* Шарше. Бул ишти *коё туруп,* Какемен ушуну сурайлык (Т. Сыдыкбековдон). *Бара тур,* синдим,—деди Калыйча Маржанкүлгө (Т. Сыдыкбеков). Кыздарың коркпосун, ээрчитип айылга *бара тур* (Т. Сыдыкбеков). Сен алдыңкы кашатка *тура тур,* мен артыңдан жетип барам.

Жардамчы этиш *тур* жогоркудан башка чакчылдардын *-ганы* формасы менен келген татаал этиштин составынан да

кезигет. Мындай учурда алар кыймыл-аракеттин чукул арада болорун билдирет:

Сени ушундай сапарга *узатканы туруп* кантип урушайын. (М. Абдукаримов). Кеткен намызым *келгени турат,* кудайым өзү *бергени турат* (Т. Сыдыкбеков). Күн *жааганы турат* ж. б.

3) *Жат.* Чакчылдар менен айкашып, жардамчы этиш катарында колдонулганда, кыймыл-аракеттин созулгандыгын, азыркы учурда болуп жаткандыгын көрсөтөт:

Колдон келген камкордугун көрүп, жолго *даярданып жатат* (М. Абдукаримов). Колхоздун байлыгы өсүп, элдин турмушу *жакшырып бара жатат.* Далай эле кызматынды кылып, ак ниетибиз менен *иштеп келе жатабыз* (М. Абдукаримов). Бир гана квартира маселеси кыйыныраак. Ушу жагын жолго *коё албай жатабыз* (С. Сасыкбаев).

Бар, кел жана *кет* деген негизги компоненттер менен айкашкан учурда жардамчы этиш *жат* аркылуу кыймыл-аракеттин өнүккөн процесс сыяктуу созулушу көрсөтүлөт; ошону менен бирге багытты билгизүү мааниси да орун алат:

Нечен жылдан бери биргэлешип *туруп келе жатабыз,* далай эле туз татып жүрөсүз (М. Абдукаримов). (белгилүү бир убакыттан тартып, азыркы мезгилге чейин). Эчен-эчен заңкайган элечек оронушкан каркырадай байбичелер, кызыл, сары жибек шалы жоолуктарды салбырата салышып, жакшы кийинишкен келиндер топ-топ болуп *басып келе жатышты* (Т. Сыдыкбеков).

Бир күнү айылдагы адамдар Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн *келип жатышты* (С. Каралаев). Топтошуп эл келип жатса, туш-тушка куугунчулар чапкылап, *кетип жатат* (К. Жантөшев).

Кыргыз адабий тилинде *бара жатат* деген татаал этиштин акыркы компоненти *баратат* (<*бара (жа) тат*), *барат* (*бар (а—жа) т (а) (т)*. Короо-короо окшош сур эчкилер *жайылып барат* (К. Жантөшев. Тилек, 79-бет) болуп кыскарып жана биригип айтылышына жол берилет. Кээ бир говорлордо жардамчы этишке *-ыр* мүчөсү кошулуп *бара жатыр,* кээде *бара жатыры* (<*жат-ыр-ыр*) формасында да колдонулат. Мындагы унгуга жалганган *-ыр (жат-ыр)* байыркы убактагы учур-келер чактын мүчөсү. Бул мүчө кыскарган түрдө *туру* (<*турур*), *отуру (отурур), жүрү (жүрүр)* деген жардамчы этиштерде да сакталган: Ат *оттоп туру* ж. б.

Жардамчы этиш *жат* кээде сүйлөнгөн мезгилдеги кыймылдык абалды сүрөттөө үчүн да колдонулат:

Өзүмө ылайык кетмен болсо, чондордон калышпайт элем,— деди Алымкул,—атасынын жанына бир аяк талканды *коюп жатып* (М. Абдукаримов).

Жат жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин созулушун гана көрсөтпөстөн, кээде анын сүйлөгөн мезгилден кийин болорлугун да көрсөтөт. Мындай учурда негизги этиш *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар, анын жардамчы компоненти келер чак формасында колдонулат: Башка түшкөнүн *көрө жатарбыз* (М. Абдукаримов). Биз анда бекер олтуруп албаспыз, билгенибизди айтыша жатарбыз (Т. Сыдыкбедов). Азырынча иш ушундай болуп турсун. Бул жөнүндө кийин да *сүйлөшө жатабыз*.

4. *Отур*. Бул жардамчы этиш катарында көбүнчө *-ып* формасындагы чакчылдар менен айкашат; кыймыл-аракеттин мейкиндикте созулгандыгын билдирет. Бирок негизги компоненттин маанисине карата созулуу белгилүү бир убакыттын аралыгында, же болбосо өнүгүү абалында болушу мүмкүн.

Эгерде чакчылдар кыймылды билгизүүчү этиштен болсо, анда жардамчы этиш кошулган мындай айкашуу кыймыл-аракеттин өнүккөн сыяктуу созулушун билдирет:

Тойгон кой өр талашпай эниш тартып *жайылып отуруп,* ойдундагы жолду кесип, тескей тарап менен кайра төмөн үйгө карай жайылган. Жөө туман *ылдыйлап отуруп,* Эркинге да жетти (К. Жантөшев).

Татаал этиштин бул формасы кээде кыймыл-аракеттин белгилүү бир убакыттын аралыгында созулгандыгын, башкача айтканда, абалдык түшүнүктөрдү билдирүү үчүн да колдонулат:

Түнү бою түтүн ээлеринин аттарына чачым кагаздар *жазып олтурушту* (Т. Сыдыкбеков). Эчки-текелер кайсы жерде көрүнүп калар экен деген ой менен дүрбү салып, ар кайсыска жана кумайлардын арасын *карап* олтурушту (К. Жантөшев).

Эгерде негизги маани татаал этиштин составындагы чакчыл этишке түшсө, анда *отур* жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин белгилүү бир убактан тартып азыркы мезгилге чейин созулганын, б. а. кыймылдын абалга өткөнүн билдирип калат:

Юбилейге эң сонун көрсөткүчтөр менен *келип олурат*. Эч сөз айтпастан *кетип олурат* (К. Жантөшев).

Жогоруда көрсөтүлгөн төрт жардамчы этиштин башка жардамчы этиштерден айырмасы —булар учур чактын жасалышына катышат. Ошондуктан чактык маани менен кыймыл-аракеттин кандайча өткөндүгүнүн мүнөздөмөсү бир эле конструкция аркылуу берилет.

Бул этиштер негизинен кыймыл-аракеттин созулушун билдиргени менен, *жүр* менен *тур* калган берки экөөнөн мезгил-мезгил менен кайталангандыкты билдиргендиги менен айырмаланат (*келип тур, келип жүр*), дагы бир айырмасы *жүр* кыймылдык түшүнүктү билдирсе, *отур, тур, жат* абалдык түшүнүктү билдирет.

5) Бул топко киргендердин ичинен *бер* жардамчы этишинин мааниси ар түрдүү. Мунун маанисинин ар түрдүүлүгү чакчылдардын кайсы формасы менен айкашкандыгына жана алардын маанисине да байланыштуу.

Бер этиши грамматикалык формасы жагынан буйрук ынгайда туруп, *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракетти иштөөгө уруксат экендигин билдирет. Бирок мында контекстке карата кыймыл-аракеттин созулушун да көрсөтөт:

Мейли, билгенинди мага бермек белең. Кандай ойлосоң, ошондой *иштей бер* (К. Жантөшев). Эч ким болбойт, тартынбай *келе берсин* (М. Абдукаримов). Кана Өмүке, *сүйлөй бериңиз* (Т. Сыдыкбеков).

Чакчылдардын ушул эле формасы менен айкашып, бирок *бер* этиши буйрук ынгайда эмес, чактардын биринде колдонулса, анда мындай айкашуу аркылуу кыймыл-аракеттин созулушу көрсөтүлөт:

Ушинткен Саадат алдыртадан күч жыйнап камылга *көрө берди* (Т. Сыдыкбеков). Кетменди азыр деле *иштей берем* (М. Абдукаримов). Шатырман жааган жаанга мойнун тосуп *отура берди* (К. Жантөшев).

Бер этиши *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, контекстке карата кээде кыймыл-аракеттин узакка созулушун адаттангандай кылып да көрсөтөт:

Орундуу жерде да, орунсуз кезде да Шарше *күүлөнө берет*. Төштү ача таштап, тигил таза кийингендерди *кекете берет*. *Ээрге* түз олтуруп *темине берет,* көк ала мойнун түз алып желишин жазбайт. Таякең келген аякты кетирбей *иче берет*. Айтор жайдын саратан күнүндө шашке болбой олтурган кеч бешимге чейин тынбастан кымысты *куя берет* (Т. Сыдыкбеков). Ал жалгыз олтурса деле өзүнчө ичинен кыңкылдай берет, анткени ушинтип көнүп калган.

Жардамчы этиш *бер* менен *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдардын айкашуусу кээде кыймыл-аракеттин иштелишинин тездигин, чукулдугун да көрсөтөт:

Кылычын тагынып, жаасын асынып, саадагын байланып, текесине минип кубанып, Эдирең-Теке *ырдап «коё» берди*. Таякем Карашумкардын томогосун тартып алганда, ал дал-дандап качырып *сала берди* (К. Жантөшев).

Жардамчы этиш *бер* айрым учурда *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин кайталанышын да билдирет: Ал күнүгө *бара берип жадады*.

Жардамчы этиш *бер* кээде сүйлөнгөн мезгилдеги кыймылдык абалды сүрөттөө үчүн да колдонулат:

— Кеке, —деди Султан, Карымшактын бут жагына *олтура берип* (Т. Сыдыкбеков). *Өтө берерде* көрүп калдым.

Жардамчы этиш *бер -ып* формасындагы чакчылдар менен да айкашат; кыймыл-аракеттин башка бирөө үчүн иштелгенин билдирет:

Өмүрбайдын эгинин бүт *жыйнап берди* (М. Абдукаримов). Мен айткан жакка барып бер. Мына бул атты *сатып бер*. Тиги жаткан катты алып барып *окуп бер*. ж. б.

Мындай айкашуу да кээде контекстке карата кыймыл-аракеттин иштелишине жол берилгенин, толук иштелгенин билдирет:

Кумайык каңшылаган бойдон алдына түшүп *качып берди* (К. Жантөшев). Айыл арасына бастырса, эки этекти *коё берип,* төштү ачып салып, камчыны толгой таштайт (Т. Сыдыкбеков). Эч кандай кыйынчылыкка карабастан ылдам *кете беребиз* (М. Абдукаримов).

6) *Туш* жардамчы этиштик мааниде келгенде көбүнчө *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашат да, кыймыл-аракеттин улантылышын, же капысынан бир абалдан экинчи абалга өткөндүгүн билдирет.

Туш жардамчы этиш катарында кыймылдын, окуянын созулушун көрсөтөт:

Дөбөт карышкыр жогору *бара түштү да,* башты тоголотуп жиберди. Ал койлорду жогору карата *жая түшүүнү* ойлоду (К. Жантөшев). (Кыймыл-аракеттин созулушу).

Үйдүн ичи *караңгылай түштү*. Саал күлүмсүрөй берсе, жалпак таноолору *жайыла түшөт* (Т. Сыдыкбеков). Деги дениң сообу?!—деп, Калмурат аксакал *мостоё түштү*. Гүлайымдын жүзү *жарк эте түштү* (М. Абдукаримов). Сурмалуу көздөрүн сүзүлтө берди эле кашынын алдындагы кичинекей мең *карара түштү* (Т. Сыдыкбеков). (Кыймыл-аракеттин бир абалдан экинчи абалга өтүшү).

Туш жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин күчүн, анын кандай деңгээлде болгондугун белгилөө үчүн да колдонулат:

Шилтесең эле *алып түшөт*. Ыргытканда 7—8 метр жерге *барып түштү*. Эки көзү *чакчая түштү*. Ичек-карын көмүлгөн жерди тепти эле, кекиликтин ичек-карындары булайып *чыга түштү* (К. Жантөшев).

2. Кыймыл-аракеттин өнүгүшүн жана багытталышын билдирүүчү этиштер

Кел жана *бар* деген жардамчы этиштер чакчылдар формасындагы негизги компоненттер менен айкашып, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын өнүгүшүн, багытын билдиришет.

1) *Кел*. Чакчылдар формасындагы этиштер менен айкашкандагы кошумча мааниси ар түрдүү.

Ал жардамчы этиш катарында колдонулганда, негизинен, кыймыл-аракеттин азыркы мезгилге карай өнүгүшүн билдирет. *Кел* этиши *-ып* формасындагы чакчылдар менен айкашкан учурда, кыймыл-аракет сүйлөөчүнү көздөй багытталып, үзгүлтүксүз иштелген иштин речь сүйлөнгөн мезгилде бүткөндүгү билдирилет. Мындай учурда *кел -ып* формасындагы чакчылдар менен айкашат. Ал эми *бар* жана *кет* аркылуу берилген кыймыл-аракет болсо сүйлөөчүдөн башка жакты көздөй багытталат, б. а. кыймыл-аракеттин азыркы мезгилден келерки мезгилге карай өнүгүшү, багытталышы көрсөтүлөт:

Эски үрп-адаттардын тамырына балта чаап жоюу үчүн күрөшүүдө, тоо-таштын арасында эзилген караңгы кыргыз элинин ан-билимин көтөрүүдө көп милдеттер *аткарып келди*. Кыштан бери ар кандай ушактар таралып, эл оозунда *айтылып келди* (Т. Сыдыкбеков). Мансур элүү башы өзүнүн эки жигити менен короого атчан *кирип келди* (М. Абдукаримов).

Бул сүйлөмдөрдө татаал этиштер кыймыл-аракет өзүнүн белгилүү чегине жеткендигин билдирет. Эгер кыймыл-аракет азыркы мезгилде да болуп, дагы улантыла турган болсо, анда *жат* этиши кошулуп, үч составдуу татаал этиш аркылуу берилет. Салыштыр: ар түрдүү кызматты *аткарып келди*—Ар түрдүү кызматты *аткарып келе жатат*.

Жардамчы этиш *кел -а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен да айкашат. Мындай учурда бирге (кошо) болуучу кыймыл-аракеттин толук иштелгендиги көрсөтүлөт. Бирок мында багытты билгизүү мааниси сакталат:

Айылдан жалгыз келбестен, келинчегин *ээрчите келди* (С. Сасыкбаев). Зайра короодо аттуу турган аткаруучуну терезеден көрүп, коридорго *чыга келди* (Т. Сыдыкбеков).

2) *Кет*. Өзүнүн негизги мааниси боюнча *кел'ге* карама-каршы; кыймыл-аракеттин сүйлөөчүдөн башка жакты көздөй, б. а. азыркы учурдан келечекти көздөй багытталганын билдирет.

Кет. -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин толук иштелгендигин билгизет. Мунун ба-

гытты билгизгендеги мааниси кыймыл этиштер менен айкашканда гана ачык көрүнөт:

— Дагы бир кекилик атып, эртең төрт кекилик кармап бересиң,—деп, Түлкү *жөнөп кетти* (К. Жантөшев). Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдо дегенче, өзү да *узап кетти* (Т. Сыдыкбеков). Көз ачып-жумганча Эркинбек зымырап алда кайда *кирип кетти* (К. Жантөшев).

Ал эми сезүү жана башка маанилерге байланыштуу болгон этиштер менен айкашса, багытты билгизүү мааниси сакталбайт; кыймыл-аракеттин биротоло иштелгендиги көрсөтүлөт, бирок мында тездиктин жана капыстыктан болгондуктун мааниси да орун алат.

Ал эмнегедир безгек болгон кишиче *калчылдап кетти* (М. Абдукаримов). Эптеп кетмен шилтей турган болуп калса эле, бизди *багып кетет* (М. Абдукаримов). Ажыбай бурулуп карай салганда, көк жоргону минип, дагы бир атты коштоп келе жаткан Эркинбекти көрүп, *сүйүнүп кетти* (К. Жантөшев). Ороскул оң жамбашына оодарылып, ошол замат *уктап кетти* (Ч. Айтматов).

-а//-е//-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда, окуянын тез жана капысынан иштелгенин билдирет. Мындай учурда негизги компоненттин кандай этиштерден болушу шарт эмес: Тумар үйгө жөлөнүп *отура кетти*. Келе жатканда *тие кет*. Атты *тушай кет*. Тилин саландатып, чарчаганын күлап, үстөмөнүнөн *боортоктой кетти*. Ал жооп күтпөстөн *сүйлөй кетти*. Кемегенин жанындагы бир кучак саманга *от коё кетти* (Т. Сыдыкбеков).

3. *Бар. -а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, жардамчы этиш катарында бирге (кошо) болчу кыймыл-аракетти билдирет: *айта бар, ала бар* ж. б.

Бар. -ып формасындагы чакчылдар менен айкашат да, сүйлөөчүдөн башка жакты көздөй багытталып, алыстап бараткан кыймыл-аракетти билдирет:

Студенттердин арасындагы кружокко жетекчилик кылуу ишин *алып барат*.

Кайран өмүр жашчылык
Өтүп *барат* шаштырып (С. Токтогул).

Кыймыл-аракет белгилүү бир учурдан өтүп бара жатса, татаал этиштин составына *жат* этиши кошулат. Мындай учурда алдынкы компоненттер чакчылдардын *-ып, -а* формаларында, акыркысы чак жана жак мүчөлөрүн кабыл алат:

Көк жашыл болуп мурдагы көйкөлгөн кең жайыт, чөбүнүн

гүлү түшүп, азыр *куусаң тартып бара жатат*. Ак ниеттүүлүк менен талыкпай иштөөнүн натыйжасында колхозубуздун жергеси кеңип, элибиздин турмушу *жакшырып бара жатат* (Т. Сыдыкбеков).

Эгерде ушул эле конструкцияда *бар* этишинин ордуна *кел* колдонулса, анда кыймыл-аракеттин процесси башка жактан сүйлөнүп жаткан мезгилге, кандайдыр бир чекке жакындагандыгы билдирилет. Салыштыр: Эгин *бышып барат* —Эгин *бышып келатат*. Элдин турмушу *жакшырып барат* —Элдин турмушу *жакшырып келатат* ж. б.

3. Кыймыл-аракеттин толук иштелгенин билдирүүчү этиштер

Кыймыл-аракеттин толук иштелиши *-ып* формасындагы чакчылдар менен *таштa, сал, кой, жибер, кал, кет, чык* деген жардамчы этиштердин кошулушу аркылуу берилет. Бул жардамчы этиштердин ичинен кээ бирөөлөрү *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин тездигин, чукулунан болгондугун да көрсөтөт. Бирок мында да кыймыл-аракеттин иштелип бүткөндүгүн билдирүү мааниси сакталат. Ошондуктан аларды бул топко киргизүүгө болот.

Кыймыл-аракеттин толук иштелгенин көрсөтүүнүн негизги белгиси болуп иштин биротоло иштелип бүткөндүгү, же иштин сүйлөнгөн мезгилде бүткөндүгү эсептелет. Мисалы, чөптү *чаап таштадым, катты жазып салдым* дегенди кыймыл-аракеттин биротоло, толук иштелгендиги деп эсептеп, ал эми газетти *окуп чык* дегенди кыймыл-аракеттин толук иштелгендигин билдире албайт деп эсептөөгө болбойт. *Окуп чык* татаал этиштен турган буйрук ынгай болгону менен, түрдүк кошумча мааниси боюнча, кыймыл-аракеттин иштелүү чеги катарында башталыш учурду билдирет; мында кыймыл-аракет сүйлөөчүүчүн речтин айтылган мезгилинде бүткөн болот. Ошентип, этиштин бул түрлөрүнүн мүнөздүү белгиси—көңүл кыймыл-аракеттин белгилүү убакыттын ичинде *толук иштелишине* бурулгандыгы, грамматикалык жагынан учур чагынын жоктугу эсептелет.

Кыймыл-аракеттин толук иштелгенин билдирүүчү жардамчы этиштерди грамматикалык маанисине карата өз ара экиге бөлүүгө болот:

а) татаал этиштин составында турганда да өзүнүн лексикалык маанисинен көп алыстабай туруп, кыймыл-аракеттин толук иштелгенин билдирүүчү жардамчы этиштер: *чык, таштa, бүт, кет, кал* ж. б.;

б) *-ып* формасындагы чакчылдар менен айкашканда лексикалык баштапкы маанисинин ордуна кыймыл-аракеттин тездигин, бүткөндүгүн билдирүүчү жардамчы этиштер: *жибер, кой, сал* ж. б.

Аталган жардамчы этиштер чакчылдар менен айкашканда, жалпы жонунан кыймыл-аракеттин толук иштелишин көрсөткөнү менен, чакчылдардын кайсы формасы менен айкашканына жана өздөрүнүн маанисине байланыштуу башка да кошумча маанилерди билдирет. Ошондуктан кыймыл-аракеттин толук иштелишин билдирүүчү жардамчы этиштердин ар бири өзүнчө мүнөздөлүүнү талап кылат:

1) *Сал. -ып* жана *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкаша берет.

-ып формасындагы чакчылдар менен айкашат, *сал* жардамчы этиш катарында колдонулганда, кыймыл-аракеттин толук иштелишин билдирет:

Сенин адамгерчилигиң менин күчүмө күч кошуп, көңүлүмдү асманга көтөрүп, колхоз үчүн жан дилим менен иштөөгө *талпындырып салды*. Эркин койду айландыра үч жерге отту улуу *жагып салды* (К. Жантөшев). Сапарбай баш болуп жаштар чоң кагаздын бетине жазуу жазышып, газеталарды *жайып салышыптыр* (Т. Сыдыкбеков).

Жардамчы этиш *сал -а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин капысынан болгондугун, тездик менен иштелерин билдирет:

Ал терс кайрып койгон курканы дароо *калыбына келтире салды* да, дүрбүдөгү кароолду карышкырга тууралады. ...Жээрде кашка жалт бурула кошкуруп, сол жактагы жыбытчаны *карай салды* (К. Жантөшев).

2) *Ташта* жардамчы этиш катарында көбүнчө *-ып* формасындагы чакчылдар менен айкашат да, кыймыл-аракеттин толук иштелишин, чечкиндүүлүгүн жана кескиндигин билдирет:

Ошон үчүн башка жылкылар тынч турбаган арык сараңы тиштеп, тепкилеп четке *кубалап таштачу* (Т. Сыдыкбеков). Тоонун карын шамал айдап келип, кокту-колотко шыкаганда, жердин ой-чуңкурун билдирбей *тептегиз кылып таштаган* (С. Каралаев). Узун жигит дардайып жаткан калыбында колун силкип таштады (Т. Сыдыкбеков).

Кээде ал *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен да айкашат. Бирок татаал этиш үч составдуу болот да, биринчи компонент билгизген негизги мааниге кийинки эки компонент аркылуу кошумча маани берилет; мындай учурда кыймыл-аракеттин башталып барып аягына чыкпай калгандыгын билгизүүчү кошумча маани киргизилет. Кийинки бул маани боюнча *ташта* менен *жазда* бир бирине синонимдеш:

Кыяматтын кыстоосун *көрүп кала таштадык*, өтүп чыгып ооздан, өлүп кала таштадың. Элемандын сырттаны *учуп кете таштады* («Эр Төштүктөн») *Кетип кала таштады//келип кала жаздады.*

3) *Чык* кыймыл-аракеттин баштан аяк толук иштелгенин, же толук иштелиш билгизүү үчүн *-ып//-ип* формасындагы чакчылдар менен айкашат:

Мен сен айткан романды *окуп чыктым*. Сен айткандай, баштан аяк көчүрүп чыктым. Музейдин ичине кийрип жиберди эле, кызыктуу бир топ нерселерди көрүп чыктык.

4) *Жибер* жардамчы этиш катарында *-ып* формасындагы чакчылдар менен гана айткашат да, кыймыл-аракеттин тездигин, чечкиндүүлүгүн, толук иштелиш билдирет. Кыргыз тилинде мунун синоними катарында *ий, ир* деген этиштер колдонулат. Жардамчы этиштик мааниси жагынан бул үчөөнүн *(жибер, ир, ий)* ортосунда айырма жок:

Мугалим айткандай, кароолун тегиздеп туруп тарс эттире *атып жиберди* (К. Жантөшев).

Кабылан тууган Алмамбет
Ыргыта коюп ирди дейт («Манас»).

Муштап ийди; шилтеп ийди; аткарып ийди. Үйүлүп турган кургак бедеге *от коюп жиберди* (М. Абдукаримов). Калпакбай уулу көлдөлөң бүктөөсүндө катылган камчыны сууруп алып, Жакыпты май куйрукка *басым-басып* жиберди (Т. Сыдыкбеков).

5) *Кой -ып* формасындагы чакчылдар менен айкашканда жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин толук иштелердигин билгизет; бирок *сал, ташта' га* караганда мында чечкиндүүлүк, кескин аракеттенүүнүн мааниси болбойт. (Салыштыр: *чаап салды, чаап таштады—чаап койду);* кыймыл-аракеттин жайынча гана толук иштелгендиги көрсөтүлөт:

Дөбөт карышкыр тиштеп олтурган башын жерге коюп, арс этип бир үрүп, анан акырын *улуп койду*. Сен болбосоң, мен оокат кыла албай калмак экемин—деп, Ажыбай абдан кубануу менен тааныды бүркүтүнүн алдына *ыргытып койду* (К. Жантөшев). Үстүнөн оромол менен *таңып койду* (М. Абдукаримов).

— Апей ботом!—деп, Умсунай *чочуп койду* (Т. Сыдыкбеков).

-а//-е//-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда, кыймыл-аракеттин тездигин, чечкиндүүлүгүн, капысынан болгондугун билдирет:

Бирок Тумар канчалык күлгөнү менен, Сапардын сөзүнө ызалана түшкөнүн Салтанат байкап, күлкүсүн *токтото койду* (К. Жантөшев). «Тагай өчүн алган экен»—деп, дароо *биле койду*. Обочороок жерде аттанып жаткан Тагайды *көрө койду* (М. Абдукаримов).

Кой -а//-е//-й формасындагы чакчылдар менен айкашып, жардамчы этиш катарында колдонулганда, кээде кыймыл-аракетти иштөө үчүн болгон уруксаатты, же тездикти билдирет. Мындай учурда *кой* этиши дайыма буйрук ыңгай формасында колдонулат: *ала кой, кете кой.*

—Сырттаным, мен бул этти бузуп, казанга салгыча, кичипейилдик кылып суу *алып келе коюңуз*,—деди (К. Жантөшев).

Тангыч *-ба* мүчөсү *кой* жардамчы этиши катышкан татаал этиштин компонентинин кайсынысына жалгангандыгына байланыштуу кошумча маани да түрдүүчө болушу мүмкүн.

Эгерде тангыч *-ба* мүчөсү чакчыл формадагы негизги компонентке жалганса, анда кыймыл-аракеттин иш жүзүнө ашпай калгандыгы билдирилет:

Жайында бир топ жолдошторуң менен ууга баратканда, мен да барайын десем, *жибербей койдуң* (Т. Сыдыкбеков).

Эгерде -ба мүчөсү жардамчы компонентке жалганса, таануу менен бирге, алдын ала эскертүү мааниси да берилет: *айтып койбо, көрсөтүп койбо, билгизип койбо* ж. б.

Эгерде татаал этиштин составындагы эки компонент тең *-ба* мүчөсүн кабыл алган болсо, анда кыймыл-аракеттин болбой койбостугу, сөзсүз аткарыла тургандыгы билдирилет: Өндүрүштө күн сайын кыйынчылыктарга *жолукпай койбойсуң* (С. Сасыкбаев). Ал бүгүн *келбей койбойт* ж. б.

6) *Кал -ып* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин биротоло, толук иштелгенин билдирет:

Эшме дагы тиштөөгө умтулду эле, бирок түлкү былк этпей *жатып калды*. Түлкү кайрылып бүркүткө айбат кыларында, чап эттирип түлкүнү баштан алды да, кара шумкар канаттарын далпылдата *отуруп калды* (К. Жантөшев). Куйтулук кылгандыгы бат эле *билинип калды* (М. Абдукаримов).

Жогоркудай конструкция кээде негизги этиштин маанисине байланыштуу кыймыл-аракеттин аяктоого жакындагандыгын, же анын күчүн (кандай даражада иштелгендигин), чечкиндүүлүгүн көрсөтөт:

Эркиндин жалгыз бел байлаган досу Кумайык эле, ал да уламдан улам бери жакындап үрүп *келип калды* (К. Жантөшев).

Көлүндагы музоо тиш өрүлгөн ыргай сап камчысы менен олтурган жеринен Өмүрдү чоку талаштыра *берип-берип калды* (Т. Сыдыкбеков). Камчы менен баш аралата дагы бир жолу *тартып калды* (М. Абдукаримов).

-а//-е//-й формасындагы чакчылдар менен айкашканда *кал* жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин капысынан, тезинен болгонун, же бир абалдан экинчи абалга өткөндүктү көрсөтөт:

Бирок түлкү биздин кыйкырык-чууну тоготпой эки колун бооруна алгандай бүркүткө карап, чочоюп *отура калды*. Ушинтип бүгүн кар түшөбү?—деп, Наз ойлоно асманды караганда, ити акырын гана үнүн чыгарды да, лып *жата калды* (К. Жантөшев). Сабага куйганы эсине түшүп, Самтыр мостоё калды (Т. Сыдыкбеков).

—О, айланайын, деги соосуңбу? —деп, ого бетер шашылып Өмүр атынан *түшө калды* (К. Жантөшев).

Тангыч *-ба* мүчөсү жалгангандагы маанинин берилиши жагынан *кал* жардамчы этиши *кой* деген этиш менен бирдей: *жазбай койду, келбей калды, жазбай койбо, келбей калба* ж. б.

Негизги компонент менен жардамчы компонент *да* байламтасы аркылуу тутумдашканда да, кыймыл-аракеттин чечкиндүүлүк менен болгондугу билдирилет:

Кой шуулдап келе жатып, бир чоң асканын алдына келгенде тык *токтоду да калды*. Таптакыр караңгы түшүп, жанында турган бийик асканы көрсөтпөй туман улам удургуп, так түтүн каптаган караңгы үйгө *окшоду да калды*. Эркин көз ирмебей табыш чыккан тарапты карады да калды (К. Жантөшев).

7) *Ал* жардамчы этиш катарында *-а//-е//-й* формасындагы чакчылдар менен айкашканда, мүмкүндүктү (оң формада болсо) же мүмкүн эместикти (терс формада болсо) билдирет: Мен французча текстти *окуй алам, которо алам*. Бирок бизди эч ким *ажырата алышпайт*. Кечинде аябай чарчап келсе да, көпкө чейин *уктай албайт* (М. Абдукаримов).

Ал -ып формасындагы чакчылдар менен айкашканда, үч түрдүү мааниде колдонулат, бирок үчөөндө тең «өзү» деген идея кошулуп жүрөт.

1) Кыймыл-аракет субъектинин өзү үчүн иштелгендигин билдирет:

Эдирең-Теке ал балыкты *кармап алды да*, арыктын жээгине чыкты.

Адылбай тарткыла деп кыйкырганда, кайра *тартып алдык*. (К. Жантөшев). Ошентип жүрүп төрт кап буудай *камдап алды*. Алымкулду коргонуна чакырып келип, дарбазаларын

бекитип алды. Алтынайдан ининме деп *сурап алган* (М. Абдукаримов).

2) Окуя аракеттенүүчү жактын айланасында, же ага багытталганын билдирет:

Аке, мен өзүм эле *үйрөнүп алдым* (М. Абдукаримов). Ар ким өз короо-жайынан узап чыкпай, эшик алдына максатсыз сороюп узакка *туруп алат.* Оттун чогун чымчытып тиштеген папиросун *тутандырып алды да,* Жакып мекемени көздөй жөнөдү. Карымшак да чыны менен бир *күлүп алды да,* ушундан кийин бир аз көңүлдүү олтурду (Т. Сыдыкбеков).

3) Кыймыл-аракеттин чукулунан, капысынан болгондугун билдирет:

Соке калдастай берип Жыпардын сыясын *төгүп алды.* Бастыра берген Соке өз алдынча *кобурап алды.* Мария ичтен сызылып *ушкүрүп алды.* Шарше эки жагына элтең *карап алды да,* Саламат уулунан папирос сурады (Т. Сыдыкбеков).

Кыймыл-аракеттин өтүш өзгөчөлүгүн билдирүүчү мүчөлөр

Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин убакыт боюнча өтүшүнүн мүнөзүн (кыймыл-аракеттин созулушун, бүтүшүн, кайталанышын, чукулунан, капысынан болушун, бошондошун, же күчөшүн ж. б.) билдирүү үчүн *-ып, -а//-е//-й* формасындагы чакчылдарга жардамчы этиштер кошулат, кээде бул маанини билдирүү үчүн айрым мүчөлөр да пайдаланылат. Кыймыл-аракеттин мүнөзүн билдирүүчү андай мүчөлөр этиш аркылуу берилген негизги түшүнүккө жогоруда саналган кошумча маанилердин айрымдарын жүктөйт. Ошондуктан аларды шарттуу болсо да түрдүк маанидеги мүчөлөр деп атоого болот. Мүчөлөрдүн бул түрү бардык эле этиштерге жалгана бербегендиктен, алар түр категориясын уюштуруучу системалык мүнөзгө ээ эмес.

Кыймыл-аракеттин өтүш өзгөчөлүгүн билдирүү үчүн колдонулуучу мүчөлөргө төмөнкүлөр кирет:

1) *-гыла* (фонетикалык варианттары менен). Этишке жалганып, кыймыл-аракеттин кайталанганын билдирет. Кыргыз тилинде бул мүчө анчалык өнүмдүү эмес, өтмө маанидеги аз сандуу этиштерге гана жалганат: *тарткыла, чапкыла, муштагыла, тепкиле, кескиле* ж. б.

Бул мүчө жалганган этишке буйрук ыңгайдын экинчи жагынын көптүк түрүнүн *-гыла* мүчөсүн кошуп айтууга да болот: *силер чапкылагыла, тепкилегиле, кескилегиле* ж. б.;

2) *-ла*—атоочтон этиш жасоочу мүчө; этишке жалганда кыймыл-аракеттин кайталанганын билдирет. Бирок бул

маанини боюнча анчалык өнүмдүү эмес, өтмө маанидеги *кармала—кармала, сыйпа—сыйпала, жалма—жалмала* сыяктуу аз сандуу этиштерге гана жалганат. Аягы *-ң* же болбосо *-к* менен бүткөн элестүү сөздөрдөн *-ла* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу *бөкчөңдө, соксоңдо, болчоңдо* сыяктуу этиштер түзүлөт. Мындай этиштер да кыймыл-аракеттин кайталанганын билдирет;

3) *-ылда* (*<-ыл-ла*) мүчөсү табыш тууранды жана кээ бир элестүү сөздөргө гана жалганат да, аларды этишке өткөрүп, табыштык жана элестик кыймыл-аракеттердин кайталанганын билгизет. Мунун кайталанган маанини тууранды сөздөргө «эт» деген жардамчы этиштин кошулушу аркылуу жасалган татаал этиштер менен салыштырылганда ачык билинет: *тарс этти* (табыштык кыймылдын бир ирет гана болгонун билгизет), *тарсылда* (табыштык кыймылдын бир канча ирет болгонун, б. а. кайталанганын билгизет).

4) *-ыштыр* (*-ыш+дыр*)—өнүмсүз мүчө. *Сураштыр, караштыр* сыяктуу сөздөргө гана жалганат да, кыймыл-аракеттин бир эмес, бир канча жолу болгонун билдирет;

5) *-чы*—адат өткөн чактын мүчөсү; кыймыл-аракеттин адаттангандыгын, демек, бир канча ирет кайталангандыгын билгизет:

Капкандарын байланып, ак билек, узун тумшук, куу тайгандарын ээрчитип, кайда чыйырдуу, ийиндүү колот, жылгалардын башына коно жатып, суур, кашкулак жана башка *аң терилерин алчу.* Бригадири келип саржан салса, ага ишенбей, дайым өзү айдаган жерин өзү кадамы менен *кадамдап чыкчу.* Ошон үчүн башка жылкылар тынч турбаган саралары тиштеп, тепкилеп четке *кубалап таштачу* (Т. Сыдыкбеков);

6) *-ууда* (*<-уу+да*)—учур чактын мүчөсү; кыймыл-аракеттин акырындык менен созулушун, өнүгүшүн билдирет:

Тынчтыкты жактоочулардын *саны өсүүдө.* Биз, комсомолецтер, күрөштө *такшалуудабыз.* Туман калыңдап, көк жээк *түнөрүүдө.* Совет элдери берилгендик менен билим, техниканы өзгөштүрүүдө;

7) Кыймыл-аракеттин убакыт боюнча өтүшүнүн объективдүү мүнөздөмөсү келер чактын *-ар//-ар* формасына *эле* деген жардамчы этиштин кошулушу аркылуу да берилет. Мындай конструкция аркылуу кыймыл-аракеттин адаттанган сыяктуу болуп кайталанышы билдирилет:

Азоо дегенди ушинтип *кармар эле.* Ал биздикине келип *турар эле* (бир эмес, бир канча жолу деген мааниде) ж. б.

МАМИЛЕ КАТЕГОРИЯСЫ

Мамиле жөнүндө жалпы мүнөздөмө

Мамиле категориясы этиштик кыймыл-аракетке карата сүйлөмдүн ээсинин объектилик-субъектилик карым-катышта экендигин билдирүү үчүн колдонулат. Кыймыл-аракеттин ээге карата болгон мамилесин аныктоо дегенибиз—сүйлөмдүн ээсине мамиле мүчөлөрү жалганып, баяндоочтук милдет аткарган этишке карата объект же субъект (реалдуу же реалдуу эмес субъект) экендигин белгилөө.

Атам өтүк тикти дегенде *атам*—грамматикалык ээ, иштин чыныгы иштөөчүсү, субъектиси; өтүктү өзү тикти. *Атам өтүкчүгө өтүк тиктирди* дегенде да *атам* сүйлөмдүн грамматикалык ээси, бирок иштин чыныгы иштөөчүсү (субъектиси) эмес. Ишти чыныгы иштеген логикалык субъект—барыш жөндөмөдөгү *өтүкчүгө* деген грамматикалык толуктооч.

Колхозчулар чөп чабышты деген сүйлөмдө да *колхозчулар*—сүйлөмдүн ээси, иштин чыныгы иштөөчүсү; *чөп* болсо—алардын кыймыл-аракети багытталган объект. Ушу сүйлөмдү *чөп колхозчулар тарабынан чабылды* деп айта турган болсок, *чөп*—сүйлөмдүн грамматикалык ээси, бирок иштин чыныгы иштөөчүсү эмес; ал биринчи иретте, кыймыл-аракет багытталуучу логикалык объект; мында ишти чыныгы иштеген логикалык субъект—сүйлөмдөгү *колхозчулар* тарабынан деген грамматикалык толуктооч. *Жеңишбек колун жууду* дегенде да *Жеңишбек*—сүйлөмдүн ээси, иштин чыныгы аткаруучусу; анын кыймыл-аракети *кол* деген бөлөк бир объектиге багытталып турат. *Жеңишбек жуунду* десек, *Жеңишбеш*—сүйлөмдүн грамматикалык ээси, иштин чыныгы иштөөчүсү, субъект. Бирок ал муну менен бирге өзүнүн кыймылына өзү объект, анткени кыймыл-аракет башка бир нерсеге өтпөй, субъектинин өзүнө багытталып турат.

Ушинтип, мамиле формаларынын кээ бирөөндө грамматикалык ээ өзүнүн баяндоочуна карата иштин чыныгы иштөөчү субъектиси болсо, кээ бирөөндө боло албайт; иштин чыныгы иштөөчүсү кыймыл-аракет багытталган грамматикалык толуктооч болушу мүмкүн; кээде сүйлөмдө ээ болуп турган зат өзүнүн кыймыл-аракетине логикалык жагынан объект да болушу мүмкүн.

Кыргыз тилинде мамиле категориясынын беш түрү бар: негизги, өздүк, кош, аркылуу, туюк.

Азыркы түрк тилдеринде мамиле категориясынын мүчөлөрүнө, негизинен, кууш үндүүлөр катышат. Байыркы тилдерде тыбыштык составы жагынан мамиле формаларына окшош

кең жана кууш варианттагы мүчөлөр болгон, бирок алар, негизинен, атоочтон этиш жасашкан. Ошону менен бирге кууш варианттагы мүчөлөрү этиштерге да жалгана алышкан. Мына ушул кийинки кырдаал баштагы сөз жасоочу мүчөлөрдүн кийин мамилелик форма катарында өнүгүп кетишине өбөлгө түзгөн.

Азыркы мамиле мүчөлөрүнүн баары башта сөз жасоочу функцияда колдонулуучу мүчөлөр (кең жана кууш варианттагы) менен тыбыштык түзүлүшү жагынан төп келишет: *-ан//-ен, -ан//-ин, -ал//-ел, -ыл//-ил, -ал//-еш, -ыш//-иш, -ат//-ет, -ыт//-ит, -тар//-тер, -тыр//-тир, -ар//ер, -ыр//-ир, -кар//-кер, -кыр//-кир*. Мисалы: байыркы түркчө Тай атты—тай ат болду, ат курагына жетти. Ол мене сөз *айытты*—Ал менден сөз сурады (<*ай—айт, утанды—уялды;* салыштыр: түркчө (<ут, уд—уйат; демек, *т<д<й*: утан<уд-><уйал), *көзүңди*—көрүндү; *айтынды*—суранды; эгенур—өзүн ээ деп эсептейт; *(уйалды*—уялды (<уй<*уд*—уйат); *куталды*—куттуу болду; *ток*—ол (<ток: ток йылкы—токол мал); аркашты—аркалашты, аркасынан жүк көтөрүштү. *Өгүшди*—макташты (<өг—б. түрк. *өг*—макта); *йашыл* (көктө маанисинде) <*йаш* ж. б. (Мисалдар Махмуд Кашгариден алынды); мамиле мүчөлөрүнө окшош мүчөлөр төмөндөгү сөздөрдө да бар; кырг. от—отун, түш—түшүн, жок—жогол, сун—сунал, чок (алт.)—чогул, жөтөл—жөткүр: жан—йал (б. түркчө от йалды—от жалында-ды); кыс—кыстар, бөк (монг, бөх—бекем; б. уйг. пөк—бекит) — бөктөр; май (майыш, майрык) майтар, жаз—жазгыр.

Тарыхый фактыларга жана азыркы мезгилдеги маанилерине караганда, тилде мамиле системасы түзүлүүгө чейин мунун азыркы кездеги түрлөрү башта актив жана пассивге гана ажыраган болуу керек (азыркы аркылуу мамиленин мүчөлөрү жалганган этиштер—актив, өздүк менен туюк мамиленин мүчөлөрү жалганган этиштер—пассив). Кийин субъект менен кыймыл-аракеттин объектисинин ортосундагы карым-катышты грамматикалык жагынан тактоо үчүн мурунку жалпы түшүнүктөн мамиленин азыркы түрлөрүнүн маанилери бөлүнүп чыккан.

Мамиле категориясы атайын мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу этиш сөздөрдөн жасалат. Мамиле категориясында сөз жасоо менен сөз өзгөртүүнүн—экөөнүн тең белгиси бар. Бирок кээ бир сөздөрдө гана болбосо, көпчүлүк учурда этиштин лексикалык мааниси өзгөрбөйт:

келиш—1) бирөө менен бирге келүү; 2) макулдукка келүү;
караш—1) бирөө менен бирге карашуу; 2) жардамдашуу;
тургуз—1) ордунан тургузуу; 2) бирдеме орнотуу, куруу;
болуш—жардамдашуу. Мамиле мүчөлөрүнүн жардамы ар-

кылуу жогоркудай лексикалык жаңы мааниге ээ болгон этиш өтө эле сейрек, жокко эсе.

Өтмө жана өтпөс этиштер

Кыймыл-аракеттин объектиге карата болгон мамилеси башкаруу аркылуу берилет. Объектиге карата болгон карым-катнашы боюнча этиштерди өз ара бөлүштүрүүнүн мамиле системасында ролу чоң. Объектиге карата, б. а. жөндөмөлөр менен байланыштуулугуна карата этиш *өтмө* жана *өтпөс* болуп экиге бөлүнөт. Этиштин өтмө, өтпөстүгү анын лексикалык түпкү мааниси боюнча аныкталат. Ошондуктан этиштин өтмө жана өтпөс категориясы—морфологиялык эмес, лексикалык категория.

Этиштин өтмө жана өтпөс болуп бөлүнүшү баарыдан мурда кыймыл-аракеттин объектиге карата болгон байланышына негизделген. Ал эми мамиле категориясы болсо кыймыл-аракеттин субъект менен объектиге карата болгон карым-катышын билгизет. Ошондуктан өтмө жана өтпөс этиштер мамиле категориясы билгизген маанинин бир жак жагы (объект) менен гана байланышат, бирок бул эки категория (өтмө, өтпөс жана мамиле) бирине бири дал келбейт.

Кээ бир этиштер аркылуу берилген кыймыл-аракет затка тике багытталат. Кыймыл-аракет багытталган ал зат көбүнчө табыш жөндөмөсүндө турат. Мындай этиштер өтмө этиштер деп аталат: *оку* (эмнени?—китепти), *чап* (эмнени?—чалгыны).

Өтмө этиштер баарыдан мурда конкреттүү кыймыл-аракетти билгизет да, затка тике жана бүт багытталып, аны кандайдыр бир өзгөрүшкө дуушар кылат, же аны ошол кыймыл-аракеттин продуктусу, натыйжасы катарында көрсөтөт. Мындай этиштер объектинин табыш жөндөмөдө турушун талап кылат: *үйдү жыйна; чайды демде; атты сугар; «шыңгырамаңы» аткарды.*

Табыш жөндөмөсүн талап кылган этиштик кыймыл-аракеттин баары эле объектиге бирдей даражада өтө бербейт. Кабыл алуу, билүү, сезүү маанисиндеги кээ бир этиштер да өтмө мааниде болуп, табыш жөндөмөдөгү объектини талап кылышат. Бирок аларда өтмөлүк маани күчсүзүрөөк, ошондуктан алардын кыймыл-аракети объектиге багытталганы менен, объект көрүнүктүү өзгөрүүгө учурабайт: *спортту сүйөт; жаңылыкты билет; жаңырыкты укту; антты унутту.*

Кээ бир өтмө этиштер табыштан башка барыш менен чыгыш жөндөмөлөрүн да башкарат.

Чыгыш жөндөмө менен айкашканда, өтмө этиштин кыймыл-аракети табыш жөндөмөдөгүдөй объектиге бүт таралбастан, анын жарым-жартылай бөлүгүнө гана таралат. Салыштыр: *Атты карма—Аттан кармап мин.* Нанды же—*Нандан же* ж. б.

Барыш жөндөмө менен айкашканда, өтмө этиш кыймыл-аракеттин объектиге багытталганын билдирет. Бирок ага таралбайт, объект өзгөрүүгө дуушар болбойт. Салыштыр: *Мага карады — мени карады. Атка мин — Атты мин.*

Табыштан башка жөндөмөлөрдү талап кылуучу этиштер *өтпөс этиштер* деп аталат. Алардын кыймыл-аракети бирдемени иштөө үчүн затка багытталбайт: *жүр, тур, кел, кет, күл, жөнө, укта* ж. б.

Өтпөс этиштерге көбүнчө ал-абалды (*отур, тур, жүр, жат, оору, айык* ж. б.), мейкиндиктеги кыймылды (*чурка, бас, кел, кет* ж. б.) жана бир абалдан экинчи абалга өтүүнү билгизүүчү (*кызар, агар, бозор, жумшар, музда, жашар, семир, арыкта, тоң* ж. б.) этиштер кирет. Өтпөс этиштер өздөрүнүн мааниси боюнча аракетти билгизбегенден кийин, алар башка бир нерсени иштөөгө тике багыттала албайт, пассивдүү келет. Ошондуктан өтпөстүк маани буларга мүнөздүү.

Кыргыз тилиндеги этиштер өтмө жана өтпөстүк маанини билдирүү жолдору боюнча экиге бөлүнөт:

а) *лексикалык өтмө жана өтпөс этиштер.*

б) *грамматикалык өтмө жана өтпөс этиштер.*

Биринчи топко өзүнүн лексикалык мааниси боюнча объектиге тике багытталуучу, же багытталбоочу этиштер кирет: *тамакты* ич, *сууну* кеч; *айылга* кел, *үйгө* бар ж. б.

Экинчи топко мамиленин ар түрдүү формаларында турган этиштер кирет. Мамиле формаларынын өзгөрүшүнө байланыштуу алардын жөндөмөлөрдү башкаруу жөндөмдүүлүгү артат. Объект менен субъектинин ортосундагы мамиле өзгөрөт.

Грамматикалык өтмө этишке аркылуу мамиле кирет, ал өтмө жана өтпөс этиштерден жасалат. Аркылуу мамиленин мүчөлөрүнүн жардамы менен өтпөс этиш өтмө этишке айланат да, тике объект менен айкашууга жөндөмдүү болот.

күл—күлдүр: Эркин күлдү—Эркин *чалдарды күлдүрдү; укта—уктат:* Айша уктады—Айша *баланы уктатты.* Жөнө—жөнөт; Ашым жөнөдү—Ашым *уулун жөнөттү.* Өтпөс этиштер аркылуулук мааниге кабатталган мүчөнүн экинчиси аркылуу жетишет (*бошо*—ким? эмне? *бошот*—кимди? эмнени? *бошотур*—кимди? кимге? эмнени? эмнеге?). Энем *үйдү* эжеме *бошоттурду.*

Аркылуу мамиленин мүчөсү жалганганда, өтмө этиштерден кабатталган маанидеги өтмө этиштер жасалат да, сүйлөмдө эки объект пайда болот. Салыштыр: Атам *беде//бедени* чапты—Атам *бедени Алымбайга* чаптырды. Мен *газетти уулуман* алдырдым.

Жогоруда келтирилген мисалдардан өтмө этиш аркылуулук маанига биринчи мүчө айкашканда жетишсе, өтпөс этиштер биринчи мүчөнүн жардамы аркылуу өтмө этишке айланып, тике объектини талап кылат да, аркылуулук маанига мүчө экинчи ирет жалганганда гана жетишердигин көрүүгө болот. Ушул экинчи учурда гана аркылуулук маанисинин мүчөсү этишке бир же эки жолу эмес, үч жолу да кабатталып келиши мүмкүн.

Грамматикалык өтпөс этишке туюк жана өздүк мамиленин мүчөлөрү аркылуу жасалган этиштер кирет.

Туюк мамиле көбүнчө өтмө этиштен жасалат. Туюк мамиленин мүчөсү жалганганда, лексикалык өтмө этиш өтпөс этишке айланат да, баштагы тике объект менен айкашуучу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт; барыш, чыгыш жөндөмөлөрүн башкарып калат:

жең—кимди, *жеңил*—кимден; *жаз*—эмнени? *жазыл*—эмнеге? Аккочкор *Жаңыл мырзадан жеңилген* (А. Чоробаев). Керимбек *газетага жазылды.*

Туюк мамиле сейрек түрдө өптөс этиштен да жасалат: *Соко жүрдү—Соко менен жүрүлдү.* Мындай учурда субъектилик жана объектилик маани өзгөрөт; кыймыл-аракеттин иштөөчүсүнүн белгисиздиги, так эместиги билдирилет.

Өздүк мамиле формасындагы этиштер көбүнчө өтмө этиштен жасалып, өтпөс этишке айланат. Өтмө этиш өтпөскө айланганда, табыш жөндөмөдө турган мурдагы сөз көбүнчө түшүп калат да, анын ордуна кыйыр жөндөмөдөгү объект пайда болот: *колуңду* жуу—*сууга* жуун; *бутуңду* какта—*отко кактан.* Өздүк мамиле формасындагы этиштин өтмө маанидеги бойдон калган учуру сейрек кездешет: *карма—карман (кимди); тарт—тартын (эмнени)*; Жылкынын чылгый терисин тартынып. Медер кылар кишим жок, *Карманып сени* жүрөйүн («Кедейкан»). Чанда бирөө болбосо, өздүк мамиле өтпөс этиштен жасалбайт: *бошо—бошон.*

Негизги мамиле

Туунду жана тубаса этиштер мамиле формаларынын жасалышы үчүн негиз болуп кызмат кылышат. Ошондуктан алар негизги мамиле болуп эсептелинет. Морфологиялык

жагынан атооч жөндөмө башка жөндөмөлөрдүн ичинде кандай орунду ээлесе, негизги мамиле да мамиленин калган түрлөрүнүн ичинде ошондой орунду ээлейт. Негизги мамиле морфологиялык жагынан өзүнө тиешелүү мүчөсүнүн жоктугу менен мүнөздөлөт; мамилелик маани мында уңгу же негиз түрүндө турган этиш сөздөрдүн ички лексикалык мааниси аркылуу лексикалык жол менен берилет. Негизги мамиледе турган этиш сөздөр морфологиялык составы жагынан *туунду, тубаса,* грамматикалык жагынан *өтмө, өтпөс,* демек, *активдүү* жана *пассивдүү* болуп да өз ара дифференцияланат.

Мааниси жагынан негизги мамиле кыймыл-аракеттин ээ тарабынан иштелгендигин көрсөтөт. Эгерде кыймыл-аракетке ээнин субъект же объект экендигин көрсөтүү зарыл болсо, анда этиш башка мамилелердин формасын кабыл алат. Мындай учурда кыймыл-аракеттин ээге карата болгон мааниси сан жана сапат жагынан өзгөрөт. Негизги мамиленин мааниси мамилелик башка формаларга салыштырганда ачык билинет: *Айша кир жууду* дегенде мындагы кыймыл-аракет башка бирөөнүн катышуусуз, сүйлөмдүн ээси—*Айша* тарабынан иштелгендиги көрүнүп турат. Грамматикалык ээ да, логикалык субъект да—*Айша.* Мында субъект менен грамматикалык ээ бир бирине дал келип, алардын милдетин бир эле сөз аткарып турат. Кыймыл-аракет багытталган объект өзүнчө башка сөз менен берилген, бирок ал логикалык жагынан субъект боло албайт, грамматикалык өз маанисинде колдонулган — объект.

Негизги мамиле кээде туюк мамиленин маанисинде да колдонулат: Мындай учур *-ган* формалуу аныктоочтук айкашуудан кезигет: *жеген эт, окуган китеп, окуган киши, окуган мектеп, окуган убак.*

Мындай аныктоочтор менен аныкталгычтар өз ара бирдей карым-катнашта эмес. Биринчи экөөндө өздөрүнүн белгиси болуп эсептелген кыймыл-аракеттерине аныкталгычтары объект болуп эсептелсе, андан кийинкисинде аныкталгыч — өзүнүн кыймыл-аракетине субъект; эң акыркы экөөндө аныктооч менен аныкталгыч бири бирине мейкиндик жана мезгилдик карым-катнаш боюнча байланышкан. Бирок негизги мамиленин туюктук мааниде колдонулушу аныкталгычынын жандуу, жансыздыгына негизделбестен, жана аныкталгычынын маанисинен да келип чыкпайт.

Негизги мамиле аркылуу берилген аныктоочтук айкашуулардын туюк мамиле маанисинде колдонулуу, колдонулбастыгы аныктооч болуп түшкөн кыймыл-аракеттин субъектилеринин белгилүү, белгисиздигине негизделген. Кыймыл-

аракеттин субъектиси белгисиз, жаксыз болсо, негизги мамиле туюктук мааниде колдонулат, же туюктук форма аркылуу берилет. Мындай учурда аныктоочтук айкашуудагы кыймыл-аракеттин субъектиси өзүнчө атайын берилбейт:

Айткан сөз жерде калбайт—*Айтылган* сөз жерде калбайт. Салыштырыңыз: *унутулуп кетилди. Актаган* үйгө киресиң—*Акталган* үйгө киресиң. *Айткан* убакта келесиң—*Айтылган* убакта келесиң (субъект белгисиз).

Эгерде *-ган* формасынын логикалык субъектиси белгилүү болсо, аныктоочтук айкашуу анда негизги мамиле маанисинде колдонулат:

Жолдошу *айткан* сөз жерде калбайт. Айша *актаган* үйгө киресиң. Алым *айткан* убакта турасың.

Аныкталгычы жандуу заттардан болгон айкашууларда да субъект белгилүү, белгисиз болот, кийинки учурунда негизги мамиле туюк мааниде колдонулушу мүмкүн. *Жиберген кишилер:* 1) кыймыл-аракеттин субъектиси кимдир бирөөлөрдү бир жакка жиберген деген мааниде; 2) кыймыл-аракеттин жаксыздыгы: Тоого *жиберген* кишилер келди (*жиберилген* кишилер маанисинде). Мындай эки жактуу маанилүүлүктү айруу үчүн аныктоочтор көбүнчө туюк мамиле формасында же мүчөсүз колдонулат: *жиберген* кишилер (негизги мамиле), *жиберилген* кишилер (туюк мамиле).

Кош мамиле

Кош мамиле субъектилердин өз ара, же биргелешип иштешкен кыймыл-аракетин билдирет. Кош мамиле аркылуу берилүүчү карым-катыш субъектинин сандык мамилесине негизделип, кыймыл-аракеттин бир канча субъект тарабынан иштелгендигин көрсөтөт.

Кош мамиле этиш сөздөргө *-ыш* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат да, негизинен, төмөндөгүдөй маанилерди билдирет:

1. *Биргелешүү мааниси.* Этиштин өтмө, өтпөстүгүнө карата биргелешүү мааниси жана алардын объект менен болгон карым-катышы да эки түрдүү болот:

1) объектисиз жөнөкөй биргелешүү. Өтпөс этиштен жасалган кош мамилелер кыймыл-аракеттин бир канча субъектилер тарабынан биргелешип иштелгендигин билдирет. Мындай учурда кыймыл-аракет тике объектиге багытталбайт, иш-ти иштөөгө бир канча субъектинин бирге катышкандыгы гана билдирилет. Мындай учурда субъектилер коллективдик мааниде болушат. Эгер алардын ар бири өз алдынча берилген болсо, өз ара *менен* деген байламта аркылуу тутумдашат.

Бул эки учурда тең грамматикалык субъектилер атооч жөндөмөдө болушат:

Жүздөй жигит дүр этип *аттанышып*, карагайы көрктүү шаардай көрүнүп, балык жон тартып жаткан тоону бет ала *бастырышты* (К. Маликов). Алар... ар кайсы кумайларды, аскалардын арасындагы керүүлөрдү *караган болушат* (К. Жантөшев). Буюкка тоо кийиктер аскалардан түшүп, бөксөгө, ылымтага карай ыкташты. Айша менен Калыйча *күлүп жатышты.*

2) объектилүү өз ара биргелешүү. Өтмө этиштен жасалган кош мамилелер кыймыл-аракетти субъектилердин өз ара биргелешип иштешкендигин билдирет. Мында этиштин маанисине карата объектилүү биргелешүү эки түрдүү болот:

а) кыймыл-аракет субъектинин өзүнө багытталышы мүмкүн. Кош мамиленин бул мааниси өздүк мамиленин маанисине жакын. Өздүк мамиледе субъект өзүнүн кыймыл-аракетине объект болсо, кош мамиледе субъект бирине бири объект болот. Анткени алардын кыймыл-аракети башка затка өтпөйт, субъектилердин өздөрүнө өтөт. Грамматикалык жагынан кыймыл-аракетке катышуучу субъектилер атооч жөндөмөдө болушат да, өз ара *менен* деген байламта аркылуу тутумдашат, же атооч жөндөмөдөгү субъектилерге *менен* деген жандооч кошулат. Кээде биргелешүү маанисин тактоо максатында сүйлөмдүн составына «бирин бири», «бири менен бири» деген сөздөр да кошулушу мүмкүн:

Ал ииниси менен *кармашты.* Абыл менен Касым *кат алышып турат.* Эмне кыларын билишпей Анархан менен Дарыяхан бир нече секунд *бирин бири карашты. Күмүш менен Зунахун* кол кармашып *көрүштү* (К. Жантөшев). *Эркин менен Жеңиш кучакташты.*

б) кыймыл-аракет грамматикалык объектиге багытталып, ошого өтөт. Субъектилер ошол кыймыл-аракетти аткаруу үчүн биргелешип иштешет:

Жумаалылар огороддун чекесине чыга бергенде, алардын кайда, эмне үчүн *баратканын* балдар *көрүштү* (К. Жантөшев). Сабага куяры менен *сүттү* алмак-салмак *бышышты.* Кызы энеси менен *кир жууштү.*

2. *Жардамдашуу мааниси.* Кош мамиленин бул мааниси ишти биргелешип иштөөнүн бир түрү болуп эсептелет. Бирөк жардамдашуучу субъект атооч жөндөмө аркылуу, көмөк көрсөтүлгөн жак барыш жөндөмө формасын кабыл алат: Керимбек энесине пахта *теришти,* Салый эжесине *теришти.*

Көптүк маанисиндеги -ыш мүчөсү кыймыл-аракетке бир канча субъектинин бирге катышкандыгын көрсөткөнү аркылуу көптүк идеяны да билдирет. Бул мүчө көптүк мааниде

үчүнчү жактын көптүк түрүндө гана колдонулат. *-ыш* мүчөсү аркылуу биргелешүү жана 3-жактын көптүк маанисн бирге жүрөт. Биринчи, экинчи жактын көптүк түрүндө сандык идея менен биргелешүү маанисн айрым форма менен берилет: Кечээ кырманды биз *бастырыштык* эле, бүгүн силер *бастырышасыңар*.

Үчүнчү жактын көптүк маанисн менен субъектилердин биргелешүүсүн бөлүп карооо эч мүмкүн эмес. *-ыш* аркылуу берилген көптүк идея биргелешүү маанисинин бир түрү болуп эсептелет:

Бүбүш столуна олтуруп, ишине кириштн деген кабарды угушуп, журт анын үстүнө *келишип, учурашып* кол беришет (Т. Сыдыкбеков). Атасы өлүп, балдары ардактап көмдү да, алтын тактарына минип, тийиштүү элдерине өкүмүн *жүргүзө беришти* («Миң бир түн»).

Үчүнчү жактагы субъект көптүк түрдө турса да, айрым учурда анын баяндоочу *-ыш* формасы менен берилүүнүн ордуна жекелик санда айтылат.

Эгерде көптүк формада турган субъект бир өзчөй категория катарында кабыл алынып, кыймыл-аракеттер жалпысынан бир кыймыл катарында эсептелсе, баяндооч жекелик санда, *-ыш* мүчөсүз колдонулат: *Алар келди. Алар жазды.* Топтошуп эл келип жатса, туш-тушка куугунчулар чапкылап *кетип жатат* (К. Жантөшев).

Эгерде көптүк формадагы субъектинин айрым кишилерден турардыгы көрсөтүлүп, ага карата кыймыл-аракеттер да айрым субъектиге бөлүштүрүлсө, баяндооч көптүк формада колдонулат:

Эл дуулдашып, чоң маселе чечилгендей, *тарап жатышты* (С. Каралаев). Өтө эле сөөлөттүү шайыр көрүнүштө уу-дуу болуп, кубанычтуу сөздөрдү күлкү менен безеп *жөнөтүп жатышат* (К. Жантөшев).

3. *Ортосаар мааниси.* Кээ бир этиштер формалдык жагынан кош мамиле болгону менен, жогоркудай маанилер менен сыйышпай турган ара маанини билдирүү үчүн колдонулат. Кыргыз тилинде кош мамиленин ортосаардык мааниси анчалык өнүгө алган эмес:

Өгөөдөй болгон кыл аркан алакандарын кабартып, тез сыйрып жиберди, бара-бара жарасы туз сепкендей *ачышты* (А. Токомбаев). Оорусу күндөн күнгө *жылышпап* оңолуп келе жатат. Ары *сыйлыгыша* отур. Жип *чатышып калыптыр.*

Кыргыз тилинде *-ыш* мүчөсү аркылуу түзүлгөн кээ бир этиштер лексикалашып, кош мамиленин маанисинде эмес, башка жаңы маанидеги этиш катарында колдонулган учурлары да кездешет.

Кош мамиле да I, II жак жекелик түрдө жактала берери белгилүү: Мен *жазыштым*, сен *жазыштың*. Демек, критерия-сы—мааниси *-ыш* формасындагы этиш кош мамиле экендигин, же лексикалашкан жаңы мааниде экендигин маанисине карай гана ажыратууга болот. *-ыш* мүчөсү уланган этиш лексикалашкан жаңы мааниде келгенде көптүк идея жана биргелешүү мааниси берилбейт: мен *киришпим, талаштым*, сен *киришпиң, талаштың* ж. б. Лексикалашкан жаңы маанидеги этиштерге *кириш, жармаш, орнош, чатыш, келиш, куруш, майыш, катыш, аралаш* сыяктуу этиштер кирет.

Кээде биргелешүү маанисин күчөтүү үчүн, же биргелик маанини ажыратып көрсөтүү үчүн *-ыш* мүчөсү этиштик унгуга кабатталып жалганат: Сакалдуу-көкүлдүүлөр Саадаттын эшигинин алдына *топтошушту* (Т. Сыдыкбеков).

Бирок ал келе жаткандарды тосуп Сабыр тургандыктан, алар кайра отко *киришишти* (К. Жантөшев).

Өздүк мамиле

Өздүк мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу субъектиге багытталганын, же анын айланасында топтолгонун көрсөтөт. Өздүк мамиленин морфологиялык формасы болуп *-ын* мүчөсү эсептелет.

Өздүк мамиле төмөндөгүдөй маанилерди билдирет:

1. *Нагыз өздүк маанисинде.* Нагыз өздүк маани этиштин грамматикалык объект менен болгон катнашына карай өз ара экиге бөлүнөт.

а) *Грамматикалык объектисиз нагыз өздүк мааниси.* Грамматикалык субъектиде объектилик идея да бар болгондуктан, объект өзүнчө атайын сөз менен берилбейт. Мындай учурда грамматикалык субъект өзүнүн кыймыл-аракетине логикалык жагынан объект болот да, экөө (субъект, объект) грамматикалык бир жак менен берилет. Грамматикалык субъект өзүнө өзү логикалык жагынан объект да экендигин көрсөтүүчү этиштер аз. Ага *кирин, малын, мүүн, жасан, жарын, жуун, кактан* сыяктуу этиштер кирет:

Анда бир топ катын-кыздар *жуунуп жатат* («Мин бир түн»). Саймалуу жашыл баркыт текчеден күзгүсүн алып, өңүн карап, жаактарын сылап, кайра текчеге салып баратып, дагы *каранды* (А. Токомбаев).

б) *Грамматикалык объектилүү нагыз өздүк мааниси.* Кээде өздүк мамилелик конструкция этиштик баяндоочтун маанисин тактоо максатында объект менен да айтылышы мүмкүн.

Объектисиз конструкциядан мунун айырмасы—кыймыл-аракет грамматикалык объектиге багытталат да, субъектинин пайдасы үчүн иштелет:

Балдардан талашканым уят го дегенсип, *чапанын жамынып* отуруп калды (К. Жантөшев). Темир *тору кашкасын токунуп,* айылдын жогору жагындагы өрдөштү көздөй бет алды (Т. Сыдыкбеков).

Көкүрөгүн ачынып, Калмакча *намаз окунуп. Чарыкты тартып, мылтыкты асын.* Күзгүгө *өзүңдү каран* ж. б.

2. *Ортосаар мааниси.* Мындай учурда кыймыл-аракет субъектинин өзүнө топтолгондой, анын айланасынан сыртка чыкпагандай сезилет (ортосаардык мындай маани кош, туюк мамилелерге да мүнөздүү). Нагыз өздүк мааниден ортосаар маанинин айырмасы: кыймыл-аракет субъектиге да багытталбайт; экинчиден, объектини кошуп айтууга мүмкүн эмес, ал эми нагыз өздүк маанисинде болсо объект болуучу сөз катыштырылып айтыла берет. *-ын* мүчөсүндө нагыз өздүк маанисине караганда ортосаар мааниде колдонулушу басымдуулук кылат. Айта түшсө экен деп өтүндү. Алардын боору *ачынды.* Тутунуп мени багып ал. Таш *куланды.* Келгенине *сүйүндү* да, кеткенине *күйүндү.* Сабакка *даярдан.* Ал мага *сүйлөндү.* Өзүнөн өзү эле *сөгүнө* баштады. Тоюн, ачын, аян, бошон, сактан, мактан ж. б.

Өздүк мамиле формасындагы этиштердин ортосаар маанисси азыркы мезгилде составдык элементтерге ажыратылбай турган этиштерге да мүнөздүү. Алардын тарыхый жагынан туунду экендигин байыркы жазма эстеликтердин материалдарынан билүүгө болот: сугун (<б. түрк. сук—оозго сал), муун (<б. түрк. бог—муунт), жашын (<б. түрк. йашу—жашын) ж. б.

Өздүк мамиленин нагыз өздүк мааниси анчалык өнүгө алган эмес, анткени маанисинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу алар ар кандай эле этиштерден жасала бербейт, субъектинин өзүнүн кыймыл-аракети өзүнө жумшалгандыгын билдирүүчү этиштерден гана жасалат. Демек, -ын формасындагы этиштердин нагыз өздүк мааниси белгилүү өлчөмдө түпкү уңгунун лексикалык мааниси менен шартталган. Көпчүлүк этиштер бул талапка жооп бере алышпайт, ошондуктан мамиленин башка түрлөрүнө караганда өздүк мамиле кыргыз тилинде анчалык өнүгө алган эмес. Мисалы, төмөнкүдөй өтмө этиштерден өздүк мамиле жасалбайт: сүз, тик, тап, керт, кемир, кес, кас, туура, ич, кеч ж. б.

3. *Туюк мамилелик кошумча мааниси:* Алдыда келе жаткан чоң кара ала уй сарайдын оозуна орнотулган мамыга *сөйкөндү.* Абылгазы врачка *көрүндү.* Машина столбага *урунду* ж. б.

Мындагы курсив менен берилген сөздөр өздүк мамилелик формада, бирок алардын семантикасында туюк мамилелик кошумча маани да бар. Анткени *врачка көрүндү* дегенде субъект өзүн өзү көрбөстөн, туюк мамилелик маани сыяктуу өзүн башка бирөөгө көрсөтөт, мыймыл-аракетти иштөө үчүн башка бир нерсеге дуушар болду. Бирок бул маанини нагыз туюк мамилелик маани деп да кароого болбойт, себеби мында өздүк мамилеге мүнөздүү келген «өз» деген маани да бар, кыймыл-аракет субъектинин өзү үчүн иштелген. Маанисине карата ушул сыяктуу этиштерди өздүк-туюк маани десе да болот.

-ын формасындагы этиштердин туюк мамилелик мааниде колдонулушу байыркы тилдерге да мүнөздүү болгон, жана бул кубулуш ал убакта көбүрөөк кезиккен: Битик *окунду*—китеп окулду. Йыгач *бүтанды*—Дарак буталды. Күн *тутунду*—Күн тутулду. Эр *токынды*—Адам урулду (Мындагы *ток* этиши менен *токмок, токмокто* сөздөрү тектеш). Кой *банды*—Кой байланды (мындагы *бан* этишинин түпкү үнгусу-*ба:* Ол атыг *бады*—Ал атты байлады ж. б. (Мисалдар Махмуд Кашгариден алынды). Азыркы кезде этиштен атооч жасоочу *-ынды (-ын+ды)* мүчөсүнүн составындагы *-ын* да башта туюктук мааниде колдонулган: байыркы түркчө: *кезинди* тон—кийилген кийим; *сүрүндү эр*—сүрүлгөн, айдалган, куулган киши (Махмуд Кашгариден).

4. *-ын* формасындагы этиштер кээде кайталангандык маанисинде да колдонулат, бирок алар сан жагынан анча көп эмес: *чамын* (<чап), *темин* (<теп) ж. б.

Түп уңгуга салыштырганда *-ын* формасындагы кээ бир этиштерде кандайдыр бир жаңы маани бардай сезилет. Бул факты мамиле мүчөлөрү азыр, негизинен, форма жасоочу мүчөлөрдөн болгону менен белгилүү бир өлчөмдө сөз жасоо менен да аздыр-көптүр байланышы бар экендигине күбө боло алат. Салыштыр: *бас—басын, бат—батын, бак—багын, кир—кирин, өт—өтүн, аш—ашын* ж. б.

Өздүк мамиле маанисинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу ар кандай эле этиштерден жасала бербейт. Активдүү субъектиге байланыштуу болгон этиштерден жасалат. Өздүк мамиле кыймыл-аракет субъектинин чөйрөсүнөн башка жакка таралбай, ага багытталганын билдиргендиктен, субъектинин жандуу заттардан болушу шарт. Мисалы, *кымыз ичинди* деп кыргыз тилинин нормасы боюнча айтууга эч мүмкүн эмес. Анткени *кымыз*—логикалык жагынан объект болуучу пассивдүү зат. Ошондуктан өздүк мамиленин субъектиси, же аныкталгычы көбүнчө активдүү заттардан болот. Ушуга байланыштуу ма-

миле категориясынын бул түрү башкаларга караганда кыргыз тилинде анчалык өнүгө алган эмес.

Өздүк мамиленин мүчөсү кыймыл-аракеттин объект менен субъектиге карата болгон мамилесин билдирүүдөн башка, айрым сөздөрдүн лексикализацияланышынын натыйжасында азыр төмөнкүдөй сөздөрдүн составында өнүмсүз сөз жасоочу мүчө катарында да жолугат: *жаан, саан, эгин, коргон, жыйын, жатын, коюн* ж. б.

-ын мүчөсү аркылуу жасалган андай лексикалашкан этиштердин кээ бирлери атоочтук маанини да берип калган. Булар-га көбүнчө энчилүү ат маанисиндеги зат атоочтор кирет: *Сүйүн (сүй+ын), Бекин (бек+ын), Тилен (тиле+н), Уркун (үрк+ын).*

Туюк мамиле

Туюк мамиле формасындагы этиштер сырттан болгон кыймыл-аракеттин грамматикалык субъектиге багытталганын билдирет. Мындай учурда субъект ошол кыймыл-аракетти башынан өткөрөт, ага дуушар болот. Мунун натыйжасында туюк мамиле формасындагы этиштер пассивдүү этиштер деп да аталат.

Туюк мамиле кыргыз тилинде көбүнчө *-ыл (-л)* мүчөсү аркылуу жана аягы «л» тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн өздүк мамиленин *-ын (-н)* мүчөсү аркылуу да жасалат. *-ын* мүчөсү аркылуу жасалганда өздүк менен туюк мамиле формасы жагынан биримдикти түзөт да, кайсы мамилелик мааниде колдонулгандыгы контексттен гана ажыратылат: *жазыл, кошул, тосул, алын, билин, малын, байлан, тилин, шайлан* ж. б.

Туюк мамиле көбүнчө логикалык объектини кыймыл-аракетке дуушар болгон грамматикалык субъект катарында көрсөтөт. Объектинин субъект болушу өтмө этиштин өтпөс этишке айке айланышына байланыштуу. Өтмө этиш өтпөс этишке айланган учурда, баштагы грамматикалык субъект түшүп калат да, анын ордуна объект сүйлөмдүн ээси катарында колдонулат. Башкача айтканда, мамиленин грамматикалык ээси эки жактуу—субъектилик жана объектилик планда каралышы мүмкүн.

Аркылуу мамиледегидей, туюк мамиледе да кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү болуп грамматикалык субъект эмес, объект эсептелет, сүйлөмдүн ээси кыймыл-аракетти башынан өткөрөт. Ошондуктан көпчүлүк учурда туюк мамиледе да грамматикалык ээ, реалдуу субъект болбойт. Кыргыз тилинде ишти реалдуу иштөөчү—грамматикалык объект (адам) көпчүлүк учурда сүйлөм тизмегинде берилбейт, туюк болот, бирок кыймыл-аракеттин бирөө тарабынан иштелгендиги сүйлөмдүн кырдаалынан билинип турат;

Колхозчулар тоого мал айдашты—Тоого мал (колхозчулар тарабынан) *айдалды*. Өргөө менен кыздын себи жети төөгө жүктөлүп, калы килемдер менен жабылды (А. Токомбаев). Ленинград шаары 101 аралдын үстүнө курулган. Ат *сугарылып*, бети-кол *жуулуп*, чай *ичилүү* менен бирге келечек турмуш жөнүндөгү сөздөр да башталды (Жантөшев). Мындагы үйлөр жанар тоодон чыккан ысык суу менен жылытылат.

Нагыз туюк мааниси. Сүйлөмдүн ээси *-ыл* мүчөсү жалганган этиштик кыймыл-аракетти өз башынан өткөрөт, ага дуушар болот. Грамматикалык объектинин активдүү, же пассивдүүлүгүнө карата кыймыл-аракетке дуушар болуу грамматикалык белгиси жагынан туюк мамиледе эки түрдүү болот:

Эгерде иштин реалдуу аткаруучусу жандуу заттардан (адам) болсо, грамматикалык толуктооч *тарабынан* деген жандооч менен айкашууга жөндөмдүү болот. Бирок ал жандооч сүйлөм тизмегинде иштин реалдуу иштөөчүсү катышкан учурда гана колдонулат: Милдеттенме колхозчулар *тарабынан* аткарылды. Мындай конструкция айрым кишилердин оозеки речинде, газеттик стилде кезикпесе, кеңири колдонулбайт.

Эгерде грамматикалык кыйыр толуктооч (объект) адамдан башка заттардан болсо, анда ага «менен» деген жандооч кошулуп айтылат: Үйлар шарп *менен* кырылды. Костюм авиобензин *менен* тазаланды.

Грамматикалык объектинин активдүүлүгү, же пассивдүүлүгү бири-биринен жандоочтор боюнча гана айырмаланбастан, иштин реалдуу иштөөчүсүнүн бар экендиги боюнча да айырмаланат. Грамматикалык объект жандуу заттардан (адам) болсо, ал ошону менен бирге логикалык субъект да болуп эсептелет; грамматикалык ээ анын кыймыл-аракетин башынан өткөрөт. Грамматикалык объект жансыз заттардан болсо, анда ал объект иштин реалдуу иштөөчүсү—логикалык субъект боло албайт. Мындай учурда да алардын реалдуу иштөөчүсү болуп көбүнчө адам эсептелет. Кээде «реалдуу иштөөчүсү» болуп белгилүү бир шарт, кырдаал да эсептелиши мүмкүн: Чөп *чалгы менен чабылды (чалгыны чапкан—адам).* *Мөңгүнүн суусу менен (суусуна) жуулган жер.*

-ыл формасындагы этиштер нагыз туюк мамилелик мааниде колдонулганда, логикалык субъект, же иштин чыныгы аткаруучусу көбүнчө сүйлөмдүн составында берилбестиги, декомек, иштин ким тарабынан иштелгендиги туюк болордугу жоруда келтирилген мисалдардан даана көрүнүп турат. Мындай учурда сүйлөөчүнүн көңүлү ишти аткарган иштөөчүнү (логикалык субъектини) эмес, грамматикалык ээнин кыймыл-аракеттик ал-абалын белгилөөгө бурулган болот.

Туюк мамиледеги этиш субъект өзүнүн кыймыл-аракетине өзү дуушар болгонун да билдирет. Өздүк мамиле сыяктуу, грамматикалык субъект өзүнүн кыймыл-аракетине өзү логикалык объект болуп да калат. Мындай учурда туюк мамиледа субъект—объектилик мамилени билдирип, бул экөө грамматикалык бир жакка туура келет:

Чуркап баратып, *Керимбек* жипке *чалынды. Жагалмай* салмоордун ташындай жеңил гана асманга *көтөрүлүп,* кылчак-кылчак карап, көздөн кайым болду (Токомбаев).

Нагыз туюк маани кээде барыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн катышуусу аркылуу да берилет. Ал жогоруда баяндалган *менен, тарабынан* деген жандоочтор аркылуу уюшулган туюк мамилелик конструкция сыяктуу эле грамматикалык ээ дуушар болгон кыймыл-аракетти билдирет: Ат *казыкка байлануу.* Кекилик *тузакка илинди.* Буту *ташка* тилинген. Ал *мага* жеңилди. Туюктук маанини мындай жол менен (барыш жөндөмөсү катыштырылып) берилиши байыркы жана айрыкча орто кылымдык түрк тилдерине да мүнөздүү болгон:

Билге Тонукук бен өзүм, Табгач *илиңе кылынтым*—Акылдуу Тонукук, мен өзүм, Табгач элинде тарбияландым. Эр йагыкка ылынды—Киши душманга туткун болду ж. б. (эстеликтерден алынды).

Жаксыз мааниси. Туюк мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсүнүн белгисиздигин, жаксыздыгын билдирүү үчүн колдонулат. Туюк мамиленин жаксыз мааниде колдонулушунун мүнөздүү белгиси болуп сүйлөмдө ээнин аталбастыгы, же сүйлөмдүн кырдаалынан билинбестиги эсептелет. Бул мааниде туюк мамиле өтпөс жана өтмө этиштерден да жасалат: Көп жолу *талкууланып чыгарылды.* Өчүп кетип *тамылып,* өлүп кетип *тирилип.* Төмөнкү адрес менен билдирүүлөрү суралынат. — *Табылар.* Мал аягы сегиз (Т. Сыдыкбеков).

Ошондуктан эки айдан бери акы жөнүндө сөз *болунбай* келе жатат (К. Жантөшев). Кеңешмеде *ушундай делди* ж. б.

Иштин ким тарабынан иштелгендигин билдирбөө керек болсо, сүйлөмдүн составында ээнин берилбей тургандыгы төмөнкү мисалдардан ачык көрүнөт: Биз айылга эки саатта бардык. Айылга эки саатта *барылды.* Мындай учурда *-ыл* мүчөсү жалганган этиш үчүнчү жакта болот да, жаксыз сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарат.

Кыймыл-аракетти белгилөө зарыл болгон учурда да логикалык субъект сүйлөмдүн составында берилбейт: Коо-коонун бойлору да *берилет.* Казысы калың бээ, куйругу салык кой тойго *союлду* (Т. Сыдыкбеков.) Борбордук шахталарда жаңы-жаңы техникалар *колдонулуп* жатат (С. Сасыкбаев).

Ошол Байирман «К» колхозунун башкармалыгына *дайындалды* (Т. Сыдыкбеков.).

-ыл формасындагы этиштердин нагыз туюктук мааниси менен жаксыз мааниси өз ара байланыштуу. Туюк мамиле көбүнчө иштин ким тарабынан иштелгендигин сүйлөөчү билбеген учурда, же ал туурасында кабары жок болгон учурда колдонулат. Нагыз туюктук мааниде сүйлөөчүнүн көңүлү иштин чыныгы иштөөчүсү ким экендигине эмес, грамматикалык ээнин кыймыл-аракеттик абалына бөлүнгөн болот. Мисалы: *үй салынды* десек, үйдү ким салгандыгы белгисиз; ошону менен бирге грамматикалык ээ башка бир активдүү субъектинин кыймылын башынан өткөрүп турат. Башкача айтканда, нагыз туюктук маанидеги этиштер (субъектилеринин реалдуулугу боюнча) логикалык жагынан жаксыз, белгисиз болушат. Ал эми ошол эле этиштер жаксыз мааниде колдонулганда, грамматикалык ээ сүйлөмгө катыштырылбайт, белгисиз (туюк) болот жана ал сүйлөмдүн кырдаалынан да билинбейт (Магазинге кантип *барылат*). Ошентип, -ыл формасындагы этиштердин нагыз туюктук маанисинде логикалык субъект белгисиз болсо, жаксыз маанисинде грамматикалык ээ белгисиз болот.

Ортосаар мааниси. Мындай учурда формалдык жагынан туюк мамиледе турган кыймыл-аракет өзүнөн өзү, же болбосо субъект аркылуу иштелип, башка жакка таралбай, ошол иштөөчүнүн айланасында топтолгондой болгон кандайдыр бир ортосаар маанини билдирет. Алар туюк мамиленин ортосаар мааниси болуп эсептелет. Туюк мамиле ортосаар мааниде колдонулганда *тарабынан, менен* деген жандоочтор менен айкашуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт: Чачтары төрттөн он эки өрүлүп, ай далы менен акыректе *төгүлүп,* алдынкы чачы тизеден, арткы чачы толорсугунан өтүп турат (К. Жантөшев). Анын камтууга келбеген колу жылып, куушурулган далысы *жазылды* (К. Жантөшев). Тулпардын туягы *кетилсе,* сазга басса—*жетилет.* Жетим жүрүп *жетилет.* Жашында жигит *октолот,* жашаганда *токтолот.* Күн *тутулду.* Кабагы *ачылды,* жарпы *жазылды* ж. б.

Кыргыз тилинде туюк мамиленин нагыз туюктук, ортосаардык маанилери басымдуулук кылат, жаксыз мааниси анчалык өнүкпөгөн.

Өздүк менен туюк мамиле өз ара бири-биринен эң негизги маанилери боюнча гана ажырайт. Кээде булар экинчи катардагы маанилери боюнча гана бири-биринин ордуна колдонулуп калышы мүмкүн. *-ң* формасындагы айрым этиштердин өздүк, же туюк мамилелик мааниде колдонулгандыгы контекстен ажыратылат: атан—атал, асын—асыл ж. б. Бул кубулуш туюк менен өздүк мамиле формасындагы кээ бир этиштердин

маани жагынан айырмасы жоголуп бара жаткандыгын көрсөтөт. Кээ бир этиштерде ортосаардык грамматикалык маанисинен лексикалашкан мааниси басымдуулук кылат. Андай этиштерден азыр мамилелик маани сезилбейт, алар мамилелик маанисин жоготушкан.

Кайсы экени *билинбейт*. Күн *ачылды*. Жаан *басылды*. Асман көзүнө *чалынды*. Этим *ачынды*.

Кээде этишке жалганган мамилелик мүчөнү алып таштаганда, **тийиштүү маани берилбей** калат; мамилелик мүчө жалганбаса, айтылуучу ойду берүүгө мүмкүн эмес: Жаңылганымды кийин *түшүндүм*. Бел буралып *кайышты*, найзанын *учу майышты*.

Орхон-Енисей эстеликтеринде (Култегиндин жана Тонукуктун) азыркы тилдин нормасы боюнча туюк мамиледе колдонула турган этиштер негизги мамиле менен берилген; аның үстүнө туюк мамиле анда өтө эле сейрек кездешет. Мындай фактыларга караганда, орхон-енисей эстеликтеринин тушунда туюк мамиле толук өсүп жетише элек болучу. Ушунун негизинде башка мамилелерге (мисалы: аркылууга) салыштырганда тилде алда канча кийинчерээк келип чыккан деп эсептелинет.

...киси оглы көп елгели *төрүмүс*—адам баласынын баары өлгөнү төрөлгөн. «Түрк будун... *Йокаду барыр эрмис*». Түрк эли жоголо баштады.

Туюк мамиле кээде *-лын//-ылын* мүчөлөрү аркылуу да жасалат (*-ыл+ын*).

Мындай формадагы туюк мамилелик этиштер өзүнөн өзү иштелген сыяктуу (ортосаардык) түшүнүктү билдирет. *-лын//-ылын* менен жасалган этиштер сейрек учурайт: Ушундай деп аталат. Бул жүгөн көптөн *бери* эле катылып//катылынып жүрөт. Көп материалдарыбыз алынылбай жатат ж. б. Ал эми *-ныл//-ыныл* мүчөлөрү болсо өздүк мамиленин туюктук маанисин ортосаардык мааниден ажыратуу үчүн колдонулат (катыныл, алыныл).

Кыргыз тилинде туюктук маани кээ бир этиштер үчүн *-дык* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу да берилет: *сүрдүк, соктук* ж. б. Ат *сүрдүгүп* барып узунунан түштү. Көрүнгөн кишиге эле *соктуга* бересиң. Тоо башынан соккон жел, төмөн карап, бирден бирге *соктугуп* кетип жатты. *Кактыга* элек жаш жигит экен. Эмне болгонун билбейм, эртеден бери эле *туттугуп* турат. *Туттугуп* эле сүйлөй албай койдум.

Байыркы эстеликтерде туюк мамиле үчүн *-ыл, -ын* (*битик битинди* — кат жазылды, битик *окунду* — кат окулду, йыгач *бутанды* — дарак буталды (*-лын*), капуг *ачылынды* — эшик ачылды, суw *төклүндү* — суу төгүлдү, йер *казлынды* — жер

казылды мүчөлөрүнөн башка *-сык* формасы да колдонулган: Эр йагыкка *тутсукды* — адам душманга тутулду. Качгын эр *йетсикти* — Качкан кишиге жетип алынды. Ол эр *билсикти* — Ал адам билинди. Эр йагыкка *басыкты* — Адам жоого басылды. ж. б. Кыргыз тилинде жогоруда аталган *-лын* мүчөсү мааниси боюнча байыркы түрк эстеликтердеги ушу *-сык* формасына туура келет.

Аркылуу мамиле

Аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан иштелгенин билдирет.

Кыргыз тилинде аркылуу мамиленин мүчөлөрү көп. Бирок алар этиштин аягындагы үндүү, же үнсүз тыбыштарына карата түрлөнүп жалганат, мааниси жагынан айырмаланбай, формасы жагынан гана айырмаланат.

Аркылуу мамилени жасоочу мүчөлөр төмөнкүлөр:

1. *-дыр* (фонетикалык варианты менен) үндүү, же *ч, т, р* ден башка жумшак, же каткалаң менен бүткөн негиздер үчүн. Ал эми аягы «л» менен бүткөн кээ бир негиздерге эреже боюнча жумшак үнсүз менен башталуучу *-дыр* мүчөсү эмес, тарыхый өзгөчөлүккө байланыштуу каткалаң менен башталган *-тыр* мүчөсү жалганат: келтир, *өлтүр, калтыр; сойдур, жаздыр, өстүр, кестир, билдир, жактыр, саттыр* ж. б.

2. *-кар//-кыр* (фонетикалык варианты менен) аягы *т, з* менен бүткөн негиздер үчүн (өнүмсүз мүчө): *жаткыр, жеткир, өткөр, бүткөр* ж. б.

3. *-каз//-кыз* (фонетикалык варианты менен) аягы *р, м, й* жана *т* менен бүткөн сөздөргө жалганат: *жеткиз, жаткыз, тургуз, күткүз, отургуз, көргөз, эмгиз, эмиз.*

4. *-ар//-ыр* (аягы *з, к, т* менен бүткөн аз сандуу сөздөргө жалганат) өнүмсүз мүчө: *чык-чыгар, кайт-кайтар* ж. б.

-ыр//-ир аягы *т, ч, й* менен бүткөн сөздөргө жалганат (өнүмсүз мүчө): *кетир, качыр, катыр, учур, батыр, житир, бүтүр* ж. б.

5. *-ыз//-из* — өнүмсүз мүчө: угуз, агыз, эмиз, тамсыз.

6. *-сөт*. Бул мүчө тарыхый жагынан составдуу болсо да, азыр ажырагыз морфемага айланып кеткен; *көрсөт* деген бир гана этиште колдонулат.

7. *-т*. Бул мүчө аягы үндүүлөр менен, же болбосо *й, р, л, н* тыбыштары менен бүткөн этиштерге жалганат: *санат, канат, күчөт, суут, бошот, байыт, семирт, уялт, жоголт, чумкөнт* ж. б.

8. *-ыт*. Аягы *к* менен бүткөн сөздөргө *-ыт* формасында туруп жалганат: *корк-коркут, үрк-үркүт* ж. б. Бул мүчө аркылуу

жасалган сөздөр да сейрек гана учурайт. Аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу, реалдуу эмес субъект тарабынан иштелгендигине карата экиге бөлүнөт:

1) *Кыймыл-аракеттин грамматикалык объект тарабынан иштелиши.* Мындай учурда аркылуу мамиле өтмө этиштен жасалат. Аркылуу мамиленин мүчөсүнүн жалганышы аркылуу ал этиш эки эселенген өтмө этишке айланат. Өтмө этиштен өтмө этиштин жасалышы кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан иштелишин көрсөтүү зарылдыгы менен байланыштуу: буйруучу жак атооч жөндөмөсүнө коюлат, анын буйругун аткаруучу жак, б. а. иштин чыныгы иштөөчүсү барыш, же чыгыш жөндөмөлөрүнүн биринин формасын кабыл алат:

Атам өтүкчүгө өтүк *тиктирди.* Мен газетанын бүгүнкү санын *уулуман алдырдым. Балдарга* чөмөлө *тарттырып,* чөп үйүп жүргөн карыя Эркебай кыйкырып жүгүрдү (Жантөшев). *Ал* бир *аялга* нан *койдуруп,* чай *куйдура* баштады. Үч аялды чыгарып, Дарыяханды *жуудура баштады* (Жантөшев). *Инженерге таптырган,* изилдетип *каздырган. Байлаттың* боштон колумду, *эздирдиң кара боорумду* (К. К. Юдахиндин сөздүгүнөн).

Бул сүйлөмдөрдүн атооч жөндөмөдөгү ээлери аркылуу мамиледеги баяндоочторго карата грамматикалык жагынан гана субъект, бирок иштин чыныгы иштөөчүсү эмес, ишти иштеген реалдуу субъект—барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндөгү кыйыр толуктоочтор.

Ошентип, аркылуу мамиле менен берилген кыймыл-аракетке эки же андан артык субъект катышат, бирок алардын укуктары бирдей эмес: атооч жөндөмөсүндөгү грамматикалык ээ буйруучу болот; барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө турган кыйыр толуктоочтор логикалык аткаруучу болушат. Кош мамиледеги субъектилерден булар ушу жагынан да айырмаланышат, анткени кош мамиледеги субъектилер бирдей укукта болушат. Кээде иштин чыныгы аткаруучулары (кыйыр толуктоочтор) сүйлөмдүн составында берилбей калышы да мүмкүн, бирок алар сүйлөмдүн маанисинен белгилүү болуп турушат.

— Самсахун, Каныбекти чыгарып тамак *бердир,* — деди Зуннахун (К. Жантөшев).

Колунда барлар куржундап талканын камдап, семиз жылкы *сойдуруп,* этин майда *тууратып,* аны аябай *курганып,* гүл азык камдайт (Т. Сыдыкбеков). «Кош, саламат болгула! Кат *жаздырган* — Алым» — деп жазылган кат эле (К. Жантөшев). Жайдын, күнү салкын деп, Күмүштакты *жайлаткан.* Күңгөйдөгү береги гүлдүү чөптү *чайнаткан* (Осмонкул).

2. *Кыймыл-аракеттин грамматикалык субъект тарабынан иштелиши.* Мындай учурда өтпөс этиштик үңгулар аркылуу мамиленин мүчөлөрүнүн жалганышы менен өтмө этишке айланат (алардын өтпөс этиштерге жалганыш себеби да ушу); субъект менен кыймыл-аракеттин ортосундагы мамиле өзгөрөт. Биринчиден, аркылуу мамиленин мүчөсү жалганган үңгү этиштин субъектиси пассивдүүлүктөн активдүүлүккө өтөт. Экинчиден, мунун натыйжасында кыймыл-аракет тикеден тике объектиге багытталат; кыймыл-аракет субъектинин өзү аркылуу ишке ашырылат: Айша *баласын үйгө калтырды.*

Бирок булар (өтпөс этиштерден жасалган аркылуу мамиле жана *-ыз; -кэр; -ар; -сат* мүчөлөрү менен өтмө этиштерден жасалган мамиле формалары) морфологиялык белгилери боюнча гана аркылуу мамиле болуп эсептелгени менен, мамиленин бул түрүнө коюлуучу талапка жооп беришпейт, анткени аларда аркылууга мүнөздүү грамматикалык белги (барыш, чыгыш жөндөмөдөгү) жана маани жок. Бул типтеги этиштер нагыз аркылуулук мааниге экинчи бир мүчөнүн кабатталып жалганышы аркылуу гана жетише алышат. Салыштыр: *Сен* баланы *эмиз.* Сен баланы Айшага *эмиздир.* Сен Эркинди *ойнот.* Сен Эркинди Күлжанга *ойноттур* ж. б. Демек, аркылуу мамиленин мүчөлөрү жалганган этиштердин баары эле аларга мүнөздүү маанини (иштин бирөө аркылуу ишгелишин) бил-дире беришпейт, алардын кайсы бирөөлөрү (жогоруда саналган мүчөлөрү) өтпөс этишти өтмө этишке айландыруу үчүн, же түпкү өтмө этиштин грамматикалык субъектиге карата болгон мамилесин өзгөртүү үчүн жалгана тургандыгы келтирилген фактылардан ачык көрүнүп турат.

Аркылуу мамиле ишти аткарууга субъектинин өзү жол бергендигин да билгизет. Бул мааниси жагынан ал туюк мамилеге окшош. Анткени бул учурда да этиш аркылуу берилген кыймыл-аракетти субъект өзү башынан өткөрөт. Нагыз туюк мамиле мааниси жагынан көбүнчө жансыз нерселер жана айбандар үчүн колдонулат; ал эми адамдар үчүн качан гана алар башка бирөөнүн кыймыл-аракетине дуушар болгон учурда, б. а. туюк мамиленин маанисинде келгенде, аркылуу мамилелик формада колдонулат. Мындай учурда аркылуу жана туюк мамилелер бири-бирине грамматикалык синоним болушат. Иштин чыныгы иштөөчүлөрүнүн барыш жөндөмөдө болушу (эгерде ал сүйлөмдүн составында берилген болсо) жагынан нагыз *туюктук* мааниден айырмаланбайт.

Врачка ийне *сайдырдым.* Атама чачымды *алдырдым.* Чөбүн малга *талатты.* Кер кашка укурук менен *карматты.* Кадырлуу Петр Андреевич, кечээ *уттурган* жүз сомунду ушу ладан берип жибергин (А. С. Пушкин). Падыша анын келге-

нине кубанып, урмат кылып, кетеринде тон *кийгизип*, алдына бир динар койду («Миң бир түн»).

Аркылуу мамиле формасындагы этиштер жогорку негизги маанисинен башка субъектинин аркылуу мамиле билдирген абалга келтирилишине түртку, себеп болгондугун билгизет.

Анын ушул кылыгы мени мурункудан бетер *шектендирди*. Ушул күтпөгөн жерден башына түшкөн кайгы атамды *мүңгүрөтүп кетет*. Мен андан бардык болгон окуяны билдим, анын аңгемеси ошондо мени абдан өзүнө тартып, *муңдандырды* (А. С. Пушкин).

Аркылуу мамиленин мүчөлөрү жалганган этиштердин бардыгынан эле аркылуу маанини издей берүүгө жарабайт. Кээ бир этиштер формалдык белгиси боюнча аркылуу мамиле болуп эсептелгени менен, мааниси жагынан бул мамилени билдире алышпайт. Кээде аркылуу мамиленин мүчөлөрү түпкү этиш аркылуу берилген кыймыл-аракет менен субъектинин ортосундагы синтаксистик мамилени өзгөртүү үчүн гана жалганат. Мындай учур көбүнчө өтпөс этиштен өтмө болуп жасалган аркылуу мамиле формасына таандык. Айрым учурда нагыз аркылуулук маани өтмө этиштен жасалган этиштерде да берилбей калышы мүмкүн. Бирок алардын кээ бирөөлөрү нагыз аркылуулуктун ордуна мунун экинчи бир мааниси болуп эсептелген «бир нерсени иштөөгө жол бергендикти билгизишет: *көн-көндүр, кал-калтыр, жет-жеткир, той-тойгуз, эм-эмгиз, ич-ичир, өт-өткөр* ж. б.

Азыр составдык бөлүктөргө бөлүнбөй турган кээ бир этиштер тарыхый жагынан туунду жана аркылуу мамиленин мүчөсү жалганган сөздөр болушкан: *түгөт* (байыркы түрк тилинде түке—бүтүү, түгөнүү), *кайт* (алтайча кай—артка кайтуу), *айт* (бай. түркчө *ай*—айтуу), *жандыр* (бай. түрк. тилинде *-йан*—*кайтуу*), *секир* (бай. түрк. тилинде сек—тез секирүү, *куткар*, *кутул*) (бай. түрк тилинде *куд* — бошотуу).

Субъект менен объектинин ортосундагы ар түрдүү карымкатышты бир сөз менен берүү зарылдыгына байланыштуу мамиле мүчөлөрү бири-бири менен айкашып келишет. Айрым гана сөздөрдө болбосо, кош, туюк, өздүк мамилелердин мүчөлөрүнүн өз ара кабатталуусу анчалык мүнөздүү эмес. Мүчөлөрдүн кабатталып келиши көбүнчө аркылуу мамиледе кездешет: *кир-иш-иш-ти, бүт+үр-т-түр-сөм, сана-т-тыр-ыш-ты, кошто-т-тур-уш-ту; сура-ш-тыр-ыл-ган* ж. б.

ЫҢГАЙ КАТЕГОРИЯСЫ

Кыймыл-аракеттин иш жүзүнө өтөлүшү, чындыкка ашырылышы же ашырылбасы сүйлөөчүнүн чындыкка карата жасал-

ган мамилесине, түшүнүгүнө байланыштуу болот. Ошондуктан, андагы аракет-кыймыл чыныгы чындыкты туура чагылдыра албайт. Кыймыл-аракеттин мына ушундай түрүн грамматикада этиштин ыңгай категориясы уюштурат. Бул категория аркылуу берилген аракет-кыймыл сүйлөөчүнүн чындыкка карата болгон мамилесине жараша ар түркүн болот. Мисалы, анын (субъектин) буйругун, ниетин, каалоосун, сунушун, шартын ж. б. ар түрдүү мамилесин билдирет. Ыңгайдын мына ушуга окшогон мамилелерин ар түрдүү морфологиялык формалар уюштурат: *-ды, -ган, -айын, -гын, -гыла, -сын, -гай, -мак* ж. б. Боло турган же болуп жаткан аракет-кыймыл сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосунда болгондуктан, ыңгай категориясын жогоруда көрсөткөн мүчөлөр гана уюштурат деп түшүнүүгө болбойт, себеби сүйлөөчүнүн (1-жактын) тыңдоочуга (2- же 3-жакка) кайрылгандагы мамилеси, жасаган аракети үч жактын бирине таандык болуп айтылышын талап кылат. Ошондуктан, ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр жак мүчөлөр менен бирге айтылып келип, ыңгай категориясынын толук формасын түзө алат. Мисалы: *баламдын көздөгөн максаты орундагай эле* деген сүйлөмдө *-гай+эле* менен бирге айтылып келгенде гана, ушул ойду, тилекти билдирет. Мунсуз бул каалоо ыңгайдын грамматикалык формасын жана анын маанисин берүү мүмкүн эмес.

Бирок баары бирдей жак мүчөлөрдү кабыл албайт. Мисалы, буйрук ыңгай жак мүчөлөр менен айкашпайт. Себеби мунун экинчи жагы ар башка мүчөлөр аркылуу уюштурулат.

Ошондой эле жекелик сан да биринчи жак менен гана айтылуучу, каалоо ыңгайдын мүчөсү, *-айын* жак мүчөлөр менен айкашпайт: *мен барайын*. Ыңгай категорияларын уюштуруучу мүчөлөр өзүнүн негизги грамматикалык маанилеринен башка, ар түрдүү модалдык (көп маанилүүлүк) мааниде колдонулат. Мындай көрүнүш булардын жаратылышы менен бирге бүткөндөй.

Кошо уюшулган модалдуулук бардык формаларда бирдей эмес: биринде ачык сезилсе, экинчисинде күңүрт сезилет. Ошондуктан буга окшогон формалардын семантика-грамматикалык тармактарга таралып бөлүнгөн маанилерин, оттенокторун кээде ажыратыш өтө кыйын. Мисалы, *-гын* формасынын маанисине караганда, *-мак* формасынын мааниси күңүрт, ачык эмес. *-гын* адатта ойдун кескин түрдө, чечкиндүү айтылганын билдирсе, -мак болжолдоп айтылган ойдун түрдүү кырдаалын (бүдөмүгүн, күмөндүгүн) ж. б. модалдык оттенокторун ичине камтыйт. Ошондуктан, айрым учурда кайсы мааниде колдонул жатканына чек коюп, белгилөө кыйын.

Ынгай категориялары өз ара морфологиялык жана синтаксистик (синтетика-аналитикалык) жол менен байланышат.

Ынгай категориясын уюштуруучу мүчөлөр этиштин жак мүчөлөрү менен бирге айкалышып келип, синтетикалык байланышты түзөт. Мисалы: Жамандык-жакшылыгыма чыдаган эки-үч түбөлүк дос *тутсам* (шарт ынгай-*са*+*ым*, 1-жак мүчө), байыганым ошол (Ш. Бейшеналиев). Айылдын бери жагындагы өзүбүздүн суу алгычка токтоп, төөнү чөгөрүп, сууга жууна *баштадык* (-ды+к—жактык көптүктү көрсөтүүчү+к).

Аналитикалык байланышты *экен, эле, керек да, бар, жок, эмес, тургай, турмак, турсун, түгүл* ж. б. алдында турган сөздөр менен ыкташып келип, бир тизмек түзөт. Мисалы, Бул жердегилер тим эле жер-суусун *бере коймок беле* (Жусуп). Эгер сен болбосоң, биер түшүмө да *кирмекчи эмес*. Ookатына тың *болсоң эле болду*.

Ынгай категорияларынын ичинен *-мак* мүчөсү кыргыз тилинде эки башка, кыймыл атоочтук жана ынгайлык милдетти аткарат:

Ынгайлык мааниде *-мак//-макчы* жак мүчөлөр, ар түрдүү жардамчы сөздөр менен айкашып да, айкашпай да келип баяндоочтук милдетти аткарат. Мисалы: Арстандыкы—жалкы, жалкы *болмок* — кимдин наркы? салыштырыңыз: Алмазбек бүгүн үйдүн чатырын *оңдомок*. Алмазбек үйдүн чатырын *оңдомок болду (же оңдомок эле)*.

-мак//-макчы таандык, жөндөмө жана айрым учурларда жандоочтор менен айкашканда, кыймыл атоочтук мааниде колдонулат.

Мисалы. *Өкүм болмок* өзүндөн,
Сылык болмок сөзүндөн.
Эр эшиги тоң темир,
Эритмекке эр керек.

Баатыр болмок маңдайдан,
Чечен болмок таңдайдан.

Мындан аракет-кыймылдын, фактынын жайын, ал-абалын гана түшүнөбүз.

Ынгай категориясын уюштуруучу мүчөлөр, тилдин башка грамматикалык каражаттары сыяктуу эле, байыркы түрк тилдеринин эстеликтеринде кандай кызмат аткарып келсе, азыр да, негизинен, ошондой тийиштүү функцияларын аткарууда.

Ошондой эле бир нече доордун продуктусу катары кылымдар бою тилдин грамматикалык функцияларын тейлеп келе жаткандыктан, булар фонетикалык өзгөрүүлөргө дуушар болбой коё алган эмес. Мисалы, *сар>са, гы+сы+ын>сын, мак//бак//пак*.

Жыйынтыктап айтканда, ынгай категориялары жогоруда көрсөтүлгөн грамматикалык форма аркылуу жасалып, ынгайлык мааниде колдонуу менен бирге, модалдык мааниде колдонулат да, этиштин башка грамматикалык формаларынан айырмаланып турат.

Сүйлөөчү тараптан белгиленген кыймыл-аракет же сүйлөөчү менен тындоочунун ортосундагы мамиле түрдүүчө болушуна байланыштуу, кыргыз тилиндеги ынгай категорияларын төмөнкү топко бөлүп карайбыз:

1) баяндагыч ынгай
2) буйрук ынгай
3) шарттуу ынгай
4) каалоо ынгай
5) ниет ынгай

Баяндагыч ынгай

Баяндагыч ынгай кыймыл-аракеттин жүзөгө ашырылышын белгилүү бир учурга тушташ кылып көрсөтүү менен мүнөздөлөт. Баяндагыч ынгай этиштин башка ынгайларынан мааниси боюнча ушул белгиси менен айырмаланат. Бул ынгай кыймыл-аракеттин болуп өткөнүн, азыркы учурда болуп жатканын же келечекте болорун баяндайт да, этиштин чак категориясын уюштурат. Грамматикада бул категория учур чак, өткөн чак, келер чак болуп үчкө бөлүнүп каралат, булардын ар бири өзүнө мүнөздүү, туруктуу мүчөлөргө ээ: Майпандаган каздар жаңы чыккан назик чөптөрдү терип, кээде кербендин төөлөрүндөй ээрчишип, арыктан арыкка барып, *оттоп жүрүшөт*. Өрдөктөр жалпак жаргак тамандары менен майда сууларды эшкилеп, узун моюндары менен көздөрүн ирмебестен, суунун түбүнө чүмкүшөт (А. Токомбаев). Келтирилген мисалдарда кыймыл-аракеттин азыркы мезгилде болуп жатканы баяндалган. Бирок сүйлөмдө учур чак чакчылдар формасындагы компонентке жак мүчөлүү жардамчы этиштин айкалышы аркылуу, экинчисинде *-а* мүчөсү аркылуу берилген.

Баяндагыч ынгайды булардан башка *-ды, -ган, -ыптыр, -чы* ж. б. мүчөлөр уюштурат (караңыз: Чак категориясы).

Буйрук ынгай

Этиштин бул ынгайы сүйлөөчүнүн тындоочуга же тындоочу аркылуу үчүнчү жакка карата буйруу иретинде жасаган мамилени баяндайт. Буйрук ынгайды этиштин негизги форма-

сы уюштурат, морфологиялык жагынан ал сөз тубаса же туунду этиштерден болушу мүмкүн: *оку* — тубаса этиш, буйрук ыңгайдын экинчи жагы; *иштесин* — туунду этиш, буйрук ыңгайдын үчүнчү жагы.

Бул ыңгай ыңгайдын башка түрлөрүнөн (шарт, каалоо, ниет ж. б.) биринчи жакка карата айтылбасы менен, жана жак мүчөлөрдү кабыл албасы менен айырмаланат, буларда жактык маани грамматикалык үч жактын бири аркылуу аныкталат: *баргын* — буйрук ыңгайдын 2-жагынын жекелик түрү. Буйрук ыңгайдын ушундай жол менен жасалышы азыркы түрк тилдеринин бардыгына мүнөздүү.

Жакка карата буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөр төмөнкүлөр:

1. Буйруктун экинчи жак жекелик одоно түрү эки башка формада берилет:

а) этиштин тубаса формалары буйрук ыңгайдын милдетин аткарат: *оку, жаз, бол, бүт* ж. б.

б) этишке *-гын* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу бул мүчө *-гын//-кын* формасында жекелик одоно түрүндө гана (фонетикалык варианттары менен колдонулат; *бар-гын, кел-гин, бөл-гүн, кат-кын, кет-кин, бүт-күн* (көптүк санда айтылбайт).

2. 2-жагынын көптүк одоно түрү *-гыла* мүчөсү аркылуу (фонетикалык варианттары менен) берилет: *бар-гыла, кел-гиле, ото-гула, бүтө-гүлө.*

3. 2-жагынын жекелик сылык формасы *-ыңыз* мүчөсү аркылуу (фонетикалык варианттары менен) уюштурулат: *бар+ыңыз, кел-иңиз, отур-уңуз, өт-үңүз* ж. б. Ушунун аягы үндүүлөр менен бүткөндө, мүчөнүн башындагы кууш үндүүлөр фонетикалык законго ылайык, сыйлыгышып айтылат: *жаша+ыңыз — жашаңыз, кетпе-ңиз, оку-ңуз, жөлө-ңүз* ж. б.

4. 2-жактын көптүк сылык түрү—*-ыңыз-дар (-ыңыз+лар)* мүчөсү аркылуу уюштурулат: *бар+ыңыз+дар.*

5. Буйрук ыңгайдын 3-жагынын жекелик саны *-сын*, көптүк түрүн *-ышсын (-ыш+сын)* мүчөлөрү (фонетикалык варианттары менен) уюштурат: *бар-сын, кел-син, ото-сун, өт-сүн, барышсын, келишсин* ж. б.

Тарыхый жагынан алып караганда, *-гын* жана *-гыла* мүчөлөрүнүн чыгышы ачык эмес, булардын ичинен кийинкиси өз ара *-гы+ла* элементтеринен куралган болушу мүмкүн. Башкача айтканда, *-гыла (гы(н)+лар)* мүчөлөрдүн биригип куралышынан пайда болгон болуу керек.

2-жактын сылык сүрү *-ыңыз <ың+ыз* деген эки элементтен турат. Байыркы түрк тилдеринде бул форма жекелик, көптүк сандын сылыктык маанисинин милдетин бирдей даражада аткарган. Кийин өнүгүү процессинде *-ың* менен *-ыз* колдонулушуна айрым тилдерде чек коюлган. Мисалы, *-ың* азыркы өзбек тилинде жекелик сылык мааниде бир адамга кайрылганда колдонулса, *-ыңыз* көпчүлүккө кайрылганда колдонулат.

Мисалы: *келиң, алың.* Мындай көрүнүш кыргыз тилинин түштүк диалектисинде да кездешет: суу алып *келиң* ж. б. Бирок кыргыздын адабий тилинде *келиңиз, алыңыз.* Ушул түрүндө жекелик, сылык мааниде колдонулат. Көптүк сылык формасы *-ыңыздар: бар-ыңыздар, кели-ңиздер, отоңуздар, өтүңүздөр* ж. б.

Азербайжан тилинде *-ың, -ык* формасында кездешип, жекелик сылыктыктын милдетин аткарат.

3-жакты уюштуруучу *-сын* мүчөсүнүн пайда болушу жөнүндө да бирдиктүү пикир жок.

Этиш сөздөр айкашкан буйрук ыңгайдын мүчөлөрү төмөнкүдөй грамматикалык мааниде колдонулат.

1) Этиштин тубаса формасынан жасалган 2-жактын жекелик, одоно түрү, негизинен, сүйлөөчүнүн тыңдоочуга карата айтылган буйругун, өкүмүн билдирет (оң, терс формасында): Менин жаныма *кел, кел дегенде кел.* Келсең да *күң кылам,* качсаң да *күң кылам.* Ушуну *ук,* чатаксыз кайт (А. Токомбаев). Жарабаган сөздү *сүйлөбө,* эч кимге *айтпа.*

Тыңша, аалам,
Тыңша, Шаңкай
Тыңша, Париж,
Кулак *сал!*
Ук, жер жүзү
Ук дүйнө,
Таңыркан! (Ж. Турусбеков).

Салыштырыңыз: Терен болсоң. *көлдөй бол!* Баатыр болсоң томкоруп, каптап кирген *селдей бол!* (А. Токтомушев). Мындагы буйрук жогорудагыдай нагыз өкүмдүк мааниде эмес, салыштыруу мааниде.

2) Буйрук катарында айтылуучу этиштерге *-чы* мүчөсү жалганса өтүнүч, сурануу иретиндеги кошумча маанини билдирет. Кошумча бул маани буйрук этиш кайсы жакка карата айтылбасын, бардыгында сакталат. Боромбайды чакырып *келчи,* *Жүрчү,* Искендер, кеч кире электе *кетели.* Жарабаган сөздү *сүйлөбөчү.*

3) Буйрук маанидеги этишке *-гын* мүчөсү жалганып да (2-жактын жекелик одоно түрү) буйруктун чечкиндүүлүгүн билдирет: Бас үйгө, *баскын.* Ат, таамай *аткын.* Ант берип туруп, анан *айткын,* Жөнө, тезинен *жөнөгүн.*

4) *-гын* сүйлөмдүн жалпы кырдаалына (контекстке) жана интонацияга карап, буйруктан башка модалдык мааниде да

колдонулат: Ой байкеси, тездете *көргүн* (шашгыруу). Ая мени, ойлон селки, чана *көрбөгүн* (өтүнүп сурануу, жалбаруу). Менин айткан акылымды *жаман көрбөгүн, койгун,* жаман адатынды *таштагын,* акылдуу *болгун!* (кеңеш берүү). Калп айтып *жүрбөгүн!* Убалга калып *жүрбөгүн*! (эскертүү, күмөндүк мааанисинде). Өрүшүң колго батпаган, өрнөктүү *болгун,* жаш чабан! (каалоо маанисиндеги чакырык).

-гын мүчөсү кыргыз тилинде буйрук жана модалдык мааниде колдонулушу менен башка түрк гилдеринен айырмаланат.

5) *-гын* формасына *-ың* жалганганда, буйруктук маани күчөтүлүп көрсөтүлөт: Сен сөзсүз *баргының,* барбасаң болбойт. Эч жакка *кетпегиниң* ж. б. Бул форма түркмөн тилинде да кездешет: *гөргүнүң, болгунуң* ж. б.

Буйрук сылык түрүндө да айтылат. Муну 2-жактын жекелик, көптүк түрүндөгү *(-ыңыз, -ыңыздар)* мүчөлөр аткарат: *Келиңиз,* төргө *өтүңүз.* Саламатта *болуңуздар,* жакшы *барыңыздар* ж. б.

Мындан тышкары аталган формалар контекстке жана интонацияга байланыштуу сүйлөөчү тарабынан айтылган өтүнүчтү да билдирип калышы мүмкүн: *Көңүл буруңуздар,* Фрунзеден сүйлөйбүз. Нандан *алыңыз,* тамакка *караңыздар* ж. б.

1) Буйрук ыңгайдын жекелик одоно түрү (мисалы, жаз) кандай мааниде колдонулса, мунун көптүк одоно түрүнүн 1-жагын уюштуруучу *-гыла* ошондой эле мааниде колдонулат, сүйлөөчүнүн жеке бир адамга эмес, көпчүлүккө кайрылганын билдирет. Баарыңар айылдан чыгып, кашаттын үстүнө чогулгула, азыр тамаша башталат. Ат токугула, бардыгыңар мени *ээрчигиле.* Токтогулду *тапкыла.* Бул маселени колхозчулардын чогулушуна *койгула.* Ишиңерди *бүткүлө да,* үйүңөргө *тарагыла* ж. б.

2) *-гыла* формасындагы буйрук этиштер сүйлөмдүн контекстине карата кээде каалоо иретиндеги өтүнүчтү да билдирип калган учуру болот:

Катарынан кайып учкан жылдыздай,
Бир заматта өчөрүңдү билбегем....
Жашагыла, өлбөгүлө эселер,
Жашагыла бул заманда гүлдөсөм!
(Ж. Абдыкалыков).

3) Бул мүчө жалганган сөздөр ураан, чакырык маанисинде да колдонулат: СССР эмгекчилери, КПССтин XXIV съездинин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн, бүткүл элдик патриоттук кыймылдын алдыңкы катарларында, массанын активдүү уюштуруучулары жана тарбиялоочулары *болгула!* Агартуу кызматкерлери, элге билим берүүнүн жана өсүп келе жаткан жаш муундарга коммунисттик тарбия берүүнү *өркүндөткүлө!* (биринчи май чакырыгынан). Грипптин таралып кетпеси үчүн, өздүк гигиенанын эрежесин *сактагыла!* (медициналык баракчадан). Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, *бириккиле! Жүргүлө,* көлгө кайталык! (чакырык, өтүнүү мааниси).

4) Ошондой эле *-гыла+чы* мүчөсү менен айкашып келип түрдүү модалдык мааниде колдонулат: Андай жаман кеп *айтпагылачы!* (өтүнүү). Экөөң тең азыркы адамдын реалист адамдарынан *болгулачы!* (каалоо). Түштөнтүп *алгылачы!* (өтүнүп сурануу).

Буйрук ыңгайдын 3-жагынын жекелик, көптүк түрү *-сын, -ышсын* да, жогоруда көрсөтүлгөн формалары сыяктуу төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

1) сүйлөөчүнүн тыңдоочуга карата айткан буйругун билдирет: Бар, агаңа айт, өзү *келсин,* өздөрү ушул үйгө *келишсин!* (Т. Сыдыкбеков). Кол куушуруп *алдыма түшсүн!* (К. Каимов). Мынчалык эңсеп чакырткан соң, сөздү өзү *улантсын!* Өздөрү милдеттүү түрдө *катышсын!* (Ш. Бейшеналиев).

2) Сүйлөөчүнүн алкыш, сунуш катары айткан ниетин, тилегин, каалоосун ж. б. билдирет: Кош, жолуңар *шыдыр болсун!* Ак жолуң *ачылсын!* Өркөнүң *өссүң,* өмүрүң узун *болсун!* В. И. Лениндин ысмы жана иши кылымдар бою *жашай берсин!* Ак батамды бердим, көңүлүң *агарып кетсиң!* Пейлибиз да, эмгегибиз да бир-бирибизге *ак болсуң! болсун.* Баланын баары ушул сенин *балаңдай болсун! Жаман-жакшы* ичиңерде *болсун!* (К. Каимов).

Куттуу болсун,
Сегизинчи мартыңыз.
Орундалсын,
Ойлоп жүргөн шартыбыз! (Жусуп Турусбеков).

Туугандар, саат түнкү бешке жакындаптыр, меймандар *эс алышсын!* макул алар *укташсын!* (К. Каимов).

3) *-сын* менен айкашкан этиштер күчтүү сезим менен айтылса, ураан, чакырык мааниде колдонулат: XXIV съездин материалдары массага *таркатылсын! Жашасын* партия менен элдин бузулбас улуу *биримдиги! Жашасын* Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын 54-жылдыгы!

4) мындан тышкары *-сын* төмөнкүдөй мааниде да колдонулушу мүмкүн: жоругуң жолдо *калсын! кантип* ушундай *болсун?!* жолуң *болсун,* Бурмаш! (жактырбоо); Ук, Санта бири жалган болсо, *түн урсун, ант урсун!* (каргануу); сени төбөсү ачык *көк урсун,* төшү түктүү *жер урсун!* (каргыш).

5) Аталган формалар *(-сын, -ышсын)* жогоруда көрсөтүл-

гөн маанилерден башка, этиштин терс формасы *-ба* менен айкашып келгенде, сүйлөмдүн кырдаалына, интонациясына карай, буйруу мүнөзүндөгү маанини берүү менен бирге, өтүнүп сурануу, өкүнүү, алдын ала эскертүү, күнөм саноо, каргыш ж. б. ушуга окшогон модалдык оттеноктордо да бериши мүмкүн. Коюлуучу маселелериндин суроолору эки баракта *ашпасын!* (буйруу), салыштырыңыз: өткөн күн, өчкөн от *кайра жанбасын!* (тилек, ниет же тилек мүнөздөгү буйруу). Балким, таалайым ачылганы *турбасын?!* (үмүттөнүү). Акырын чертиңиз киши *укпасын!* (өтүнүп буйруу). Кеп жебеген адамга ишиң түшкүлүк *кылбасын,* өмүрү адамды сүйбөй өткүлүк *кылбасын* (өкүнүү) (Н. Байтемиров). Мени издеп келип *калышпасын!* (алдын ала эскертүү), балким мени сынап *жүрбөсүн!* (күмөндүк), *өркөнүң өспөсүн, күлүң додо болбосун,* Эгерим эки *болбосун!* (каргыш) ж. б.

Ошондой эле *-сын* терс маанидеги этиш сөздөргө *(-басын)* айкашканда, буйруктук маанини эмес, жайынча гана айтылган түшүнүктү билдирип каларын төмөнкү мисалдардан байкоого болот: *келсин-келбесин* айтып кой. Тамашаны *ким сүйбөсүн.*

6) Оң жана терс маанидеги этиштерге айкашкан *-сын, -ышсын* мүчөлөрү *-чы* морфемасы менен да айкашып келип, түрдүү модалдык мааниде колдонулат: Менден уруксатсыз *алып көрсүнчү,* сени *сыйлашпасынчы...* кетип калам (кекетүү). *Ыйласынчы,* карышкырга берип жиберем (коркутуу); мейли, *барсынчы, жесинчи,* тим *эле койчу* (өтүнүп сурануу). Жыйынтыктап айтканда, буйрук ыңгайды уюштуруучу жоголуда көрсөтүлгөн мүчөлөр жалганган этиштери менен бирдикте келип, негизинен, буйруктук мааниде колдонуу менен бирге, сүйлөмдүн кырдалына, интонациясына айкашкан этиш сөздүн семантикасына карай, ар түрдүү модалдык маанилер да колдонулат.

Буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн жакталыш схемасы:

	жекелик саны:	*көптүк саны:*
	а) этиштик негиз аркылуу	а) -гыла, -гиле, -гула, -гүлө (-кыла//-киле//-кула//-күлө)
2-ж.:	б) -гын, -гин, -гун, -гүн	б) -гын мүчөсү жалганган буйрук этиштер көптүк санда айтылбайт.
	в) -ыңыз, -иңиз, -уңуз, -үңүз (-ңыз, -ңиз, -ңуз, -ңүз)	в) -ыңыздар, -иңиздер, -уңуздар, -үңүздөр.

3-ж.:	-сын, -син, -сун, -сүн.	(-ңыздар, -ңиздер, -ңуздар, -ңүздөр)
		-ышсын, -ишсин, -ушсун, -үшсүн (-шсын, -шсин, -шсун, -шсүн).

Буйрук ыңгайдын 3-жагы сылык формада айтылбайт.

Шарттуу ыңгай

Аракет-кыймылдын иш жүзүнө ашырылышы үчүн шарт болуп түшкөн этиштер шарттуу ыңгай деп аталат. Шарттуу ыңгай этишке *-са* мүчөсү айкашып түзүлөт, мында мүчөнүн башкы үнсүз тыбышы өзгөрбөстөн, үндүү тыбыштары гана өзгөрүп *-са, -се, -сө, -со* формасында колдонулат. Бул мүчөнүн байыркы жазма эстеликтериндеги толук формасы *-сар.* Азыркы тилдерде бул мүчө аяккы *р* тыбышын түшүрүп сакталган: *тодсор—тойсо* ж. б.

Айкашкан сөздөрүнүн семантикасына карай, *-са* сүйлөм тизмегинде төмөнкүдөй маанини берет:

1) *-са* багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда кездешкенде, *эгер, эгерде* деген шарттуу байламталар менен бирге тизмектешип да, тизмектешбей да шарттык маанини билдирет: Эгер макул *болсоң,* айтам. Мени бирөө *шылдыңдаса, кордойм десе, олжолойм десе,* ал өзү жаман болот (Т. Сыдыкбеков). Силер өссөңөр, бакыт силердин колуңарда болот (К. Каимов). Бирөөгө бара турган *болсоң,* айлыңарды кызыл кереге кылып чабам (А. Токомбаев).

2) Мезгилдик мааниде да *-са* баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдү байланыштыруучу баяндоочтун милдетин аткарат да, *качан* деген суроого жооп болуп түшүп, баш сүйлөмдүн мезгилин, убакыт-ченемин көрсөтөт: Төөнү тиздеп салып, *үйгө кирсем,* кыз бирдемелерди жыйнап жаткан экен.

3 *-са* салыштыруу багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда катышып келип, аракет-кыймылдын, окуянын окшоштугун билдирет: Колхоздордо, совхоздордо дан үчүн күрөш *кандай жүрсө,* тоют үчүн да күрөш как эле ошондой жүрүшү керек (А. Убукеев). Соодагерче сураганча өзүнөн. Ички сырын *байкасаңчы* көзүнөн (Н. Байтемиров). Биз канчалык *акылдуу болсок да,* убакыттын кандайча өткөнүн элебей калабыз (К. Каимов).

4) *-са* карама-каршы татаал багыныңкы сүйлөмдү да уюштурат: Ичтегисине *отуруп алсаң,* тыштагысы, *тыштагысына барсаң,* ичтегиси калат (А. Убукеев). Туугандын өзү *таарынса да,* боору таарынбайт. Желмаянды кандай *байласам да,* болбой бошонуп кете турган болду (А. Токомбаев). Кы-

ялдын дарыясына *канчалык аксам да,* уйку багындырды (А. Токомбаев).

Атоочтук *-ган* формасы *бол* деген этиш менен айкашып да, карама-каршы багыныңкы сүйлөмдү уюштурат: Окуусуна даярданып *жаткан болсо,* тоскоолдук кылба.

5) *-са* багыныңкы сүйлөмдүн тутумунда *кайсы жерде, кайда* деген суроолорго жооп болуп түшүп, баш сүйлөмдүн аракет-кыймылын, ордун көрсөтөт: Алтын *кайдан чыкса,* ошол жерди каз. Сен *кайда болсоң,* мен да ошол жерде жүрөмүн.

6) Айрым учурда *-са* мүчөлүү этиш татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, окуянын пайда болгон себебин, аракет-кыймылдын натыйжасын билдирет: Кайнатылбаган *суу ичсе,* ичи ооруйт. *Муздак ичсем,* тамагым ооруйт. *Тамеки тарсам,* жөтөлөм.

7) *-са* бир эле сүйлөмдүн тизмегинде кайталанып колдонуп, эки башка маанини берет: Эгер *ылайык десеңер* (шарт), сиздин теманызга *жакын алсамбы дедим эле* (өтүнүп сурануу) (Ш. Бейшеналиев).

Жалгыз болсоң — курч бол!
Көп жанынан түңүлсүн!
Жарды болсоң — кооз бол!
Бай малынан түңүлсүн (мында салыштырма шарт).

-са мүчөлүү этиштер жогоруда көрсөткөндөрдөн башка ар түрдүү кырдаалдагы модалдык оттенокторду берүүдө да колдонулат, мындай учурда шарттык маани берилбейт:

1) жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда сүйлөөчүнүн тилеген тилегин, көздөгөн максатын, каалоосун билдирет: Окуумду бүтсөм. Ак пейилдик менен *иштесек.* Бизди окуткан өкмөттүн милдетинен *кутулсак.* Ошону *көрсөк, уксак,* ээ агай. Кымбатуу Талас жеримди кылчайып *көрсөм,* арман жок (К. Каимов). Окусам, диплом *алсам.* Жоо *жеңилсе,* согуш *бүтсө,* үйгө аман *кайтсак* (тилек, максат).

2) каалоо мааниси *-са* формасы жалганган этиштин кайталанышы аркылуу да берилет. Мындай учурда татаал этиштин кийинки компоненти 3-жактын биринде болот: *келсе келет, кетсе кетет, турса турат, жатса жатат* (салыштыр: *алсам алыптырмын*).

3) *-са* мүчөсү *-чы, -бы, бол, эле, керек* сыяктуу грамматикалык каражаттар менен айкашып келип да, төмөнкүдөй модалдык кошумча маанилерди билдирет:

1) Сүйлөөчү өзүнө же угуучуга кеңеш салганда, же суроо койгондо, этиш *-са+бы* формасын кабыл алат: Ал жөнүндө

ойлогон оюмду, ага *айтсамбы* же *айтпасамбы?* сен айтчы, *барсамбы, барбасамбы?*

2) Ойлогон ойдун чечилгендиги, мүмкүндүгү көрсөтүлгөндө этиш сөз *-са+бол* формасында колдонулат: Эртең эрте жарыкта *барсак болот. Келсе болот.*

3) Өтүнүү-сурануу, өкүнүү маанисин билдирүү керектегенде этиш *-са+чы* формасында айтылат: Сени ырчы, чертмекчи деп уктум. Кана, өнөрүңдү *көрсөтчү?* Ишиңерди аткара *албасамчы?* Жанжигитке *айтсаңарчы,* кечикбей жүрсүн.

Кызыл оңбос *болсочу,*
Кыз кубарбас *болсочу.*
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге койбос *болсочу.*

4) *-са+керек* формасында айкашканда, окуянын күнөмдуулугун билгизет: Анда мен *жаш болсом керек.* Балалык *адат болсо керек.* Жаныңа *батса керек* (болжол).

5) *-са* мүчөлүү этиш 3-жакка карата айтылуучу *-сын* формасындагы этиш менен тутумдаш айтылганда, кыймыл-аракеттин ишителишине жол берилгендик көрсөтүлөт: *окуса окусун, барса барсын.*

1) *-са+де (деген//дейт, дейм)* формалары менен айкашып да, тилекти, ниетти билдирет: Жөн эле барып, Ысык-Көлдүн абасын *жутсам дегем//деген//дейт//дейм* (тилек). Экөөңдү кимого *чакырсам дейт//дейм//* (ниет).

2) Жогорудагыдай тилектик маани *багынычсыз татаал* сүйлөмдүн тутумунда да кездешет:

Адырдан үзүп алганым
Ачылган жыпар *гүл болсо.*
Алтындай болгон өмүргө
Ар дайым бейкут *күн болсо.*

Ушул эле маанини *-са+экен* деген айкалыш аркылуу да берүүгө болот:

Эрик таңы
Супа салбай жарк этип,
Европада, Кытайда да *атса экен!*
Көңтөрүштүн
Кызыл туусу кылкылдап,
Дагы, дагы
Жердин жүзүн *басса экен!*
Дүйнө жүзүн
Коммунизм жеңди деп,
Кары тарых
өз бетине *жазса экен!*

Жазса экен тарых
жазса экен,
Атса экен таң
атса экен! (Ж. Турусбеков).

Шарттуу ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн жакталыш схемасы.

Жекелик саны:	Көптүк саны:
1-жак: -са+м окусам, бутсөм.	1 -жак: -са+к — бааласак.
2-ж.: одоно түрү: -са+ң — окусаң.	2-ж.: -са+ң-ар—бааласаңар.
сылык түрү: -са+ңыз — окусаңыз.	-са+ңыз-дар — бааласаңыздар.
3-ж.: -са — окуса, бутсө.	3-ж.: -ыш+са — баалашса, бүтүшсө.

Каалоо ыңгай

Сүйлөөчүнүн башкаларга каалаган каалоосу (оң же терс мааниде) ар түркүн, ар башка боло тургандыгына байланыштуу, аны уюштуруучу мүчөлөр да ар башка.

Каалоонун ушундай ар түрдүү маанилерин каалоо ыңгайдын төмөнкү формалары уюштурат:

1) *-айын//-йын* жана *-алы//-айлы(к)*. Бул мүчөлөр 1-жактын жекелик жана көптүк түрүнө карата айтылат: *бар-айын, кет—ейин, ор—ойун (-оюн), бүт—өйүн; сапта-йын, иште-йин, корголо—ойун (-оюн), жөнө—йүн; бар—алы, сана—йлы* (диалекте бар — *айлы*), *кет—ели, ор—олу, бүт—өлү* ж. б.

2) *-гай+эле+жак* мүчө: *бар—гай—эле—м, бар—гай—эле—ң, бар—гай—эле.*

3) *-гы+жак* мүчөлөр *+келет, келди, бар, жок; бар—гы(ы)м+келет же келди; бер—ги—м—жок, ал—гы—м—бар.*

Бул мүчөлөр төмөндөгүчө мүнөздөлөт:

1) *-айын* формасындагы этиштер сүйлөөчүнүн иштей турган иши жөнүндөгү чечимин жана ошону аткаруу үчүн болгон каалоосун, өтүнүчүн билдирет: — сен атка мин, мен *жөө басайын* — деди Шайыр (К. Каимов). Аттын башын сиз жетелеңиз, сокону мен *кармайын*. Азимовго сөзсүз *учурайын*, анан министерствого *барайын*. Сүйгөн дайрам (дарыям) Ак-Буура, сенде сырлар бар тура, *маектешип кетейин*, көк *чай* ичип отура (А. Досбаев).

2) Жалпы сүйлөмдүн кырдаалына, айкашкан сөздөрдүн семантикасына жараша төмөнкүдөй ар түрдүү модалдык да мааниде колдонулат: Мага бериңиз, чыгарбаган эмени *көрөйүн* (кекетүү). Сизге ишенип талаада калып *жүрбөйүн* (күмөн). Артында тукум болор туягың жок, *кантейин. Кантейин*, ушундай тоң моюндугуң жаман. Күйдүм гана күйдүм ай, күйдүм чок, *күйөйүн* десем, түтүн жок, жүрөгүмдүн ой башында, *кантейин ай*, жүгөрүдөй бүтүн жок! (өкүнүү). Айтканымды аткарбасам, мен *мен болбой эле калайын!* (каргыш). Нураимден башка келинди *көрөйүн* деген көзүм жок (жек көрүү). Угасыңбы, сыр *айтайын* (сурануу).

3 *-айын* формасындагы этиштер сүйлөмдүн составында де этишинин туунду формалары *(деп, десе, дегенсип, деген)* менен айкашып келип, шартты, мезгилди, максатты, себепти билдирет: Уулжан дагы бир нерсе чыга калчудай элеңдеп, элечегине араң жетип, кайын синдисине *кыйкырайын десе*, үнү *чыкпай*, теректин түбүнө отура калды (мезгил). *Өлөйүн десем*, жан таттуу, *кирейин десем*, жер катуу. Чоң үйдөн *чыкпайын десе*, Седеп жалгыз калат. *Издебейин десе*, кыз адашып кетеби деп чочулайт (К. Каимов) (шарт). Кат *жазайын деп* отуруп калдым (максат). Кичине тойчук *өткөрөйүн дедим эле* (тилек). Өзүнө суроо коюп, жандырмагын Курманов сөөмөйүн көтөрүп, түшүнүктүү *чечейин дегенсип, ойлоно калды* (себеп). Атайды жөн эле *мактайын деп* олтурганым жок (себеп-максат). Силерге *учурашайын деп келдим* (максат). Канчалык *унутайын деп*, унута албадым (ниеттелген максат).

-айын формасындагы этиштерге *-чы* мүчөсү жалганганда, өтүнүү, сурануу маанини да бериши мүмкүн: Мунун ким экенин *билейинчи деп*, коңшусунун кичи аялынын үйүнө кирди. Өтө шашылбайынчы. Квартираңарды бүт *кыдырып көрүп чыгайынчы*.

Каалоо ыңгайынын биринчи жагынын көптүк түрүн *-алы(к)* мүчөсү уюштурат. Диалектиде мунун *-айлы(к)* формасы да кезигет. Булардын ушу формада сакталышы анын *-гайлык(к)* морфемасынан *г* тыбышынын кыскарып түшүп калышынан пайда болгон: *бар-алы(к), кет-ели(к)*, диалектиде *бар-айлы(к), кет-ейли(к)*. Мындай форма өзбек тилинде да бар: *ез-ай(л)ик* ж. б. Тектеш тилдердин байыркы жазма эстеликтеринде биринчи жактын көптүк түрү *-алым* мүчөсү аркылуу уюштурулган. Салыштырыңыз: *бар-алым — бар-алык, кал-алым, кал-алык* ж. б. Мындагы *м* ошол кездеги *-мыз* мүчөсүнүн кыскарган түрү (1-жактын көптүк түрү, салыштыр: б. түркчө *бар-ды-мыз — бар-ды-к*). Тилдин өсүп-өнүгүшүндө *-мыз* колдонулуудан чыгып, анын ордуна *-к* пайдаланылып калган.

Аталган мүчө төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

1) Берген мааниси жагынан *-алы(к) -айын* сыяктуу эле, сүйлөөчүнүн ишти аткаруу үчүн жасаган чечимин, ошону ат-